


*Касымалы Бектенов*

# ТААБАЛДЫ-ПУДОВКИН

Касымалы Бектенов

# ТААБАЛДЫ ПУДОВКИН

БИОГРАФИЯЛЫК РОМАН

ЭКИНЧИ БАСЫЛЫШЫ

«МЕКТЕП» БАСМАСЫ
ФРУНЗЕ — 1975

С(Кирг)
Б 42

Бектенов Касымалы.

Табалды-Пудовкин. Повесть. Ф., «Мектеп», 1975 ©

352 бет.

Кыргыз элинен чыккан тунгуч революционер Табалды Жукеевдин (Пудовкиндин) өмүрүнөн жана революциялык ишинен кабар берген бул повесттин биринчи китеби 1959-жылы, ал эми экинчи китеби 1962-жылы жарык көргөн. Эми ошол эки китеби бириктирилип, экинчи жолу басылып олтурат.

Автор өз чыгармасын басмага даярдоо учурунда кайрадан карап чыгып, кээ бир оңдоолорду киргизген.

С(Кирг)

Б $\frac{73-118}{М\ 452(17)-75}$ 259—75

© Издательство «Мектеп», 1975 г.

**Касымалы Бектенов**

**ТАБАЛДЫ-ПУДОВКИН**

***Повесть***

Второе издание

*На киргизском языке*

*Для молодежи*

*Жаштар үчүн*

Редактор *Б. Асаналиев* Художник *В. Н. Рыжов* Худ. редактор *Ю. Ким* Тех. редактор *С. З. Нурмиева* Корректор *Н. Абдиева*

Терүүгө 23/IV 1975-ж. берилди. Басууга 30/V 1975 ж. кол коюлду форматы 84×108¹/₃₂ 22,0 басма табак, 18,48 шарттуу басма табак, 19,43 учеттук табак. Тиражы 24000 Заказ № 1415 Мукабасыз баасы 56 т. Мукабасы 13 т.

720461, ГСП, Фрунзе, 5, ул. Жигулёвская, 102.
Киргизполиграфкомбинат им. 50-летия Киргизской ССР
Госкомиздата Киргизской ССР.

# БИРИНЧИ БӨЛҮК

## Биринчи бөлүм

### 1

1897-жылы май айынын акыркы түндөрүнүн биринде, уулу алыска узаарда, бечара эне көз жашын көлдөтүп, боздой берип, үнү каргылданып бүтүп калган. Анысына да карабай, баласын бооруна бекем кыса кучактап алып оксүдү. Муңдуу, байкуш кемпирдин зарлаганын көргөн кишинин сай-сөөгү сыздагандай.

— Кагылайын каралдым, аттай арка, тоодой медерим. Айым, күнүм, берекем. Ай, арман ай! Жокчулуктун айынан ат жалын тартып минелегиңде менден бөлүнүп бара жатасың. Кандай күнгө дуушар болор экенсиң? О, жасаган! Биздей бей-бечара карыптарга ырайым кылсаң боло? Жетим-жесирдин зарын уга көр. Кандайча бирөө алдуу, бирөө алсыз? Жараткан! жасаганың чын болсо, бизге да бак-таалай берегөр!

— Кой, ыйлабачы, апаке?

— Кара башымды чабайын кулунум, мен зарлабаганда ким зарласын. Мен муңканам, көзүмдө жаш, көкүрөгүмдө дарт бар... өмүрүм кайгылуу.

— Апакебай, мен эртерек жөнөйүн? — деди баласы ордунан туруп, оор улутуна.

Эне кургурдун көз жашы сымаптай молт-молт этет.

— Мейли, көз жашым соолсо да өксүйм. Байкуш атаң тирүү болгондо, сен ушинтип кайда тентийт элең. Атаң, үй-бүлөсүн канаттууга кактырбай, тумшуктууга чокутпай багат эле го. Ай, арман күн ай! Бу кандай жорук? Кудай аны да бизге ыраа көрбөй жалмап тынды... Өрүшү толгон малдуу бай-манаптарды жан алгычтар эмне үчүн жутпайт?

Коюн кайтартып, отун-суусун алдырып алып, сенин акыңды бербеген Бийназар байды кудайдын көзү көрбөгөнүнө таң калам. О, кагылайын кара жер, ошол залимди сорсоң боло?

Таң сүрөр мезгилде, Ысык-Көлдүн ак өркөчтөнүп толкуган күүсү карыптардын муңдуу үндөрүнө кошул-ташыл болгонсуйт.

Жаны ачып, шолоктоп ыйлап олтургандар сыздаган кемпирге кайрат айтты.

— Толкун эне, ыйлабай уулуңду узат!

— Кой, жеңеке, боздобо.

— Апа! — деди, кабагы бүркөө, боздогон энесине бала кайраттуу.

Ак куба, бакырайган кара көздүү кемпир жашын жоолугунун учу менен сүрттү да, уулунун бетинен өпкүлөдү.

— Кош, жарыгым! Бул шум заманда карыш ажыраган карыганча көрүшпөйт дешчү, эле карылар... Сен алыс жалгыз кетип баратасың, эки жаш чөбүрөм менен кара алачыкты сактап, мен калдым. Мындан ары көрөр, көрбөсүмдү бир кудай билбесе... Кел ботом, көксөм суусун, бетиңден дагы бир өөп алайын?.. Ай каралдым ай!

— Кош, апаке! Силерди көчүрүп алам.

Толкундун көзү тунарып, эмчеги зыркырап, мууну бошосо да, ал өзүн бекем кармап чымырканат.

— Кайда жүрсөң, аман бол, кулунум. Ак жолуң ачылсын! Каттагандан кабар бере жүр?

Ошо түнү катуу шамал Ысык-Көлдүн да тынчын алып толкуткан... Таң куланөөк салганда, Кетмалдынын күн батыш тарабындагы сазга тигилген төрт кара алачыктан эки этегин кайра кыстарынып, колуна таяк алып, он алты жашар бала каңгыраган Боом-Капчыгайын ордоп, узак сапар жол тартты.

Капчыгайдагы шаркыраган көк кашка суунун жээгиндеги чаңы буркулдаган кара жол менен бала каңгып келатса, эбелеп соккон тоо жели аны эркелеткендей бети-башын аймалайт.

Анын жоо жол жүргөнүнө мына бүгүн эки күн болуп, үчүнчү күнгө оогон. Күн ысык, жол алыс. Барар жерине кайда, али көп бар. Карды ачканынан жаш неме буралып, араң басат. Жолдо жегин деп, энеси ага жаргылчакка тарткан эки чыны арпа талканды баштыкка салып берген. Ал азыгынын түгөнөрүнө да аз калды. Боом-Капчыгайын ордогөндөн бери, ал бир да айылды кездештире алган жок.

Капчыгайдын ичинде кайдан айыл болсун. Таңдайы так катып кургаганда, суудан жутуп, өзөк жалган алып, илкип илгерилөөдө. Таманы молтүроп, жоорун кеткен...

Анда-санда гана алдынан жолоочулар жолугат, жетимдин жайын сурашып, ага боор оорушуп, өтүп кетишет. Ал бара жаткан тарапка бет алып баскан жоо бир да киши кездешпеди. Кезек-кезек атчан кишилер кездешет да, алар кетип бараткан жакты бет алышып, жарышкан бойдон өтүп кетишет. Бул атчандар Токмок калаасына базарлагапы бара жатышкан байлар. Алардан жетим балага кайыр болмок беле.

Жөө бала коркунучтуу капчыгайдын кучагынан кутулгандан кийин, айтылуу Сары өзөн Чүйдүн, созулуп жаткан учу-кыйрына көз жеткис талаасына түштү. Жибектей созулган жел көйкөлгөн кок шиберди ыргайт. Көрктүү жер жаш жолоочуга бел болгонсуйт. Бирок, суусун сурап жутуп алууга, жол боюнда жатакчылардын айылы да көрүнбөйт. Чак түш ченде анын көзү ымыр-чымыр болуп, көңүлү караңгылап, шайы ооду. Бир түп бактын көлөкөсүнө араңдан зорго бутун сүйроп жетип, кулап кетти. Күнү-түнү дебей тынымсыз жол тартып, кыйналган жаш неме башы жерге тиер замат аяк серппей, уктап кетсе, түш көрөт...

Кайгыга чөмүлүп, зарлап калган байкуш энеси анын бир туугандарын колунан жетелеп алып, уулу кеткен жакты карап, өксөп көл боюнда жүргөн экен. Баласына колун сунса түк жетпейт. Ошондо ал: «Кайра кел, ботом» — деп боздойт. Анда уулу: «Апаке, мен малай жүрүп, акча таап, сага колош-маасы, көйнөк-кече, кант, чай алып келем» — деп энесин сооротот. Өткөн түнү, капчыгайдын ичиндеги бир кичине үңкүрчөнү паапалап түнөгөнүндө, ач карышкырдын алда кайдан зоокаларды жаңыртып улуганын укканда, аябай корккон. Мына эми анын түндөгү корккону аз келгенсип, Сарымсак деген он башы энесине келип: «Сага беш сом салык салынды, төлөп бер. Эгер төлөбөсөң, чачыңды кыркам, түндүгүңдү түшүрө чаап, үй-ичиңди торук кылам» — деп энесин зарлатып сабайт. Толкун чачын жайып: «Үйүмдө үрүп чыгар итим жок, эмнемди берем» десе, Сарымсак аны муунтат. Сабайт...

Бир оокумда, ал чочуп ойгонуп кетсе, жанында эч ким жок, ээн талаа, эрме-чөлдө жалгыз... Бала кайгырып, ордунан туруп дагы жол тартты. Суусап капы катып, таңдайы кургайт, жол четиндеги эски арыкта жылжып агып жаткан ылай суудан жата калып жутуп, баштыгындагы кур-

гак талканынан кичине сугунду да, дагы узак жолун кыскартууга киришти. Чабалекейлер бечара карыпка боор ооруп, аяшкандай кара жолдун үстүндө аркы-терки кайып учушат. Тентип бара жаткан селсаяк канаттуулардын караанын кара туткандай бел байлайт.

Айлана түнжүрап тынчтыктын каалгыган кучагында. Мыдыр эткен жан жок. Жаш жолоочу илкип илгерилеп бара жатат. Күтпөгөн жерден, Ак-Бекеттен өткөндө, сол тарабынан араба айдаган киши капыстан чыга калды да, кара жолго түшүп, тигил бара жаткан тарапка бет алганда, ал сүйүнүп, арабанын артынан жанынын бардыгынча ылдамдап жете басты. Арабакеч, беркинин таалайына жараша жай баратат, болбосо, шайы ооган неме ага таптакыр жетпей калмак. Бала араң дегенде жанын үроп арабага тырмышып түштү. Бет маңдайынан көзүн айырбай бараткан неме беркинин түшкөнүн билген жок. Анын да жүрөгүндө зары бар го, ичинен сызып аянычтуу муңканып сыздайт.

Арабага чегилген жээрде кашка ат араң эле туягын кыймылдатымыш болгондо, тиги сыздаган неме «ну» деп шапалагы менен атты соору талаштыра тартып жиберсе, ат куйругун шыйпаңдатып, лок-лок желип коёт.

Алар бири-биринин жүзүн көрүшпөй бир кыйла жерге барышканда тиги киши атты чапмакчы болгондо, шапалагы кокусунан арт жактагы баланын мойнуна ороло түштү эле, берки киши артын жалт бурула караса, анын көзүнө: кызыл тоголок, жазы маңдай, мурду кырдач, кара таар бешмантчан, ак калпак кийген көзү бакырайган, он беш-он алты чамасындагы баланы көргөндө арабакечтин жүрөгү шуу дей түштү.

Чочуган неме эс-учун жыйып, тишин ырсайтып күлдү.

— Бали азамат, мага билгизбей жакшы жайлапыпсың. Деги, шайтан эмессиңби?

Бала, ага жооп берүүнүн ордуна, аны кыйналган көзү менен жал-жал тиктейт.

— Кана, сен жайыңды айтчы, кайдан келе жатасың?

Бала унчукпаганда, ал ыза болду окшойт, мостоё калды.

— Сен, менден коркпой эле, жай-мааниңди айта бер. Мен сени арабадан түшүрбөйм.

Бейтааныш кишинин мындай ырайымдуу сөзүн укканда, мусапыр бала ичинен кубанды. Бирок, ал дагы эле унчукпады.

Тиги киши атты камчылады да, ондопуп олтурду.
— Сен эмне дудуксуңбу?
— Жок, аба.
— Анан эмне унчукпайсың? Барар жериң кайсы?
— Токмок.
— Кайдан келе жатасың?
— Кетмалдыдан.
— Токмокто кимиң бар эле?
— Эч кимим жок...— деп, бала мукактанды.
— Мына кызык! Дайындуу барар жериң болбогон соң, шордуу байкуш, каңгып-кайда бармаксың? «Таалай» издеп тамтаңдаган бечарасың го? Бакытты издегендер көп...— Биз көксөгөн таалай терең деңиздин түбүндө го дейм?..
Ал киши оор күрсүнүп, сары алтындай саргыч чачын сылап коюп, ичинен кыңылдап ырдады эле, анын муңканган үнүн сыдырым соккон ысык жел жамыратып алда кайда алып жөнөдү.
— Кимдикине барасың? — деди ал, ичинен кейип.
— Токмоктогу Егор байда, атамдын Арыкбай деген досу бар эле. Ошо киши мени жиберсин деп каттагандан энеме айттырып жибериптир. Сиз аны билер бекенсиз, абаке?
— Олда бечерай! Ал кишини мен кайдан билем. Бирок, Егорду билем. Атың ким?
— Таабалды.
— Ким дегендин уулусуң?
— Жөконүн. Атам өлгөн,— жай сураган кишинин өңү өзгөрүлө түштү.
Таабалды андап сөз суроого батына алган жок. Күн кылкылдап уясына батып баратат. Улам кечтей баштаган сайын, ал киши кашаң атты катуулап айдай баштады. Өңгүл-дөңгүл жолдо калдыраган араба кулакты тундурат.
— Баса, сенин кардың ачтыр э-э?
— Ооба, аба,— деп бала кеберсиген эрдин жалап улутунду.
— Ме, мына бул нанды жалмалап жеп ал!
Таабалды арык колу менен нанды ала койду да, боорукер кишиге ыраазы болгондой көзүн кылгырта тиктеп, нанды жей баштады.
— Тээтетиги көрүнгөн Токмок. Биздей бей-бечаралар таалайды издеп табалышар бекен? Бирок өмүр жолу караңгы... Жанагы сен жолуккан тушка менин мырзам буу-

дай айдаган. Мен үч күндөн бери ошону сугарып жүрдүм. Токоч жумуруңа жук болбой калды беим? Күн да кечтен баратат. Эртерек жетели, ме, шапалакты колуңа ал да, кашаң аттын жанын көзүнө көрсөт!

Таабалды атты камчынын алдына алды эле, араба зымырады.

— Абаке, сиз Арыкбайды билесизби?

Таабалдынын суроосуна ал киши боору катканча күлдү. Бирок, аны шылдың кылып кайдан күлсүн. Айласы кетип жүргөн баланын андан кайдагы бир белгисиз кишини сураганына бир чети кайгырып күлдү.

— Эй чырагым, андай кишини мен кайдан билем. Сен жүрөк заада болбо. Эгер, ал киши Егордун колунда болсо, анда бат эле табылат.

Таабалды арабаны катуу айдады.

— Мен да, сендей жаш чагымда ата-энемден айрылып жетим калгамын. Бир топ жылы солдат болуп, жер тепкилеп жүрүп, кайттым да, эптеп күн көрүп жүрөмүн. Кыргыз арасында өскөмүн. Э, байкуш баш эмнелерди көрбөдү...

Ал, тунук асманда калкып сүзгөн сур булуттарды карап, муңканып ышкыра каңырыгын түтөтөт.

— Укук да, жер-суу да чиновниктер менен бай-манаптардын колунда... Биздин энчибизге кайгы, азап-тозок тийген тура. Ой, баракелде, бизге кудай «адилеттик» кылган экен! Сен бала, ушул айтканымды көкүрөгүңө бекем түйүп ал. Баарына чыдадык, дагы чыдайбыз... Атка камчы ур! Айда, айда!

Таабалдыга өмүрүнчө унутулгус жакшылык кылган бул киши, Токмоктогу чоң Калыбай деген көпөстүн кол алдында эзилип жүргөн Алексей деген орус дыйканы.

## 2

Алар Токмокко каш карайып, жылдыз толгондо араң келишти. Таң агаргандан тартып, короздор канаттарын каккылап, жаактарын жаный баштады. Таабалды арабанын үстүндө жаткан. Күн жаңыдан чачырап келе жатканда ойгонду. Анын денеси салмактанып, башы каңгырап ооруйт. Арабадан түшүп басса, үстү камыш менен жабылган жепирейген үйлөр көрүндү. Чаңы буркулдаган көчөдө калдырап арабалар чубай баштады. Мындай шаар көрө элек жаш немеге калаанын көркү деле сонун...

Көчөдөн өткөн эл дүрбөшүп Токмоктун күн батыш жагын көздөй чубоодо. Таабалды алардын соңунан басып бара жатып, Алексейдин үйүнөн бир топ узап кетти. Андан арыраак бара түшкөндө, калың көпчүлүккө туш келди. Айланасын караса, дүкөндөрдө: кант, чай, өрүк, мейиз, кездеме деген неме жайнап турат. Таабалдынын булардан көзү өттү. «Акча болсо, ушулардан сатып алып, энеме, бир туугандарыма алып барып берсем ээ» — деп кызыгат. Мындай дүкөндөрдү мурда көрө элек неме, кызыгып карай-карай, оозун ачып таң калды.

Бир дүкөнгө кирди эле, куу дүкөнчү анын элеттен келгенин дароо биле койду да, лыпылдап кездемелерин анын алдына жая салып, «муну ал, тигини ал» деп шыпылдайт. Таабалды аны жал-жал тиктеп, «жанымда жарым тыйыным жок эле» дегендей болду. Анда дүкөнчү: «Э, кысталак, чөнтөгүңдө пул жок болгон соң, дүкөнгө сандалып эмне кирдиң» — деп кууп чыкты. Андан кийин ал болок дүкөндөргө баш баккан жок да, көчөнүн жээгиндеги терекке сүйөнүп, элди карап турганында, Алексей анын эсине түшө калды. Ал көчөнүн кайсы жагы менен келгенин билбей адашып, селдейип бир топко чейин ордунан жылбай катты да калды. «Эми кайда барам? Алексейдин үйүн кантип табам?» — деп, кимден сурарын билбей, башы маң болду. «Кой, ушу жерден былк этпейин, кокус быякка Алексей келип калар — деген ойго келди.

Улуу шашке болгондо артынан бирөө «Ээй!» деди. Таабалды арт жагын кылчайып караса, ал Алексей экен. Аны көргөндө, бала кубангандан көз жашын кылгыртып ыйламсырады.

— Мен, сени эртеден бери издеп, базарды бүт кыдырдым. Адашып кеткен экенсиң, э? Мына бул дүкөндөрдөгү дүр-дүйнөгө кызыксаң керек го? Ай, баласың да! Бекер карай берсең, көз майың түгөнөт, жүр эми үйгө!

Таабалды дүкөндөрдү сыртынан кыдырып карап бара жатып, Алексейдин үйүнөн бир топ узап кеткен. Алар үйгө жеткенде, Алексейдин аялы Аня аларды карап, эшикке жөлөнүп турду эле. Түндө келгенде, Аня Таабалдыны көргөн эмес, жүдөө, өңүнөн азган, арык мусапыр баланы Аня көргөндө, башын чайкап кейиди. Анын сары чийкил өңү саал өзгөрүлө түштү, бечара жетимге жаны ачыды:

— Аня, сен муну тойгуз, мен анын издеп келген кишисин таап, колуна тапшырбасам, бул куюгуп кетер,— деди Алексей аялына.

Үчөө үйгө киришти.

Ачыгып калган Таабалдынын алдына Аня нан коёр менен ал куйшөй баштады. Аны карап олтурушкан эрди-катын унчугушпай, жер тиктеп баштарын шылкыйтып, терең ойго түшүп кетишти. Алардын жанынан күлүшүп келе жаткан уулу чукуранып ойгонду. Энеси баласынын жанына барып, бешикти терметти. Атасы да уулунун маңдайына барып:

— Кана, күл, күлүп кой? — деп эркелетсе, баласы колун сербеңдетип, күлөт.

— Түндө атаң келген. Сен ойгонбой койдуң,— деп Аня анын колунан тарткыласа, бала башын көтөрүп талпынат.

Ата менен энеге баладан ысык, баладан таттуу эмне бар? Алексей алдыртан Таабалдынын нан жегенин байкап отурган.

— Уялбай нандан тоё же, сүттөн ич!

— Ыракмат, тойдум.

— Аня, мен кожоюнга көрүнбөй, Таабалдыны барар жерине жеткирип коёюн.

Ал баланы ээрчитип кетип баратып, артын кылчайып карады да:

— Аня, арабаны үйдүн далдаасына кой, кокус жанагы сары азезил шайтан көрсө, менин каnымды кактабай сорот.

— Макул,— деди Аня.

## 3

Асман күзгүдөй тунук, чайыттай ачык. Жан-жаныбарларды куйкалап жиберчүдөй күн ысык. Алексей ушул жерде төрөлгөн. Токмоктун көчөлөрүн беш колундай жакшы билүүчү. Ал, Таабалдыны ээрчитип, мырзасынын көзүнө көзүкпөй, көмүскө жолго түштү. Таабалды ага кээде жетсе, кээде жетпей мүчүлүштөйт. «Жетимдин атайы издеп келаткан кишиси табылбаса же анын турмушу жайсыз болсо, анда бул карып жалдырап кимге кайрылат? Жаш неме тентип кетсе, көргөн күнү не болот?» — деп ойлоду Алексей. Таабалды көл-шал түшүп боргулданып тердеди. Булар кара суунун жанына жеткенде, ойго түшүп бараткан Алексей арт жагын кылчайып карады.

— Салкында жүргөн бечара, ысыкка чыдабай, тердеп кетипсиң. Мен тамеки чеккенче, сен жуунуп ал!

Алардан бута атым жерде, үстү көк тунуке менен жабылган үйдүн үстүндө көгүчкөндөр алда немеден чочу-

гандай, канаттарын эбелектетип, асманда калкып учуп жүрүшөт. Таабалды сууга жуунуп жатып көгүчкөндөрдү көрдү.

— Егордун үйү тетигил. Сенин атаңдын тааныны мында болсо жакшы болор эле,— деди да, Алексей алдыга түшүп басты.

Булар ачык чоң көк дарбазага жеткенде ар жактан күрсүйгөн кара дөбөт арсылдап үрүп тике качырып келе жатты, Алексей андан жазганып жерден таш ала коюп айбат кылса, кабаган дөбөт тоотпой тегерене чуркап, арсылдап үрдү. Короодо эки малай арабадан чым көң түшүрүп жатышыптыр. Ошолор көрө коюп ажыратпаса, ит каап алмак. Баары короого киришип, арабанын саясына олтурушуп, чылым чегишкенче, бейтааныш немелер жай сураша башташты. Берки эки жалчынын кийген көйнөкторү камсуптан тигилген экен, терге жедеп чирип, жондоруна ичмектей жабышып, катып калыптыр.

Мусапыр Таабалдынын жайын билишкен соң, эки киши үн жок, сөз жок мостоюшту. Булардын бири: чарчы бойлуу, кыр мурун, карасур кыргыз болучу. Сары убайым, узун санаа мөгдөткөнү анын кебетесинен көрүндү. Орус жигиттин да жылдызы жерге түшүп, сабыры суз. Жакырчылыктын кишенинен анын да кутулбаган түрү бар. Бетинде кан-сөлү жок арык. Кыргыз астыңкы эрдин кесе тиштеп, жер чукуп олтуруп күңгүрөндү:

— Арыкбай жана тоодон келиптир эле, азыр мында келет. Бирок, ал кем тумшуктун деле эрди ашка, ийни кийимге кенен жетип, марып кетелек. Анын да жонуна таш токулган.

Жаш Таабалды тигинин минтип жымсалдата айтканына кайдан түшүнсүн. Бирок, Алексей ичинен «и» деди.

— Баса, өгүнкү карышкыр тамактап кеткен төрт коюн кожоюн Арыкбайга төлөтүп алды дешеби?

— Эй, Вася, төлөтпөгөндө аямакчыбы,— деди Тилеке.

Аны укканда Таабалдынын жүрөгү шуу дей түштү.

— Койлору майып деле болбоптур. Кожоюн тимеле шылтоо таап Арыкбай байкушту ак жеринен күйгүзгөн да,—деди Тилеке. Күнкүлдөп орус жигит кабагын чытып, тартып жаткан чылымынын калдыгын тамана менен басып өчүрүп:

— Ошо да...— деп бир аз унчукпай калды да, анан сөзүн кайра узартты.— Ушунча мал-мүлккө көзү тойбойт. Жаткан ач көз, барып турган сараң!

Алар Байковко нааразылыгын айтып жатышканда, сырттан: боз атчан, узун бойлуу, көк ала сакалчан, сол жакты чекеси тырык, кебете-кейпи келишимдүү киши сарайга атын аса байлап коюп, беркилерге жай басып келе жатты.

— Мына, ушу киши,— деди Тилеке.

Арыкбай сарай жактан келе жатканда, Таабалдынын көзү андан чачырап өтүп кетти. Тилеке аны утурулай басты.

— Арыкбай аба, ырас келбедиңизби, сизди баятан бери берегн жетим бала зарыгып күтүп олтурат.

Анын сөзүн укканда, Арыкбай токтоп калды. Таабалды алдынан тосо берип ага салам берди. «И, балам, мен сени тааныбай жатам. Сен кайсы баласың? Атаңдын аты ким?» — деп ал көлөкөгө келип олтуруп жатып жай сураганда, Таабалды: «Жөкөнүн уулумун» — деди жер тиктеп.

Арыкбайдын башы шылк дей түштү. Ал үн жок-сөз жок мелтиреп унчукпай калды. Анын көз алдына: досу, замандаш курбусу Жөкөнүн элеси келе түштү. Ал баланы көргөндө жаагынан ылдый чубуруп аккан көз жашы жаандып тамчысындай мөлтүрөп тамды. Абышканын кайгырганына жанындагылар өтө кейишти.

— Кагылайын асылдан калган керезим,— деди да, Таабалдыны кучактап, бетинен өөп, маңдайынан үч сылады. Көрүп тургандар ага өтө ыраазы болушту.

— И, айланайын, байкуш Толкун энең күүлү-күчтүү жүрөбү?

— Аман-эсен.

— Оторбай деген зулум ыраматылык Жөкөнүн кабыргасын сындыра тээп төшөктө жатканында мен барсам: «Досум, жаза тайып, кокус көзүм өтүп кетсе, кызыл чиедей жаш балдарыма көзүңдүн кырын сала жүр... Таман акы-маңдай терим үчүн акымды дооласам зулум кабыргамды кыйратып, кан түкүртүштү» — деди эле, кайран курбум.

Ал оң бөйрөгүн таянып, камчы сабы менен жер чукуп өксүдү. Теңтуштан — теңтуш айрылган кыйын го... Жакшы көргөн курдашынан ажыраса, көзүнөн жаш ордуна кан агат эмеспи...

— Мен Таабалдыны жеткирип келдим эле, кошкула, кетейин,— деди Алексей.

— Теңир жалгасын, бул жакшылыгың көкөйдөн кетпес, олбөсөм бул адамгерчилигиңди актаармын, кайыр, соо

бол,— деди Арыкбай анын барпайган шадылуу колун кыса кармап.

Алар армандарын айтышып бүтүшкөн соң, көң жыюуга отүшту. Егор Васильевич үйүнөн чыкмагы бир тозок болду. Арыкбай аны баятан бери күтүп, зарыгып турат. Байковго кездешпей кетсе, каарына калары шексиз. Анын үстүнө кирүүгө батына албай жазганып турса, чачынын экиге тең жарылган жерин калкалап, башына кара кыл торко төөнөп, сары жибек көйнөк кийген куш тумшук, балжайган сары Наташа чалкалап, эч кимге назар салбастан, бакты көздөй шаан-шөкөт менен басты. Арыкбай эки колун боорупа алып, кулдук кыла «байбиче» деди эле, ал аны олурая карап, токтоп калды.

— Сага эмне керек?!

— Кожоюн мага жолуга кет деди эле, мен аны күтүп турам.

— Ах, Егор Васильевич эс алып жатат.

— Күн кечтеп кетти, тоо алыс. Түн ичинде мал ээн калат го, ырайым этип, айтып коюңуз? Мен... кожоюндун буйругун угуп, жөнөйүн.

— Ой кудай ай, жадатып жибердиң. Анын сени менен сүйлөшүүгө чолоосу жок десе, сен шайтан баскыр кайта-кайта тынчты аласың.

Текебердүү Наташа жекире баштаганда, Арыкбай сакалын сылап жер карайт. Шагы сынган неме ооз ачса эле, катын «ме сага» деп, аны жаактан ары тартып жиберүүчүдөй. Анын кайкы мурдунун учу кызарып, итатайы тутулуп, кутурган кишиче тиштерин шакылдатат. Арыкбайдын тобо чачы тик турду. Бирок, ал анысын сездирген жок. Наташа адатынча башын бир жагына кыйшайтып, бойпоңдой басып, терезенин дал тушуна барды да, кылыктанып үнүн ичке чыгарды.

— А, Егор, Егор!

— Эмне? — деп, бирөөнүн олунган үнү чыкты.

Чарчы бойлуу, башы жыдыткан карындай жалтыраган, көлтөйгөн киши, үңкүрдөн үркүп чыга калган аюудай, карбаластап үйдөн чыга калганда Таабалды аны тиктеп калды. Анын өңү-түсүнөн коркту.

— Егор Васильевич! Береги дөдөй кыргызың мени бура бастырбай, алдымды тороп, маземди алды го, мупу көзүмө корсотпөй жоготчу, кудай жалгагыр.

Наташа булкупа сүйлөп, калың алчалуу багын көздөй кетти. Бойков жутуп жиберчүдөй сурданып карап:

— Малга туз алдыңбы?— деди.
— Ооба, алдым, таксыр.
Егор колун аркасына алып, кабагын түйө, коридордон ылдый түшүп келе жатканында, Арыкбай калчылдай баштаган. Кожоюндун түрү суук.
— Мындай,— деди ал кара күчкө тамагын жасап жөтөлүп.— Мен, сага көп жакшылык кылдым. Сен менин жакшылыгымды билишиң керек. Малымды жаман багасың. Мен билем, билем, сен митаам, арамза окшойсуң. Малды жакшы багып өстүр! Антпесең, айтып коёюн, сенин сакалыңды жулам!
— Төрө!
Ал Арыкбайдын сөзүн бөлдү:
— Келерки жылы Анжиянга мал алып барып сатам да, андан поездге олтуруп түз эле Петербургга саякатка барам.
— О, төрөм, дөөлөтүңүз бар, албетте барганыңыз жакшы.
Арыкбайдын сөзүнө ал көтөрүлө түштү.
— Мен орус чиновниктерин, кыргыздын бай-манаптарын басам. Алардын эч кимиси мага тең келе албагандай болушсун. Сен да, менин жогорку даражага жетүүмү тилегин. Андай кадыр-баркка жетиш үчүн эмне керек? Ага жетүүгө бир нерсе гана себеп болот. Алтын, күмүш, акча! Акча чөнтөгүмдө болсо, губернаторлорду да бийлетүүгө чамам жетет. Мен болуштук өкмөттү башкаргандарды бийлеп, чакмак алам. Жалчым, сенин эсиңде болсун! — деп Егор сөөмөйүн өйдө соройткондо, Арыкбай зыңкыйып, каткан бойдон какая калды. Анын сөзүн ар жакта туруп тыңшагандар өйдө карашпай баштарын шылкыйтып, кулактарын жапырышат.
— Сен менин сөзүмө түшүндүңбү?
— Абдан жакшы түшүндүм, улугум.
— Сен мага кара санабай, ак сана!
— Сизге кантип кара санайын, төрөм!
Егор Васильевич кыт-кыт күлүп, анан заматта өңүн өзгөртүп, мостоё калып, бир көзүн жумду да:
— Кара санабаймын дейт тура! Эгиз тууган уйларды, бээлерди менден жашырган ким? А?! Ошончо музоолор, кулундар сенин кулкунуңа кирдиби?
Арыкбай анын сөзүнө таң калып, селт дей түштү да, ага эмне деп жооп берерин билбей шашты.
— Урматтуу төрө, мен ушунча жашка келгенден бе-

ри,— Арыкбай андан болок оозуна сөз келбей мукактапа түшүп, анан акырын бүлкүлдөдү.— Мырза, мен эгиз туу-ган жылкыны, уйду көрө элекмин.

— Жалган айтасың!

— Кадырлуу мырзам, сизге жалган айтсам мен жа-нымды жейин.

Егор Васильевич ачуусуна чыдабай күшүлдөп, ийнинен зорго дем алып кызырандады.

— А, койлор эмне үчүн үч-төрттөн козу туубайт?!

— Кымбаттуу төрөм, кой эгиз тууганын көрүп жүрөм, бирок үч-төрттөн козу тууганын көрө элекмин.

— А, чочко кандайча торопойлорду жайнатып көп тууйт? Эх макоо!

— Кечириңиз, күлдүгүм бар. Мен чочкону багуунун жайын билчү эмес элем.

— Эх, шайтан, ошондой де! Сен митаам, мени эч нерсе билбейт деп жүрсөң керек го? Эй, мен качан өлөрүмдү гана билбеймин, андан башканын баарын беш колумдай билем, калжырабай малдын башын көбөйт! Бар, барып малды бак!

Андан кутулалбай араң турган Арыкбай байлалуу тур-ган атынын жанына чуркаган бойдон жетип, минип жө-нөп баратып, Таабалдыга «мени ээрчип бас» дегендей жаңдады. Ал анын артынан ээрчий басты эле, Егордун кө-зүнө жаш карып чалдыга түштү.

— Токто!

Арыкбай атынын башын амалсыздан бурду. Көзүндө огу болсо, атып жиберчүдөй сурданып, кактабай канды соручудай жекирип турган кишинин заматта жаркылдап күлүп өзгөрүлө калганы кандай?

— Бу кимдин баласы? — Егор Арыкбайга көзүн жүл-жүйтүп күлүмсүрөдү.

— Бул, мени издеп Кетмалдыдан келиптир, төрөм.

Егор кайырдуулугун билгизгиси келди да, Таабалды-нын жанына барып, аны аянычтуу көзү менен тиктеп башын чайкайт.

— Ай, бечара ай, кудай мунун маңдайына шорду жазган го. Айла канча, маңдайга жазганы ошол. Байкуш чал сенин да жаш балдарың бар. Сага дагы оордук келет го. Өзүң карган болсоң, жоон топ балдарды кантип багар экенсиң?

— Эптеп күн көрүшөт да, төрөм,— Арыкбай муңайып жер тиктеди.

— Сага боорум ооруйт байкуш.

Анын адамгерчилик менен айткан жылуу сөзү, карыган абышканын муздаган денесин ысытты. Чал ичинен кымылдап, кожоюнуна ыраазы боло калды. Арыкбай кайдан билсин? Егордун азыркы көрүнүшү сонун. Ал карыпка жаны ачып, бөздөөдөн да кайра тартынбастай кебетеленет.

— Арыкбай, бул бечара жүдөп калат го. Кандай кылсак? Корккөнүнөн жанын оозуна тиштеп, бүжүрөгөн чал эс ала түшүп, мырзанын жанына жакын барып, атынан ыргып түштү да, колун боoруна алып, башын ийди.

— Кадырлуу улук, бул жетим ырыскысыз, бак-таалайсыз жаралган эместир дейм. Менин балдарым суу ичсе, бул да суу ичер. Аш жесе, бул да ошону жеп күн көрөр. Мен муну багайын. Мен күүдөн, күчтөн тайыган кезде, мунун абийири болсо менин жакшылыгымды унута койбос...

Анын айткан сөзүнө Егор Васильевич мурутун сылап, карс-карс күлдү. Бул кандай күлкү? Ырайымдуу күлкүбү же какшыктаган күлкүбү? Арыкбай чал аны биле алган жок.

— Сен, Арыкбай, акылдуу адам экенсиң. Мен, сага ыраазы болуп калдым.

Ошо кезде, бак жактан анын кесирдүү катыны келе жатты эле, анысы үнүн кубулта ичке чыгарып, кылыктана сүйлөгөн болду.

— Эмне турасың, Егор? Чарчадың, жатып эс алсаңчы!

Егор аны карап кабагын бүркөдү да:

— Бери кел! — деди ага көзүн кысып.

Пейил күткөн, текебердүү катын күйөөсүнүн жанына тез жетти.

— Наташа, карачы мына муну! Кандай ыймандуу ысык!

Аялы анын оюна түшүнбөй «фу» деп мурдун чүйрүп, жактырбай кергиштеди эле, Егор аны акырая караганда, ал ойкуштап Таабалдыны тиктеп, анткорлонуп томсоруп көңүлүн болду.

— У-у, Егор Васильевич, ырас эле, абдан жакшы бала экен. Кыргыздын кара сөөк букараларынан да ушуга окшошкон татынакай бала туулат экен го?

Мырзанын көңүлү жай. Ал ырайымдуу болууга ниети болсо керек. Мээримин төгүп жалпактады.

— Арыкбай, сен бекер кыйналба. Муну сылап-сыйпап асыроого сенин кудуретиң кантип жетет? Менин аркам

менен өз балдарыңды багып жүргөнүңө кубансаң. Мунун үстүнө кийим, кардына тамак кайда? Андан көрө баланы мага таштап кет. Бул өзүнүн алы жетишинче үй оокатка жүрөр. Менден эмгек акысына жылына алты сом алсын. Ой, алты сом буга көп акча! Аны да мен жетимге боорум ооруп берип жатам.

Арыкбай азыр түшүнө койду да, эмне деп жооп берерин билбей калтаарып турат. Ашкан куу Егор анын оюна дароо түшүнө койду.

— Сен мага ишенбей кылчактап турасыңбы? Мына кызык! Эх, жакшылык кылганды билбеген паадан десе.

Мырза кейкеңдеп басып кеткенде, Арыкбайдын жүрөгү шуу дей түштү эле, апып аялы тишин кычыратты.

— Егор Васильевич, бул ырыс кесер көрүнөт. Тойгон экен, өзүн кошо кубала!

— Ошентиш керек. Эх, шайтан чал.

Эмеле ырайымдуу болуп турган кишинин бул эмнеси? Заматтын ортосунда аны кайсы шайтан азгырды. Адамгерчилиги ушунча эле беле? Салабаттуу кишинин заматтын ортосунда мындай өзгөрүлө калганы укмуш! Башы катып, эмне дээрин билбей айласы кетип турган Арыкбай, көзүнүн кыйыгы менен астыртан Таабалдыны тиктейт. Эс тартып калган Таабалды да эмне дээрин билбей, заманасы куурулат. Ал, көр кыстоого түшкөн аяш атасын кыя албады да, «арга канча, калса калайын» дегендей кыйналып турган Арыкбайга белги бергенсиди, Таабалдынын көз карашын чал билди да:

— Таксыр, эгер өзү мында калууга коңулдонсо, мен жок демек белем,— деп муңайды.

Егор жым дей түштү.

— А, мунуң жөнү бар сөз, кана, бала, эми көп сенде калды, эгер жыргайм десең менин үйүмдө кал.

Таабалды эмне демек эле, айтары бул да:

— Аяш атам кал десе, мен качмак белем, калам.

— Ха-ха-ха азамат! — деп каткырды Егор.

Наташа да күйөөсүнүн сөзүн коштой чаап, кара күчкө сыр билмексен болду. Таабалдынын тагдыры чечилген соң, Арыкбай мырзасынан кол куушуруп, кетүүгө уруксат алды да, чокусунан жайдыр-кыштыр кар кетпеген, боорундагы жылгалары сайын алтын булактары сырдуу күү чалгандай шылдырап, көк шибери жайкалып, кооз гүлдөрүнүн жыпардай аңкыган жыты, сыдырым соккон сал-

кып жели айдап, артуудан — артууга учураган, кайгы кантап, бук болгон кезде көңүл ачып сайрандар бийик тоосун көздөй бет алды.

## 4

...Таабалды Егордун колуна келгенден бери билинбей сызып, далай күндөр зуулдап өттү. Босогону аттагандан тартып, анын мойнуна үй кызматы бүт жүктөлгөн. Таң аткандан тартып, түн ортосу ооганча анда кенедей жаны жай алуу деген болбойт. Отун жарат, от жагат, күл чыгарып, суу алып келип, самоор кайнатат, музоо да кайтарат... Бул жумуштар ага аздык кылгансып, атканаңы, үй короону жана чочкокананы да кара жанын карч уруп жүрүп тазалайт. Кокус бул жумуштардын бирөөнү бүтүрүүгө ал үлгүрө албай калса, кожоюн анын кулагын чоюп, жаагын түлөтөт. Убалдан коркпогон күйөөсүнүн кыйнаганы аз келгенсип, катыны да кырсыктап, бечараны чөгөлөтүп коюп, ичке зым менен тилинен байлап алып каткырып ары-бери жетелейт.

Аны бул кыйноодон арачалап калуучу ким? Егордун колунда эчен жылдардан бери куурап эзилип жүрүшкөн Вася, Тилеке, Валя Таабалдыга болуша кетишсе, алардын өздөрү көргүлүктү көрүшөт. Мына азап. Ал малайларын Бойко жандарын көздөрүнө көрсөтүп, далай зар какшаткан.

Каардуу атасы менен энесинин уу тилине жазыксыз малайлар канбай калгансып, булардын жинди-чалыш уулу Андрей да, малайлардын жүрөктөрүнүн сары суусун алып, көкөйлөрүнө көк таштай тийген. Айрыкча жекшемби күнү же «кызыл жумурткада» жана башка майрам күндөрүндө, малайлар зыркырап турушар эле. Анткени, андай кездерде, Егор жакын урук-туугандарын конокко чакырып, чардап-ичип делебеси козголуп, кутура баштаганында, көз_каранды кишилердин кордоп колунун кычуусун кандырып, көңүл ачуучу. Бул анын көнүмүш иши эле. Анын жедеп айласы кетип, эч кимди бир шылтоо таап төпөштөй албай буулукканында, көчөдөн өткөн кымындай күнөөсү жок чоочун кишилерге да өзү тийишип жаңжал чыгарчу. Мындай учурларда, анын малайлары көзүнө көрүнбөй жаа бою качышар эле. Мына ушундай каардуу кишинин колуна дуушар болгон Таабалды чыдап, өмүр сүрүп жүрө берди...

Андай кытмыр, арамза адамдар кол алдындагы көз караңды кишилеринин кандайча ыгын таап убайын көрөрдү билишет да! Егор октябрь айы өткөндө Таабалдыга бөтөнчө көз карай баштады. Колундагы жалчыларынын какта бай канын соргон кожоюн кандайча эле жаш малайына ырайымдуу, боорукер боло калат? Бул момундукпу, же митаамдыкпы? Ал Таабалдынын келечегине кызыккан. Ага кийинчерээк куу неме түлкүчө мант берип, кубула баштап, жайды-жайлай, күздү-күздөй атканадагы бош акырга алдына саман төшөнүп жатып жүргөн карыпка ашканага жатууга уруксат кылды да, жылаңач этине кийген таар бешмантын үстүнөн түшүрүп, балдарынын эскиуску кийим-кечелеринен кийгизди.

Егордун максаты башкабы?

Анын көздөгөн максаты, Таабалдыны колунан чыгарбай, алдап-соолап далыга чаап жүрүп түбөлүккө малай кылып алууда эле.

«Үйга жүгөн салабы, үйрөнгөн адат калабы» дегендей аялы Наташа да күйөөсүнөн таалим алган. Ал ким болсо да аркырап беттен алат.

Наташа үй кызматчысы Валяны «сен сыланып кийинип алып, алчактап семичка чагып, жигиттерди карап дарбазанын түбүндө олтурасың» деп чачын жулуп, жулмалап, абийирин айрандай төккөн. Ач күсөндөй кумсарган, узун мурут, чапжаак судья Попов күзүндө катыны менен Егордукуна меймаңга келип, карта ойноп утуп алганда, Андрей чатакташа кетип, аны доңуздай өкүртүп тепкилеген.

Ошондо шаардыктар «Егордун эми иши бүттү... Судья апып күлүн көккө сапырат. Деги эч кимди көзүнө илбей, көөп кетти эле, ушуну көрмөк. Попов уулу экөөнү тең түрмөдө чиритти дей бер» — дешип дуулдашкан. Егор кесилип кетмек турмак, кайра күчөп кутура баштады. Пара менен болуштук кызматчыларды колго алган. Анан ага ким даап катылат. Мурда күбүр-шыбыр кылып, кеп салып жүргөндөрдүн жаактары жап болуп, тилдерин кыл менен байлап койгондой таш кабышты. Кыскасы, Попов жалаага жыгылып күнөөлү болорунда, алда-жалда менен балээден араң өз башын куткарган.

Бойковду эсирткен эмне? Акча! Жергиликтүү бийлөөчүлөр аны жакташат, алкы бузук, кызматчы соройлор, анан Бойковдун таламын талашпаганда каптишсин. Мына

ушундан соң, Егордон запкы көргөн жалчылар же боодо асыя таяк жеген адамдар кимге даттанышмак эле?

Кыш... Суук катуу. Ак кар, көк муз. Көзгө сайса көрүнгүс караңгы түн. Ашканада бүлбүлдөп күйгөн кара чырак. Сырткы мукабасынын тамтыгы кетип тытылганы, барактарынын эскирип саргарганы мындай турсун, карандаш жана сыя менен жыш чийилген. Алиппенин арипте-рин үңүлө карап, боортоктоп жатып алып Таабалды окуп жатат. Анын жанында, ага жардамдашкансып, коңурук тартып, кулагын кээде кыймылдатып коюп, сарала мышык соксоюп отурат. Ал кешиги жоктун да куйругу чолок, оң кулагы дүлөй. Жинди чалыш Андрей, бул куу тумшук макулукту соо койбой, куйругун балта менен керте чаап, кулагына мык кагып, шорун аштай кайнатып, майып кылган. Байкуш мышык жараатынан жабыркап жүрүп, өлдүм-талдым дегенде араң айыккан болучу.

Энтеп эжелеп окуп, тамтаңдап жазымыш болгон Таабалдынын жанында уйкудан безип, анын эмнеге акыйып олтурганын ким билсин. Кебетеси анын да өмүр сүргүсү келсе керек го. Орус печтин үстүндө жылууга боорун төшөп, онтоп жаткан Валя жамбашынан сыз өткөндө, үшкүрүп башын көтөрүп, Таабалдыны күңүрт күйгөн чырактын жанынан көрдү. Түн ортосу небак ооп кеткен.

— Сен жата элексиңби?

— Ооба, сабак окуп жатам...

— Чарчадың го?

— Чарчадым.

— Жатсаң боло.

— Дагы бир аз окуй түшөйүн. Сизден кат жазганды билип үйрөнүп алайын.

Валя печтен бутун салаңдатып коё берди да, жерге түшүп, акырын Таабалдынын жанына келип, анын жазгандарына көз жүгүртүп күлүп койду. Таабалды эч нерсеге көңүлүн бөлбөстөн, акыркы калган бир сабын жазып бүтүрүүгө тырышты. Аларга үйүр болгон сарала мышык балбылдаган көгүш чекир көзү менен жал-жал тиктеп, «эми тил алсаңар, жатып эс алсак кантет?» дегендей кейиптенет.

Илгери үмүт менен күнтүн коюп окуп жаткан бечара карып жетим балага Валя өтө ыраазы болду.

— Жазганга көнүп келе жатыпсың... Кийин писер болгонуңда, мендей катынды эсиңен чыгара көрбо? Менин күйөөм да, ушу сен сыяктуу, бир кемпирден окугамын де-

чү эле. Андай кедейдин уулун гимназияга кайдан алсын. Мырзалардын, чиновниктердин балдарына, мектептин эшиги да, терезеси да ачык... А сендейлерге эшик дайым кулпулуу. Ошону билип кой.

Дал ошол убакта Валянын эсине солдатка кеткен күйөөсү түшө калды эле, анын аксаргыл бетин ысык көз жаш жууду. Зээни кейиген Таабалды окуп, жазып отурган китебин жаап койгонун кайгылуу Валя байкаган жок.

— Сен эмне токтодуң? Баягы, муңкана жүргөн мен да! Эх, арман, арман! Ыйлап жүрүп көз жашым да соолот го. Ооба, сен тырышып окуп, адам бол. Мен билгенимче сени окутам. Кантип сенден жакшылыгымды аяйын...

Шолоктой берди. Солдаттын катынынын жашы токтоор эмес.

— Эмнеге капаланасың. Сени көрүп токтоно албай мен да ыйлайм.

— Менин жүрөгүмдө зарым бар.

Сыртта бороон болуп турат. Кичинекей терезе сөрөйгө муз тоңду, шордуу малайлар эртең кар күрөп азап чегишет.

Алар бирпаска унчугушпай сырт жакты тыңшашты эле, ашканын ичине тынчтык өкүм сүрдү. Күйүттүү байкуш Валя кайра да кобурай баштады.

— Мен эримден ажыраганыма канча убакыт болду? Жашчылыктын ыракатын көрбөй өмүрүм өтүп баратат... Ал солдатка кетип бара жатканда мен ыйласам: «Кой, ыйлаба! Мен солдатта жүрүп картайсам да, бошонорум менен сага кайрылып келем... Сен мени унутпа, мен сени кантип унутайын»,— деди эле. Менин Сережам көп жылдан бери жер тепкилеп жүрсө, а тиги кудай тобоңдон урган Андрей, көчөдөн өткөн жазыксыз кишилерди таш менен ургулап кутуруп жүрөт. Солдатка аны кайдан алсын, каардуу атасына, дөөлөтүнө сыйынат да!..

Валя жаш чагынан ата-энесинен ажыраган. Анын кайрылышар жакын урук-туугандары жок. Бул муңдуу жаш, жан багуу үчүн кимдердин кирин жууп, кимдердин тамагашын бышырып, азап чеккеген. Далайдын заардуу сөзү анын сай-сөөгүн сыздатып, жүрөгүнө муз тошөбөгөн. Ошонун баарына чыдаган селки ушул. Жаш чагынан ар кимге көз каранды болгон бул сыздабаганда кантсин. Валя өзүндөй карыптарды көргөндө жан-алы калчу эмес. Ал бирденбир ачылып сүйгөн, өмүрлүк жары Сергейден эриксизден ажыраганда, сүйүү сезиминин жалындаган оту өчкөн.

Жашчылык чагы өтүп баратса да, ал сүйгөн жарын көрсөм дегенде ак эткенде, так этет.

Егордун колуна Таабалды туш келгенден тартып адамгерчиликтүү Валя мусапыр балага жан тартып, каралаша баштаган. Кожоюндун балдары окуп таштаган китебин таап келип, түн ичинде жашыруун Таабалдыны окутуп жүргөн. Мындай жакшылыкты Таабалды андан бөлөк эч кимден көрө элек. Керели кечке жандары кенедей жай албайт, үй турмушу менен алек болушат да, качан эл аягы басылган маалда, ашкананын терезесин чүмкөп алып окушат, түн ортосу ооган кезде жатышып, таң агарып, короз чакырганда кайра турушуп, кара жандарын сабап жумушка киришишет.

Муңдуу аял көзү кызарганча ыйлады. Оор улутунуп, мештин үстүнө чыгып, боздоп жатып, бир кезде көзүн жумду. Таабалды андан саал кийин уктады. «Мен да силерге окшош карыпмын» дегенсип сарала мышык да ошолордун ортосунан орун алып, коңурук тартып кыркырап жатат. Алар мына ушундай турмушта жашашып, кыштын узун түндөрү менен кыска күндөрүн көңүлсүз, кайгы менен өткөрүшөр эле...

## 6

Жазга маал. Сокого чегилген аттар баштарын чулгушуп, сокону араң тартып жүрүшөт. Кош айдашкан малайлардын колдору талыйт. Анысы аз келгенсип, ачкалыктан баштары айланып, ооздорунан кара суу келип, өзөктөрү үзө тартат. «Кожоюндан ырайым болор бекен» дешип, жол карап жүрүп, саргарып бүтүшкөн. Жазга жуук үзүмчүлүк убакта, беш күндөн бери эки бөлкө үч кишинин жумуруна жук, кардына как болмок беле? Өздөрүнүн да жана жем-чөбү түгөнгөн аттарынын да, жедеп шайы оои бүттү. Карааны көрүнгөн Токмоктогу Егорго барып, андан азык суроодон айбыгышат. Ал «кошту айдай бергиле, мен силерди жыргатам» деген, жыргатмак турмак жылас кылмак болду.

Башкалары болсо ачкалыкка, жокчулукка жедеп көнүшүп, кабыргалары каткан азаматтар. Ысык-суукка быша элек Таабалдынын көңүлү караңгылайт. Кыштата үй түйшүгү менен алек болуп, көрбөгөнү калбаган бечаранын жаз келгенде да жаны жай албай башына дагы мүшкүл иш түштү. Адамдын убал-сообу жөнүндө Егор ойломок

беле? Малайлардын ачкалыгына анын кабыргасы кайдан кайышсын. Анын карды ток, кайгысы жок. Тоо тарапка көз чаптырышса, алыстан мунарыктап, ар кайсы жеринде эрий элек кар жаткан чалкалаган тоолордо турмуштун кемедей жышааны келе электей сыяктанып тунарат. Булардын көңүлүн айныткан ачкачылык. Трашманкенин караанын күтпөгөн жерден көрүндү. Ал келе жаткан киши алардын көзүнө кожоюн эмес, бөлөк немедей болуп, ач малайлардын кабактары бүркөлөт. Бирок, «үмүтсүз шайтан» дегендей, алар үмүттөрүн кайдан үзүшсүн.

Трашманке менен зуулдатып келе жаткан эки кишинин кимдер экенин ажыратып даана биле албай жүрөк заада болушту. Анткени, ал келе жаткандардын чаңдан таануу кыйын эле.

— Вася, келаткандар ким? Менин көзүм тунарып турат,— деди Тилеке.

— Таабалды, сен карачы?— деп Вася да тынчсыздандьы.

— Таанубай турам.

— Эй, баягы жинди Андрей келип, шайды оодарбагандай эле,— деп Тилеке күрсүндү.

— Ким билет, балким ошол макоо келсе келер.

— Кокуй акырын сүйлө, анын кулагы уганак.

— Мейли, кимиси болсо анысы болсун, бизге нан алып келсе эле болду.

Трашманке аларга жакындаганда кошчулардын кобураганы токтолду. Окшош эки боз ат чегилген трашманкеден Егор чалкалап жерге түшүп, айдалган айдоону мурчуюп тиктеди.

Кош айдашкандар бороздун башына чыгып, аттардын башын төмөн карай буруп борозго түшкөндө, Егор «токтогула» дегенсип аларга колун жаңсады эле, тигилер аттардын оозун жыйды. Трашманкеге чегилген эки боз ат ооздуктарын кемирип жер чапчышса, соко тарткан арык аттар кулактарын жапырып, баштарын шылкыйтат. Төрөнүн уулу Андрей арабадан түшө элек.

— Кана, бүркүттөрүм, бери мага жакыныраак келгилечи,— деди Егор тамшанып.

Малайлар анын жанына учуп жетишти да, кулдук уруп, баштарын ие ага ыкылас кылышты.

— И, жакшы айдап жатасыңарбы?— төрө ыңгыранды.

— Колубуздан келгенди аяганыбыз жок, кожоюн,— деди Вася.

— Жанталашып иштеп жатабыз,— деп төмөн карап, күңкүлдөгөн болду Тилеке.

— Аз! Мен силерди эмгиче кыйратып таштаган го деп ойлодум эле, ай чабалсыңар да. Силердин чамаңар мага белгилүү.

Малайлар жер тиктеп калышты.

— Аттардын жем-чөбү түгөндү,— деп сейрек сакалын сылады Тилеке.

— Канча айдаганыңарды көрдүм!..— деди Егор.

— Жээр эчтеке калган жок, Егор Васильевич!

— Сен эмне деп бүлкүлдөйсүң, Василий, а?

Андрей ар жактан булардын жанына жетери менен эле, жекирип кирди.

— Айдаганыңар алты теше жер. Жегениңер канча кадак нан? Силерди артыңардан айдаган киши жок болгондон кийин, кыларыңар ушу да! Ата, карасаң уктай беришип көздөрү шишип кетиптир.

— Мырза, ачкалыктан шишидик.

— Василий!

— Кечиресиз, кантип калп айталы.

— Бас жаагыңды, иттин баласы!

Андрейдин каны ичине тартып, кумсара баштады. Малайлар үн жок, сөз жок баштарын шылкыйтышты.

— Силердин ишиңерден алган акыңар көп, карасанатайлык кыласыңар.

Уулу буркан-шаркан түшүп, күчөп бараткanda атасы алдыртан жаңдады эле, кичине басаңдай калды.

— Мен силерге тамак-ашты арбын алып келдим. Азыр аттарга да жем, чөп алып келишет. Бирок, силерге эскертип коёюн, мындай иштесеңер, ач каласыңар. А: иштеш керек,— деп Андрей адатынча көзүн чакырандатып, мурдунун үстүн тырыштырып кекирее калды да, анан муштумун малайларга кезеп, кекете дагы бабырады:— Эгер үч күндө он тешени айдап бүтпөсөңөр, анда...— деп көрсөтөр кордугунун четин чыгарып жекирди, малайлар бирин-бири алдыртадан тиктешти.

— Албетте, биз сизди сыйлайбыз,— деди Вася.

— Жалган!— Андрей бакырды.

— Андрей, сен сабыр этчи?—Егор үстүңкү ээрдин чормойтуп, сөзгө кийлигише калды.— Мага эгин керек, мен акчаны эгинден табам. Менде жок болсо, силерде да жок болорун түшүнсөңөр! Андрей, биз алып келгендерди буларга бер.

Андрей үч кишиге: эки бөлкө, бир чака ун, төрт кадак арык эт, эки кадак сасыган боор берди. Ачкадан өлөрчө болушкан малайлар кожоюнунун берген азык-түлүгүнө аз да болсо канымет кылышты. Мырза трашманкесине түшүп, Токмокко урган бойдон жөнөгөндө чаң ызгып көтөрүлүп, күзгүдөй тунук асманда сүзүп жүргөн сур булуттарга кошулчудай кейиптенгенинде, жазгы жел чаңдын быт-чытын чыгарып чачты.

## 7

Кош айдоо бүтүп соко жыгылганда, кожоюн Таабалдыны алып келип коругу толгон жер-жемишти бактырып койгон. Анын көңүлүнө мейнеткеч Таабалды абдан жаккан соң, ал куу неме аны кара күчкө мактайт. Анын кандай максат менен мактаганын Таабалды кайдан билет? Ал кайда жумшаса тартынбай кете берет.

Энеси жана бир туугандары эсине түшкөндө ал ыйлай-ыйлай таң атырып, зарлап жайдын сар атан узун күндөрүн батырат. Ал кетеринде энеси жүз арчысын берген, ошону жыттап сагынганын жазымыш болот. Бактын ичине барып жумуш кылып жүргөнүндө кокус колу кичине эле бошой калганда жашырып катып жүргөн китебин Валядан бөлөккө көрүнбөй окуй берет. Жай айлары анын көзүнө көңүлсүз өтүүдө. Анын күндө көргөн күнү ушул.

Бир күнү түш ченде, Таабалды жалгыз коруктагы бедени, алмаларды сугарып жүрсө жанына Валя келди. Ырайымдуу бечара ага нан алып келиптир. Таабалдыны ал кара чечекей бир тууганындай эң жакшы көрчү. Ал экөө коруктун ичи толгон, иретсиз тигилген алма-өрүктүн саясына эс алышып олтурушту эле, жалгыз түп чынар теректен бир булбул миң түрлүү кубулжутуп сайрай баштаганында беркилер тыңшап калышты. Чиркин-ай, ал булбулдун да арманы барбы, аны ким билсин? Нечен түрлүү кубулжутуп сайраганы айланасындагы тукабадай кулпунган көк шиберди, шактары ийилген мөмөлүү бактарды, көлөкөдөгү эки карыпты эриксизден өзүнө тартып магдыратат да, терең түпсүз ойго бөлөп, бүткөн бойлорун балкытат.

Ал булбулдун токсон тогуз түргө салып безеленип сайраганынын кээ бир кайрууларында «Качан болсо мен барам. Мени күт, мени күт» деген маани бергендей угулуп,

кандайдыр алыс жактарда, эриксизден жүргөн кишилердин элесин ойго салат. Булбулдун терең сырдуу күүсүн угуп муңайган Валя менен Таабалды моюндарын созуп, чынар теректи караиса, көздөрүнө күндүн нуруна чагылышып, жалт-жалт этип, ысык жел тийсе делбирешет. Бирок, ошол булбулдун чынар теректин кайсы бутагына конуп олтуруп сайрап жатканын көрүүгө булар куштар болушса да, булбулдун караанын сансыз жалбырактар көрсөтпөдү. Бир оокумда булбул сайрабай калды. Анын бир нерседен жазганганын же балапандарына жем издеп учуп кеткенин беркилер билишпеди. Жүрөгү жараланган Валя күйөөсүнөн келген катты ачты.

— Мына, мен Сергейден жанараак кат алдым. Ошону сага окуп берейин деп, жууп жаткан кирди шашып жая коюп, сени көздөй чуркадым.

«Валя, сенден кат албай капа болуп жүргөн кезимде, сенин мага май айында жазган катың менин мурдагы адресим боюнча Самарага барып, андан Оренбургга келиптир. Мени тагдыр Самарадан ыргытып таштаган. Мен саясий туткундардын кайгылуу ырын угуп, алар менен кошо өксүп, жана аларды кайтарып жүрөм. Баягы эле көргөн азаптуу күн. Баса, Валя! Сен мага Егордун чеңгелине түшкөн бир кыргыз бала жөнүндө жазыпсың. Сенин катыңдагы баяндоого караганда, ал да бизге окшогон байкуш болсо керек. Сен ага каралаша жүр! Жетимчилик экөөбүздүн башыбыздан өтподүбү беле! Жакында мен көчөдө жүргөн бир катындын баласын колума алып өпсөм, ал баланын жыты ушунчалык сонун экен... Эх, чиркин ай, биз качан балалуу болуп ыракат көрөбүз?.. Бала, бала! Бала деген кандай жакшы! Сен экөөбүз күндө көрүп жүргөн, бизге тааныш асманда эки нерсе бар, алар: ай менен күн. Мен аларды көргөндө, сени көргөндөй моокум кана түшөт. Кыязы, ошо учурда сен да, көктөгү көк деңизде сүзүп жүргөн күн менен айды карап турсаң керек... Кош, Валя! Мени унутпа! Сенин Сергейиң. 25-июнь 1898-жыл».

Валя катты окуп бүтүп каткырып жиберди эле, анын жанында шылкыйып отурган Таабалды чочуп селт дей түштү Валя кубангапынан каткырбай, ичи жалындап өрттонгонүнөн эчкирип каткырган. Таабалды аны жалт караса, Валянын өңү купкуу болуп кумсарып, сенек болгон кишиче олтурган ордунда былк этпей, катып калыптыр. Ошо убакта үйү жактан «Эй, Валя!» деген Наташанын

чацырган үнү угулганда байкуш аял секирип кетти. Тызылдап чуркап бара жаткан шордуунун артынан карап турган Таабалды ичинен кейип улутунду.

## 8

Чак түш. Асманда этектей да булут жок. Күн эң ысык. Жан-жаныбарларга жан тарткандай, эбелеп соккон жел ысыктын илебине туруштук бере албайт. Жалбырактары саргарчудай кебетеленген алма, өрүк, алча жана чөптөрдү антантап коргоп калчуудай эпилдеп жүрөт. Качандыр бир жылдары салынып эскилиги жетишкен бопбоз морлорунан короолордогу мештердин созулуп чыккан түтүндөрдү бак-дарактарга зыяндары тийбесин дегендей алыс сүрөт.

Адамдын денесин куйкалаган ысыкта Валя менен Таабалды көл шал түшүп тердешип, сарайдын үстүнө талаадан тартып келишкен беделерди үйүп бүтүшөрүнө аз калды. Валя бир мүнөздүү токтоо, кичипейил, адамгерчиликтүү. Ал боорукер бечара карып Таабалды каңгып келген күндөн тартып колунан келген жакшылыгын аябай көп кайрылышты, түн ичинде жашырып аны энтеп окутуп жүргөн да ошол. Мына азыр да ал байкуш Таабалдыга өз билген акыл-насаатын айтып олтурат. Мээримдүү ак көңүл неме Таабалдынын өз энесиндей болуп калды.

Алар бедени үйүп бүтүштү да, көлөкөлөп олтурушту. Аңгыча кандайдыр бир жактан кадимки жорго боз атын минип кожоюну келип калды эле, беркилер андан ийменишип орундарынан турушту. Егордун жанында булар таанылбаган чоочун кишилер да бар. Таабалды алардын аттарын алып, сарайдын саясына байлады. Валя айттырбай самоор коюуга кирипти. Кожоюндун жанындагы: маңдайы жалпак, оң көзү тостогой, сол көзү бүтүйүп кичирээк, былчыйган семиз, кара чаар кишини көргөндө Валя аны таң кала карады. Таабалды жанына келип отун жарып жатты. Валя акырын эцкейип жерден отун алымыш болуп: «Тиги кишини карачы» деп акырын шыбырады. Таабалды андан көзүн айырбай тиктесе, жанагы кишинин кебете-кешпири бир укмуш. Чынында берки экөө мындай адамзатты өмүрүндө кезиктиришкен эмес болучу. Анан кантип таң калышпасын.

— Валя! Бул мейманга самоор кой! — деди Егор.

— Мына, коюп жатам, Егор Васильевич!

— Эй Таабалды! Аттардын басмайылын бошот. Ооздугун чыгарып, беде сал.

— Макул, атаке!

Ал киши боюн көтөрүп зыңгырайт. Үйдүн чатырчасынын үстүндө конуп олтурган көгүчкөндөр оболоп учушту эле, ал киши мойну үзүлгөнчө созуп карап турганында башындагы чоң кара көрпө тебетейи жерге түштү. Егор анын баш кийимин алып кийгизди.

— Егор төрөм, сиздин көгүчкөндөрүңүз сонун экен го. Арасында куш тосо тургандары да бар тура.

Егор Васильевич өзү да асманда канаттарын эбелектетип кайып учуп жүргөн көгүчкөндөрдү күлүмсүрөп карайт.

— Таштанбай мырза, эгер сиз кааласаңыз, бир эркек, бир ургаачысын карматып берейин, тукумдатып алыңыз,— деди Егор көөдөнүн көтөрүп мактана.

Таштанбай иретсиз, сейрек чыккан көк-ала сакалын сылап, борс-борс күлөт.

— Бали, бай аке! Менин оюмдагыны таптыңыз. Сизден суроодон оозум батпай турду эле.Мен куш тосконду өлгөндөй жакшы көрөм. Куда кааласа сиздин малды айдап атактуу Анжиянга барганыбызда бир чоң куш ала барып байбачалардын бирине тартуу кылсак, ал сыйлабай бизди кантип куру койсун.

Таштанбайдын сөзүн укканда Егор чыны менен эле ага ишенди.

— «Бекеринен кепин табылса, өлүш керек» деген кеп бар. Эй, бала, бергелчи!— деди кара чаар киши.

Таабалды анын жанына чуркап барды, Егор эми андан мурда өзүнду:

— Мына бу Таштанбай мырзага эки көгүчкөн кармап кел.

— Ой, бала! Бири эркек, бири ургаачы болсун. Мен аларды тукумдатып алып куш сүйгөндөргө сатам.

— Макул, аба, бирок, асманда учуп жүрүшөт, конгондо кармабасам...

— Карма дегенде, карма! Жем чач. Кана эмесе, үйгө кирелик, Таштанбай мырза. Менин аялым үйдө жок болсо керек. Ал атасыныкына кетти эле, келе элек го,— деп Егор алдыга түшүп чалкактап басып, мейманы экөө үйгө киришти.

Таабалды асманда учуп жүргөн көгүчкөндөрдү кантип кармап берип кутуларын билбей башы катып турду эле,

аркы-терки көгүчкөндөр зыпылдап учуп жүрүшүп, бирден-экиден сарайдын үстүнө акырын канаттарын эбелектетишип учуп келип коно баштаіпты. Таабалды көгүчкөндөргө аткананын алдына жем чачты эле, эчтеке менен иши жок, көгүчкөндөр, буудайды шашышып терип жеп жатышат. Алар жемге алаксышып, аткананын ичине кирип кетишкенде, каалганын далдаасында аңдып олтурган Таабалды бир карала, бир ала моюн көк көгүчкөндү эшикти лып жаба салып кармап алды да, алардын канаттарын жип байлап койду. Бирок, ал көгүчкөндөрдүн эркек ургаачысына ал назар салган жок. Аңгыча үйдө чай ичишип жатышкан берки эки мырза кажылдашып үйдөн чыга келишти.

— Ой, Таабалды! Көгүчкөндөрдөн кармадыңбы?

— Мына, ата, кармап койдум,— деп Таабалды көгүчкөндөрдү алып Егордун жанына чуркап барды.

Бойков анын колунан көгүчкөндү алды да, Таштанбайдын колуна чоң шаан-шөкөт менен карматты. Таштанбай көгүчкөндөрдү койнуна катып жатып Таабалдыны көзүнүн кыйыгы менен тиктейт. Анын оюнда кандай пикир бар экенин ким билсин.

— Ыракмат, төрөм. Баса, сиз бул баланы кайдан таап алгансыз?

— Э, Таштанбай мырза, бул бечара тентип жүрүптүр. Мен боорукер эмесминби. Пайдасы тиер деп багып жүрөм...

Таштанбайдын эмнеге кара күчкө күлгөнүнө Таабалды кайдан түшүнмөк эле, ал жаш немени тигиле тиктеп күңгүрөндү:

— Жүнү тирүү турбайбы. Жакшы жигит болчудай кейпи бар экен. Төрөм, сиздин көздөгөн максатыңызга мен түшүндүм.

Егор карс-карс күлдү, Таштанбай менен коштошуп жатып.

Убакыт учуп өтүүдө. Жай айлары жарышып өтүп, күркүрөп күз айлары келди. Көк шибери көйкөлгөн көгүш мейкин талаанын түсү өзгөрүлүп, саргыч тартып бараткан кез. Көктөмдө келишкен сан жеткис саякатчы келгин куштардын алды жайлата сайрандашып жүрүшкөн тоолор-токойлор, учу-кыйырына көз араң жеткен көк жайык түздөр менен коштошуп, сапар жолго чыгышкан.

Бойков арзыган Анжиян калаасына мал айдатып жөнөө үчүн алдын-ала август айынан тартып катуу даярдык

көрүп камына баштагап, он бешинчи сентябрь күнү анын алыс сапарга жол тартар болжолдуу күнүнө бир гана күн калды. Анын жүрөгү алеп-желеп болуп ээликтирет.

Таң заардан эки жүз койду тоодон Арыкбай айдап келди. Аяш атасын Таабалды беш айдан бери көрө элек эле, көрөр менен аябай сүйүндү. Арыкбай көптү көргөн эстүү киши эмеспи, аяш баласынын үйүн сагынганын билип, ага акыл-насаат айтып жооткотту.

Егор Таштанбайды ээрчитип, кабагын карыш салып койлорду, уйларды көрдү. Арыкбай ызат кылып баш ийип, амандашты эле, назар салган жок. Наташа койлорду бир пас аралады да, мурдун тумчулап чыга берди. Таштанбай «кесирлүү» аялдын жоругуна кошомат кылып, жагынып кобурады.

— Байбиче! Бул кой, уй акча, акча!

Таштанбай ал кесирлүү катынды өз ичинен өлгүдөй жек көрүп эле турат, бирок, ал куу неме шегин билгизген жок. Таабалдыга азоо койлорду карматып алып куйруктарын кармап көрүп чыкты. Егор башын калжактатып, сапсайган сакалын сылап, күрсүйүп койлорду карап турду. Таштанбай анын жанына шыйпактап барып тура калды.

— Кандай, Таштанбай мырза, Анжиянга айдап барсак бул ириктер, уйлар баа болор бекен?

— О, Егор төрөм, бул ириктерди, уйларыңды Анжияндыктар тийгизбей талап кетишет.

— Мен да ошондой деп ойлоймун. Эгер койлор арык болсо, мен бул койчунун көзүн чукуйт элем.

Арыкбайды коркунуч басты. Егор аны Анжиянга кой айдатып, кыйнайт го деп корккон. Таштанбай койлорду бүтүйгөн көзү менен бир сыйра карап турду да, анан эмнегедир өкүнө алдыңкы эрдин орсок тиши менен кесе тиштеп, башын чайкады.

— И, сиз эмне өкүндүңүз?

— Бардык иш жайында болгон экен. Бирок, төрөм, бир нерсе гана кемчил болуп турат.

— Эмне?

— Кочкор базарда баа... байбачалар кочкорду сүзүштүрүп тамаша кылат.

Егор анын сөзүн укканда ичинен кым деди.

— А-а түшүндүм. Кудай ала койсун, кочкор колдо, Таштанбай мырза. Эй, Арыкбай!

— Лаппай таксыр?

— Тоодо канча кочкор бар?

— Он.

Торонун ачуусу келип таноосу кыччылды.

— Миң койдун арасында араң эле он кочкор барбы? Калгандары кана? Уурдагансың го, жүзү кара?

— Таксыр, мен сизге кара санабайм. Калгандарын козу кезинде эле биттеп койгомун. Эркек козулардын баарын кочкор салууга болбойт. Мына ошон үчүн береги эки жүз элүү ириктүү болуп олтурасыз. Мага ишенбесеңиз, Таштанбай мырзадан сураңыз.

— Жалган айтасың, арамза ит,— деп Егор аны жаакка чуу дедире тартып жиберди эле, жазыксыз бечаранын көзүнөн от чагыла түштү. Ал кол кайырган жок. Алардан окчунураак жерде койлорду имерип турган Таабалды аяш атасын урганда ызаланды. Бирок, ал Егордон өч алалбасын билип, көзүн жашылдантып тим болду. Кожоюндун ачуусу келип, калч-калч этет. Ал тиштенип койчунун жанына келди да:

— Эгер бүгүн күүгүмгө дейре он кочкорду айдап жеткизбесең, жаныңдан үмүт кылба!— деп кекетип басып кетти.

Кордук көргөн Арыкбай атына минип, артын кылчайып карабастан тоопу көздөй бет алды.

— Эй, Таабалды! Койду жакшылап кайтарып кел. Эгер бирөөн жоготсоң, кудукка салып мойнуңдан аса байлап коём, түшүндүңбү?

Таабалды унчукпай, макул дегенсип башын ийкеди да, койлорду айдады.

— Таштанбай мырза, бул жаш болгону менен кудай ургандай чыйрак. Алдап-соолап убайын көрүп жүрөм. Ушуга Анжиянга кой айдатып барам.

— Абдан туура кылгансыз, бул бекер малай да!

Егор менен Таштанбайдын сүйлөшкөн сөзү кетип бараткарда Таабалдынын кулагына шак дей түштү. Ал: «Жок, мен үйүмө барып келем. Энемди, бир тууганларымы сагындым. Кожоюндан кечинде суранам» деп, кой жайып баратып ойлонду да, кайра анын ою өзгөрүлө түштү. «Акымды алып, Анжияндан үйгө кийим-кече ала барганым оң го» деген ой да пайда болду.

## Экинчи бөлүм

### 1

Токмоктон таң кулан өөк салганда сапар тартып чыгышты. Кара жолду бойлоп айдалып бара жаткан үч жүз элүү кой, отуз уйдун аягынан чыккан чаң буркурайт. Койлордун чуулдап маараганы, уйлардын мөөрөгөнү сары өзөн, кең Чүй талаасын жаңыртат. Малдын алдында жол баштап баратышкан мырзалар жаркылдап күлүп баратышса, берки мал айдашкан малайлардын кабактары бүркөө. Тилекенин жетимишке чыккан карыган атасы, төрт жаш баласы эч камылгасыз аялынын колунда калып олтурат. Ал келгенче карыган абышка, кызыл чиедей жаш балдар кантип оокат кылышат.

Тилекенин кайгысынан Таабалдынын кайгысы да кем эмес. Анын да карыган энеси Толкун ботодой боздоп калганына бир жылдан ашты. «Энем, бир туугандарым эмне болду» деп ал да зарлап баратат. Ырайымсыз, таш боор кишилер бирөөнүн ачкалыгына, тогуна карашмак беле? Анжиянды арзып кетип бара жатышкан эки мырзанын көздөрү көктү карап чалкалашат. Егор Бойковдун адамга кылган мамилеси жана дүйнөгө көз карашы белгилүү. Ал эми, Таштанбай бирөөн алдаса алдайт, асты өлүп баратса жан адамга алдатпайт. Ал жедеп алчы-таасын жеген, өткөндү өөнөп, кеткендин ыгын таап бир этегин кесип калган, чолок итке куюшкан таккан, ашкан митайым, жеткен куу киши. Эл ага «кызыл мурун Таштанбай» деп тегинен ат койгон эмес. Анын чайпалтып мингени жорго, колуна кондурганы көнөктөй болгон чоң кара куш, башына кийгени суусар тебетей, үзөңгүсүн чирене тээп, өзүнөн башканы киши сыңарына көрбөй, бой көтөрүп ыңгырапат.

Алар жолду бир кыйла арбытышты. Семиз койлор «бизди кайда айдатып баратышат? Өз жерибизде деле чөп көп эмес беле? Бизди үйрүбүздөн эмне үчүн ажыратышат?» дегенсип кулакты тундуруп маарашат. «Кара эчкиге жан кайгы, касапчыга мал кайгы» дегендей малайларга, койлорго, уйларга жан кайгы болуп баратса, тиги эки зулумга акча кайгы болуп баратат.

Түш оол, күн бешим болуп калган мезгилде, сапарчылар чоң өзөн суусунун боюна жете келишти. Койлор, уйлар мырзалардан алыс артта эле. Егор менен Таштанбай экөө аркырап аккан кок кашка суунун жээгине түшүп

эс алмак болушту. Күз болсо да, Чүй өрөөнүндө күн ысык. Дайыма жаз, жай, күз айларында шым киибей дамбалчан жүргөнгө Таштанбай көнгөн. Кушун жерге кондуруп, боосун дамбалынын багалегине бекем байлап койду да, өзү чоң сууга кирише баштады. Егор «мен мурда күнү эле мончого түшкөмүн» деди да, атын тушап коюп, өзү ары басып кетти. Егордун чоң кара аты түшкөн ордунан көп оолактабай, тегеренип оттоп жүрүп куштун жанына жакындаганда, куш мойнун койкондотуп чоочуй баштады. Ал улам жакындаган сайын куш чочуп, «мени да жеп жибербегей эле» дегенсип боюн оолактата баштады. Ат анын жанындагы бир түп чөптү үстүңкү эрди менен кайсап жибергенде, куш көзүн акшыйтып алды да, «чыр» этип уча бергенде, ат кошкурган бойдон жалт берип үркүп кетти. Куш ойдо көтөрүлгөндө арт жагындагы чубалжыган ак немени шамал желбирете баштаганда кушта жан калган жок. Куш Токмок тарапты көздөй сызды...

Егор «шайтан куш дамбалды алып качты» деп кыйкырганда Таштанбай чуркап келип, чапанын жылаңач этине жамынып, атына минип куштун артынан «куш качты!» деп кыйкырып чаап баратты. Куш асмандап, кой айдап келе жатышкан Таабалды менен Тилекенин үстүнөн саал кыйчалышыраак, көзгө илешпей өттү. Аркасында агарган неме булактап бараткан канаттууга берки экөө айран-таң калышты. Аңгычакты жыгылып, өлөр-тирилерин билбей чаап келе жаткан Таштанбайды көрүшкөндө да, алар эчтекеге түшүнүшкөн жок.

— Куш! Куш! Дамбал ала качты! Куугула!

— Аке, асмандагы канаттууну биз кантип кууп жетебиз.

— Оозуңа таш, жашабагыр! Тетигиндей барып конот! Чу де, чу де!

Таштанбай малдын тушуна жеткен убакта куштун караанды көрүнбөй эчак көздөн кайым болгон. Ал атын кара терге түшүрүп, бир кыйла жерге дейре кууп барды да, табалбай жедеп шайы оогондо, үмүтүн үзүп, айласыздан боздоп кайра келди.

— Кармадыңбы?— деп сурады Егор.

— Кайдан карматат,— деди үшкүрүп Таштанбай.— Кайран куш! Анжияндагы бир байбачага же бир соодагерге тартуу кылып, көп кездеме алат элем. Колдон чыгып кетти, э-э!

Таштанбайдын оңу бузулуп саруулады. Атынан түшкөнү жатып кулан кете жаздады.

— Кайран куштан айрылдым. Аны бироодон 30 кез кездемеге көтөрүп алдым эле. Эми кантем?

— Кой, Таштанбай мырза, капаланба!

— Кантип капаланбайм. Кушту чоочуткан сиздин ат. Эгер теңдикке консоңуз, кездеменин жарымын төлөп бериңиз.

Егор Васильевичтин куйкасы курушуп, селт дей түштү. Анын ачуусу мурдунун учунда эле:

— Калжыраба! Менин атым сенин кушуңа жакын барган жок. Билем мен сени. Сен митаам, кызыл мурун Таштанбайсың. Менин коюма кошуп, айдаган элүү коюңду бөлөк бөлүп айда!— деп бакылдады.

Таштанбай сестене түштү.

— Сиз ачууланбаңыз, торо. Андан көрө артык баш дамбалыңыз болсо бере туруңуз. Дамбалсыз калдым. Деги эл укпаса экен. Сиз эч кимге айта көрбөңүз?— деп жалдырады Таштанбай.

Кабарып, унчукпай турган Егор Васильевич бырс күлүп, башын чайкады да, сол колу менен бөйрөгүн таянып, кекирейип туруп миштти:

— Ушунча жылдан бери соодагер болуп жүрөсүз. Бир жылда Анжиянга мал айдап, эки-үч жолу барып жүрүп, шым сатып кийбегениңиз кандай?

Таштанбай анын сөзүн укмаксан болду да, тетири карап кетти эле, Егор ага боору эзилгиче каткырып күлдү. Таштанбай уялганына бир кызарып, бир бозорот. Ал кандай кылар айласын таппай дал болду. Тилеке менен Таабалды сууга талкан көйлөп жешип, чоң сууну тиктеп олтурушту. Таштанбай аларды караса, анын көзүнө тери шымдарын оодарып аңтарасынан кийишкен эки малай көрүнгөндө, «Ушулардан үмүттөнөм, э» деген ой пайда болду. Ал уялганынан бетин сабып, «Мага чала! Мен элге, журтка маскара болдум» деп башын муштагылап, «Мен сараңмын. Өз убалым өзүмө» деп дагы өзүн-өзү каргады.

«Какаганга муштаган, өлгөндүн үстүнө көмгөн» дегендей, түндө суу болгон көрпөчөсүн Егордун дубалынын кырына кургасын деп жайып коюп, аны жөнөөрүндө кашайып унутуп калган. Таштанбайдын жедеп аргасы түгөнгөндө өлөрманын артын жатып, Тилекенин тери шымын чечтирип кийип алып жолго түштү. Калың койлор менен бир короо уйлар Анжияндагы бычактарын жалмаңдатып-

кап касапчыларга барып мууздаларын кайдан билишсин. Ала-Тоонун бөксөсүн кыдырып жер жайнаган бойдон баратат.

Базарчылар «Сокулукту» ашып Суусамырга түшүп, андан ары далай ашууну ашып, таш басып, кырды кыдырып койлордун, уйлардын илкиген аягы менен жүрүп олтурушуп, тогуз күн өтүп, онунчу күнү түш кыйшая берген убакта, атактуу Анжиян калаасынын караанын алыстан бүлбүлдөп араң көрүнгөндө сүйүнүштү. Узак жол басып келе жаткан койлор менен уйлар ташыркагандарынан араң эле илкип басышат. Жол бою азап-тозоктун баарын шордуу эки малай тартты. Эки мырза өз кара жандарын араң алып келе жатышат. Анжияндын мал базарына бат эле жетсек дегенде эки көздөрү төрт. Алакандары кычышса «колубузга миңдеген акча түшөт» дешип колдорун өпкүлөп күдүңдөшөт. Чарчаган кой, уй жүрбөй калса эки малайды жекиришет.

Күн кечтеди. Базарчылардын Анжиянга жетишерине он чакырымдай калганда булар ал күнү шаарга жете коно алышпагандыктарына көздөрү жетти да, жеткен жерге малды түнөтүп алып, эртеси үрүң-бараңдан базарга кирүүнү ылайык табышты.

Алыстагы калдайган калаанын үстү туман баскан сыяктуу бозомук тартып көрүнсө, андан берки кумсарып жаткан түз мейкиндикте сейрек чыккан тыт жыгачтардын арасы суу көрбөгөн чөлдү эске түшүрөт. Ошо түзгө мал токтоду. «Бул жерде ууру, каракчылар, алдамчылар көп. Кичине эле көз жаздым болсо, малды колдон жулат да кетет,— деп Таштанбай күрс-күрс жөтөлдү да,— малды ууруга алдырсаңар, көргө тирүүлөй көмөм!» — деди.

Анын сөзүнө Тилекенин жаны кашая түштү да, тилин тартпай айтыша кетти.

— Тирүүлөй көмгөндөй биздин жазыгыбыз кайсы, таксыр?

— Тарт тилиңди!

— Тартпайм, биз кул эмеспиз!

— Адам эй, бул мага каяша айтат да! — Таштанбай кызаңдаганда Тилеке ого бетер күчөдү. Егор дароо жайкап, алардын айтышканын басты.

Чарчаган мал токтоор замат аяк серпишпей жуушашты. Эки мырза тамактанышты да, каш карарып жылдыз толордо уктап калышты. Тилеке менен Таабалды малды тегеренип кайтарып жүрүшөт. Ай караңгы... Сан жеткис

жылдыздар бири-бирине көз кысышкандай көгүлтүр асманда жалтылдайт. Айлана мемиреп тынчтыктын кучагында магдырайт. Чиркин убакыт аткан октой, учкан куштай сызып өтүүдө. Капа болгон Тилеке түк унчуккан жок. Таабалды анын жанына келип:

— Байке, ай качан чыгар экен?— деп сурады.

— Эй, Таабалды ай, ай жарыгын таң күтпөйт... Тетиги эки иттин дарты өтүп турат... Бирок, чатак чыгарбайын деп сабыр кылдым,— деди да, оор күрсүнүп койду.

Таабалды андап башка сөз сураган жок. Ал короонун өйдө жагын көздой басты эле, анын көзүнө элес-булас бир караан көрүнгөнсүдү. Эңкейип караса, көзүнө кимдир бирөө боортоктоп, жылып келе жаткандай көрүндү. Караанды көргөндө жаш неме аптыга түштү. Аңгычакты союл анын далысына жаза тийди. Таабалды аны таяк менен тартып жиберип, кыйкырып жиберди эле, кой дыр берип үркүп, ар жактан Тилеке чуркап келди. Тигил киши сендиректеп кайра качып бараткан. Анын артынан куушкан жок. Таабалдынын башы чала айрылыптыр, жаза чаап калса керек. Жигиттерге кожоюндары ыракмат айтышмак турсун: «уктап бараткансыңар го, кой жоголсо көрсөтөт элек» дешти. Таабалды менен Тилеке тилдерин тартышкан жок.

Күзгү асман чайттай ачык. Калаага күн мемиреп сонун тийген. Анжияндын мал базарына демейдегидей эл жык толгон эле. Егор менен Таштанбай үрөң-барандан базарга жетип үлгүрүшкөн. Касапчылар ириктерди талап жатышат. «Базардын жайын менден жакшы билген ким бар. Бизге эч кандай жалдаптардын кереги жок» деп Таштанбай далдалчыларды жанына жакын жолотпой, малды өзү жеке сатып жатат. Жалдаптар ага кекенишип, тиштерин кайрашат. Алар «ыгын таап бир кокус кылсак» деп тоорун жүрүшөт.

Базардын ичи кым-куут, чакчелекей, баш аламан. Базардын четирээк жагында Таабалды койлорду акыйып кайтарып турат. Алып сатар соодагерлер Егордун уйларын заматта эле тийгизбей талап кетишип, койлору калды. Улам кой сатылып бүткөндө Таштанбайга кекенип калышкан жалдаптар эбин таап аны ала салдырып, соодасын түшүрүп, сындырууга аракет кылышты эле, бирок ал даасып калган митаам неме аларга деле жаздырар эмес. Ага кекенишкен далдалчылар жедеп туралары түгөнгөндө төрт ууруну тукурушту. Таштанбай ашкан чөнтөкчүлөргө

да жазгыртпай койду. «Бул сагызгандан сак ит экен. Буга башка бир айла табыш керек» дешип оздорунчө маслет кыла баштапты.

Таштанбай койлорду бирин-бирге уруп жанын сабап сатып жатат. Ал экоо оз койлорунун акчасын өздорү бөлок жыйнап жатышат. Кой сатылып калганда Таштанбайдын алкы бузулду да, «оз коюм» деп буташтырып Егордун койлорунан экөөн будамайлап сатып, акчасын ала койду. Анын кара санай баштаганын Таабалды менен Тилеке билишти. Бирок, Егор Таштанбайга кантип жемин жедирсин. Сатылган койлордун эсебин толук алып турган неме, Таштанбай дагы ыгы келе түшкөндө аны эки коюн будамайламак болду эле, Егор аны чап билектен алды.

— Таштанбай мырза, арамдыктын эмне кереги бар? Сиздин элүү коюңуз эчак сатылып бүткөн. Сиз, мага мындан башка дагы эки койдун акчасын бериңиз.

Абийри жок Таштанбай бир кызарып, бир бозорот. Керсиген эрдин, тилин соймондотуп жалап, шылтоо табалбай мукактанат. Ал жанын сабап Таабалдыга жармашты.

— Ой, бала, сен калыстыгыңды айтчы,— деди каргылданган үнү менен.

Таабалды аны жал-жал тиктеп турду да:

— Аба, сиз коюңузду сатып бүткөнсүз,— деди.

Ач көз Таштанбай аны жек көрүп калды. Берки Тилекеден суроого батына алган жок.

— Егор бай, мен сизге кантип кара санайын? Береги жашабагыр жаңылып калды окшойт. Койлордун акчасын сиз зордуктап алып койгондо менин соодам жыдып, кедей болуп кетпеймин. Бирок, бирок мени тек ак жеринен күйгүзбоңүз! Мага убал!

Таштанбай таарынып Егордун калган он коюн соодалап бербей мурчуюп олтуруп алды. Бойков анын таарынычын этибарга алган жок. Калган сатыла элек койлорун ал өзү сатты. Таштанбай абдан ыза болду. Бирок ал чыдай алган жок, кайра кошомат кылып, шыйпактап Егордун жанына келип, аркы-беркини айтып жалпактай баштаганда Егор андан жанагы жашырып саткан эки койдун акчасын карыш жылдырбай, кекиртектеп туруп алып койду. Таштанбайдын күйбөгөн жери күл болду.

— Егор төрөм, сиз менен биз жакшы санашкан киши элек. Мен малдын баарын сатып бердим. Мени томсортуп куру койбой ширинкана бериңиз?

— Кандай ширинкана?! Он күндөн бери менин на-

пымды, майымды, кантымды ичип-жегениң эсиңден чыгып кеттиби, а? — деп Егор булкунуп басып кетти эле, «Ушуну алдай албадым ээ» деп Таштанбай оозун карманып өкүнөт.

Мал бүт тыптыйпыл сатылды. Мырзалардын көөнү жай. Жайнаган көп дүкөндөрдү кыдырышып, керектүү буюмдарын алып жүрүшөт. Алардын артынан ээрчип, алгандарын көтөрүп жүрүшкөн Таабалды менен Тилекенин дүкөндөрдөгү жайнап турган көп пулдарды жана бөлөк буюмдарды көрүшкөндө «атаганат теңге болсо алсак, э» дешип суктанышат.

Кожоюндар дүкөндөрдү кыдырып жүрүшүп аябай чарчашты. Артыкча Егор акактап араң эле бутун шилтөөгө дарманы келет. Түш ченде Егор чоң стакан аракты көзүн жуумп туруп тартып жиберип, ысылыгына май мантуудан он чактыны сугунганда баштагысынан кубаттанды. Кожоюну эки жалчысына бир нан сатып берди. Шордуулардын ал токоч жумурларына жук болмок беле.

Базарлап бүткөндөн кийин алар токтошкон сарайларына келишти да, алган буюмдарын куржунга, мүшөккө салышып, оозун кулпулап, чыканактарына жазданып, кериле жатып калышты. Эки сараң бири-бирин аңдышып, бир топ убактыны өткөзүштү. «Чай, нан же ашпоздон пало, манту алып келип бер! деп сурашар бекен» деп самоорчу алардын жанына улам эле келет. Экөөнүн тең эле курсактары ач, бирок, бириненбири кызганышат.

Эки бечара ичтери кабышып, чайхананын эшигин сактап «кожоюндарыбыз ырайым кылышып, бизге дале шамшум эткизер бекен» дешип эшиктен сагалайт. Алар-эмес, коюн кончторун бүт акчага толтуруп алышкан сараңдардын өздөрүнүн көздөрү эчак бозоргон. Көзүң жамандыкты көрбөсүн, мындай зыкымдарды ким көрүптүр, жок болсо го бир жөн, жандарында миңдеген акча туруп өздөрүнөн өздөрү аяганы кандай? Мындай кишилер өлүп баратса да жандарынан жарым тыйын чыгарышпасы чын.

Чайханага сейилдикке чай ичүүгө келгендерге чай ташып берип жүргөн кара сур, мурду кырдач, муруту керилип чыгып келе жаткан чарчы бойлуу жигит эки сараңдын жанынан патнуска: үч чайнек чай, беш нан, өрүк, мейиз, бир чыны алып олтургандардын бирөөнө баратса, Егор ага колун жаңдады эле, ал «азыр» деп коюп өтүп кете бергенде, куда кааласа Егор чакырды деп Таштанбай өз ичинен кымылдап сүйүнөт. Жанагы чай ташып жүргөн

элпек жигит Егордун маңдайына келип, «эмне берүүгө буюрасыз?» деп токтой калып лепилдейт.

— Чай, нан бер!— деди ал.

— Хоп болот, азиз мехман,— деди да, ал чуркаган бойдон сураганын жеткирип берүүгө ашыгат.

Таабалды чайхананын эшигинен башын кылтыйтып чыгарып карап турду эле, Егор аны сөөмөйү менен чакырды. Араң турган неме кожоюнунун жанына чуркап барды эле, аңгычакты чай ташыган жигит анын алдына чай, нан коюп кайта бурула беринде:

— Дагы эки чайнек чай, эки нан бер!— деп жаңдады Егор.

— Хоп, таксыр.

— Тилеке кайда?

— Ал тигине, Егор Васильевич.

— Аны бери чакырып кой.

— Жарайт.

Таабалды Тилекени чакырып кайта келсе, чай, нан алып келип калыптыр. Аны беркилер көрүп кубанышты. Бирок, Егор аларга ичүүгө уруксат бере элек. Бир аздан кийин кожоюн малайларына «иче бергиле» дегенсип жаңдап койду да, өзү чайдан мурун чөнтөгүнөн бир бөтөлкө аракты сууруп чыгып, чыныга аз бөксө куюп тартып жиберип, анан мурдун чүйрүп нандан жыттады. Сүрсүгөн майды алып лапылдатып сугунду. Таштанбай андан дагы эле түңүлбөй, мени чайга чакырат го деген ойдо. Егор Васильевич жайбаракат ыракаттанып, арактын калганын чыныга толтура куюп кылкылдата жутканында, бүткөн боюнан мончоктоп кара тер куюлду. Ошо жерде бир топ өзбек молдолор чай ичишип, аркы-беркини кеп салышып кажылдашып олтурушту эле, алар ал жерден тура качышты да, ар жактан орун алышып, Егорду жаман көргөндөй наалат айтып карашты. Чынында Бойков кагазга орон катып койгон бир кесим куйрукту жеген.

Егор эки жагында уй мүйүз тартып, тегерете отурушуп бир чыны менен кезектеше кыдыртып чай ичип жаткандарды бир сыйра көз жүгүртүп караса, көзүнө ургаачы аттуудан түк учураган жок.

— А, булардын аялдары барбы, Таштанбай мырза?

— Булардын аялдары мындай жерге келишкенден уялышат, анын үстүнө эрлери да уруксат бербейт.

Чайды ичип болушканда, чай, нан үчүн акча төлөөгө келгенде, Егор Васильевич өзүнүн ичкенине төлөдү да,

Таабалды менен Тилекенин жеген, ичкен нан, чайы үчүн «сиз төлөңүз» деп Таштанбайга айтты, тигинин колу калтырап, көзү алая түштү.

— Кандайча мен төлөймүн?

— Булар, сиздин да коюңузду айдап келишпеди беле?

Таштанбай «төлөбөйм» деп жанын сабап, тигини бердим, муну бердим деп жан талашты. Егор аны карыш бастырбай зордоп төлөткөндө, анын күйбөгөн жери күл болду. Чай ташыган жигитке тыйынды санап берип жатканында, анын колу калтырап, торону ичинен согуп, ичи туз куйгандай ачышты. «Элүү тыйын бекер чыгым болдум» деп ичинен сызды...

## 4

Ошол түнү Таабалды менен Тилеке сарайдагы аттарды кайтарышып таң атырышты да, эртең менен чайканага келишсе, баягы түндө чай ташып жүргөн жигит Таабалдыны, Тилекени көрүп, ач шордууларга боор ооруп, өзүнө деп жыйнаган нанын берди. Бирок, кожоюнунан батынып чай бере алган жок. Түндөтөн бери наар алышпай ичтери кабышып араң турган экөө тигил мээримдүү малайга ыраазы болуп, каткан нандын сыныктарын жеп жатышса, алардан кайырчылар алакандарын тосуп «берчи» деп телмирип сурашат. Беркилер аларга эмнесин беришсин.

Кожоюндары жайбаракат чай ичишип, чалкая тартып сыртка чыгышканда тигилер эшиктин алдынан кездеше калышты. Карды ток, кайгысы жок чоң курсактар алардын алы-жайын сурашкан жок. Егор Васильевич кардын сылайт. Эртең мененки чай маалында булар чай үчүн тыйын төлөө тууралуу чатакташышкан эмес, ар кимиси өздөрүнчө төлөшкөн.

— Түшкө чейин базарлаймын, түштөн кийин кетели,— деди Егор.

— Сиз Ташкент аркылуу кетесиз го?— деп сыртка чыгышканда сурады Таштанбай.

— Ооба. Малайларыма бир ат жетет. Бири чарчаганда, бири минип эптеп жетишер. Азыр эки атты сатам. Алуучу даяр.

Анын сөзүн укканда эки малай шалдая түштү да, бирин-бири тиктешти.

— Егор аке, бала-чакама, карыган ата-энелерге кой-

нөк-кончок ала кетемин, мага акча бериңиз? — деп сурады Тилеке.

Егор аны сүрдүү карап, бир топко унчукпай турду да, анан:

— Ме, ушуга ыраазы бол,— деп чөнтөгүнөн эки теңге сууруп сунду.

Тилеке анын зыкым колунан акчаны шып ала койду да:

— Дагы кошо түшүңүз?— деп жалдырады.

— Тарт колуңду! Ушуну бергенге ыраазы болбой, дагы сурайт,— деди тигил тиштене.

Алар баары катарлаш басып бара жатышканда, Тилеке эрдин кесе тиштеп, башын чайкап, алдыга өтө берип кайрылып токтой калды.

— Мырза, нечен жылдан бери колуңда иштедим, таман акы, маңдай теримди бербей жеп келдиң. Башкасын кечтим, бир жылдык акымды бериңиз?— деди сурданып.

— Мен, сага берип эле жүрбөдүм беле? Кой, нысап кыл,— деп Егор саал жөнгө келбей олунганда, Тилеке сөздүн ток этер жерин айтты.

— Мырза, мен эртеле өлгөн кишимин. Сиз ордуңуздан карыш жылбастан, айына эки теңгеден, он эки айлык акыма чегерип 24 сом бербейт экенсиз, азыр сизди жайлап, башыма түшкөндү көром,— деди да кончунан сууруп бычагын ага кезегенде, ордунан бир таман жылбай мүрт кетерине Егор түшүндү да, үн жок, сөз жок чөнтөгүнөн акчаны алып Тилекеге сунду да, басып кетти. Анын артынан божоңдоп бараткан Таштанбайга:

— Биз, сиздин койлорду да алыстан айдап келдик эле, өзү билип жооп айтаар десек, деле сөзгө келер эмессиз. Эки сом бериңиз,— деди.

Таштанбай аны жалт карап, бүтүйгөн көзүн кыбыңдатып бир шылтоо табууга аракеттенчүдөй болуп баратканында Тилеке:

— Жаныңдан үмүт кылсаң акыбызды бер!— деп муштумун түйдү. Таштанбай эрдин бүлкүлдөтүп, тим эле сай сөөгү какшап, амалсыздан айтканын кармата коюп, узап кеткен Егордун артынан жүгүрдү. Егор кайдадыр бир жакка ашыгып баратат.

Тилеке дароо кайра сарайды көздөй Таабалдыны ээрчитип тез келди да, атка минип жатып:

— Айланайын Таабалды, Егор зулум эми менин түбүмө жетет. Мен качып кетейин. Сен эптеп келерсиң. Эки

сомду сен ал. Мен андан мурда озунуп барып, эч кимге көрүнбөй ата-энемди алып Токмоктон башка жакка оой кетейин. Кош, өлбөсөк көрүшөрбүз дегенге гана араң үлгүрдү да, көздөн кайым болду.

Анын мындан башка эч табар айласы калган эмес. Бир аздан соң Таабалды сыртка чыкса, Егор бир полицияны ээрчитип жетип келип, качкындын жайын угуп темселеп таппай калганынан кийин ал башын мыкчып, катуу капаланды. Анын максаты Тилекени түрмөгө каматуу эле, айласы канча, үлгүрө албай аны качырып ийди. Ал жолдон «Тилеке качты, ата-энесин карма» деп аялына телеграмма берүүнү ойлонду.

— Бала, сен да менден тыйын үмүттөнүп турасың го?

— Ооба, атаке.

— Ме, элүү тыйын ал да, Таштанбай мырзанын артынан жөө кете бер. Токмокко барганда мен сени жыргатам.

— Атаке, элүү тыйын мага эмне болот? Аттарды болсо го сатып ийдиңиз... Мен алыста калган Токмокко кантип жетем,— деп Таабалды жалдырады.

— Силерге жакшылык жарашпайт. Эмне болсоң, ошо бол. Ме, дагы элүү тыйын ал. Эгер буга ыраазы болбосоң, акыңды жеткен жериңден аларсың,— деди каарланып Егор.

Ал зулум кеткени камына баштады. Таабалды жанын аябай акысын доолай баштады.

— Акымды бериңиз?

— Кандай акы? Киерге кийим, ичерге аш таппай тентип келгениңде баккамын. Полицияга айтып түрмөгө каматам.

— Кайсы күнөөм үчүн?

— Бас жаагыңды, иттин уулу!

Таштанбай туурадан чыга калып Егорго болуша кетти.

— Тилеке колго түшөт, ал качып кайда бармак эле. Сен ошо бир сомго ыраазы бол да, ал!

Таабалды оор улутунду да, аларды акырая тиктеп туруп:

— Ушунчалык көп койдун акчасына көзү тойбогон ушул эле алсын. Мен элүү тыйынга ыраазымын,— деди.

Анын сөзү Егорго тим эле бычактай тийди. Таабалды ал ырайымсызга катуу айтып, сындырганына ал сараң кайдан түшүнсүн.

— Мен, сени кайра Токмокко алып кетпейм. Сен, Анжияндын көчөсүндө, ач-жылаңач тентип өл!

— Ай, кара тумшук бала! Бирөөнүн элинде, бөлөк жерде тентийсиң... Үйүңө жетпей ач бел, куу жолдо өлөсүң. Егор атаңдын аягына жыгылып ыйлап, кечирим сура?— деп Таштанбай аны кыстады эле, Таабалды көгөрүп такыр болбой койду.

— Өлөт... өлөсүң,— деди Егор акырандап.

— Ай бала да! Бала, бала!— деп анткорлонуп күлдү Таштанбай.

— Мейли, мындайларга убал жок, өлсүн!

— Жок, төрө, мен өлбөймүн, күн көрөм!— деди, Таабалды кайраттана. Егор селт дей түштү да, анан артын кылчайып карабастан көчөнүн берки өйүзүнөн нары жагына чыкты. Таабалды анын артынан ээрчип бара жатып, ага катарлаша түшкөнүндө:

— Как баш, сен ушул үчүн элге жек көрүнчүсүң. Мен качан болсо сенден кегимди, өчүмдү албай койбойм!

Кожоюндары көчөнүн наркы өйүзү менен төмөн карай кетип бара жатышып, сөөмөйү менен аны көрсөтүп, мазактап бара жатышканын көрүп Таабалды: «Силер шашпагыла» деп, муштумун кезеп, «булар адам эмес, жырткыч айбандар» деген ойго келди.

Карыш ажырашкандар кайра көрүшмөк кыйын. Эми бул үйүнө кантип жетет?

## Үчүнчү бөлүм

### 1

Кеч күз, боз кыроо... Бак-дарактын, жүзүмдөрдүн кок жашыл жалбырактары саргарганы аз келгенсип, анын үстүнө, күзгү желге туруштук бере албай жалбырактары күбүлүп түшө баштаганда, ар кыл жыгачтар шопоюп жылаңач калыптыр. Жыгачтын көркү жалбырак, адамдын көркү чүпүрөк эмеспи. Калаа сулуу көркүнөн ажыраган. Коңур салкын желдин ордуна, күн чубап өткөн сайын эртели-кеч чыкыроон болуп, муздак жел өкүм сүрөт. Бул кыш түшөрүнө жакын калган белги.

Таабалды кеталбай шаарда сандалып калды. Анжиянга адеп келгенде токтошкон Кербен сарайды паапалап жүрөт. Ага боор ооруп, ар кимден артып калган нандын

сынығын, күкүмүн берип, жашырып багып жүргөн, элге чай ташып берип жүрчү Алимжан деген кедей жигит. Кербен сарайдын ээси, анын антип жүргөнүн сезип калып: «Мунун зыяны тиет» деп Таабалдыны жолотпой кууду. Ал жанын асыроонун айынан Анжиян элинин түтүнүн түро кыдырды. Керели-кечке сандалып тилемчилик кылып, сурап алган нанына анын карды чала тоёт...

Ар кайсы чайханачыларга суу керек болгондо кудуктан жыйырма-отуз чака суу тартып жеткирип бергенине араң жарым токоч алат. Ал керели-кечке бир сындырым нан үчүн тызылдап чайканадан-чайканаңы, үйдөн-үйдү кыдырып жүрөт да, түн киргенде көрүнгөн чайкананы паанalап түнөйт.

Таабалдыны мындай оор, кайгылуу турмуш могдотту. Анын кийими жыртык. Кылычын алып кыйкырып, кыш келатат. Ызгардуу суукта калчылдап, көчөдө жүргөн ага боор ооруп, үйүнө ким киргизет?

Жеке эле ал эмес, шаарда кайырчылар жана думана болуп, ак уруп жүргөндөр андан көп. Калааны кайырчылар чегирткедей каптайт. Ушундай жакырчылыкка дуушар болгон элден Таабалдыга эмне өнөт? Иштейин десе жумуш чыкпайт. Кандай оокат кыларын билбей, анын башы маң. Эптеп элиме кетсем дегенде анын эки көзү төрт. Бирок, кантип жетет?

Жан багуунун айынан анын кылбаган бир гана иши калды го. Ал уурулук. Абийири бар неме андай жаман ишке кантип барат? «Оокатым өтпөсө мейли, апткенден коро, ачкадан өлгөнүм өйдө» деген ойдо. Байлардын балдары шайы чапан, намеркен маасы кийип чатырап жүрүшсө, кара таман батрактын балдары жазга маалкы түлөгөн тайлактай самтырап жүрүшөт.

Мына ошентип Таабалды чоочун элде, бөлөк жерде, туулуп-өскөн жеринен, энесинен жана бир туугандарынан ажырап, тентип сандалууда! Өмүр жолу караңгы экенине көзү жеткен жаш муун өмүр сүрүүгө кайрат кылып, бел байлады. Чымчык да, чымын-чиркей да өлгөнчө кыбырап өз тиричилигин кылары белгилүү эмеспи. Анан Таабалды кантип жаш өмүрүнөн үмүт үзсүн?

Ал Анжиянга келип жанын багуунун аракетине киришкен кезде боз кыроо жаңы түштү эле. Убакыт кылчайып, бирөөнү кайдан күтсүн, аткан октой, аккан суудай, билинбей кайып өтө берди, мына эми, салам берип жылмайып ноябрь да жылууда. Таабалдынын баш калкалап,

жанбагар жайы дарексиз. Кечкирген жерге түнөп, таң заарынап туруп, кочодон-көчө кыдырып жумуш издеп чаалыгат.

Ал дайыма таң аткандан келип, бир ашкананын отун жагып жылынып, анын суусун ташып берет. Андан жалдырап жатып, бирдеме шам-шум этимиш болот. Ал өткөн түнү бузулган, үстү ачык жаман там үйдүн ичине түнөгөн. Ал ушүп, чыдабай бир ашкананы көздөп келсе, тамактары бышкан экен. Эл да опурап-топурап келип: манту, пало, лагман жана башка тамактарды алып жей башташты. Таабалды бошогон идиш-аяктарды жыйнап ашпозчуларга берип, ар ким жебей таштап кеткендерин жыйнап жеп жүрөт. Кай бир ырайымдуулар өзүнөн артканын ага боор ооруп чакырып берсе, кээ бир ырайымсыз таш боорлор «бу тентиген неме мында эмне кылып жүрөт?» дешкенин укканда анын шагы сынат. Жаны ачыйт... жаш да болсо кайрат кылат.

Ошол күнү эртең менен ашканага: шыңга бойлуу, чап жаак, көзү бакырайган сакалдуу сары киши келди да, манту алып, өзөрүп калган немедей лакылдатып сугуна баштады. Ал киши чоң мантуну лап эттирип сугунуп жиберди да, кайра экинчисине кам урат. Идиш жыйнап жүргөн Таабалды ал кишини таңыркай тиктеп турду эле, берки киши аны сөөмөйүн былкылдатып чакырган өңдөндү.

— Сен эмне мени анча карайсың?— деп ал андан орусча сурады.

Таабалды анын суроосуна орусча жооп берсе, тиги киши калган бир мантусун аны көздөй жылдырды, Таабалды бош табактарды жыйнап ашпозчуга жеткизип берип жүрсө, баягы киши аны кайра чакырды.

— Сен өзбектин баласысыңбы?

— Жок, мен кыргызмын.

— А, кыргызсыңбы? А, орусча тилди кантип үйрөнүп алгансың?

— Орусta малай жүргөмүн.

— Ах, шайтан, ошондой де! Ал кожоюнуң кайда? Андан эмне үчүн кетип, мында куурап идиш ташып жүрөсүң?

Таабалды анын суроосуна дароо жооп бербей мукактанып, өзүнчө бир пас ойлоно калганда, берки киши аны «качып жүргөн го» деген ойго кетти.

— Сен эмне унчукпай калдың?

Үн жок, сөз жок мелтиреп турган Таабалды маңдайындагы кебетеси кызык кишини тигиле карап акырын сүйлөдү:

— Мурдагы кожоюнум Токмок деген шаардан Анжиянга сатканы мал айдап келди эле, кетеринде мен андан адашып калдым. Балким анын мени таштап кеткиси келгендир, анысын билбейм.

Таабалды ал биринчи жолу көргөн чоочун кишиге Бойков акысын бербей, кордоп таштап кеткенин айткысы келген жок. Ал киши аны аягандай кейиптенди. Бирок, анын кандай ой менен чегип сурап жатканын берки жаш неме кайдан билсин. Киши колун ушалап, ээгиндеги эки ача сары сакалын сылап, тегерегинде тамак жеп жаткан кишилерди алдыртан бир сыйра карады да, акырын Таабалдынын кулагына бүлкүлдөдү:

— Эгер мен сени ээрчитсем барар белең?..— Кишинин сол жаагында буурчуктай болгон меңи бар экен.

Бир жерге баш калкалай албай жүргөн Таабалды:

— Барам, аба. Мен жумуштан коркпойм!— деди.

«О, бали! Азамат экенсиң!» Киши ордунан туруп тез Таабалдыны далыга каккылап, эркелете кетти.

— Сенин эмгек акың, иштер ишиң тууралу үйүмө барганда жай сүйлөшөлүк.

— Жакшы болот, абаке,— деп сүйүндү Таабалды.

— Ашкананы таштап, мени ээрчип бас, мен сени жыргатам!

Ашканадан чыгып баратканда, ал артын кылчайып Таабалдыга «Менин артыман ээрчип келе бер» деди да, өзү артынан бирөө такымдап кууп келе жаткандай шашып баратып, кээде куркуйган мойнун буруп, «келатабы» дегенсип карап коюп, текилдей берди. Таабалды ага мүчүлүштөп жетпей араң бара жатат. Ал адамдан чыккан илгерки жөө күлүккө окшогон неме болсо керек, таманы жерге бирде тийсе, бирде тийбей таскактайт. Бул жаңы кожоюн болуучу киши жолдо бара жатканда Таабалдыга бир ооз бирдеме дебестен чаңы буркураган ийри-буйру көчөлөрдүн биринен-бирине түшүп, калаанын эң чет жагын көздөй бет алды. Таабалды ээрчип баратып «Бул киши кара мүртөз, кырс немеби» деген ойдо болду.

Жолдо бара жатканда анын бет маңдайынан же туурасынан паранжи жамынган жалгыз-жарым аялдар кездеше калса, аларды омуроосу менен жөөлөп кетип, же бетин далдаалап алган торун ачып көрүп, ыржактап күлүп

тийише кетет. Кокус аялдардын жанында эркектер барат-са, колун бооруна алып салам берет. Ага таң кала Таабалды анын үйүнө барды.

Чудаков өмүр бою чочко сатып жүрүп байыган адам. Ал болок кесипти өлгөндөй жек көрөт. Чудаков ала жаздан тартып, он чакты тубар мегилжинди тукумдатып, алуучу да, күз башынан тартып, торопойлорду семиртип, алардын арасынан тандап союп, касапчылык кылат. Турмуштун кыстоосуна түшкөн далай жардылар оокаттын айынан жайдыр-кыштыр анын чочколорун багып кууращкан. Чудаковдун төлөгөнү алардын кийген-ичкенине жетпеген соң, чыдашпай анын чочколорун бакпай качып кетишкен. Ал далайды «мен сени жыргатам» деп далыга чаап, алдап эзген. Анын сырын билген орус кембагалдар андан зыркырап жаа бою качышчу. Өзбек кедейлери болсо го чочкону коргөндө аны кайтармак турсун, төбө чачтары тик туруп, жаа бою качары белгилүү го.

Чудаковдун балдары жок, куу баш киши. Анын мүнөзү өтө кызык. Бир туруп ким болсо да жалынып-жалбарып калса, бир туруп кайра каарланып калат. Адамгерчиликтүү сонун киши сыяктуу ниеттенип келет да, кайра эле каардуу кара өзгөйлүгүн көрсөтөт.

Таабалды Чудаковдун чочкосун бакканына үч айдай болду. Адеп келгенде бир эски көйнөк, бир шым берген. Андан башка акысына сокур тыйын төлөй элек. Башында убадалашканда малайга ай сайын үч сомдон төлөмөккө убада берген. Таабалды андан үч тыйын да ала элек. «Өзү билип бир күнү берер» деп жүрсө да, кожоюндун деле берейин деген кебетеси жок. Анысы аз келгенсип, барган сайын күндөн-күнгө жок шылтоо таап урушчу болду. Баарыдан мына ушул кордугу Таабалдынын жанына батып кетти. Анын кейпи бузулганын Таабалды сезди да, андан акысын доолай баштады.

Кытмыр, куу касапчы Таабалдыны дале сүйрөй турган кыялы бар. Чудаков жалдаган кишилеринин акчасын бербей алдаарында ар кандай айла таап, түлкүдөй мант бере баштачу эле. Куу каптал, шум чал Таабаладыга да ошо ит адатын карматчудай сыяктанды. Таабалдынын асты-үстүнө түшүп, өпкөсүн чаап жалынып-жалбарат. «Мен өлгөндөн соң дүнүйөмдү ээлеп калар артымда бала жок. Байбичем экөөбүз карыдык, жакшы болсоң баары сеники, биз сенден акча аямак белек. Бирок, акыңды алсаң куру-бекер жоготосуң, кийинирээк алгының?»

Сылап-сыйпап жооткоткону менен анын ичи жоо. Таабалды андан ыгын таап, акысын кандайча аларын билбей жүрөт. Ал чочкосун бакпай басып кетсе, маянети бекер талаага кетери ачык. Күндүр-түндүр чочколорду баккан эмгегинин убайын көрбөй калса кыйын да! Жетимдин эмгегин көрүнгөн жей берсе, ал элинин жүзүн кантип көрөт? Бирок, мусапыр андан азырынча түңүлө элек.

Малай бир күнү Чудаковдон эң акыркы жолу акысын сурады эле, ал каадасынча «эртең, бүрсүгүнү» деп саамыктатты. Таабалды анын ана-мына дегенине болбой көшөрүп туруп алганында Чудаков өзүнчө кейип, Таабалдыны карап кара күчкө жылмайымыш болуп, үч сомду анын алаканына салды.

— Мен сенин акыңды жебейм дебедим беле?— Тихон Тихонович Чудаков төрт сом эмес, үч сомду Таабалдыга бергенинде колу калтырап, ичи оорунуп жатып араңдап-зорго амалсыздан гана аны кетирбөө үчүн берген эле. Катыны экөө бул акчаны эбин таап кайра уурдап алмакчы болушту да, күндүр-түндүр ал акчаны кайсы жерине катып жүргөнүн биле алышпай кыйналышты. Алар Таабалдыны барар жери, батар тоосу жок, каңгып жүргөн селсаяк кайда кетмек эле деп ойлошкон. Чудаков журт куруткан митаам, адамгерчиликсиз, абийирсиз, нысап дегенден түк жок экенин билген соң, эсептешкенинен кийин бат эле Таабалды андан качууга аргасыз болду. Чудаков далайды ак жеринен күйгүзүп жала жаап сыздаткан болчу. Ал кылыгын Таабалдыга да көрсөтмөк болгон эле, бирок үлгүрө албай, оозун карманып, арманда калганына башын муштап боздоду.

## 2

Ак кар, көк муз, ызгаардуу суук... Көп жашаган карылар: «Анжиянга кар мындай калың түшкөн эмес» дешет. Катуу суукка туруштук бере алышпай тоoктор тоңуп, эшектер кырылды. Бир боо чөптүн наркы асманга чыкты. Куркулдашкан кузгундар менен жылмаңдаган ала каргалардын күнү тууп, тарпка марып, кудай аларга күтпөгөн жерден берип салды. Калаалыктар жандарын үрөшүп, үйларын, жылкыларын эптеп багып жүрүшөт. Малы жоктордун жандары тынч...

Мына ушундай кыйын кезеңде Чудаковдон кеткен соң, Таабалды жумуш таба албай бир жумадан бери көчөдо

канғып жүрөт. Ар кайсы байлардын дүкөндөрүнүн карын көрөп берсе, алар ак коңүлдөрү кармаганда беш тыйын беришет. Андан көбүрөөк сураса: «Ушуну бергенге ыраазы болбой, муну көрсөң» деп кубалашат. Селсаяк аргасыз, алардын айтканындай кылып, өздөрү билип бергенин албаска чарасы канча! Күнүгө эрте келип, алты дүкөндүн алдын таза шыпырып коёт. Бирок, ал Чудаковдун чочкосун кууран багып жүрүп алганына караганда, бул жерден көбүрөөк таап алчу болду. Кээ бир күнү отуз, кырк тыйынга чейин табылга таап алганында ал абдан сүйүнөт. Оомалуу-төкмөлүү, илме кайып иш да! Кай бир күндөрү Таабалдынын колуна сокур тыйын түшпөй, томсоруп калган убактары да болот. Андай учурларда ал шылкыйып: «үйүмө жетерлик жол каражатты кантип табам?» деп жылдызы жерге түшүп капаланат.

Таабалды чайканага жатып жүрдү. Жаткырганы үчүн, чайханачы күндө ага суу таштып алат. Көңүлсүз күндөр зуулдап өтүүдө... Кайгылуу селсаяктын көргөн күнү ушундай...

Канғып жүрүп, Таабалды кокусунан Абдулла дегенге туш келди. Абдулла: пияз, сабиз, күрүч, өрүк, мейиз сатуучу киши. Анын аялы болсо уюн саап, айран уютуп сатып, андан түшкөн акчаны эринин тапканына кошпой өзүнчө бөлөк жыйнайт. Алардын айран саттырып, үйүн шыпыртып, уюн бактырып, отун-суусун алып жүргөн он жети жашар жалчы баласы бар эле. «Акымды аз бересиң» деп абдан пааразы болуп, кыштактагы жесир энесине кетип калган. Ал кеткенден кийин Абдулла катыны экөө муңкүрөп калышкан. Мына алардын таалайына жараша Таабалды кездешти.

Абдулла мурдагы балага айына беш сом төлөөчү. Ал Таабалды менен сүйлөшкөндө, көпкө чейин талашып жатып, акыры ага айына бир сом элүү тыйын төлөмөккө араңдан-зорго кыйылып жатып макул болгон. Таабалды анын аялы Инохандын айткандарынын баарын убагында бүтүрүп берет. Таабалдынын кызматы жана өзүнүн жүрүш-турушу Абдуллага жана аялы Иноханга абдан жакты. Абдулла катыны экөө акылдашып олтурушуп Таабалдыга самса бышырып саткыза баштады. Күндө таң заардан туруп айран сатып келип, андан кийин үй жумуштарын иштеп бүтөр замат, самсасын алып базарды көздөй жүгүрөт. Жалгыз гана түн ичинде гана китеп окууга толук мүмкүндүк болот. Акысын ага убада боюнча кечиктирбей,

өз убактысында берип турушат. Ал эми таң агаргандан тартып, кеч караргангa чейин Таабалдынын бир пас жаны жай алмак кайдан...

Бара-бара Абдулла жалчынын күчүнөн дагы көбүрөөк пайдаланууну ойлонду. Өзүнүн дүкөнүнө катарлаш үч дүкөнгө күн алыстан түнкүсүн күзөтчү болуп иштөөгө буюрду. Дүкөнчүлөрү менен (беркиге билгизбей) макулдашты. Таабалдынын күзөтчү болгон акысына ал дүкөнчүлөрдөн айына алты сомдон кагып алчу болду. Таабалдынын алаканына алты тыйын түшүрбөйт. Анын бул жоругун бир топко дейре Таабалды билбей жүрдү эле, бир күнү кокусунан аны менен кезектешип, дүкөн кайтарган эмс: «сен кожоюнуңдан бир сом элүү тыйын алат экенсиң жана күзөтчү болгондугуң үчүн дагы кошуп алты теңге аласың» дегенде гана билди.

— Эмне үчүн адамды алдайт? Мени баары алдашты. Мендейлерди алдаша беребп? Мага окшогон тентиген бечараны алдагандан уялышса боло? Мурда Егорду, Чудаковду гана алдамчы, жаман кишилер экен деген ойдо жүргөн болучу. Сүткор Абдулла аны митаамдык кылып алдаган соң, байлар, соодагерлер көрүнгөндү ар кандай жол менен алдап байышат экен го деген ойго кетти Таабалды.

Адамдан адамдын көңүлү үч көчкөн журттай калса, аны менен бирге жашоо кыйын го. Абдулланын бир тыйынына Таабалды карасанаган эмес эле, эми анын кылган кылыгы бул болгон соң, андай арамза кишинин колунда жашаганда, андан мусапыр кандай жакшылык көрөт? Ак ниети менен адал иштеп жүргөн Таабалды андан да үмүтүн үзүп, «кетем» деп Абдулладан уруксат сурады. Дүйнөкөр кишилер бекеринен кеппн табылса өлүп берүүдөн да кайра тартпайт эмеспи. Катыны Инохан экөө аны колдорунан кантип чыгарышсын. «Кетпе, биз сени жыргатабыз. Акыңа мындан ары айына бир сом жетимиш тыйын ал» деп ага акидей асылып, уйгактай жабышышты. Булар бекер күчкө кызыгышат да!

Абдулла канчалык Таабалдыны алдап-соолаcа да, андан көңүлү калган неме таптакыр көпөрүп болбой койду. Жалчынын акыркы айынын акысын митаам байкабай төлөп койгонуна өкүндү. Ал шумдун жалпак тилине ишенип Таабалды дагы аз күн жүрсө, аны колунан түбөлүккө чыккыс кылмак. Айлакер кашекчи Абдулла жалчысын колунан чыгарбоого жанын өлгөндөй сабап аракет кылды, бирок ал митаамдан жедеп көңүлү калган Таабалды

таштакыр көшөрүн болбой койгон соң, айлакер куу кашекчи: «Сенин бир жумалык акыңды мурда төлөгөмүн, күнүң бүтмөйүнчө коё бербейм» деп, чатак чыгара баштады. Таабалды «Сиз менин акымды жедиңиз» десе, сүткор дароо маселени кабыргасынан коюп: «Сени ыймамдын алдына сүйрөп барып, жонуңдан жүз балак алдырам» деп ого бетер оолукту. Таабалдыга кордук көрсөтөрү бышык. Ыймамдар анын колунда.

Мына азап! Арaң оокат кылып жүргөн шордуу байкуш, акидей асылган бул желмогуздан канткенде кутулат? Мындай учурда шылтоо таап кутулуу да кыйын. Абдулла аны үйүнө камап алып баятан бери кыйноодо.

— Абдулла аке, сиз мени ыймамдын алдына айдап барып, жүз балак алдырсаңыз, анда ыймамга мен да сиздин шарпятты көңүлгө илбей күнөкөр болгонуңузду айтам,— деди Таабалды андан ийменбей. Абдулла селт дей түшүп, таноосун былкылдатып, көзүн чакырандатты да, өзүнчө күңгүрөнүп туруп, анан:

— Эй, кысталак, сен билген менин кандай айыбым бар эле,—деди Таабалдыны жутуп жиберчүдөй тиктеп. Жаны кашайып араң турган Таабалды андан кайдан жазгансын.

— Анда, сиздин Лейлихонду мага чакыртып алып аны азгырып койгонуңузду мен аялыңызга, ыймамдарга жана баарына жаям!

Алар оозгу үйдө кажылдашып жатышты. Абдулла ордунан бүргөдөй секирип туруп эшикти жаба койду да, кайта Таабалдынын жанына келип, чөнтөгүнөн бир теңгени алып ага сунуп жатып:

— Мен сага тийбейин, сен мага ыраазы бол да кете бер,— деп амалсыздан кетүүгө уруксат берип жатканында, аялы эшиктен үйгө шып кирип келди. Таабалдыны аялына айтып жибербегей эле дегенсип, анын жаны чыйкылдап шаштысы кете баштады. Аялы Таабалдыга «кетпе» деп айтайын деп оозун эптеп келе жатканында, Абдулла анын сөзүнө аралжы боло калды, Таабалдыны эшикке ээрчитип чыгып дагы жыйырма тыйын берип жатып:

— Укем, жанагы сөздү эч кимге айтуучу болбо!— деп сурапды да, өзү артын кылчайып карабастан өңү бузулуп, үйүнө кирди.

Айлакеч митаам Абдулла коңшулаш соодагердин Лейлихон деген ашкан сулуу аялына Таабалды аркылуу кат

алдагандык. Бул адилет уста өз кол күчү, акылы менен кара жанын карч уруп, кызыл чиедей беш баласын багат. Мына так ушундай боорукер, ырайымдуу кишиге Таабалды туш келгенден бери карай анын жаны жай алган. Эли-журтунан ажырап, азып-тозуп жүргөн мусапыр карыпка Тажыбай акеси айына төрт теңгеден нактай санап берет. Анын көөрүк баскан акысына андан арбыныраак берүүгө ал кембагалдын чамасы кайдан жетсин.

Май айынын узун күндөрү чубап өтүүдө. Таабалдынын басканы баягы эле көөрүк, колунда балка, күндүн ысыгы куйкалаганы аз келгенсип, көөрүк үйлөп тутандырган кызыл чоктун илеби өгө бетер кошул-ташыл болгондо, денеден тер мончоктоп агат. Устаканадагы уста менен анын шакиртинин көрүнүшү күндө ушундай.

Бир күнү Тажыбай кайдадыр бир жакка жумуштан барып, кайра келгенинде кабагын карыш салып, кайгырып келди. Анын жылдызы жерге түшүп, сабыры суз. Ал муңайып балкасын колго алып, дөшүсүн таянат. Устанын эмнеге капаланганын Таабалды билелек. Ал андан суроодон да ыйба кылды. Бирок, анын жүрөгүн өйкөгөн кайгысын билүүгө дилгир. Карт уста жоодураган көзү менен көөрүк басып жаткан Таабалдыны күңгүрөнүп карап коюп, андан сурады.

— Э, Таабалды укем, сен Токтогул дегенди билчү белең?

Анын суроосуна Таабалды дароо жооп кайтарган жок да, кичине унчукпай туруп, Тажыбайга кичипейилдик менен акырын: «жогуңуз» деди. Уста каңырыгын түтөтүп, улутунуп алды да, термелип терең ойго түштү... Тамылжыган кызыл өңү кубарды эле, эстүү киши эмеспи, анысын өзү сезе койду да, сыр билгизбей Таабалдыдан сураган адам жөнүндө кеп сала баштады.

— Таабалды укем! Албетте, мен сенден сураган кишинин жайын билелектигиң чын. Тоо арасындагы Кетмен-Төбө деген жерди жердеген элде, кыргыз менен казакка, а түгүл өзбек менен тажикке атагы чыгып, белгилүү болгон Токтогул деген ырчы бар. Токтогул ырдаганда, тыңшагандардын бою балкып, моокуму канып, жарпы жазылат. Ал асылдын ырлары адамга акыл. Токтогулдун жылаажындай назик, шаңкылдаган үнүн кимдер жактырбаган. Бей-бечаралар зулумдардын таманынын алдында

эриксизден эзилип жүргөнүн комузу менен ырдаганда, шолоктоп далай ыйлаганбыз...

Тажыбай унчукпай маңдай терин аарчып, көмүрдү кычкачы менен аралаштырды да, мурдагы сөзүнүн аягын улады. Таабалды анын узун сабактуу кызык кебин тыңшап, эки колу менен тынымсыз көөрүк басууда.

— Ал адамдан чыккан асыл булбул, журттун таламын талашчу эле. Баса бер көөрүктү, уулум. Ошол таңдайынан чаң чыккан, жазы маңдай, жалпак тил, нагыз чыныгы ырчы, кедейлердин мүдөөсүн жактап, бай-манаптарга каяша айтса, зулумдар аны ак падышанын төрөлөрүнө ак жеринен шиберге айдатышыптыр,— деп Тажыбай жоолугун алып көз жашын сүрттү.— Кайран асылым ай! Ал экөөбүз шилекей алышкан «акыреттик» дос элек... Анжиянга келген сайын анын ырын угуп жыргап, көксөөм сууп, жарным жазылчу эле. Залимдер калктын too булбулун да жөн койгон эмес экен! Ал асылым азаптан кутулуп, кайра кайрылып калкын көрөр бекен?.. Ай ким билет... Буту, колуна кишен салып айдашыптыр...

Армандуу устанын жаагынан ылдый көз жашы мончоктоп чубурду. Аны көргөндө токтоно албай муңдуу Таабалды да шолоктоду.

— О, азабы күчтүү замана! Бу кандай кайгылуу доор. Ак падыша бөлөк падышалар менен урушат дешет экен. Айтор, ким билет, кандай экенине көз жетпейт. Алык-салык салып жатып падыша элди жакыр кылып бүттү, эми калктын аягына чыгып жаны тынбагай эле,— деп күрсүнүп, Тажыбай узана баштады. Балка темирге тийгенде анын ширеси жылтылдап туш-тушка чачырагандай, Токтогул жөнүндөгү кайгылуу суук кабар көптөн бери элден элге кыдырып, too желиндей тараган.

«Эл сагынбас эр болбойт, жер сагынбас ат болбойт» деген эмеспи. Таабалды туулуп-өскөн жерин, ак эмчегин аймалап эмген энесин, кара чечекей бир туугандарын сагынып, куса болгонун сураба! Канаттуу куштай кайып учуп, кетсем дегенде анын эки көзү төрт. Колунда жоктун жону катуу да. Ал туулуп-өскөн жер көз жеткис алыста. Түштүктөн түндүккө адам жөө басып жетмек турсун, саякат кылып учкан канаттуулар да оңойлук менен жете алышпас. Үйүнө кетүү жөнүндө Таабалды таңдыкеч ойлоно берип, санаа чегип, саргарып да бүттү. Тажы-

байдын колуна келгенден бери андан акысына алган акчасынан ичкен-жеген тамагынан арттырып эптеп он теңге чогултуп алган эле. Ал акыры кандай гана болсо да жылуучулукта кетүүгө бел байлады.

Бир күнү алар дүкөндө узанып жатышкан кезде, ал Тажыбайга кетиши тууралу чын сырын айтууга аргасыз болду.

— Тажыбай аке, сиз уруксат берсеңиз мен ушундай жылуучулукта эртерээк элиме кайтсам дедим эле.

Анын оюн уккан соң, Тажыбай балкасы менен дөшүнү таянып унчукпай мелтирей түштү. Көөрүк басып отурган Таабалды аны эмне дээр экен дегендей жал-жал тиктейт. Унчукпай турган устанын өңү кумсарып, сакал-мурутту сербейип, кабагы бүркөлө түштү да, анан улутунуп күңгүрөндү:

— Элиме кетем дегениңдин жөнү бар, уулум. Бирок, алыстагы жериңе кантип жетер экенсиң?

— Эптем жетем да.

— Ии, де!

Таабалды унчукпады. Уста түпсүз терең ойго чөмүлүп кеткен. Ырайымдуу кишинин дал ошол учурда кейпи башкача көрүндү. Ал же «бар» же «жок» деп жооп кайтарбай кабагын карыш салып түнөрөт. Анын мындай түрүн байкаганда карыптын оюу бөлөккө кетип, санаа чекти. Тажыбай өзүнчө күңгүрөнүп койду да, анан тиги көөрүк басып жаткан Таабалдыны аягандай, жалоорүй тиктеп:

— Ысык-Көл алыс. Кайда, жердин түбү. Жеткенинче далай азап тартасың го.— Ал чала түптөп койгон ак калай чаканы имере карап жатып:

— Атаңдын көрү ай! Жаш кезимде оокаттын айынан мен да Пишпекке дейре темтеңдеп баргамын. Кана, чырагым, кай жак менен кетсем деген оюң бар?

— Тоо таянып, эл аралап кетсем кантет, Тажыбай аке?

Тажыбай желкесин кашып, насбайынан тартты:

— Албетте, ошенткениң дурус болор эле, бирок көрбөгөн жол, таанымбаган чоочун эл. Анын үстүнө кутурган каракчылар көп дешет. Ач карышкырлар да кездешер. Алда эмне болор экенсиң? — деди башы маң болгон Тажыбай.

Көптү көргөн карт уста жол сураган Таабалдыга акыл таап, кеңеш бере албай санаасы саңга болунүүдө. Ал узанып жатып, өз ичинен ойлонду. «Ушул жолго түшүп

кет» деп айтайын деген жолунун баары эле анын көзүнө коркунучтуу көрүнөт. Ал жалгыз ач бел, куу жолдо бара жатканда кырчындай жаш бечараны бир таш боор каңкор өлтүрүп кетсе, убалы кимге? Мына ушул санаа баятан бери Тажыбайдын жүрөгүн өйкөдү.

— Балам, сен менин көрүгүмдү басып, балкамды чаптың. Кагылайын чырагым, сен да бир зарлап жүргөн байкуш экенсиң. Сен мени кара тутуп келгенден бери жаманчылыгыңды көрбөдүм, ак пейилиң менен мага кол кабыш кылдың. Колуман келгенимче сенден аянбай өнөрүмдү үйрөттүм. Мендей карт устадан аздыр-көптүр үйрөнгөн кесибиңди таштаба! Өнөрлүү өлбөйт.

— Кантип таштайын, Тажыбай аке.

— Эми жол жөнүндө менин кеңешимди ук!

— Айтыңыз!

— Ташкент аркылуу кеткениң ылайык болор. Себеби жол боюнда өзбектер бар эмеспи, арып-ачып баратканыңда барын жай-мааниңди айтсаң, бир чыны чайын, бир сындырым нандарын кантип беришпесин,— деп Тажыбай бир пас муңайып туруп, чөнтөгүнөн төрт теңге алып Таабалдыга берди.— Ме, уулум, мындан көп берүүгө колуман келбеси сага белгилүү, ушуга ыраазы бол! Мындан ары кандай күнгө туш келериңди маңдайыңда жазылган тагдырың көрсөтөр. Бирок, башың түрү суук көргө киргенче, талыкпай таалай изде! Балким, бактыга кездешип каларсың. Кайыр уулум, ак жолуң ачылсын!

## Төртүнчү бөлүм

### 1

1900-жыл, июнь айынын орто чени. Анжияндан Ташкентке он күн жөө басып, жолбун жолоочу арып-ачып араң жетти. Ырп этерге дарманы жок, бүткөн бою шалдаят. Ташкенттин босогосун аттаганда анын жанында кырк күмүш тыйыны гана калды эле. Камыгын келе жаткан карыпка жол боюндагы кайырдуу эл карапашпаса, ал ээн талаа, эрме чөлдө арып өлүп калмак. Таабалды шашкеде бурала басып Ташкент шаарын баш бакты. Самап келе жаткан шаар ушул. Эми кайда барат? «Карып экен» деп аны ким үйүнө жаткызат? Мына азап... Башы маң болду. Таабалды саякат кылып, сайрандап жү-

рүүпү кайдан ойлосун. Анын максаты Ташкенттен жумуш кылып эптеп жолго азыктык каражат таап алып, анан элине көздөй дагы сапарын улантмак.

Анын көзүнө бул калаа бөтөнчө сонун көрүнөт. Көчөдөн аркы-терки чубап өтүп жаткан эл көп. Кайсы тарапка барарын билбей башы катып турду да, анан шаардын күн чыгыш жагын бет алып баратып килемдер төшөлгөн жасалгалуу чайканага туш келди. Андагылар топтошуп, бир чыны менен кыдыртып чай ичишип, капастагы бөдөнөлөрдүн бытпылдыктаганын, булбулдун сайраганын уккандарына маашыр болуп олтурушат. Кызыл тоголок, чаар тонучан, көкүрөгү ачык узун көйнөкчөн, он төрт, он беш жаштар сулуу бала «менге чай» деген кишилерге шыпылдап колу колуна тийбей патынуска чайнектерди коюп алып тызылдап жүрөт. Сейилдеген кожолор, молдолор бала алып барып алдына койгондо пейил күтүшүп, ичмексен болуп ыңгыранышат. Чайканада томсоруп жалгыз, четте Таабалды олтурат. Бала анын жанынан өтүп бараткандa берки мусапыр чарчаган көзү менен аны жалдырай карады эле:

— А, акежан, сизге эмне керек? — деп ал сылык мамиле кыла, Таабалдынын жанына бир пас аялдай калды.

— Мага чай, нан бериңиз? Бирок, он тыйындап ашпасын?

Бала делдее түштү. «Он тыйынга эмне келет» деп ага айтканы оозун эптеп келе жатып кайра эмнегедир «хуп, аке» деди да, самоорчуну көздөй чуркады. Аңгычакты кыжырданган адамдар туш-туштан «чай, чай» дешип чайнектердин капкагын шыңгыратышса, кулакка кандайдыр күү сыяктуу угулат. Чай ташыган бала үлгүрүп убагында Таабалдыга чай бере алган жок. Ал эрдин киберситип жалдырайт. Бир оокумда бала бир чайнек чай жана азоолок нандын сыныктарын Таабалдынын алдына коё койду. Чайханадагылар шаан-шөкөт менен жыргап сүйлөшүп, чай ичишип жатканда, көзү бозоргон жолоочу бергенин тоё жеп, арткапын бет аарчысына түйүп алган. Чай ташыган келе калганда берки ач неме он тыйынды арык колу менен ага сунса, бала көкүрөгүнө колун төшөп:

— Ыракмат, албайм, сиз мусапыр көрүнөсүз,— деди.

Жолбундун бүгүн түнү кайда түнөрү белгисиз. Чайханага жатса, жамбаш акыны кантип төлөйт. Жокчулук аны дагы алкымдамак болду эле, азыр карды тойгон соң, ал кубаттана түшүп, турмуштун тепкисине деле моюн су-

нар эмес, кайра чыйрала түшкөнүн көрсөң! Ал сандалып көчөнү кыдырып басып, ошол түнү баш калкалар жай жана жумуш чыгар жерди сураса бары эле «билбейбиз» дейт. Күн батарга жакындаган сайын байкуш кайда түнөрүн билбей алактайт. Таабалды карайлап келе жатып бир абышкага кездеше калды да, ага жайып айтты эле, ал да эчтеке билбейт экен. Таабалды абышкага алыска бараткашын түшүндүрсө, карыя өтө кейиди.

Алар каш карайып, жылдыз толгончо ошол жолуккан орундарынан жылбай сүйлөшүп турушту. Абышканын да арманы чачынан көп экен. Жакырчылыктан далай кайгылуу турмушту башынан өткөзгөнүн айтып сыздаганы мындай турсун, бир кадырлуу байбача «сулуу катынымдын жүзүн көрүп койду» деп казыга даттанып, анын жалгыз уулун сабатып өлтүргөнүн кеп салып, уулунун кайгысынан чал көк мээ боло жаздап калган экен. Кара туткан баласынын өлгөнү аз келгенсип, тең арып, тең карыган, далай азап-тозокту бирге тарткан кемпири да баласынын күйүтүнөн дүйнөдөн жакында кайтып, шордуу абышка ботодой боздоп өзү жеке калыптыр. Бечара муңдуу чал арманын айтып, зарлай-зарлай мусапырды ээрчитип үйүнө кирди. Бу кайгылуу чал жолукпаганда тентиген жолбун жол боюна түнөмөк.

Таң атты. Кайгы жүрөгүн таарыган шоруң каткан муңдуу чалдын таттуу уйкудан безип, таң заардан турганын эс албай чарчаган Таабалды кайдан сезсин. Абышка күндөгү көнүмүш адатынча намазын окуп, өлгөн кемпирине, уулуна атап бата кылып, чайын кайнатып коюп, сулк жаткан меймандын ойготкондо, күн чачырап жаңы чыгып келе жаткан. Үйдүн ичи үп болуп турат. Кыйналган жолоочунун бүткөн бою ооруп, башы салмактанып, каңгырайт. Арыктагы араң жылып агып жаткан сууга баарып бети-колун жууду эле, денеси сергиген жок.

— Кел, балам, чай ич! — деп чакырды күйүттүү чал.

Чайдан кийин абышка мейманын узатып чыгарып, коштошун кала берди.

Таабалды кайырдуу абышка менен коштошуп, анын айткан жагын көздөп бет алып жөнөдү. Шаардын көрүнүшү көрксүз... Боз саргыл келген, көпчүлүгү бир кабаттуу топурак үйлөр, иретсиз ийри-буйру, арыгы жок тар көчөлөр, дубалдары бийик, бөлөк жепирейген үйлөргө салыш-

тырганда озүнүн архитектуралык түзүлүшү жагынан айырмаланган: мечиттер, медреселер, чайханалар ашканалар ар кандай мастерскойлор жана кербен сарайлар көздешти. Жаңы келгиндин көзүнө суусуз, дараксыз көчөлөр сүйкүмсүз көрүнгөнсүйт. Ал айдын колун, өзөндүү көк кашка тунук суусун, күү чалып шылдырап аккан күмүш булактарын көз алдына келтирип эңсейт...

Так-такул көчөсү базардын нак борбору эле. Ошол жерге жеткенде, адашып кайда барарын, кимге кайрыларын билбей карайлап калды.

Селдечен, быжыгыр кара сакал кишилер өздөрүнчө кобурашып ар жактан келе жатышат. Шаштысы кетип мөгдүрөгөн мусапыр аларга кайрылды эле, алар сөзгө келбей, өтө беришти. Шагы сынган байкуш жолоочу шылкыйып турган ордунан жылбай катты да калды. Булар ким? Же алар адамдан артыкча жаралган кишилерби? «Асманда бир жылдыз бар айдан жакшы, аркада бир кедей бар байдан жакшы» деп эл айткандай, тиги көөдөндөрүн көтөргөн адам сөрөйлөр кандайча өздөрүнөн башканы теңине алышпайт. О, андай көзү көктү карап жүргөн кишилерди эсирткен дөөлөт. Андай немелер өздөрү теңдүү кишилер менен гана саламдашары белгилүү.

Ар жактан чурулдашып сур канчыкты кубалап келе жатышкан балдар мусапырдын жанына аялдап тура калышканын көрсөң. Күчүктөрүнө нан издеп жүргөн ит Таабалдыдан бирдеме үмүттөнгөндөй токтой калды. Анын жанында бир сындырым наны жок. Балдар жакындаганда жалкоотой болгон кем тумшук ит качмакчы болду.

— Ме!

— Коркпо.

— Нан, нан.

— Жей кой, биз сага тийбейбиз. Күчүктөрүңө тиштеп бар.

— Ай касапчылар, күчүктөрүнө эт издеп барганда, муну капталга тебишсе керек.

Ичи кабышып, эмчеги салаңдаган узун тумшук арык, ач канчыкка балдар чурулдашып нан ташташты эле, канчык нанды тиштеп алып, көзгө илешпей күчүктөрүнө зымырылганда, балдар каткырып калышты.

— Балдар! — деди Таабалды.

Балдар ага көңүлдөрүн бура калышты.

— Эмне?

— Силер жумушчулар иштеген жерди билбейсиңерби?

— Жумушчулар?
— Карим, бул эмне сурап жатат?
— Мен кайдан билем?
— Аларды Рахимжан билет.
— Ал, ал кишилер тетиги үйдө.
— Ооба.
— Балдар, токтогула! Мунун да карды ач го? Кимдин тыйыны бар? — деди бир мурду кетирейген ак куба тестиер бала. Балдар ага тыйын беришти да, өздөрү чымынкуюп болуп, жарышкан бойдон кетишти. Таабалды боорукер жаш муундарга ыраазы болуп, акырын илкип басып, алар көрсөткөн чоң үйгө барса, дарбазанын жанында көк көйнөкчөн, жылаң баш, жүдөө, орто жашап калган киши дубалга жөлөнүп үргүлөп турганын көрдү. Андан кийин ал «орто азиялык темир жолчулардын башкы мастерскою» деген жазууну ичинен окуп чыкканында, жалтырак баш кароолчу чочуп ойгонуп кетти да, маңдайында турган чоочун кишини «ууру го» дегендей шек кылды.

## 2

«Аргымак мойнун ок кесет, азамат мойнун жок кесет» эмеспи. Бул шаардан бура бастырбай Таабалдыны жокчулук аркандагандан бери бир жыл билинбей жылып өттү. Ал бул жерге котёльщик (казанга от жаккыч) болуп орношту. Чиркин ай, жан багуу кандай кыйын! Жокчулуктун айынан алыс сапар жол тартып бараткан карып Ташкентте аргасыздан байланып калганын карасаң! Мастерскойдо иштешкен жумушчулар күндө он эки, он төрт саат тике туруп жумуш кылышса да, алган эмгек акылары аз, жокчулуктун туткунунда! Аларды оор турмуш желкесинен бекем ныктап басты. Бул шаардагы бирин-серин майда ишканаларда жүргөн жумушчулар дале ушулар сыяктуу кыйноодо...

Оор жумуш жасашып, өлгөндөй чарчашкан жумушчулар мастерскойдон чыгышканда ырп этерге дармандары келбей жер кепелерине жетип сулк жыгылышат. Эс-учтарын жыйышып эс алышкан соң, дайыма күүгүм кирип көз байланган кезде алар кепелеринин жанына чогулушат да, кайгылуу ырларды жабыла ырдашканда аларга аялдары келип кошулат. Булардын муңдуу үндөрүн кечки аба ошол күнү алда кайда алып учат. Мындай адамдардын арасына Таабалды үйүр болгон. Анын өмүрүнүн өзөгү ту-

нөргөн караңгылыктын ичинде калгандай калкыйт да, бирок түболүккө өччүдөй бүлбүлдөбөстөн, жарыкчылыктын шооласын көрсөтчүдөй түрлөнөт. Ал адегенде эптеп тырмалап иштеп, жол каражат таап алып кетүүдө ою бар эле, бирок, туулуп-өскөн жерине барганында деле азаптан башы арылбасына түшүндү да, кайтуу маселесин ойлогонду эсинен чыгарып койду.

Жеке эле чоңдор эмес, жаш балдар да ата-энелерине кол кабыш кылышып, мастерскойго барышып узунду күнү кечке иштешет. Балдар деле эмгек акыга жарышпайт, бирок ал бечара жаш балдар деле жандарын асырагылары келишет да.

Жепирейген жер кепеде небактан бери турган слесарь Николайдын маңдайына бүткөн жалгыз кара чечекей Ваня деген уулунун жаш кезинен оор жумуш кендирин кескен. Ваняга учук жармашканы аз келгенсип, анын үстүнө кабыргасынан кагынат. Ошол жылы кепеде жашаган балдар оорудан чөп чапкандай кырылганда, чиновниктер жана мастерскойдун башкаруучулары «Мына ушундай болмокчу эле. Жумушчулар керайк болуп кетишти эле, ушуну көрүштү. Кудай жазаларын берип жатат» деп табалашат. Бул сөздү жумушчулар угушканда кыжырланып тиштерин кайрашты.

Мында иштешкен жумушчулардын турмуштарында эч кандай өзгөрүүлөр болбогону менен, бийлик кылган башкаруучуларга жана доорго эстүү кишилер баштагыдан кандайдыр бөлөкчө көз карай башташты. Таабалды жумушка орношкондон кийин Николай Ильиндин кепесинин бир бурчунан жай алган. Ал ошо бойдон ошондон кеткен эмес. Николай Ильин бир мүнөздүү, токтоо, кичипейил, чыдамкай, сөзмөр киши. Жумушчулар үйлөрүнө кайтышкандан соң тамактанып алышып, ага келип сүйлөшүп, эриккендерин жазып таратышчу. Бара-бара аныкына Таабалды тааныбаган чоочун адамдар да келишчү болду. Кай бир убактарда алар китеп окушуп олтурушуп түн ортосунда араң тарашат. Алар кээде Россиянын ичкерки шаарларында жашашкан жакындарынан кат алышканда, ал жактагы завод, фабрикаларда иштешкен жумушчулардын кожоюндары менен чатакташкандарын билишкенде мастерскойдун башкаруучуларына булар да наaразы болуп, колдорун булгалашып кекенишет. Анын эртеси «Петерге бир киши келип, ал падышага жолугуп, жумушчулардын эмгек акысын арбытууну падышадан талап кылыптыр»

дейт десе, «Падышанын канышасын кандайдыр бир жүрөктүү солдат азгырып кеткенин падыша сезип коюп, солдаттардын акесин таанытыптыр» имиш дешип күжүлдөшөт. Бирок, көпту көрүшкөн эски жумушчулар андай майда кабарларга анчалык назар салышпай «Бизди жактаган бир акылман киши бар дешет, ошонуп жайын билсек экен» дешип дегдешип жүрөт.

Николай Ильин мастерскойдун кеңири короосундагы көп жылдар бою жашап келген кепесинен көчүп, сырткы төбөсү түшүп бузулуп жаткан эски кепени Таабалды экөө оңдошуп кирип алышкан күндөн тартып, күн алыстан ошондо чогулушуп дагы баягыдай китептерди жаныры окуп жүрүштү. Кай бир убактарда Ильин Таабалдыны эки жакка көз бол, кокус полициялардын караанын көрүнсө бизге кабар бер деп, аны сыртка коюп коёт.

Бир күнү күүгүм талаш Филипенко деген деподо иштеген эски уста Ильинге келип сүйлөшүп кайра шашкан бойдон кетти. Ал узар замат эле, баягы келип жүрүшкөн жумушчулар даяр болушту. Николайдын аялы Надя кепенин ичин эчак ирети коюп коюгон. Таабалды аларды күндөгүдөй ырдашып, китеп окушканы келишкен го деген ойдо эле. Бирок, алардын кимдир бирөөн күтүшкөн кебетелери бар. Жылдыз толгон учурда Филипенко, чарчы бойлуу, келбети келишкен орто, жашабыраак калган, көгүлтүр көздүү бир кишини ээрчитип келди да, Ильин экөө аны жумушчулар менен тааныштырды. Ал киши деподо иштеген жумушчулардын алы-жайын билүүгө ынтызар болгондой, кунтун коюп сурады эле, ага жумушчулар турмуш-жайын айтып түшүндүрүштү. Ошол түнү мында жумушчулардан тандалып чакырылган беш киши гана келген.

Жаңы киши беркилерге Ильич жөнүндө көпкө дейре айтып берди да, анан өзүнүн Оренбургдан Ташкентке бөтөнчө тапшырма менен атайын келгендигин баяндады. Анын салабаттуу сонун сөздөрү беркилерге чоң таасир берди. Ал кишинин аты-жөнүн эч ким сураган жок, Ильин гана «Биз мындан ары ушул тууган менен бирдикте кружоктун ишин алып барабыз» деди.

Бул жаңы киши Ильин жөнүндө беркилер менен көпкө дейре аңгемелешти да, анан өзүнүн атайы бөтөнчө тапшырма алып Оренбургдан Ташкентке келгенин баяндап берди. Анын маанилүү сонун сөздөрү жумушчуларга чоң дөмөрүн болгондой таасир берди. Ошол түндөн тартып, бу-

лардын ой-пикирлери жарыкчылыкка, коомго, падышалык бийликке башкача болуп өзгөрүлө баштаган.

Николай күндөгүсүнөн жумуштан ошо күнү эрте кайтты. Надя анын алдынан утурлай басып кепенин босогосунан жолукту.

— Коля, бүгүн кабагың ачык го? Чоңдор менен салгылашпасаң керек?

Николай унчукпай ага башын ийкеп коюп, кепенин төр жагына өтүп баратканында, анын өлгөн уулу Ванянын сүрөтү көзүнө чалдыга калганын көрсөң, баласынын эстелик катарында калган көлөкөсүн көргөндө, атасынын өңү бузула түштү. Ал муңайып төмөн карады. Энеси сүрөттү атасына көрсөтпөй катып койчу эле. Ошо күнү байкоостон көрүнө илип койгонуна окунду.

— Коля, сен дагы капалана баштадың да, кайгырганда ал кайра бизге келмек беле? Койчу бай болгур? Ыйлап жүрүп көз жашым да соолду окшойт. Эми кайрат кылалык.

— Мен, Захаров төрөдөн мунун өчүн алам!

— Да! — деп Надя илинген сүрөттү алмакчы болгондо, «Тим кой» деди Николай үнүн катуу чыгарып.

Ал столго олтуруп тамакка кайрылбастан, жагалдана аркы-терки басып делөөрүйт. Көзү оттой жанат. Кебетеси бөтөнчө

— Надя!

— Эмне дейсиң?

— Таабалды кайда?

— Ал жумуштан кайта элек.

Николайдын санаасы бөлөк ишке бөлүнүп турганын Надя кайдан билсин, ал күйөөсүнүн көңүлүн көтөрүүгө ашыкты.

— Мен бүгүн маянамды алдым. Балким, сен тамаша кылууну кааларсың?

Күйөөсү аялына жооп бербеди.

— Коля, алаксытайын десем болор түрүң жок. Сага эмне болду? Ай кудай-ай, дагы кожоюн менен чарпыша кеткенсиң го?

— Надя, сен өз тиричилигиң менен алек болсоңчу. Менин башымды тумандаган ой уялады...

Бир кездерде Ильин өзүн жоош, момун, төрөлөргө каяша айтпаган кишидей сезгенде, төрөлөр аны кеңкелес, максатсыз адам катарында санaшчу, эми аны коркупуч-

туу кишидей корүшот, себеби ал сүйлөсө эле «чындык кайда?» деп баштайт.

Кепенин эшиги шарт ачылып, кайра тез жабылды. Николай кепеге киргендин алдынан утурлай басты.

— Таабалды! Биз мындан ары сага Александр Александрович Пудовкин деп жашыруун ат койдук, кана, кайда жүрдүң?

— Жумуштан бошоор замат сиз «бар» деген кишиге бардым.

— Ага кезиктиңби?

— Ооба.

— Азаматсың, Саша.

Таабалды кепеге киргенде, кабагын карыш салып көңүлсүз турган Николай жаркылдай баштады. Ал кечки ооматын шашып ичти да, Таабалды менен Надя тамактангыча ары-бери токтобой басып, беркилерди көзүнүн кыйыгын сала карап чыдамсызданып турду. Тунжураган караңгы салкын түн кирди эле, көк деңизден жылдыздар берметтей тизилип, көз кысып жымыңдашкансыйт. Кепенин терезесинен айлуу түндү карап турганында:

— Коля, жатып эс алсаңчы? — деди Надя ага.

— Сен жата бер. Саша экөөбүз конокко барабыз.

— Кимдикине? — деп Надя аны таң кала тиктеди.

Николай мурутунан жылмайып күлүп:

— Бизди ким барыктап чакырмак эле,— деп кыт-кыт күлгөндө, Надя андан бир нерсени шекшигендей тиктейт.

— Сен жатып уйкуңду кандыра бер! — деди да, Николай бирдемени алып, аны катып алды. Ал кепесинен чыгып, көчөнүн ортосуна түшүп кетип бараткнында Таабалды ага жете келди.

— Баарын алдыңбы?—деп акырын шыбырады эле, «оба» деди Таабалды аны жандай басып баратып. Көчө түнөргөн караңгылыктын кучагында... Мыдыр эткен жан көрүнгөн эмес эле, кайдан чыга калганын ким билсин, бирөө тигилердин артынан калбай акмалап ээрчип алса болобу. Үстүндөгү кийими жандармерияныкына же полицияныкына окшобойт, бирок анын кебетеси суук. Кетип бараткандар кайда бурулса, ал да ошо жакка ээрчип басат. Николай менен Таабалды барар көчөдөн өтүп кетишти. Мына кызык, анын буларда эмнеси бар? Жок дегенде токтосо боло? Бул аңдып жүргөн киши экен. Беркилер аны жазгырып ачык дарбазага кирип, бир аз жашынып турушту да, анан дубалдан атташып, бара турган жагын

көздөй кайра кайрылышты. Булардын артынан аңдыган полиция «жөн-жай жүрүшкөн адамдар го» деп ойлонуп кала берди. Тигилер полицияны сызга отургузушкандан кийин, Сибзар аянтчасынын көмүскөсүндөгү № 7 жашыруун үйгө барышмак эле. Кечиккен Николай уруксат сурабастан эшикти ачып кирди.

— Айланайын, биз эмне болду деп тынчсыздандык,— деди Иван Захарович Филиппенко алардын алдынан утурлай басып.

— Жанагы машкедей шимшиген немелердин бирөөнө кокустан жолугуп калдык.

Жумушчулар «Биздин тууганды» кээде Антонич деп да чакырышар эле. Ал кадимкисиндей үйдөгүлөрдү бир сыйра көзүн күлүңдөтүп, кырка карап баратып анан Таабалдынын көзүнө көзү учурай түшкөндө:

— Жаш жигит, биз сенсиз эле атыңды өзгөртүп койдук. Ошондой чечүүгө туура келди.

— Башканы билбейм, мага жаңы ысым жагат,— деп тамашалай күлүп, Таабалдынын маңдайынан сылады эркелете Филиппенко. Антонич эки колун артына алып турду эле, анан эңкейип столду сүйөнүп:

— Александр Александрович эсиңде болсун, Пудовкин деп биз сени сүйгөнүбүздөн койдук. Бирок, бир боорум, бул өтө жашыруун ат!..— деп ал кичине токтой калып, сөзүн кайра улантты,— экөөбүз жердеш экенбиз, мен да жети-суулук боломун. Кана, азамат, бери жакыныраак кел,— деди Антонич.

Четте ыңгайсызданып, тигилерге кошулбай, бөлөк турган Таабалды алардын арасына кошулду. Антонич жазы маңдайын адатынча сылап, боюн түзөгөнчө Филиппенко жыгач кроватынын алдынан көк кагазга оролуу баракчаларды тез алып келип, анын алдына коюуга үлгүргөн. «Жакшы басылган экен» деп, Антонич алакандай ак кагазга даана бадырайта майда басылган баракчаларга тез көз жүгүртүп чыкты.— Ишканаларга бүт жетер бекен? — деп сурады андан Николай. Бир жумушчунун колуна тийсе, ал миң кишиге үрөөн сепкендей чачат,— деди биздин тууган.

— Баса, Николай, ариптерди ала келдиң беле? — деп сурады Филиппенко Ильинден.

Алар Лебедевди «Биздин тууган, Антонич» деп да коюшар эле.

Таабалды кызыл түйүнчөктү столдун үстүнө койду эле, Антонич ал түйүнчөктү чечип көрдү да:

— Эми, ариптер толук жетишет,— деди Таабалдыны кыймая тиктеп.— А, Александр окуганды билеби?

— Билет,— дешти жарыша Николай менен Иван.

— А, анда иш оңунда тура, жолдоштор! Биз менен тилектеш бир дос: «Тууган, сен өз сырыңды ачсаң кантет» деп мага кайрылды эле. Андан бери артыбыздан сая түшкөн сааттуу желмогуздарды жазгырып биз баш кошо албай келдик. Сөздүн ток этерин айтканыбыз дурус болор,— дегенде, үйдөгүлөр, ага көңүлүн бурганда, Антонич сөзүн сөзө берди.— Туугандар, мен да падышанын солдаты болуп саргайгамын. Самарада, андан кийин Оренбургдагы крепостто да болдум. Солдаттык кайгылуу күндөр бошко зуулдап өтүп жаткан мезгилде, жогортодон берилген буйрукка ылайык мени түрмөгө ыргытып таштаппы. Мен каластагы торгой тордон бошонгондой сүйүндүм. Мен төрөлөрдүн сынына толсом керек, алар мени падышага карасанабайт деген ойдо экен. Андан мурда мен ойлоочу элем, түрмөгө адамга кастык кылган бузуктар жана кудайга күнөкөр болгон наадандар камалышат го деп, көрсө чындыкты айтышып, элдин камын жеген, акылдуу адамдардын узун өмүрлөрү түрмөдө өтөт тура. Аны мен өз көзүм менен көргөндө бул заманда чындык, адилеттик бары-жогунан күмөн санай баштадым.

«Түрмөдөгү саясий туткундарга ырайым болбосун. Алардын чечекейин чек. Маңдайкы тиштерин аттиш менен сууруп ал. Колуңан келсе, жигин билгизбей тиги дүйнөдөгү тозокко түшкөндөрдүн арасына узат. Эх, ошол жерге кирген революционерлер падышанын ден соолугун начарлатты,— деп түрмөнү башкарган төрө менин колумду кысып,— сени миңдеген солдаттын ичинен тандап алдык. Сага ишеним чоң» деген.

Мен коломочтонуп алып, туткундарга чагылгандай тийдим. Бир күнү мага саясий туткундун бирөө: «Тууган, Иван жумушчунун мурдун кечээ күнкү Иван деген солдат төрөлөрдүн кейпин кийдим деп эле, буза муштаганы Россиянын жумушчулары менен дыйкандарына жага койбос. Сиз, төрөм, ошону эсиңизге алыңыз» деди. Анын сөзү менин жүрөгүмдө калды. Баса, мен кimmин? Булар менин эмнем? Айтса-айтпаса төгүнбү. Тигинин сөзү сөөгүмө сиңип калды да, мейли, эмне болсо ошо болсун дедим да, туткун достордун сырдашы болуп алдым.

Түрмөнүн ичине сырттан сөз жеткирем. Революционерлерге менин жүрүшүм жакты. Мен алардын сыноосунан өттүм. Кружокторго түн жамынып, кубулуп кийинип алып барып жүрдүм. Белсендүү саясий туткундардын кээ бирлерин өзүмө сөз тийбегидей жол менен ыгы келе түшкөндө качырып жиберем. Окууга тыюу салынган адабий китептерди туткунда олтурган досторума жеткирем. О, мен аны өтө этиеттик менен жигин билгизбей иштечү элем.

Менден шектене баштаганын сезип калдым. Кокус билинсем эле башым дарбыздай жерде тоголонуп, мырзалар башымды жыгачтын учуна сайып көчөнүн көрүнөө жерине илгени турушат. Сырттагы жол тапкыч досторго кеңеш салдым эле, алар ойлонуп турушту да: «Бошонууга жалгыз бир гана жол бар, андан бөлөк эч кандай арга жок» деп кеңеш беришти. Ал акыл мындай эле: мени байкарган төрөнүн аялын кандай гана болбосун ыгын таап колго түшүргөндө гана мен эркин болмокмун. Эми анын эбин таап камынтпай тез бүтүрүш керек.

Төрөнүн аялы акылдуу эле, ага мен күндүр-түндүр акидей асыла бердим. Төрө аялынын айтканынан чыкчу эмес. Кыскасы, «жугуштуу оорусу бар жана жакында көк мээ болорунун белгиси далилденди» деген мааниде мен жөнүндө доктор кенен жыйынтык чыгарды. Аны берген да өз кишибиз. Мына ошонун негизинде аялынын далалаты менен төрө өзүнөн жогорку улуктарынан мага уруксат алды да, мени бошотту. Анын аялы «Мен мүрзөлөрдү жек көром. Сен адамды корго узатууга киришпе» дээр эле.

Мен өз башыма өзүм ээ болдум. Бирок, алган антым бар. Андан көзүмдүн тирүүсүндө тана албайм. Мени эски дүнүйөнү жаңы дүнүйө менен алмаштырууга сиздердин араңыздарга жиберишти.

Ал өз башынан өткөн окуясын баяндап жатканда үйдөгүлөрдүн эч кимиси былк этишкен жок.

— Эми, достор, эртең кайсы жакка чакырылбаган мейман катарында барарыбызды белгилейли. Дегого, албетте, Филипенконун келишин андагы бир боорлорубуз каалашат. Мастерскойдогу санаалаштарга Ильин өзү саламдашканы түзүк. Ал эми калгандарыбыз жумушсуз калбагай элек,— деп ал каадасынча башын бир жагына кыйшайтып, баракчаларды бөлүштүрүп жатып тамашалады.— Эркектердин милдетин бөлүштүрдүк. Пудовкин экообүз чайханадагы мусульман агайиндерибизге баралы. Аялдарга ур-

мат болсун, Мария менен Катяга эртең эс алышы, кандай дейсиңер?

— Туура! — дешти баары.

— Эмесе, үй ээлерине ыракмат, кайтышалы,— деп ордунан козголду биздин тууган.

— Токтогула, достор! Менин Мария Исаевнам бизди сыйлаганы картошка кууруп койсо керек эле. Күтпөй кетип калсаңар, ал «мен баракчаларды тараткаида жакшы көрөсүңөр да, сыйлайын десем болбойсуңар» деп таарынар,— деди тамашалай Филипенко.

— А, жону бар.

— Калалы.

Аңгычакты Мария комоч казанга булоолоптуп толтура куурулган картошканы алып келип алардын алдына койду да:

— Конок болгула! Колдо барыбыз ушул. Ваня, баягыңдан бирдеме калды беле? — деди жылмаңдап.

— Калбагандачы...

Үйдүн ичин шаттуу күлкү көтөрдү.

Булар жаңыдан кашыкты колдоруна алышканда, ошол үйгө жакын жерден удаа-удаа үч жолу атылган ок айсыз караңгыда ажалды издеп учту...

Чайханада эл жыкжыйма. Таабалды акырын кирип барды эле, ага эч ким назар салган жок. Жаш жумушчу ыңгайлуу жерден орун алды да, анан алдыртан айланасындагы топ-топ болуп сүйлөшүп отургандарды байкаса бир да тааныш кезикпеди. Жыргап бейкапар, көк чайды жалгыз чыны менен кыдыртып ичип, күлүк аттар, сулуу катындар, бөдөнө, булбулдар жөнүндө кеп урушуп олтурушкан өзбектердин Таабалдыда эмне тиешеси болсун.

Чай ташыгыч ага бир чайнек чай берди. Арадан он мүнөт билинбей сызып өткөндөй болгондо, Таабалды чайнек, чыныны колуна алып, самоорчунун жанына барды да, патнус сүртүшүп, самоорго жыгач салып шыпылдады, самоорчу ага ыраазы болду. Бул жерге улам биринин артынан бири чубашып кишилер келе баштаганда чай ташыган неменин таманы жерге тийбей тызылдады. Анда атайын келгендер көк чайдан суусуну кангaнча ичишпесе моокумдары канар эмес.

Самоорчуга жардамдашып жаткан Таабалды эң этияттык менен дандырга бышкан нандардын арасына, билгиз-

бей араб тамгасы менен өзбек тилинде басылган кичинекей баракчаларды коё коюп жатат... Аны сөзгө кызыккандар деле сезер эмес. Он бештей баракты узаткандан кийин Таабалды алаксытымыш болуп туруп, шек алдырбай жылт берип көздөн далдоо болду. Үй мүйүз тартып отуруп, чай ичип жатышкандар сөзгө алагды боло башташкан эле. Эң төр жагында тепе тартып, ыңгыранышып, оозу-башын күбүрөтүп отурушкан селдечен молдолор, имамдар нандын арасынан кагазды ала коюп үңүлө карашты. Артыкча алардын бирөөнүн көзү алая түштү да, купкуу сакалын кайта-кайта сылап, чуу көтөрдү:

— О жамагат!

Элдин баары анын ачуу үнүн угушканда жымжырт болушту. Баарынын көзү ошондо.

— Мусулмандар! Бу кандай шумдук!

— Эмне болуп кетти, таксыр? — деп сурады чайханадагылардын арасынан кимдир бирөө.

— Бу кагазды мында алып келген ким?

— Кандай кагаз?

— Анткорлонбогула! Силер билесиңер!

— Имам, биз кайдан билебиз!

— Мына жалаа!

— Табасыңар, биз көзүңөрдү чукуп айткызабыз.

Ошол маалда Таабалды окчунураак туруп алардын кыймылын байкап турган.

— Эй, кудайдын пенделери! Бул баракка жазылган сөздө шарыятка, ак падышага наалат айтылыптыр. Муну мында кандай бетпак таштады?!

— Эй, бузулган пенделер, сүйлөгүлө!

— О, жараткан, улук падышага каршылар бар го?

Имамдар, молдолор каарланып жатышканда, жалдырап тургандардын эч кимиси үнчүгүшкан жок. Бир топтон кийин бул топтун арасынан кимдир бирөө суурулуп чыга калып:

— Таксырлар! Бул кагазга жазылган сөздө шариятка шек келтирбептир,— деп катуу бакылдады эле, эл аны карап шыбыраша кетишти.

— А, бузуку сенсиң го!

— О, кесепеттүү ит! Ушул, ушул экен!

— Таксыр, бул кагазды мен окуганым үчүн күнөкор болмок белем? Кедей-кембагалдар байбачалардан акысын кантип алуу керек жана кандай жашоолору керек экенин ачык жазган тура. Бул сөздө чындык бар...

— Тарт тилиңди!
— Кудайга тобо келтир, наадан!
— Муну мечитке алып барып, жонунан эки жүз балак алдырып кескилеп өлтүрүш керек!..
— Таксырлар! Мен силерге кайсы жеримен жаздым? О, калк, чыныны колуңарга кармап үңкүйбөй, калыстыгыңарды айтсаңар боло?
Көпчүлүк анын сөзүнө муюша жоолошо түшкөндө, селдечендер долулапа кетишти.
— Кармагыла!
Көпчүлүк кимди кармашарын биле алышпай чатакташып калышканда, жанагы чындыкты айтып суук тумшук болгон: узун бойлуу, быжыгыр кара сакалчан, арык чырай адам «кармагыла» деген айкырыкты угар замат көзгө илешпей түйүлүп, чайкананын чекесине чыга калып, эки колун жайып көпчүлүккө кайрылып, жанынын бардыгынча кыйкырды.
— Журт! Сабыр эткиле? Эгер мен күнөкөр болсом, анда мени дарга аскыла! Мен Карабайдын тери заводунда иштеймин. Балдарым көп! Өлбө жаным өлбө деп араң жан багып жүрөм. Айына кожоюндан алганым алты теңге. Күн-түн дебей иштеп тапканым ушу болсо, мен балдарымды кантип асыраймын. О, айланайындар, менин оокатым кантип өтөт? Мен өз дартымды айтсам, мени жектешкени эмнеси? Бу кандай кордук?! Мына бул «адилет» сөрөйлөр кембагалдарды жеп бүтүштү!
Анын сөзүн угуп тургандар аны кубатташкандай дуулдап козголо түшүштү. Баягы каардуу имамдын буркан-шаркан түшүп, долуланганы адам чыдагыс.
— Бул башыңды жеген желмогузду мечитке алып жүргүлө дебедимби? Эмне карап турасыңар?!
— Таксыр, жазыгы кайсы?
— А, силер да бул бузукуну жактайсыңарбы?
Молдолор менен имамдардын сакалдары сербеңдейт. Имам самоорчуга док урунуп жулунду эле, ал бечаранын эчак өңү саруулап, кирерге жер таппай шашып калды. Чай ташыган байкуш небак качып кеткен экен. Имам самоорчуну барып жакалады эле, ал байкуш имамдын тизесин кучактап «мен билбейм» деп жалынат. Молдолор ар кимдин жанын тиңтишти.
Кымкуут, чакчелекей. Ал жерде тургандардын баары жабыла жарыша сүйлөп жатышат.

Молдолор баягы каяша айткан кишини качырып жиберип, чайкананын ичин аңтарып жүрүшөт. Ар жактан полиция көрүнгөндө бака-шака түшүп, кужулдашып жаткан көпчүлүк акырын жылып бет-бетинен житип кетишти. Имам баракчаны колуна кармап жай келаткан полицияны көздөй чуркап баратканда, «биздин тууган» Таабалдынын жанына аны таанnetwork кайдигер кишиче билмексен болуп келди да, шыбырады:

— Баракелде, Александр! Баракчалар көпчүлүккө тараганы ойдогудай сонун иш болду. Суук көз акмалап жүрөт. Ага көзүкпөй кетели!

Таабалды башын ийкеп апын артынан ээрчиди. Узун ак чапанчан, кара сур, куш тумшук имам полициянын алдына утурулап барып ага баракты көрсөтүп: «Самоордогуларга ушундай баракчаларды жашырып таратып жүрүптүр. Анын ким экени белгисиз» деп, полицияга жазакерлене кетти.— Бул кагазга ак падышаны жамандап жазышкан экен! — десе, өзбек тилин билбеген полиция чекесин тырыштырып баракты тиктемиш болду да, анан ийнин куушуруп, башын чайкап, «Я по вашему не знаю» деди. Ошол учурда булардын биринин сөзүн бирине түшүндүрүп бергидей тилмеч жок эле. Полиция менен имам бир топко дейре дудук немелерче жаңдашып сүйлөшүштү. Жеден айласы кеткенде имам алаканын жайып асманды көрсөтүп: «Бузуку кишилер алланын амирине шек келтирип жатышат...» деди эле, полиция анын сөзүнө «жаан качан жаайт» деп сурап жаткан экен го деген ойго кетип, «скоро дождь будет» деп имамды далыга каккыласа, ал дагы эле болбой ага жармаша баштады, полиция аны ээрчитип жөнөдү.

Темир жолчулардын мастерскоюнун чоң дарбазасынын көрүнө жерине жумушчуларды үндөгөн баракча чапталган. Ал баракчаны ким чаптаганы белгисиз.

Имамды ээрчитип полиция кирип келип, чайканадан табылган баракчаны көрсөттү эле, полицмейстр дароо тилмеч чакыртып окутса: «Эл! Падышачыл бийлик кылуучулар менен байбачалардан, кожо-молдолордон силерге ырайым болбойт! Ал кан соргучтарга ишенбегиле!» деп жазыптыр. Орус тилиндеги баракчага «Жумушчулар! Өндүрүш жайларын башкаруучулардан эмгек акыларды ко-

бойтүп, жумушчу күнүңөрдү кыскартууну таймаңбай талап кылгыла!» деп жазылган экен.

Бул баракчаларга эки түрдүү жазылган сөздөр полицмейстрдин жүрөгүн сыздатып, денесине октой тийди. «Кантиш керек? Буларды жазып таратып жүргөн кимдер? Аларды кармаш керек» деп каарданат. «Имам мырза! Мусулмандардан сиздин шек санаганыңыз кимдер?» деп, тилмеч аркылуу куу сакал имамдан сурады эле, ал калтаарып, дайындуу кишилерди атап айталбай, ошо күнкү чайканага келишкен адамдардын баарын каралады.

— Имам мырза! Мындан ары андай бузуку адамдардын кимдер экенин даана билип мага кабар бериңиз? — деп суранды полицмейстр.

Имам полициялык имараттан чыгары менен мечитке жетүүгө ашыкты. Ал кечки келишкен молдолорго, сопуларга шаардагы шарият жолун сактабаган бузуктарды мындан ары кармоо жөнүндө айтууга ашыгып бараткан эле.

Имам кетер менен полицмейстр сулуу боз аргымагын минип, жанына бир топ атчан казактарды алды да, калаанын мерчемдүү жерлерин кыдырып жөнөдү. Дүкөндөрдүн, чайканалардын жана медресе, мечиттердин баарын түп көтөрө кыдырышып, кайсы жерден дубалдарга, устундарга чапталган кагаз көздөрүнө чалдыкса андан кыя өтүшпөй окушат. Полициялардын минтишип жандарын үрөшүп кыдырып жүрүшкөндөрүн көргөн жай адамдар: «Булар бир кооганы башташканы жүрүшөт го» дешип алардан чочушуп, оолак качышат.

Көз байланып күүгүм киргенче полиция шаардын ичин шимшилеп жүрүп жедеп суй жыгылганында баракчаларды тараткан белгисиз адамдарга кекенип, тишин кайрап, куру-бекер убара болуп кайтканын полицмейстр чоң эрдик көрсөткөндөй сезди.

4

Түн... Полициялар жумушчулардын кепелерин каныстап келишип, курчап калышты. Алар тынч жатышкан бала-бакыранын үрөйүн учурушту. Кечке аяктары менен тик туруп чарчашкан жумушчуларды полициялар кепеден сыртка сүрүп чыгарышып, карыш жылдырышпай камап турушат. Желдеттерден корккон катын-калачтар боожурашып жаш балдарын боорлоруна кыса кучакташып,

бурч-бурчтарда көздөрү жылтырайт. Көэ бир кайраттуу аялдар төшөнчүлөрүн чачып тинтип жүрүшкөн полициялар менен таймапбай айтыша кетишет. Полициялардын эмне издеп жүрүшкөнү буларга такыр белгисиз. Атчан келишкен, жөө полициялар көп.

Эртең менен кеткен бойдон Ильин да үйүнө кайта элек. Таабалды күн батар кезде келип, кайта шашып кетип калган эле. Алар кокус келип калбагай эле деп Надя жүрөк заада болууда. Артыкча Николай Ильиндин кепесин баягы полиция Борисов кайта-кайта тинттирип жүрөт. Бирок, андан шектүү эч нерсе таба алышкан жок. Таабалды полициялардын кепелерди аңтарып жүргөнүн байкабай келип калды. Ал кепеге кирип баратканында алдынан тике маңдай Борисов чыга калганда, ал бул жерде эмне болуп жатканына түшүндү да, чөнтөгүндөгү калган бир баракча эсине кылт этип түшүп, ал аны арт жагын кылчайып карамыш болуп, оозуна сала койду. Анын анткенин берки Борисов босогодогу күңүрттөн байкаган жок. Ильиндин аялы Таабалдынын байкоостон келе калганына өз ичинен өтө өкүндү да, анысын билгизбөөгө тырышты. Борисов колундагы тапанчасын Таабалдыга кезеп:

— Былк этпе! — деп буюрду.

Таабалдынын денеси кыймылга келбеген менен ал оозундагысын андан жазганбай тез чайнай берди.

— Ко-ош, сен кайдан?!

Анын суроосуна Таабалды жооп бербей, акырын артына кетенчиктеп басты.

Надя Борисовдун жанына чуркап жетти да, чебеленип:

— Төрө, бул орусча тил билбейт, жатар үйү жок тентип, көчөдө жүргөнүнөн биз боор ооруп, жаткызып жүрөбүз,— деди.

Таабалды жоодураган өткүр көзү менен унчукпай тиктеп тура берди.

— Эй, макоо, баятап бери чайнап жатканың эмне?

Борисов суроосуна жооп күтүп турганда Таабалды оозундагы кагазды кыйынчылык менен күрмөп зорго жутту.

— Эх, шайтан! Сенин мени менен сүйлөшкүң келбей турат го? Мен сени сүйлөтөм.

— Төрө! Ишенсеңиз, ал орусча тил билбейт,— деп Надя чебеленип дагы кийлигише кетти эле, Борисов:

— Сен болушпай эле кой! — деп Надяны жекире кетти да, анап Таабалдыны жакадан алып муунтту.— Айт,

айт дейм, иттин уулу, болбосо, азыр мурт кетесиң? — деп аны эшикке сүйрөп чыкты. Тапанчасын кабынан сууруп алып асманга атты эле, аялдар бакырышып, балдар ыйлап жиберишти, кепелерди тинтишип жүрүшкөн полициялар жабалактап чуркап келишип, полицмейстрди тегеректеше калышты. Желдеттер полицмейстрге бирөө кол салды деп ойлошкон эле. Ар жакта турган жумушчулардын арасынан бирөө:

— Мырза! Үй-бүлөнүн жүрөгү түшөт! Эми койсоңуз кантет? — деди токтоо гана.

— Тарт тилиңди!

— Коркутпаңыз!

— Булар бизди жегени келишкен го?

— Сен, катын, курулай каңкылдабай, андан көрө мына береги адам сөрөй менен сүйлөш...

Надя полицмейстрден жазганбай анын жанына басып келди.

— Сиз кызык экенсиз, төрө, мен мусулмандын тилин кайдан билем, мына кызык!

— Сен катын, кайраттуу көрүнөсүң.

— Сиз мырза, мага ачууланбаңыз? Менин сизге залалым тийген жок.

— Борисов!

— А-ув.

— Дагы издегиле!

— Жарайт.

Жумушчулардын кепесин тинтишкен желдеттердин оюордунан чыкпай ыза болушту. Алардын караанлы үзүлгөндө жумушчулардын катын-балдары кепелерине киришкенде, айлана жымжырт тынчтыктын кучагына калкып, асмандагы сансыз жылдыздар жумушчулардын үй-бүлөлөрүн аягандай балбылдагансыйт.

Надядан мурда кепеге Таабалды кирген болучу, ал күлүмсүрөп терезенин тушунда турган. Надя чуркап кирип:

Александр, сен эмнени чайнап, жуталбай кыйналып жаттың? — деп сурады эле, Таабалды бырс күлүп:

— Прокломациянын бир барагы чөнтөгүмдө калган, ошону чайнап жуталбай шайым ооду. Байкоостон колго түшүп кала жаздаганымды карасаң.

— О, азаматсың! Мен аныңы сездим. Эх, шайтан баскан дөдөй сагызгандар, типографияны кепелерден издешет. Кечээ күпү деподогулардын үйүн тинтишкен имиш. Эркектер ушуну билип үйдөн безишкен тура.

— Акырын сүйлөңүз, Надежда Васильевна?

— Тим эле жаныма батып кетти, Александр. Бизди аяшпаса да, чөбүрөгөн жаш балдарды аяса боло.

Бул экөө бүлбүлдөп күйгөн чыракты жуп өчүрөрдө эшик ачылды да, Ильин кирди.

— Сен Николай, мында болгон дүрбөлөңдү уккан чыгарсың?

— Албетте, бая эле укканбыз, Саша капа?

— Ал тигине,— деп кепенин төр жагында турган Таабалдыны көрсөттү Надя. Николай мурутунан жылмайып күлүмсүрөдү да, анын жанына басып барып, ага мындай суроо берди:

— Кана, айтчы, ал сага эмне деди?

— Ал, сизди кандай гана болсо да, мага келип жолуксун дейт.

— А, деподогуларга кабар берди беле?

— Мен кабар бердим.

Николай бир аз ойлоно калды да, анан баш кийимин колуна алып, «Анда жүр кеттик» дегенде, Надя алардын алдын тороду.

— Кайда?

— Биз кечиктик, Надя,— деди шашкалактаган Ильин.

— Кеч болуп калды. Эртең барсаңар боло?

— Жок, Надя, эртеңкиге калсак кеч болуп калат.— Ильин аялына башка сөз айтпастан кепеден сыртка чыкканда, убакыт абдан кеч болуп калган эле.

Түнөргөн караңгылык... Шаардын ичи түнжураган тынчтыктын кучагында. Анда-санда гана кайдандыр иттердин улуганын угушканда сопулар, кожолор жакаларын кармана кудайга тобо келтиришип: «кара башыңды жуткан иттер. Асмандан эмнени көрүштү экен? О, жараткан, заманды буза көрбө?! Падышаны сакта. Тополоң баштаганы жүргөн кишилер бар көрүнөт» деп түнүчүндө бүлкүлдөшөт. «Чоң шаардагы жумушчулар падышага каяша айтыптыр, завод, фабрикаларга келбей коюшкан» дешип бирөөлөрү дүүлдөшсө, анда бирөөлөрү «Ак падыша тагынан түшөт имиш» дейт. Узун кулак ак сөөктөр кандай кабар угулар экен дешип, кулактарын түрүшөт. Булар чынында падышанын жактоочулары эмеспи, анын улуу урматына сыйынышат. Бей-бечаранын падышага көз караштары бөлөк. «Ак падыша тагынан куласа, анын ордун дагы бирөө

басар. Бизге ак санаган падыша кайдан болсун» деп күңкүлдөшөт. Кедейлердин же ниети ак адамдардын мындай сөздү айтканын угушканда шарият жолуна түшүнгөн динчилер андай сөздөрдү уккулары келишпей, кайра аларды күнөөкөрлөөгө ат коюшат. Динчилер менен жай адамдардын арасында айтыш, талаш, бирин-бири жектөө, көрө албастык ачык болбогону менен, алардын ортосундагы мамилелери ошондой...

Мындай кабарларды уккандар күндүзү тынч жүрүшөт да, дайыма түн киргенде мечиттерге же имамдардын, кожолордун баш кошушкан жерлерине барып күңүлдөшөт...

Андай ак сөөктөр күн батарда уй мөөрөсө, «Кара башыңы жут» деп балта менен уюнун мүйүзүн ыргыта чабат. Короздор беймаал чакырса, «Бизге жамандыкты тилеп жатат» дешет да, короздорунун башын жулуп ыргытышат. Кыскасы, «палан-түкүн» деген сөздөр дүңкүлдөп бүт шаарга тараганда динчилер безгек болгон адамдай калтырашса, бей-бечаралар: «бизге адилеттик болсун, эмгек акыбыз көбөйсүн» деп тилешет.

Медреседе окушкан балдар баракчаларды таап алышып, ата-энелерине окуп беришкенде, кай бир ата-энелер таң калышса, имамдар, молдолор жана байбачалар «Мындан кийин мындай кагазды үйгө алып келбегиле» деп балдарын урушат.

Жандармдар, полициялар баштагысындай жүрө беришпей, ар кимдин сыртынан акмалап карап жүрүшөт. Шаардагы жалпы шарт такык боло баштаган соң, ар ким өз жанынын тынчын көздөсө да, шаардагы майда ишканада иштегендер «чатак башташыптыр» деген кабар угулат. Айтор, ар түрдүү сөздөрдү угушканда, кожолор, молдолор, чиновниктер калтаарышып убара болушат да, арадан бир нече күн өткөндөн кийин «Угулган сөздөрдүн баары тогүн экен дешип сүйүнүшсө, анын эртеси эле бөлөкчө жаңылык угула калганда ак сөөктөр түлөө кылып, же өткөн ата-бабаларынын арбактарына куран окутушуп, «арбактар колдойгөр» дешет. Ак сөөктөр менен букаралардын арасында эки көз караш, эки башкача тилек пайда боло баштады.

Эртең менен... Жумушчулар күндөгүсүндөй биринин артынан бири чубап мастерскойго келип жатышкансыйт. Бирок, баары көңүл кош. Бу кандай көрүнүш? Демейде

бу маалда кол-колдоруна тийбей иштешин, имараттын ичин жаңыртуучу эле. А бүгүн колдорун бооруна алып, жайбаракат кобурашып турганы кандай? Кебетелери да башкача! Мастерскойдун начальниги кээде чочугандай келе калуучу эле, бүгүн ал да дарексиз. Саат сегизден өтүп, тогузга чаап кетти. Ишке киришкен бирөөнү көрбөйсүң. Бу кандай жорук? Булардын эмне билгени бар? Анын себебин суроочу киши кайсы?

Николай Ильич топтошуп сүйлөшкөндөрдүн арасынан акырын чыгып, Таабалдыга «баары бүт келди го?» деп шыбырады эле, ал башын ийкеди да, анан шаан-шөкөт менен мастерскойго келе жаткан начальникти жаңдап көрсөттү. Аны көргөндө жарданып турушкандар бирин-бири жоолошө сыртка чыгышты да, начальник төрөнүн алдынан тосо калышты.

— А, силер эмне качып чыктыңар? Эмне, өрт чыктыбы? — Начальникке эч ким жооп кайырган жок. Ал баарын тегиз бир сыйра карап алып:

— Силерге эмне болду? — деп экинчи жолу сурады.

— Биздин талабыбызды уксаңар экен? — деп алардын арасынан бирөө кыйкырганы анын кулагына шак дей түштү.

— Эмне?! Кандай талап?!

Жумушчулар ага суроону жамгырдай жаадыра баштатышты.

— Биз ачпыз.

— Кыйналдык.

— Мындан ары чыдоо кыйын...

— Акырын! Кош, эмне дейсиңер?!

— Эмне демек элек? Жумушчу күнүбүздү азайткыла?

— Эмгек акыбыз көбөйсүн?

Жумушчулардын сөзүн укканда начальник кыжырланып жер тепкилейт. Бирок, аны эч кими тоотор эмес.

— А, түшүндүм. Силер бунт чыгаргыңар бар го?..

— Төрө, биз адамбыз.

— Турмушубуз абдан жаман.

— Сөздүн кыскасы бул, төрө, мына бу кагазга койгон талабыбызды толук жаздык. Үч күнгө чейин жооп күтөбүз. Болбосо...

Ал сүйлөп жаткан кишинин оозунан сөзүн ачууланып, араң турган бирөө жулуп алды.

— Эгер андан ашса, биз өз билгенибизди иштейбиз.

— Ошол, эсиңерде болсун!

— Ооба! Ооба!

— Айланайындар, акырын! — деди Шпаковский төрө.

— А, силер да бизди алдабагыла!

— Тынчтангыла! Болбосо,— деп төрө күпүлдөй турган сыяктанат.

— Биз, сиз менен сылык сүйлөштүк.

— Жолдоштор! Талабыбызды төрө колуна алды. Эми ишке киришели,— деп элдин арасынан бирөө кыйкырганда, шайы оош, дени өлүп калган начальник ал ким экенин көргөн жок. Толкуган жумушчулар мастерскойго келишти да, өз иштерине киришишти. Начальник ордунан карыш баспай селдейди. Ал жумушчулар берген кагазды эсинен чыгарып коюп, бир оокумда эс-учун жыйып, колундагы кагазды көргөнүндө «Ах» деп катуу чочуду. Канцелярын көздөй буту-бутуна тийбей чуркап баратып, кайра кайрылып артын көздөй тызылдаган бойдон жөнөдү. Анын денеси дүркүрөп, бүткөн бою муз менен таш. Анын кебетесин көргөндөр «бу кутурган киши го» деп таң калгандай. Үрөйү учуп калган начальник бир кыйла жерге чуркап барган соң, кышылдап баса албайт. Энтигет. Көзү ала чакмактап, башынан көк буу чыгат. Тилин сунуп «суу» деп тамшанат! Ага суу кайда? Семиз неме катуу келатып жүрөгү жарылып, мүрт кеткени аз гана жерден калды. Ал өмүрүндө мынчалык жанын кыйнаган жан эмес эле, жаталак болгон жылкыдай башын чайкайт. Төрө мастерскойдон чыккандан бери арадан жарым саат сабап өткөн. Жумушчулардын кайратынан жүрөгү түшүп калган начальник араң эсин жыйып ордунан козголууга чамасы келди.

Ал сенделип кең көчөнүн ортосуна түшүп келе жатат. Демейде кулпунуп турган Шпаковский суканы качкан. Ага Ташкент темир жол башкармасынын имаратынын караанын көрүнгөндө «ба, ба» деп үн салып баштагысынан саал тездеди. Анын алдынан аган тике маңдай келе жаткан ак сарғыл, узун бойлуу, көгүлтүр көздүү киши беркиге көңүлүн бөлүп:

— Амансызбы, төрө? — десе, тигил кездеше калган кишиге үйгактай жабыша калды да:

— Айтчы, кудай жалгагыр, сен мени кайдан таавыйсың? — деп сурай кетти.

— О, начальник, сизди кантип таанибайын,— деди эле, Шпаковский анын сөзүнө көтөрүлө түштү.

— Эзнбаш, бузукулар менин кыжырыма тийди. Кой-

гон талантары алардын мынакей. Буларды кокүтүн жүргон киши болуш керек.

Колундагы кагазды ага сунду эле, колу калтырады. Ал жолуккан кайдигер киши ийнин куушуруп:

— Жумушчулардын да үй-бүлөсү бар... Алар да жанагысы келет... Силер жумушчулардын койгон талабын орундатсаңар эле, жаныңар тынчыйт,— десе, Захар Захарович селт дей түшүп, аны акырая караганда, ал кездешкен киши беркиден жооп күтпөй жолуна түштү. Шпаковский аны жаман көзү менен карап алды да, колун шилтеп анын аркасынан «Мунун акыл үйрөткөнүн кор» деп кобурап басып кетти.

Темир жол башкармасынын начальнигинин кабинетине ал араңдан-зорго кирсе, секретары сулуу аял эле, ал өз начальнигине кандайча жагар айласын табалбай бетин боёп, кашын чийдей ичке кылып жулуп, күзгүсүнөн көзүн албай жасанып олтурган.

Шпаковский ага аңдоостон:

— Татынакай чымчыгым,— деди.

— Ах! Бу ким? — деп бурулуп аны көрө коюп,— сиз мени чочуттуңуз. Шайтандай болуп көзгө илешпей кайдан келе калдыңыз? Ах! Мен чочуп да кеткенимчи,— деди.

— Айтчы, когучкөнүм, ал өзүндөбү?

— Ооба, өзүндө... Сиз анын тынчын алганы келгенсиз го? Жок, мен сизди жибере албайм. Бүгүн Иван Степановичтин сабыры суз.

Аял ыргыштап тескери карап кетти.

— Кудай жалгагыр, мен ага зарыл жумуш менен келдим... Шумдуктуу окуяны мен ага билдирбесем, менин күлүм көккө сапырылат да, кайра үйүмдү көрбөй калам. Анна Сергеевна, мени аясаң боло?

— Ах! Эмне, сизди ал сызга олтургузуп кеттиби? Ошондой болмок элеңиз, сизге чала. Мыш, ушинтип акмак болмок элең.

— Ка-ап! Деги сабыр этип сөз уксаңыз боло.

— Билем, сизге куп гана сооп болгон экен. Менин шагымды сындырдыңыз эле.

— О, андай эмес, уксаңыз?

— Аа, анан кандай?

— Садагаң, мен кордук көрүп келдим, кордук!

— Эх, кимден?

Анна Сергеевна олтурган ордунан секирип кетти.

— Азыр, айтайын. Кабыл алар.

Аял господин начальниктен уруксат сурап кайра чыкканча коркуп алактап калган Шпаковскийдин көзү тунара түштү. Ал дал ошол учурда мастерскойдогулардын сүрдүү сүйлөшкөндөрүн көз алдына келтирип элестетти. Ал өзүнчө сүйлөнөт: «Алардын көзүнөн корком».

— Захар Захарович, уруксат, кире берсеңиз да болот,— деп Анна Сергеевна ага сылык мамиле кыла жылмайганда, ал ийиле түшүп баш ийкей, начальниктин үстүнө кирер менен аптыгып, тили күрмөөгө келбей байланып калса болобу.

— Сизге эмне?

— Сиздин урматыңызга, бир жаман иш болду. О, кудай сизге кантип айтарымды да билбейм.

— Эмне болду?

— Айып этпеңиз, мен сиздин тынчыңызды алдым? Мага мастерскойдогу «айбандар» чоң запкы көрсөтүштү. Кордук, кордук?

— А? Эмне уруштубу?

— Жок Иван Степанович, андан да жаман кылышты. Мына бу кагазды окуп көрүңүзчү? — деди да, Захар Захарович калтыраган колундагы кагазды Ульянинге сунду эле, ал кагазды көңүлсүз алды да, улам арт жагын окуган сайын аңын өңү өзгөрүп, кан-сөлү жок кумсара баштаганда, аны тиктеп олтурган инженер Шпаковский таптакыр өзүн жоготуп койду. Ал кагазды окуп аягына чыкты да, муштумун түйүп столду бир муштап каарланды...

— Ах, иттердин ойлоп тапкандарын кара! Ал салпаяктарга муну үйрөткөн ким?

— Сиздин урматыңызга, ал додойлорго ким үйрөткөнүн ким билсин.

— Мен муну губернаторго билдирем. Ал айбандарга түрмө, түрмө керек,— деп өкүрдү Ульянин.

## 5

«Ар адамда бир кыял, ал кыялды ким тыяр» дегендей, Ульянин барып турган ожөр, көк жана анысы аз келгенсип ууканын учуруп, кошуп айткан узун кулак, желпинген киши. Сактыгы сагызгандай, суктугу андан да ашып түшөт... Темир жолчулардын ырыскысын уурдаган шум. Ошон үчүн жумушчулар аны «ач көз желмогуз» деген атка кондурушкан.

Захар Захарович ага кабар берер менен ал, жарканаттай жанын сабап, эки кабат үйгө жеткен маалда, эшик тоскон полицейский ысыкта талыкшып, шайы кетип турган. Шашкан Ульянин акырын, жай анын жанынан шып өтө берди эле, тиги мемиреп кеткен кемтумшук селт дей түшүп көзүн ачса, кимдир бирөө аял-уялга келбей сүзө качырып өтө бергенде чайттай көзү ачыла түштү.

— Төрө! Сабыр этер бекенсиз?

Таманы жерге тийбей бараткан Ульянин кылчайып артын карабаска айласы канча?

— А? — деди токтой калып.

— Мени айыпка буюрбасаңыз, мырза, сиз кимге бармаксыз?

— Урматтуу генерал-губернаторго! Менин чолом жок, иш шашылыш!

Ал андан бөлөк кепке келбей кете берди эле, аны токтоткон адам сөрөй ызаланып, шагы сынганынан жети өмүрү жерге кирди. Ал экинчи кабатка түйүлгөн бойдон чыкса, анын көзүнө губернатордун караны залдан көрүнгөндө, ал өзүн-өзү эң барып турган таалайлуу адамдай сезди да, шырп алдырбай жыла басып, колун аркасына алып, аркы-терки басып турган улуктун жанына жакын барып, улуу даражалуу немеге даап батына албай сүрдөгөнүнөн бүткөн бою титирейт. Сөөлөт күтүп жүргөн улук терезеден шаардын көрүнүшүнө көз жүгүртүп, ойлонду, тиги чок баскан иттей калчылдаган мырза дагы эле далыгып салып турган адамды жал-жал тиктеп какайып турат. Сүрдөгөн Ульянин төрө мурдунан демин зорго алып, капчага дейре тикесинен зыңкыярын ким билсин? Чоңдун үстүнөн караган чоң... Терезени теше тиктеп, түпсүз терең ойго чөмүлгөн губернатор күңгүрөнө артын кылчая караса, катырып койгон өлүк сыяктуу зыңкыйган адамды көргөндө, жүрөгү болк дей түштү да, ал залдан чыга жонпочудөй шашып баратып, эшиктин алдына тык токтоду.

— Сиз мында уруксатсыз кандайча келип калдыңыз?

Ульяниндин тили араңдан-зорго күрмөөгө келди.

— Сиздин улуу даражаңызга, мени айыпка буюрбаңыз?

Сүрдөп калган неме бөлөк сөз сүйлөөгө чамасы келбей көл-шал түштү...

— Сизди кандай тагдыр мында айдап келди?

Губернатор айкырганда, Ульяниндин оозунан сөз түшүп, дени өлүп, дал болду...

— Кудай жалгагыр, арбак сыяктанбай айтарыңды айтчы?

Ульянин мурдагысынан саал кичине эс-учун жыйды. Бирок, анын жүрөгү дүкүлдөйт.

— Сиздин улуу даражаңызга мен сизге,— деп ал сөзүнүн ар жагын айталбай дөөрүмөк болду эле, губернатор аны сүйлөтпөй кабагын чытып, оң буту менен тактайды тээп ачууланганда, Ульянин кайраттанып оозун ачты.

— Сиздин улуу даражаңызга, темир жолдун башкы мастерскоюнун жумушчулары наааразылыктарын билдиришип, баары жапырт кол коюшуп, мына бу даттануу арызын начальникке тапшырыптыр. Эгер биз алардын мүдөөсүн жана койгон талабын үч күндүн ичинде канааттандырбасак, анда алар жумушка чыкпай иш таштап, забастовка жарыялашмакчы! Мен мындай бузукулардын аракетин сизге дароо билдирүүгө аргасыз болдум.

Ал сүйлөп бүтүп, генерал-губернатордон көзүн айырбай, томсоргондо, анын денесин кимдир бирөө аңдоостон шибеге менен бышып жибергендей сезет. Генерал-губернатор сол колу менен купкуу сакалын мыкчып, башын чайкайт. Анын көзүндө заар бар.

— Иттер! — деп катуу чаңырды, көңүлү куунак жыргалга батып, кайгысыз жашаган карт губернатор. Бирок, ал ойлонуп турбастан, дароо жумушчулардын койгон адилеттүү талабын кап буугандай токтотуу үчүн катуу аракетке кирипти.

Дароо келсин деген буйрук полицияга заматта тийди. Чакырыкты алар менен бейкапар дуулап жүргөн неме «эмне себептүү чакырды? Менин ишимен бир кемчилик тапкан го? Же бирөө ага мени жамандады бекен? Мени ушактаган жанагы чолок куйрук сагызган Ульянин болуш керек» деп полицмейстрдин күн мурунтан жүрөгү түштү. Өңү саруулап губернатордун үстүнө кирсе, көзүнө кандек күчүктөй шыйпалактап турган неме көрүндү. Ал ичинен «А, мени суук тумшук көрсөткөн маймыл мында тура» деп ойлоду.

— Сиздин улуу даражаңызга, чакыртууңуз боюнча полицмейстр келди,— деп титиреп зыңкыйды эле, адамга жакшылык кылбаган как баш губернатор ыңгыранып, сүйлөгөнчө андан мурда озунуп,— сиз мына бул митаамдын айтканына ишенбеңиз? Бул өзү ашкан бузуку адам, калп

айтып бирөөнө жамандык көрсөтнөгөн күнү өлөрүн санайт! Менин үстүмөн сизге калжыраса керек,— деди эле полицмейстр, губернатор ордунан ыргып турду.

— Эмне деп дөөрүп жатасыз?!

— Сиздин улуу даражаңызга, мен пара албаймын, мунун парасыз күнү жок.

Губернатор бурчка барып кадала калган Ульянинди жутуп жиберүүчүдөй тиктеди.

— Сиздин улуу даражаңызга, полицмейстр төрө сиздин алдыңызда актангысы келет... Анын улуу урматына мен ак кызмат өтөөгө дайым даярмын. Алардын жазганы чын...

Жаны кашайган полицмейстр ордунан алдыга бир кадамдай илгери жүткүндү.

— Буга ишенбеңиз? «Баланча, түкүнчө полицмейстрдин үстүнөн даттанды» деп сизге актанган тура, кашка баш шайтан. О, кудай, жер жүзүнө мындай желтаман азезил шайтанды эмне жараттың?

— Бас жаагыңды! Ах, сокурлар, кашайган көрлөр! Сен эмнени карап жүрөсүң? Дөөрүктөр, силер аюунун сүрсүгөн колбасасына семирген экенсиңер да! Улуу даражалуу падышага жан-дили менен кызмат кылышат имиш! Ульянин төрө мага забастовка баштамакчы болгон жумушчулардын койгон талабын алып келген. А, сиз төрө, наразылык чыгарып, тополоң баштоого камынган жумушчуларды көрбөй, ой-тоону айтып калжырайсыз. Эх, дагы полицмейстр сөрөй имиш. Сизден көрө кир жууган боз катын тартипти дурусураак билет, жана ал кыраакы...

Беркилер түк ооз ачышкан жок. Генерал-губернатор аябай каарданган сайын полицмейстр кайда жашынарын билбей өлүктөй зыңкыят. Губернатор полицмейстрди жекирип жатканда, Ульянин «дагы, дагы тилдей түш» деп ичинен кымылдап, табалоодо...

— Ах, эгер жумушчулардын тополоң баштаганын падыша билсе, анда мен эмне деп жооп берем?

— Улуу даражалуу улугум, жаңылдым, сизден миң мертебе кечирим суранам. Мени бекер өлтүрбөңүз?— деп, үнүн каргылданта ыйламсырады, ала көөдөн полицмейстр. Анын кулагына бирөө «сенин ишиң бүттү» деп шыбырагандай сезилет...

— Байкаш керек!

— Олдоксондугум үчүн сиздин алдыңызда күнөөлү-

мүн,— деп ал тик багып карай албай башын шылкыйтып төмөн карап күңкүлдөөгө араң чамасы келди.

— Сиздин улуу даражаңызга, жумушчулардын жашыруун типографиясы бар экендиги аныкталды... Кокусунан чайканалардан жана мастерскойлордон кармалган баракчалар, прокламациялар толук далил...

— Ах, ошондой де! Типографияны таптыңарбы?— деп губернатор полицмейстрден такып, аны жекире сураганда, ага кандайча жооп берерин билбей заманасы куурулуп, мукактана түшүп, сөз табалбай кайсактап шашкасында:

— Типографияны таптыңарбы?— деп губернатор экинчи ирет кайталап сураганда, полицмейстр андан сүрдөп өзүн жоготуп койгон эле, аны жекирип жатканда беркн төрө: «дагы сөксө экен, ой куп гана болду белем» деп ичинен табалап жатат.

— Мен, мен өзүм кошо жүрүп тинттирдим, бирок шектүү эч нерсе табалбадык...

Полицмейстрдин андан башка сөз таап айтууга кубаты жеткен жок. Генерал-губернатор кабагын карыш салып түнөрө түштү да, ордунан туруп, полицмейстрдин жанына жакын барып:

— Эгерде, типографияны талкалап жок кылбасаңыз, полицмейстр төрө, анда алар сизди ойрон кылышары эсиңизде болсун,— деп анын жанынан бурулуп баратып беркиге тигиле карады.— А, сиз төрө, жумушчуларга бийлик кылалбай өзүңүздүн бошоңдугуңузду көрсөттүңүз. Жумушчулар сизди жуталегинде сиз алардан мурда өзүңүз сацыз дурус болор эле. А-а, төрөлөр, Россияда марксчилердин тобу пайда болгонун уккан чыгарсыздар? Жумушчуларга акыл-насаат айтып уюштуруп жүрүшкөн кишилер биздин арабызда эле жүрүшөт. Алар бизди көрүп жүрүшсө, силердин аларды көрбөй темселеп жүргөнүңөр таң каларлык. Экинчи бул шаарда козголоң чыгарууга аракет кылышкан адамдар бар экен деген кабарды мен уксам, анда, силер өзүңөр бул жарыкчылык менен коштошо бергиле. Урматтуу төрөлөр, менин шартым сиздерге түшүнүктүү чыгар?

— Сиздин улуу даражаңызга, албетте, түшүндүк!—дешип эки төрө жарыша жооп беришти.

— Анда ишке киришкиле! Силер бошсуздар,— деди генерал-губернатор төрөлөргө.

Булар жеме угушуп, бирин-бири көргүлөрү келбей көчөгө чыгышса, көчөдө жүргөн Шпаковский беркилерди көргөндө алардын алдынан тосо жүгүрдү.

— Кудай жалгаган төрөлөр, ал эмне деди?

— Мен губернаторго өзүмдүн мекениме жан-дилим менен берилгендигимди жана биздин кыраакылыгыбызды айтсам, а бу полицмейстр төрө анын алдында дөөдүрөдү, кымбаттуу мырза Захар Захарович.

— Коюңузчу?!

— Ырас айтам, ишенип койсоңуз да болот.

— Ай, ай! Деги маскара болбой чыктыңарбы?

— Аны бу мырзадан сураңыз,— деди Ульянин полицмейстрди сөөмөйү менен көрсөтө.— Полицмейстр мындан ары аган салабаттуу кишидей көрүнбөс...

— Теңир жалгагырлар, үч күн өткөн соң, мен жумушчуларга эмне деп жооп берем? Айтсаңар боло, кандай маслетке келдиңер?— деп Шпаковский күйкөлөктөнөт.

— Жумушчуларды зордоп иштетиш керек,— деп күрсүлдөдү Ульянин.

Башын шылкыйтып, аларга катарлаш бараткан полицмейстр бир чети кошомат кылгандай жана өзүнүн эрдик көрсөтөрүн алдын-ала эскерткиси келдиби, үнүн жоон чыгарып оолукту:

— Ал терсаяктар жумушка чыкпай забастовка жарыялашса, мен алардын терисин тескери сыйрып, атасын таанытам. Кара ниеттерди мен тескө салам! Анан алар: депого, мастерскойго жалдырап кайра өздөрү келишет да, Захар Захаровичтен тизе бүгүшүп, кечирим сурашар. Ошондо, сиз мырза, жылмайып күлөрсүз... Бирок аларга баш-көз болгон кишилерди кармаш керек.

— Мына кеп ошондо,— деди Шпаковский анын сөзүн коштоп.

— О, анда сиз өз эрдигиңизди көрсөтөсүз го дейм?— деди Ульянин аны какшыктап.

— Мага ишенип койгула!

— Атаганат, полицмейстр төрө, сиз ошентсеңиз боло? Адамдын душманы адам. Мен бүгүн алардын көзүнөн чоочудум. Түрлөрү суук.

— А, мырза Шпаковскийдин жүрөгүн чыр жумушчулар түшүрүп коюшкан го! Кам санабаңыз, мен өзүм алардын жазасын берем,— деди көөдөнүн көторо Ульянин.

Ал үчөө темир жол башкармасынын имаратына жетиш-терине аз калганда, булардын караанын көрүүгө зар бо-

луп турган секретарь Анна Сергеевна аларды коро коюп шыйрагы сынганча текилдеди.

— Тиги катын эмне көрдү? Дагы бир каргаша болгон го, төрөлөр? Кандай тынчы жок күндөргө туш келип баратабыз?— деди кейип Шпаковский.

— Ал бир пас сизден ажыраганга куса болуп калган го?

— Жөнү жок тамашаңды койсоңчу, полицмейстр төрө.

Аларга карай жүгүрүп келе жаткан Анна Сергеевнанын төбөсүнө чокчойто кийген эскирээк саман калпагын башынан жел учуруп кетти эле, ал «ай» деп чаңырып кайра кайрылып аны алууга үлгүргөнчө, беркилер анын жанына жетип барышты.

— А, көгүчкөнүм, сиз эмнеден чоочудуңуз?— деп Ульянип сурады эле, алактап шашып калган Анна Сергеевна аптыгып араңдан-зорго сүйлөдү.

— Мырзалар, бир шумдук болду...

— А? Кандай шумдук?— деп чоочуп кетти Шпаковский.

— Сизге жаман айткан ким, сулуу?— деп калп эле жылмайымыш болду полицмейстр.

Анна Сергеевна боюн түзөп жагалданып, тигилерге өзүн бөтөнчө сүйкүмдүү жубандай көрсөткүсү келди да, оштонуп жаракөрлөнө баштаганда, беркилер анын кылык-жоругун жактырышкандай ага көңүлдөрүн бөлүштү. Анна төрөлөрдүн аны сыйлашканына ыраазы болуп кубанды да, буларга жагынгысы келип, чөнтөгүнөн бүктөлүү кагазды алып, үчөөнө көрсөтүп мактана кетти.

— Кадырлуу төрөлөр, губернатордун алдына барып, андан сүрдөп калтырап турганыңарда мен көчөдө серүүндөп жүрүп, силерчилеп убара болбой эле, баракчаны колго түшүрдүм.

— Мага бериңизчи?— деп полицмейстр баарынан мурда озунуп андан ала койду. Ал баракчага миптип жазылган: «Жумушчулар! Силер бирдиктүү болуп, башкаруучу кожоюнуңардан эмгек акыңарды көбөйтүүнү жана жумушчу күнүңөрдү кыскартууну жазганбай талап кылгыла!» Начальник ал баракчага тез коз чаптырып окуп чыгып:

— Сизге бул баракчаны ким берди?— деп сурады.

— Муну бир өзбек жигит менин жанымдан өтүп бара-тып чөнтөгүнөн бирдеме алмак болгонунда кокусунан түшүрүп койду да, байкабай кете бергенинде, мен жүгүрүп барып ала койдум...

— Сиз, анын өңү-түсүн байкап калган жоксузбу?— деп Аннага жабыша калды. Беркилер сөзгө кийлигишпей тынч турушат.

— Анын өңү-түсүнүн мага кереги эмне?

— Сизге аны таанып калыш керек эле.

— Полицмейстр төрө, мен андайларга эмес, сизге да ашык болууну каалабайм.

Анын сөзүнө полицмейстрдин куйкасы курушуп териге түштү. Бирок, ал анысын беркилерге кебетесинен сездирген жок. Шпаковский баракчаны андан алып көрмөкчү болуп ага колун сунса, ал берген жок.

— Мен бул баракчаны эч кимге бербейм.

— Ала бериңиз, аны мен сизге белек кылып бердим,— деп Анна мыскылдагандай күлдү.

— Мына, эми маселе ачык! Муну сизге ким бергенин жана жашыруун типографиянын кайсы жерге бекитилгенин бизге таап бересиз?

— Ах?! Полицмейстр, сиз мага док кылбаңыз!

— Жок, сиз анткорлопбоңуз. Кантип аны тааныбайсыз? Мен сизди билем.

— Кудай ай, мырзалар, бул мага асылмак болду. Мен муну чангамын. Мага жалган жалаа жаап, менден өч алгысы бар. Жок, сен мени кордой албайсың.

Долу аял чаңырганда, аркы-терки өтүп жаткан кишилер ага таң кала, оолагыректан тыңшашат.

Полицмейстр чагарактап, кыр көрсөтө баштады.

— Бул ишти башка билген кишилер да бар болуш керек. Падышалык өкмөттү алдагандарды мен табам. Бул баракчаны көтөрүп мен кайда болсо да тызылдайм!

Ал шашып, бакылдаган бойдон сөзгө келбей жоноду.

— Төрөлөр, мага жалаа жапканы кандай? Жинди болгон го?— деди Анна шолоктоп.

— Бул баракты тараткан адамды сизге тапкызмайынча, төрө сиздин тынчыңызды ала берет,— деди Шпаковский.

— Мен сиздерди күбө кармайм. Анын мунусу иттик. Мага жапкан курулай жалаа. Мага революционерлерди карматып алгысы бар го? Мен революционерлер жөнүндө укканым үчүн жооп бермек белем?.. Жок, мен мындай кордукка чыдай албайм.

Шыңга узун бойлуу, арык чырай кыз Таабалдыны ээрчип деподон чыккан учурда, күн жаңыдан кылкылдап батып бараткан эле. Эки жаш өздөрүнчө алда немелерди айтып күлүп, ийри-муйру көчөгө түшкөндө аларга теке маңдай чачы таралбай саксайган, сукаңы учуп, кейпи кеткен Анна Сергеевна кайдадыр бир жактан шашып келаткан. Ал беркилерди көргөндө токтой калды да, Таабалдынын оң жагындагы ак жуумал кызга «Бери мага кайрыла кет» дегендей белги берсе, кыз анын жанына көңүлсүзүрөөк бурулганда катындын кабагы бузула түшүп, аны каргагандай эрдин кыбыратат.

— Амансызбы, айым?

— Эсенчилик, Катя, сенде азыраак жумушум бар.

— Айтыңыз?

Анна Сергеевна кыздын жанында жүргөн чоочун жаш кишиден жазганып аны тиктеди эле, ал билмексен болуп, чайттай ачык асманга көз жүгүрттү.

— Катя, сен эмне меникине келип кир жууп бергенди койдуң?

— Чолоом жок, айым.

— А, байкуш кыз. Мен сага боор ооруп жатам, мастерскойдон алган айлыгың аз.

Аял эки бөйрөгүн таяна сүйкүмсүз ичинен кыңылдайт. Ал жупуну кийинген кыздан бирдеме сурап билмекчи болсо керек го?

— Эмне унчукпайсың? Балким мени менен сүйлөшкүң келбей турат го дейм? Анда жолуңа түш, чырагым.

— Сүйлөй бериңиз, айым.

Кызды ал колунан жетелеп саал баса түштү да, анын көгүлтүр көзүнө тике карап:

— Сага кызык адабият китептерди жана баракчаларды оку деп кимдир бирөөлөр алып келип жүрсө керек го?

Анын сөзү Катянын көкүрөгүнө тык дей түштү.

— Магабы? Мына кызык! Аны ким айтат?

— Ооба, ооба, менден жашырбай эле кой, секет.

— Жогуңуз. Мен андай китептерди өмүрүмдө көрө элекмин.

— Катя, жанымы чабайын. Мен ошондой китептерди, баракчаларды окуганды жакшы көрөм. Сен чоочуп жатасың го, ия? Менден жашырба!

— Кечиресиз, айым, сизден жашыра турган мен билген түк эч нерсе жок.

— Билем, билем. Жумушчулар «жакшы». Мен андай

жөнөкөй кишилердин көз карашын жактырам. Эгер мындан ары сенин колуңа ошондой китептер тийсе, аны мага алып келчи, мен окуп чыгып кайта берем.

Катя ага убада берген жок. Анна Сергеевна чөнтөгүнөн ылдам бир теңге алып ага сунду эле, кыз акчаны «албайм» деп колун силке артын көздөй кетенчиктеди. «Ал» деп катын ага жалынып акидей асылат. Ал, бечара кызга акчаны канчалык таңып, алдырууга тырышса да, кедей кыз акчага кызыккан жок.

— Мейлиң, өзүң бил, жарыгым. Менин сага жаным ачып чын ак пейлим менен бергим келди эле,— деди да ал Таабалдыны кылчайып карап, бир көзүн жума, адатынча тамшана кетти.— Тиги сенин эмнең? Сүйгөнүң го?

— Жогуңуз, жоп эле таанышым.

— А, сен мусулманга көңүл бургансың го? Катя, жанагы мен сураганды мунун билиши мүмкүн. Ах, кагылайын, мен андай китептерди бир окууга ушунчалык ынтызармын. Сен ойлобой эле кой, «ак сөөк аял» менден жарды кызга эмне жабышат?» деп... Байкуштарды көргөндө менин жүрөгүм сыздайт.

Аннанын бул жылуу сөзүн уккан соң, Катя кичине муюша түштү эле, куу аял кыздын кебетесинен аны сезе коюп сыр тартмак болуп жанын үрөп ийди.

— Эх, мен падышаны жек көрө баштоочу болдум. Жумушчулардын зарын анып угар түрү жок экенине менин көзүм эми анык жетти, садагасы. Сен эч кимге айтпа, бул менин чын сырым.

— Сизден ушундай сөздү укканда мен кубана баштадым,— деди эле Катя, Анна Сергеевна өз ичинен кым дей түшүп:

— Азапка чыдай алышпаган соң, Россиядагы жумушчулар стачка чыгарышканда... Азыр Москвадагы, Питердеги завод, фабрикада иштешкен жумушчулар турмуштарынын оордугунан чыдашпай забастовка жарыялашса керек,— деп улутунуп, көзүн жашылдантты эле, Катя ага ишенүүчүдөй сыяктанды.— Мага алар аянычтуу. Үйдү курган, заводдо иштешкен, жер алдындагы кендерде өлүмгө башын байлашып, алтынды, көмүрдү казган ошолор, ал эми бечаралардын турмуштарын айтпай эле кой...— деп Анна кейиди. «Сиз чындыкты айтып жатасыз»— деди эле, «Муну кайырмакка илдим» деп Анна ичинен кымылдады да,—баса, деподогу мастерскойдогу жумушчулар да забас-

товка чыгарууга камданып жатышат деген кабар угулат, сен аны билбейсиңби, жаным?— деп сурады.

— Жок, мен андай сөздү угалекмин,— деп Катя кызарып кетти да, алардан окчунураак бурчта терекке жөлөнүп турган Таабалдыны көзүнүн кыйыгы менен тиктеп, кетүүгө ашыкса, Анна аны дагы сөзгө алаксытып сырын тартууга тырышты.

— Сен, менден жашырып жатасың. Мен аныңы сезип турам. Мен бирөөгө айтып сени кармап бермек белем. Жумушчулардын жашыруун типографиясы бар экен деп айтышат, ошол ырас го дейм? Аларга жетекчилик кылган акылдуу бирөө бардыр.

— Кечиресиз, айым, мен сиз билүүгө кызыккан нерселердин бир да бирөөн да билбейм,— деп Катя анын чегип сурап жатканын сезе коюп, жанынан кетүүгө ашыкты.

— Катя, балким сен башкача ойлоп турган чыгарсың... Менде жамандык ниет кайдан болсун, сен мага түшүнсөң?

— Ишениңиз, мен эч нерсе билбейм. Кошуңуз,— деп Катя башка сөзгө келбей кете берди эле, Анна баары бир качан болсо сенин сырыңды билем деп күбүрөдү.

Катя жанына барганда Таабалды ага унчукпай алдыга түшүп басты эле, ал аны менен катарлаша түшкөнүндө «Бул аял менин таанышым эле» деди. «Кош, эмне дейт?» деп Таабалды сурай калганда, кыз анын суроосуна жооп бербей, сөздү башка жакка буруп чаргытууга аракеттенди.

— Ал сенин сырыңды тартууга тырышты го?— деп алардын жанында туруп угуп тургандай берки жазбай үстүнөн чыга айтты. Бул экөө шыбырашып сүйлөшүп бара жатышат. «Сен дал үстүнөн чыктың, Александр». «Анда мындан ары жолобо». «Жарайт, Александр». «Катя, мен ага баракчаны түшүрүмүш болуп калтыргамын. Бирок мен ойлодум эле, аны бөлөк аял го деп, көрсө Ульянин төрөнүн катчысы экен. А, балким ошо баракчадан пайдаланып жакшы атка коном» деген үмүтү болгондур. Бирок, иши кыйчалыштаган чыгар. Сага эпилдеп жабыша калганы ошол болуу керек. Мындай учурларда алар алдап баарын билип алуу үчүн адамдын ичи-койнуна кире калышат да! «Александр, бул мага чоң сабак» деди Катя. Бул экөө жумушчулардын кепеден жасалган жатаканаларынын жанына жакындашкан кезде, жаңы жаңырган ай тунук асманда жылып сүзүп бараткан. Ай орoктой иймейип, күмүштөй жалтырап кечке маалкы тунук асманда

«Мен жаңы төролдүм, адамзатка менин жарык нурум тиет. Менин жүзүмдү кимдер калкалай алмак эле» дегендей сүзүп баратканын көрүшкөндө, Таабалды менен Катя жаңы тууган айга суктана моюндарын созуп асманды карап тура беришти. Ай болсо токтобой сүзүп баратат...

Полицмейстрдин ажаан Аннада эзелде унуткус кеги, эсинен чыккыс өчү бар. Булар бир кезде бирге меймандa болушуп, шапар тээп бийлешкенде, кадырлуу кишилердин көзүнчө «кебете-кешпири суук киши менен мен бийлебейм» деп боюн көтөрүп, анын баркын кетиргени эсинен кетелек.

Анна үйүнө кирер замат ага кечирим сурап барганында ал тапанча такап, «атам» деп каарланганын эстеп улупуңшуп ыйлай берип, ырп этерге дарманы калбай шайы ооду. Өксөй берип алы кетип, көзү тунарса да, ал анысына карабай долуланып, башын мыкчып, чачын жулуп, чөөчө улуп-уңшуйт. Анын каранар-карманары жок жалгыз...

Ал саат сегизге чейин тынымсыз боздогон. Жүнү үксүйгөн кара кандек мамык төшөктүн аягында комдонуп жатып, «сен ушуну көрмөкчү элең» дегендей аны тиктейт. Бир оокумда күтпөгөн жерден эшик шарт ачылып кайра тез жабылганда, Анна бүргөдөй түйүлүп өйдө боло калса, маңдайында Ульянин сурданып турат.

— Ах! Мен сизди келет деп күткөн эмес элем.

— А, мен сизди унутпай калайын.

— Ой, мен чексиз бактылуу экемин. Эгер сиз келбесеңиз мына бу кандек менин өлүмүмө күбө болмок. Бирок, менин кандайча азапка түшүп, азиз жандан кечкенимди макулук иттин баяндоого кудурети кайдан жетмек эле...

Ульянин аны аягандай башын ийкеди, анып ыйдан шишиn, кызарган көзүн көрө коюп чочуп кетти да, ага жаны ачыгандай болду, ал ото кичи пейилдик менен ийиле түшүп, Аннанын колун жыттаганда, ал анын төбөсүнөн өөп, сасыган кашка башын кучактап, эчкирип жиберди. Кандек аларды жаман көзү менен карап, ордунан козголуп: «капырай, адамдан да ушундай ажаан чыгат экен да!» дегендей.

— Төрө, сизге эмне даярдап жиберсем? Кудай ай, көңүлүңүздү кантип ачар экемин? Же бир саам карта ой-

поп жиберсекпи?— деп Анна мырзасына канткенде жагарынын айласын таппай далбастады.

— Тынчтаныңыз?! Мага эч нерсенин кереги жок.

Анна Сергеевна атыла чуркап барып анын мойнуна ач кенедей жабыша калды эле, ал сүйкүмсүз сулуунун билегин акырын түртүп өз денесинен оолактатканда, жубандын шагы сына түшкөндөй болду. Аны алаксытуу үчүн:

— Сиздин көзүңүз эмне мынча кызарат?— деп сурады.

— Мени баягы барак жөнүндө полицияга айдатып барып полицмейстр аябай кыйнады. Сен баракты берген кишинин билесиң деп кыстаса болобу. Мен андан кантип кутулам?

— Ии, анан?

Анна улутуна жаагын жапып эбирей берди.

«Бул баракты сага ким берди? Типография кайда? Сен тополоң баштоого камынган кишилерди айтып бер» деп алкымдайт. Мына анык дөдөй акмак! Андай кишилерди билем? Андоостон бирөөдөн түшүп калган чуулгандуу кагазды силерге көрсөтөм деп калдым балаага...

— И, дагы?

— «Андай кишилерди таап бербесең, сени камаймын» деп да оолугат, кара баскан карган эшек.

— Ко-ош, анын акыры эмне менен бүттү?

Анна Сергеевна мындай суроого жооп кайтара албай, жаагы жап болуп, унчукпай башын шылкыйтып, жер карап энтигет. Үйдүн ичинде тынчтык окум сүрдү. Бактысыздыкка кириптер болгон катындын жүрөгү дүк-дүк этип согот.

— Анна Сергеевна, сиздин мага жооп бергиңиз келбей турат го дейм?

— Ой, коюңузчу? Мен сизден сыр жашырмак белем.

— Анда баарын айтсаңыз кантет?

Анна дагы унчукпай мелтиреп калды да, анан ордунан туруп, анын маңдайына тура калып, көзүн сүзө «Мени аясаң боло? Сенден бөлөк менин кадырыма жетер ким бар?» дегенсийт.

Ал кардыккан үнүн жасап, ага жашыруун сырын аргасыздан ачты.

— Мени кыстап жатып типографияны жана баракчаны жазып элге тараткан кишилерди таап берүүгө милдеттүүмүн дедирип колуман тил кат алды, акмакчылык!

— Ия!— деп Ульянин чоочуп, эшикке барып уруна семиз денесин сокту.

— Ал каргыш тийгир, мени соо койбой түбүмө жетет окшойт. Андай кишилер кайда? Асманда жашайбы же жер үстүндөбү, мен кайдан билем?

Аннанын айткан сөзүн укканда денеси муздай түшкөн төрө маселенин баш-учуна түшүнгөнүндө: «мунун балаасы мага жукпасын» деп, өзүнчө ойлонуп, жалага жыгылган катынга кеңеш айтпастан, эшикти акырын ачып жылт бергенде, ачуу кыйкырык анын кулагына тим эле ийне менен сайгандай угулду да, жаагын эки колу менен бекем басып, артын кылчайып бир кароого чамасы келбей зымыраган бойдон кетти...

## Бешинчи бөлүм

### 1

Түн... Бирок, ай сүттөй жарык тийгендиктен караңгыда мыдыр этип баскан жан-жаныбар даана көрүнөт. Жер кепенин терезе сөрөйүнөн айдын нуру кайдан тийсин, антсе да сактыкта кордук жок эмеспи, үйдүн ичинин жылчыгы жок, бек. Түн ортосу оогон учурда машинадан баракчалар шашылып басылып, жалпылдап чыгарылып жатты. Таабалды менен Катя басылган баракчаларды иретке келтирип жыйноого зорго үлгүрүшүп жүрүшөт. Эртеден бери тынымсыз машинага баракчаларды басып жатышып, булардын колдору да талыган.

— Жолдоштор! Эми токтотсок да болот го. Ушул даярдап алган баракчалар толук жетишер,— деди Антонич чекесинен чыпылдап чыккан муздак терин аарчып.

— Анда эмесе токтотолу,— деди Ильин да.

— Мен машинаны өз жайына бекитейин.

— Ошент, Филипенко. Николай, эртең сен жаңагы биз бөлжошкон жерге кечиктирбей Катяны жибер. Мен түн катып болсо да, баш калкалоочу үйүмө жетейин. Баса, силерге эскертип коёюн деп унутуп кала жаздапмын. Бүрсүгүнкү чогулуш эсиңердеби?

— Жарайт, тууган, эсибизде болсун.

— Ваня, силер унутпасаңар.

— Жумушчулар өздөрү сурап жүрүшөт.

— Кайыр, мен кеттим.

— Бүгүн мында эле жатып алыңыз?
— Жок, Надя, мага мында жатууга болбос.
— Тил алсаңызчы?— деди Наданын сөзүн коштой Катя да.

Николай машинаны ошол эле кепенин бир жерине бек жашырып кайра чыкканда:

— Пудовкин кайда кетти?— деп биздин тууган акдап тынчсыздана сурады.

— Мен ага машинаны тазала деп тапшырдым. Бүткөнүндө бизге белги берет.

Биздин тууган Таабалдыны сураган учурда, сырт жактан ышкырык угулду. Кепедегилердин эч кимиси унчуккан жок, жымжырт. Сыртка кулак салып бир аз тыңшап калышты.

— Тоорун жүрүшкөн го. Эми кантиш керек?— деп тынчсызданды Ильин.

— Биз сизди эч кайда жибербейбиз,— деп Катя биздин тууганды колдон алды эле, ал унчукпай Николай менен Иванды жал-жал тиктеди. Николай кепенин артыраак жагына барып, сөөмөйү менен үч жолу тыкылдатып чертти эле, бул белгиден кийин кепенин дубалынын боорунан кысталышта бир киши нары ичине киргенде кичине эшик ачылды. Ал эшиктин ичи-тышына өтө чебердик менен чүнүрөк урулган. Ал эшик жабылганда кенедей жиги билинбей дубал менен дубал боло калат. Ал эми, аякка аба кирбесе, анда жашына калган адам заматта тумчугуп өлүп кетпейби деп ал кепенин ичиндеги жашыруун сырын билбеген киши анын жайын баяндаган адамды бура бастырбай коюуга талаш жок го. Анын ар жагына үч-төрт киши кенен батуучу да, берки чоң кепенин терезесинин тушунда билектей, калайдан жасалган эки түтүктөн жел бир жагынан шуулдап кирсе, кайта биринен сыртка сызылып чыгып турар эле, адам баласынан амал качып кайда кутулсун. Мына ошол сырдуу кепенин ичиндеги жайдан Таабалды чыга келди.

— Эми, силер бүгүн менин жайлуу жана жылуу кепеме түнөгүлө?

Николайдын сунушуна кайдан каршы болушсун. Алар эптеп батышып жатууга камданышкан кезде ошол эле жумушчулардын жатаканасынын тегереги чендеп кимдир бирөө дагы ышкырды да, анан тим болуп калды.

— Мага мында калууга болбойт го, жолдоштор?

— Эми сизге кетүүгө жол ачык эместигин түшүндүңүз го деййм?— деди Ильин Антоничке.

— Сен коркпо, Николай, мен полициялар, жандармдар менен нечен беттешкенмин.

— Жок, сизди кетирбейбиз,— деди анын жолун тосуп Таабалды.

— Айла канча, Александр да менин кетишиме каршы тура. Ваня, сен экообүз баракчаларды, машинаны кайтарып жатмак болдук, жүр!

Машина адам өмүрүндө байкагыс жайга бекем жайгаштырылган. Таабалды алардан мурда озунуп кепенин бир жерин өтө этиеттик менен тартты эле, бир киши баткандай кичине каалгача акырын ачылды. Анын ар жагы кадимки эле кепе. Аны билбеген адамга ачуу да жана кайра жабуу да кыйын. Достор «биздин тууган» деп аташкан Антонич менен Филипенкону камсыз орунга түнөтүштү. Полициялар бул кепени далай тинтишип, түңүлгөн. Бүлбүлдөп күйгөн шам жалп этип өчүп, баары тегиз жатышкандан кийин кепенин эшигин сырттан кимдир бирөө акырын тыкылдатты эле, Николай туруп жатып «Кечиригиши келишти» деп барып эшикти ача салса, айтканындай эле, полицмейстр экен, жанында эки полициясы бар. Ал Николай менен сылык сүйлөшө баштады.

— Албетте, кечирип койгула? Бул кепеде чет кишилер жокпу?

— Мен оз эле үй-бүлөм менен жатам. Менде чет кишилер жатар тошончу жок, торо.

Полицмейстр кепенин кенедей жерин койбой аңтарып чыкты да, анан Николайга келип:

— Кана, чегишели,— деп төрө папиросунан бирди сунду.— Сен, менин келгенимди билип эле тургандырсың. Жанагы маркечил революционерлер жанды жай алдырбас болду. Андайлардын шек-шыбасын сен билалган жоксуңбу? Сен, менден чоочуба? Мен кишиге жамандык кылганды билбейм,— деп ууртунан көк түтүндү буркуратып жатат.

— Сиздин улуу урматыңызга «Революционер адам чыгыптыр» деген кабарды кулагымдын укканына бир топ жылдар болгон. Бирок андай кишилерди кездештирелекмин.

Полицмейстр кыт-кыт күлүп башын чайкады, да ойлоно ары-бери басып, Ильиндин жанына токтоду да, башын кейкектетип, мурутун жанып туруп: «Андайлар бар» де-

генде, Ильин «Андай кишилерди сизге менин кепеме түшөт дешкен го? Мына кызык!» деди эле, орундукка бутун кайчылаштырып олтуруп жатып:

— Азыркы убакта кай бир кишилерден шек саначу болдук. Андан көрө сак болгун,— деп кекирейди полицмейстр.

— Кечиресиз, сиздин улуу урматыңызга, ал кишилердин көздөгөн максаты эмне экен?

Полицмейстр мындай суроого жооп бербей турган болсо да, кичи пейилдик кылды көрүнөт, мындай деди:

— Дөдөйлүк, баш катырмай. Падышаны тактан кулатып, бийликти пролетариаттар өз колдоруна алат имиш. Андайлар кармалса, каны суудай агат.

Ильиндин алаңказар төрө менен айтышкысы келди эле, бирок ал өзүн-өзү кармады да, полицмейстрге карап:

— Мен жашагым келет,— десе, полицмейстр анын жанына келип, далыга каккылап:

— Сак боло жүр. Билсең, мага тез билдир. Мен сенин самаганыңа жеткирем! Революционерлерди көрсөтүп бергендер азыр баарына жетишет, түшүнүктүүбү?

— Абдан түшүндүм. Төрө, мен өз ишимди өзүм билем. Мындан ары сиздер мага келе берсеңиздер жанагыдай адамдар мага жакын жолошпой коёт. Сизге менин кепемди ким тинт десе, андай кишилерди ал өзү жашырып жүрөт.

— Эх, алдамчылар... Ошондойлор коп... Ильин төрө, бизден кол үзбө! Кайыр, жакшы жатып, жай тургула.

Алар жоголгон соң, бир аздан кийин кепенин ичин күлкү үч көтөрдү.

Таабалды жумуштан кайтар замат эч токтоосуз шаардын сыртына зарыл жумушуна бармак эле, бирок Катя ага «сен менсиз үйдөн карыш жылба» деген. Үйдө Николай да жок. Убакыт тар. Шашылыш. Бирөөнү зарыгып күтүү кандай кыйын. «Келбесе мейли» деп кол шилтөөгө кантип анын дити барат. Убакыт тынымсыз учуп өтүп жатканын көрсөң. Таабалды Катяны дагы күтүүгө кудурети жетпей калды. Ал шаардын күн чыгыш жагын көздөй илешпей сызууда. Бир чакырым берге баргандан кийин анын бүткөн бою муздак кара терге чөмүлдү. Кокустан бирөөгө кезикпес үчүн, шектүү кишилер бет алдынан чы-

га калса, ал билмексен болуп, бурулуп, бөлөк жолго түшүп текилдейт.

Кыйла жерди эңшергенинен кийин ал басыгын саал кичине басаңдатып, демин жыят. Кетип бараткан көчөнүн акырына чыга беререне аз калганда, жалгыз адам зорго кирүүчү эшиктен бейтаанын бирөө капыстан чыга калганын карасаң. Таабалды ага көңүл бурбай өтө берди эле, «токтоңузчу?» деген үн кулагына шак дей түшкөндө, ашыгып бараткан неме айласыздан токтоду. Аны чакырган жылаңайлак киши артынан кууп келаткапда Таабалды чочуду. Ал кайда качсын? Тегерегинде бөлөк адам көрүнбөйт. «Сага жекеме-жеке алдырбасмын» деп ойлоду ал.

Тиги жанына жакын келгенче берки аны карабай тескери жакка бетин буруп, дем алып турат. Жапагы киши ага жакып келип: «Сиз мени тааныбай өтө бергениңиз кандай?» деп сураса болобу.

Таабалдыга качандары бир кезде анын эси-көөнүнөн калгыс чоң жакшылык көрсөткөн таанышынын жүзүн ал күтпөгөн жерден көрүп турганы кызык. «Сиз Анжияндагы чайхананы унуткансыз го? Мен Алымжанмын» дегенинде Таабалды аны тааныды, эки дос кучакташып көрүшүштү.

— Ташкентке качан келдиң?

— Алты айдай болуп калды.

— И, алы-жайың кандай?

— Жаман... Эч ким жумушка албай койду.

— Ата-энең аман барбы?

Алымжан муңайып жер тиктеп, оор күрсүнүп, досунун оттой жанып балбылдаган көзүнө тике карап жашоорун, акырын сүйлөдү.

— Алар эчак дүйнөдөн кайтышкан...

Таабалдынын жүрөгү зырп дей түштү да, Алымжандын колун бекем мыкчый кармаганын өзү да сезген жок.

— Кайран кишилер,— деп каңырыгын түтөттү.—Досум, эртең түштө кечикпей темир жол мастерскоюна кел, шашпай жай сүйлөшөлү.

— Хуп.

— Кайыр.

— Соо бол...

Таабалды «келгин» деген үйгө күүгүм талаш кирип барса, Филиненко, Николай ал түгүл тигинде зарыгып күткөн Катя да андан мурда небак келиптир...

— Пудовкин, сен эмне мынча кечиктиң? — деди Антонич аны жылмая карап.

— Мен Катяны күтүп жүрсөм, ал мында тура.

— А, Катя сенден кийин чыгып, мурда келген. Аялдар күлүк келет,— деди тамашалай Николай.

Үйдүн ичине шаттуу күлкү өкүм сүрдү. Антонич кадимки адатынча башын ийкеп, тамашаны четке кагып, сөздү бөлөк жакка бурду.

— Кана, айтчы, Александр Александрович, тапшырмалар жайындадыр, э-э?

Таабалдынын терин Катя жоолук менен аарчып жаткан.

— Мен берген баракчаларды, китептерди алган кишилер эмгиче үйлөрүндө жыргап окуп жатышса керек...

Антонич ордунан туруп:

— Бали, азамат! — деп, кубана жолдошторун карап сөзүн улаптты.— Эми акылдашалы...

Аңгычакты оозгу үйгө беркилерге жүзүн көрсөтпөй далысын сала, эски ак калай чакага суу алып, отуздан ашыбыраак калган орто бойлуу, далай азап тартканы кебетесинен көрүнгөн аял келип, тигилерге көңүл бөлбөстөн идиш-аягын жыйнаганга киришти эле, Антонич эшик жакка басып барып:

— Валя, бери мында кел? — деди аны эркелете. Аял босогого келип токтоп, үйдөгүлөргө башын ийкеп учурашты.

— Кымбаттуу достор! Таанышып койгула, бу менин аялым Валя.

Таабалды босогодо турган аялды көргөндө, кандайдыр бир эң жакын кишисин көргөндөй ордунан ыргып туруп, аны көздөй боюн таштай чуркады.

— Валя жеңе!

— Таабалды! — деп аны кучактай калды эле, беркилер булар кандайча тааныш деген ойго кетишти. Тиги жаңы көрүшкөн экөөнүн көздөрүнөн жаш сымаптай мөлтүлдөйт. Ал аял көз жашын төгүп биздин тууганга:

— Сережа, сен солдатта жүргөндө, мен бир жетим бала Токмоктогу Бойковдун колуна түштү деп кат жазбадым беле. Ошол ушул. Мен муну тентип жок болду го дечү элем. Көрсө, бул чоң азамат болгон тура.

— Достор! Мен солдаттык кайгылуу күндөрдү башыман өткөргөн соң, Пишпек уездиндеги туулуп-өскөн шаарым Токмокко канаттуу куштай кайын учуп барып, жер-

дин жытын жыттоону кантип каалабай коёюн. Өзүңөргө белгилүү, партиядан мага ботончо тапшырма берилгенден кийин, Ташкент калаасы мага турак болуп калганы. Мен солдатка кеткенде, менден эрксизден ажырап, Бойков деген зулум чиновниктин отунун алып, отун жагып, кайгы жүрөгүн таарыган өмүрлүк жарыма: «мен оорулуу болгондугумдан солдаттан бошодум. Колуңдан келсе, качып чыккын да, эптеп мага кел» деп кат жазсам, байкуш Валям зулумдун уу чеңгелинен бошонуп качат да, көрбөгөн азапты көрүп, өлдүм-талдым дегенде араң мага келип көрүшкөнүнө бир айдай болду. Тагдыр адамды жетелей берет тура. Бул «өлдү» деп эчак түңүлгөн Пудовкиндин Ташкентке келип кайгы-зарды бир тартышкан Валяга кездешкенин кара! Мына турмуштун жетеги ушундай!..

Валяны көргөндө өз энесин көргөндөй сүйүнгөн Таабалды олтургандарды мээримдүү жүзү менен бир сыйра карап жаркылдап туруп:

— Анжиянда селсаяк болуп жүргөнүмдө, мага бир сындырым нан сунган, өзү кара таман кедей Алымжан деген жолдошума бүгүн мында келатып жолуктум,— деди.

Бул үйдөгүлөрдүн баарынын ортосунда айырма жоктой: достук, жакындык, боордош туугандык жана эч качан айрылгыс бир максатташ экендигине алардын ак пейилдери далил болду.

— Бүгүнкү күн, Александр, сенин эски досторуңа жолугушар күн экен да! Биз бактылуу болот экенбиз,—деди көзүн күлүңдөтүп Николай Ильин.

— Серёжа, бу чексиз чоң кубаныч!— деди Валя толкундана.

— Валя, биздин катарыбыз дайыма көбөйөт. Досторубуз көп. Элге биз доспуз. Оюма түшө калганын көрсөң. Бир саясий туткун сыртка чыкканда жанындагыларга «биз күндү дайыма көрүүгө тийишпиз». «Ким бизге күндү көрсөтпөйт? Жарыкчылыктан үмүтүңдү үзбө, кыйынчылыкка чыдагыла» дээр эле. Аны полициялар канчалык сабап, кордук көрсөтүп жатса да чыдачу. Мен андай чексиз кайраттуу кишини аз көрдүм. Анын нускалуу сөзү адамдын бүткөн боюн эритчү.

— Мени силер «биздин тууган» деп чакырып жүрдүңөр эле. Менин өз атым Сергей, фамилиям Лебедев. Эми ишти улантaлы, жолдоштор, а Валя, бизге борщ жасап жибер!

— Жарайт, Сережа!

Булар забастовканын күнүн өтө этиеттик менен талкуулоого киришишти.

## 2

1905-жылы 18-февраль. Суук адамдын сай-сөөгүн какшатат. Мастерскойдун ичине кутурган ит байласа токтогус. Жумушчулар кармашса, муздак темирге колдору жабыша калат. Николай Ильиндин эмнегедир кабагы ачык.

— Александр, байкачы, анын келер маалы болуп калды го,— деп Николай акырын шыбыраганда, казанга от жагып жаткан Таабалды эч кимисине шек алдырбай, акырын жыла басып сыртка чыгып, эки жакты караса, алар күткөн адам дайынсыз. Ал кайра бурулду эле, кимдир бирөө белги бергенсип, тамагын жасап жөтөлүп «Пудовкин!» деди. Таабалды издеп чыккан киши бая эле келип аны күтүп, теректин далдоосунда туруптур.

— Жүрүңүз, Сергей ага. Бул эшиктен кирүүгө болбос, начальниктерге кокус кездеше калсак, чатак чыгар. Быякта өзүбүздүн көнгөн жолубуз бар...

Лебедевдин киргенин мастерскойдогу суукка тоңгон жумушчулар байкашкан жок. Николай шадылуу, жоон колун ага сунду. Иван Филипенко Лебедевдин караанын ар жактан көрө койсо керек, Николайдан шылтоолоп бир нерсе сурамыш болуп келди да, сөзгө аралашты.

— Биздин талапка жооп беришкен жокпу?

— Жок,— деп биздин туугайга башын чайкады Николай.

Шынырыңды чогултуп жүргөн Катя тигилердин жанына Лебедев келгенин көрүп, ичинен кымыңдап, аны менен баш ийкеп учурашты. Николай, Иван иштемиш болгондой көрүнгөсү менен өздөрү акырын Сергей Антоничке акылдашууда. Таабалдынын колу иште, а эки көзү эшикте! «Колу-бутум тоңуп баратат... Убалым кимге жетет?» деп килейген темирди көтөрүп жатып жумушчулардын арасынан кимдир бирөө күрсүнөт. Эшикке жакын турган Таабалды анын жанына көзгө илешпей учуп жетип: «Келатат, сөздү токтоткула!» деди.

Лебедев көпчүлүктүн арасына кирип көрүнбөй калганда, Захар Захарович мастерскойго сурданып кирип келди да, адатынча чекесин бырыштырып, анткорлоно жылмайып, көзүн ойноктотот.

— Эсенсинцерби?

— Ага жумушчулардын бири «Шүгүрчүлүк, мырза» деп учурашты.

Дагы бирөө: «Биз суукка тоңуп өлмөк болдук го?» деп айтты.

— Койчу?! Ташкент жылуу шаар, быйыл анчалык деле суук жоктой көрүнөт. Кандай эле силердин өпкөңөрдөн суук аркырап өтөт?

— Төрө, жаныбыз кыйналбаса, сизге кайдан даттаналык.

— Темирге кол жабышат...

— Колубуздун үч катар терисинен ажырадык.

— Акырын! Баарыңар жабыла чуулдаганыңар кандай? Мен кимиңердин дартыңарды угам?

— Айтканыбыз сиздерге жетпесе керек.

— Жарайт, мен от жаккызам. Ачууну, жаңжалды токтотуш керек!

— Төрө, биздин койгон талабыбызга качан жооп болот?

— А, аны орундатуу менин колуман келбейт. Койгула, чырактарым. Албетте, мен силерди аядым. Эгер, көп чыр чыгара берсеңер, өзүңөр азап чегесиңер деп корком.

— Бизге жеңилдик болбосун билебиз.

— Эмне?!

— Бул бизге ырайым кайдан болмок эле деп боздойт.

— Сен бузуку көрүнөсүң.

Жумушчулар жабыла айтыша кетти эле, Шпаковскийдин оозунан сөзү ыргып кетти да, ал жалтактап жылып кайра чыкты. Анын карааны үзүлгөнчө, жумушчулар биринен сала бири колдорун булгалашып ызырынып жатышканда, алардын арасынан Лебедев суурулуп ортого чыга калганда, аны көрө элек кай бирлери көзүнүн кыйыгы менен тоорул карашат.

— Туугандар! Силер баарыңар бирдиктүү болуп катуу турбасаңар, башкарган төрөлөр талабыңарды кайдан орундатат? Алар силердин оор турмушта жашап, кыйналганыңар менен иши эмне? Кайра күчөп эзе беришет, үй-бүлөбүз ач, жылаңач. Өзүбүз күнүнө канча саат тикебизден тик туруп иштейбиз! Кана, айткылачы, араңарда ак сөөктөрдөн темирди кармап, вагонду, дөңгөлөктү ремонттогон ким бар? Эч ким жок!

Жолдоштор, сиздер Россиянын алдыңкы катардагы жумушчуларынан үлгү алгыла! Ал үчүн силер баарыңар

бирдиктүү болгонуңарда гана төрөлөрдүн алдына койгон маселеңер чечилет. Силер тайманбай турмушуңарды оңдоо үчүн күрөш ачкыла!— деп ал токтой калганда, жумушчулардын арасынан анын жайын билө элек бирөө «Бул ким?» деп эки жагын элеңдей карады эле, ага бөлөк бир жумушчу «Бул биздин тууган болот» дегенде, ал түшүндүм дегенсип башын ийкеп, сүйлөөгө камданган кишини карай мойнун созду.

— Биздин тагдырды төрөлөр өз ыраазычылыктары менен кайдан чечишсин. Эмгек акыны көбөйтүүгө жана жумуш күндү кыскартууга жалгыз гана бир жол бар. Ал жол жалпы бирдиктүү болуп забастовка баштоо. Силер тегиз иш таштаганда гана төрөлөр ойлонууга аргасыз болору ачык. Москвадагы, Питердеги биздин туугандар забастовканы тынымсыз улантып жатышат. Биз, силерди иш таштоого чакырабыз!

Анын сөзү жумушчуларга жакты, эч кимиси мындай, тигиндей дешкен жок. Ильин гана: «Жолдоштор, маселе ачык, иш таштоо жарыяланат» деди. Терезенин тушунда сырт жакты карап турган Катя Ильиндин жанына тез келип: «Начальник төрө кайра мында келип калышы да ыктымал» деди тынчсыздана. Аңгычакты Таабалды топтошкон жумушчулардын үстүнө баракчаларды чачып жиберди да, өзү Антоничтин жанына барганда, баракчаларды жумушчулар жерден терип алып жатышкан. Алардын кээ бирөөлөрү: «Бүгүн түштөн кийин забастовка жарыяланат. Жумушчулар, баарыңар забастовкага чыккыла!» деп, мала кызыл кагазга жазылган чакырыкты окуп чыгууга үлгүрүшкөн.

Таабалды жашыруун кишини узатып коюп, мастерскойго кирер замат сырт жактан удаа-удаа үч жолу урулган темирдин үнү угулганда: «Мына, түшкү эс алыш башталды!» деди Филипенко. Дайыма түшкү эс алышта жумушчулар мастерскойдон чыгышпай, ала келишкен азыктарын жешер эле, азыр болсо эч кимиси калбай көздөн кайым болушту.

Ал күнкү түшкү эс алыштан кийин гана эмес, анын эртеси да, мастерскойдо кыбыр эткен жан болгон жок, каңгырап гана бош турду. Кимдир бирөө: «Төрөлөр, биз забастовка жарыяладык. Биздин талабыбызды орундатсаңар гана жумушка кайра чыгабыз. Кошкула, төрөлөр!» — деп бир такта кагазга жазып, эшиктин ортосуна чаптап кетиптир. Аны окуганда Шпаковскийдин ыйманы саман

болуп, тобо чачы тик турган. Ал ошол замат учкан бойдон жетип барса, деподогу жумушчулар да ошо күнү түштөн кийин ишке чыкпай сызга отургузуп кеткенин угуп, кандай айла табарын билбей эси оол калыптыр. Ульянин мастерскойдогу жумушчулардын жайын билгенде баштагысынан беш-бетер үрөйү учуп калды. Алардын көздөрү ала чакмак. Жер тепкилеп алкынышкандай болсо, тим эле киши тик багып карагыс.

Генерал-губернаторго билдиришти эле, ал да кандай кыларын билбей, дал болду. Жумушчулардын ишке чыкпай койгону бүгүн шаарга эчак жайылган. Бийлөөчүлөрдүн башына кара түн түшүп, дүрбөй башташканын жумушчулар угушуп каткырыктары таш жарат. Поптор чиркөөдөн карыш жылышпай чокунуп, жумушчуларды «ээн баштар, тентектер» деп каргашат. Мечит кармаган ыймамдар жакаларын кармап, кудайга тобо келтиришип, кыбыланы карап телмиришет.

Карабай деген байдын булгаары заводу бар эле. Мастерскойдогу, деподогу жумушчулар караманча кошоруп, ишке чыкпай коюшканын угушканда, андагы өзбектердин бир тобу өздөрүнчө акылдашып, алар да кете беришкенде, Карабай кашайып сызга олтуруп калыптыр деген сөз дүңкүлдөп, шаарга тарады. «Балапча шаарда баландай болуптур» дешип кужулдашса, кай бирлери жумушчулар падышалык аскерлер менен салгылашып жатышкан имиш!» дейт. Анда бөлөктөрү: «Ошол эле дейсиңерби, жумушчулар тикеле качырып падышанын сарайына бараткaнда, аларга аскерлер ок жаадырыптыр» деп да айтышат. Кожолор, молдолор: «Акыр заман болоруна аз калды. Мусулмандар, кудайга жалынгыла!» деп кыйкырышат. Ар кыл шумдуктуу кабарлар шаарга жайылганы аз келгенсип, кыштактагы дыйкандарга да жетти.

Коога башталды. Полициялар аттарын кара терге чөмүлтүп, көчөлөрдө чапкылап, сороктошот. Полицмейстрдин дени өлүп калды. Аны губернатор чакырып алып: «Сен ушу убакка чейин тополоң баштап, жумушчуларды азгырып жүргөн адамдарды таба албадың» деп көзүнө сөөмөйүн такап, жүрөгүнүн сары суусун алган. Айласы кеткен полицмейстр дагы баягы Анна Колпашникова барып, аны «тап» деп кысмакка алгандан башка кылары канча?

Чиновниктердин, өзбек байбачаларынын бүткөн бою дүркүрөп, үрөйү учат.

Бул окуя жөнүндө ичкерки шаарлардагы улук төрөлөргө эң шашылыш телеграммалар биринин артынан бири кайта-кайта тынымсыз урулуп жатат. Бирок, аяктагы «акылдуулардан кандай жооп алышарын билишпей ташкенттик башкаруучулардын баштары катып солкулдап жүрүшөт. 20-февралда калаанын үстүн кара туман каптап калган сыяктуу, асмандын жылчыгын чыгарбай булут басып, бозомук тартып турат. Дал ошол күнү, орто азиялык темир жолдун начальниги генерал атайын поезд менен кайдандыр бир жактан келгенинде «кара жолтой, коога башталганда келгенин карасаң» дешип төрөлөр бүлкүлдөштү... Генерал келип түшөр замат жумушчулардын забастовкасы чыкканын билгенде ачуусу келди да, анан «Бул иштин акыры эмне менен бүтөт?» деп, өзүнчө кайгырып санаа тартып, ойлоно берип, түн уйкусунан безди. Ал «Ташкент караңгы шаар. Андагы жумушчулар ичкерки чоң шаарлардагы жумушчулардай кандай баш көтөрүшсүн» деген ойдо жүргөн.

Улуу шашке, асманда булут. Күндөн дайын жок, суук... «Бүгүн саат ондо господин генерал келет. Бардык жумушчулар кечикпестен ишкананын короосуна келишсин» деп Шпаковский жатаканаларга эрте чабаган жиберген. Саат ондон өтүп, он бирге караганча бир дагы киши келген жок. Генерал, Ульянин, полицмейстр эчак келишип, мастерскойдун ичин кыдырып көрүп жүрүшөт. Булар жумушчулардын карааны көздөрүнө көрүнбөгөн соң ыза болушат. Генерал муз тоңгон терезеден короону карап, көзүнө жан көрүнбөгөндө каарданат.

— Мен аларды качанкыга дейре зарыгып күтөм?

Жанындагылар андан коркуп бүжүрөшөт. Кимиси ага даап ооз ачмак эле.

— А, балким алар мени менен сүйлөшүүнү каалашпас? Кебетелери ошондой го? Булар падышанын өзү келип бизге жолуксун дешип, мени теңсипбей, манчыркап жатышса керек го?

Жанындагылар тил ооздон калган кишиче дың дешпейт, дудукка окшош. Генерал мастерскойдон кардын челкейтип, кулагына жеткен узун мурутун сылай Шпаковскийдин кабинетин көздөй, жанындагы ээрчигендерге кыр көрсөтө чирене басты эле, Шпаковский анын алдына өтө чуркап, озунуп эшикти ачмак болгондо, ал чалкасынан

кеткени аз эле жерден калды. Ал уялганынан кызара түштү. Анын кошоматы олдоксондук менен бүткөнүн кара! «Чала, ушундай болмок эле» деди ал ичинен. Ал эшикти шарт ачып, унчукпай колун сунуп, кичи пейилдигин көрсөтө, кадырлуу мейманды кириңиз дегендей ишарат кылды.

Короодо алардан бөлөк эч ким көрүнгөн эмес, бир оокумда, кылкылдаган калайык калдайып короого жык толо калганын полицмейстр терезеден көрө койду да, чүчкүрүп жиберип, өзү ыңгайсызданып, оозун алаканы менен басып, шылтоо табалбай алактап калды. Аңгыча сырттан журттун дуулдаган үнү кабинеттегилердин кулагына даана угулду.

— Бу эмне чуу?

Полицмейстр баарынан мурда шамдагайлыгын көрсөткөндөй өзүнүп генералдын маңдайына какайып тура калып, шакылдап:

— Сиздин улуу урматыңызга, алар келишип чуулдап жатышат!

Баары шашып сыртка чыгышты. Генералдын ырайымсыз суук көзүн миңдеген көз жал-жал тиктеди. Ал колун эки чөнтөгүнөн чыгарбай, оозун араандай ачканда, анын жагымсыз, чыңылдаган ичке үнү жумушчулардын жана алар менен кошо келишкен жай кишилердин кулагына тим эле шиш менен сайгандай угулат.

— Господа! Падыша силерден эч качан муну күткөн эмес эле, силерди шайтандай азгырып «тетири» жолго түртүп, кутуртуп жүргөн бузуку адамдар бар го? Андайлардын үгүтүнө ишенбегиле! Мен билип эле турамын, тынч иштеп, жыргап жүргөн силерди көкүткөн адамдар араңарда! Андай тополоң баштоого аракет кылып, элди азгырган жүзү каралар кармалса, дурус болор эле. Россиядагы завод-фабрикалардан падышалык самодержавиеге каршылык көрсөткөндөр үй-бүлөсү менен жазага тартылды жана кээ бирлери ырайым болуп өлүм жазасынан калтырылып сүргүнгө жиберилди.

Генералдын ичке үнү каргылданып бүтө калганда, улам эс алып, кайра бабырай берди:

— Айткылачы, калайык, силер ким үчүн иштеп жатасыңар? Албетте, өзүңөр үчүн? Бул ишкана кимдерге арналып ачылган? Албетте, силерге! Мындай ээп баштыкты коюп, тынч жашасаңар боло? Козголуп забастовка чыгарганыңар өзүңөргө зыян. Мен силердин түшүнбөгөнүңөргө оку-

ном. Камырабай, бизге ишенип иштей бергиле, силерди унуткан ким? Мен силердин коргоочуңармын. Токтоосуз жумушка чыккыла! Мындан ары сиздердин турмушуңарга өзүм дайыма коз салам. Мага силердин арызыңарды тапшырышты. Ал жөнүндө дагы ойлоо керек го дейм. Эми убадалаштык, господа, ишке чыккыла!

Генерал Ульянин тамшанып сөзүн аяктаганда, туптуштан ага суроо жаады:

— Күндө он эки, он төрт саат иштейбиз, кантип чыдоого болот!

— Алган айлык акыбыз аз.

— Биз дагы адам баласыбыз го.

— Жатканыбыз кепе.

— Ач-жылаңачпыз.

— Акырын!— деп бакырды Борисов.

— Жок, бизди токтотпогула, генералга дартыбызды айтканы келдик.

— Жаш балдар да, чоңдор менен кошо иштешет.

— Чуулдабасаңар боло?— деди Ульянин.

— Начальник мырза, биз сиздин акылыңызды күндө угуп жүрүп бүттүк. Арманыбызды бул атакебизге айтып калалы.

— Ошону айтсаң.

Генерал далысын куушуруп, аларды кандайча ыкка келтирерин билбей бултактап калганын анын жанындагы начальниктер сезбей, кайра ага сыйынышат.

— Дагы кимдин кандай ою бар?— деп Ульянин жарданын тургандардан сылык мамиле кыла сурады эле, эскирибирээк калган мала кызыл көйнөкчөн, баш кийимсиз, жылаңайлак бирөө элдин арасынан колун өйдө көтөрүп кыйкырганда баары анын жоон үнүн тыңшай калышты. Ал, «мага сөз бергиле?» деп жулунганда, төрөлөрдүн көздөрү чакчаят.

— Господин генерал, сизден сурар жана алдыңызга коёр талабыбыз бул:

Эгерде биз силерге керек болсок, жумушчу күндү кыскарткыла, айлык акыбызды көбөйткүлө!

— Туура!

— Чындыкты айтат.

— Башка сөз жок.

Калдайган калың калк. Алардын арасынан төрөлөр акыркы сүйлөгөн кишинин жүзүн айра таанышпа албай алактап калышты, анткени жумушчулар жана ал жерге

келишкен жай адамдар кысылышып, аны корсотүшпөй тыгыз туруп алышкан. Булардын минткендеринин себеби, көпчүлүк өз кишилерин жандармерияларга, полицияларга даана таанытпоодо эле. Маселени кабыргасынан коюп, сөздүн ток этер жерин айтып, төрөлөрдүн күйбөгөн жерин күл кылган баягы Николай Ильин. Ал стачкалык комитеттин тапшыруусу боюнча жумушчулардын таламын талашып жанын аяган жок. Көпчүлүк аны кубаттап, үстүндө катуу бороон соккон дециздей толкушту эле, жандармериялар, полициялар элди токтотуша албай качышып, четтей беришти. Бетме-бет беттешүү жакшылык менен бүтпөсүнө генералдын көзү жеткен соң, катуу талап койгон жумушчуларды алдоо үчүн жанын сабап кирди эле, ал амалы да куру-бекер бошко чыкты. Жедеп айласы кетип мүңкүрөгөндө, карт генерал каарын төгүп мындай деди:

— Эгер, силер менин айтканыма көнбөсөңөр, анда ишиңер кыйчалыштайт. Мен мастерскойду жабууга буйрук берем. Кана, айткылачы, анда кайда барып күн көрөсүңөр? Үй-бүлөңөр ач, жылаңач тентип өлөрү белгилүү го!

Генералдын бул ырайымсыз сөзү жумушчуларга бычактай тийди. «Сизге, падыша бизди тентит деп жарлык берди беле?» деген үндөр анын кулагына туш-туштан угулду. Көпчүлүк жабыла дуулдашканда желдеттер кимдерди тартипке чакырарын билбей кайсакташып ары-бери чуркашат... «А, силер полициясыңарбы же катынсыңарбы?» деп полицмейстр желдеттерин жекире баштады, заардуу тилге ууккан алар ар кимге жармаша баштаганда, калың көпчүлүк алардан жазганбай кармаша кетчүдөй кейиптенди, желдеттер сестее, калктан четтей беришти. Генерал «мен булардын максатына түшүндүм» деп артын кылчайып кароого чамасы келбей фаэтонго түшүп, урган бойдон жөнөдү. Полицмейстр эрдигин көрсөтүп кыйратып салгандай боз аргымагына минип: «Тарагыла! Көрүнбөгүлө!» деп кыйкырды.

## 3

Жумушчулардын толкуну тоодой. Бийлик кылуучулардын коркуткан, үркүткөнүнөн алар деле кенедей чочушар эмес.

Кайра баштагыдан ого бетер күчөштү. Аларды кантип керек? Көп-көптүгүн кылат да! Генералдын жана берки начальниктердин кандай кыларын билишпей башы

катты. Алар желкелерин кашып, ушкурушөт... Акылдашып, түн ортосун оодарышты. Акырында жумушчулардын чуусун басуу үчүн, убактылуу кичине гана жеңилдик берүү жөнүндө өздөрү да талашка түшүп жатышып араң бир пикирге токтошту.

22-февралда Азиянын аба ырайы өзгөрүлүп, күн мемиреп ай-ааламга нурун чачты. Демейде асмандын жылчыгын чыгарбай чүмкөп алуучу сур булуттардын тымтыракайын чыгарып шамал сүргөн. Адамдын бети-башын кайырган карандай суук күндүн балбылдаган нуруна туруштук бере албагандай жылуу желге айланган. Аба ырайынын минтип мээримдүү болуп турганы жумушчулардын ак тилегин куттуктаган белги сыяктуу сезилет. Ошол күнү эртең менен жумушчулар самсып каадасынча чубап келип жатышат. Алардын мында баш бакпай койгонуна бүгүн туура төрт күн болгон. Жумушчулар мындай кайраттуулуктарын биринчи мертебе төрөлөргө көрсөтүштү.

Шпаковский төрө абдан сүйүндү. Ал жумушчулардын караанын көргөндө кубанганы менен, алардын баш териси кандай экенин ал биле элек. Анын жүрөгү куйкалапып, ичи күйөт. Мастерскойдогу жумушчулардын үстүнө кирип аларга сөздү кандай баштарын билбей кайсалактап тура калганын ал жердегилердин баары сезишти. Бирок, эч ким сүйлөгөн жок. Начальник купшуңдап, далысын куушуруп, ары-бери басып, мастерскойдогуларга көз чаптырып, кимдир бирөөнү алардын арасынан издегенсип турат.

— Сөздү тиги баштаганы оңбу же биз козгойлубу?— деп Филипенко Ильиндин кулагына шыбырады эле, ал «шашпа» деп аны чыканагы менен түртүп коюп, өзү башын өйдө көтөрүп, бетинен заары чыккан желмогузду карайт.

Шпаковский көөдөнүн көтөрө, көңүлү жай чагарактап басканын көргөндө, жумушчулардын көзү анын желкесинен өткөнүн ал кайдан сезсин. Ал боюн түзөп, башын чулгуйт.

— Господин начальник, кечиресиз, балким сиздин бизге бир нерсе айтууга оозуңуз барбай турат го деймъ? Сиздин акылыңызды угууга биз даярбыз,— деди ага Ильин. Анын жанына барды да, аны менен кол алышып учураша тургандай кейиптенип, кайра андан жийиркенгендей колун чөнтөгүнө сала койду.

— Мен генералдын жана өзүмдүн ырайымымды угузганы силерге атайы келдим.

— Угалык, айтыңыз,— деди Филипенко жай гана. Бир да киши кыймылдаган жок. Тыптынч болуп кулактарын түрүүдө.

— Мужуктар! Биз силерди аядык жана сыйладык. Өзүңөр билесиңер, адамды адам жамандыкка кыймак беле? Ээн баштык, тентектик кимге пайда келтирет? Мындан ары андай жаман адатыңарды таштабасаңар тартипсиздикти баштаган чыр кишилер үй-бүлөсүнөн ажырап, өмүр бою айдоодо жүрөрүн эсиңерге салып коёюн.

— Кайсы күнөөбүз үчүн айдалабыз?— деп кимдир бирөө токтоно албай сурады.

— Мен сүйлөп жатканда, мага тийишпегиле!— деп начальник чекесин тырыштырып, арт жагын кылчайып карап жөтөлүп, кайра сөзүн узартат.— Араңарда чыр, чатак кишилер бар окшойт. Силерге андайлардын кесепети тиет. Андайлардын көзүн тазалаш керек. Бүгүндөн тартып он тогуз сааттык жумушчу күнүн белгиледик, жана да айрым бир катар жумушчулардын эмгек акыларын көбөйтүүгө кол койдук. Эми бизге ыраазы болорсуңар?

Жумушчулар өздөрүнчө кужулдөшө түштү. Чочуп калган Зубковдун жүрөгү дүк-дүк согот...

— Начальник төрө, бул ырайымыңар бизге аздык кылбас бекен?— деди Ильин.

— Албетте, аз.

— Буга кантип алымсынабыз?

— Айрым кишилерге акча кошулса, а калгандар кантет?

— Ильин!— деди ал кабагын салып.

— Мен чындыкты айтам. Мынабу шордуунун көкүрөгүндө көйнөгү жок жүрөт. Ал дагы адам го? Бөлөктөрүбүздүн деле андан өйдөлүгүбүз жок,— деди Ильин Таабалдыны көрсөтүп.

— Төрө, мен бир айдан бери сорпо ичүүгө зар болдум... Мен таптакыр наразымын,— деп кашка баш чал каңырыгын түтөтүп, жулуна сүйлөгөндө, мырзанын кабагы бүркөлдү. Ал тишин кычыратып, тиштенет.

— Байкап сүйлөш керек, чал. Мен сени жоош киши дечү элем, көрсө, сен жаткан чатак немесиң го.

Чал көкүрөгүн ачып жулунат.

— Карыганда мени бала-чакам менен көчөгө ыргытып таштта. Мына, тактайчынын чор болгон колун көр. Менин көзүмүн курчу кеткен. Карып калган кезде эми төрөлөргө

менин керегим жок да! Мени жегиле! Жуткула! Аянар жерим да калган жок.

— Кой чал,— деди жалтактап Шпаковский.

— Начальник, азырынча бул ырайымыңарга биз макул бололу. Бирок, дагы копю түшкүлө, болбосо дагы чатак чыгат,— деди Филипенко.

— Туура!

— Ырас айтат.

— Баарыбыздын оюбуз ушул!

Шпаковский колун өйдө көтөрдү эле, чуу токтоду.

— Мен силер менен жетишерлик сүйлөштүм го. Эми жаакташып, айтышканды токтотолу,— деп шарт чыгып жок болду.

— Силер бизди токтото албайсыңар. Биз токтобой өз ишибизди уланта беребиз,— деп Николай төрөнүн артынан кыйкырды.

Таабалдынын чыныгы досу Алымжан Карабайдын булгаары заводуна күзөтчүлүккө жалынып-жалбарып жатып араңдан-зорго өткөндөн бери карай бир кыйла күндөр өттү. Ал жерде иштеген өзбектерге сүткор, сараң Карабайдын ырайымы аз. Бай кол алдында жүргөндөрдүн каптабай канын соруп, кызыл камчынын алдына алып иштетет. «Акыбыз аз» деп бир ооз кыңк этишсе, кол өнөрчүлөрдүн жонунан балак алат да, кууп жиберет. Темир жолдун башкы мастерскоюндагы, деподогу жумушчулар жумушчу күндөрүн көбөйтүү, эмгек акыларын көтөрүү тууралу начальниктеринин алдына маселени кабыргасынан койгонун угушканда, зулум Карабайдын кол алдында жүргөн бечаралар да, өлчөмсүз оор турмушта жашап жатышкандарын айтышып, бай соодагерге кайрылышса, ал алардын акысын көбөйтмөк турсун кайра уу тырмагын батырып, мыкты усталардын беш-алтоонун төбөсүн каңдап, ботодой боздотуп, айдап чыкканын алардын кимиси унутсун. Бул шумдук жумушчулардын забастовкасынан кийин болду.

Кол алдында иштеген өзбектерин кекетип-мокотуп, мизин кайтарганы аз келгенсип, Карабай алардын арасына тымызын бакан ооз койгон. Ким ага каршы кыңк этсе эле, ал аңдытып койгон шүмшүгү дароо чаң салат. Бетинде кара чаар жыландын түгү бар митеге ким даай алмак-

чы? Анын тамanынын алдында карыптар тепселип жүрүшот.

Таабалды курдашы Алымжанга шылтоолоп анда бара калат. Алымжан көргөнүн, уккандарын Таабалды менен кездешкен сайын айтып берип жүрчү болду. Таабалды Карабайдын колунда тумчуккан кесипчилердин жайын Антонычке түшүндүрдү. Алар Карабайдын чеңгелинде жүрүшкөн бечаралардын сырын тарта баштады. Адегенде Алимжан аркылуу ото ишенимдүү адамдар менен жай сурашып, таанышуу менен иш оңунан чыга баштаган.

Кечке жуук, батыш жакка көгүлтүр көктө бирин-серин тарбайган сур булуттар жаңыдан баткан күндүн нуруна чагылышып, мала кызыл боёкко боёп койгондой түрдөнот. Булгаары заводунун төмөнүрөөк жагындагы иретсиз өскөн калың бактардын башы кечке маалкы желаргыга турушту бере албай ары-бери ыргалат. Бул бакка байыр алышкан бактектер анда-санда гана «уу-уу» деп жаңыдан үн сала башташкан. Күкүктөр келелек, саякатчы кара чыйырчыктар алда качан тамдардын боорундагы тешиктерге, чоң кара жыгачтардын көзөнөктөрүнө уя салышкан. Жаңыдан бүрдөп келе жаткан бутактуу кара жыгачтын далдоосунда завод жакка көз чаптырып коюшуп, Антоныч менен Таабалды олтурат. Алимжан болжошкон жерге кечигип келбей, беркилерди зарыктырды. Негедир Таабалдынын жүрөгү опколжуйт. «Кетели» десе Антоныч башын чайкайт.

Аңгычакты кара кашка аргымак минген, семиз, кок ала сакал, далысы бүкүр, кара сур киши жанына эки жан жоокорун ээрчитип заводдон чыга калды да, текиреп таскак менен базардын үч кошконун көздөн сабаган бойдон жөнөдү. Тиги экөө атчандардын караанын карап алаксый түшүштү. «Салам!» деген үн угулганда караша, эки колун бооруна ала күлүмсүрөй салам айтып жаткан Алимжан экен. Алар бактын далдоосу менен келген. Аны менен кошо жапалдаш бойлуу, кең далылуу, узун муруттуу адам бирге келиптир. Бул баягыда чайканада сүйлөгөн Акбар эле.

— Сиздер жаңкы кара аргымакчан кишини көрдүңөрбү?— деди Алимжан.

— Ооба.

— Биздин кожоюнубуз ошол. Бу кишиге аны айтып коюңуз.

— А, Карабай ошол экен да!

— Капа, тигиндегилерге баралы! — деди Алимжан. Алар жай басышты.

— Мен бул жолдошту билем,— деди Таабалды.

Булар бакты аралап чоң түп теректин түбүндө мандаш токунушуп олтурушкан төртөөнө барышты, берки олтургандар сыйлап тура калышмак болушту эле, Антонич колун ойдо көтөрүп, «олтура бериңиздер» дегендей жаңдады.

Бер жактан баргандар ал жердегилер менен жүз көрүшкөндөн кийин Антонич Таабалдыга айтты:

— Александр Александрович, мени күтпөй биздин туугандарга биздин максатты түшүндүрө бер.

— Жакшы болот,— деди Таабалды.— Мен буларга өзбек тилинде басылган баракчаларды ала келгемин.

— Башта!

Аларга Таабалды шашпай темир жолдун башкы мастерскоюндагы орус жумушчулары начальниктердин алдында кандайча жол менен баары бир ооздо болушуп жумушчу күнүн кыскарттырып, эмгек акыларын көбөйттүрүп алышканын баяндап берди. Акбар, Шарип, Алымжандар муну угуп кубанышты.

— Ушундай, ортаглар! Өзүңөрчө акылдашып, баарыңар бир болгондо гана Карабай силер менен келип сүйлөшөт. Силер кеңешип алып, катары менен удаа иш таштасаңар, каныңарды сүлүктөй соргон Карабай сызга олтурат да, силер менен сүйлөшүүгө аргасыз болот. Биз бая күнү түштөн кийин байдын заводун таштап кеткенбиз. Мына ошондон кийин бизге анын көз карашы такыр башкача боло баштады.

— Туура кылгансыздар, Акбар аке!

— Бирок, аз болуп калды, укем.

— Дагы ошенткиле, Шарип аке.

Карабайды мындан ары баптайбыз. Бирок, булгаары жасаган усталардын, өтүкчүлөрдүн артынан аңдытып койгон анын бакан ооздору бар. Биз ошолордон чочуйбуз.

Антонич эки жакты абайлоодо.

— Алеша! Бул достор коркушса, анда өмүр бою караңгылыкта тумчугушат. Сен ошону айт.

— Сергей Антонич, аны өздөрү кантип түшүнбөсүн?— деди да, Таабалды беркилерге:— Мына бу киши бизге жол таап берет,— деп Антоничти көрсөттү. Силер эч кимден тайманбагыла! Силер орус жумушчуларынан кол үзбөгүлө!

Таабалды сөзүн бүткөндө, Антонич берки досторуна колун сунуп:

— Тамам! Мындан ары бул достор биз менен бирге болушат,— деп көңүлү жай болду.

## 4

Арадан аз күн өттү. Сыздап жүргөн усталарга, өтүкчүлөргө орус жумушчуларынын таасири тийди эле, эч кимди көзүнө илбей чалкактаган Карабайды кол алдындагы букаралары келте тийген немедей солутушту. Эки күнү удаа: кепич, маасы, өтүк ултарылбай токтогондо анын соодасы сынды. Ал аксакалдарга, ыймамдарга, кожолорго колун куушуруп «букараларымды көндүргүлө» деп жалынат. Ыймамдар шарият айтышып, аксакалдар ачууланып, кожолор олунса да, букаралар «Эмгек акыбызды көбөйтпөсө, өлсөк да анын жүзүн көрбөйбүз» деп көгөрүшөт. Карабайдын башына кара түн түштү. Көз каранды адамдарынын каяша айтып, чаң салганы аны безгек менен оругандай калтыратат. Алардын кордугуна өчөшүп «кууп жиберсемби» деп да ойлонду. Бирок, антсе булардай өнөрпоздорду ал табалбасын билип кайгыга түшүп, үшкүрүгү таш жарат.

Молдолорго, кожолорго, ыймамдарга «эпке келтиргиле» деп жалдырап жүрүп Карабайдын кадеми катыптыр. Экинчи күнү намаз дигерден кийин кол алдындагы букараларынын баарын мечитке чакыртты. Алар араң келишкенин көргөндө байдын ичи өрттөндү. «Алаамат-алаамат, кыямат-кайым жакындаган го?» деп өкүрөт. Анын таламын талашкандар тигилердин түрүн көргөндө айтарга сөз таба алышпай бултактап калышты. Алдап-соолап, арыбери айтышса, кол өнөрчүлөр тим эле асман-айдан секиришет. «Жумушчу саат азайсын, акыбызды көбөйтсүн» дешип көшөрүшкөндө, бай соодагер жанынан түңүлдү.

— О, жалчылар! Силер менин тузумду татып, колуман даам ичпедиңер беле? Ата-бала болуп калдык эле, менин шагымды сындырганыңар кандай? Кудай таала, бу кандай кордук? Пенделериңди тообо келтир де! Эртеңден тартып кээ бирөөңөрдүн акыңарга дагы элүү тыйындан кошоюн, эми мага ыраазы болгула!

— О, таксыр, бул ырайымың аз.

— Ага макул эмессиз.

— Таксырлар, далай алдаганыңар да жетишер.

— Эй, мусулмандар, ушуга ынсап кылгыла! Я куда! Бу элдин пейили бузула баштаган экен э-э,— деп ыймам башын калжактатат.

— Ыраазысыңарбы?

— Кантип ыраазы болобуз?

— Акбар, токтосоң?

— Жүргүлө!

Кол өнөрчүлөр кетүүгө оңтойлогондо Карабайдын жүрөгү оозуна каптала түштү да, чуркаган бойдон барып эки колун жайып, алардын алдын тороп:

— Токтогула! Мени таштап кетесиңерби?— деп кардыккан жооп үнү менен кыйкырып ыйламсыраганда, аны сызга олтургузуп кетип бараткандардын кай бирлери токтой калышты.

Булардын арасында Таабалды тымызын жүргөн. Аны Алышан, Шарип, Акбарлар гана билишет.

Чарчаганынан Карабай дем алалбай күш-күш этет. Букараларга «акыл-насаат» айтышканы олуялардын да жаактары жап болду.

Акбар жулунуп алдыга чыга калды да, Карабайга:

— Таксыр, сиз биздин турмушубузду билбейсиз. Сизден алганыбыз алдыбызга тартсак, аркабызга жетпеди. Анан кантип өмүр сүрөбүз, —деди.

— Эй Акбаржан, заводдон түшкөн пайдадан менин чыгымым көп. Мени аясаңар боло?

— Анда сиз кыйпалбай, бизге уруксат бериңиз?

— Шарип, мен силерди кантип бошотом? Силер жумуш издеп кимге барып жалдырайсыңар,— деп Карабай эрдин жалап, тилин соймоңдотот.— Акбар, сен кепедейиңден менин колумда чоңойдуң эле го, сени бакпадым беле? Жок дегенде мени сен коргосоң боло. Тузум урсун, жашабай кал. Балдарыңдын күнүн көрбө!

— Таксыр, каргабаңыз! Мен сизден таман акы, маңдай теримди доолап жатам.

— Акыңды алгансың.

Бара-бара бетме-бет айтышуу күчөдү.

— О, калайык, ушу баш кимге жакшылык кылат? Мында турбай баскыла,— деп Алимжан бакылдаганда, бай обдулуп турмакчы болуп баратып үстөмөнүнөн кулай жаздап, аз эле жерден калды.

— Мени түрткөн ким?!— деп сурады ал. Ага эч ким тийген эмес.

Эч ким жооп берген жок. Букаралар дүүлүккөн бой-

дон кетүүгө бет алышканда, Карабай жанынын бардыгынча ойдо көтөрүлүп:

— О, журт! Сабыр эткиле? Ажырашпайлы, кайрылгыла?! — дегенинде кетүүгө шашкандардын арткылары кайра бурулушту.

— Кош, дагы эмне демексиңер? — деди Алимжан.

Карабайдын денеси от менен жалын, көзү тунарат. Аягы менен тике туралбай мууну бошоп, тизеси шалактайт. Ал ичинен «кордук, кордук» деп тиштенип, чыр чыгаргандарга сыр билгизбөөгө аракеттенип, кара күчкө кайырсыз жүзүн кубултат.

— Журт! Алимжан бузуктун тилине кирбегиле! Мен силердин оюңарга кантип түшүнбөйүн? Мени ызалаганда силерге Алимжан томаяк эмнесин берет. Ачууну токтотолу да, мындан ары татуу болоолу. Мен Алимжанды кетирсем, калгандарыңарга дагы бир сомдон кошом. Мен кайырлуумун. Силер кайрымды чайыр кылбассыңар. Алимжан, сен жогол!

— Жок, таксыр, биз Алимжандан көрбөңүз, — деди Шарип, Карабай аларды сурдана карап, ак түшкөн кашын кыймылдатып, мостоё калды. Таабалды Алимжан менен Акбарга: «Эми убактылуу макулдашсаңар да болот» дегенсиди. Алимжан акырын Шариптин кулагына бирдеме деп шыбырап, анан тургандарды жөөлөй алдына чыкты да:

— Дагы кошоруңуз болбос бекен? — деди сылык гана кожоюнга.

— О, кагылайындар! Чыгымым көп. Мага түшкөн киреше аз. Мен тоорук болуп калганымда, булгаары завод жабылат. Анда силер кайда барасыңар? Силер ошого түшүнбөйсүңөр! — деп бай алаканын жайып, көктү карап буркурайт.

Алимжан Шарипке башын буруп: «Жаны кыйналды» дегенде, ал аны чыканагы менен «унчукпа» деп түртүп койду.

— Мен күйүп баратам...

— Таксыр, азырынча бул шартыңызга биз көнөлүк. Бирок, сизге зарын айткан кишилерди кетирем дечү болбоңуз. Анда дагы чатак чыгат...

— Акбар туура айтат.

— Анда эртең эле кайра баштайбыз.

— Таксыр, кошкон бир сомуңузга макул болдук. Бирок, эртең менен күн чыга электе келип, эс албай кечке

өлгөндөй иштеп, күн баткацда кайра кетип жүрсөк, бизге болгон жеңилдик кайсы?— деди Шарип.

— Орус жумушчулары мындан ары тогуз саат иштемек болушту.

— Ким айтат?

— Уктук.

— Билебиз.

— Ал жалган.

— Чын! Чын! Ооба, ошону азыр чечишип алалык.

Карабайдын аргасы канча! Заводдо иштеген кесипчилердин бул талабына да аргасыздан көндү. Бирок, артыкча Алымжанга тишин кайрап, ичине кек түйдү.

Жумуш аяктаганда мастерскойдон жумушчулар жабыла тарашып үйлөрүн көздөй самсып кетип жатышат. Алардын эч кимиси артын кылчайып кароону каалабагандай зымыроодо. Керели кечке дарбазаны сактап, тикесинен турган байкуш күзөтчү, тамекинин түтүнүнө ышталып саргарган ала буурул мурутун анда-санда сылап коюп, чапагынан чыгып алайган көзүн демейдегисинен чоңураак ачып, чубап өтүп жаткан кишилерди санагандай оозун бүлкүлдөтөт. Ошол күнү Таабалды мастерскойдон кечирээк чыкты. Күзөтчү аны токтотуп, «Сени начальник төрө келүүгө буюрду» деди. Таабалдынын ага барууга чолосу жок эле, ал аргасыздан канцелярияны көздөй ыргылжың болуп баратканында Захар Захарович анын караанын терезеден көрө койду да, салабаттуу кишиче төрө өзүн токтоо кармоого тырышты да, креслого чалкалай тартып олтуруп, тизесине коюп, бирдеме жазымыш болду.

Жымжырт... Кеңсаларда иштешкен чиновниктер эчак кетишкен. Таабалды төрөнүн үстүнө кире албай анын кабинетинин эшигинин жанында токтоду да, бир нече минут өткөн соң, кайра кетүүгө оңтойлонду. Ал төрө мени чакырып коюп өзү кетип калган го деп ойлогон. Ал коридордун тепкичинен жерге түшкөндө, аны күткөн Шпаковский көрдү да, ылдам эшикке чыга калып: «Эй, мен сени күтүп олтурсам, сен кайра кеткениң кандай? Мага кир!» деди да, өзү семиз денесин оорсунгандай онтолоп, кабинетине кирди. Анын аркасынан удаа Таабалды кирип босогого токтоду. Төрөнүн Таабалдыны эмнеге чакырганы белгисиз. Бир нече секунддан кийин Шпаковский «Салом!» деп учурашты. Ал өзбекче андан башка бир ооз да тил

билчү эмес... Бирок, башка мырзаларга «Мен өзбекче билем» деп мактанып, ал түгүл алардын көзүнчө өзбекче сүйлөмүш болуп, дөөдүрөй бергенде, беркилер чыны менен эле, аны «сонун билет» дешип таң калышар эле.

Төрө көз каранды жумушчусуна олтур деген жок. Бир маалда Захар Захарович берки турганга оозун булкулдөттү.

— Сенин бизде казанчы болгонуңа канча болду?— деп ал билсе да анткорлонгондой сурады.

— Бир топ жылдар болуп калды, төрө.

— А, айтчы чырагым, сен ушу ташкенттик өзбексиңби?— деп аны көзүнүн кыйыгы менен тиктеди Шнаковский.

— Жогуңуз, төрө! Мен кыргызмын.

— А, сен кыргыз белең?!

— Ооба, сиздин улуу даражаңызга.

Шнаковский төрө бир пас ойлоно калды да, анан Таабалдыны эң сүйкүмдүү караган болуп:

— А, кыргыз тоо арасында жашашкан караңгы, жапайы калк дейт го?— деп көзүн кыбыңдатты.

— Ал чын.

— Сен Ташкентке эмнеге келдиң эле?

— Жан багуу үчүн келгемин.

— А, аныңдын жөнү бар.

Төрөнүн баш терисин байкаган соң Таабалды Анжияндан Ташкент аркылуу үйүнө баратып, каражатынын жоктугунан амалсыздан кеталбай калганын билгизген жок.

Ал убактысын бекер бошко кетирбөөгө ашыкты да, сөздүн ток этер жеринен козгоду.

— Сен мага керексиң. Менин айтканым менен болуп жакшы жүрсөң, сен жыргайсың,— деп кичине унчукпай ойлоно калды да, анан кайра сөзүн сөздү:— Жумушчулардын биз жөнүндө пикири кандай?

— Сиздер жөнүндө ким билет кандай экенин. Жакшы эле го.

— Сен менден сыр жашырба!

— Сиздин улуу урматыңызга, мен жашырар сыр деле жок.

— М-да... Айтчы, сен жумушчулардын кружокторун билесиңби?

— Мен кружок дегендин эмне экенин билбейм.

— А, ушунда бир «биздин тууган» деген адам бар деп айтышат, балким сен аны тааныйсың?— деп төрө сурады

эле, Таабалды:— «Мен андай киши көргөн жокмун»—деди. Анда ал:— «Айт, айта бер, менден чочуба, мен сага жамандык кылбаймын»,— деп такыды. Ал сураган кишиси жөнүндө Таабалдыдан дагы «жок» деген жооп алды.

— Сиздин улуу урматыңызга, мен караңгы кишимин. Андай акы-чүкү менен ишим жок. Мен казанга от жаккандан башканы билбейм...— дегенде төрө башын чайкап күлүп жиберди да, «М-да... ошондой, ошондой» дей берди. Таабалды мостоюп турду.

— Сен чырагым, тыңыраак бол. Баса, сен Пудовкин деген кишини билип жүрбө?

Таабалды такалбай жооп берүүгө ашыкты.

— Сиздин улуу урматыңызга, ал мен болом! дегенде төрө артынан бирөө ийне менен сайып жибергендей болду.

— Ошо сенсиңби? Мына кызык! Ал Пудовкин деген орустун аты эмесии, а, сен кандайча Пудовкиндин уулу болууга акың бар?

— Сиздин улуу урматыңызга, сиз туура айтасыз. Мен кандайча Пудовкин болууга тийишмин.

— А, мен ошону сенден билгим келет?

— Жумушчулар мени «Пудовкин, Путин, Андрей» дешип тамашалап чакыра беришет.

— Ах, шайтандар!—деди ал аны жал-жал карап.— Ал Пудовкин дегенди билбейсиңби?

— Жок, сиздин улуу урматыңызга!

— Мындан ары жумушчуларга келген кишилерди таанып кал. Алардын басмаканасын билүүгө тырыш. «Биздин туугандык» жана Пудовкинди бил. Кыскасы, шырп эткендин баарын жашырып мага айтып келип жүр. Эгер андайларды бизге айтып койсоң, анан ар жагын биз өзүбүз билебиз. Мен сени акчага жыргатам.

— Мен сизге чындыкты айтып келе берем.

— Бар!

Таабалды эшикти ачып чыгып баратканында:

— Токто!— деди төрө.

— Дагы эмне буюрасыз, төрө?

— Сен экөөбүздүн сүйлөшкөнүбүздү эч кимге айтуучу болбо! Эскертип коёюн, анда сенин башың дарбыздай үзүлөт.

— О, урматтуу төрө, бул башымдан ажыраганда, анда мен кантем?

— Бар, бар, бар! Колу-жолуң бош...

## 5

Түн... үйдүн ичи жанжарык. Терезе одеял менен ичинен жылчык чыгарбай бекем бекитилгендиктен, тыштан караган кишиге үйдөгү жарыктын шооласы таптакыр көрүнгүс. Мында келгендер ички үйгө батышпай оозгу үйдөн орун алышты.

— Ваня, Мария Исаевна, биз силерди жүдөттүк көрүнөт, кечирип койгула!

— Эчтеке эмес, Сергей Антонич, кедейлик кемтик эмес, баарыбыз бүт жайланыштык,— деди Филипенко. Ал төр жактап алдыңкы үйдөгүлөргө бир сыйра көз чаптырып кароого үлгүрдү. «Баарың түгөл келипсиңер, бирок Пудовкин көрүнбөйт да?»

— Мен мындамын, Сергей Антонич,— деди Таабалды мойнун созуп, анын көзүнө көрүнө.

— А, мында белең. Жолдоштор, биз мындай жерде шыбырашып сүйлөшкөнгө көнүп калдык. Анын себебин мен түшүндүрбөсөм деле, өзүңөргө белгилүү. Үнүбүздү бийик чыгарып сүйлөшөр күндөрдү да көрөрбүз,— деди да, биздин тууган саал буйдала түшүп, анын сөзүн улады.— Жолдоштор, 9-январдагы кандуу окуя жөнүндө биздин укканыбызга бир кыйла күн болду... Падышачыл өкмөткө каршы тайманбастан күрөшүп, эзилген элдин таламын талашып, курман болушкан чыныгы досторубузду ордуңардан туруп эске алып коюуңарды өтүнөм?

Баары тегиз турушуп баштарын ийишти. Аялдардын көздөрүнөн жаш кылгырат. Тынчтыктан кийин Сергей «олтуруңуздар» дегендей өткүр курч көзү менен карап, башын өйдө көтөрө оор улутунганда, баары жалпы тизелерин бүгүштү...

— Кандуу жекшемби тууралу чыгарылган прокламация Ташкент темир жолунун жана айрым майда ишканалардын жумушчуларына тегиз тараганы баарыңарга маалим. Питерде биздин боордош досторубуз падышалык желдеттер менен жараксыз бетме-бет салгылашканда, алардын суудай аккан кандарын ким унутсун. Бул окуя Россияда революциянын отун тутантты.

Таабалды сырткы үйдөгү бурчта олтурду эле, Антонич кайра сүйлөөгө үлгүргөнчө ал ордунан ыргып тура калып, алдындагыларды жөөлөп ички үйгө кирмек болгонунда, аны жанындагы Катя колунан шап кармап, жылдырган жок.

— Сергей Антонич, биз эмнеден, кимден коркобуз? Ишибиз жаман эмес. Январь, февраль айларында забастовка менен төрөлөрдүн үрөйүн учурдук. Төрөлөрдү эс алдырбай которүлө бергенибиз дурус го дейм?

Баары анын сөзүнө дуу күлүп жиберишти эле, Катя аны колунан тартып олтургузду. Сергей аны карап жылмайып күлөт.

— Биздин Александр курч эмеспи... Бул отту кечүүдөн да кайра тартпас... Баса, өзбек тууганлардан келишти беле?

— Алымжан, Акбар, Шарип аке да келген,— деди Таабалды.

— Жакшы. Силер түшүнүп жатасыңарбы?— деп сурады алардан Сергей Антоныч.

Алар жооп кайтарганча, мурун озунуп: «Булар түшүнөт» деп Таабалды ордунан тура калды.

— Абдан жакшы! Баарыңар революциячыл кружоктун мүчөсүсүңөр. Мындан аркы максат жөнүндө кимдин кандай оюу бар?

Филипенко кызуу киши. Ал мындай учурда топту чечендиги менен артынан ээрчитмей ыкмачылдыгын далай көрсөткөн. Жумушчулар аны «чечен Ваня аба» деп көтөрө чалып тегининен кайдан макташсын.

— Мындан ары убактыны өткөрбөй жалпы забастовканы баштоого даярдык көрбөсөк биз кечигип калабыз... Деподо, мастерскойдо жана темир жолдо жүргөн жумушчулардын забастовка чыгарганы аздык кылат. Ошондуктан, бүткүл Ташкенттеги майда ишканада иштеген кол өнөрчүлөрдү тегиз үндөгөнүбүздө гана жалпы иш таштоо күч алат...

— Башкаларды коё туруп өзүбүздүн камыбызды жесек кантет? — деди Филипенконун сөзүнө жолто боло Шишкин. Ал бир жактан жаңы келип булардын арасына үйүр болгон. Анын сөзү биздин тууганга жаккан жок.

— Биз аздык кылабыз,— деди Филипенко ага.— Бая күнү Сергей Антоныч ачык айткан. Бул шаардагы революциялык кружоктун мүчөлөрү Омск, Оренбург жана башка шаарлардагы комитеттер менен байланыш жасабаса кандай болот? Шишкин, сен жаңылып же коркоктук кылып жатасың го дейм?

Шишкин туурадан качырды.

— Сен жаңылдың, тууган. Экономикалык жагыбызды оңдоо үчүн күрөшүп, аларды жеңсек, ошо бизге жетишер-

лик болор. Демек, жалпы забастовканы баштай турган мезгил али боло элек, эрте!

— Эрте?! Бул эмне дейт? — деп чочуп кетти Ильин.

— Ушинтип меньшевиктер айткан,— деди Филипенко.

— Биз большевик болобуз, Шишкин, сен аны билип кой,— деп Ильин тескери карады.

— А, бу өзү ким экен! — деп сурады Филипенко.

— Силер менден шек санабагыла. Мен шашпайлы деп жатам.

— Кантип шашпоого болот? Негизги максат алды жакта экенин баарыбыз жакшы билебиз. Бирок, азыркы мезгил камырабай жайбаракат жашай турган учур эмес. Шаардагы жумушчулардын күчүн бириктирип, топтогондо гана күч чыңалат.

— Аны мен деле билем, жолдош Ильин. Дагы эскертейин, эртелик кылат.

— Жалпы стачка баштоого али эрте деп, Шишкин сен, натуура айтасың. Мен сенин оюңа кошула албаймын. Шаардагы жумушчулар баягы эмес, алардын көзү ачылды. Революцияга умтулган жумушчуларды ким кармап токтотот? Падышабы же анын баш алгыч желдеттериби? Бак-таалай үчүн, эркиндик үчүн күрөштү жумушчулар эми түк токтотпойт. Бизди дыйкандар, интеллигенттер колдоору шексиз.

Талаш аябай күчөдү. Шишкин жалпы забастовкага өтүү жөнүндө караманча каршы чыкты. «Мындай күч менен падышалык бийликке каршы күрөш жүргүзүүгө болбойт. Ташкентте жумушчулар аз. Мурдагы революциячыл топко жетекчилик кылуу үчүн такшалган революционерлер керек. Биз андан көрө Россиядагы революциялык кыймылга жөнөкөй гана тилектеш болуп жүрө берели» деген пикирин аларга сунду. Анын мындай тескери пикири эч кимисине жаккан жок. Шишкин менен артыкча Ильин, Филипенко экөө катуу айтышышты.

Алар талашып жатышканда Антоныч унчукпай олтурган болучу, ал бир оокумда талашка кийлигише кетти.

— Жолдоштор! Биз азыр жалпы забастовкага чыгуу маселесин талкуулоону токтотолу. Дагы тереңирээк ойлонушууга туура келет көрүнөт.

Шишкин анын оюн жан-дили менен кубаттады.

Үйдөн сыртка чыкканда Таабалдынын ысыган денеси сууй түшкөн. Ал эч кимге кошулбай өзүнчө четтеп жалгыз басып баратты эле, артынан Катя жете келди да:

«Мен ага түшүнбодум, жаңы келген Шишкиндин оозуна таш коё алган жок, «биздин тууганды» мунусу кандай?» деп шыбырайт. «Мен эми кетишим керек. Бирок, сени көзүм кыйып, кантип таштап кетем?» деди Таабалды. Бул сөзү Катянын денесине бычак менен сайгандай тийди көрүнөт. Ал «койчу» деп секирип кетти. Көчөдө көзгө сайса көрүнгүс караңгылык. Кээде жолдон адашышып, дубалды сүзүп ала жаздашат. Терең ойдо бараткан Катянын санаасы санга бөлүнөт.

— Сен эмне үчүн кетүүгө ашыктың?

— Биздин таянган кишибиз жок болду. Мени кармап беришет.

— Коркосуңбу?

— Революция үчүн мен түрмөгө жатуудан коркпойм.

— Анда кетпе!

Таабалды кыздын жылуу колун кыса кармап бараткан, аны коё берип:

— Иш сонун башталып бараткан саттуу Шишкинди биздин топко ким ээрчитип келди?

— Ким билет? — деди Катя кайгыра.

Караңгыда Таабалды байкаган эмес, Катя үйдөн чыккандан тартып эле, билгизбей ыйлап бараткан. Арыктан аттай берерде Таабалды аны колунан тартып:

— Сен ыйлап келе жаткансыңбы? — деп сурады. Бул экөө кепеге жеткенде түн ортосуна жакын калган. Алар кепеге кирер замат, мурда келген Ильин алардан:

— Чырактарым, силер «Биздин тууганды» кайда кеткенин биле алган жоксуңарбы? — деп сурады. Маанайы пас Таабалды акырын «жок» деди эле, Ильин күлүп: «ал тигине» деди да, кепенин төр жагында басып турган Антоничти көрсөттү. Берки жаңы келген экөө бири-бирин тиктеше калышты. Биздин тууган алардын жанына келип:

— Биз, Ильичтин көрсөткөнүндөй иштей беребиз. Шишкин меньшевикпи же жолбунбу, анысы бизге белгисиз. Бирок, анын революциядан корккону ачык. Ал мындан ары биз менен бирге болбойт. Аны биздин арабызга ээрчитип келген Филиппенкону кантип айыптоого болот. Андай адамдардын адегенде ким экенин билиш кыйын. Силер мага таарынбагыла, жолдоштор! — деди.

Катя анын сөзүн укканда эс ала түштү. «Сен эми кетпей калдың го?» деп сураса, ал башын ийкеп «биздин тууганды» карап «Мен такшала элек жаш экемин» деген ойго түштү.

— Жолдош Пудовкин, Шишкинди жектей бер.
— Эми жатсак кантет? — деди Ильин, ойлуу турган тигини тамашалап...

Жаз... жай... айлары жарышып өтүп, күркүрөгөн күз айлары өкүм сүргөн. Деподон берирээк көчөнүн бурчундагы көпүрөнүн жанында: көзү үңүрөйгөн, куш тумшук, семиз, ак чач кемпир ошол ордун болөккө ээлетпей дайыма семичке сатар эле. Андан саал арыраак жерде анын майда бакал сатуучу дүкөнчөсү бар. Кемпир уулун анда коюп, «артыкбаш дүнүйө баш жармак беле? Колуңа эмне урунса сат, элдин терисин сыйрып ал», деп, жумушчулардын эртели-кеч ары-бери өтөр жолун тосуп күндө семичке сатат.

Кемпир күндөгүсүндөй сентябрь айынын бир шаршемби күнү кара кол чатырын башына калкалап коюп, соодасын жүргүзө берди. Жаш балдар келип андан семичке алып жатышат. Ар жактан жалгыз киши аны көздөй келе жатты эле, андан мурда үч бала жарышкан бойдон келишип семичке ала башташты, сараң кемпир бир дан семичкесин балдарга ашык кетирбей колуна калтыратып өлчөп берүүгө киришти. Келаткан жигит анын капталына келип жайлана калды, балдарга алагды болгон кемпир аны байкаган жок. «Аз бердиң, алдаба» деп балдар нааразы болуп чуулдашканда, кемпир чоң кишилер менен айтышкандай жаш немелерге булкунат. Жаңагы жигит акырын билгизбей, анын семичкесинин жанына бир нече барактарды коё коюп, оолактап басып кетти. Кемпирдин семичке ороп берер кагазы түгөнгөн. Колуна учураган кагазга ороп берди. Балдар көчөнүн бурчун айлана беришкен учурда, беш-алты жашар эркек баланы колунан жетелеп ак көйнөкчөн, орто жашабыраак калган ак саргыл аял кемпирдин жанынан өтүп баратты эле, бала «апа, семичке» деп колун созуп кылчактап баспай туруп алды. «Балаңан тыйын аябай жүр» деди кемпир аялга. Ал аргасыздан кемпирге бурулду.
— Бир стакан бериңиз?
— Экини ал.
— Жок, буга аз эле керек.
— Жаш туруп эң эле сараң экенсиң, тос чөнтөгүңдү,— деди кемпир балага.

— Чонтогу булганат, кагазга ороп бере коюңуз?

Кемпир эки жагын кайсаласа, корзинкасынын жанында бүктөлүп жаткан кагаз колуна урунду, ал кагазга ороп балага бере койду да, катындын тыйынын кагып калганына жарпы жазылып, көңүлү жай болду. Бала жетелеген аял, көчөнүн бир топ жерине барганда, анын алдынан полицмейстр чыга калганда, бала энесинин колунан чыгып, аны коздой тыз койду.

— Ата! Ата!

— Акырын, жыгыласың,— деп полицмейстр аны көтөрүп ала койгондо, уулунун колундагы кагазга оролгон семичке жерге чачылды. Ал кетмек болду эле, бала болбоду. Ал айласыздан семичкени термек болуп жатып жерде жаткан кагазга көзү түшүп, аны алып окуду да, «а» деп катуу кыйкырып жибергенинде, катыны чочуп селт дей түштү.

— Сага эмне болду?

Полицмейстр калчылдайт.

— Сен бул баракты кимден алдың?

— Эмне экен?

— Муну сага ким берди деййм?

— Мына кызык! Бобике, тетиги көпүрөнүн жанындагы кемпир семичке ороп берген.

Аялынын жообун уккан соң, чаяндай кызарып кетти... Ал тез эки жагын элеңдеп кароого ашыкканда көзүнө бөлөк эч ким көрүнгөндөй болгон жок.

— Ах, акмак. Сен мени жутмак экенсиң, көрсөт, ал кемпир кайда?

— Көрсөтүп берем. Деги, кудай жалгагыр, ачуулапбачы, бу эмне кагаз, ошону мага түшүндүрчү?

— Каңкылдаба!

Полицмейстр үй-бүлөсү менен кемпирдин жанына барганда, «Бүгүн семичкени аз саттым» деп ач көз кемпир кайгырып олтурган. Беркилер барганда ал кубана:

— Алыңыздар! — деп семичкеден стаканга толтура сузуп беркилерге сунду. «Ашыкпа, кемпир!» — деп ал аны акырая тиктеп, «Ушубу?» — деп аялынан сурады. «Так өзү» деп башын ийкеди катыны.

Ал сурданып кемпирди жеп жиберчүүдөй көзүн чакчайта караса, кемпир эрдин кыбыратып таңгалды.

— Кемпир, чыныңды айт, сен бу баракты кайдан алдың?

Кемпирдин үрөйү учуп, көзү чакчая түштү да, мурдунун учуна илип койгон көз айнегин ала коюп, полицмейстрди жал-жал тиктеп, ээгин кыймылдатып кемшиңдейт.

— Сиздин урматыңызга, мен мындай баракты колума ала элекмин. А, балким сиз бөлөк бирөө менен мени чатакытырып жатсаңыз керек. Анын жанында дагы эки баракча жаткан, кемпир аны байкаган эмес.

— Тапба! Балага семичке ороп, муну сен берипсиң. Таңгысы бар, карыган шайтан,— деп ызырынды балалуу аял.

Полицмейстр анын жанындагы баракчаны эчак ала койгон.

— А, бул жаныңдан табылганды да таңгың бар го? — деп жекирди ал. Кемпирдин заматта үрөйү учту.

— А, кудай, бу кандай шылдың? Аны бир ант урган каргыш тийгир мага кастык кылып, жаныма таштап кеткен го. Каргаша!

— Какшаба, мени менен жүр! — деди ага начальник, кемпирдин колунан кол чатыры ыргып, шамал учурган камгактай тегеренди. Ал полицмейстрге жалынып жатат.

— Айланайын төрө! Бекер мени кыйнаба? Мен тыюу салынган китептерди жана барактарды көрсөм көзүм соолсун.

— Бас, дегенде бас! — деп ал анын далысынан чаңкып тартканда, кемпир үнүнүн бардыгынча чаңырып чалкасынан кетти.— Ах, карабаскан какбаш мытайымдын амалын көр. Тигини, калп эле эси ооду.

Полицмейстр намыстанбай корзинкадагы семичканы буту менен жайната тепти да, өзү чуркаган бойдон арыктан суу алып келип, эс-учунан тайган кемпирдин бетине суу сепсе, сулк жаткан кемпир энтигип башын көтөрө коюп, маңдайындагы турган полицмейстрдин аягына жыгылып, анын колун өпкүлөйт. Көчөдөн өтүп жаткан эл, ал жулкулдашып жаткан немелерди окчунураактан карап турушат.

Боз качырга чоң эки дөңгөлөктүү арабаны чегип, акырчикирди үйө баскан бир өзбек жигит аркыратып өтүп баратты эле, полицмейстр аны тып токтото койду да, аны ээрчитип келип, кемпирдин ой-боюна койбостон шыпырындынын үстүнө олтургузуп алып жөнөдү. Көргөндөр алардан чочушса да, кызыккандай таң кала артынан ээрчий басышты. Бөтөнчө балдар чуру-чуу, күрү-күү түшү-

шүн ээрчин баратышат. Алар үчүн бул сонун тамаша!

— О, кагылайын журт, мага жардам кылгыла! Бул жалаа. Тыюу салынган кагаз, мунун өз аялынан табылган. Мен күнөөлүү эмесмин. Коё бер! Арабаны токтот! Полицмейстр төрө, мени маскара кылбаңыз!

Кемпир башын койгулап өкүрүп баратат. Ал анын билегинен бекем кармап, арабаны жандап баратат. Соодагер кемпир жанынын бардыгынча туйлайт. Полицмейстр арабанын үстүнө чыкты. Ал кордук көрүп, жаны ачыган кемпир бардык күчүн жыйнап туйлаганда, арабанын кырына олтуруп бараткан начальник чалкасынан кетип, чаңга оонады. Кыраан-каткы күлкү көчөнү жаңыртты. Ызаланган неме үстү-башын кагынбастан, ээрчип бараткандарга каарданат.

— Эй, силер кимге күлдүңөр? Магабы? Мен силерди күлдүрөмүн. Кайда барасыңар? Бунт чыкканды көксөп турсаңар керек го, ээ?

Силердин дартыңар ошо го? Тарагыла!

Ээрчигендер андан жазганып, кайра артка чегиништи. Полицмейстрдин чеңгелинен бошонгон кемпир үлгүрө албай кайра дагы колго түштү.

— Төрө! Сиздин менде эмне өчүңүз бар?

— Бас! Бас! Жалмогуз кемпир.

— Кекетпе! Падышага каршы баракчаларды, адабияттарды, прокламацияларды катыныц аркылуу тараткан сен өзүңсүң! Мен генерал-губернаторго сенин үстүңөн датташам. Сен падышага нааразылык чыгарасың. О, эл, уккула! Токтосоңор! Мен силерди күбө кармайм. Мага...— деп кемпир дагы бирдемелерди айтканда, анын оозун алаканы менен баса коёт, полицмейстр соодагер кемпирдин желкесине тапанчасын такап, конторун көздөй сайгактаткан бойдон кууп бараткапда Катя менен Таабалды көрүп боорлору катып ыкшып күлүштү.

— Саша, карасаң, кемпирдин жанын көзүнө көрсөттү го?

— Тим кой, өзүлөрү менен өзүлөрү кармашсын,— дейт Таабалды.

Кемпир төрөнүн абийирин айрандай төгүп баратат. Кадырлуу полицмейстр аябай күлкү болду... Алардын аркасынан акмалап Таабалды менен Катя бараткан.

— Сүйлөбө. Баягы аял тигине, менин жанымап тез кет! — деп Катя шыбырады. Таабалды кайдигер, бейтааныш кишиче андан бөлүнүп, көчөнүн берки өйүзүнө от-

көндө, Анна Колпашникова кыздын алдынан чукул чыга калды эле, ал аны көрмөксөн болуп өтө берерде куу Анна аны буйтаткан жок.

— А, Катя, сен көптөн бери көрүнбөй кайда жүрдүң?

— Мен, айым, кыштакка бардым.

— Сен энеңен бирдеме сурап барган чыгарсың? Бекер кыйнаган экенсиң, андан көрө мага кайрылсаң, мен сенден аябайт элем... И, сүйлөчү, эмне көрдүң? Шаарда эмне кеп бар? Менден сыр жашырбай эле кой, садагаң!

Катя унчукпай төмөн карап турду.

— Сен эмне унчукпайсың, жакшы кыз?

— Менден эмнени сурайсыз?

— Көргөнүңдү айта бер.

— Көргөнүмдү айтсам, бир кемпир семичке сатып жатып, полицмейстрдин аялына жашыруун чыгарылган баракчага семичке ороп бериптир... Полицмейстр аны кармап баратса, ал «Сен өз катынын аркылуу тыюу салынган адабияттарды, барактарды көпчүлүккө таратып, козголоң чыгарганы жүрөсүң, сени билдирчү жерге билдирем» деп кыйкырганын көчөдөгүлөрдүн баары угушту.

— Ах, секет болоюн, ошол беле?

— Мен аны биле албадым, айым.

Аннанын жүнү жата калды.

— Абдан сонун болгон экен, секет. Мен анын үстүнөн басышым керек. О, кудай, кандай кубаныч! Кемпир анын мойнуна койгой эле. Ульянин төрө укту болду бекен? Секетим, баса сенин атың ким эле? Жашыруун ишти кулагың чалса, мага кабар бере жүр. Мен, сени жыргатам. Акчага, алтынга тунасың.

— Мен эчтеке билбейм...

— Ой, келесоо кыз, көргөнүңдүн баарын айта бер. Сен алтын, күмүшкө оролосуң. Мени менен сырдаш бол..

Колпашникова полициянын мекемесин көздөй тезилдеп жүгүрдү. Кемпирдин көзү ыйдан кызарган. Бул балакеттен кантип кутуларын билбейт. Анын карганганына полицмейстр ишенер эмес. Кайра түнөрөт. Жаасы эң катуу. «Кимден алдың? Сага ким берди? Эмне үчүн менин аялыма жашыруун баракчаны жалаа жаап сунa бердиң? Сенин менде эмне өчүң бар?» Кемпирди жекирсе, ал дагы тартынбай күчөп, кайра тергөөгө алган анын өзүн күнбөлөн кокосун жулуп алчуудай долуланат. Анда ал эмне дээрин билбей айласы кетип шалдаят.

— Мен билем, полицмейстр төрө, сиз падышага чын

ак пейилиң менен иштебейсизби? Ага арамдык кылып жүрүпсүз. Сиз мени колго түшүрдүм деп кубанып тургандырсыз! Жок, мен силердей кара ниеттердин жүзүн ачам да, тилин ат тиш менен толгоп сууруп алам. Бүгүн мени камасаңар, а мен силерди эртеңден тартып түрмөгө чиритем.

Кемпир тил тартпай алкылдай баштады.

— Энеке, сабыр этиңиз? — деди жалтактап ал.— Мүмкүн бир бузуку сизге, мага бирөөнү тукурган чыгар? Аны биз кайдан билдик,— деп терең улутунду.— Шаарда тополоң чыгарууга аракеттенген кишилер баары бизге маалим. Бирок, алардын ким экендиктери бизге белгилүү эмес. Байкабай мен сизди ыза кылып койдум көрүнөт. Сиздин алдыңызда күнөөлү болуп, бетим чымырады. Кечирип кой, энеке?

Антпесе айласы канча! Кемпир аны сөзсүз кунокорлөмок.

— Мындан ары байкап жүрсөңүз.

— Ушул ишти сиз жана мен эле билейин. Муну сыртка чыгарсак, анда ойрон болобуз. Мен мындан ары сизди ар кандай балакеттен сактоого даярмын.

Куу кемпир анын мүдөөсүнө дароо түшүнө койду да, тетири карап көйнөгүнүн көкүрөгүнөн акча алды да, полицмейстрдин колун кыса кармамыш болгонсуп алаканына кагазды жабыштыра койгондой болду. Начальник ичинен кым дей түштү. Кемпир билмексен болуп чыгып кете берди. Ал кеткен соң, чачын жулуп өкүнөт. Тырмагына илинген олжону улам кайта-кайта санайт. Кемпирден түшүрүп калган олжого ал ач көз кайдан алымсынсын. «Аз, аз. Эгер полиция жиберип айдатып алганымда, алкымдап туруп андан самаганымды алмак элем, колумдан чыгардым» деп өкүнөт. Полицмейстр өзүнчө күңгүрөнүп турганда, уруксатсыз Анна Колпашникова анын үстүнө шып кирип барды эле, ал селт дей түшүп чочуп кетти:

— Сиздин улуу урматыңызга, мени айыпка буюрбасаңыз? Куттуктайм сизди.

— А, кандай куттуктоо?! — деп секирди ал. Колпашникова жойпуланып, ойкуштайт. Төрөнүн ичи-койнуна кирип, мээримдүү сөздөрдөн козгойт.

— Жашырбай эле коюңуз, мен баарын уктум... Сиздин, жүзү кара кемпирди колго түшүргөнүңүз заматта бүт шаарга тарады. Бул чоң эрдик. Дүрбөлөң салмак. Шаардагылар сизди ушунчалык мактайт. Мен да сизден ушуну

күткөн элем. Ой, кудай ургандай кыйын кыраакысыз да!

— Кандай кемпир?! — деп кумсарды полицмейстр.

— Ах, жаным, менден жашырбай эле кой. Мен билем. Сиз падышадан Георгий чинин аласыз. Андай адамдарды кармагандарга баалуу сыйлыктарды берет дешет го?

Начальник торөнүп жүрогү, желимдей жабышкан куу катындан кемпирдин окуясын жашыра албай дүкүлдөп согот...

— Анна Сергеевна, мен эч кимди колго түшүргөн жокмун. Андай адамдарды бизге кармап берем деп сенин убада бергениңден бери канча убакыт өттү. Эми менден каалаганың эмне?

— Ах! Эгер ушак болсо, кечирип коёсуз. Мени акта?! Мен эмес!.. Ал бүт шаарга тарады. Мени акта, болбосо... Менин да аянар жерим калган жок.

Колпашниковадан кутула албасына көзү жеткен соң, кемпирдин окуясын ал шаарга жаят деп өз жанынан чочуду да, андан баягыда алган милдеттенме кагазын колуна кармата салды.

— Сиз акталдыңыз! Мындан ары сизге полиция тарабынан эч доомат кылынбайт.

— Ах, кагылайын! Менин жаным эми жай ала түштү.

— Мен Ульянин мырзага сизди мактайм. Бирок, кемпир жөнүндө мындан ары эбиребе. Сиз, эркинсиз.

— Ой, бу кандай кубаныч?! — деди Колпашникова толкунданып. Жабылуу аяк жабылуу бойдон калды. Колпашникова полицмейстр менен элдешкенден кийин, мындан ары ал ага козголоң баштаган адамдарды табууга убадасын берди.

## Алтынчы бөлүм

### 1

Забастовка чыгарган жумушчулар ишканалардын кожоюндарынын эсин оодара баштады. Шайлары ооп, далбастаган башкаруучулар ар кандай аракетке түшүшүп, жумушчуларды басууга тырышса, ага да болушпай, кооганы кайра өөрчүтүшөт. Начальниктердин көздөрү тунарып, баштарына кара түн түштү. Өткөн жылдарда забастовка эки-үч күнгө гана созулган. Кийинки кездердө айдан-айга созулуп, башкаруучулардын кокойүнө кок таш-

тай тийип оптотот. Жумушчулардын сөздөрү кожоюндарга октой тиет.

Россияда завод-фабрикалардагы жумушчулар, тыным-сыз забастовканы күчөтүп жатышыптыр, аларга дыйкан-дар да кошулуп бунт чыгарышып, помещиктерди безгек болгон немедей калтыратыптыр деген имиш сөздөрдү угушканда ташкенттик жумушчулар дүүлдөшүшөт. Кожо-юндар мындай кабарды билишкенде ичтери уйгу-туйгу. Ал тургай, стачкалык комитеттин катуу талабы боюнча, жумушчулардын забастовка чыгарган убагындагы эмгек акыларын төлөшкөндө башкаруучулар желкелерин кашып боздошот.

Падышалык бийлик революциялык кыймылдын уют-кусу болгон темир жол жумушчуларын талкалап, жексен кылууга чамынат. Ал падышанын намысына каршы ат куйругун түйүшкөн адамдарды куугунтуктоо күчөй берди. Полициялар үйлөрдөн, ишканалардан багжайган кызыл балбандарды аңдып жүрүшүп, туралары түгөнүп, суй жы-гылышты. Көрүнгөн жумушчуларды тоорушуп, ар кимдин аттарын атап, чегишип сурай-сурай жаактары талыган желдеттер көк мээ болгон эшектей баштарын чайкайт.

Революциячыл кыймылга элди тарткан «Биздин туу-ганды», Пудовкинди ачык ооз, жумук көз жёлдеттер кар-май алышпай суй жыгылышты. Булар көрүнө эле жүрөт. Бирок, анык билишпегендиктен кармоодон жазганышат, анткени нааразылык туулуп, чоң чатак чыгат деп чочу-шат. Төрөлөр жумушчулардын толкунуна туруштук бери-ше албай жедеп туралары түгөнгөндө, губернатордун ырайымсыз буйругуна ылайык «темир жол согуштук абал-да» деп жарыялоого аргасыздан мажбур болушту.

Шишкин депого слесарь болуп орношкондон бери эч кимге жолуккан эмес. Кружоктун мүчөлөрүнө кайрылса, ага «тарадык, кружок жоголду» деген жоопту беришкен. Андан жашырып жатышкандарын далайды көргөн кыт-мыр, митайым неме кантип эле билбесин. Ага ишенбей калышканын ал небак сезген. Баягыда жалпы забастовка-га өтүү жөнүндө талашканынан кийин ал, биздин тууган-ды кезиктирген жок. Аны «көрө алдыңарбы?» «Ал кайда жүрөт?» деп ар кимден чекмелеп сураса, бирөө «көргөн жокмун» десе, кай бирөөлөр «ал Пишпек уездине кеткен» деп коёт. Падышалык өкмөткө нааразылык көз карашын өзгөрткөн. Забастовка чыкканда ал чүмкөнүп үйүнө жатып

алат. Ындыны очкон коркок, кайратсыз неме революциялык жолдон айныды.

Анын баскан-турганы, жүргөн жүрүшү Депонун начальниктерине жагат. Шишкин кадыр-баркка ээ. Сыйдын үстүндө. Ульянин мырза аны көргөндө башын ийкеп амандашса, анын төбөсү көккө жеткендей көңүлү жай. Карды ток, кайгысы жок.

Бир күнү жумуш аяктап калган учурда аны тымызын начальниктин кабинетине шашылыш чакырып кетишти. Шишкин аякка баратканында өңү саруулап күйүнөт, эмнеге айткенин анын өзү гана билет. Ал төрөнүн үстүнө жыланбаш бүжүрөп кирип барганында, көзүнө бөлөк эч ким көрүнгөн эмес эле. Бир оокумда бурч жакка бурулуп караса, полицмейстр көзүнүн кыйыгын сала аны карап турганын көргөндө анын жүрөгү оозуна каптала түштү.

— Эмне турасыз, олтуруңуз? — деп Ульянин ага кичинейилдик менен жакшы мамиле кыла сүйлөдү.

— Сиздин улуу урматыңызга, мени чакырткан экенсиз, келдим,— деп Шишкин босогодон карыш жылган жок.— Мен сиздердин тынчыңыздарды алдым көрүнөт...

— Орун алыңыз, Степан Алексеевич! — деди ага ал сылык. «Теңир жалгасын» деп Шишкин дивандын кырына кулаалыдай чокчойду. Полицмейстр аны карап, анан өз колундагы кагазын тиктеп, ага жакын келди да, беш манжасы менен столду тыкылдатып, ага көзүн кысат.

— А, Шишкин мырза, сиз Самарадан келер замат биз менен байланышсаңыз болмок. Саал убактыны өткөзүп жибергениңизге биз өкүнөбүз.

Шишкин полицмейстрди жалт карап алды да, анан үнчукпай башын шылкыйтты.

— Сиз чочубаңыз. Биз силердей адамдарды сыйлайбыз, Шишкин мырза Самарада кандай иш менен алек болуп жүргөнү мендей полицмейстрге маалим: «Албетте!» деди Ульянин.

Шишкиндин чекесинен муздак тер чыкты.

— Чыныңызды айтыңыз? Сиз бизге кызмат кылуудан баш тартпассыз деп ойлойбуз?

— Сиздин улуу урматыңызга менин колумдан эмне келет? — деп күңкүлдөдү Шишкин. Анын денеси мупмуздак.

— Степан Алексеевич, сиздин колуңуздан баары келет... Ооба, ооба, талашпаңыз,— деди Ульянин кабагын чытып. Шишкин дудук немедей түк үнчукпайт.

— Забастовкачылардын башчысы жайлап коёт деп коркуп жатсаңыз керек го. Сиздин биз менен алакаңыз бар экенин аларга билгизбейсиз. Бизге андай адамдардын оңү-түсүн, фамилияларын гана берсеңиз болгону.

— Господин полицмейстр, мен... мен өлүмгө бара албайм. Алар мени тирүүлөй соёт... Жетишет Самарадан качканым да. Мени өз жайыма тим коюңуздарды суранам.

— Алкынба! — деди полицмейстр ага. Эгерде биздин талапты орундатпасаңыз, анда сиздин эмне болоруңуз көз алдыңызга элестеп турган чыгар дейм?! Алардын эмнесин аяйсыз? Эх, дагы падышанын жактоочусу имиш! Коркок. Алар сизден шек алып калышса, ошол саат сизди Самарканд шаарына бул торо саякатка узатат. Революционерлер жоюлгандан кийин, сиз Шишкин мырза, башкаруучу кызматка көтөрүлөрүңүздү билбесеңиз керек го, а!?

Анын акыркы сөзүн укканда, Шишкин кичине жумшара түштү.

— Төрөлөр! Айла канча, мен акыркы жолу дагы кызмат кылайын. Бирок, силер мени сызга олтуртпассыздар деп ишенем.

— Бали, Шишкин мырза, бая эле ушинтип айтсаңыз, мынчалык кыйналбайт элек, — деп жаркылдап күлдү Ульянин.

— Төрөлөр, эгер жумушчулар шек алса, анда мени кескилеп өлтүрүшөт. Алардын «Биздин туугап» деген башкарган кишиси бар. Аны кармоо кыйын!

— Мындан ары, сиз менен Колпашникова гана жолугат. Бизге сиз кабарды ошол аркылуу берип турасыз.

— Полицмейстр төрө, анда мага эч кандай коркунуч болбос. Мага уруксат этиңиздер?

— Токтоңуз! — деди да Ульянин акырын столунун тартмасын ачып, элүү теңгени Шишкинге сунду.— Акчадан каржалып жүргөндүрсүз. Уялбай алыңыз, сизге зыяны тийбес. Азырынча ушул толук жетишер?

— Төрөлөр, мен ант берем!

— Ишендик. Эми көрүнбөй жылт бериңиз,— деди ал ага. Нысабын да, адамгерчилигин да акчага саткан Шишкин эч кимге кезикпеске тырышып алактап алардан бошоду. Анын көлөкөсү көз алдыларынан жоголгондо эки мырза каткырышып өздөрүнүн айлакечтигин айтып мактана көөдөндөрүн көтөрүштү.

— Мына эми иш бүттү,— деди Ульянин ыңгыранып, узакка созулган паузадан кийин.— Сиз кандай деп ой-

лойсуз полицмейстр төрө, жанагы неме большевиктенби же меньшевиктенби?

Полицмейстр ыкшып күлө баштады эле, берки ыза болду да, колун аркасына алып, аркы-терки басып, кабагын түйө ага кыжырлана баштады.

— Бул кандай күлкү?

Аны полицмейстр акырая карап, кекете жекире сүйлөдү.

— Мырза, эгер ал большевиктерден болгондо, анда бизге мындай ачык сырын айтмак турсун, караанызды да көрмөк эмес. Бул Самарадагы саясий органдарга революционерлерди карматканы үчүн, айрым кишилер мунун көзүн тазалаарда, бизге жанын коргоп качып келиптир. Аяктан мага «ушундай киши кетти, андан пайдалангыла» деп жашыруун билдирүү жазып жибериптир. Кандай додөйлүк. Сиздин кыраакылыгыңыз эң аз. Ульянин төрө!..

Ульяниндин көзү чайттай ачылды. Ал, бир кызарып, бир бозорот. Ал полицмейстрдин тилине ууга түшкөн.

— Болуптур, полицмейстр төрө, мындан ары аракетти бирге кылалы. Бирок да сиз аша чаап, мага дөдөй кишидей мамиле кылганыңызга арданам. Мындан ары биз таттуу бололу.

Жекшемби күнү эртең менен шаардын четиндеги «Караван сарайга» келип жаткандар көп. Мында тымызын эл чогулуп жатты. Сарайдын ээсинин, аларды коргондө, көңүлү куунак. Ага акча арбын түшсө болду да! Келгендердин кай бирөөлөрү чайканада олтургансыйт. Уламдан-улам кең короонун ичине: орус, өзбек жана бөлөк улуттар жайнап кетишти. Көчөдөн ары-бери өтүп жатышкан бейкабар кишилер «бул жерде эмне болуп жатат» дешип, чогулган топко кайрылып келип жатат. Калдайган калың журттун көрүнүшү укмуш! Бир оокумда көпчүлүктүн арасынан Таабалды суурулуп алдыга чыга калды да, койнунан барактарды ала коюп аларга чачты.

— Муну жакшылап окугула! Мында анык чындык жазылган!

Анын артынан Катерина, Валя, Надялар да барактарды көпчүлүккө чачыпты эле, абада калкып учкан кагаздарга калың топ колдоруп тосушат. Боз тужуркачан, шыңга узун бойлуу, көздөрү жоодураган ак куба адам

чайканапын текчесине чыга калып, колун көтөрүп акырын сүйлөй баштады.

— Жолдоштор! — Көпчүлүк ага көңүлдөрүн бура калышты.— Забастовка бүткүл Россияга жайылганын уккан чыгарсыңар. Андай саясий көтөрүлүш падышалык өкмөттү онтотту. Жумушчулардын революциячыл кыймылын интеллигенттер, студенттер жана дыйкандар чын ак пейилдери менен колдоодо. Башкаруучулардын жана падышанын чочуп кетип, күнүмдүк берген жеңилдиктерине биз таптакыр алымсынбайбыз. Эчен эзилип келген адамдар түбөлүккө эркин болуш керек. Мына маселе так ушунда! — деп ал кыйкырбай, жай гана сөзүн созо берди.— Мындан ары биз падышадан жакшылык күтпөйбүз, 9-январдагы аккан кан кургай элек... Ошол кан жумушчулардын каны... Аны ким унутат?.. Жолдоштор! Эртең жалпы забастовка жарыяланды! Бардык ишканаларда иш токтолуп, каңгырап бош калганда гана господиндердин айласы кетип, тумшуктары менен жер сүзүп муңкүрөшөт. Төрөлөр биздейлердин түгөнгүс күчүн билишсин. Россиянын жумушчуларын колдоп, биз дагы алардын катарына кошулалы! Жашасын жумушчу табы!

— Зулум падыша жоголсун!

— Жашасын жумушчулар!

Антонич сүйлөп бүтүп, баракчаларды дагы топту көздөй ыргытты эле, көпчүлүктүн шаңдуу үнүн аба толкуну жамыратып алда кайда алып учту. Антонич сүйлөп бүтүп текчеден секиргенде, Шишкин менен Колпашникова анын караанын элес-булас көргөнсүштү. Колпашникова «бунтчуларды башкарып жүргөн жанагы го?» деп Шишкиндин кулагына шыбыраса, ал «жаагыңды бас» дегендей белги берди да, анан өзү билмексен кишидей мостоё калат.

— Тууганларым! Биз дагы ач-жылаңачпыз. Менин ата, энем ачтан апат болгон... Турмуш оор... Түйшүк көп,— деди Алымжан.

— Туура айтат!

— Канды соруштту.

— Алардын балдарынын ордуна солдатка биздин уландар кетишти.

— Алардын балдарынын жаны артыкпы?

— Достор! Бизге саясий укук керек,— деди калың топтун ичинен бирөө.

Ильиндин бул кыскача айткан сөзү көпчүлүктүн мээ-

сине кадала түштү көрүнөт.— «Бизге ошо керек» деп жабыла кыйкырышты калайык.

— Туугандар! Кожоюндардын алдаганына көнбөгүлө! Алардын убадаларынын баары жалган!— деп Таабалды элдин арасынан дагы бакылдады эле, анын өңү-түсүн Колпашникова көрүүгө ынтызар болгону менен, бирок сыгылыша тургандардын арасынан аны көрө алган жок. «Мына ушул немени таанысаң болот эле» деди Шишкин шыбырап жанындагы Аннага.

Аңгычакты сыртта эки жакты акмалап карап жүрүшкөн байкоочулар узун көчөнүн орто ченинен атчан полициялардын караанын элес-булас көрөр менен, митингедегилерге учкан бойдон келип кабар беришти эле, калың топ бет алдынан туш-тушка дароо тарашты, журт суюлуп калган маалда, аттарын кара терге түшүрүшүп полициялар чабуулдап келип алактап калышты.

«Эх акмактар, тарап кетишкен тура» деп өкүндү полицмейстр. Кимдир бирөө дубалдын кырына чыга калып, өкүнүчтө калган төрөгө минтип мыскылдады:

— Төрө, капаланбаңыз, митингеге катышкандар силерди күтүшпөй тарап кетишти. Бекер убара болдуңар. Эчтеке эмес, мындай митинг балким эртең да болуп калар!

Ызаланган полицмейстр наганын алып тамдын кырындагы адамды жаза мээлеп калганына өкүндү. Ал жүрөктүү неме шагы сынган полицмейстрди көрдөп, каткырган бойдон дубалдын ар жагына жылт койду. «Курчоого алгыла!» деп кыйкырды полицмейстр. Полициялар сарайга чырмооктой чырмалышты. Чайканадагылар да кым-куут түшүшүп, үйлөрүн көздөй качышты. Шишкин, Колпашникова экөө жанагы калкты үндөгөн чечендердин артынан акмалап баратып, адашып калышты. Ар ким өз жанына сак. Полициялар колдоруна бир да киши түшүрө албаганга арданып күйкөлөктөнөт.

Кербен сарайдын ээси лепилдеп эки колун бооруна алып, полицмейстрге кошомат кылып, жалпактап турат.

— Эй, карыган, сакалдуу кара теке, сен эмне эрте мага кабар берип койгон жоксуң? — деп күчөндү полицмейстр ага.

— О, таксыр, мен аларды карабан сарайга тамаша кылганы келген адамдар деген элем, көрсө...

— Көрсө, көрсө дейт тура. Сен соо эмессиң, мен билем сени.

Полицмейстр аны кекете баштаган сайын, кербен са-

райдын ээси семиз денесин андан ала качып оолактоодо. Бирок, жаагын жанып эбирейт.

— Мен кайдан билем, улугум, менде эмне күнөө. Ал элдин өз каалаганы бар го. Мен аны байкап калдым.

Өлгөндөй арданып ичи күйүп, ыза болгон төрөгө анын акчыланганы кайдан жаксын.

— Бул митайым да, бундчуларга тилектеш. Муну карасаң, калп эле акчыланымыш болот. Алгыла! — деп полицмейстр айкырды эле, тырмактарына бир да киши урунбай, кандары ичине тартып, араң турушкан желдеттер кара сакал сарайчыны алкымдап, кууган бойдон жөнөштү. Ал жапынын бардыгынча жалынып-жалбарат. Анысына беркилер кайдан карамак эле, аны айдап бараткан коргөндөр «өзү кабар берген, бул элден чыкты. Тим кой, жазасын тартсын» деп ичтеринен табалашат.

## 2

Анын эртеси стачкалык комитеттин чакырыгы боюнча депого, мастерскойго жана кай бир майда ишканаларга бир да адам келген жок. Кожоюндар эмне кылар айлаларын табалышпай көздөрү тунарып, алактап калышкан. «Забастовканы уюштурган кишилерди жердин жети катар түбүнө кирип жашынса да тапкыла» деген губернатордон катуу буйрук алышкандан кийин жандармалар, полициялар шаардагы көрүнгөн адамдардан шек санап, куура баштышты. Кара таандай каптаган желдеттер, тиштерин кайрап, кекенген кишилеринин бир да бирөөн кармай алышпай туралары түгөндү. Ишканалардын начальниктери жумушчулар менен кандайча ыгын таап сүйлөшүүнүн айласын таба алышпай ээн талаа, эрме чөлдөгү ысыкка какталган кара чаар жылан сыяктуу акактап, көөдөндөрүн койгулашканын көргөндөрдүн күлкүлөрү көккө көтөрүлөт. Шумдуктуу чоңдордо адамгерчилик аз. Алардын денесин кара курттун уусу уялаган. Иш таштагандар келбей коюшкан соң, кожоюндар муң көтөрүштү. «Өздөрү чогуу келишип, койгон талаптарын ооз эки айтышсын» деп жатаканаларга киши жиберишти.

Ошол күнү декабрь айынын орто чени эле, эртеден бери тынымсыз бурганактап жааган кар көз ачырбайт. Начальниктер жумушчуларды деподоң күтө беришип, көз майлары түгөндү. Түштөн кийин ач карышкырдай жортуп жүрүшкөн жандармалар да, жер соруп кеткендей

дайынсыз жоголушту. Бир оокумда капыстан ийри-буйру тар көчөдөн бир кыйла киши калдайып көрүнө калышты да, депону көздөй кыр көрсөтө бет алышты.

— Тигине, ошолор! — деп Зубков баарынан мурда көрүп кобурап ийди.

— Жаагыңызды басыңыз! — деди аны жекире Ульянин, начальник полицмейстрдик формасын таштап, гражданча кийинип алыптыр. Ал кубулуп алган неме тигилердин арасынан бөлүнүп дарбазанын далдоосуна денесин жашырып турат. Келатышкан айбаттуулар улам жакындаган сайын беркилердин үрөйү учкансыйт. Артыкча чоң курсак Карабай кардын челкейтип, чочуганынан денеси солк-солк этип ынтыгат.

— Төрөлөр, силер бул бундчулар менен сылык сүйлөшкүлө! — деп полицмейстр дарбазанын артынан коридордогуларга күңкүлдөйт; күткөндөрдүн көздөрүндө заары бар.

Ар жактан келаткан сүрдүү топ депого жетти. Төрөлөр алардын колдорунда көтөргөн падышанын сүрөтү бар чыгар деген ойго келишти эле, бирок алардын оюндагыдай болуп кайдан чыксын. Калың топ кылкылдап чогуу тура калышканда, алардын арасынан бирөө өз караанын көрсөтпөй:

— «Саламатсыздарбы мырзалар!» — деп, үнүн бийик чыгарды эле, баары чуу көтөрүштү:

— Чакырыптырсыңар.

— Мына келдик.

— Сүйлөшөлү.

— Биз койгон талабыбызды сиздерге тапшырбадык беле?

— Ооба, ооба.

— Тим кой, өздөрүнөн жооп болсун,— деди топтун арасынан бирөө.

Топ господаларга бет маңдай жарданып тура калышып, биринин артынан бири жабыла чуулдашканда Ульянин колун көтөрө койду эле, көпчүлүк тынчтана түштү.

— Келгениңер дурус болду. Эми ачык сүйлөшөлү. Силердин каалаганыңар эмне?

— Каалаганыбыз сиздерге көптөн бери белгилүү го! — деди көпчүлүктүн арасынан биздин тууган. Анын кандай киши экенин жана кайсы жерден кыйкырганын коридордогулар элдин арасынан айра таапыша албай кайсактап калышты.

— Бул ким?

— Жашынбай бери чык!
— Коркпо!
— Баарыбыздын айтарыбыз деле ошол, торолор.
— Эй, булар менен сүйлөшкөндө баягы уга жүргөн сөз да!
— Жүргүлө кеттик.
— Ырас эле ошо да.
— Токтогула! — деп жанынын бардыгынча кыйкырды Ульянин. Кайра кайрылып кетүүгө баш койгон жумушчулар саал аяңдай калышты. Кайдан-жайдан жетишкенин ким билсин, полициялар калың журтту темир-сепил сыяктуу курчап калган. Түрү суук немелерди көпчүлүк көрө койду.
— Ах, силер ушинтип сүйлөшмөк экенсиңер го?
— Силер ушуну кылмаксыңар.
— Дагы жумушчулардын канын чачканы жатышса керек.
— Жүргүлө!
— Биз эми жанды аямак белек.
— Тарткыла кайра! — деп, алардын арасынан Ильин үнүн өзгөртүп кыйкырды.
— Токтогула! Кадырлуу Ульянин мырза силерге кайрылып жатат. Сабыр этсеңер? Кайда! Кайда?! — деп Шпаковский чебеленди.
— Чурулдабай тартип менен сүйлөшөлү. Силерди башкарган араңарда кимиңер? Кимиңер дейм?! Эмне ун чукпай калдыңар? Сүйлөгүлө?!
— Кечиресиз, мырза. Ар ким өз башына ээ, — деди биздин тууган.
— Кандайча?
— Андай болууга мүмкүн эмес, араңарда силерге акыл үйрөткөн бирөө бар чыгар. А, тиги азыр сүйлөгөн ким? Балким ал «биздин тууган го», бери чыксын.
— Андай кишини тааныбайбыз.
— Койсоңорчу. Ал силердин араңарда!
— Жок.
— Токтоткула штрабыңарды?
— Жадаттыңар.
— Алган айлыгыбыз аз, аны да өөнөшөт.
Ульянин каргылданган үнүн бийик чыгара жанын сабап сүйлөп жатканда Колпашниккованын көпчүлүктүн арасынан Таабалдыны алактап издеп жүргөнү Катянын көзүнө чалдыга түштү. Ал жанындагы Таабалдынын колунан

кармады да, жетелеп буйтай берди эле, дарбазанын далдоосунда жашырынып аңдып турган Шишкин «Бирөө тетиги болуш керек» деди, полицмейстрге сөөмөйү менен көрсөтө берип, өзү билмексен кишидей ойт берип топтун арасына кошулуп болөктордү акмалап аңдыйт. Полицмейстр дарбазанын далдоосунан ары жакка чуркап барып, үстүндөгү граждания кийимин чечип, полицмейстрдин формасы менен коридорго жаңы келген немедей, билмексен болуп чыга келди.

— Господа, биздин койгон талабыбыз орундалаар эмес, куру-бекер убактыны откозбойлу,— деп Филипенко эң арт жактан кыйкырды эле, калың топ полицияларга моюн бербей жөөлөшкөн бойдон жапырт жөнөштү.

— Кайда качасыңар?!

— Токтогула!

— Биз токтобойбуз! — деп биздин тууган кыйкырды.

Полицмейстр атына ыргып минип, тапанчасын жумушчуларга кезеп үстүнөн кайнпыта удаа-удаа окту чуулдатты эле, калың топ ого бетер удургуду. Анын огуна жоон катарында толкуган көпчүлүктүн арасынан «Жоголсун падыша!» деген үндөр чыкканда, полицмейстр атынын үстүнөн учуп кете жаздады. «А» деп бакырып ийди. «Бу кандай кеп?» Мындай сөздү угалек төрөлөрдүн көңүлү караңгылай түштү. Бара-бара жумушчуларга жай адамдар кошулуп, кимдин ким экенин ажырата билүү кыйын болду. Карабай өз малайларынан Акбарды, Алымжанды гана таанып калды. Кара атчан полиция атын ойнотуп, элдин бир алдын коздой, кайра арт жакка желигип чапкылап жүргөн. Ал атырылтып келатып, сым карагайга күүлөнгөн бойдон барып ат-маты менен тийгенде, атынын арка мойну алдында калып, өзү төбөсү менен жер сүзүп, тилге келбей жан берди. Ырдап бараткандардын арасынан экоо окко учту. Эл таш менен куралданып, кагылыш катуулады. Полициялар полицмейстрдин берген буйругу боюнча колдоруна ким тийсе ылгабастан кармай баштады. Полиция өлгөн жерден Колпашникова теке маңдай Таабалдыга көздөшө калганында, ал жанындагы Шишкинге «ушу беле» дегенсип жаңдап андан сурады эле, ал «ошол» дегенсип башын ийкеди. Анын белги бергенин Таабалды сезип калган.

— О, журт! Полиция! Жанагы полициянын атын үркүтүп өлтүргөн мына бул! Кармагыла? Айланайындар, жардам кылгыла! — деп Колпашникова үнүнүн бардыгын-

ча чаңыра Таабалдыга асылат. Ач көнөдөй жабышкан катынды Таабалды түртүп жиберди, ал туруштук берүүгө чамасы келбей сендиректеп барып дубалды сүздү. «Кармагыла!» Куткарбагыла! Полициялар тополоң түштү, ышкырык-кыйкырыктан кулак тунат. Таабалды топтун арасына кирип дайынын билгизбей көздөн кайым болду. «Ал ушулардын арасында, булар аны жашырыша коюшту». Жалаа жапкан катын өкүрүп калың элди жарып аркы-терки кутургандай чуркап жүрөт. Шишкиндин аялга Таабалдыны жаңдап көрсөтүп бергенин, биздин тууган Филипенко экөө байкап калышкан болучу. Алар билмексен болушуп анын артынан акмалап карап жүрүшөт. Бир топтон бери ал Антоничти көрө элек.

«Какаганга муштаган» дегендей, күн улам кечтеген сайын каардуу бороон согуп, полицияларды карайлатты. Көздөгөн кишилерин кармаша алышпай жедеп шайлары оогондо колдоруна ким тийсе ошону кармашып, айдап алып жөнөшөт. Алардын максаты ошол кармашкан адамдар аркылуу забастовканы уюштургандарды даана билишмекчи эле. Алардын тилеги таш капты.

Күңүрт күүгүм түшкөндө көчөдөгү тополоң токтоого аргасыз болду. Көрүнгөнгө тумшугу менен бир тийген желдеттер суй жыгылышты. Шаарды караңгы түн магдыратып кучагына тартты.

Капкараңгы. Шишкин жалгыз элеңдеп үйүнө баратат. Колпашниковага, кармат деп көрсөткөн кишилеринин колго түшкөн, түшпөгөнүн ал анык биле албай калганына сары санаа.

Полицмейстрге ал кыймылга баш-көз болгон адамдарды таамай көрсөтүп берүүгө убада берген болжолдуу күнү эле. Көз көрүнө ачык чыга калып «мына ушул нагыз революционер» десе ордунан козголо элегинде өз башын жалмаарын ал шексиз билет. Шишкиндин жүрөгүн өйкөгөн чоң коркунуч ошол. Кокус, иши оңунан чыкпаса анын терисин тескери сыйырышмак.

Ал Ульянин менен полицмейстрге кол токмок болуп сатылган күндөн тартып, ар кандай шылтоолорду таап, жакшы жатаканага көчкөн. Түлкүдөй мант берген митаам неме сырын кимге билгизет. Мына эми ал жан талашып, тар көчөдө чуркоодо. Алдынан караап көрүнсө, жолдун тиги өйүзүнөн берки жагына буйтап чыга качат. Үйүнө жетерине аз калды. Үйүндө аны күткөн үй-бүлөсү жок. Анын каранар-карманары жок, омолойдон-томолой куу

баш. Үйүнүн бер жагындагы караңгы бурчка барганында, алдынан бир караан көрүндү эле, шум неме артып көздөй басымыш болуп, буйт берүүгө аракеттенсе, арт жагынан дагы бир кишинин карааны ага чукул келип калыптыр. Ал кайда буруларын билбестен калтаарыйт. «Токто!» деди анын алдынан теке маңдай чыккан киши. «Эми кайда качасың?» десе болобу аркасындагы бирөө да. Шишкиндин жүрөгү шуу дей түшүп, көз алдына көрдүн элеси көрүнөт...

— Силер кимсицер? — деп ал титиреп сурады.

— Мен Лебедевмин.

— А, мен Пудовкин.

— А-а, «достор!», кош, кайдан келатасыңар? Силерди сагындым. Меникине жүргүлө тамаша кылалы.

— Эх, Шишкин, сен бизди дөдөй немелер деп жүрсөң керек го? Сенин эмне кылып жүргөнүңдүн баары мага маалим. Былк этпе! Сен Самарадагы революционерлерди жандармерияларга, полицияларга карматып, анан изиңди жашырып Ташкентке келгениңди бу жердегилер кайдан билишсин деген ойдо жүргөнсүң го, ия?!

Шишкин селдейип ордунда катып калды да, жанын сабап жалтактады:

— Аны ким айтат? Айланайындар, мен андай киши эмесмин, ишенгиле! Жолдош Пудовкин, муну кой де?

— Жаагыңды бас! Пудовкин сага жолдош эмес, сен мунун душманысың. Жүзү кара, жумушчуларды полициялардын чеңгелине мыкчытып коюп, падышалык бийликке кызмат кылып, жыргагың бар тура. Жумушчу табы сендей сатылган чыккынчысыз эле революцияны жүргүзүшөт, мына сага!

Айсыз караңгы түндө Шишкин өлүм алдында акыркы күчүн жыйнап туйлайт. Кыркырап мууна баштады.

— Мен жаңылдым, жан соога! Жан кыйбагыла! Мен мындан ары силер менен бирге болом. Мен полициялардан өч алам, күнөөмдү актайм!

— Сага окшогондорду жер жүзүнөн тазалап, тиги дүйнөгө кубалагандан тазасы жок! — деди Лебедев, аны жерге бекем ныктап.

— Ай, ай, айрылдым жарык күндөрдөн, — деген анын акыркы үнү чыкты.

Таң сүргөндө көчөдөн өйдө-төмөн өткөн кишилер өлүктү адеп көрүшкөндө «Мас болуп калып эс-учун жыйнай албай жаткан адам го» деген ойго келишкен. Кимдир би-

роо абайлап карап көрүп «Тирүү эмес, өлгөн неме экен» дегенде гана билишет. Андан кийин өлүктүн жанына эч ким келген жок. Күн өйдө көтөрүлүп калган маалда полициялык мекемелерге билингенде, полицмейстр Борисов эки полиция менен келип көргөнүндө, Шишкин экени билинди. «Муну кечээги забастовкалар жайлады. Кандай гана болсо да өлтүргөндү табыш керек!» деп бакылдады ал. Күнөөкөрдү издөөгө киришипти. Ал кайдан табылсын.

Катуу кагылыштан кийин кайып учуп, учкун өткөн соң: багжайган кызыл шумкарлар падышалык зулум төрөлөрдүн эсин оодарышып, койгон талаптарынын кай бир орчундууларына аларды аргасыздан макул кылышканда гана, стачкалык комитеттин убактылуу берген уруксаты боюнча депого, башкы мастерскойго келишип, кош көңүл колдорун кыймылдатымыш болуп жүргөнсүшөт. Иш таштоо алардын ар дайыма көңүлүндө, эстеринен чыгаар эмес.

Төртүнчү күнү түштө, кылдан кыйкым таппай арач жүргөн Шпаковский казанчы Таабалдыны кырсыктап, отунду ыксыз коромжу кылды деген куру шылтоого такап, ага беш күн штраф салды. Ал беш күндүн үчөөн иш таштаган убактыларга тогоп, калган эки күндү эмгек акысынан кармоого ырайымсыз таш боор суук колун арбайта сунду. Жумушчулар Таабалдынын таламын талашып, «бул адилеттик эмес, штрафты жой» дешсе, болгон жок.

— Бул жоругуңуз адилеттүүлүккө жатпайт,— деди кыжырлана Николай Ильин.

— Силер ага эмне боор ооруйсуңар?

— Бул жумушчу! Алганы аз, иштеген иши оор!

Жумушчулар тилин тартышпай каяша айтышты.

— Филипенко, сен кайраштырба! Караңгы жумушчуларды көкүткөндөр, ишке жолтоо болуп жатат. Мен мындай ээн баштыкка чыдай албайм.

— Начальник мырза, биз качан болсо чындыкты айткандыгыбыз үчүн, силердин алдыңарда күнөөлү болуп чыдап келе жатабыз. А, биздин кандай жаныбыз бек? Чындыкты айтсак жаман көрөсүңөр, арыздансак айыптайсыңар, жалган жеринен жалаа жаап штраф төлөтөсүңөр! Айткылачы, мына бу жумушчулар кайда барып жан багат? Бул кандай ырайымсыздык?!

Иш дароо токтолду. Шпаковскийден эч кимиси жазганбай айтыша башташты. Таабалдынын капы кайнап, көзү-

нои от жапат. Ал начальниктен ийменип тилин тарткан жок. Шпаковский кызалацдап чуркап баратып, эшикке жеткенинде тык toктoй калды да, кайра кылчайып, тоотпой каяша айткан жигитке каарын төгөт.

— Мен сендей ээп баштарга көрсөтөм! Тоюнуп алгандап кийин мунун кутура баштаганын карасац. Тентиген селсаяк. Бул адам эмес, айбан!

Таабалды апы көздөй умтулду эле, Ильин кармай калды.— Эх, шайтандар, силер тигил акмакка болушканыцар кандай?

Ацгыча Катерина сырттан цехке чуркап кирди да, Филиппенкопуп кулагына бирдеме деп шыбырап, анап Таабалдыны колунан жетелеп станоктун далдоосуна барды. Ильин жацдады эле, цехтегилер дароо жай-жайына кетишти. Шпаковский эки жандарм, үч полиция жана Колпашниковага дарбазанын жанынан кездешти да, аларды ылдам мастерскойго алып барууга ашыкты. Сырттан келгендерге иштеп жатышкан жумушчулардын эч кимиси коңүл бурушкан жок. Жандармапын бирөө эшиктин алдынан каршы жылбай тосуп калганын Ильин менен Филиппенко көрүшкөндө, алардын эмнеге келишкенин билишкен. Эшиктер бекиди, жол туюк.

— Господа, биз темир жол башкармасынан силердин иштерцердин кандай экенин билели деп келдик,— деди сылык гана сыр билгизбестен Анна Колпашникова. Жумушчулар анын сөзүн угушса да, укмаксан болушту. Катынар кимдин жанына акырын барып, калп эле иштеп жаткан ишти көрүмүш болот да, ар кимдин сөзүн тыцшайт. Анын кебетесин Ильин көргөндө өз ичинен «адамдын денесин көзөгөн ок жылан!» деп ойлонду. Колпашникова жылмацдап улам ар кимдин жанына кыдырып барып жүрөт. Ал темир көтөрүп бара жаткан Катяга кездеше калса болобу:

— Ах, секет, сен ушунда иштейсиңби?

— Ооба,— деп жооп берип Катя өтө берди.

— Токто, жаным? А, Шпаковский төрө, сиз береги жакшы кызга көзүцүздүн кырын сала жүрүүцүздү сураpам? Карацызчы, бу кандай моймолжуган татынакай сулуу.

Шпаковский апткорлопо калып, башын ийкегенсийт. Контордон бирөө келип аны тез чакырып кетти. Филиппенко катынга:

— Кечиресиз, госпожа, сиз бизге кандай жардам кор-

сотмоксуз? — десе, Колпашникова көзүн чакырацдатып, аны олурая тиктеп ойкуштайт.

— Забастовкадан кийин көрүнүшүцөр кандай?

— Дагы эле жаман.

— Эми каалаганыцар эмне?

— Каалаганыбыз көп.

Аял Филипенконун сөзүнө алаксый түшкөн учурда, терезеден кимдир бирөөнүн секирип түшкөн жатканын, эшик алдында какайып турган жандарм көрө коюп, ышкырып жиберди эле, полициялар аны коздой чуркашты.

— Кайда!

— Токто!

— Мастерскойдун ичи үп болуп, тумчугуп кеттик. Терезени ачпасак болор эмес.

— Эх, амалдуу шайтан,— деди полициянын бирөө.

Колпашникова алардын жанына чуркап барганда, ал ага жүзүн көрсөтпөй терезени жаап жаткан. Аял аны эңкейип тиктеп, алаканын шакылдатып, сүйүнөт.

— О, кудай, таптым! Дал өзү! Төрөлор, мен муну издеп шаардын ичиндеги ишканаларды кыдырып убара болуп жүрсөм, бул мында жүргөн тура!

— Сабыр этициз, госпожа,— деп Ильин кийлигише калды.— Балким сиз муну бөлөк бирөө менен чаташтырып жатпацыз?

— Садагасы, менин көзүм көрөөнөк, кулагым угаанак. Жаза тааныбай нак өзүн тааныдым. Маркум Шишкин муну мага таамай көрсөткөн. Бая күнкү тополоңдо полицияны аттан жыгып өлтүргөн ким? Так ушул болчу.

— Полиция сым карагайга согулуп өзү өлбодү беле?

— Аны бүткүл шаардагылар көргөн болучу.

— Анда мунун кандай тиешеси бар?

— Эмне үчүн ак бирөөгө жалаа жабасыңар?

— Коё бергиле?!

— Убал го.

— Балдар, булар кайра дагы кол сала башташты.

— Акырын!

— Кечиресиз, госпожа? Сиз жацылып жатасыз. Ал силер издеген киши бул эмес болуш керек. Бул бир бечара карацгы кыргыз.

Филипенко сүйлөп жатканда жандармдар, полициялар тапанчасын Таабалдыга кезешти. Колпашникова кыт-кыт күлүп ойсоктойт.

— Киргиз! Кызык, ал мында кайдан келди? Ошондой эл барбы?

— Ооба, госпожа, сиз мыскылдай баштадыңыз. Кыргыз деген калк бар. Алар тоо арасында өмүр сүрүшөт,— деп Ильин сөзүн бүтө электе, долу, кара жаак, ажаан Анна анын сөзүн бөлдү.

— Андай улут барбы, жокпу, анда менин ишим эмне? А, сиздер муну жактоочу болсоңор өзүңөр азап чегесиңер, эскертем! — деп сурдана жандармерияларга, полициялар-ларга:

— Муну айдап менин артыман баскыла! — деди.

Жандармдар Таабалдынын колун аркасына байлап жатышканда, Колпашникованын жанына Катя чуркап барды.

— Сиз адилетсиздик кылбаңыз. Бул бечаранын күнөөсү кайсы? Коё бериңиз? — жаш селки андан тилин тарт-пай кармаша кетти. Таабалды тынч, күлүмсүрөп турат. Аны жандармериялар, полициялар тегеректеп айдаарда, Шпаковский кирип келип Таабалдыны көрө койду.

— Ах, сволочь! Ушул экен го... Мен муну менен сүйлөшкөмүн. Бул мени алдаган экен...

— Шпаковский төрө!

— Бошоткула жолду! — деп ал жолду торой калган жумушчуларга бакылдады.

— Бу кандай жорук?

— Артка! Кайда жутунасыңар? — деди бир полиция.

Көчөгө чыкканда балдар, аялдар жаш туткунду көрүшкөндө, абдан аяшып, жандармериялар кубалашса да, ээ беришпей артынан чуулдап ээрчип алышты. Мастерскойдон эки жүз метрче узап, бийик чоң дубалдын дал тушуна жеткен кезде «тарс, тарс» этип, эки жолу удаа ок чуулдаганда, эң алдыда жагалдана ойсоктоп кетип бара жаткан Колпашникова «ай» деп катуу бир чыңырып алып, жалп дей түштү. Жандармериялар, полициялардын бирөөнөн бөлөгү, ышкырып туш-туш жакка бет алды. Балдарды кайра кууган бойдон жөнөштү. Окту ким атканы, кайдан атылганы белгисиз...

Түпсүз, терең ойго чөмүлүп, термелип турган Таабалдынын көзүнө алыстан «биздин туугандын» карааны элес-булас көрүндү. Аңгыча жандармериялар, полициялар жаш туткунду курчап алышып айдап кетип баратышып «катынды аткан ким?» деп өздөрүнчө сүйлөшүп бара жатышат. Алар саал узаганда, Шпаковский кыймылсыз кум-

сарып жаткан Колпашниковапын жанына келип, анын башын жөлөп, кайра жерге таштап жиберди да, башын мыкчып «муну окко учураткан ким?» деп ар кайсыдан сураштырып жүрдү. Ошол күнү эски полицмейстр киши колдуу болуп өлгөн...

Түрмө... Күндүз камеранын ичи күңүртүрөөк караңгы. Жанчылган денесин көтөрүп өйдө болууга чамасы келалбай, оор дем алып, бирөө онтолойт. Ал канчалык чымыркапып аракет кылганы менен анын бүткөн бою салмактанат да, кайра көңүлүн айнытат. Азап тарткан адам аныcына карабай өйдө турууга аракеттенет. Анын эрди кеберсип, таңдайы кургайт. Бул баягы Таабалды эле!

Кичине эс алганында, ал кыйналган көзүн ачып, эки жагын сыйпалап дубалды таянып, өйдө болсо көңүлү караңгылап, камеранын ичи айланкөчөк болуп көчкөнсүгөндө, кайра анын эси ооду. Башын тамга сүйөп, кирпигин кыймылдатып ийнинен тынып, тамшанат. Ага суу кайда? Карды ач... Анын наар албаганына эки күн болгонун өзү да билген эмес. Ал көптөн кийин акырын буту-колун кыймылдатып, дубалга сүйөнүп, тамтаңдап ордунан туруп, жарыктын шооласы түшкөн жылчыкка көзү түштү. Ал «таң атарына аз калыптыр» деп күңгүрөнүп алды да, эшикти көздөй сендиректеп басат. Анын айдын жарыгын көрбөгөнүнө үч ай толгону аз келгенсип, эки суткадан бери жарыкчылыкты бир көрүүгө зар болгон.

Туткун эшикти тыкылдатса, кароолчудан шыбыш болгон жок. Андан катуураак түрттү эле, ар жактан табыш угулду. Дагы катуураак түрсүлдөтсө, түрмөнүн начальнигинин орун басары эшикти ачып, аны көрө койду да, селт дей түшүп артына чегинди.

— Ой, сен дагы эле тирүүсүңбү?! Бая күнкү токмоктон кийин мен сени эми келбес жайды көздөй кетти го дедим эле.

— Эшикке чыгууга уруксат этер бекенсиз?

— Күн батты, эми чыгарууга болбойт.

— Баткан күн кайра чыгат... суу?

— Сени полицмейстрди өлтүрүүгө катышты дешет.

— Жалган!

Орун басар «суу алып келгиле» деп ар жактагыларына кыйкырып койду да, анан Таабалдыны окшурая тиктеп

туруп, «сенин жаның ушунчалык бек экен, тим эле укмуш...» деди.

Аңгычакты кароолчу эски, дат баскан ак калай чаканын түбүнөн сууну сунганда, Таабалды аны буйдамга келтирбей тартып жиберип дагы сурады эле, кароолчу кайра кетти. Аркы-терки тынымсыз басып жүргөн куйкул сары чачтуу кароолчу тигинин жанына келип:

— Сиздин урматыңызга, буга жана бир кемпир нан алып келген. Анда күнөөкөр өлгөн кишидей кыймылсыз жатканынан сактап койгонбуз. Урматтуу начальник өзү да көргөн. Эгер сиз ырайым этсеңиз, берип койгонубуз оң болор. Бул да адам го! — деп ал зыңкыя калды.

— Ал нан кана?

— Мынакей.

Ал эки кадактай дандырга жабылган нанды колуна алып, аны имерип көпко карап турду:

— Ме, ал! Ушинтип азап тарткандан көрөкчө, чыныңды айтсаң эчак эле ары-бери болот элең. Сен, жаш жигит, ушунчаңда бу жолдон кайтпасаң, башыңды жутасың! Полицмейстрди өлтүрүштү...

Таабалды ага жооп берүүнүн ордуна жарыкты тиктеди.

— Каргыш тийгир, сенин жаның бирөө эмес, экөө го? Укмуш, керемет. Үч айдан бери сен жадабай, чынында биз жададык.

Офицердин бабырап деле сөзгө конок берер түрү жок, аркы-беркини айтып мээси эрип баратат. Кыйналган Таабалды анын кургак сөзүн угууну кайдан кааласын.

— А, сиздин урматыңызга, тигинин колу талыды го дейм, мага сууну алууга уруксат бериңиз? — деди офицер башын калжактатып, мурдунун үстүн кыймылдатып, орсок тишин шакылдатып:

— Ала бер! — деди. Ал муштумун кароолчуга кезеп «бекит» деп коюп жылт берди эле, эшикти кара кулпу каадасынча кайтарып кала берди. Таабалдынын суусуну канган. Ал «Мага токочту ким киргизди, менин жакындарым кимдер?» деп ойлоду «А, жолдошторум киргизипсе керек». Ал нанды сындырайын десе, колу калч-калч этип титирейт. Дандырга жапкан токоч катып калыптыр. Сындырды эле, анын ичинен кенедей кагаз чыкты. Аны шоолага салып окуса «силерди айдайт» деп жазыптыр. «Мына кызык» деди ал. Тегерек нандын жарымын сындырып көрсө, дагы бармактай төрт кыр темирди таап алды. «Бул эмне? А, мында кандай сыр бар? Мындай нерсе-

нин башка кыйынчылык түшкөндө, кереги тиерин түрмөгө түшө электе үйрөтүшсө, мен машыгып калат элем. Мейли, муну бекем катып коюп, билоноюн. Апам менен бир туугандарымды качан, кайсы жылы, кандай күнү көрөөр экемин?..

3

Ачка немених өзөгүнө нан менен суу жүгүрүп, кичине көңүлүн караңгылатты. Сай-сөөгү какшап, жанчылган бүткөн бою салмактанып, эти ысыйт. Ал кошулуп көзүн жумду.

Анын эртеси, түн... Ай сүттөй жарык. Камеранын терезе сөрөйүнөн жарыктын шооласы булбулдөп тийгенсийт. Тынымсыз суракка алынып, кыйноодо жүргөн жазыксыз адамдын эр чырагы эки көзү тунарып, денеси салмактанып, башы каңгырайт. Күндүз аны суракка алып барышканда, күнөөсүз жаткан жумушчуну тергөөдөн бошотуу жонүндө жумушчулар чогулуп келишип, полициялык контордун алдында жаңы полицмейстрдин тынчын алып, «аны чыгаргыла» дешип катуу талап кылып жаткандарын көргөндө, ал досторуна абдан ыраазы болгон. Мындан беш күн илгери бул айыпсыз айыптууну кепилге убактысынча түзөтүү үйүнөн чыгарымыш болушкан. Жандармерия, полиция жана тергөө органдары жумушчулардын арасында нааразылык чыкпасын деген ой менен гана аны бошотушуп, арадан аз эле убакыт өткөн соң, кайра ага ар кандай жалааларды жаап мастерскойдон кубалашар замат аны токтоосуз камоого ашыгышкан.

Токсон күндөн ашуун түнөргөн караңгылыкта камыгып, эриксиз күндордо өмүр сүргөн туткунду, түн ортосу оогон учурда камерадан сыртка алып чыгышты. Көзү таңылган эмес, колу-буту бош... Бул таң каларлык шумдук. Жаш туткундун көзүнө чайыттай ачык асман, күмүштөй жалтыраган ай, балбылдаган сансыз жылдыздар «күч-кубатыңдан ажыраба, сенин өмүр жолуң кенен...» дегендей.

Ал көгүлтүр тунук асмандын деңизин тиктесе, жайында ысык, кышкысын ызгаардуу суукта тоңбой жыпжылуу болуп турган айдың колдүн жээгинде калышкан энесин, бир туугандарын эсине түшүрүп эңсейт. «Балким апам, балдарын колдорунан жетелеп алып, дал ушул кезде, адамзатка, жер жүзүнө жарык нур чачкан асмандагы

асыл заттарды көрүп тургандыр. Демек, биз алыстан бирбирибизди көрүшпөсөк да, алардын көргөндөрүн күндө мен көрүп жүрөмүн. Кайгы, менден кач! Адамга кайгы эмес, чексиз кайрат керек!»...

Таабалды узун оюнун учу-кыйрына чыкпай акылдын кыялына батып турганда, жандармериялар аны тегеректешип, кайдадыр көз көргүс, кулак уккус Каспийский таранка сүргүнгө узатуучудай өтө шашышып, айдап жөнөштү. Туткунда бараткан карыпты жылдыздар аяшкандай жылтылдашса, асмандагы ай да ага боорооругандай жарык нурун төккөнсүйт. Мындайларга кастарын тигишип, темир тордой алды-артын чырмагандар ажалбы же адамбы?

Элдин бак-таалайын талашып, азаттыкты көздөгөн андай жөнөкөй, чыдамкай, мыкты кишилерди эли-журтунан ажыратып, азаптын казанына салып, тирүүлөй кайнатуучу ырайымсыз, зулум падышанын «бөрк ал десе баш алышкан» кыйноочулары ушулар.

4

1907-жылы сентябрь айынын күзгү коңур салкын күндөрүнүн биринде, айдоодон асыл жанын ала качкан Таабалды Ташкент калаасына жашыруун кайта келип, жолдошторуна кошулган учурда, падышалык өкмөт революциялык жолго түшкөн адамдардын артынан аябай куугунтуктап калган кези эле. Кыскасы, кан күйүп турган кез. Ачыкка чыкса, аңдыган желдеттер андай белгилүү кишилерди алкымдан алышат да, ойрон болгон түрмөгө салып оңтотот. Көп жашаган билбейт, көптү көргөн билет деген эмеспи. Ал, такшалып бышкан.

Таабалды кайрылып келер замат РСДРПнын Ташкенттеги тобунун тапшыруусу боюнча: деподогу, мастерскойдогу жана башка майда ишканалардагы жумушчулар менен кол кармашып, партиялык орчундуу уюштуруу иштерин жүргүзүүгө киришти. «Баягы Пудовкин дагы келиптир» деген имиш-имиш кабар угулду. Полициялар, жандармдар Лебедевди болсо го тамандары тешилип, өтүктөрүнүн такасы түшкөнчө издешсе да, аны түк колго түшүрө алышпай аргалары кеткен чак эле. Таабалды келген соң, анын колу узара түштү да, ал ого бетер оорчуду. Жумушчуларга баш кесерлер тиштерин кайрашып, кармашууда! Падышалык өкмөт ар кандай айбанчылык кылыктарын кол-

донгон сайын, эл аны тоотпой, чалкыган деңиздей күрпүлдөйт. Таабалды кээде күнүгө үйдөн-үйгө көчүп изин жашырат.

Жумушчулардын уюткусу темир жолдо! Ал жер революциянын туткасы. Алоологон өчпөс жалын ошондо жалбырттайт. Чочуп калышкан падышалык чолок этектер, алар менен чет кишилердин жолугушуна катуу тыюу салышканы баарыга маалым. Бул дөдөйлүк. Таабалды башкаруучуларды каратып туруп жазгырып, РСДРПнын тобунда уюштуруу ишин улантат. Ал партиялык тапшырманы аткаруу үчүн өлүмгө башын байлаганы ачык. Аңдыган полициялар, жандармериялар ишканаларда жашыруун митингелер, жыйналыштар болуп өткөндөн кийин билип калышат да, чекелерин муштапып, жүрөктөрүн мыкчышып, ооздорун карманышып, чуулдашат: «баары бир качан болсо да аларды талкалайбыз» деп ооздорун коптүрүп кара күчкө чамынышканда, полицмейстр Борисов желдеттердин жазып калышканын көргөндө, жаактарын түлөтөт. Булар кайдадыр бир жакка кеткен Таабалдыны кармай албай өкүттө калышкан.

...Октябрь айынын бир күнү шаардын көмүскө жериндеги калың бактын арасында Столыпиндик реакцияга каршы митинг өтүп жаткан эле. Адам көп. Анда Лебедев сүйлөйт. «Бул күндөрдө элдин таламын талашкан кишилердин түнөөр үйү түрмө, киши эмес, канаттуу куш учуп жеткис алыска-алыска сүргүнгө кууп барышып, жок кылып жатышат... жолдоштор жана жумушчу бир туугандар, падышалык өкмөт эркиндик талашкан элдик акылман кишилерди тумчуктуруп басып жатат! Адилетсиздикке каршы күрөштү күчөткүлө!

Филипенко, Шариптер адамдын өмүрүн сактоо жөнүндө сүйлөшүп бүтүштү эле, кордук көргөндөр, адамгерчиликтен ажыраган канкорлорго наалат айтышып каргашты. Тоодой толкунду артка тартып кетенчиктеткен кыянатчы жана колунда укугу бар улуктардын бетин ачып ашкерелөө буларга зарыл. Иш бөтөнчө шашылыш жана чукул калган эле. Алымжан, Катя жана дагы кээ бирөөлөр ошол жердеги калайыкка үндөө катарында чыгарылган баракчаларды толук таратууга ашыгышып жандарын үрөп жүрүшкөн.

— Агайындар! Ак падыша элди бийлебейт, эл өз укугун өз колуна алып өзүн-өзү башкарыш керек! Өзүңөр баш көтөргүлө! — деп Алымжан элге кайрылып сүйлөп жатканында, күтүлбөгөн жерден кимдир бирөөлөр аны атты эле, көпчүлүк уйгу-туйгу болуп дүрдүгө түшүштү.

Гражданча кийинген полициялар, жандармериялар аны качууга үлгүртпөй курчап калышты. Алымжанды жаза мээлеп салышкан. Лебедев топтун арасында турган, бирок аны кастарын тиккен жоо табуу кыйын. Капыстан Алымжан сүйлөп жатканында камынтпай торго түшүрүштү. Жумушчулар аны куткарууга аракет кылышты. Бирок куралдуу желмогуздарга кимдер даай алат. Желдеттерден эч ким тилин тарткан жок. Жаңы полицмейстр «Баарыңар кыргынга учурайсыңар, ушунчаңарда тарагыла!» деп көпчүлүккө кыйкырды, калың журт тытып кеткени араң эле турат. «Төрөлөр, силердин бул кандай жоругуңар? Акты-караны ылгасаңар боло?» деген үндөр кулактарын тундурду. «Көзгө көрүнбөй кеткиле!» деп үнүнүн бардыгынча митингеге катышкандарга ачуулана айкырды, сакалчан картаң полиция.

Желдеттер Алымжанды айдап кетип баратышканда «Силердин эмне өчүңөр бар? Бул бечара неме. Коё бергиле» деди Катя. Полицмейстр жанагы сакалчан полицияга көзүн ымдады эле, ал тиги кызды чап билектен алды, алар жулкулдашып кармаша кетишти. Көпчүлүк жөөлөшүп аралаша түшкөндө полиция Катяны колунан чыгарып жиберди, Лебедев, Филипенко жана башкалар кызуу сүйлөшүп жатышкан учурда, кубулуп кийинип алып аңдып жүрүшкөн шумпуктөр кечигибирээк келип калышкан, болбосо аларды да туткунга алышмак. «Бул кагылышта Таабалды жок эле. Ал кайдадыр бир жакка бөтөнчө тапшырма менен кеткен. «Күн баткандан кечикпей баягы кездешчү жайыбызга келгиле» деди Лебедев беркилерге.

Арадан үч күн өттү. Алыстан келе жаткан поезд Ташкент шаарына улам жакындаган сайын акырындоонун ордуна күчөй баштады. Поезд зуулдаган бойдон көзгө илээшпей келатат. Жол боюндагы сым карагайлар жалпылдап, улам кийин калып жатканын көрүшкөн жүргүнчүлөр зымыраган паровозго таң калышат. Шаардын ичине кире берээрде гана алкынып келаткан паровоз жүрүшүн саал басаңдатты. Жолоочулар терезеден көчөгө көз жүгүртүштү.

Атчан полициялар кадырлуу бир кишини шаап-шокөт

менен тосуп алуучудай алакташып, станциянын туш-туш жагында сагаалап турушат. Бул жерде келаткан жакынын күткөнсүп, паранжы жамынган бир өзбек аял небактан бери ар кайсы бурчта бүрүшүп олтура калып жүрөт. Полициялардын аны менен эмне иши болсун. Станцияда жүргөн бөлөк кишилерден шек алган полициялар аларды суук көздөрүнүн кыйыгы менен астыртан тиктешет.

Поезд станцияга жетип токтоордо үч-төрт полиция жолду бүт тороп калышты. Жай жүргөн жүргүнчүлөрдү эсептешти. Алар абдан сак, деле киши түгүл чымын учураар түрлөрү жок. Станцияга поезд жетип токтой берер учурда, кимдир бирөө төртүнчү вагондон чыга калды эле, анын көзүнө сагалашкан полициялар чалына калганда, ал жалпы эл түшчү жактан түшпөстөн, тескери жактан өлөртирилерине карабай секирип түшүп, товарный вагондордун алдынан жөрмөлөп өтүп көздөн кайым болду.

Ошол шамдагай неме темир жолдун четине чыгып, бет маңдайындагы көчөгө жетүүгө ашыгып арымын кере шилтей басканда, полициялардын кай бирлери анын караанын оолактап көрө коюшуп, шек санап аны кууп калышты эле, билмексен кишиче берки жаш жигит катуулады эле, станцияда сандалып жүргөн паранжычан өзбек аял ошо жакка бет алып билмексен болуп басты.

Жаңагы качкансып бараткан жаш жигит барган сайын жанын-жанга уруп безилден баратып, бир арыктан аттай бергенде мүдүрүлүп, оң колу менен жер таянып, бир пастан соң кайра тызылдайт. Бир атчан полиция анын артынан сүрө түштү. Баягы паранжычан аял ошол неме качып баратып арыктан өтө берээринде мүдүрүлгөн жерге жетип, бир аз олтурумуш болуп, анан таштын алдынан бирдеме алгансыды да, кайра туруп, полициялардын аркасынан акмаламыш болгондой карап турганда, жанагы мурдагы кишинин да, полициялардын да карааны андан алыстады. Бул аял саал бара түшүп, бөлөк көчөгө түшүп заматта эле көрүнбөй калды.

Бечара качкын ийри-муйру көчөгө түшүп, артынан сүрө кууп келе жаткан атчан полицияны улам жазгырат. Шашкан качкын бир тар көчөнүн бурчунан буйтап, бир короого кире качып жазгырды. Атчан полиция аны байкабай алактады. Калгандары аркы көчөнү көздөй чу коюшту. Ошо кезде бир кара тумшук кемпир кудуктан суу алып жатып качкындын жашырына калганын көрдү эле. Атчан полиция сураса, ал байкоостон айтып койду. Жашырынган

качкып акырын чыга калып, эки жакты элеңдеп карап, дагы качканы калганда, боз аргымакчан околючник Борисов аны көрүп кылычын сууруп тике качырды. Бул Таабалды болучу. Ал жазганып жолдун четине чыга берсе, берки ак боз атчан кылычын жалмаңдатып берки жаш немени тике качырды. Жаш жигит кайраттана түшүп, полицияга чаптырбай буйт берди да, анан кылыччанды камынтпай сүзө качырып, аны аттан оодара тартып, кылычын колунан жулуп, өзүн чапмак болгондо, Борисов жан талашып, оң колу менен чекесин баса койгондо, жаны кашайган жигит мына эмесе деп баштан ары берип калды... Борисов баягында Каспий крайына сүргүнгө айдаткан кең далылуу, сүрдүү, алпбеттүү жаш кишини тааныганда, ал канга боёлгон денесин өйдө эргитип көтөрүп «Ах, сволочь Пудовкин» Ташкентке келе бергенин көрсөң? деди кайра-кайра. Ошол убакта көчөдө эч ким жок болучу.

Бул баягы... ооба баягы Таабалды эле, ал жанга көрүнбөй качууга ашыкты. Качкын тар көчөнүн бурчунан оропара атчан алты полицияга кездеше калды да, кайта буйтап качалбай алактап калганда, полициялар аны тегеректеп калышты. Полициялардын бири алардан окчупураакта чылбырын сүйрөп келе жаткан боз атты көрө коюп чаап кетти. Бирок, булар Борисовдун жарадар болгонун билише элек. Аны жыгылып калды деп ойлошкон. Таабалдыны айдап Борисовду көздөй баратышканда, жанагы паранжачан аял алардын алдынан кайчы өтүп баратып, туткунга кириптер болгон жаш жигитке билмексеп болуп таң калгандай карап баратса, Таабалды оң колун өйдө көтөрүп ага «менде жок» дегендей белги берди. Полициялар Борисовдун сулап калганын көрүп, кужулдаша башташкан учурда, кезиккен аялдын карааны эчак үзүлгөн. Бул Таабалдыны атайын тосуп чыккан Катя болучу.

Мындан алты күн илгерирээк, Таабалды ташкенттик топтун тапшыруусу боюнча «О» шаарына жашыруун барып, андагы «Я» деген кишиге кездешип, андан «Искраны» алып кайра жөнөрүндө узун кулак, шимшиген полициялар «Бирөө кетиптир» дегенди угуп калышат да, шаардын түтүнүн түрө кыдырып, ким экенин билүү үчүн аракеттенишет. Аны таба алышпай калышкандан кийин «О» шаарынан Ташкенттеги полициялык органдарга өтө шашылыш телеграмма урушкан. Мына ошондон чуу чыгып, коога башталат да, белгисиз шектүү кишини кармоо

жөнүндө полицмейстр Борисов буйрук берип, өзү баш болуп полицияларды алып, жол тосот.

Катя газетаны ошол замат Ташкенттеги топтогу «Биздин тууганга» жеткирди. Кастарын тиккен полицияларды жазгырып кутулууга Таабалдынын эч бир мүмкүнчүлүгү болгон жок. Ал кайта дагы душмандын кандуу, ырайымсыз уу чеңгелине кириптер болгонун жолдоштору Катядан билишти. Андан ары анын тагдыры кандай болору эч кимисине белгисиз болду... Анын жаш өмүрү дагы кандай азаптуу күнгө туш келер экен!

## 5

Таабалды камалгандан тартып жумушчулардын арасында наарызылык күчөдү. РСДРП тобунун чакырыгы боюнча жумушчулар демонстрацияга чыгышып, камакка алынган адамдарды бошотуу жөнүндө талап кылышты. Алардын сүрдүү кебетелерин көргөн начальниктердин жүрөктөрү лакылдайт. Демонстрацияга чыккан калың журт кырка катар тизилишип, көчөлөрдү кыдырып чуу көтөрүштү да, андан түз эле полициянын мекемесинин алдына өтүшүп, үрөйлөрүн учуруп, шайларын оодарышканда, полициялар аларды тарката алышпай эстери ооду. Акырында катуу кагылыштар чыга турган болуп бараткада демонстрацияга чыгышкандардын чуусун басуу максаты менен жаңы полицмейстр «Господа, чыр чыгарбай тарагыла. Камалгандардын ишин текшеребиз» деген жоопту кара күчкө арамзалык менен араң айтты.

Демонстрацияга чыккандар тынчышкан жок. Андан көтөрүлгөн бойдон кыйла жерди кыдырышып, революциялык ырларды созушкандарын начальниктер угушканда, денелери дүркүрөшүп: «Силер кадырлуу кишилердин түбүнө жетип, падышага да кол салууга ниетиңер бар го?» дешсе, калың топтон кээ биреөлөр «падыша уялса, анда ал арыз берип бошонсун» деп мыскылдашат. «Эскини кулатып, жаңыны жашатабыз» деген кыйкырыктарды укканда, башкаруучулар эмне дээрин билбей баштары маң болуп калышты.

Жандармдар, полициялар элге ээ болушмак түгүл, өздөрү жылып жоголду. Машинисттер паровоздорду депого коюп, өздөрү демонстрацияга кошулушканын көргөндө, Сорокиндин күйбогон жаны күл болгону мындай турсун, ал асманды карап «о, кудай, мени балаадан сакта» деп

жалынат. Демонстрацияга чыккандар шаарды дүңгүротүп, жедеп моокумдарын кандырышканда, Лебедев назик ичке үнү менен кандайдыр сонун ырды баштады эле, ага баары кошулушту. Алардын үнүн аба толкуну алда кайда алып учуп жөнөдү. Булардын шаңына жай кишилер кызыгышып ээрчип алышты. Шаардын ичин шаңдуу чыккан үндөр жаңыртты.

Алымжан беш күнү удаа сурактан өксү болгон жок. Жаңы полицмейстр Токарев анын жанын кепедей жай алдырбай кайра-кайра «Борисовду ким урду? Көтөрүлүшкө жетекчилик кылган «Биздин тууган» деген киши кайда? Сен аны көрдүң беле?» деген суроо менен анын башын катырып, тилмеч аркылуу кыстай берди. Алымжан «Андай кишилерди билбейм. Мен Карабайдан эмгек акымды доолаганым чын. Өлгөн полицмейстр мени чаташып, жаңылыш кармаган» деген жооптон ал түк жанган жок. Таабалды кармалганда, анын жанын тинтишкенде, шектүү 8608 номердүү тапанча табылган. Ошону таба алышпай полициялар «сени өлтүрөбүз, андан көрө чынынды айтып, күнөөңдү жеңилдет» деп опузалап кысташат.

Жаңы полицмейстр Токарев алтынчы күнү Алымжанды акыркы кыстоого алып, наганын анын көзүнө такап сураганында, эч нерсе чыгара албай койгондон кийин Карабайды чакыртып, Алымжанды токтоосуз иштен чыгарууну андан талап кылды эле, Карабай: «Муну менин көзүмө көрсөтпөй жоготууңарды суранам? Бул журт куруткан митайым. Бул дагы козголоң чыгарууга аракет кылган адамдар менен биргедир. Мен муну бошоткомун» деди да кете берди.

Полицмейстр Токарев туткун менен алпурушуп жатып чарчаганынан өңү саргарып, карыган немелин бетине ого бетер бырыш киргенсип, чаалыгып, болуп калган. Ал мээсин сергиткени эшикке чыга калса, Алымжандын бөлмөдө олтурганын көрүп, кыжырланып кайра кабинетине кирип бара жатып: «Булар жаман жоо... Касташкандарын качан да болсо өлтүрүшөт экен. Мына, акыры Борисов мырзанын түбүнө жетишет» деп эки полициянын өздөрүнчө сүйлөшүп жатышканын укту. Токаревдин жүрөгү зырп дей түштү да, тез кабинетине кирип, кандай кылар айласын табалбай кайсалактады. Кайра чыгып: «Күнөкөргө тартипти бузганы үчүн штраф төлөткүлө да, бошоткула» деп

орун басарына кобурап, озү шашкан бойдон бир жакка жонон кетти. Чынында жаңы полицмейстр төрө, биринчиден, өз жанынан чочуду, экинчиден, колго түшкөн күнөкөрдү айыптоого толук далил колунда жок эле. Алымжан камактан сыртка чыкканда токмок жеген денесинин какшап ооруганына карабай бутун сүйрөп басып баратып «Мен өз жолдошторума барып кездешүүм керек» деп, күчкубатын жыйнап чымыркаңып басып бара жатат.

...Заардуулардын кандуу тырмагына илингендерден эсен-соо кутулганы деле болбоптур. Согуштук округдук сот Таабалдыны кыстап суракка алып жатат. Сот андан белсемдүү айрым кишилерди айттырып алууга өлгөндөй тырышса да, жолдошторунун бирөөнүн да атын көшөрүп айтпай койду. Анын кактабай канын соруп, сурап жаткан сот да, жаагын жанып каралап какылдаган прокурор да суй жыгылып чарчаган болучу. Аны жактоочу адвокат жок. Күнөкөр күнөөсүн мойнуна алмак турмак, асман-айдан түйүлүп, жуутпай тажатканын сезип эле турушат. Бирок, алар Таабалдынын жанын көзүнө көрсөтүп муңкүрөтсө, ал, балким жаш неме кокус запкыдан коркуп кетип, жок дегенде санаалаштарынын бирөөнү кармап берер дешип ойлошкон эле. Булардын тилектери ушул. Аны канчалык чокко кактап кыйнашса да, ал бир ооз кыңк этпей койду.

Эртеден бери алпурушуп жатып, жедеп шайы ооп, турасы түгөнгөндөн кийин сот масилетке кетип, бир топко дейре дарексиз жоголду. Залдагы жоон топ кишилердин арасында Катя да бар эле, ал бечара Таабалдыдан бир секунд да көзүн айырбай аны жал-жал кароодо. Жандармериялар күнөкөрдү акыйып карап турганы мындай турсун, ал түгүл саат баскан ырайымсыздар карасанатайлык кылышып, анын жүзүн Катяга көрсөтпөй калкалап алганын кара! Кыйды иттер, деле кенедей жазгырышар түрлөрү жок. Эми кандай кылыш керек? Таабалды бир өскөн теңтуш кызынан «менден бөлөк жолдоштор камактан аманбы?» деп аны менен жаңдашып, сүйлөшсөм дегенде эки көзү төрт, бирок айла канча, чоолордун көзү андан өтөт.

Таабалды сотко берилген. Пристав шашкалактап чуркаган бойдон келип, жанынын бардыгынча «сот келатат!» деп чыңкылдаган, уккулуксуз үнүн чыгара чаңырды, залда күтүп зарыккандардын жайбаракат орундарынан козголгондору сотту сыйлаган приставга жаккан жок шекил-

дүү, ал үстүңкү эрдин кесе тиштеп, тиги ыргылжыың болуп ордунан тургандарды жутуп жиберчүдөй акырая карап, ичинен ызырынып кекенет. Сот кирип келер замат чыгарган өкүмүн жыланача төөнү бучкакка чапкандай шашып, шар окуду. Сот оозун бүлкүлдөтүп окуп жатканда залдан чымын учкан жок, жымжырт... Бул ырайымсыздар акты-караны ылгашмак беле? 279-статьяга такап туруп «Таабалды Жуке уулун, падышалык өкмөткө каршы козголоң чыгарууга аракет кылган, Борисовду өлтүрүүгө киришкен деген айыптоо менен, асып өлтүрүүгө өкүмүн жарыялаганда, залда тургандар дуулдаша түшүштү. Таабалды ордунан туруп, олтургандарды карап күлдү эле, прокурор «мына, көрбөйсүңөрбү, жинди болду!» деди. «Силер кырчындай жаш немени аясаңар боло? Ай бу кандай таш боордук!.. Убал, убал! бечарага!» деп Катя жазганбай кыйкыра баштаганында, бир жандармерия ага учкан бойдон жетип, анын оозун алаканы менен бекем баса коюп, аны желкелеп сыртка чыкканда, желдеттин колунан катуу булкунуп бошонуп, ал жанын үрөп кайдадыр бир жакка сызган бойдон жөнөдү. Бул укмуштай адилетсиздикти көргөндөр өлүмгө чектелген жаш жигитти аяшып, кыжырланып карап турушту. Жаш күнөкөрдүн жарык дүйнө менен түбөлүккө коштошкусу келбегендей кайраттуу кебетесин байкашкандар анын эр жүрөктүүлүгүнө айран-таң калышып, аны аяп, Таабалдыга ыраазы болушкандай.

Өлүмгө жазган өкүм күчтүүлүк кылар бекен, же анын жаш өмүрү соолбой, бөлөк бир арга табылаар бекен? Ким билет, дагы кандай оор күн башына түшөрүн. Азырынча чындык менен төгүн, адилеттүүлүк менен адилетсиздик айыгышып салгылаша баштады. О заман... заман!

# ЭКИНЧИ БӨЛҮК

## Биринчи бөлүм

### 1

Таабалдыны дарга асууга сот өкүм чыгарган күнү күн кызгылтым тартып кылкылдап батты.

Митаам желдеттер аны өлүм алдында да тынч коюшпады. Аны жер менен көккө, ай менен күнгө, сансыз жымыңдаган жылдыздарга, жолдош-жоролоруна коштотурбай, ач карышкыр сыяктуу талашканы кандай? Кол сунган мыкты кишилерди кордоп өлтүрүү билерман төрөлөргө эзелден өнөкөт болуп калган бейм. Мырзалар баш көтөргөндөн кек кууну, өч алууну гана көздөп калышса керек, чыны ошондой го. Караңгы камерага эрксиз күнөкөрдү камашып, мыкаачы желдеттер колдорунун кычуусу кангача былчылдатышты эле, ал жазыксыз жаш немениң мурдунан түтүктөп аккан кан анын дагдайган көөдөнүн жая берди. Күнөкөрдүн «Жолдошторуң кимдер? Алар сени өлүмдөн куткарып калышпайбы? Ошолор сага неге болушпайт? Шүмшүктөр, силердин тополоң чыгаргыңар бар ээ? Революционерлердин дайынын бизге ачык айтып бергениңде, сен, келесоо, мынчалык азап тартпайт элең го? Ойлон! Эсиңе кел! Жаныңдан үмүтүң болсо али да кеч эмес... айт!» дешет каардуу беш баш кесер.

Канчалык кыйнап-кысташса да, өлүм алдында турган күнөкөрдөн булар бир ооз жооп алалышпаганына ыза болушту, шайлары ооду. Желдеттин бирөө ажалга буйрулган жаш жигитти керилип туруп чыкыйга муштап жиберди да, колу ооруганына чыдабай «ох» деп тар камерада кыжырланып калчылдады. Баш кесмек бар, тил кесмек жок да!.. Мындай кыйынчылыкта ал түк тилин тарткан жок. Ушундай кыйноого кишинин кишиси чыдаары белгилүү го...

Таабалдынын денесине каныңдай сиңген революциянын жалынын заардуулар кайдан очүрө алышмак эле.

Мыкаачылар Таабалдыны 33-камерага бекем камашты. Жыйырма төрт сааттан кийин, болгон өкүм боюнча Жуке уулун кырчындай солкулдаган жаш кезинде өмүрүн соолтушмакчы болушту. Түрмөнүн түрү суук... Далай азаматтардын башын жуткан камеранын ичи кан жыттанат. Өздөрүн «ырайымдуубуз» дешип санашкан жан алгычтар эмеле кайра келишип, мунун жанын сууруп алышчудай көрүнсө, Таабалдынын үмүтү, тилеги башкада... Канжар, ок, кылыч, дарга асуу... анын көз алдына элестеп келе калса да: «Эй, мейли, бу күндөр да баштан өтүп кетер» дейт ал. Адамдын жаны таттуу... Адам баласы асыл жандан кантип аша кечкиси келсин? Душман биротоло жайратканы жатышса, Таабалдынын кабак-кашым дебегени кызык. Ушундай кыйын учурда кээ бир кишилер касташкан жоосунун алдында тизе бүгүп, кол куушуруп, жанын сактап калчу эле го? Ушул туткун да ошентер бекен? Жукенин уулунун андай жалакайлык кылар түрү жок окшоду. Ал өзүнүн катуу жазага тартылганын билет. Аны көздөгөн максатынан чыдамкайлык, кайраттуулук ажыратпагандай сезилет... «Эгер булар мени түп ордум менен жалмаса... Анда мендейлер менен кан жолдо бирге жүргөн тилектеш курбуларым көп!..» дейт ал. Көрдүн оозу көрүнүп турса да, коркууну, жалакайлык кылууну бул жигит билер эмес. Мунун ушунчалык кайраттуулугуна, чыдамкайлыгына кас душмандары да таң калышат. Желдеттер аябай кордошуп кетишкенде, Таабалды муңайбастан, бел байлап, бирге жүргөн жолдошторунун эсен-соо болушун тилейт. Ындыны өчүп, жылдызы жерге түшпөдү.

Таабалдынын азап тарткан шапайыңкы ак жуумал жүзүнө тамылжып тарам-тарам кызыл жүгүргөнү кебетесинен ага күч-кубат берген сыяктуу... Дүйнөдө ойдон күлүк эмне бар! Адам ойго түшсө, алеки сааттын ортосунда анын кыялы зыпылдап учкан бойдон ай-ааламды аңтарып чыгары белгилүү го! Таабалды кыйналганына карабастан келечектеги көрөр күнүнөн... ичер суусунан... көздөгөн чексиз кен максатынан деле үмүтүн үзөр эмес. Жазыксыз жерден жок жалаа менен жазага тартылгандардын далайынын түбүнө жеткен түнөргөн караңгы камеранын ичинде ал ары-бери баскысы келет. Ээн-жайкын басуу кандай жыргал! Бирок алы жок, ордунан козголо албайт. Тулку бою бүт какшайт. Колу-бутундагы оор кишен мунун сай-

соогүн сыздатат, көзүнөн чаар чымын учат. Бирок анын кебетеси мурдагыдан да сүрдүү көрүндү. «Достор! Достор! Мен силерди унутпайм!.. Тилеген тилегибиз бир...» деген анын айбаттуу коңур үнү караңгы камеранын ичин жаңыртат.

Минуттар жарышып, сааттар сабап өтө берген сайын, Таабалдынын каны жерге тамар маалды өтө чыдамсыздык менен зарыга күтүшкөн падышалык желдеттердин оңдөрү кумсарып, канын ичине тартат. Ооба, ошол учурда мунун чогуу жүргөн күйүмдүү жолдошторунун кебетелери көз алдына элестеди эле... Ошол элестер ага чоң демөөрүн болду. А түгүл кээде алардын кыял-жоруктары эсине түшө калганда жалгыз болсо да бырс күлүп жиберет. Күнөкөр термеле терең ойго түшүп кеткенде анын бирден-бир эң жакыны — өмүрлүк жары Катя: «Сен эмне кыялдын түпсүз дарыясында калкылдап сүзө баштадың? Деги, бай болгур, революция бүткөнчө бел байлап чыдачы. Анан туулуп-өскөн жериңе өзүм ээрчитип барамын!» дегени эсине түшөт. Дал ушул убакта Таабалды бир нерсеге абдан зар болду. Желдеттер мунун көксөгөнүнүн ордуна буга суратпай азапты бере турган. Ал көөдөнүн дагдайтып эшик жакты тыңшайт да, анан үнүн чыгарбай, ичинен «суу!..» деп тамшанат. О, буга кашык суу беришмек беле? Мырзалар бир тамчы суунун ордуна каарды көрсөтөрү белгилүү. Ошондой болсо да күнөкөр насиптен үмүтүн кайдан үзсүн. Ал нымдуу камеранын дубалына жөлөнүп үргүлөп кетсе, дарга асуу тууралуу өкүм чыкканда Катеринанын: «Бу жаш эле... аясаңар боло?» деп кыйкырганы дал ушул таңта кулагына билинер-билинбес угулгансыйт. Тымтырс... Анда-санда гана кыйналган жалгыз күнөкөрдүн күрсүнүп, оор улутунганы түнөргөн камерадан угулат. Өлүм алдында кыстоодо жаткан Таабалдыны эми кандала деген «желдеттер» ууктуруп талай баштады. Аяк серппей сулк жаткан немениң денеси чалкан чаккандай дүүлүгөт. Анcыз деле бечаранын денесинде кенедей чолоо жерин коюшпай көк ала кылышпады беле.

Арадан көп убакыт өттү.

Сырттан ачкычтар шылдырады эле, ал аны түк сезген жок. Тоотпогондой жатат. Аңгыча сырттан желдеттердин бири күчүн эшиктен чыгаргандай кериле түшүп тепкенде «тарс» деген дабыш чыкты. Таабалды көзүн ачса, босого-

до селдейин желдет турат. Ал тиги турганды деле каакы ордуна көрбөй жай гана башын көтөрдү эле, анысы желдеттин өлгөндөй кыжырын кайнатты белем.

— Эй, бери чык! Муну көрсөң, түк тоотпойт.

Таабалды буга окшогон заардуу үндүн далайын уккан. Ал буту-колундагы кишенди шалдыратып, ордунан жай козголуп, камерадан чыгып бараткада анын оюна бул келди: «Кош бол, кош бол, отуз үчүнчү камера! Сен кимдерди шум өлүмдүн колуна салып бербедиң? Булар сага гана сыйыныщат... Мейли, сыйына турушсун. Бир кездерде сен да урап, жер менен жексен болорсуң!».

Таабалды түрмөнүн короосуна чыкканда «алып кетишти, ээ!» деп аны аяшкандай камералардын үстүнкү чатырларына конуп отурушкан таранчылар чыйпылдашып туштуш жакка уча качышты. Желдеттер аны дарга асчу жерге айдап барышмак эле... Бирок, аларды шайтан сайып, азезил азгырганбы, анысын ким билсин, Пудовкинди эки конвоир дегдеңдетип, түрмөнүн залын көздөй кууп бара-тышат. Дарга жакка барбай, бөлөк жакка бараткапына күнөөкөр анчалык таң калган жок. Балким, булар да бир шумдукту ойлоп таба коюшкандыр? О, падышанын желдеттери айлакер келишет да, алар касташкан адамды жок жерден каралоого маш. Кабактары түнөрүңкү, кылмышкерди желдеттер дегдеңдеткен бойдон округдук согуштук сот өлүмгө өкүм кылган жерге айдап баратышты. Не себептүү андай болгонун өздөрү да билишпейт.

Столдо генерал-майор Усаковский демейдегисиндей эрди кеберсип кара күчкө жылмайымыш болуп, бапиоя тартып отурган. Мерчемдүү жерге жеткен соң Таабалды токтоп, далысын кере, көөдөнүн дагдайтып, өткүр көзүн жоодурата залдын төрүн тиктеп тура калды эле, бет маңдайынан жазга жуук жүрбөй калган арык, кырчаңгы сары айгырга окшогон, кирпичечендин көзүндөй жылчыйган көгүлтүр көзүн жылтыратып, саргыч тарткан сыйда мурuттуу, чакча баш соттун кебете-кешпири даана көрүндү. Залдын ичи жымжырт эле. Көкүрөгүн өргө айдаган текебердүү сот сары курмушудай мурутун салаасы менен оңду-солду сылап, сурданып туруп, шашпай алдында жаткан кагазды окуганда чекеси бырыша түштү. Сот окуган бул кагазда, Туркестан генерал-губернатору Таабалды Жуке уулун дарга асуудан калтырып, өлүм жазасын он беш жыл каторгалык жумуш менен алмаштыргандыгы жөнүндө баяндалган эле... Сот колундагы кагазды окуп

бүткөндө бер жакта какайып турушкан желдеттердин өңдөрү негедир бузула түштү.

Бу кандай ырайым? Мындай боорукердик генерал-губернатор таксырдын кантип колунан келди? Азирети ак падышага каршы тополоң чыгаргандарды тукум курут кылуу тууралуу генерал-губернатор өзү буйрук бербеди беле? Мындай ырайым болору деле ойго келген эмес... Балким, колдоруна түшкөн Таабалдыны тирүүлөй кыйнагылары келишкендир? Же башкача бир шумдукту ойлоп чыгара коюштубу?

Таабалдынын дарга асылышы тууралуу суук кабар Ташкен шаарындагы карапайым жумушчулардын арасына тоо желиндей тарап, генерал-губернатордун столунун үстүнө нааразылык кагаздар толуп кеткен... Ошол эле бекен? Анысы аз келгенсип, ар кайсы ишканалардагы жумушчулардын толкуну мырзалардын жүрөгүн куйкалаган. Так ошондон кийин гана губернатор безгек болгондой калчылдаптыр! Улуктун деле башы экөө эмес, көпкө кан чачалбайт да!.. Ансыз деле калайыктын нааразы экенин билишет. Губернатор бир чети быягынан чочуган, экинчиден, ал, РСДРПнын белгилүү кишилерин айла менен колго түшүрүү максатын көздөп, Таабалдыны өздөрүнө тартып алууга аракет кылмакчы эле. Жумушчулар жаш Таабалдыны коргоп калды... Өлүм жазасына өкүм болгон күнөкөргө ырайым болду

Үмүттөрүн үзгөн желдеттер айласыздан Таабалдыны абактын кырк биринчи камерасына камоого мажбур болушту.

Бул камерада кимдер бар? Балким, ушунда журт куруткан кесептер жатышпасын? Андай немелер болсо, жалаңкычтардан араңдан-зорго кутулган Таабалдыны ач бөрүдөй талашат го?.. Же бу камерада калктын камын ойлошкон кызыл шумкарлар камыгып жатып жүрүшпөсүн?..

Кырк биринчи камерада көздөрүн жылтыратып жаткан жоон топ киши жакын арада эле элдин көтөрүлүшүнө баш-көз болушкан азаматтар эле! Бул саясий күнөкөрлөр Таабалдынын өлүм жазасына кириптер болгонун алда качан угушуптур. А түгүл муну куткаруу үчүн жумушчулар жардамга акча жыйнашып, адвокат жалдап, генерал-губернаторго арыз бердирип, күнөкөрдүн ишин тез буздурушканынан өөдө бул туткундар айтышты... Таабалдынын иши оң.

Булар сыртта эмнелер болуп жатканынан тымызын өз кишилери аркылуу толук кабардар. Албетте, бу саясий кылмышкерлер тигил Пудовкиндин өлүм жазасынан кутулганына абдан сүйүнүп калышты. Желдеттерден жапа чегип, азап тарткан жалындуу жаш революционерге тилектештери колдорунан келген жардамдарын аяшкан жок. Ар кимиси өз шыбагасына тийген нанынан өздорү ач болушса да, Таабалдыга бир үзүмдөн беришип, аны тыныктырууга аракеттеништи. О, ал эң эле каржалып калган!..

Түрмөдө камыгып жаткан саясий туткундарга чубап өтүп жаткан күн кыскарып, түн узарып бараткандай сезилет. Булар катуу такык болгондуктан жарыкчылыкты чанда гана көрүшчү. Кайтарышкан албуут желдеттер аларды камерадан эртели-кеч түрмөнүн короосуна шамалдатып, сергиткени чыгарганда туткундар күндүн нурун көргөнгө чоң каниет кылып калышар эле... Анткени, саясий кылмышкерлерди эки жакка ээн-жайкын чыгарууга катуу тыюу салынган улуктардын буйругу бар. Күнөкөрлөр сыртка сергишкени чыгышканда ар кимиси асмандан эмнелерди көрүшсө, камерага киришкенде ошону бир топко кеп ура беришчү. Кароолчу темир эшиктин тешигинен шыкаалап бакылдаганда күнөкөрлөргө бул сөз угулчу: «Эй, маскаралар, силер кайсы алыңарга каткырасыңар? Кокус начальник укса, силердин төбөңөрдү кандайт... Ай шордуулар!»

Бир аз тымтырс боло түшөт. Тигил кароолчунун табышы билинбей калганда баягы узун сабактуу «жомоктор» кайра башталат. Чынында, камерадагылар эркиндик үчүн күрөшкөн адамдардын тагдыры жөнүндө табышмак сыяктуу сүйлөшүшчү... Калайыктын таламын талашкан ошондой кыйын кишилердин башынан өткөн эрдигин угушканда буларга чоң бел болчу. Таабалдыга окшоп бийликке каршы күрөшкөндүн жагдайын угушканда күнөкөрлөрдүн сезими ойгонуп, кайраттана түшөр эле... Кара чырактын жарыгы араң бүлбүлдөйт. Дубалдын боорунда жана булар жаткан нардын тактайынын бетинде жоргөлөп жүргөн канталалар... Туткундар денелерин ууктура чаккан канталаны кырышканда дубалдын боору, тактайдын бети кызыл-ала канга боёло түшөт. Зарыгып жатышкандар ошого маашыр болушат.

Күнөкөрлөрдүн өмүрү күн өткөн сайын четинен кемүүдө. Саясий туткундар муңайышып, кабактарын чытышат.

Анткендеринин бир себеби бар: акыркы кездерде сыртта болуп жаткан турмуштан булар таптакыр караманча кабарсыз калышты. Мырзалар кенедей шырп алдырышпайт. Улуктарды жазгыруу кыйын. Кылмышкерлердин турмушу оор. Тумчугуп баратышат...

Кароолчуларды темир эшиктин ортоңку тешигинен күнөкөрлөр карап: «О, мырза, тыш жакта кандай жаңылыктар бар?» деп сурашат. Кароолчу тиктеп туруп, аларга тилин чыгарып соймоңдотот. «Бул эмнеси? Кароолчулар дудук болуп калышкан го? Кудай жалгаган мырза, айтыңызчы, деги тыш жакта адамзат калдыбы же баарын тегиз жалмап коюштубу?» дешсе, анда сакчы «Шаарга маймыл алып келишти. Колукту алган карыган короздун тою болот имиш. Ха-ха... ха!» дейт да, анан ал чочуп өз оозун баса коюп, мостоюп басып кетет.

Таабалды жаңы кирген кырк биринчи камерадагы көтөрүлүшкө катышкан кишилерди үч күндөн кийин бөлүп кетишти Ошолордун кайда кетишкени Таабалдыга белгисиз болду... Камерага бейтааныш жаңы кишилер келишип, Таабалдынын билегине, бутуна кишендин кара тагы түшкөнүн көрүшкөндө өз жандарынан түңүлүштү. Таң калышат. Чочушту. Кээ бирөөлөрү: «Бу соо киши эмес... Кыязы, бул ак сөөк мырзаларга далай сыр көрсөткөн неме го дейм!» деген ойго кетишти. Мындай пикирге келген жаңы кылмышкерлерди түнөргөн караңгылык каптаганда алар түрмөнүн азабына туш келишкенин ошондо гана сезишип, калчылдашты.

Кабыргасынан сезгенип жаткан ак саргыл киши бул камерага келгенден кийин кичине тыңып калган. Ал ыкшып жөтөлүп, арык колдору менен дубалды таянып зорго өөдө болот. Денесин араңдан-зорго токтотуп, буту менен таканчыктап туруп, үлдүрөгөн көзү менен Таабалдыны жал-жал тиктейт. Шордуу неме араң сүйлөдү:

— Сен падышага сыйынасыңбы?— Башы калтырайт. Бирок, кайраттуу киши болсо керек, чымыркап, боюн токтотуп, сыр билгизбөөгө тырышты. Мунун жанында отурган кара сакал киши аны колу менен сүйөп турду. Берки көшөрүп, Таабалдыдан жооп күткөндөй телмирип турат. Кызык! Мунун оюнда эмне бар болду экен?

— Мен өзүмө өзүм сыйынам.

Таабалдынын берген жообуна тигил киши ыраазы болгондой аны көздөй обдулуп басмакчы болду эле, бирок, алы жок неме боюн токтото албай жыгылып баратып:

— Азамат экенсиң!— деп ал кулап калды.

Жанындагы кылмышкерлер анын сөзүнө кулак түрүшө калышкан. Сары киши бир аз кыймылсыз жатты. Ал Таабалдыны тикирейе тиктеди. Бир оокумда анын каны кайнап, ачуусу келе түштү окшойт, муштумун эшик жакка кезеп, үнүнүн бардыгынча кыйкырды:

— О, дүйнө, бу эмне деген азаптуу күн? Адилеттик кайда? Каргыш тийген адамдар аны деңиздин түбүнө ыргытып жиберишкен беим? Чындык кайда? Аны митаамдар акчага алмаштырышып койгон го! Ооба, ошондой!

Анын үнү каргылдана түштү. Калч-калч этип боюн зорго токтотту эле, бирок каруусу жок байкуш шалак дей түшөрдө жанында турган кара сакал киши кармай калды. Болбосо желкеси менен дубалга тиймек. Ал сүйлөп кирди:

— Мен он беш жашыман бери ушул Ташкендеги Петров мырзанын малайы элем. Бала элем, мына эми чачым агарганда тумчугуп түрмөдө өлгөнү жатам... Мен ошол каргыш тийгирдин чочкосун бакчу элем. Чочконун убайын жырган ал көрчү, азабын мен тартчумун. Ошол атаңа наалаттын тогуз чочкосу чалгы менен чөп чапкандай кырылды. Мен калдым балаага! Жан соогаласам да болушпады. Чочколоруна жугуштуу ооруну карасанап мен жугузгандай мырза кекээрлеп, мени күнөөлөп, соттотту. Мен мырзанын чочкосун кастык кылып уу берип кырган имишмин. Акыйкатташар десем, көрсө, соту, жанагы прокурору ошонун сөзүн сүйлөшөт экен. Каратып туруп ак жерден менин мойнума беш жылды илишти. О, жасаган, ушундай да адилетсиздик болот экен ээ! Кайда барсаң адилетсиздик... Пара менен ишиң бүтөт. Ансыз күн жок! Суук тийип, учук болгом. Акыры жалмап тынат.

Сары кишинин өңү күлдөй бозорду. Анын алы кетип, мууну бошоду көрүнөт, бечаранын жаагы жап боло түштү. Берки күнөкөрлөр бири-бирин астыртан тиктешет. Узакка созулган тынчтык камеранын ичин ээледи. Кайда бир кыйладан соң тигил киши эс-учун жыйып, арманын козгоду.

— Мен өмүрүмдө балалуу боло элек элем. Бала деп зарлап жүргөндө аялым эркек төрөдү. Уулдуу болгонума бир айдай болгондо мырза түрмөгө көтөрүп урду... Жок дегенде ошол жалгызымдын күлгөнүн көрсөм менде арман болбойт эле го?.. О, жапайы камандар! Ошол жүзү каралардан мендей бечараларга жакшылык болбосуна эми анык

көзүм жетти. Атакебизге арыздан, андан бир ырайым болор деп аялыма кац-какшадым эле... Ал байкуш бирөөгө арыз жаздырып жибериптир. Кана, «атакебиздин» ырайым кылганы? Ишенген кишибиз мырзанын чочкосун менден артык көргөнү ушул да!— деп, алы кеткен байкуш башын мыкчып өксүйт. Ал кежигесин тартып, чоюла бутун сунуп, жан берчүдөй кыйкылдап калганда, кара сакал киши анын башын жөлөп, беркилерге акырын шыбырады.

— Мунун жаны чыкмак болду го. Кароолчуга билдиргиле? Кокус бу көз жуумп кетсе, тигил төрөлөр бизден көрүп жүрүшпөсүн!..

Бул бечарага боорлору оорушуп, кантишерин билишпей алактап калышты. Сулк жаткан оору киши кыркырай баштаганда тегерегиндегилердин чый-пыйы чыга баштады. Таабалды эшиктин тешигинен шыкаалап:

— Эй, мырза! Мырза, кичи пейилдик кылып бир паска бери келиңизчи? Мында бир киши жаман болуп жатат,— деди. Мылтыгын ийнине таштап койгон былчыгый жапалдаш бойлуу сакчы мурдун шор тартып, теңселе басып келип:

— Эмне болуп кетти? Суу жок. Бөтөгөңөр кургап өлөр күнүңөр кайда! Жаагыңарды жапыбагыла!— деп олунду.

— Мырза, адам өлгөнү жатат. Ал катуу ооруп калыптыр.

— Өлгөнү жатабы? Ха-ха-ха! Жанагы тогуз чочкого уу берип кырган сары шайтан го дейм? Ошол өлсө дурус болор эле. Ой, анын жаны таштан бек!

— Мырза, ал адам го... антпей докторго айтыңыз?

Надзиратель Никифоров орсок тишин көрсөтө ыржайып кыткылыктап күлдү. Ал бир көзүн жумуп, башын койкоктотуп, анан мостоё калып, каардуу түрүн көрсөтө түнөрө сүйлөдү:

— Мх! Мх! Ал калп ооруйт! Калп! Ошо өлгөндө бирдеме коромок беле?.. Ансыз деле тополоң чыгарган томояктар жетишет. Буга окшогондордун үчөөнүн сөөгүн азыр эле арабага салып араң узаттык... Алар да өздөрүн өзү жайлашыптыр. «Өлөбүз» дешип коркуткулары келишет. Тирүү жүргүлөрү келишпесе, жандарынан кечишсе, анда мейли өлө беришсин! У-уф! Эшектер, кашкулактан тараган жапайы наадандар,— деп Никифоров сурданып алкынат.

Кайда түн ортосу оогон кезде бечара киши кичипе эсучупа келди. Муңдуу бечаранын көзү жайпайт. Анын ти-

ли зорго күрмөөгө келип: «Суу?» деп кеберсиген эрдин тилинин учу менен жалады. Таабалды нардан туруп, каны каткан немеге бир чоң ууртамдай суу жуткузду. Ал шордуу байкуш оор дем алып, канталаган көзү менен Таабалдыны жал-жал тиктеди.

— Мына, тууган, биздейлердин көргөн күнү ушул. Сени өлүмдөн кутулуп калды дешип, мына бу катардагы кырк экинчи камерадагылар дүүлдөшөт... Ырас эле сен мыйзамга каршы чыккан азаматтардансың го дейм. Ошент... Ошенте бергиле! Мен өлсөм мейли, уулум чоңойгондо намысы болсо, зулум Петровдон өчүмү алар... Ө-ө-өг! — деп, көңүлү караңгылай түшүп, ошо бойдон дымы чыккан жок.

Бул кишинин суканы качып, чачы жайылды. Таабалды көөдөнүн тыңшаса, анын жүрөгү билинер-билинбес араң согот. Бирок, денеси муздай элек эле. Таабалды анын башын оңдоп, жаткызып койду. Анан терең ойго батып, нардын тактайына кырынан бир кыйлага дейре жатты, качан үргүлөп кеткенин чарчаган неме өзү да сезбей калды. Эртеси күнөкөрлөр үрүң-бараңдан ойгонушту. Түндөгү жан талашкан кишини жабыла караштьі эле, ал көзүн бакырайтып, бир гана жерди тиктеп, мелтиреп калыптыр... Маркумдун оозунан шилекей аралаш шүүшүн кан аккан. Дайым ага каралашып жүргөн кара сакал ошонун маңдайына колун тийгизип, кайра тартып алды да:

— А, шордуу байкуш, жүрүп кеткен тура! — деди кайгырып.

Баары баштарын шылкыйтышып жерди теше тиктешти. Камеранын ичи кулак-мурунду кескендей тынтынч боло түштү. Күнөкөрлөр астыртан бири-бирин тиктеп жалдырашат. «Биз дагы бир күнү ушунун кейпин киебиз ээ!..» деген ойго кетет кээ бирөөлөрү. Чоң шашке ченде эки сакчыны ээрчитип, түрмөнүн начальниги камерага кирди да, өлүктү буту менен тээп көрүп, сөөмөйүн күнөкөрлөргө кезеп, акырая карап, өзүнчө ичинен күңгүрөнө ачуулапып жатты.

— Муну сүйрөп чыккыла! — деп ал сакчыларына буйруп коюп, беркилерди бир сыйра тиктеп чыкты. — Мунун киши колдуу болуп өлгөнүн же өз ажалынан мүрт кеткенин кийин аныктаарбыз. Текшергенде булардын былыгы ачылат. — Начальник боюн түзөп, өлүктүн жытынан жийиркенгендей мурдунун үстүн бырыштырып, басып кетти. Арманда кеткен шордуунун сөөгүн желдеттер буттан, кол-

дон алышып, камерадан дыргаяктатып сүйрөгөн бойдон короого чыгарышты. О... чиркин ай! Бул не деген кордук! Муну унутушпас... Туткундар андан көздөрүн айрышпай кейип, узатып кала беришти. Андан бөлөк колдорунан келер не бар? Ал маркумдун сөөгүн үй-бүлөсү көргөн-көрбөгөнүн булар билишкен жок. Бирок, ошо бечара киши жөнүндө көп ойлонушту.

— Туугандар! — деди Таабалды жанындагыларга акырын. Беркилер анын оозун тиктешти. — Ушу биздин арабызда төрөлөрдөн жок дегенде бирөө барбы? Албетте, мырзалардын тукуму абакка кайдан келишсин. Айыптуу болгон кимдер? Дыйкандар, жумушчулар. Букаралар керээзин айтарга кудурети келбей, сөөгү ит менен кушка жем болуп, акыр-чикир менен көмүлөт. Түрмө жеке эле ушу Ташкент шаарында эмес, шаар сайын падышанын түрмөсү көп... Ошол зындандарда онтоп жатышкандар эзилген кедей-кембагалдар экенин силер билерсиңер. Помещиктерден, фабриканттардан, соодагерлерден жана ишканалардын кожоюндарынан өз эмгек акыларын көбөйтүүнү, жумуш күндү кыскартууну талап кылышкан мейнеткечтер, кала берсе, өз эркиндигин көксөгөн кишилер жапа чегип түрмөдө жатат... Мырзаларга эзүү оңой, букараларга эзиле берүү кыйын. Кордук көргөндөр ушу замандын өтө куурулганын көрүп турушат. Жумушчулар теңдиксиздикке чыдай алышпады. Мырзалардын уу тырмагы өпкөдөн өткөн... Ичкээрки калаалардагы жумушчулар тайманбай, улуктар менен кармашкандарын күндөн күнгө күчөтүп баратышат. Чындыкты көксөшкөн ишчилер түрмөдө, алардын бала-чакасы ач-жылаңач көчөдө!.. Ойлогулачы, күнөө кимде экенин!.. Береги кара сакал киши бай менен жер талашкан... Карабай деген чоң көпөскө каршы чыккан. Ага каяша айтыптыр. Байды кордоду деп сот муну түрмөгө көтөрүп уруптур. Ойлоп көргүлөчү, замандын түрүн!..

Кара сакал кишинин кере карыш жаагын, жайык бетин көз жашы жайпай берди эле, тегерегиндегилер көздөрүнүн кыйыгы менен алдыртан аны аяшкандай карашат. Адамдын деми менен камера ысык. Кара сакал киши ысылап, тытык күрмөсүн чечип желбегей жамынган экен, көйнөгүнүн айрыгынан кардынын бырышы ал энтиккенде, чыңалып, жазыла түшөт. Мунун баарын абайлап турган Таабалды кайра дагы акырын күңкүлдөдү:

— Дыйкандардын кебетеси мына ушул. Бу киши мурда самоорчу эле. Эми түрмөдө жатат. Ишчилердин турму-

шун кара туман каптаган... Эзилгендердин өмүр жолу өз колдорунда эмес, мырзалардын колунда!.. Турмушка эзилгендер ээ эмес, эзгендер ээ... Мына ушу кыйынчылыктарды сезгендер чындыкты айтса, мансаптагы төрөлөр ошолорду күнөкөр болгондой айыпташып, жазага тарта башташты. Калк азаттыкка чыкмайынча эзилүүдөн эч ким кутулбасын унутпагыла! Силер балким, мени бул падышага наалат келтирди дээрсиңер. Мырзаларга карматарсыңар... Андан коркуп бужүрөр менде ал калдыбы?..

Таабалдынын сөзүн адеп уга баштаганда беркилердин көздөрү кызара түшкөн. А түгүл булардын ар кимиси өз жандарынан чочушту. Бу кишилер жедеп жалкоотой болгонунан бири-бирине билгизбей «бакан ооз го» дешин оздорүнчө ичинен бүлкүлдөшчү эле, качан гана Таабалды эзүү жөнүндө жана турмуштун туткасына бийлик кылышкан таксырлар тууралуу өз билишинче көздөрүнө көрсөто, ачык айтканда ага ишеништи. Кокус улукка билинсе, башын жутат. Таабалды нардын үстүнө чыгып, жамбаштай бererде кара сакал башын ийкеп:

— Ооба, сендей эр жүрөк кишилер бар...— дегенче болбой аңдоостон эшик шарт ачылды.

— Кана, таш бакалар, учкан бойдон чыккыла! — деп надзиратель Никифоров корсулдай кетти. Камерадан адамдын жыт-жыбырынан бузулган сасык аба жөө тумандай бир паска дейре созулуп эшиктен чыгып жатты. Күнөкөрлөр күн жаңыдан кылкылдап уясына батып баратканын көрүшүп, андан көздөрүн айрышпады. Булар күндү неге анча суктапа карашат?..

Жалбырактары түшкөн бак-дарактар суукка калканыч боло албады. Декабрь айы көңүлсүз өтүүдө. Жылда бул маалда мындагылар чайханаларда боргулданып тердешип, узун көйнөктөрүнүн төшүн ачып коюшуп, набат менен кишмишти маймаңдап соруп отурушар эле. Негедир баштагыдай күүлдөшпөй, кокус полиция менен жандармериялардын карааны көчөдөн көрүнсө, билмексен болушуп үңкүйө калышат. Алардын чоң мис табакка палоону жыкжыйма бышыртып, ортолоруна коюп, бирине-бири сыпайыгерчилик менен: «Кана, кана, алың... алың?» дешкендери да мурдагыдай сезилбейт. Мындан бир нече күн илгери жоон тобу каадаларынча чайханалардын биринде кужулдашып, өткөн-кеткенден кеп уруп отурушса, падышалык

бийликке каршы жазылган ар кыл кагаздарды полициялар тинтип таап алышкан. Муну тымызын ким таштаганы белгисиз. Анысы аз келгенсип, самоорчунун белине курчанган кабат-кабат жоолуктарынын арасынан: «Эзилген күн чыгыш калкы! Силер камыгып жатпай, байбачаларга каршы күрөшүп, азаттыкка чыккыла! Кулдуктан кутулгула!.. деген үндөө табылган. Полиция чайханада чай ичип чардагандардын жоон тобун капыстан түп көтөрө шыпырып кеткен. Камалгандар шаардын полициялык башкармасынын начальнигине: «Биз мындай кагазды көргөн эмеспиз» дешип, карганып жатып, өлгөн-талганда актанып кутулушкан болучу. Самоорчудан бөлөгү чоңго пара берип жатып, керт баштарын куткарышканы али эстеринен кетелек.

Ошол окуядан соң булар жалкоотой болуп калышыптыр. Самоорчунун жоолугуна кагазды ким ката койгонун биле алышпай, «тобоо!» дешип жакаларын кармашып мостоюшкан. Ал нааразылык жөнүндө жазылган баракчаларды «Карабайдын малайы Алымжан томаяк тараткан имиш» деп молдолор шыпшынса, туура жактан ыймамдар: «Жок, баланча байбачанын ишканасындагы ишчилер экен. Ошолор дароо кармалып абакта жатышат дейт. Тополоң чыгарууга аракет кылышкан так ошо бузуктар турбайбы?» дешет. «Ак падыша куда эмес, кудадан жуда эмес! Алланын намирине, падышанын жарлыгына каршылар — жардылар. Ушу кан көчөдө сандалып жүрүшкөн береги эле кайырчылар... Алардын башын айландырып, кутуртушкан ишчилер имиш!» деп ыймамдар, казылар жаактарын жанышат. Анда чайканадагылардын арасынан: «Бей-бечараларга кожоюндар запкы көрсөтүшсө, анан таш көтөрбөгөндө кантмек эле... О, көрөсүңөр, ошо букаралар дагы тополоң чыгарышат, дагы, дагы көрөрсүңөр!»... дешип кээ бирөөлөр чын пейилдери менен калыстыгын айтышса, аларды ыймамдар, казылар, молдолор тимеле керип кете жаздашат.

— О, жамагат! — деп чайканадагылардын арасынан сыйда кара сакалчан, толмоч, кара сур киши үнүн көтөрө сүйлөдү эле, тигил шумдар аны жабыла тиктей калышты. — Сиздер андай адамдарды бекер эле ак жеринен каргайсыңар. Курулай бекеринен бирөөнүн күнөөсүн көтөрбөгүлө! Ошолордун деле өз билгени бардыр. Тегин жерден өрт чыкмак беле? Ошолор кимди жек көрөрүн апык билип, анан кепшесек боло. Ушул шаардын ичинде нечен ачка

да, ток да бар Силер береги байларды, байбачаларды ошондой ырайымдуу демексиңерби? Так ошолор кайырын чайыр кылып жатканын көрмөксөн болосуңар ээ!.. Жондон кайыш алган кимдер? Адамдын акысын жеген как ошолор. Эгер силер жанагы кишилердин жайын билгиңер келсе, мен укканымды айтып берейин.

— А, кана, ошондоп кеп урчу?

— Бу ким?

— Шашылба, сүйлөсүн.

— Ко-ош, сүйлөй бер.

— Ошол наразы болгон киши шариятка «карши» эместир. Эзүүгө... теңсиздикке... жана бирөөнүн акысын жеген сүткор, залим кожоюндарды жек көрүшөт экен. Мына, ушул жерде отурган баарың селдеңерди чакчарылтып оронуп, шарият айтып отурасыңар. Шариятта кишинин акысын бирөө зулумдук кылып жесин деп айтылды беле? Кана эми ошону айта койгулачы?

— Жок,— деди амалсыздан бир ыймам.

— Эгер жок болсо, неге Карабай кол алдындагы ишчилердин ак эмгегин жейт? Ал шариятка баш ийбеген жүзү карабы?

— Ой, сен деги кимсиң? Бу коңгуроолуу көк эшек... азезил шайтан болуп жүрбөсүн?

— Таксыр, муну жөн-жайына коюңузчу!

— Мунун сөзүнүн жөнү бар. Ии, анан?

Сүйлөп жаткан кара сур киши ого бетер күчөп жанын үрөдү эле, тигил отургандардын баары мостоюп анын оозун тиктешти. Булар сөзгө алагды боло калганда полиция да эстеринен чыгып кеткен.

— О, адамзаттар, неге адамдын канын адам шимийт? Кандайча бир алсыз бечараны, карыпты кор кармашат. Кудай таала пендесин бирин артык, бирин кем жараткан бекен? Ушу отурган баарыңардын дүкөнүңөр барбы? Таксырлар, мен сиздерди сыйлайм, мен сөздүн жөнүн айтканым үчүн силер мени айыпка буйруп, жонуман жүз балак албагыла! Жанагы сиздер жек көргөн кишилер чындыкты айтышса, аларды күнөөлөшкөнүнө таң калам.

— Токто, токто! Сен ушунда бир тополоң чыгарууга аракет кылган Таабалды деген токмоктук кыргыз жигитти көрдүңбү?

— Мен анын өзүн көргөн жокмун, таксыр. Ал эми ошонун жайын угушума караганда кандайдыр бир боз атчан төрө аны атмак болгондо, ошол неме өз жанын кор-

гон, жаңагы улукту аттан оодара тартып, чыкыйын талкалай чааптыр дешет. Сот аны дарга асууга өкүм кылса, ишчилер чуу чыгарышып, генерал-губернаторго даттанышкан экен да, ошо айыпкерди ажалдан куткарып калышыптыр. Боорукер кишилер, ал жазыгы жок пендении сообуна калышканы жакшы болгон экен.

— А-а! Ошондой бекен!

— Ой, кара тумшук.

— Ооба.

— Эй кудай сактай гөр! Ошолор падышаны тактан шыпырып таштаппагай эле.

— Падышаңыз да алактап калган го дейм.

— Оозуңа таш, акмак!

— Бу кандай кара оозуна кан толгур эле, ия?

— Көзгө көрүнбөй мындан жогол!

— Кет... кет!.. Бузуку...

— Бу сааттуу неме кайдан келе калды?

— Арбак ургурдун шарияттан кеп ургапын көрсөң!

— Шарияттан мүдүрүлөр эмес...

— Э, койсоңчу. Мейли, дөөдүрөй берсин.

Ал киши жылт берип кеткен.

— Жаңагы салпаяк кайда кире качты?

— О, жараткан, чайды жөн ичиришпес болду.

Аңгыча ар жактан полициянын карааны көрүнө калганда чайканада отургандардын бары үңкүйүшүп, жер тиктей калышты. Эмеле булар менен кажылдаша кеткен кара сур киши билмексен боло буйт берип кете берген экен. Кыдырып жүргөн полициянын жанынан ошол кишини көрүшкөндө: «бу бакан ооз тура. Бизди кармап бермек экен» дешип, баары жандары чыгып кужулдашты. Баягы кара сур неме камырабай полицияга бирдеме дегенсип тигилерди көрсөтө жаңдады эле, чайканадагылар жапырт короого чыгып, бет-бетинен житип жоголушту. Кээси эч нерсе билмексен болуп отурушат. Полициялар эки жакка көз чаптырымыш болду да, анан тигил кишиге колу менен бирдеме деп жаңдап чайкана жакты көрсөткөндө, ал учкап бойдон кайра жүгүрдү, ошо маалда чайканада киши калбай качып жөнөштү. Көрсө, желдет тигил кишиге жумушуңа бар дегенсип белги бериптир. Бу кара сур киши Шакир эле. Ал Карабай байдын запкысына чыдабай кармаша кеткенде, Акбар, Алымжандар менен кошо жумуштан сүрүлгөн. Оокаттын айынан ошондон кийин Шакир бабай түрмөгө суу ташыгыч болуп жалданган. Бул

карыя калп эле Таабалдыны билмексен болумуш болуп койгон. Бул байкап жүрөт да, анан түрмөдөгү күнөкөрлөрдүн арасында эмнелер болуп жатканын сырттагы Лебедевдерге жеткизип турат. Шакир чал чайканадагыларга Таабалдынын тагдыры тууралуу кызып кеткенинен эки ооз сөз айтканына бир чети кубанат... бир чети «чекилик кылып койдумбу?» дегенсип өзү кайра бушайман болду.

Темир жолдун башкы мастерскоюнда иштеген жумушчулар башкаруучу мырзалардын алдына катуу койгон талаптарынын кээ бирлерин орундатып алышкан. Ошону менен чекелери ысып, кайдан марып кетишмек эле. Турмуш абалдары начар, жумуштары оор... Жылдар жылган сайын мээнеткечтер бийликке наразы. Көңүлдөрү өлгөндөй калышыптыр. Булардын антиикенинин чет-бучкагын мырзалар да сезишет. Жумушчулар мастерскойдун начальнигинин да көкөйүнө көк таштай тийишсе керек. Ал чуу чыкса эле безгек болгон немедей калчылдайт. Шпаковский мастерскойдо кенедей арзыбаган болор-болбос шырп эткен нерсени сезсе, ошол замат полициянын начальнигине же орто азиялык темир жол башкармасынын начальниги Ульянин мырзага жазат. Кыскасы, ал тигилерди да жадатып жана чоңдордун алдында өзүнүн да ишенчилиги кетип, «сыйкыры» качыптыр. Шпаковский мырзанын кийинки кездердеги жазган бир каты төмөндөгүдөй эле:

«Кымбаттуу төрөлөр! Мен үй-бүлөм менен түнкүсүн түк кирпик какпас болдум. Кай бир кезде көзүм караңгылап кетет... Кандайдыр бир саат чырмаган Пудовкин деген көзгө көрүнбөгөн, колго түшпөгөн немеңин элеси эсимден кетпей, жаным кыйналат! Менин угушума караганда биздин мастерскойдон куулган (баягы жолбун Таабалды Жукеев) так ошол Пудовкин митайымдын өзү көрүнөт. Ал куу каптал сурак маалында: «Пудовкин мен эмесмин» деп жанын сабап актанганына мен абдан өкүнөм. Ошонун чын экенин мурдаа күнү Макаров деген мастерден кокусунан билдим. Макаровдун шал болгонуна көп болгон. Андан сыр тартуу максаты менен мен оорунун оозуна бирдемени сугунта койдум эле, ал айыгар замат силерге кат жүзүндө өзү билдирүүгө дилгир болгон. (Мен кантип жөн жатмак элем). Ошол эле дейсиздерби, тополоң чыгаргандарга жол көрсөткөн: Илькин, Филипенко жана башкаларын ал бүт көрсөтүп жана кармап берүүгө макул болду. Ал эми ошол каар соккон бузукуларды кайрап жүргөн «Биздин тууган». Анын өз фамилиясы Лебедев экен, жа-

на «Егорич» деген неме экен. Дагы бир Климов аттуу желмогуз барын Макаров да билет. Ушунун баарын андан сураштырып билген түнү, мен кудайга миң мертебе тобо кылып, ушулар колго түшсө, атакебиз биздей төрөлөрдү куру койбос деп сүйүнгөмүн... Эртеси күн чыга не бар, не жок деп, Макаровдон алдап да болсо эптеп билдирүү жаздырып алганы барсам, тилекке каршы, өлүмгө жетпеген ит, мен жетелектен саал мурдараак үзүлүп кетиптир. Анын сөөгүн көргөндө башымы муштап кайра качсам, өлүксүздүн долу кемпири бар экен: «Муну көмүүгө акча бер... Менде чыгымга төлөөр сокур тыйын жок...». деп, албуут, долу мастен катын мени кекиртектеп мазамды алды. Андан араң кутулдум. Менин баамдоомо караганда чаңтополоңду чайканадагы самоорчулар башташат окшойт. Падышага каршы кагаздарды так ошол шүмшүктөр тараткапын Макаров мага бүдөмүгүрөөк айтымыш болгон. Төрөлөр, чайканалардын ээлери менен кардып челкейткен ашпозчулардын куйругун бекем бурасаңар эле, бузукуларды алар табарына мен кепилмин. Сиздерди ар нерседен кабардар кылып турууну мен өзүмдүн ыйык милдетим деп эсептейм.

Ушул аныктамага мырзалар кантип ишенишпесин. Бу кабар тиер замат желдеттер кутургандай каарланышып, шаардагы чайканаларды бүт чаң тополоң чыгарып сапыра баштапты. Калайман чыкканда жай кишилер өз жандарын ала качууга аракет кылып безишти. Тинткендердин колуна түк эч нерсе илинген жок, көчө-көчөдө аркы-терки чапкылашкан полициялар ат үстүндө сороктоп жүрүшөт. Желдеттер өздөрүнөн башка карапайым адамдарды жек көрүштү.

Полициянын начальниги кара аргымактын оозун жыйбай, атырылткан бойдон каза болгон Макаровдун үйүнө жетти. Эри өлгөн куйүттүү кемпирди «өлгөндүн үстүнө көмгөн» кылып начальник кыстай баштады. Кара кийген шордуу катын какшап... Жетим балдары көз жашын көлдөттү... Жер кепенин ичин ого бетер кайгы-муң басты. Мырза мекиренип жесирдин сырын тартуунун аракетинде.

— Кудай жалгагыр, сиз сабыр этиңиз. Өлүмдөн ким качып кутулат. Маркум сиздин эриңиз өлбөгөндө, биз ага чоң сыйлык бермек элек. Али да болсо анын үй-бүлөсү силер куру калбассыңар... Ал тирүү чагында сизге жанагы «бузуку» кишилер жөнүндө керезин айта кеткендир. Акыл токтотуңуз, ойлонуш керек... Маселен, демек, сиз ошолор

жөнүндө укканыңызды, коргонуңузду бизге кичине айтып берсеңиз эле болгону.

Муну укканда, кайгы тартып турган кемпир селт дей түштү. Анын жүрөгү сыздап, бүткөн бою дүркүрөйт. Жесир бет маңдайында жылмайып турган мырзаны тикирейе тиктеди да, мөлтүрөгөн жашын жоолугунун учу менен сүртүп, начальникке мындайча жооп берди:

— Мырза, менин эрим көз жумардан мурда мага: балдар жаш, белиңди бекем байлап, ушуларды чоңойт деди эле... А сиз менден кишилер жөнүндө сурап жатасыз?

Начальник мырза төбөсүн жер кепенин шыбына тийгизбөөгө этиет боло, сылык сүйлөдү:

— Кудай жалгагыр, сиз менден чочубаңыз. Мен кантип эле сизди жамандыкка кыяйын. Маркум сиздин эриңиз бизге каршы, пейли жаман, бузук кишилерди билчү экен. Ал ооруу болгондуктан билгенин бизге кабар бере албай арманда кеткенин дайындуу адамдан биз кеч билдик. Сиз падышаны сыйлаган, кудай деген адамсыз. Сиз жашырын жүргөн ошол кишилерди маа шыбырап койсоңуз эле болгону.

Жесирдин денеси муздап, мууну калтырайт. Мырзанын көзүн айырбай акыйып турганын көрдү да, аял акыл токтотуп, анан үнүн каргылданта күбүрөдү.

— Мырза, ыраматылык менин эрим өзү жумушчу эле, ал кантип эле жүзү каралык кылсын? Мен ошого түшүнбөдүм.

Мырза өз кезеги келе түшкөндө жесирдин сөзүн бөлдү да, ага суроону жаадырмакчы болду эле, бирок жесир андан оолактап кеткенде:

— Сиз билишиңиз керек. Силер ошондой кишилерди эмне аяйсыңар? Ойлоңуз! Сиздин өкмөткө көрсөткөн жардамыңызды биз актабай койбойбуз. Акча...

— Мырза, мен эми араң жан багып калдым. Сиз курулай жок нерсени таап бер деп мени кыйнабаңыз. Мен эч кимди билбеймин... жана эрим да билчү эмес... О, кудай, силерге бир ит бизди билет деген го, чын эле чагыш кылышса керек. Мени тынч коюңуз.

— Жашырбаңыз!

Мырза жекире сүйлөгөндө жесирдин жанына бата түштү окшойт, начальникти акырая карады эле, анын көзүнө: жазы маңдай, толмоч, ак саргыл начальниктин сулуу өңү учурай түшкөндө, кара кийип, кан жутуп отурган кайгылуу катын кубара түштү.

— Төрө, кебетеңиз сүйкүмдүү көрүнөт. Абийирсиздик менен мени кыйнап, мына бу жаш чобурөлордүн убалына калбаңыз! Силер карапайым адамдарды эмне мынча эзесиңер? Жадаганда, өлгөн кишини да көргө жөн жаткызбас болдуңар го! Бу кандай кордук! Кана айтыңызчы, менин эрим жапагы жаңжал баштаган кишилерди билем деп кимге айтыптыр? Ошол кишини маа көрсөткүлө. Мен аны менен беттешейин, эми деле аянар жерим калган жок. Шпаковский төрө култулдап силерге бирдеме деп шыбырай койгон чыгар. Ал доңуз жанды жай алдырбас болду. Мырза, барыңыз, балдарымдын жүрөгү түшөт. Ах! Ах! Бу кандай күн? Эмне деген кордук?!

Начальник карбаластап шашып калды. Ал жерди бир тээп, башын чайкап, алаканын шакылдатып, жесирди жеп жиберчүдөй жекирип кирди:

— Сиз долу экенсиз! Мен сизге жакшылыкты каалаcам, алкынасыз да! Кандайсыз?!

— Жакшылык ушундай болчу беле, төрөм?

Мырза жин даарыгандай калчылдайт.

— Демек, маселен, сен ошондой адамдарды бизге көрсөтүп берүүнүн ордуна жашырат экенсиң да! Билем, билем! Мх! Мх! Эх, арамза катын!

Жаны кашайган жесир тилин тарткан жок. Ал мырзаны көздөй жулунду. Бурчта бүрүшүп отурушкан балдары чыңырып жиберишкенде, күйүттүү неме ого бетер жанын үрөдү.

— О, тозокулар, жанды жай алдырбас болдуңар ээ! Урматтуу улук, мынча келген соң, сиз куру кетмек белеңиз.— Жесир саал кыйкылдап жөтөлдү да, полицмейстрди жакалоочудай кейиптене колун арбаңдатты эле, мырза жалтактап андан оолак качты. Аял полицмейстрге айтар сөзүнүн аягын улады.— Мына, мени ала кетиңиз, балдарым өлсүн. Козголоң чыгарууга катышкан мен... мен болом. Барактарды, кагаздарды, тыюу салынган китептерди шаардагыларга тараткан да мен. Атакебизге наараазы болгон да мен болушум керек... Мына, мени аскыла! Атып өлтүргүлө! Уктуңбу, улугум. Мага түрмө, түрмө ылайык. Мен ансыз деле түрмөдөмүн. Эх, силердин бей-бечарага ырайымдуулугуңар ушул экен да! Жадаганда өлгөн шордуу кишини көрүнө жөн жаткызбас болдуңар го!..

Жесирдин жаны кашайып, күйбөгөн жери күл болду. Жер кепенин босогосунда корсоюшуп турган эки полицейский оздорүнчө чочуп үтүрөңдөштү. Полицмейстер

бир бозорот, бир кызарат. Аял апы демиткен сайын ал артын кылчак-кылчак карана кетенчиктеп баратат. Ал босогонуп үстүн сүзүп алганда төбөсү уюй түштү. «Мени ала кетпейсиңерби! Ох, ошол Шпаковский мырзанын үй-бүлөсү да бизчилеп какшап калса экен!» деп жесир сыздап буркураганда тигил сырткы кебетеси дурус улук небак аргымагынын үстүнө сороюп минип калган. Ошо тегеректеги жер кепелерден корккон балдар чуулдап, ыйлашты. Аялдардын оор дем ала улутунганы угулат.

— Төрө, мен мындан ары ач болом. Кишинин этин жей баштайм. Силер да киши жей баштадыңар! — дейт жесир тилин тартпай. Мунуп каргылданган үнү улам барган сайын күчөп бийик чыгат.

— Бас жаагыңды! — деген полицмейстрдин каардуу үнү жесирдин кулагын тундурду.

— Таксыр, бул өжөр... долу, жан кечти катын экен! Кетсек кантет?.. — деп шашкалактады бир полицейский.

Полицмейстр тигил чачын саксайтып чыңырган байкуш жесирди олурая карап алды да, анан аргымагынын башын жол жакка бурду. Караңгыда аттардын дүбүртү гана угулат.

— Колуна урунганды камашат. Жемек болушту го!

— Бу кандай ырайымсыздык!

— Баарыбызды тирүүлөй жесир калтырышмак болушкан экен.

— Балдар, балдар ач! Эх, таш боорлор...

— Кой, шолоктобо, шордуу.

Жер кепелердин тегерегинен ошол түнү жумушчулардын зайыптары менен бала-чакасынын үндөрү көпкө дейре басылбады. Буларга кошул-ташыл болгонсуп асманды карап иттер улушат...

2

Дагы эле баягыдай түрмөдө түнөргөн караңгылык... Жалгыз гана болгон өзгөрүш, өмүрүндө мында баш багып көрүшө элек күнөкөрлөр биринин үстүнө бири чубуруп келип жатат. Жаңы келген күнөкөрлөр саятчынын жайган торуна жаңылып чалынган шумкардай эки жагын карана элеңдешет. Тагдыр эмес, бу караңгылыкка буларды каар ыргытып таштаганын эми гана сезишсе керек... Ошолордун арасында колу-буттары кишенделүү бир топ кишилер да бар. Жай күнөкөрлөргө караганда алардын көргөн күнү

оор. Берки күнөөсү жеңилдер жалакайлык кылышса, тигилердин жүздөрүнөн кайраттын белгиси сезилет. Алар мындан бир топ күн мурдараак эле айсыз караңгыда таалай талашып, желдеттерге көөдөндөрүн тосо берип, кармашкан Иликин, Филипенко, Климовдор эле. Булар Таабалдынын эски достору.

Бул достор тирүү болушса бир дөбөдө, өлүү болгондо бир чуңкурда бирге болуучу сапарлаш тилектештер. Он беш күнү тынымсыз жандармдар жакалап, полициялар тергөөчүдөн тергөөчүгө, прокурордон сотко кубалашып, эң акырында төрөлөргө булар өтө шектүү кишилерден болуп чыгышкан. Билермандар ушуларды да жазалап, көп жылдарга дейре укуктарынан ажыратып, моокумдары канышыптыр. Эми бул кишилердин эмне болушары белгисиз.

Революциячыл топтун уюткусу кайсы жерде жана ошолорго баш-көз болуп турган ким экени бийликтин башында турушкан жогорку даражадагы улуктарга маалим эмес эле. Ташкенттеги большевиктерди желдеттер шаардан күнү-түнү дайыма аңдышат. Алардын бир да бирин кармаша алышпай куугунчулардын жандары алек-челек болууда. Ансайын мырзалар да күчөп баратат. Калаадагы үйлөрдүн баарын тегиз кырка тинтишти. Желдеттер желип-жортуп келатышкан кезде үй ээлери аларга дароо көрүнбөй житип кетишет. Жумушчулардын арасына революциялык кыймылды тараткан «Биздин тууган» деген кишини кармоо кыйын болду. Түрмөнү кайтарган сакчылар берилген буйрукка жараша аягы менен какайып тик турушуп, шырп эткен шыбыш билинер бекен деген өңдүү акыйып жүрүшөт. Камералардын эшигиндеги кичине тешиктен заматтын ортосунда сагалашып алда нече тиктешет. Мынчалык аңдыгандан жадашса керек: «Эх, жан жай албас болду го! Чондорубуз замананы куурушту белем?» дешип өздөрү да өкүнүшөт. Буттары чарчашканда араңдан-зорго шилтөөгө чамалары келген надзирателдер темтеңдешип, камераларды кыдыра жүгүрүшөт. Чыны кыйналышса керек. Көздөрү так эле кутурган иттин көзүндөй...

«Эгер сен «Биздин тууган» деген нөмени бизге көрсөтүп берсең, эмне тилесең самагапыңы колуңа берели. Сен дароо акталасың... дешип алар өздөрү камакка алышкан «Егорычтан» сурашар эле. Ал кайдан көрсөтүп берсин. Берки Иликин менен Филипенко болсо го мастерскойдо жүргөндөн тартып эле улуктарга аттын кашкасындай таа-

нымал болушкан. Таабалдыны адеп колго түшүрүшкөндө эле «Пудовкин» ушул дешип, анын сүротүнөн өөдө тартып алыптыр. Мырзалардын жанын жай алдырбаган жалгыз гана «Егорыч» ушу чоң түрмөдө. Климов так ушунун өзү. Саясий күнөкорлордон мында кимдер бары сыртта жүргөн большевиктик топтун өздөрүнө белгилүү... Алардан даана кабар алуу үчүн кылдаттык менен Шакир чалды түрмөгө орноштурушкан. Суу ташыгыч тымызын сыртта болгонду бүт түрмөдөгү саясий күнөкөрлөргө жеткирет. Чал тыштан тил алып келет, кайра өз кишилерине тымызын тил алып барат. Түрмөдө кандай окуя болсо, ошол бүт бойдон бат эле сыртта жүргөндөргө дароо жетет...

Эртели-кеч түрмөнүн тегерегинен аркы-терки чубап эл өтөр эле. Бийик дубалдын төрт бурчунда сакчы болгон желдеттер киши кичине эле буйдалып токтой калса: «Кеткиле! Жолуңа түш!» деп бакылдашканда, бакылдаган үнүн туткундар эшиктин тешигинен тыңшай калышчу, ошол тегеректен киши качан болсо үзүлбөсүн баамдашар эле.

Таабалды менен Климовго окшогон каныккан саясий күнөкорлөр короого чыгышкан учурда, башка камералардагы күнөкөрлөр менен алдыртан тымызын гана таапыша коюшканы мындай турсун, анын кандай күнөкөр экенин да дароо билишип, анан ошолорго көз ымдашып, жаземдебей даана сүйлөшчү. Эгер бөлөк камерага жаңы кылмышкер түшсө, анда тигилер ошондон жеке эле шаарда болуп жаткан ал-абалды гана эмес, ичкерки шаарлардагы жумушчулардын кыймылынан да кабар угушчу. Аңдышкан жандармериялар бу жазгырганды билип калышканда өз жандарынан чочунушуп, кароолдун үстүнө күчөтүп дагы кароолчу коюшчу...

Башка иш түшкөндө адам баласынан айла качып кутулмак беле, бу камерадагылар бөлөк камерадагылардан ар кандай амалдарды колдонушуп, андагылар менен кадимкидей сүйлөшүшөт. Жөн жатуу жок... Күнөкөрлөр катуу шамалдын эпкининдей күүлдөшөт... Саясий күнөкөрлөрдөн таасир алышкан жай кылмышкерлер да улам бара-бара баш көтөрө башташты. Жандармериялар аларга бир ооз бирдеме десе эле көөдөндөрүн тосуп «Мени жеп жибергиле! Аткыла! Бу көрөкчө өлгөнүм өйдө!..» дешкенин укканда, желдеттер: «Булар кутура башташты... Ушуларга жумуш кылдырып, сазайын колдоруна бериш керек

эле!» деп өздөрүнчө окуно күбүрөшөт. Башкаруучуларга каяша айтышкан күнөкөрлөргө «Сен кацкылдап ырдаба! Ошол ыр сенин түбүцө жетип, ойрон кылат»! дешип жеткиришет. Туткундар кээде муцдуу, кайгылуу ырларды ырдашар эле...

Декабрь айынын зуулдап өткөн күндөрүнүн биринде кечке жуук калайык түрмөнүн артындагы көчөгө кара таандай жайнап чогулушкан экен. Ушунча жыйналган көп кишинин мында эмне жумуш менен келишкени белгисиз... Түрмөнүн төрт бурчунда сакчы болгон желдеттер аларга: «Тарагыла! Эмне турасыцар?» деп кыжырлана кыйкырышат. Көпчүлүк аларды түк тоотпой, бийик сепил сорөйдөп жалдырап көздөрү өтөт. Кай бирөөлөр кетмек турсун кайра желдеттерди шылдыцдашып, жол менен өткөн кишилерди токтотуп азгыра башташты. Улам ар кайсы жактан убап-чубап келе берип, барган сайын көбөйө баштаганда надзирателдер: «Тарагыла! Окко учасыцар!» деп жер тепкилеп чацырышты. Камерада жаткан күнөкөрлөр көчөдө калдайган калың эл жүргөнүн дароо сезишти... Аңгыча, кырк биринчи камерадан туткундар «Интернационалды» жабыла ырдашты эле, аларга бөлөк камерадагы күнөкөрлөр жапырт кошулуп үндөрүн созушканда кечке маалкы закым сыртта жарданышкан калкка учуруп жеткизди, түрмөнүн сыртындагылар да дүүлүгө түшүп, кошо ырдашты... Жандармериялардын жандары чыгып, кимди токтоторун билишпей алакташып, короодо өйдө-төмөн тызылдап чуркашты... Кароолчулар ар кайсы камераларга безеленген бойдон барышып: «Токтоткула! Акмактар, силер эмне көрдүцөр?!» деп айкырып жүрүшөт. Туткундар жана тигил сырттагы калың журт «Интернационалды» ого бетер зуулдата беришти...

...Эркиндик бизге эч ким бербейт,
Кудай да, падыша, баатыр да.
Боштондукту колубуз менен
Алабыз жеңип майданда.
Кулатмак үчүн бул эзүүнү,
Ээлемек үчүн энчицди,
Кайраттуу баскыла көрүктү,
Муздатпай согуп темирди..

Так ошол кезде түрмөнүн начальниги бир жактан трашманкеге отуруп, чалкалап эч нерсе оюнда жок ке-

латты эле, көчөдөгү көпчүлүктүн жана түрмөнү жаңырткан күркүрөгөн үндөрдөн анын кулагы тунуп, эмне экенин билбей делдейип, анан трашманкеден ыргып түшүп, жүгүргөн бойдон короого кире беришинде орун басары күлдөй бозоруп, алдынан чыгып, аптыккан бойдон бакырды:

— Начальник мырза, күнөкөрлөр кандайдыр бир ырды ырдап жатат... О кудай, бизди деле көздөрүнө илишпейт. Көчөдөгүлөрдү көргөндүрсүз.

— Токтоткула! Бу кандай тартипсиздик! Эх! Жүзү каралар! Козголоңчу иттер!

Жендеттер чакчелекей кымгуут болду. Начальник түрмөдөн кайра бүргөдөй секире көчөгө чыкты да, көпчүлүккө карап үнүнүн бардыгынча кыйкырды:

— Тарагыла! Тарагыла деймин! Баштыңарды жутасыңар!

Күркүрөгөн үн кичине басаңдай түштү.

— Эй, сага эмне жок?

— Туткундарды чыгаргыла!

— Алар жумушчу менен дыйкандар!

— Силер аларды жок кыла албайсыңар...

— Ха-ха-ха!

— Жашасын жумушчулар табы!

— Тарт тилиңди, иттин уулу.

— Адам эй, булар кантишет?

— Бизге эркиндик керек!

— О, журт, азаттыкка чыккыла!

Узун көчөнүн имериликши жактан атчан полициялардын караанлы сороктоп көрүнө түшкөндө, калктын арасынан кимдир бирөөнүн: «Полициялар келатат, тарагыла!» деген үнү катуу чыкты. Аттардын дүбүртү улам жакындаган кезде калың топ туш-туш жакка жайылып тарай баштады. Кыйкырык, кымгуут, ызы-чуудан кулак тунат. Кимди ким билсин. Атчан полициялар калк чогулган бурчка жеткенче күүгүм кирип кетти, өз «эрдиктерин» калың топко көрсөткөнү келишкен полициялар көпчүлүктүн шары менен мында келишкен карган чалдарды жана жаш балдарын колунан жетелей келишкен боюнда бар аялдарды курчоого араң үлгүрүштү.

— Эх! Муну уюштурган баягы «Биздин тууган» менен «Егорыч» болуш керек... Үлгүрө албай жаза басып калдык ээ! — деп өлгөндөй өкүрдү полицмейстр мырза.

Ошол окуянын эртеси күнөкөрлөргө ченеп-бычып бышырылган ысык аталаны сугунтушкан. Чийки ботко таңдайларына жабыша калат. Ачкалык адамды далай азапка салары бышык го. Чала кайнаган боткого бечаралар өпчап өзөк жалгашканы кебетелеринен көрүнүп турат. Артыкча, алибеттүү кишилердин беш кашык атала кардына как, жумуруна жук болбойт.

Эртең менен тамак маалы аяктаар замат сакчылар жандарын үрөп аркы-терки чуркашты. Түрмөнүн начальнигинин таманы жерге тийбей безилдеп жүрөт. Булардын жанына анчалык эмне күч келди? Ал контордон чыгып, надзирателге колун жаңсап анан артын кылчактап карапат. Мундирчен, майынан баспай калган, башы кипкичине, күлтүйгөн киши ыңгырана басып келатат. Бул прокурор эле. Анын арт жагында кечээ шагы сынган, ызалуу... полицмейстр төрө, ал адатынча башын оң жак ийни жакка кыйшайтып, жерди буту менен таптай басып ээрчиди. Мырзалар кырка камераларды кыдырып жүрүштү. Чоңдор күнөкөрлөргө шарт түзүп, кам көрчүдөй өздөрүн көрсөтүүгө тырышат. Ар бир киши түрмөдө өзүн кандай алып жүрүү тууралу чоңдор кайра-кайра камерадагылардын кулагына кумдай куюшту. Андан кийин падыша камактагыларга канчалык ырайым кылып жаткандыгы жөнүндө кайра-кайра какшашты. Россиянын кээ бир шаарларында тартипсиздикти чыгарган «бузук» кишилердин катуу жазага тартылганынан улам биринен сала бири козгошот. Мырзалар сөздөрүнүн эң акырында кечээ кечке жуук ырдалган «Интернационалга» токтолушту. Ошону кеп уруп жатышып, өздөрү чочулашып элеңдешет. Аны ким үйрөттү? Кандайча так ошол учурда калк түрмөнүн тегерегине жыйыла калганы жөнүндө токтолушту. «Ошондо бир кеп бар... муну баштап жүргөн коммунисттер болуш керек. Силер аларга ишенбегиле». Чоңдор сылык сүйлөмүш болушат, бирок кебетелерине карасаң, ачуулу. Төрөлөр кырк биринчи камерада камыгып жаткан күнөкөрлөргө келишип кара күчкө алардын алы-жайын сурамыш болушту эле, бирок андагылар жабыла чуулдашты.

— Төрөлөр! Бизге ийне-жип берилсин?

— Деги мончого түшөр күнүбүз болор бекен?

— Адабий китеп окубадык.

— Ансыз да караңгы элек, ого бетер сокур болмок болдук...

Прокурор сыр билгизбей мостоё калганда, полицмейстр

мырзанын каш-кирпиги бузула түшкөнүн өзү да сезбей, бирдеме дечүдөй обдулду эле, түрмөнүн начальниги дагы бир балээ болбосун деп чочуп кетти. Прокурор саал ойлонумун болуп, кылмышкерлер берген суроого жооп берчүдөй оңтойлоно, көөдөнүн кере боюн түздү.

— Аны билүүгө сиздер анча эмне кызыктыңар? Падышага соо кишилер барышса атылмак беле? Алар тополоң чыгарууга динин койгон бузуку жана козголоңчу кишилер болуш керек. Ошолор баштарын өздөрү өлүмгө кармашкан. Айып кимде? Так ошолордун өздөрүндө! Андайларга убал жок. Падыша ошондой митайымдарды жек көрот. Силерге эскерте кетүү менин мойнумдагы парызым: мындан ары мындай жаман жолго түшкөндөр тууралу билүүгө кызыгуунун силерге эмне кереги бар! Демек, жаш күнөкөр, сага ошондойлордон оолак болуш керек,— деди ал байкабай, Таабалдыны сөөмөйү менен кезеп көрсөтө.— Россиядан куулган немелер Ташкентке качып келишет да, тыюу салынган ырды ырдашат... Билип койгула, силерге эскертип коёлу, андайлардын күлү көккө сапырылары эсиңерде болсун. Андан көрө, ошондой адамдарды кармоого киришсеңер, ушу турган баарыңардын дароо күнөөңөр арылат.

— Сиздерге берилген арыздардан жооп качан болор экен?

— Бизди жумушка чыгарсаңыздар боло?

Прокурор мырза үстүңкү эрдин жалап коёт да, тигилердин берген суроосун ыргыткан топтой тосуп алып угууда.. Ал иши кылып тайсалдап кутулуп жатат. Ал дагы кимиңердин суроонор бар дегенсип эки жакты имере караганда, көзүнө мурдатан тааныш Таабалды чалдыга түштү эле, мырза аны бирпас тиктей калып:

— Падыша ырайымдуу. Ал оор кылмыш кылган кишинин да күнөөсүн качан болсо кечирет. Мисалы, мобу жигитти өлүмдөн куткарган да ошонун амирине жараша болгон иш. Ошондой, ишенип койгула мага. Силер андан үмүтүңөрдү үзбөсөңөр, качан болбосун күнөөңөр жеңилденет...— деди ал. Таабалды сүйлөөчүдөй кейиптенип мойнун созду.

— Эмне, бирдеме айтмакчы белең? Сүйлөңүз! — деди прокурор ага сылык.

Таабалды нардын үстүндө эле, ал андан акырын жылып төмөн түшкөндө, анын сүрдүү көзү прокурорго кадала калды.

— Мырза, сиз, падыша ырайымдуу дейсиз, балким чындыр. Бирок, ал ырайымдуу болсо, неге андан ырайым сурап барышкан жумушчуларды аттырат?

— Ооба, мырза, сиз ошону бизге түшүндүрүңүзчү?

— Баса, ошондо жумушчуларды кандайча кырдырды?

— Эх, атакебиз кантип ошого барды экен, а?

— Анын себеби өтө жашыруун...

Прокурор төрөнүн оозуна мындан бөлөк сөз кирбей, эмнегедир мукактана түшкөндө, «өзүнүн айбандай мүнөзүн өзү сезбейт» деген ойго келди Таабалды. Прокурор маңыз киши эле, анын айткан сөздөрү күнөкөрлөрдүн кулагынын сыртынан кетип жатканын өзү кайдан сезсин. Жадатты. Улуктар камерадан шарт чыга жөнөшкөндө, күнөкөрлөр: «Булар эмнеге келишти?» дегендей бири-бирин тиктешти. Прокурорго катарлаш бараткан полицмейстр «Өзү... деген чоң улуктун бири болуп туруп, кандайча жаман кишилер менен сылык сүйлөшөт?» деп ойлонот. Анда прокурор мындай ойго келди: «Бу күнөкөрлөр соо кишилер эмес... Булардын саясий жагынан айыпталган кылмышкерлиги тууралуу биздин колдо кандай далил бар?»

Үч мырза эң акыркы камерага баш багышканда, андан сасык жыт-жыбыр мурундарын жарды.

— Таза турсаңар боло!— деп башын чайкады прокурор. Акыркы камерада жаткандардын ичинде кайраттуу бир көк жал бар эле, ал нардан төмөн секирип түшүп, эки колун бооруна ала, чоңдордун алдоостон өзүн катырды:

— Бали, бали! Төрөм, сиз ушу сөздү таап айттыңыз! Ичкенибиз сасык шорпо... Жегенибиз арпа ундан бышырымыш болгон чийки атала! Кудай жалгап тултуюп баратабыз Ха-ха-ха-ха! Семиребизге көрүнгөнбүз го дейм. Төрөлөр, мында эми өзүңөр эле калыс боло койгулачы, анан кантип бизге оору жукпасын!

Берки экөө кыңк этишкен жок. Түрмөнүн начальниги тиги күнөкөрлөрдүн кер какшыкты жыллырып мыскылдаганына ыза боло түштү окшойт.

— Бул жер силердин үйүңөр эмес... Түрмө! Жыргалды үйүңөргө барганда көрөсүңөр,— деди. Куу прокурор начальниктин тигилерге обу жок аша чаап оронгдогонун жактырган жок, ал анткорлоно күлүмсүрөп:

— Болунтур, биз силердин кай бир талабыңарды канааттандырууга тырышалык... А силер мындагы чийинден чыккан кишилердин алдаган тилине кирбесеңер эле бол-

гону. Айтып коёлук, ошондой адамдын саатынан тартипсиздик чыгышы да ыктымал. Мх! Кызык! түрмөдө жатышат да, анан тыюу салынган ырды жатташат! Бу кандай кеп, а? Дөдөйлүк! Башка айтар сөз жок.

— Жүрүңүз, урматтуу төрө! — деди акырын полицмейстр прокурорго. Улуктар контор жакка ашыга басышты.

— Мырзалар! Силер кимдер менен сүйлөшүп жатканды байкабасаңар керек дейм! Эх! Дөдөйлүк! — деди прокурор кызаңдап.

Түрмөнүн начальнигинин шаштысы кетип кайсактайт. Ал бөйпөңдөп прокурорго бир чети түшүндүрүүгө жана ага кошомат кылып жагынууга аракеттенгенин берки полицмейстр сезип, өз ичинен аны жек көрдү.

— Таксыр! Бу шүмшүктөргө акырын айтсаң, такыр билишпейт. Кичине эле боор оорусаң, ошо замат кырыңа чыга калышат. Менден китеп, бычак сурашкан. Мен далай түрмөлөрдө жүргөмүн. Андай нерселер буларга берилбейт. Бүгүн беш күн болду, кашайган көрлөр балтаны уурдашты. Аны ким алганы белгисиз.

— Балтаныбы? — деп кекете сурады сурданган полицмейстр.

Балта жоголгонун байкоостон буларга айтып жибергенине начальник өзү да өкүнүчтө болду.

— Сиз угуп жатасызбы, таксыр! Демек, бу билгич мырза күнөкөрлөрдүн бат бошонор жабдыгын колдоруна карматкан тура! Кандай макоолук! — деп полицмейстр күчөнө прокурорго даттана карады.

Булар начальниктин бөлмөсүнө кире берерде Шакир чал жаңы эле суу тартып келген. Тигилердин «балта», «балта!» дегендерин анын кулагы чалды. Түрмөнүн начальниги титирейт. «Өз башымы өзүм балээге кириптер кылдым ээ!» дейт ал өз ичинен. Колун ушалап, тактайды тык-тык эткизе баскан прокурордун кабагы бүркөлө түшкөндө, бөйпөңдөгөн начальник корркконунан тимеле дени өлүп калды. Берки полицмейстр аны кекээрлегенсип мурчуят.

— Кандай гана болбосун балтаны табыш керек! — деди прокурор.

— Ооба, табыш керек эле... Сиздер кеткен соң, мен катуу чара колдоном, повардын мойнун толгойм... Түрмөнүн ичин бүт тинттирем. Төрөлөр, сиздер аны мага койгула?

— Ашпозчуну чакыртыңыз! — деди полицмейстр кекете.

Калчылдап оң-даалаттан кеткен начальник босогого учкан бойдон жетип, анан үнүнүн бардыгынча бакырды:

— Эй, анда ким бар? Ашпозчуну мында бачым ап-келгиле!

Ар жактан надзирателдердин «Ашпозчуну жибер!» деген үндөрү жарыша чыкты. Төрөлөрдүн эч кимиси сүйлөбөдү, болмонун ичин тынчтык басты. Баары капалуу турган кезде узун бойлуу, арык, куркуйган, бир көзү саал-паал чалыр, махорканын түтүнүнө ышталган куйкул сары мурутун жашыргансып, сол колу менен ээгин баса ашпозчу алактап, төрөлөргө башын төмөн ие жүгүнүп, зыңкыйып тура калганда, прокурор, полицмейстр анын кебетесине таң калгандай тиктешет.

— Балта кайда? — деди прокурор олуна ашпозчуга.

Жамандык капарында жок ашпозчунун жүрөгү күтпөгөн жерден болк дей түшүп, сенек болгондой селдейип катып калды. Ал сүрдөгөнүн беркилерге билгизбөөгө тырышты да, араң жүрөк токтотту.

— Таксыр, балта курч... ашканада эле.

— Табылды беле? Аны силерди жоготушуптур дейт го бу начальник төрө.

Прокурор такып сураганда, ашпозчу эч нерсени байкабастан мактана бабырамак болду. Ашпозчу дөөрүмөк болгондо, начальникте жан калбады.

— Урматтуу улуктарым. Мен бир нерсе жоголсо, ононун ордун дароо толтурууга шашам. Эски балтаны колу туткак бир кудай төбөндөн ургур кытып кетиптир. Мына эмесе дедим да, өчөшкөнүмөн мындагылардын ар кимисин кекиртектеп тыйын жыйнап жаңы курч балта сатып келдим. Ой, кудай ургандай курч балта экен, керилип туруп коюп калсаң, күрсүйгөн дөңгөчтөр тең бөлүнөт да калат...— Ашпозчу менин сөзүмдү чоңдор жактырышты го дегенсип, көзүн күлүңдөтүп, чычайган мурутун сылап, өз сөзүнө маашыр болду, мурдагы айткандарынын үстүнө дагы кошумчалады: — Оңол балта кадимки жөнөкөй темирден эмес, болоттон жасалса керек, тимеле укмуштай курч...

— Бабыраба, муруттуу шайтан! — деген начальниктин үнү мунун арт жагынан чыкканда, ашпозчу солк дей түшүп, жер тиктеп калтаарыды. Полицмейстр ашпозчунун маңдайына келе калганда, анын бүткөн бою бирөө кастык

менен кара чаар жыланды сала койгондой дүркүрөй баштады.

— Эскисин жоготуп, жаңы балта сатып алганга сен кубанып калган экенсиң го, келесоо? Ошол балта так сенин өз башыңды жарарын билбесең керек? А? Мх?!

— Ошол жоголгон балтаны сен кимден көрөсүң? Отун жарган ким эле? — деп прокурор андан такып сурады эле, дени өлүп калган ашпозчунун башы калтырап, араң кекечтене сүйлөдү.

— Таксыр, ошол эч нерсеге арзыбаган балтага кандай ач көз ит кы-зык-ты экен! — деп ашпозчунун тили зорго күрмөлөт.— Анын тили кургап, оозунун ичи кермек даамданат. Ботконун буруксуган жыты жанында турган полицмейстрдин каңылжаарын өрдөгөндө, ал боюн оолак ала качты. Бер жакта абайлап турган прокурор бышкырып жиберип, анан ага:

— Отунду ким жарды эле? — деп сурады.

— Кү-нө-кер-лөр, так-сыр,— деп ашпозчу кылчак-кылчак артын каранып, тизелерин шалактата кетти. Көзүң жамандыкты көрбөсүн, кебетеси кызык...

— Эмне артыңды каранасың? Же балтаны ким алганы эми эсиңе түштүбү? Эх, макоо!

«Өлдүм... Эми үйүмдү көрбөй калдым... Мени куткаруу үчүн парага жалгыз кетти... кетти, уйдун башы кетет!» деп ашпозчу өз ичинен капалапат.

— Балакет бас. Бу тилден калды го, төрөлөр? — деп прокурор түрмөнүн начальнигин күлүмсүрөй карады эле, ал эки колун эбелектетип чебелене кетти. Прокурордун амалкөйлүк ит оорусу кармады, ашпозчуну капканга түшүрмөк болду.— Сиз бизге отун жарган күнөкердү көрсөтсөңүз эле анан балта заматта табылат.

«Сиз» деген сылык сөз ашпозчуга демөөрүн боло түштү.

— Таксыр, мен аны жазбай тааныйм. Ал кара сакал өзбек эле. Мурдаа күнү ошол каргыш тийгирди кара жумушка кууп барышкан. Аны ошол күнү кечинде бошотту дешет. Андай шордуу балтаны башына урат дейсизби. Ага балтанын эмне кереги бар.

— Ах ошондой бекен? Эх, ачык ооз,— деди прокурор ызырына.— Сен бошсуң, кете бер!

Ашпозчу шашкалактап арты менен кетенчиктеп баратты да, анан босогого чалынып чалкасынан барып сулады. Ар жакта турган надзирателдердин бири чоңдордон жү-

рөгү түшкөн аны жакасынан тартып өөдө тургузуп, «Көзгө көрүнбөй жогол!» деди эле, ашпозчунун карааны заматта көздөн далдоо болду.

— Демек, балта күнөкөрлөрдүн колуна тапшырылган тура! Сиз, сиз эмнени карап жүрдүңүз?..— Түрмөнүн начальниги прокурорго жооп берүүнүн ордуна шылкыя түшкөндө, полицмейстрдин чырагына май тамгандай анын кычуусу кана түшүп, өз ичинен табалап жатат.

— Балтаны саясий жактан шектүү күнөкөрлөр уурдатып алган да! Эми ошолор жоголгон балтанын изи суугандан кийин камераларды буза коюп качып кетишери шексиз. Азыр тинте башташ керек. Начальник мырза, сиз, алабармандабай балтаны тапкызыңыз! Ашпозчунун өзү шектүү неме көрүнөт! Жанагы акталып кеткен адам, мейли жердин жети катар түбүнө түшүп кетсе да, табышыңыз керек. Эх, кандай дөдөйлүк. Бу не деген ачык оздук!

Мырзалар бөлмөдөн түрмөнүн короосуна чыгышты, ошондо шордуу ашпозчу ашканада ыйлап отурган. Ачык терезеден булардын карааны анын көзүнө чалдыга түшкөндө, ал жүрөгү үшүгөн байкуш, мештин далдоосуна жашына калды. Дал ошол учурда надзиратель Никифоров кырк экинчи камера жактан буту үзүлгөнчө жүгүрүп келип, берки төрөлөргө утурлай какая калып, үнүн басаңыраак чыгара кобурады:

— Төрөлөр, кырк экинчи камераны тешип, качып кетишиптир.

— Кимдер?!

— Саясий күнөкөрлөрбү?

— Жок, башкалар...

— Эмне дейт?! — деди үч мырза тең жарыша. Булар түрмөнүн сырт жагын көздөй чуркашты да, кырк экинчи камеранын тушунан элүү метрче жердеги чоң теректин далдоосунан жердин алдынан казылып чыккан тешикти табышты.

— О, кудай! Кандай амалдуу иттер эле! — деп башын мыкчыды түрмөнүн начальниги. Аңгыча ар жактан:

— Мына! — деп полицмейстр додо болуп жаткан акырчикирлердин жанынан балтаны беркилерге көрсөттү. Так ошол кезде дубалдын бурчунан Шакир башын кылтыйтып, күйгүлтүккө түшкөн тигилерди карап турду. Мырзалардын тамандары жерге тийбей, кайра короону көздөй жүгүрүшкөндө, суу ташыгыч абышка учкан бойдон арабага

чегилүү турган жапайдаш кара аттын узун жалын тарамыш боло калганда, анын кулагына:

— Бу тешиктен түнүчүндө эмес, күндүз деле чыга качууга мүмкүн. Ашпозчуну, ашпозчуну конторго сүйрөп келгиле! — деп, полицмейстр бакылдаганда, надзирателдер ашкананы көздөй жүгүрүштү. Жүрөгү түшүп калган ашпозчу өзүн көздөй келатканын көрүп, кайнаган казанга боюн ыргытып жиберчүдөй алактайт.

Аш бышымга кар лапылдатып жаап келди да, анан ачылып кеткенден соң ашпозчу көзүн жылтыратып, камеранын биринде камалып калган. Ал бир оокумда түнөргөн камеранын ичин элеңдеп тиктеп туруп, анан үнүнүн бардыгынча:

— Менде эмне жазык? Мен казандан бөлөк кайсыны билчү элем! — деп жазыксыз ашпозчу катуу бакырып, бетин бекем баса өксөгөндө, тегеректеги камерадагыларга анын аянычтуу үнү араң угулгансыйт.

— Кандайча мени жалгыз камашат? Мен саясий күнөкөр белем?!

## Экинчи бөлүм

### 1

Заманды чарк айландыра тегеретип, калайыкты муунта кармап бийлешкен билармандар баш көтөрүшкөн адамды сайдын ташындай абакка ыргытышат. Жазага тартылып келишкендер көп, бирок ошолор оңойлук менен азаптан бошонуп кетишпейт. Мында желкеге койгулатын келмей бар, кетмек жок. Түрмөнү жакында эле теше качкан күнөкөрлөрдүн бир да бирөө кармалбаптыр. Ошолор желдеттерди сызга отургузуп кеткенине мырзалар катуу намыстанышып калышса керек, ошондон кийин башкаруучулар камактагыларга каарланат. Баш кесерлер саясий күнөкөрлөрдү аңдышат. Кыйын кезең... тынчтык жок. Төрөлөр текөөрлөшкөнүн соо коёр түрлөрү көрүнбөйт. Эл таалайын талашкан кишилерге капилеттен жол таба коюу кыйын... Аны өздөрү да сезишет. Бирок, жагдай ошондой болсо да, алар төрөлөргө кошомат кылып, бөйпөңдөр эмес. Бийлик колунда турган мырзалар темирден чеп жасап, дайым сактанышса да, калк үчүн баштарын тигип коюп, өлүмдөн коркпой аларга тик багып каршы күрөшкөн кы-

зыл каармандар камакта жатышса деле сырттан кабарсыз калышпады. Шакир жашырып келген катты, китепти абдан этиеттик менен сыртка чыгышканда таап алышар деп дубалдын белгилүү бир жерине катып кетер эле. Ошондой жашыруун кагаздын бирин Таабалды менен Климов алышты.

«Жолдоштор! Падышанын төрөлөрү жер-жерлердеги революциянын толкунун тумчуктуруп басууга кутургандай кирише баштады. Караңгы калкты азаттыкка чыгаруу үчүн жандарын аяшпай күрөшкөн революциячыл коммунисттерди баш кесерлер өлүм жазасына тартып жатышат. Аларга адам көрбөгөн кордуктарды көрсөтүүдө... Карандай жалаа менен кармалгандар түрмөлөргө батпай бабаратканы бардык элге маалим болуптур. Пудовкинди ажалдан алып калган жумушчулар... Кимде ким падышалык бийликтин ойрон болушун көздөсө, аны мырзалар канчалык кыйнашса да, ал өз келечегин эсинен эч качан чыгарбасын! Дал ушул мезгилде силер күч-кубатыңарды бириктирүүңөр зарыл!..»

Шакир бул катты дайындуу тешикке койгонуна беш-алты күн болсо керек, күнөкөрлөр шимшип жүргөн желдеттерди жазгырып алалышпай коюшкан эле. Түрмөдөгүлөрдүн дайындууларынан сыртка чыга калганда курган чал «баягы ордунда!» дегендей жаңдап калат. Кагазды ыгын таап алуу кыйын болгондо, камакта отургандардын баары акылдашып, ошол кагазды ыгын таап алууну Иликин менен Филипенкого тапшырышкан. Туткундар камерадан короого чыгарылганда, алар даараткананын артындагы дубалдын тешигинен жанагы билдирүүнү таап алышкан. Түрмөдө иш кызымак болду. Желдеттер кылычтарын, тапанчаларын, мылтыктарын колдорунан түшүрүшпөй, акмалап жүрүшөт. Туткундар ошончолук кыйынчылыкка карашпастан түрмөдөгүлөрдүн арасына революционерлердин бирдиктүү, жашыруун комитетин түзүүгө аябай мыктап киришишти. Бул революциялык жалынды жалбырттатууга демилгечи болгондор каныккан коммунисттер Климов (Егорыч), Таабалды, Иликин жана Филипенко эле. Буларды ушул аттары менен желдеттер далилдешип кармаша алышпай, шаардан издешип, убара болуп жүрөт. Билармандар өздөрүнө карматпай жүргөн кишилер ушуларбы же башкаларбы, ошонун чын-төгүнүн анык билишпелек. Аларга аны билүү да кыйын болгон...

Ташкент түрмөсүндөгү социал-демократтардын баш

кошкон тобунун комитетине эсерлер да кылт этип кирип ала коюшунтур. Алар улам бара-бара ичтен кара ниеттик кылышып, иштн бүлдүрүүгө киришишкен. Кара сакал киши Алымжан эле, балта жоголгондо ошол колдуу болду дешип ага айгак болушуп, желдеттерди анын артынан сая түшүрүп издете баштаты. Комитеттин белдүү мүчөлөрү: «Душман каш менен кабактын ортосунда экен!» дешип, большевиктер акырындык менен эсерлерден кол үзүүгө аракеттенишет. Күнөкөрлөр өтө бекем болушту, анан келечектеги өз максаттарын жүзөгө ашырууга бирдиктүү киришкенде иш кызуулап узарды... Азап чеккен жай күнөкөрлөр саясий туткундарга кошулганда, алар душмандын аңдыганына... катуу кыстаганына карашпай, революциянын жалынын түрмөдө тутандыра беришип, кызыл шумкарлар менен бирге кайраттанышып, коодондорүп зулумдардын кордугуна тосуудан жазганышпады.

Бир миң тогуз жүз сегизинчи жыл. Ызгаардуу кышты жаркыраган сулуу жаз серпип ыргытып, толукшуп жаңырган айды тосуп алган. Азиянын мээ кайнаткан ысык аптабы жан-жаныбарлардын денесин каарып куйкалайт... Суудан калган өсүмдүктөрдүн жалбырактары ысыктын илебине бүрүшүп, кара кочкул тартып жабыгат. Тинтүүгө... куугунтуктоого көнгөн полициялар мээ кайнаткан ысыкта акакташып, кара чымындай өрүп жүрүшөт. Шаардын ичине азезилдер азап менен кайгыны себелеп жибергендей аердеги туруктуу жай адамдардын кабактары салыңкы... Кыязы, ушулар да запкы көрүшсө керек. Турмуштун оор запкысын тартышкандар кыйкырышат: «мырзалар, бизге окшогондорго жакында тузу жок карандай суу шыкашар... Абакта камыгып жаткан кайран беренделердин шорун кайнатып шиштип жиберишкен имиш!» Ушундай дейт деген көчөдөгү сөздөн адамдын мээси ачыйт.

Камералардын ичи үп болгондуктан күнөкөрлөрдүн өңдөрү кер сары... Камоодо отургандардын бүткөн бойлорунан муздак кара тер мончоктоп акканда чабалакташат. Бошко дуулап өткөн көңүлсүз июль айынын кыска түндөрүнүн биринде капаста тумчугушуп жаткан күнөкөрлөр жашыруун акылдашып жатышты:

— ...Өтүп жаткан күндөр, айлар, жылдар кайдан түгөнсүн... Биздин өмүр четинен кемип өтө берүүдө... Россияда падышанын түрмөсү көп... Жакшылыктан жаман-

дык бизге жакын болгон кез экен. Эгер биздин социал-демократ экенибиз анык болсо, анда биз мыкаачылардын кордугуна моюн сунбообуз керек. Түркстандын түрмөлөрүндө биздин жолдошторубуз бар. Ошол эч кабарсыз жүргөн туткундарды биз эстебесек, алардын көргөн күнү кандай болот? Азыр мына ошол маселени орой-чарай отуруп акылдашалы. Кана, жолдоштор, бу жөнүндө кимдин кандай пикири болор экен?..

Климовдун ойноктогон курч көгүлтүр көзү тегерегиндегилерди бир сыйра кыдырып чыкты. Түн ортосу эчак оон кетсе керек. Кароолчулар да дарексиз. Күн кулакты тундуруп катуу күркүрөгөн сайын, кара нөшөр эшикке чаба жаап турат. Сакчылар көз ачырбаган жаандан корголошуп, камераларга окчунураактан көз болушканы акылдашып жаткан туткундарга оңтойлуу болду. Буларга кеңеше баштаган тиги киши чыдамсыздык менен сырдаштарынан жооп күтүп, өзүнчө тынчсызданат. Жан кулактын учунда. Жоо буларды жакалап турганын билишет. Мындай тар убакта шыбырашып сүйлөөдөн башка арга жок. Булар кеңеше баштаганда жаан аларга жан тарткандай катуулап, тим эле көз ачырбай карайлатып төктү.

— Жеке эле ушул Ташкент шаарындагы кишилерге революциянын уругун чачкан менен иш бүтпөсү ачык. Наманган, Ош жана башка шаарлардагы түрмөлөрдө жатышкан социал-демократтар менен биз байланышта болуубуз өтө эле зарыл. Бириккен комитеттин мүчөсү жолдош Климов бул маселени эң туура козгоду. Кандай гана болбосун, эң жок дегенде биздин каныккан кишинин бирин ошол жактарга жиберүү абдан керек экендиги талашсыз. Кана кимди жиберели? Аякка биздин кимибизге жол таап барууга болот?

— Кеп мына ошондо! — деди Иликин, тигил экинчи жолу дагы сүйлөп бүткөн Климовдун оюн кубаттай.

Камеранын ичине бир паска тынчтык каалгып өкүм сүрө калды эле, сырттагы кара нөшөр күчөгөндөн күчөдү.

— Аяктагыларга барууга кимибиз болсо дилгирбиз го. Бирок, мырзаларды кантип жазгырыш керек? Кеп ошондо. Андан көрө ошо жөнүндө кеңешсек дейм, — деди Таабалды.

— Түркстандын бардык жерлериндеги түрмөлөрүндө бизге тилектеш бир боорлор бар экени белгилүү, жолдоштор, эң оболу биз ошолор менен байланышты чыңай турган биздин өкүлдү чектейли, — деди Филипенко.

— Туура! Мен да ошону айтмак элем. Торолордүн качан болсо акмалаганы калмак беле? — деп Иликин алибеттүү денеси менен темир эшиктин тешигин далдалай койду. Үнү коңур Бороберге сөздүн кезеги келе калган. Бул да белдүү азаматтын бири эле.

— Бу ишке жарар биздин арабызда бир гана киши бар! — деди ал.

— Кимди көрсөтмөксүң? — деп Климов акырын гана мойнун созгондо, ал минтип шыбырады:

— Албетте, Саша да!..

— Ооба... ооба.

— Таап айттың. Туура.

— Аякка которулууга мунун тапкан себебинен мырзалар эч качан шек алышпайт. Анткени бу өз элиме жакын барам дээр,— деди Боробер.

— Акырын! — деди Иликин ага колун жазган. Дарек жок. Короо жымжырт. Буларга ызырынган сакчыларды кара нөшөр камап койгон.

— Жолдоштор, Саша Бириккен комитеттин белдүү кишисинин бири. Мындан бөлөк бу милдетти аткарар ылайыктуу ким бар. Сунуш боюнча байланыш жасоого жолдош Пудовкин чектелсин,— деди Климов.— Каршы жок чыгар!

«Жок!» деген үндөр акырын чыкты. Таабалдыны сапарлаш достору, жолдоштору «Саша» деп эркелетип чакырышчу. Желдеттер мындай учурларда кулактарын түрүп канчалык аңдышып, тыңшашса да, бу кызыл шумкарлар түрмөдө жүрүшүп тымызын өз иштерин бүтүрө беришчү. Булардын чектешкен зарыл жумуштары качан оңунан чыкканда гана сак мырзалар кеч билип калышып, окүнгөндөрүнөн өз баштарын муштап, өтө кейишер эле. Учуру өткөн соң булар бири-бирин өз ичтеринен каргашып, жон болушмай өздөрүнүн каадасы... Ошентип, Таабалды революциянын жалынын караңгы өрөөндөргө чачмак болду. Анын бу үмүтү ордунан чыгар бекен?

Таабалдыга тагылган милдеттин мааниси зор жана оор. Анын үстүнө убакыт да тар, алдыдагы өмүр жолу да татаал. Төрөлөр мунун жолуна темирден чеп куруп коюшуптур. Буга окшогон белгилүү болгон күнөкөрдү такыйт да турушат. Касташкан жоо мындай кыйын кезде оңойлук менен жазгыртар көрүнбөйт... Таабалды өзү да жана са-

палап тилеги бирге жолдоштору деле анын которулуусу жөнүндө саат сайын ойлонушат. Бирок эч бир жылчык чыгар көрүнбөдү. Азезилдерди бир айла таап жазгырып алдоо... Мырзаларды соксойтуп сызга отургузуп кетүү үчүн күн мурунтан табылган жолдун баары туюк экен. Булар эң акырында Түркстандын бардык жерлериндеги түрмөдөгүлөр менен байланыш жасоого бирден-бир жалгыз жол барып ойлоп табышты.

«Сыр-Дарыянын улуу даражалуу урматтуу генерал губернаторуна.

Ташкент түрмөсүндөгү кылмышкер
Таабалды Ж у к е уулунан

А р ы з

Урматтуу таксыр, сиздин улуу даражаңызга кимдер баш ийбесин. Ырайымдуу сизге аргасыздан кайрылууга мен мажбур болдум. Мени «козголоң чыгарууга аракет кылган красноводскийлик мещан, Александр Александрович Пудовкин» — дешип, дарга асууга өкүм чыгарышкан. Мен ошондо, таксыр, сизге даттанууга аргасыз болгомун. Сиз тараптан болгон ырайымга жараша мен ажалдан калсам, ага карабастан менин мойнума он беш жылды илипти. Мен Жети-Суулук карацгы кыргыз тукумунан, Жуке уулу Таабалды болсом, анан кандайча «Пудовкин» дешип мени айыпташат? Кандайдыр бир көзгө көрүнбөгөн, колго түшпөгөн революционер Пудовкиндин ордуна мен камыгып түрмөдө жатам. Деподо жана темир жолчулардын мастерскоюнда бирге иштешкен кишилер дайыма мени «Александр Александрович Пудовкин» деп чакырышчу, мен анда котельщик элем. Мына эми ошонун азабын тартып жүрөм. Мен деле бу шаардан акталар эмесмин. Жамандык болсо эле баягы мени кармашып каралашат. Менин ал-абалымды эске алсаңыз да, Ош же Наманган өрөөнүндөгү түрмөлөргө которулууга мага уруксат берүүңүздү, урматтуу таксыр, мен Сизден өтө төмөнчүлүк менен өтүнөр элем.

*Арыз ээси Таабалды Жуке уулу.*
*8-июль, 1908-ж.»*

Таабалдыда терең сырдуу ой бар... Ош же Наманган абактарына кокус анын иши оңунан чыгып которулуп кете турган болсо, Фергана өрөөнүндөгү Скобелевский түрмөсү так тогуз жолдун тоомунда... анткени аякка которулган күнөкөрлөр ошого түнөбөй өтпөсү белгилүү. Бу да илме кайып иш да... Непада жаза тайып генерал-губернатор Таабалдыга ырайым этип калса, анда ал ошондогу социал-демократтар менен тыгыз байланыш жасоо ага ыңгайлуу болмок. Бу ошондо учуп жетип, Бириккен комитеттин мойнуна таккан ыйык милдетин орундаса, андагы камыгып жаткан кызыл шумкарларга революциянын жалыны жалбырттаар эле го. Таабалдынын көздөгөн максаты ушул.

Таабалды жана анын жолдоштору которуу жөнүндө губернатор таксырдын «ырайымын» күтүп калышты. Улуктардын кимисине ишиң түшсө, алар кулкулдап алкымын чертишет да турушат. Бу күндөрдө парасыз иш бүтпөйт. Абийир менен адамгерчиликтин маанисине бийликтин башында турган чоңдор кудай ургандай түшүнүшөт. Бирок, өздөрү андай жаман нерсени ооз жүзүндө гана жек көрүшөт, ал эми иш жүзүнө келгенде иштегендеринин баары теңирден тескери.

Таабалдынын арызы генерал-губернатордун убактылуу иш жүргүзгөн жардамчысынын колуна тийген экен, ал төрө аны Фергана түрмөсүнүн башкармасына түрто салыптыр. Арадан бир нече күн өткөн соң: «Түрмөгө күнөкөрлөр жык толуп кеткендиктен, Таабалдыны биякка алууга эч мүмкүнчүлүк жок» деген так кесе, үмүтсүз жооп Таабалдыга тийди. Эми кантиш керек? Дагы кандай айла табууга болор экен? Булардын ушул жакшы оюу ордунан чыкканда, аяктагы революциялык ишти Таабалды кирген дарыядай чалкытмак. Бир жылчыктын чети чыга калса эле желдеттер жан талашып аны дароо бүтөй коюшат. Өмүр жолун талашкандар карап жатышпай акыл табышса, митайымдар тез анын алдын торошот. Күнөкөрлөр ансайын тиги желмогуздарга өчөшүп кармашат. Губернатордон ырайым болбогон соң, Таабалды көздөгөн максатынан кантип түңүлүп, муңкүрөсүн. Бирок, далай тизмектешкен ой анын көз алдынан чубуруп өтөт.

Таабалдынын денесине желдеттердин уу тырмагы баткан баягы жаранын орду алигиче айыгалек... Ошого да кайыл. Жалгыз гана көздөгөн максатына жетүүгө ал талпынып, ажалдан коркпой, кордуктан жазганбай, бей-беча-

рапын таламын талашып, эркиндик үчүн торолор менен кармашууда! Александр Александрович которулуу жөнүндө түрмөдө бирге жаткан жолдошторуна күндүр-түндүр далай акылдашкан. Көңүлсүз жай айлары жарыщып өтө берсе да, Таабалды үмүтүн үзбөдү, анын көкүрөгүнө кайрадан дагы жаңы бир кызык ой пайда болду. Күз келген кезде Фергана жактагы абактардын бирине ыргытып таштоо тууралуу Таабалды кайрадан генерал-губернаторго экинчи мертебе арыз жазып жиберди эле, улуктан ага бул сапар да ырайым болбой, «жок, аткез» деген жооп келип колуна тийди. Арга канча? Иши оңунан чыкпаса да, жалындуу күнөкөрдүн көңүлү чөгүп, ындыны өчпөдү. Өчкө—өч!.. Кекке—кек! Касташкан өз касын алмак беле? Таабалды бу түрмөдөн козголбогон соң, тымызын төрөлөргө чаң салганын күчөттү...

## 2

Декабрь айынын суугу чыкылдап турган кез... Карыш баскандын тулку боюн карандай суук кайырып жиберет. Көчөгө чыккандар солкулдашат. Башына кийген топуларынын сыртынан жоолук менен таңып алышкан ташкендиктер: «Кудай каарына алды го... Деле бала болуп башка жүн чыкканы мындай суукту көрөлек элек!» дешип, чуулдашат. Артыкча ач, жылаңач... кембагалдар оокаттын айынан жумуш издешип, көчөдөн көчө кыдырганда карандай суук сай сөөктөрүн какшатат. Байлар, байбачалар буга окшогон оор кышты тоотушар түрлөрү жок. Алар нооту чепкендин ичинен сарала чапандарын кошо кийип, ошонун ичинен да кабат-кабат бешмантчан жүрүшөт. Бу мырзалар да чалкактап, көөдөндөрүн көтөрө, көздөрү көккө карайт. «Заман биздин колдо!» деп бакылдашат. Ак сөөктөрдүн өз дөөлөтүнө чиренишер эби бар. Бийлик, укук ошолордун колунда экени ырас. Ак сөөктөр менен карапайым букаралардын ошон үчүн кайнаса каны кошулар эмес...

Суук өпкөдөн өтүп аркырайт. Шаардык полициялык бөлүмдөн: кирдеген ак койнөкөкчөн, тытык жаман кара бешмантын желбегей жамынган чарчы бойлуу, кара тору, бети тоголок кишини эки жандармерия дегдеңдетип айдап чыгышты. Тиги желдеттер калктын көзүнчө аны кордоп, кээде койгулакка алышат. Кылмышкер барып турган жүрөктүү немеби, айтор желдеттерден тилин тартпай сөгү-

пөт. Ансайын берки айдап бараткандар ага ызырынышат. Бу кишинин бети-башы айрык. Ал көчөдөгүлөргө: «Мен чындыкты айтканымдан ушуну көрдүм. О, калайык, мени көргүлө!» деп үнүнүн бардыгынча чаңырса, желдеттер баштарын чайкашып, каткырып калышканы таң калар-лык.

— Бечараны абдан кыйнашыптыр.

— Оңбогурлар ай, жок дегенде кийимин кийгизсе боло, ушу суукта тоңуп калат го?

— Ой, булар убалдан коркушпайт!

— Убал-сооппо карачулар кайда!

— Атаганат арман күн десеңчи.

— Кокуй, шор тумшукту жеди!..

Кээлери ушинтип аяшса, айрымдары табалап жатышат.

— Жок, мындай немелер ушуну көрүшсүн.

— Эски дүйнөнү кулатып, жаңы дүйнө кургулары келишет ээ!

— Ооба!

— Буларга чала! Тополоң чыгарышат...

Көчөдөгүлөр топтошуп ошонун артынан ээрчиди, желдеттер бу топту жөн-жайына койду. А түгүл кээ бирөөлөр бу жапа чеккен кишини жандай басышып: «Сага кыйын болду го? Күнөөң кайсы? Ай, байкуш ай?» дешип, жакаларын кармана тобо келтиришет. Желдеттер кылмышкерди түрмөгө түз кууп тике айдап барбай, көчө кыдыртып баратышканы кызык! Же ушуну баары көрүшсүн дешкенби?

Ошол убакта Катя бир жактан келаткан. Ал кокустан бу белгисиз кишини кордошконун Варваринский көчөсүнөн көрдү. Бирок, кылмышкер ага таапыш эмес. Ошентсе да, Таабалды анын эсине түшө калды эле, Катя азап чеккен адамды аяп кетти да, ошону ээрчип келаткандардын арасына кошулуп, тигинин артынан акмалай басты. «Бу саясий күнөкөр имиш» дешип, ар кимдин шыбырашканын Катянын кулагы чалды. Ал билмексен боло алды жакка өтүп, абайлап кароодо. Аңгыча салабаттуу бир киши анын жанына тез келди да: «Сен муну ээрчибей кайра тарт. Бол бат!» деп акырын ага шыбырап өзү жалт берип жок болду. Катя ошол жерден былк эткен жок. Жанагы кишинин караанын андан соң көрбоду. Ага жолуккан адам Лебедев. Баягы «Биздин тууган» эле. Бир оокумда жанагы немени полициялар айдап түрмөнүн жанына жакындаган кезде ошону ээрчип бараткандардын

жанырт кайра качып калышканы Катяга даана корүндү.

Катя жацы шаардын чок ортосуна жетип, эки жагын карамыш болду да, анан майда бакал саткан кичине дүкөнчөгө токтоп, кыркма сакал, карыган бакалчы чалга тыйын берип, андан ийне, жип алып турду, бир топ балдар, паранжы жамынган эки аял келип, аны-муну сатып ала башташты. Катя койнунан беш-алты барак кагазды акырын жылдырып, чалдын кишмиш салынган кабынын кырына таштап, өзү кылт берип кете берди. Чал өрүк, набат алган аялдарга ороп берүүгө кагаз табалбай сыйпалап турса, каптын кырынан көзүнө кагаз учурады, ал ошону шып ала коюп, мейиз ороду. Так ошол учурда жандармерия ширецке алганы жатып жанагы барактарга көзү түшкөндө, кыраакы желмогуз шап илип алды. Аялдар узай элек эле, ал алардын артынан жетип, колдорундагы оролгондорун жулуп алып, өздөрүн ээрчитип бакалчы чалга келди. Жандармдар каарланып демите колундагы кагаздарды бакалчынын көзүнө такаганда, ал «я алла»... деп тобо келтирди. Чууну угушуп эки жактан кишилер чуркап келишти. Аялдардын «о кудай!» деген кейиштүү үндөрү чыгат. Бакалчы абышка тоотор эмес. Аңгыча лакыйган кызыл тумшук полиция келип, чалды чап колдон алды эле, ал булкунуп бошонуп, саал-паал этек-жеңи кырылган жол-жол мата чепкенин чечип ыргытып, берки эки желдетке жулунду.

— Э, акмактар!

— Бас жаагыцды!

— Менин төрүмөн көрүм жакын, ме, ме, өлтүргүлө! Ак падышага менин залалым тийдиби? Ыгым-чыгымын төлөп жатам. Балдарымы багалбай куурап жүргөндө силердин кордогонуцар өттү.

— О, аке, коюцуз! — дешти ага ар ким туш-туштан. Өлөрман абышка тилин тарткан жок, күчөгөндөн күчөдү.

— Койбойм, маа десе мени бышырып жесин! Бу кагаздарды мага ким таштады? Силер мага асылбай, ошону кармасацар боло?.. Айткыла, булар мага асылышпасын!

Абышка чапанын желбегей жамынып бакал дүкөнчөсүнө кирип, күйүккөн неме күшүлдөй баштады. Желдеттер көпчүлүктөн даап ага батына алышпай, кагазды кармай кетишти. Ар ким тигилердин эмне дешкенин сурашса, ал дүкөнүнөн башын созуп чыгарып, топтошкондорго мындай деди:

— Мен эмнеден корком?.. Заман ушу бойдон турса,

Түркстанда жашаган мендейлерге жакшылык болбосу чын. О журт, баш котөргүлө!

— О, аке, андай деп балээни башыңызга үйбөңүз. Сиз жанагы жылаңач бараткан күнөкордү кордүңүзбү?

— Ооба. Аны да мен билем,— дейт чал.

— А? Эмне дейсиз! Ал ким эле?

— Ой, тобо-ой, муну кудай төбөсүнөн урган турабы?

— Ооба, ак падышанын жарлыгында ишим жок. «Азаттык, теңдик бей-бечарага берилсин!..» дегендер башка кишилер.— Ме, мына муну окугула!..

Чал бир топ кагазды аңкайып тургандарга чачып жиберди эле, ар кимиси чачылган барактарды талашып, жыйпап алышып үңүлө тиктешти. Чал бакал саткан дүкөнүн дароо жаба салып, дайынсыз жоголгондо аерде тургандар дыркырап качты. Көрсө, алар ошо кезде ар жактан атчан казактардын атырылтып келатканын көрүшкөн экен. Аттарын кара терге түшүргөн казак-орустар жанагы абышканы колдон чыгарышканына абдан өкүнүшүп, далайга дейре ошол тегеректегилерди «тап» деп кыйнап жүрүштү. Бакалчынын дүкөнүнүн кулпусун талкалап, ичин караштылe, андан түк эчтеке табылган жок. Атүгүл ичиндеги майда-барат буюмдарын да «сыйкырдуу» чал шыпырып кетиптир. Барыдан ошонусуна айран болушту. Желдеттер бир баракты жанына келе калган алибеттүү бир жигитке оку дегенсип жаңдады. Араб тамгасы менен жазылган кагазды тиги жигит шар окуду. «Түркстандын эзилген эмгекчилери! Ырайымсыз ак падыша силердин каныңарды кактабай сорду. Падышанын баш кесерлери, силердин таламыңарды талашып, азаттык үчүн күрөшкөн жумушчуларды камап, сүргүнгө айдап жатат. Сиздер, тайманбай, эркиндик үчүн жабыла күрөшкө чыккыла! Жоголсун ак падыша!»

Муну тигилерге колу менен жаңдап түшүндүрүмүш болду эле... алар «падыша жоголсун» деген сөздү угушканда тимеле жандары чыгып кете жаздады. Казак-орустар дароо ошол тегеректеги үйлөрдү курчап калышты. Полициялардын бирөө ошол баракты чоңдоруна көрсөтүүгө өлөр-тирилерине карабай чаап кетти. Үйлөрдү тинтип жүргөн полицейскийлер ошо жердеги бир үйдөн кара сакал кишини дегдеңдетип сүйрөп чыгышып, аны адепки көргөн жандармерияга «ушубу?» деп көрсөтүшсө, ал «так ошонун өзү!» деп баягы чалга окшош кара сакал ыймамды карматты. Жаңылыш кармалган селдечен «мен эмес!»

деп зарлады. Желдеттер аны айдап кетип баратышканда бакал сатымыш болуп баракчалар тараткан Алымжан, Катя экөө буларды алыстан карап турушкан. Алымжан түрмөдөн бошонор менен өз ишин колго алган. Алымжан түрмөдөн чыккандан бери пайдасы тиер дегендей бапыйган сакалын алдырбай жүргөн. Жана желдеттерге кокус кармаларда ал акырын жылт берип чыга берип, ошол замат дароо сакалын чачтарачка шыпырткан. Желдеттер жапараак жазгырып кете берген кара сакалчанды баягы түрмөдөн кеткен чалга да окшоштурушкан. Бирок, аны колдон чыгарышты.

Так ошол күнү Катя менен Алымжан шаардан сыртка чыгып кетишти да, Ташкенттин сыртындагы Лебедевге жана бөлөк жолдошторуна жолугушту. Мындан ары ага бу шаарда калууга эч мүмкүнчүлүк болбоду. Революциячыл комитеттин тапшыруусу менен Алымжан Фергана ороонун көздөй тымызын жол тартты. Лебедев ошол күнү көчөдөн көчө кыдырып, түрмөгө барган кишинин ким экенин билүүнүн аракетинде болду.

Кечээ күнү түрмөгө жаңы келген күнөкөр түнү бою жөтөлүп, онтолоп жаны жай албай чыкты. Анын жаны кейигенде ботодой боздогону мындай турсун, төрөлөрдү каарланып сөгөт... Ал кырк биринчи камерадагыларга көк ала болгон денесин көрсөтүп шолоктойт. Бу күнөкөрдүн зарын уккан адамдын зээни кейийт... Мурдагылар анын дайынын билүүгө ынтызар болушту эле, бу киши өз кайгы-касиретин жашырбай ортого төкмөк болду.

— Э, бир боорлор, мен көргөн күн курусун... Жокчулуктун айынан менин башыман далай мүшкүл күндөр өткөн... Жаш кезимен тартып Пишпек, Токмоктогу бай-манаптардын отун-суусун алдым, малын бактым. Ошолордун бирде биреөнөн чекем тердеп аш ичип, үстүмө бүтүн кийим кийип, жарыган жок элем. Алардан бошондум, оокатым өтпөй карайлап калганыман дагы биреөнө малай болууну издеп жүрсөм, бир күнү эл арасын кыдырып барган соодагерге кезиктим. Ал өзү ушул ташкендик чоң көпөстүн бири экен. Ага жалдырап жай-мааними айттым эле, «менин малымды айдашып Ташкенге бар. Балким, мага кызматың жагар... Анда сенин байпагың макмал болот» деди. Мен эт-бетимен кетип, көпөстүн беш жүздөн ашуун коюн айдашып, жолдо ачкадыр-токтур, азап тарта

быякка келдим. Көнөс эмне десе мен анын оюу менен болдум. Убакыт зуулдап өттү. Эки жыл бою ал маа беш тыйын бербестен жонума таш токуп жүрө бергенине чыдай албадым. Ага четин чыгарып каңкууласам «ана-мына» дечү. Көрсө, сүткор зулум менин момундугумду, караңгылыгымды билип, кырыма чыгып алган тура. Митайымдын куу экенин сезип, жаным жалынга какталып, күйбөгөн жерим күл болду. Акымды дооласам «мен сени жыргатам!..» дейт ал, дагы эле мурдагысындай.

Анын бул узак жомогун беркилер адегенде жөн гана уга беришти. Анткени, мунун кеби кызыксыз... Супсак көрүнөт. Ошентсе да беркилерге угуш керек эле.

— ...Ошентип сүткордон сокур тыйын өнбөсүнө көзүм жеткенден соң, андан катуулап акымды дооладым. Ал бир күнү чотун ары каккылап, бери каккылап, өз колуна келгенден берки менин жеген-ичкенимди, жалаганда Ферганага, Наманганга, Анжиянга өзү менен кошо кой айдашып баргандагы менин жаткан жамбаш акыман өөдө эсептеди. Кыскасы, мен андан акы алмак турмак кайра ага төлөмөр болуп чыктым. Тилими тартпай аны менен айтыша кеттим. «Жол кирээңе беш сом ал» дейт.

Беркилер алдыртан бири-бирин тиктеше калышты. Жаңы келген күнөкөр бир оокумда башын тырмап оор күрсүнүп, анан шал тийген немедей былк этпей мелтирей түшкөндө, бержакта отургандар анын жүзүнө алдыртан көз чаптырышты.

— Ин... анан? — деди Климов ага мойнун бура.

— Башыңдан өткөндү узарта бер, бурадар! — деди Таабалды тигиге. Илинкин башын чайкап жөн болду. Жаңы күнөкөр кызуулап кобурай баштады:

— Мен эрте эле өлгөн кишинин биримин дедим да, тилими тартпай көнөс менен уруша кеттим. Зулум «мени урду!» деп көз көрүнө маа жалаа жаап казыга айдатып барып, менин жонуман балак алдырып, акымы бермек турсун кордоп үйүнөн куул чыкты. Айлам канча, көчөдө каңгып басып калдым. Туулуп-өскөн жериме кетейин десем жанымда сокур тыйын жок. Үйдөн үй кыдырып кайыр сурап жан бактым. Ошентип куурап жүргөнүмдө бирөө: «от арабага ишчи болуп кир. Жүк ташы» деп айтканынан ошого кирдим. Андагы жумушчуларды мырзалар өз оюнча муунтуп, кыскан экен. Баары нааразы боло баштапшыйтыр. Ишчилер көкүрөктөрүн койгулашып, чоңдору менен кармаша кетишет. Атаңдын көрү эй, көрчү эрдик-

терин. Мына эмесе деп, мен ошолорго үйүр болдум. Кайсы жанымы аяйын. Жакшы азаматтарга туш келген экемин, ошолор мага аркы-беркини үйрөтө баштапты. Бийликке наразылык тууралуу жазылган барактарды акырын калкка таратчу болдук... Барактарды ар кайсы жерге шып жабыштыра коюп, жылт берип кете берер элем. Ошону окушкан полициялар, жандармериялар алактап аркы-терки буттары үзүлгөнчө чуркашат. Кырсыкты кайдан деп болбойт эмеспи, акыры мени колго түшүрүшүп, саясий күнөкөр катарында күнөөлөшүп камапты. Мына эми куурап силердин араңарга келдим... О... азаттык! Эзилген эл качан боштондукка чыгат. Кайда барса кедей кор... Бу кандай адилетсиздик?..

Филипенко бир паска башын ийкеп, саал-паал ойлонгонсуп туруп, тигил муңканган жаңы күнөкөр жакка башын бура андан акырын сурады:

— Ошо кагаздарды сага берген кишилерди сен өзүң көргөндүрсүң? Балким аты-жөндөрү эсиңдедир.

Жаңы күнөкөр ордунан так түйүлө тура калып, каалганын ортоңку тешигинен кароолчуну карап койду да, анан колун жая шыбырап сүйлөдү:

— Жолдоштор, эл камын көргөн... Бийликти жек көрүүчү андай кыйын кишилерди аз көрөсүң... Кокус, алар чоңдордун чеңгелине илинсе, аларды аяшпайт. Анан кантип ошондой кишини мен көрмөк элем.

— Токто, токто, сен ошолорго жок дегенде бир мертебе кездешпесең, анан кантип бийликке каршы кагаздарды тараттың?

— Жолдош, мына бу баш бекеринен жарылган эместир деймˀ Алар менен кездешүүгө мага эч мүмкүндүк болбоду дедим го.

...Ал үшкүрүнө башын шылкыйтып, кичине ойлоно калды эле, жанындагылардын бир да бирөө түк унчугушкан жок. Бир аздан соң ал көзүн жашылдантып күлүмсүрөп сөзүн улады:

— Эх, арман... арман! Бир эсептен силердин менден такып сураганыңардын да жөнү бар. Кашайган жаным жок дегенде ошолордун бирөөнө кездешсем эмне!.. Көзүм ачылмак экен. «Биздин тууган», «Егорыч жана Пудовкин» дегендер бар деппкенин чала-моңол кулагым чалган. Куураган жаным ошолордун бирөөн көрсөм тилегиме жетет элем.— Баары жабыла күлүп калышканда күнөкөр ыңгай-

сыздана түштү окшойт, кичине жыйрыла түшкөндө Филипенко аны жайкап мындай деди:

— Тууган, сенин көңүлүңө башка бир нерсе кетпесин. Оюңа жамандык алба. Биз сенин ошол кишилерге жолугалбайокуттө калганыңа күлдүк. Кызыы, сенде ачылбай бугуп жаткан далай кызык сыр бар көрүнөт...

— Бу киши жүроктүү «эргулдун» бири окшойт? — деди Таабалды кылмышкерди башы менен жаңдап көрсөтө.

— «Эл камын» ушундай мыкты кишилер ойлойт...— деди бирөө көзүн кысып.

— Баса, сен, аты-жөнүңү айтчы? — деп Таабалды ага жакындады эле, ал элпек, кичипейил немече, айтор лепилдей кетти:

— Айланайындар, мен деле силердей карыптын бири болом. Чыны мен сыр жашырган жокмун го. Менде кенедей арамдык жок. Бузукуну жек көрөм. Караңгылыгыман ушул күнгө туш келдим. Менин өз атым Ташболот, атам Амандык деген киши. Ошол шордуу чалдын өлүүтирүүсүн биле албадым. Ушу жети баштуу желмогуздар мени кантип соо коюшсун. Өлбөсөм түрмөдөн акыры бир күнү жарыкка чыгармын. Ошондо жанагы пайдалуу кишилерди таманым тешилгенче издейм. Кайда болсо ошолор үчүн барам.

Ташболоттун үнү бир аз каргылдана түшкөнүн өзү сезген жок. Кара күчкөбү же анык элеби, анын мууну бошоп, денеси калтырагандай болду, тигилер аны эч этибар алышпады. Амандыктын уулу булардан коргонуп, билгенин түк жашырар түрү жоктой көрүнгөн менен беркилер мелтиреп жөн болушканы кызык? Сыр алдырышпады. Булар өздөрү деле күнөкөр эле го. Неге буга сырттарын салышат? Ташболотко ишенишпегени ага да кандайдыр табышмактай сезилет.

Катуу кыйналган Амандыктын уулунун шалдырап алы кетет. Мунун абалына тигилер карар эмес, же ушулар да желдеттерге окшогон таш боорбу? Ал тытык кара бешмантын жамынды, туткун болгонун эми жаңы сезгенсип, жер тиктеп, кабак-кашын чытып, бүрүшүп жатат. Тегеректегилер андан көздөрүн айырбай тиктешсе, Ташболоттун көзү жумула калат. Бул киши далай кыйынчылыктарды көрсө да, кебетесине караганда тың көрүнөт. Жаңы туткун тигилерден көңүлү сууй түштүбү же чын эле, азап чеккен... айтор, бечара немеби, деги бу өзүнүн жалгыздыгына ичинен күрсүнөт. Бир топко дейре дымы чыкпай

үргүлөп калган Ташболот чоочуп селт дей түштү. Ал үнкүрүп көзүн ушалады. Ээн-жайкын жүргөн немедей эми ичинен сызыла муцканып, революциячыл ырлардан созду... Тиги сагалашкан кароолчуларды тоотуп коёр эмес. Жанында отурган күнөкорлор мунун революциячыл ырды созгонуна таң калышат. Куу тумшук, алсыз, мажүрөө көрүнгөн Ташболот үнүн көтөрө чыгарып ансайын күчөгөндөн күчөдү. Демейде желип-жортуп жүргөн надзирателдер азыр дайынсыз. Анык кызык эми башталчудай көрүнөт. Ташболот арамзалык кылып жатабы, же анык ак жүрөктүн өзүбү, аны дароо байкоо беркилерге кыйын да...!

— Сен мындай ырды кайдан үйрөндүң? — деп Климов андан сурады.

— Эй, туугандар... Муну мен от арабанын[1] жолунда жүргөнүмдө бирөөдөн үйрөнгөмүн. Мага окшогондорго ушул ыр ылайык... кайгылуу, муңдуу.. жана кайрат берет... Мен муну дайыма көңүлүм чөккөндө гана чер жазуу үчүн созом. Кудай урсун, ошондо көңүлүм ачыла түшөт.

Ташболот башын калжактатып, көзүнө кичине чолок жаш алып, анан кабагын ачып жадырап, бөйрөгүн таяна бир топко дейре акырын ырдады. Иликин ага:

— Ии тууган, ар жагын узата түш! — десе, Ташболот колун ушалап, маңдайын муштап улутунат.

— Ай, кайсыны айтайын. Мен ушул ырды от арабачылардан үйрөнгөн элем. Чала билем. «Силер ак падышага ишенбегиле! Андан биздей байкуштарга жакшылык да, ырайым да болбойт. Ошого менин көзүм жетет. Азаттыкка чыкмайынча...— дээр эле бир жумушчу мага. Желмогуздар анын да түбүнө жетишсе керек, ошол да дарексиз жоголду. Ой кайран киши ай! Андайлардын өмүрү кыска болот беим.

Таабалды андан бирдеме сурачудай обдулуп-обдулуп келаткanda Климов андан мурда озунду:

— Сен ошонун да аты-жөнүн билбейсиңби?

— Жок. Менин иттигим! Ошол абдан жүрөктүү эр болучу. Ой, начальниктердин сазайын колуна берчү эле да!..

Берки күнөкорлор бу азыр айтып отурган белгисиз кишинин кебетесин көз алдыларына келтиришкендей саалпаал ойлоно калышты. Кайдагы бир дайынсыз адамды мактаган Ташболотко ишенүү кыйын. Камеранын ичи

[1] От араба — ал кездерде поезди от араба дешчү.

жымжырт боло түшкөндө, Филипенко эшик жакты тыңшады. Ал алдыртан Таабалдыга «эми сурай бер!» дегенсип башы менен жаңдап билмексен боло тетири карады.

— Ташболот ага, сиз менден улуу көрүнөсүз... Далайды көрсөңүз керек. Бу сыртта кандай кабар бар? Өкмөттүн бийлиги жөнүндө калктын пейли кандай,— деп Таабалды чекмелегендей андап жай сурады эле, Ташболот анын жанына лып отура калып, танoосун дерденетип шыбырады.

— Иним, мени бузуку кишидей көрбөгүн. Менин башымы азыр алышса да, чынымы айтып жатып өлөм. Карга карганын көзүн чокубайт... Бу заман сендей менен мендейлердики эмес го деймь. Балким андай эмес дээрсиң. Мобу шордуулар мында эмне камыгынып отурушат? Биздин түбүбүзгө жеткен чалкактаган улуктар! — Ал салмактуу муштуму менен өзүнүн жоон санын муштап, жанын сабап, Таабалдыны ишендирүүгө киришти.— Суу кимдики? Жер кимдин колунда? Баары ак сөөктөрдө! Мал да, алтын-күмүш да ошолордо! Кана, кана, маа, саа беришкени? О, кокуй, бизге какыраган таш, эшилген кумду беришкен. Эмне, кедейлердин ырыскысына алла таала ошол керексиз чөлдү шыйгарган бекен? Адилетсиздик... адилетсиздик!.. Аттигинай! Берeги арбак урган машкелер шимшип жүрүп мени түрмөгө уруп, кендирими кести да, болбогондо жумушчуларга баш-көз болгон сонун кишилерге нобак кошулуп кетет элем. Кантип эле ошондой эл камын көксөгөндөрдүн баарын желмогуз полициялар түп көторо камасын.

Бу киши жөнүндө беркИ эски күнөкөрлөр өздөрүнчө ар кандай ойго келишет. «Менден булар неге сыр түйүнүн жашырат?» дегендей тигил да өз көкүрөгүндө ойлонот. Ал биерге келгенден бери аны менен эч ким сырдашкан жок. Ташболот шаардагы жумушчулардын ншканаларда кандай иштерди иштеп жаткандарын өзүнүн билишинче айтып өттү. Беркилердин бир да бирөө «и» дебегенине ал өзү ыза болду. «Адамдан адам шек санайт, ыргыткан сөөк өз башыма тийбесин деп сак болот» деди ал өзүнчө. Ташболот бүкчүйүп жатып кулагын күнөкөрлөргө тосту. Ошо маалда мунун көкүрөгү тунук, кулагы сак...

Далай күндөрдү артка таштап, өмүрдүн эң орчундуу учурун эриксиздикке ээлеткен туткундарга тиги жаңы күнөкөрдүн максатын билүү кыйын...

«Алмазардагы» полициялык мекеменин жанында калк жайнап жүрүштү. Алардын уулдары, уландары камакта.

Демейде бул мекеменин жанына кокусунан бара калышса, «жан алгычтар так ушунда» дешип, кокуйлаган бойдон андан жалт берип кайра тартынчу эле. Мына эми баштарына иш түшкөндө ошону сагалашып жүрүшөт. Колго илингендерди ак-карасына карабай полициялар дегдеңдетип абакты көздөй айдап келе беришет. Кутулгандар чанда-чанда. Элүү башы «жан алгыч» мекемеден чыкты да, ошол тегеректе сагалашып тургандарга ыңгырана карап, анан жанындагы орус төрөнү аларга (полициянын башчысын) топко жаңдап көрсөтүп:

— Тарагыла! Кимде-ким ак падышага наалат келтирсе, күнөкөр болот. Анын амирине баш ийбесе, көрөрү ушул. Силер балдарыңарды эмне үчүн «Калков» суусунун жээгиндеги тополоң чыгарууга аракет кылышкан «жаман» кишилердин арасына жибересиңер? Эми ошол шайтан баскан ээн баш балдарыңар өз жазаларын тартышсын. Силер андан көрө азирети ак падышага каршы болгон бузукуларды көрсөтүп бергиле да, өз башыңарды актагыла! Жамаат, кана ким? Кимиңер дейм? Ошондой ак жүрөк барбы? А жашырасыңарбы?! Мобу биз... Биз ким болобуз? Болду... Болду. Анда өз убалыңар өзүңөргө! Жүрүңүз, төрөм!

Казганактап турган калайык тигилерди жеп жиберчүдөй карап, амалсыздан туш-тушка тарашты. Кийинки кездерде буга окшогон окуялар шаарда үзүлбөй болуп тура турган. Анткени калаанын ар кайсы бурчтарында жашырын жыйындар, топтор көп болуп өткөн... Уландар ошондой жерге жазганбай барышып, андан ар кимдердин кызык сөздөрүн угушуп, ошондоп белек катарында колдоруна жашырын кагаздарды ала келишип, аны бири-бирине тымызын таратышчу. Элүү башылар: «Андай жерлерге барбай жүргүлө!» деп нечен мертебе кулактарына кумдай куюшкан менен анын кебине эч кимиси кулак какчу эмес. Ошондой учурда капыстан полицияларга, жандармерияларга кезиккендер темир торго түшчү эле. Колго түшкөндөр жөнүндө каңпаар дүңк дей түшкөндө, байлар, байбачалар, орус төрөлөрү «андай акмактарга катуу жаза керек! Алар өздөрү өлө алышпай жүрүп өкмөткө каршы чыкканды ээрчишкенден айланышабы?» деп кыжырланышып табалашат. Томаяк уландар ансайын күчөшүп, улуктарга октой тийген кишилер менен жумушчулардын тобуна тынбай барганын коюшпады. «Алымжан деген чыкты дейт. Ошол нахта заводуна, ишкапаларга жана май заво-

дуна тымызын барып, жумушчуларды азгырат имиш... аны неге кармашпайт? Баса, ошол түрмөдөн качкан имиш»... деп ар кимдер өкүрүшсө, соодагерлер кошо карган солкулдашат...

Шаарда болгон шумдуктуу окуялардын баары түрмөдөгүлөргө кеч болсо да угулбай койбойт. Артыкча саясий жагынан айыпталган кишилер кулактарын түрүшөт, болгондун баарын бүт билишет. Барган сайын калайык нааразы болгонун угушканда алар жыргап калышат... Түрмөдөгүлөрдүн күчтүү тобу: Таабалды, Илкин, Филиппенко, Климов — булардын революционер экендиги өздөрүнө гана белгилүү... аларга жакында кошулган Ташболот Амандык уулу барган сайын күчөдү. Ал кээде: «Жоголсун байлар! Букаралар жашасын!» деп, надзиратель темир каалганын тешигинен шыкаалап турса деле андан жазганбай кыйкырат. Бу жоругу аз келгенсип, ал кээде беркилерге: «Силер кимден жазганасыңар! Эх, коркоктор! Ак падыша кимибизге ырайым кылмак эле? Баш көтөрүп, «азаттык» үчүн күрөшкө чыксаңар боло! О... кайран караңгы Түркстан!» дегенде анын оозунан көк түтүн бурулдайт. Кай бир кездерде желдеттер Ташболотту боорго тепкилеп, желкеге койгулап айдап кетет. Амандыктын уулу «суракка» кеткенде, беркилер өздөрүнчө жана эле анын өкмөттү ачык жамандаганын жана жүрүш-турушу жөнүндө катуу ойлонушат. Анык өз киши болсо, ал кандайча ачык чыгат? Неге төрөлөр ошонун айткандарын угуп-билишсе да, билмексен болушат? Шаардагы кишилерден кимдер кармалбай калганын кайра-кайра сурап такый бергени эмнеси? Күнөкөрлөр эмнелер жөнүндө сүйлөшкөнүн ал эмне анча аңдыйт? Амандыков орус тилин суудай билген неме экен. Кокустан анын сыры ачылып калды. Өзүнүн айтуусуна караганда Ташболот соодагердин колунда жаны жай албай «эзилип жүргөн бир шордуу» экен. Анан кандайча ал китеп окуса буйдалбай шыр кетет?

Саясий туткундар уламдан-улам ошо «күнөкөрдөн» күнөм санап шек ала башташты. Ал качан болсо камерадагылардын абалын билүүгө астыртан өтө көп аракет кылат. Түрмөнүн ашпозчусу балтаны жоготкондон кийин, бат эле бир камерадан түнкүсүн дубалды тешип, андагылардын баары бүт качып кеткенин Ташболот билет экен... Төрөлөрдү мунун жек көргөнү чынбы же жалганбы? Мына ошол буларга белгисиз.

Туткундарды камерадан эс алууга сыртка чыгарышканда Ташболот ар кайсы күнөкөрлөрдүн жанына барып, оозуна эмне келсе ошону оттоп, бабырай бербей адаты бар: «Сени эмнеге айыпташты эле? Мен да сендеймин. Баса, өкмөт жөнүндө силер кандай кабар уга алдыңар? Силер жаткан камерада кимдер бар?».

«Бөрк алдында бөрү бар көрүнөт». Амандык уулунун амал менен келген «бакан оозду гу» Таабалдыга азырынча саал бүдөмүк. Такык... өзү сак экен. Ал бардык нерсеге кирише кетет. Ташболот келелектен мурда булар күнөкорлордүн арасында иш жүргүзүшүп келишкен эле, ошонун кесепетинен революциялык ишти жүргүзүүгө чоң жолто болду.

Ташболот камерадан чыгар замат революционерлердин Бириккен тобу ошонун тагдыры жөнүндө кеңеше баштакан.

— Жолдоштор, бул полициянын жашыруун кишисинин кыйынчылык менен бети ачылды... Эгер анын сыры ачылбаганда, ал биздин бүт ишти бүлдүрүп, далайыбыздын башыбызды жутмак... Ким билет, ушу кездеги революциялык агымды матоо максатын көздөгөн падышалык желдеттер айлакер, шумдардан ылгап, атайы бизди дагы аныктоого аракет кылып жатышат. Балким ушу Ташболот так ошондой максат менен келген кишидир.

Убакыт тар... Эгер биз озунбасак, анда ошол шектүү киши ушу тургандарыбызды чалгы менен чөп чапкандай шыпыртат. Аңдоостон жылан сыйпагандай болобуз. Кана, бу тууралуу кандай ой бар?

Климов өз оюн беркилерге ушинтип кыскача баяндап жатканда анын денесинен муздак кара тер чыпылдап чыкты, себеби камеранын ичи адамдын деминен ысыган. Бир укмуштун башталарын сезгендей жүрөгү алеп-желеп... Онсуз кайраттуу кишинин караңгыда да көзү балбылдап оттой жанып турду. Кайрат, чыдамкайлык, эрдик анын жолдош-жоролорун курчап алгандай сезилет. Баарынын көңүлдөрү чөкпөдү...

— Маселе эми ачык болду. Шайтандар бу Ташболотту биздин арабызга акыл менен жиберишиптир. Анын «жоголсун улуктар» дегени бизге тийген ок. «Силердин араңарга тыңчы кирди!» деген кабарды Шакир чал аркылуу бая күнү билдик эле... Эгер муну бу сапар аман куткарсак, ал тамашаны бизге көрсөтөт... Балким, ушул кеткен бойдон ошол шум кайра бизге көрүнбөс... О-о, анда алар

бизди сайдын ташындай ыргытат... Эгер тил алсаңар, аны мага тапшыргыла?..— Иликиндин түрү беркилерге айбаттуу көрүнөт. Ар-намыстын белгиси анын жазы маңдайына даана жазыла калгандай сыяктуу. Таабалдынын чекесинин кан тамырлары бадырая түшкөн.

— И... дагы кимдин кандай акылы бар? — деп Климов жолдошторун жал-жал тиктеди.

— Аны мага бергиле?

— Жок, Таабалды... Сен бизге керексиң. Кокус сен бул санар колго түшсөң, саа тишин кайраган төрөлор сенин каныңды жерге тамызышпайт.

— Сен коркпо, жолдош Иликин!

— Саша! Сен бизге керексиң дедим го! — деп Филипенко акырын Таабалдыны чыканагы менен укуп койду

Бир паска созулган тынчтыктан соң:

— Анын тагдырын менин колума берүүңөрдү өтүнөм? — деди Боровер.

Ошол учурда мунун кызыл чиедей жаш балдары көз алдына элестеп келе калганын жолдоштору сезди, алар аны аяшкандай, мээримдүү жүздөрүн андан алышкан жок. Боровер жолдошторуна саал таарына түштү.

— Бул ишке ким чектелсе, ал өз өмүрүн революцияга курман кылат. А сенин кызыл чиедей балдарың бар. Ошого баягы эле азап тарта жүргөн мени коё бергиле,— деп Таабалды көшөрдү.

Таабалды катуулаганда, бир паска эч кимиси үнчүкпай, аны аяшкансып, жабыла тиктешет. Эр жүрөк азамат жолдошторунун өмүрүн душманга кор кылбоону ойлонот.

— А... Саша, сага жан-керек эмесни? — деди Боровер.

— Жок, сенин өмүрүң бизге кымбат.

— Жолдош Пудовкин!

— Мен революциянын наамынан суранам.

— Болбойт. Качан болсо азапты ушу көрөт.

— Саша! Сенин ден соолугуң начар...

— Мен комитеттен мага бул ишти тапшырууну өтүнөмүн. О... Ташболот коркунучтуу киши. Ал ашкан куу неме, дагы башка айла табат.

Революционерлер бул маселе тууралуу өздөрүнчө узакка дейре кеңешишти. Ташболоттун өмүрү жөнүндө ар кандай ой... нечен кызык талаштар булардын арасында кызыды. Анын бетин ачууга булардын кимиси болсун дилгир. Булардын ар кимиси өз баштарынан корккондуктан акыл-

дашуулу мынча созуп жаткан жерлери жок... О-о... Буга окшогон ишке кишинин кишисин тандоо оңой эмес да!..

— Ташболот кишинин этин жегенден кайра тартпас... Ал кутулуп кетсе келечек кандай болот?..

Булар келечек жөнүндө терең ойлонушту... Жалындын өз учурунда жалбырттаганы өздөрүнө дем болоруна көздөрү жетет. Желдеттер жетелеп кеткен Ташболоттун келер маалына аз калды. Ажалдын ээси... Таалайсыздыктын жардамчысы... Эркиндиктин болушуна кас кишилерче кол кабыш кылган кара ниет менен кармашууну дагы эле баягы большевик Таабалды Жуке уулуна тапшырууну жолдоштору туура табышты.

Далайдан бери жедеп шайы оогон Ташболотту надзиратель кайдадыр бир жакка айдап кеткен... Кезек-кезек ошол күнөкөрдү суракка чакырышчу. Бирок, чын, төгүнүн ким билет. Амандык уулу кабагын карыш салып, көптөн кийин камерага кайта келип, төрөлөрдү жерден алып — жерге, көрдөн алып — көргө уруп, тилдеп, сөгүнүп, кутургандай оолуга баштады. Беркн күнөкөрлөр билмексен болуп ага көңүл бурбай койгондо, эпчил неме Таабалдыга жан тартымыш болуп, шыбырады:

— Тууган, бу заманда ар ким өз кара жанын куткаруу үчүн ойлонуп, аракет кылбаса болор эмес... Күнөкөрлөрдүн арасында ар кыл адамдар бар көрүнгү... Ошолордун улукка каршы үгүт таратып жүргөндөрүн төрөлөр сезип калышыптыр. Сен экөөбүз тең Жети-Суунун кулунубуз го... Мен кантип эле сага кара санайын.

— Ко-ош, кантсек дейсиң? — деп сурады Таабалды ага шек алдырбай.

Ташболот жанын сабап Таабалдыны имермек болду

— Мен сага иштин четин чыгардым го. Эгер экөөбүз биримдик болсок, улуктар ошону эске алышып, экөөбүздүн күнөөбүздү жеңилдетишет... калп айтсам жакшылык көрбөйүн, ишенсең!..

— Кантип?

Ташболот жанын сабап кирди. Таабалдыны боюна тартып имерди. Беркн күнөкөрлөр билмексен болушту.

— Ушу түрмөдө падыша өкүмөтүнө наразы, бузук кишилер бар деп кээ бирөөлөрдүн үстүнөн тымызын шыбыш берсек... анан ар жагын араң турган улуктар өздөрү билишет. Ушундай кезде ар ким өз жанын багат да. Мына ошондо падышага жан-дили менен берилген кишилер дешет да, экөөбүздү бошотот. Кадырың жан болсун, ошенти-

шери бышык. Мындай кыйынчылык башка түшкөндө ким-ди-ким аямак эле... Таабалды бир боорум, сен тил алсаң. Сен да бир шордуу көрүнөсүң. Берегилерден жазганбагын. Биздин тилди булар билишпейт.

Таабалды аны кантер экен дегенсин ойлонумуш болду. Ташболот тим эле анын ичи-койнуна кирип, эпилдейт. Тымтырс боло түшкөндө ал акылдашкан кишисине астыртан күлүмсүрөйт. Кайра алеки сааттын ичинде ал санаа чегип, алда нече түрмөктөлгөн ойго түшө калат.

— Демек, жазыгы жок бирөөгө жала жаап, өз башыбызды куткарсак дейсизби? — деп, Таабалды акырын акылдашкандай сылык тиктегенде, Ташболот жым дей түшүп, эт-бетинен кетти.

— Кутулууга андан бөлөк эч кандай арга жок. Жакында саясий жагынан шектүү кишилер алыскы Сибирге сүргүнгө жөнөтүлөт имиш... Ошондон мурда өз башыбызды бошотуунун камын көрбөсөк кара көз кашайып, ошолордун капшабы менен кетебиз. Ачыгыңы айт! Жан куралактын учунда!

— Ташболот мырза, мен бир-эки күнгө өз кабыргама кеңешейин. Булар шек алышат, эми сөздү токтотолу. Менден оолак болгун,— деди Таабалды ага.

— Болуптур. Жакшылап ойлон!

— Куда кааласа кечиктирбесмин! — деди Таабалды.

Сөз кап буугандай токтолду... Таабалдынын ага абдан ачуусу келди. Бирок, анткенин тиги кеңешкен кишисине шек алдырган жок, өзүнчө мындай ойго түштү: «Өзү адам сыяктанса да, кара чаар жылан... Ой шум о-ой!».

Ошол учурда Ташболоттун жанында отурган Филипенко анын түрүнө алдыртан көз чаптырып, ага мындай сын берди: «Сырткы көрүнүшү дурус көрүнгөн менен ичи толгон арамдык... Жапайы каман... митаамдыгы түлкүдөй неме го. Эгер бул андай киши болбогондо, мырзалар муну машкедей шимшитип, ээрчитмекчи эмес эле... Төрөлөрдүн «куйругунун» тике маңдай жагында турган Иликин: «Бу күнөкөр эмес эле, көрсө, саясий туткундарды бышырып жемекке келген мите тура!» деп ичинен ойлонуп турса, Егорыч бакан оозду көргүсү келбей тескери карап: «Ушуга окшогон адам сымактанган айбандар революцияга берилген адамдарды баш кесерлерге кармап берип семирет» деп ичинен ызырынат.

Ушул учурда Ташболот санаасы менен байып, убайым менен самандай өңү саргайып энтигет. Саясий күнөкөр-

лордун бетин ачып, төрөлөргө далилдеп берсе, бу шумдун чөнтөгү акчага, чеңгели алтын-күмүшкө толмок эле... Эми морөйү үстөм болуп, иши оңунан чыгарына ал бир туруп үмүттөнсө, бир туруп алда кандай болор экен деп үмүтсүздөнөт. Мунун оюнча кеп жалгыз гана күнөкөр Таабалдыда калды. «Ушул айнып калабы» деп Ташболоттун азыр ичи уйгу-туйгу... Көөдөнү туз куйгандай ачышып, денеси от менен жалын... Ал дагы кандай арга табарын билбей башы маң болуп мүңкүрөп калды. Өз ичинен «же башым кетет... же буларды жутам» деген ойдо.

Күнөкөрлөр күн кечтеп калганын темир эшиктин тешигинен билишти. Бир оокумда сакчы эшиктин алдына келип, өзүнчө бирдеме деп күбүрөдү, аңгыча камерадагы күнөкөрлөргө ачкычтардын шыңгыраганы угулду. Темир эшик шарт ачылганда:

— Эй, шайтан баскырлар, тез, учкан бойдон чыккыла! — деди сакчы олураңдап.

Араң турушкан күнөкөрлөр камерадан чубуруп чыгышып, короодо денелерин сергитип, ары-бери басышты. Күн суук эле. Ташболот каадасынча шыйпалактап ар кимге бир барат да, ага бирдеме демиш болуп калжактайт.

— О... чиркин ай! Убакыттын тардыгын кара! Апын үстүнө учур да кыйын... Бир мүнөт зып этип өтө берсе, Ташболоттун чырагына май тамат. Ал мүдөөсүнө жетет. Так ошол маалда Климов менен Иликин түрмөнүн айбанканасында акмалап турушкан эле, алар ыгы келе калса тигил Сашага жандооч болушмакчы. Башкалардын ою да ошондой. Кимдир бирөө ар жакта оолагыраак турган Ташболотко кол булгады. Эч нерсе капарында жок ал: «Мага сырларын айтышканы жатышат го» деген үмүт менен билмексен боло, сүйлөшүмүш боло беришти. Ошол убакта Таабалды тетиги жер жуткурду абайлап турган. Ал короодогу таштан билгизбей тандап ала койду, короодо жүргөн күнөкөрлөргө көз болгон надзиратель Никифоровду жазгырып, ага шек алдырбастан, Ташболотту кош колдоп урчуктуу таш менен чыкыйдан ары берип алды да, өзү жылт берип, коридордун далдоосуна жашынды.

«Өлтүрүштү!» деп Ташболот жанынын бардыгынча кыйкырып, айбанканадан ар жакта турган желдетти көздөй ким урганын ага айтып калууга жанын үрөгөн бойдон тамтаңдап жүгүрдү. Көзү караңгылап, эс-учунан ажыра-

ганда гана ал тилге келбей, тумшугу менен жер сүздү. Ташболотту кайсы күнөкөр сулатканын андан окчун турган надзиратель көрө албаса да, шектене түштү.

Түрмөдө ошол замат дүрбөлөң башталды. Абакты башкарган чоңдорго бул кабар тийгенде, алар каарланган бойдон келишти эле, мурдагыдан беш-бетер катуу кымкуут болду.

— Дадашев Мамед!

— Дадашев! — дешип чоңдор анда-санда өңгөчүн тартып, ыңжаң жаны менен араң жаткан жүзү кара арамзаны тарткылашат. Башкаруучулардын «Аттигин ай! Эх!» деген өкүнүчтүү үндөрү бир топко дейре басылган жок. Алактап калган чоңдор түрмөнүн короосунда сергишип турушкан камактагыларды батыраак камерага кууп киргизүүгө буйрук беришти. Падышанын барктуу малайы жөнүндөгү кайгылуу суук кабар бу шаардагы чоңдорго ошол замат угулду.

Мамед Дадаш уулу ким? Ал нагыз эзилген кедей-кембагалдардан чыкса, азаттыкка кол сунган кызыл балбандарга кантип эле жамандык издесин! Букаралар менен ак сөөктөрдүн кайнаса каны кайдан кошулсун. Мамеддин атасы Дадаш ашкан чоң бай. Жер байлыгы — нефти ошонун колунда. Кулдарды кууратып, күндөрдүн көзүнөн жаш аралаш кан агызган ырайымсыздын бири. Дадаш өмүр бою букарага бутун тарткызып, бечарага белин чечкизген, ак падышасынын аманчылыгын бир күндө кудайдан үч маал зарлап тилеген митайым залимдин так өзү. Мамед атасынын дөөлөтүнө сыйынып, жаш кезинен гимназияда окуган. Ал орус тилин суудай билет... Төрөлөр аны тергөө органдарына тилмеч кылып пайдаланып жүрүшкөн. Ал өзбек, тажик, казак, кыргыздардын нечении ак жерден жалаа жаап карматкан. Анын көздөгөн максаты: орус төрөлөрүнө жагып, акыры Жети-Суунун өрөөнүндөгү бир жерин колго алып, өзү ошерге бийлик кылмакчы эле....

Декабрь айынын суз тарткан көңүлсүз күндөрүнүн биринде Ташкент шаардык биринчи полициялык бөлүмүнөн «саясий күнөкөр катарында «Ташболот Амандык уулу» деген жашыруун ат менен бакан ооз түрмөгө жиберилген. Ага тагылган милдет бул болучу: Түрмөдөгү саясий күнөкөрлөрдүн Ташкенттеги тобунун жана өнөр жай ишканалары менен алардын кандайча байланышы барын толук бышыктоо... Шаардагы жумушчу кыймылынын жана пар-

тиялык тобунун жетекчилеринен дагы кимдер кармалбай жашырынын жүргөнүн ачык билүү... Жана саясий күнөкөрлөр түрмөдө бийликке карпы кандайча !ескери үгүттөрдү жүргүзүшкөндөрүн билип чыгуу менен бирге ошо түрмөдогү туткундар өздөрүнчө эмнелер жөнүндө сүйлөшкөнүн даана аныктоо маселеси Мамед Дадаш уулуна тагылган...

## Үчүнчү бөлүм

### 1

...Бир миң тогуз жүз тогузунчу жылдын жыйырма тогузунчу январь күнү кара ниет ажалга буйрулганда, төрөлөр анын бир ооз керээзин угуп калуу үчүн кара жандарын карч урушкан. Алар ымжан жаны бар молайын ошо замат ооруканага жеткизишкен. Билерман чоңдор орто заар болуп, күнөм санашат. Өлүм алдында жаткан Мамедди кандай болбосун, эң жок дегенде бир ооз тилге келтирип берүүнү согуш госпиталынын доктору Боровский мырзага кац-какшап тапшырышкан эле... А түгүл, алар врачка чала жан Дадашовду сүйлөтүү жөнүндө катуу буйрук да беришиптир. Ошон үчүн бакан оозлун жанында врач чарк көпөлөк айланып, аны күндүр-түндүр дарылап, жан алакетке түшүп жүрөт. Жарадар алдастап, кээде: «акча, күмүш, алтын...» деп жөөлүсө, кайра туруп көзүн чакчандатат: «Ат-а-а, сен эмне, келипнце көзүңдү кысасың? А?!» дейт. Кайра туруп: «А... хи-хи-хи! А-а-ат!..» деп кобурайт. Муну көргөндө аны дарылаган доктор өз жанынан түңүлөт. Кээде андан үмүтүн үзүп калса, Дадашев кайра саал-паал оңоло түшүп: «Ой, сен эмне мени көрбөй өтөсүң? Сен байкагын! деп жөөлүсө, буга окшогон сөзү докторго демөөрүн болгонсуйт. Балким, айыгып кетер? деген ойго келип андан үмүт кылат.

Арадан бир топ күндөр жылт берип чубап өтө берген. Кара жолтой арамза киши бүлүксүз жөн өлчү беле? Бузукунун жаны оңой менен чыгар эмес. Митайым Дадашев көр оозунда жатса да, бирөөнү ала жатууга ниети бар. Дадашевдин азабын тартып, аны айыктырууга амалсыздан макул болгон врачтын да тынчы кетиптир... Көңүлү айнып, көзүн алактатып, анан ал кимдир бирөөнүн атын чакырып: «Сенин мага беш тыйын бересең бар!»

деп айкыра берип, жанындагы сестралардын эсин оодарып, суй жыгат...

Айыкпас ооруга дайым такай коз болушкан оорукана-дагылар ушундан кутулсак деп зыркырашат... Бакан ооздун кайсы маалда кичине соолуга калган учурун врач Боровский белгилөөгө аябай аракет кылат. Так ошол убакытты болжолдоп чоңдорду чакырмакчы эле. Врач ошондой кылды. Улуктар бир күнү Мамед бир пас соо боло түшкөн кезинде келишип, аны тегеректеп калышты.

— Дадашев мырза! И, кандай, айыктыңбы?

— Башын... башын жөлөгүлө!

— О, эч болбогондо бирдеме дээгө жараса болот эле...

— Мамед төрө, көзүңү ач!

— Жакшы... жакшы, айыгып калган тура.

Алдастап жаткан Дадашев кичине акыл-эсин жыйып, жанында жарданышып турган төрөлөрүн тиктеп, аларды жазбай тааныды да, анан колун көкүрөгүнө коюп, улуктарына кулдук урду. Беркилер сүйүнүп кетишти.

— А, Дадашев мырза, сизди ким урду, ким?!

— Аты ким?

— Сүйлөңүз?! Эх!

Ошол учурда оорукананын бөлмөсүндө шырт эткен табыш чыкпай, баары ооруну тегеректөөдө. Мырзалар да таштай катып калышты. Дадашев мырзаларын көргөндө, эсине келе түшкөнсүп кубаттанды. Анын көз алдына урган кишинин сүрдүү кебетеси элестейт. Аны кыраакы тергөөчү мырза сезе койду да:

— Дадашев төрө, сүйлөңүз... Сүйлөңүз? — деди шашып.

— Эстеңиз? — деди билермандын бири.

— Жакшы... дурус, сизди ким урду эле?

Мамед жанындагылар менен акыркы ирет коштошкондой, араң эс-учун жыйнап, акырын шыбырады:

— Ох, жаным ай! Мени урган Таабалды боло турган бел-е-е...

— Таабалды дейби? — дешип мырзалар жабыла чуулдашып, анын көзүн карашканда, андан башка эч нерсе деп айтууга кудурети жетпеди. Дадашевдин башында зыңкыйып турган врач эңкейип, бир колу менен сулк жаткан оорунун тамырын кармап, көөдөнүн тыңшап көрүп:

— Өлүктү мындан ылдам алгыла! — деди эле, төрөлөр бакан ооздон айрылышканын ошондо гана билишти. Мырзалар жан талашып болмодон кача чыгышты. Соок жат-

кан бөлмөдө түк киши калбаптыр. Мында, оорулардын арасына байыр алып, күн көрүп жүргөн, жүнү үксүйгөн, карыган кара мышык бар эле, ошол Дадашевдин өлүгү жаткан бөлмөдө «мы-яу-лап» жүрдү. Мышык жаагын жанып, Мамеддин денеси жаткан кроватты чарк көпөлөк айланат. Ал ооруканадан арткан тамакты жеп каныккан болучу. Мышык кроватка секирип чыкты да, Дадашевдин аягына чокчоё калды. Мунун көзүнө: бет сөөктөрү оркойгон, кан-сөлү качкан, түрү суук адамдын сүлдөрү көрүндү. Аза күткөндөй мыяулаган мышыктын үнү 12-февраль күнү түк басылган жок.

Шаар ичи тынчсыз. Ал-абал абдан оор... күндрү-түндүр атчан казактар адамдын үрөйүн учуруп, көчөдө аркы-терки сороктошуп чабышат. Полициялар, тыңчылар кара чымындай өрүп жүрүшөт. Түнөргөн караңгылык өкүм сүрүп турган түрмөдө андан беш-бетер калайман түшүп, күнөкөрлөрдүн арасында чырды ырбатууга баягы бакан оздун өлүмү себепчи болуптур. Бийлик колунда турган улуктар кеқенишип, Дадашевдин кунун куугa катуулап киришишти. Алар дагы эле өздөрүнө бештен белгилүү Таабалдыга — Пудовкинге суук колдорун сунуп, ага ач кенедей жабышып, ок жыландай мойнуна оролчудай кекеништи. Тергөөчү тергөө жүргүздү. Негедир бу тергөөчү мырза сылык, кичи пейил, дегеле сонун боло баштаганы таң калarлык.

— Менин сага боорум ооруйт, азап тарттың... Сен бир шордуу көрүнөсүң. Көшөрбөй, өз башыңды куткарууну ойлонсоң кантет? Сага ошол дурус болор эле... Сен менден жазганбагын.

Таабалды билмексен боло ага жооп берет:

— Ооба мен карапайым жумушчумун.

— Анын бизге мурдатан белгилүү го. Андан көрө айла таап актан...

— Мен күн көрсөм дедим эле, төрө.

— А... андай оюң болсо, бу балээден кутулуунун акылын өзүң тап.

— Мырза, мен канткенде акылдуу болор экенмин?

— Сен дөдөй да, макоо да эмессиң. Аркы-беркини байкашың керек да.

— Маселен, эмне жөнүндө дейсиз!?

— Сен Дадашев мырзага кол салган киши катарында айыпталып катуу жазага тартылганы турасың...

— Ооба, аны өзүм деле сезип турам.

— Ушул балээден кутулууга сага бир гана айла барын билерсиң дейм?

— Жогуңуз.

Тергөөчү боюн түзөп, бөлмөгө кериле басты. Ал мойнун созуп терезеден короонун ичине көз чаптырып, анан кайра ордуна балпая тартып отура бергенде, анын оозунан мындай акыл чубурду:

— А, Пудовкин мырза! — деп, тергөөчү тамшана сүйлөп, эмнегедир кайра мукактана түштү. Бир пастан соң сөзүн улоого тырышты. — Баса, сен «Мен Пудовкин эмесмин» дедиң беле? Менин сага берер кеңешим, сен ошол Дадашевди ким өлтүргөнүн көрсөтүп берип, өз башыңды куткар... Сага да жан керек. Кана, ачык жооп бер.

— Тергөөчү мырза, Дадашевди «ушул өлтүргөн» деп, мен кимге жалаа жабам? Ошол адамгерчиликке жатабы? Кишиге кара санаодон жаман эмне бар? Күнөкөрлөргө док таштагандан көрө, менин өлгонүм өөдө.

Тергөөчүнүн өңү заматта өзгөрүлө түштү.

— А... а! Сен досторуңду аяйт экенсиң го! Дурус... дурус... Биз сени аядык эле.

— Таксыр, мен ак кишилердин өмүрүн аягым келет.

Тергөөчү каарланып турса да, анысын Таабалдыга билгизбөөгө тырышты да, сылык сүйлөмөк болду:

— Демек, сен өзүңө жакшылыкты каалабаган неме көрүнөсүң?! Мейлиң... Мейлиң. Болуптур, мырза! — ...Ал шарт бурулуп, ар жакты карап: — Эй, муну алып кеткиле! — деп бакылдады

Ойрон болгон отуз үчүнчү камерада Таабалды дагы жалгыз отуруп калды.

Түрмөдөгү күнөкөрлөр түп көтөрө тергөөгө чакырылып, тегиз текшерүүдөн өтүшкөндө, ошолордун бир да бири «Дадашевдин чыкыйын талкалай койгон Таабалды-Пудовкин» деп, аны каралоодон жаа бою качышты. Кайра баары тегиз Сашаны акташты. Буларды суракка алышкан мырзалар суй жыгылышыптыр.

«Ой, баягы Таабалды-Пудовкин деген кайран көк жал чоңдор менен дагы баягыдай кармашып жатат дейт да» десе, «Ооба, тилмеч Дадашевди бир эргул мээсин былчыйта койгон экен. Чоңдор дагы «ошол сенсиң» дешип, ошол көк жалды айыптап жатышыптыр... Ха-ха-ха!..»

Эл оозунда элек жок да. Ушуга окшогон чоңдорду мыскылдаган сөздөр шаардын ичин дүңгүрөтөт... Түрмөдө шыпшып эткендин баары бат эле сыртка чыгат. Ал эми шаардагы болгон окуялар түрмөдөгүлөргө телеграммадан мурда угулат. Ушуга окшогон каңшаарды кулактары чалганда, чоңдор: «булар биздин жашыруун иштерди кантип биле коюшту?» дешип, сурданыша кыжырланат.

Эми кандай айла бар? Какшык, мыскыл төрөлөрдүн кадыр-баркын кетирмек болду. Ошондойлор колго түшпөй, чоңдордун кендири кесилди. Жүрөктүү кимиси бар. Дадашев чала жан болгондо, так ошол кезде ашкананын жанында суу ташып жүргөн Шакир абышкага төрөлөр акыл үйрөтүшүп: «Сен Таабалдынын урганын көрдүм дегин» дешсе, «Мени өлтүрсөңөр, жөн өлтүргүлө... Мен бирөөнү ак жеринен каралап жүзү кара боло албайм!» деп, ал деле жуутпай коюптур. Чоңдор Таабалдыга өлөрчө тиштерин кайрашып, жандары алек-чалек болууда...

## 2

Өздөрүнүн кол токмогу, падыша өкмөтүнө жанын курман кылуудан да кайра тартпаган надзиратель Афанасий Никифоровго аябай акыл үйрөтүшүп, аны чамаларынын жетишинче абдан кайрап, күнөөнү Дадашевди өлтүргөн кишинин мойнуна коюп берүүнү билермандар өтүнүшкөн эле... Төрөлөрдүн кыстоосу боюнча тергөө убагында: бою кодогой, өңү куйкул сары, көздөрү суурдун көзүндөй бүтүгүй неме тергөөчүнүн алдында какайып турду. Бул надзиратель Афанасий Никифоров болучу. Тергөөчү өзүн абдан урматтап кулдук урган бу күбөгө күлүмсүрөп, ага ыраазы боло башын ийкеди эле, надзирателдин көмөкөйү бүлкүлдөмөк болду:

— Таксыр, 29-январь күнү күнөкөрлөрдү камерадан короого чыгардык. Алар сопсоо эле, тынтынч турушкан. Ошентсе да, менин эки көзүм бир тигинисинде, бир мунусунда эле... Ошол оңбогурлардын бири бир балээ баштап жибербесин деген ойдо элем. Маркум Мамед Дадашев «саясий күнөкөр» деп биз божомолдогон шектүү кишилердин тымызын сырын тартып жүргөнүн мен кантип сезбейин... Аңгыча Пудовкин тигилер жакка бет алганда сааттуудай болуп эки таранчы туура жагыма «чийип... чийип...» этишип коно калганынан мен ошого алаксый калдым. Дал ушул учурда Дадашев кимдир бирөө менен

бери жакта сүйлөшүп турган эле, Пудовкин ага жүгүрүп жетип, кошколдоп туруп чыкыйдан ары эки мертебе удаа коюп жибергендей болду. Мына азыр да ошол көзүмө көрүнүп турат... Аңгыча капыстан «О... өлтүрдү! Өлтүрдү!» деген ачуу үн чыкты. Абайласам Дадашев экен. Ал мени көздөй жүгүрдү. Алы кетти окшойт, Мамед жер кучактап сулады. Ал бакырганда Пудовкин түрмөнүн курулушунун коридоруна бекине калганы азыр да көзүмө көрүнөт. О, кудай!

Надзирателдин үнү өчө түшкөндө, тергөөчү кол жоолугун чөнтөгүнөн сууруп чыкты да, жалтыраган кашка башын сүртүп, каадасынча тамшанды... Бир пас кыялга баткан тергөөчү маңдайында зыңкыйып турган надзирателге тигиле тиктеп:

— И... анан?! — деди эле, сүрдөгөн Афанасий эрдин жаланып, бутун тыбырата кеткенин өзү да байкабай калды. Тергөөчү ага жандоочу болгусу келгендей бүлкүлдөдү.— Биз Никифоров мырзага ишенебиз. Ал ишенимдүү кызматчылардан болуп эсептелет. Ко-ош, дагы...

Мындай жылуу сөздү тергөөчү мырзадан укканына надзиратель кубаттана түшүп, оозуна эмне келсе да тартынбай келжирей берди.

— Мен койдун маараганын угалек элем... Торопой сатып ал десем, жанагы ит катын козу сатып келиптир.

Тергөөчү анын бу сөзүн жактырбагандай окшурая караганда, Никифоров сестене түшүп, кууреган дөңгочтой денесин түзөп какая түшкөндө, анын мурдунун «быш...' быш» эткени тергөөчү төрөнүн ого бетер жинин келтирди.

— Кудай ай! Деги сиз эмне деп дөөрүп жатасыз?

— Урматтуу мырза, маркум менин чоң атам: кой бирди же экини тууйт. Андан адамга пайда аз болот. Мегилжин баксаңар, торопойго короо толот дечү эле... Мх!.. Иттин катыны акчаны коротуп козу сатып келгенин көр. Аны айтсам, жанагы ажаан кайненем кызыпа болушат. Мен бошмунбу, таксыр? Ачуум аябай келип турат, үйгө барып, ошол ээн баш катындын жонун ысытайын?

— Мен сизден Дадашевди өлтүргөн кишини билгим келет. Түф! Шайтан басканда деги эмне болуп баратабыз. Кудай жалгагыр, жанагы Пудовкиндин күнөөсү жөнүндө сүйлөсөңүз боло!

— А, айып этпеңиз, төрө. Мен бүткөн экенбиз дедим эле.— Надзиратель Никифоров тамагын жасап жөтөлүп, анан каадасынча тилин чыгарып, эрдин жалапа калганы

тергоочунун аябай жинин келтирди. Желдет өзүн салабаттуу кишидей көрсөтүүгө тырышып, жай сөзүн улады.— Дадашев мырзанын мээси чыга түшөрүнө аз эле калыптыр. О... кудай, ошондо мен өз жаныман түңүлдүм эле... Дадашев мырзанын айткан керээзин мен урматтуу начальниктен уктум. Жаны чыгардан мурда «Мени урган Пудовкин...» дегенге анын араң алы келди дешти. Андан бөлөк бирдеме дээгө шайы келбеген имиш! О... кандай коркунучтуу өлүм. Мен төгүн айтсам, кудай алдында күнөкөр болоюн. Пудовкинден шектенүү туура. Маркумдун ошону божомолдогонуна мен кошулам.

Надзирателди кара тер кыстады. Анын эки бети күлдөй бопбоз. Тергөөчү Афанасийди астыртан тиктеди.

— Ошол кылмышкерге сот болгондо сиз мындан түзүктөп далилдешиңиз зарыл. Сизге эскертип коёюн, Пудовкинди жазага тартуу кыйын. Ал коркунучтуу киши. Түшүндүңүзбү?

— Албетте, сонун түшүндүм, урматтуу мырзам.

— Сиз бошсуз!

Надзиратель тергөөчүгө ийиле түшүп жүгүнүп жатып кобурады:

— Мен ак падышага кызмат кылууга даярмын!

Ал болмодон шарт чыгып кеткен соң, жалгыз калган тергөөчү: «Бу же келесоо неме, же барып турган дөөпөрөстүн бири...» деген ойго кетти.

Пудовкиндин мойнуна ар кандай күнөөнү коюуга айыптоочулар кастарын тигишкен. Таабалды күнөөсүн мойнуна албаганына мыкаачылар ызаланышты, кол алдындагы турган майтарылбас кубаттуу кишини жырткыч айбанча кыйнап, кандуу чеңгелдерин анын денесине батырып жатышат. Пудовкиндин денесиндеги эски productsтын үстүнө жаңы так түштү. Баягы кара жолтой отуз үчүнчү камерада ал үстөкө-босток суракта. Мээримсиз жалгыздык... жалгыздык...

Күндөр зуулдап өтүүдө... Азиянын ысыгы денени куйкалайт. Канаттуулар да ооздорун ачып, солушат. Капаста камалып жаткан күнөкөрлөр гана эмес, а түгүл сыртта эркин жай жүрүшкөн жан-жаныбарлар да аптаптан жабыркоодо. Телегейи тегиз, коңулдору куунак жүргөн гапа ак сөөктөр. Кабагы бүркөө, жүрөктөрүндө сактаган кеги

бар баягы чоңдор Таабалдыдан өчтөрү канбай, мээ кайнаткан ысыкта аны сотко айдап жөнөшкөн.

Ошентип, бир миң тогуз жүз тогузунчу жылы, он жетинчи июнда Таабалды төшүн дагдайтып сот залында турду. Бул күнү ачык сот болмок. Жай кишилер жапа чеккен кишини аяшкандай, кылмыштууну жал-жал кароодо. Булардын арасында жалгыздыктан жабыркаган, өңү шапайыңкы, ак жуумал жаш аялдын тиги желдеттер тегеректенкен жаш жигиттен көзү өтөт. Муну жүзүндө берки күнөкөргө арналган мээр... чын сүйүү барын кылдаттык менен абайлаган киши гана сезгендей. Ал ким? Сашанын өмүрдүк жары—Катерина. Анын көзүнөн мончоктоп жаш чыккан жок. Ал өзүнүн жан кыйышпас Сашасынын кайраттуулугуна ыраазы. Ой чиркин ай! Бу кандай таш боордук! Сагынып-саргайышкан буларды бир пас кезиктиришсе боло? Ай, мырзаларда кайдан андай ырайым болсун! Ушундай кысталыш кезде Таабалды менен Катерина астыртан көз ымдашкандарына канимет кылышты.

Чок ортодо балпая тартып олтурган доң маңдай, бетине бырыш кирген, сөлпү баш, улгайып калган киши соттун төрагасы — Гороховский мырза. Мунун ичинде ырайымсыздыктын бугуп жатканы өзүнүн кебетесинен эле белгилүү болуп турат. Анын катарында отурган ар качандан бир качан дайым күлүмсүрөп жүргөн, териси сөөгүнө жабышып катып калган, чоңдору «айт» десе, «кыйт» деген Вознесенский төрө. Мунун жанындагы кара күчкө жылмаңдамыш болгон, уурту салаңдаган, көздөрү чанагынан чыгып жайнаган, семирип кеткенине өзү да олгондой өкүнгөн судья А. В. Девелянин эле.

Өзүнчө окчунураак жеке отурган мыкчагер прокурор Агеев мырза. «Ким кылмыштуу, ким ак экенин мен көргөндө кебетесинен дароо билем. Менин милдетим: ким колго түшсө, ошону куткарбай каралоо... Каралоо!» дээр эле ал. Кадыр-баркка жетсем деп абдан аракеттенген катчынын орун басары. Мунун да эсп-дартынын баары сотко башы кирип тер болгон кишилерден эптеп бирдеме өндүрүп алууда. Бул ошого өтө маш болгон... өзү ашкан жанбакты. Соттун катчысынын жардамчысы Паршин мырзанын сын-сыпаты, максаты, кебете-кешпири ушул.

Мына ушул кишилердин катышуусу астында ташкенттик округдук соттун ачык заседаниеси күнөкөр Таабалды-Пудовкиндин кылмышы жөнүндө тергөө башталганына бир топ убакыттар болуп калган. Мамед Дадашевдин өлү-

му тууралуу тергөөчүнүн чыгарган корутундуу каралоосу боюнча Александр Александрович Пудовкинди ач карышкырдай талап жатышат. Таабалды тиги койгон күнөөнү мойнуна албай кошорот. Пудовкинди жактоочу төрө кантсин, чебеленимиш болот. Чыны анын колунан эмне келет? Айыпкерди алкымдашкан мырзалар кайра-кайра такып, аны тескей беришип өздөрү сүй жыгылышты. Прокурор күнөкөргө эң акыркы суроосун берүүгө шашты. Ал терезенин тушунда отурду эле, тасырайган төбөсүнө күндүн нуру чагылышканда жаагынан ылдый тер мөлт-мөлт куюлат...

— Таксыр судья! Күнөкөргө менин акыркы берер соболум бар. А, мүмкүнбү?

— Мүмкүн... мүмкүн, сурай бериңиз? — деди сот.

— А... а! — деп прокурор мекирене, коңур үнүн созо, кеберсиген эрдин тиштене оолжуй сүйлөдү.— Кылмышкер, сиз Дадашев мырзаны ургандыгыңызды караманча кашайып тандыңыз. Аны чыкыйга койгонуңузду көргөн тигил надзиратель Никифоровдун күбө катарында айткандарын да сиз мойнуңузга албастан төгүн дедиңиз. Анда, деги ошол Дадашевди өлтүргөн ким?

Залдагылар кейигенсип билинер-билинбес шыпшынышты.

Прокурор ушу суроо менен Таабалдынын мойнуна сыйыртмак салдым го деген ойдо. Ал эми берки айыпкер болсо дагы эле буйдалбады:

— Таксыр, эгер Дадашевди кайсы киши кастык менен урганын мен көргөн болсом, чынын айтып, өз башымы балээден куткарбайт белем. Ошондо короодо жүргөндөрдүн бир да бири Мамедге кол салганымды көрүшпөптүр. Надзиратель Никифоров жалгыз көргөн имиш. Демек, кылмыштуу кишини даана аныктоо сиздерге оорчулук келтирди го дейм? Эми жалгыз гана бир айла, күнөөлүү ким экенин аныктоо үчүн, прокурор төрө айткандай, калыс катарында кудайдан сураш керек го... Ушундай эмеспи?

Залда отурган жай кишилердин кээси кылмышкердин мындай таамай жообуна кычуусу кана түшкөндөй дуу-дуу болуп козголушту. Сот селт дей түшүп, «акырын» дегенсип коңгуроосун шыңгыратып, башын өөдө көтөрө, прокурорду тиктеди. Таабалдынын жообуна прокурордун куйкасы куруша түшкөн.

— Кылмышкер «Пудовкин», сиз адамды жалмаганыңыз аздык кылгансып, эми кудайга тил тийгиздиңиз го!

Айтыңызчы, сиз Дадашевди кандай таш менен башка койдуңуз эле?

— Мырза, түрмөнүн короосунда көк таш, кара таш, ак таштан көп неме жок. Мен Мамедди кандай таш менен эсин оодара койгонумду ким көрүптүр? Деле кудайдын ташынан көп неме жок го.

— Надзиратель Никифоров! — деп прокурор аны тукургандай кекете карады эле, ал ордунан ыргып туруп шашкалактап, таноосун былкылдатып:

— Илаппай таксыр? — деди.

— Сиз көргөн кандай таш эле?

— А... сиздин улуу урматыңызга, кудай билет... балким... көк же кара, же боз боло турган өңдөнгөн,— деди надзиратель даана айталбай кайсалактап.

— Сиз кандай түстүү таш экенин көрбөпсүз. Эгер андай болсо, Дадашевди урганымы кантип көрө койдуңуз? — деп Таабалды ыгы келе калган учурда каралоочу күбө надзирателге жармаша кеткенде, соттун төрагасы «тартип сакта» дегендей коңгуроосун шыңгыратты. Сурак маалында залда кичине тымтырс боло калгандан соң, судья жанында кырка отургандарга «Кылмышкерге берер суроооңор барбы?» деп алардын ар кимисине кайрылды эле, тигилер «жок» дегендей баштарын чайкашат. Мырзалардын жүздөрү ачык. Булар өздөрүнчө баштарын тийиштире күбүрөшө кетишти, төрага Гороховский көзүн ойноктотуп, падышанын портретин жылмайып тиктеп, анан айбаттуу сүрүн көрсөтө:

— А... кылмышкер Пудовкин, акыркы айтар сөзүңүз барбы? — деп сурады.

— Бар... бар! — деди айыптуу токтоо.

— Сүйлөңүз!

Айыпкер бир аз ойлонуп туруп анан сүйлөдү эле, баары күнөкөрдүн акыркы дартын угууга көңүлдөрүн коё аны тиктешти.

— Таксыр судья! Сиздерге акыркы арыз-арманымды айтууга мага кенен мүмкүнчүлүк берesиздер! — деди ал. Төрага «бердик» дегендей кабагын чытып, башын ийкемиш болду. Таабалдынын шаңкылдаган үнү созула чыкты:

— Төрөлөр, сиздер Дадашев мырзанын өлүмүн менден көрөсүздөр... Ал өлүп кутулду, анын жалаасы мага калды. Мен буга таң калбайм. Акыл-эсинен ажыраган неме жан берерден кичине эле мурдараак «мени башка урган Таабалды боло турган эле!»... деп божомолдоптур. Күбө ката-

рында надзиратель Никифоров өлгөн Дадашевдин божомолдогонун аныктап, жанын сабап мени каралайт... Эгер улуу даражалуу императордун амири менен чыккан мийзамда, шек саналса эле, ошол киши акпы же карабы, иши кылып жазага тартылсын деп ачык көрсөтүлсө, анда менин күнөөм жок болсо да жазага тартууга сиздер эриктүүсүздөр... Жок, адилеттик менен ар бир адамдын тагдырына калыстык керек экен, анда Дадашевдин өлүмү үчүн кандайча мен жазага тартылам? Аңсыз деле Мамед мырза өзү өлмөк эле... Дадашев Түркстандагы караңгы элди Россиядан бөлүп чыгып, өзү үстөмдүк кылып падыша болмокчу экен. Өлөр алдында ал каргашалуу маркум мага ошо жөнүндө далай какшаган. Балким, анын бийликке каршы ошондой арамзалыгын сезген бир ак пейил неме андай бузукуну кулак түпкө коюп жайлаган чыгар....

Россияга чыккынчылык кылган эки жүздүү, барып турган кара ниет, абийирсиз Дадашевдин өлүмү тууралуу Таабалды Жөкеевди катуу жазага тартууга сиздерге ылайык келер бекен? Менин караңгылыгым сиздерге белгилүү эле го... Кайда чындык? Кана адилеттик? Жалган жалаа менен менин түрмөдөн башым чыгалек!.. Күндүн көзүн көрүүгө зар болуп, караңгыда камыгып жатканыма канча жыл болду?.. Мен да адаммын. Ырас, мен ак сөөктөрдөн эмес элем... Карапайым жумушчумун. Кыйноодон мен качан кутулар экенмин? Же дайыма «жалаага жыгылсын» деп кудай таала менин бешенеме жазып койгонун сиздер көрүп турасыздарбы, анда ошону айтсаңыздарчы?!

Кызуу сүйлөп жаткан Таабалдынын шаңкылдаган үнү саал басыла түшкөндө сот анын сөзү «бүттү го» деген ойго келди. Ал кайра сөзүнүн акырына чыгууга ашыкты.

— Прокурор мырза мени «сен бийликке каршы элди нааразылыкка үндөгөн кишилерденсиң» деп сурак башталганда эле мени күнөөлөөгө аракеттенген. «Большевиктер кайда? Алар асманда учуп жүрүшөбү? Же жер үстүндөбү?..» Тергөөчү мырза текшерүүдө «Сен Ленин деген кишинин кайда экенин билерсиң?» деп мени көп кыстады. Мына кызык... Бу өтө кызык. Эгер ошол кишинин кайда жүргөнүн мага окшогон байкуш билсе, анда ал бу түрмөгө жатмак эмес... Таксыр судья өмүрүмдө мен таанытбаган, падышаны жек көргөн, бийликке каршы чагылгандай тийген Александр Пудовкин аттуу кандайдыр бир революционер менен мени чаташтырып, карапайым, сабатсыз мага окшогонду кууганттукка алдыңар... Таксырлар, мен жети-

суулук кутчу деген уруудан, Жукенин уулу Таабалдымын. Туулган жерим белгилүү Ысык-Колдүн жээги. Атам Таластан экен. Кыргыз тоо арасында бытыран жүргөн каранғы, эзилген калк... Эгер кыргыз тукуму кокус жазып тайып, ушундай чоң шаарга жан багууга келсе, анын башы жок жалаага кириптер болуп, өмүрү түрмөдө камыгын өтөрүн мен мурдатан билсем, анда ач-жыланач болгонума кайыл болуп тоодо эле жүрө бербейт белем. Албетте, мендей карыптардын күнөөсүн кечүүгө сиздердин кудуретиңер жетсе да... андай ырайымды мага силер ыраа көрбөйсүңөр.

Мына, эми мен сиздердин мага берер жазаңарды алууга даярмын!

Анын аянычтуу сөзү бүткөндө залда кыймылсыз отурган кишилер элеңдешип бири-бирин тиктешет. «Бул күнөкөр кутулуп кетсе, эң алды менен менин мээмди былчыйтат... Мага жан керек... муну куткарууга болбойт!..» деген ойго келди прокурор. «О... Бу оңой жоо эмес... Бошонсо биздин көздү чукуйт!» дей берди сот өз ичинен. Анан ал сүрдүү кебетесин көрсөтө:

— Сот кеңешүүгө кетет!— дегенде мырзалар жылт беришип жок болушту.

Сот кеңешмеге кеткен соң залда калган жай кишилердин кайсы бирлери кете беришти. Акырына чейин күтүп көндөр өздөрүнчө баштарын бири-бирине тийгизишип шыбырашып, анда-санда гана тиги сакчылар сагалашып кайтарышкан күнөөкөргө ичтери ачышкандай аны астыртан карашат. Катерина ордунан карыш жылган жок. Ал эч кимге сыр алдырбай кайдыгер кишиче гана билмексен болуп, өзүн бекем кармоо менен алек. Бая сурак кызуу жүрүп жаткан маалда гана ал зээни кейигенинен көзүнө кичине чолок жаш алган. Аңгыча Таабалды кажыбас кайратына келе түшүп, мырзалардын ооздорун «аппак» кыла баштаганда, бул жаш келин эринин болжолдо жок эрдигине сыймыктанып, кубаттана түшкөн. Бир оокумда Таабалдыны калкалап турган желдеттин бири бир нерсеге алаксып ордунан козголо берди эле, Катянын жоодураган көгүлтүр көзүнө жарынын келбети учурай түштү, келин ошондо гана кичине толкундап, чыдай албай кетсе керек, ал эрин көздөй жүткүнгөндө «Артка!» деген ачуу үн чыгып, бечара жаш неме ыза боло түшүп, билмексен боло оолактай берди. Катеринанын жүрөгү сыздап, денеси от менен жалын. Тар залдын ичи үн болуп турат. Бир чети

ызаланып, экинчиден, ымшып терден, эки бети апардай албыра түштү. «Тирүү калтырышса эле болду...» дей берди ал өз ичинен. Тегеректеги кишилер биерге жөн гана суракты угууга кызыгып келгендер эле, кай бирлери шек санагансып Катяга таң калгандай карашат. «Мунун эмне дарты бар?» деп суроодон батына алышпады. Мындайда ар ким өз башынан чочуйт да. Ошол маалда капилеттен:

— Сот келатат! — деген ачуу үн угулду. Залдагылардын баары добуш чыккан жакка кулактарын түрө калышты. Эч ким үн каткан жок. Демейдегидей бир паска тынчтык өкүм сүрдү. Округдук соттун ачык заседаниесине төрагалык кылган Гороховский мырза күнөөгө тартылган айыпкер Александр Пудовкиндин тагдыры жөнүндө айтууга шашты.

Ак падышанын амирине ылайык, жазалоо жөнүндөгү жыйнактын биринчи бөлүмүнүн 1454-статьясына жана ошону бышыктаган -766-жана 771-статьянын үчүнчү пунктунун аныктоосунун негизинде, Ташкенттин округдук соту Александр Александрович Пудовкинди кырк беш күнү катары менен күнү-түнү адам баласы башынан өткөрүп көрбөгөн кыйноого алынышы тууралуу ырайымсыз өкүм чыгарды... Ошо чоң жазаны күнөкөр өз керт башы менен тартып бүткөн соң, ал андан кийин дагы отуз жыл бою каторгада, эриксиз айдоодо жүрүп кара жумуш өтөөгө өкүм кылыныптыр. Отуз жылдык өмүрүн Пудовкин кыйноо менен өткөзсө да, дагы кошумча он беш жыл сыноодо темтеңдеп сүргүндө жүрө беришин өкүмдө бөтөнчө белгилептир.

Ушундай мазмунда чыгарылган өкүм окулуп бүткөндө суракты угууга кызыгып мында келишкен жай кишилер өз жандарынан түңүлүшүп, алардын өңдөрү күлдөй бопбоз. Соттун өкүмүндө көрсөтүлгөн көп жылдарды өздөрүнчө кайра эсептешсе денелери муз менен таш!.. «Ах! Ах! Аянычтуу!» дешет. Мырзарлар буга окшогон кейиштүү үндөрдү капарына алышкан жок. Төрөлөр өкүм окулуп бүтөр менен бечара Таабалдыны көргүсү келишпей жылып жоголушту.

Катя мурда сыртка чыгып, артын кылчактап эшиктин далдоосунда турду. Бир маалда кишендин шылдыр эткени угулду. Ал мойнун созуп карады эле, анын күйөөсүн айдап келатышкандар Катянын босогого келе калганын көрүштү. Күйүттүү бечара күнөкөрдүн алдында келаткан желдеттен жазганып башын тартып алганда, тигил неме

элес албай андан кыйчалыш өтө бергенде колу-буту кишенделүү Таабалдыны айдап чыгышты. Катя бурчтан карп-курп күнөкөрдүн алдынан чыга калды эле, арткы желдет «тур мындай!» деп келинге олунганда Катя токтоно албай «Саша!» деп жиберди. Таабалды чынжырлуу оң колун өөдө көтөрүп, «менден үмүтүңдү үзбөй күт!..» дегенде, туш-туш жактан «бас жаагыңды!» деген айдоочулардын зекиген үндөрү тең жарыша чыкты. Жанараак эле ачык турган асман ал эки сааттын ортосунда кара булуттар калдайып, тунук көктү чүмкөп калган. Кулакты тундура күн күркүрөп, чагылган чартылдап, кара нөшөр көз ачырбай аябай төктү... Күнөкөрдү «Бат бас!» дешип желдеттер шаштырат. Таабалды денесин калың жаанга тосо берип, колу-бутундагы кишенди шылдыратып, тоотпогондой жай илкиди. Бул жапа чеккен адамдын бет алдынан жолуккандардын жүрөктөрү шуу дей түшөт. «Убал... убал!» деген үндөр чыгат. Жаан күнөкөрдүн өтмө катарынан өткөндө булар түрмөнүн темир дарбазасына араң жетишти. Темир кара дарбаза шарт ачылар замат күнөкөрдү ажыдаар оп тарткандай соруп алды... Арт жакта акмалап келаткан ак саргыл, жаш келин жарынын денесин темир капка далдалап калганын көрүп, бир топко дейре аны кайра чыгарышар бекен деп үмүттөнгөндөй селдейип туруп, анан жоолугу башынан ийнине түшүп, чачы жайылып кеткенин сезе койду да, саргыч кызгылтым түстүү жоолугун оңдоп байланып, күндүн күркүрөгөнүн мелтирен тыңшай калды... Мунун неге мынча аны жактырып тыңшаганын ким билсин. Балким, келиндин билишинче чагылгандын чартылдаганында терең бир маани бардыр...

Чубап өтүп жаткан түн... Опосуз кайгылуу күн... Таабалдыдай азаптын чогуна какталган пендени издеген адам балким чанда гана табар, мүмкүн таппас... Карцерге салып кырк беш күн камоо деген айтууга гана оңой!.. Карцерге матап карсылдатуу качан бүтөт. Адамды эч болбогондо кичине аяшса боло? Мыкачылар өздөрүнүн мөрөйү үстөм болгонуна кубангандай, күнөкөрдү табалашып карс-карс күлүшөт... «Капырай, укмуш, мунун денеси болоттон жасалган го!..» Алардын өздөрү да таң калышат.

Денеси көк-ала, былк этсе сөөк-саагы какшап, жаны көзүнө көрүнгөндөй алек-чалек болот. Доктор күнөөсү күчтүүлөргө эң оор учурда гана жардам көрсөтөт имиш. Түрмөнүн чоңдору Таабалдынын тулку боюнда соо жери жоктугун күндө көрүп турушса деле көрмөксөн болушат.

Чоңдордун куру шылтоолору көп... А түгүл, ушундан кутулсак дегенде эки көздөрү төрт. Таабалдыдай дайындуу кишилерди желдеттер оңой-олтоң эле будамайлай албайт, өз баштарына каран түн түшөрүн сезишет. Мындай белдүү кишилердин арт жагында караан болгон калың журту бар. Төрөлөр өздөрүнө бетме-бет чыккан адамдарды мыйзамга таптап, ыгы менен жигин билгизбейт. Таабалдынын мерт болушун мырзалар чыдамсыздык менен күтүшүп жүрүшкөнүн көп болгон... Бирок, кантип муну жок кылышар экен?..

Адамга чыныгы жолдош табылуу кыйын. Адамдын арааны жүрүп турганда гана ага көрүнгөн жолдош, дос, тууган чыгат Ал эми кокус жамандык башка түшкөндө ошолордун чанда гана бири арац саламга келет... Таабалдынын сапарлаш жолдоштору андай жеңил-желпи кишилерден эмес Камакта жатышса да, алар Таабалдыдай максатташ жолдошун, досун кантип унутушсун!

Жамандык жерге кайдан жатсын. Бакан ооз Мамед Дадашевдин өлүмү жөнүндө Таабалдыны сот катуу айыптаганын кырк биринчи камерада жаткан саясий күнөкөрлөр: Климов, Иликин, Филипенко жана бөлөк камерада зарыгып жаткандар алда качан угушкан. Александрды желмогуздар коркунучтуу карцерге салышып, уу чеңгелдери менен жабыла мыжышып, тырмактарын анын денесине матырышканы кимге маалим эмес. Азап чеккен кырчын жаштын тагдыры тууралуу жолдошторунун ичтери ачышып, зээндери кейийт. Бирок, булардын колдорунан келер эмне арга бар? Жакын жолдошторунан эң жок дегенде кенедей жардам болсо, Таабалдыга чоң дёмөөрүн болор эле. Кароолдо турган сакчылар сагызгандай сак. Чоңдору алардын да сазайын беришкен. Алар төрөлөрүнө кара санабаска касам ичишиптир. Кокус шыры эткен шыбышты сезишсе, секирген бойдон улуктарына жеткизишет. Кыйын кырдаал, оор шарт. Эми кантиш керек?..

Таабалдынын замандаш жолдоштору аны куткарууга абдан аракет кыла башташты Баягы Шакир абышка эптеп тырмалап бир жылчык таап, калаадагы абалды Лебедев менен Катядан билип, туткундарга кээде шыбыш берет. Аз күндөн бери чалдын бардык аракети Таабалды жөнүндө. Түрмөдөгү мээнеттүү түйшүк түгөнбөйт. Чал керели-кечке кыбырап, кара жанын карч урат да жүрөт. Аны түрмөнүн чоңдору: макоо, акылы жок, дөдөй кишидей көрүшөт... Шакир салабаттуу, токтоо, көптү көргөн адам.

Түрмөдө иштегенден бери тигил мырзалардын ага берген сынынан улам «макулуктун» так өзү болуп калган. Башкаруучулары «Бу көксөө, кайсар чал!» дешип, Шакирди кемсинтишет. Жагдайга жараша чал да өзүн куду эле тигилердин айтканындай алып жүрчү. Кай бир учурларда карт бөрү кароолчулардын көзүнчө, күнөкөрлөр короого эс алууга чыга калышканда ар кимге «Аманбы? Соосуңбу? Эми жата бер... Күнөөң арылган кезде начальник экөөбүз сени бошотобуз!» деп ал тамашалап калса, артыкча анын «начальник экөөбүз!» деген сөзүнө «шордуу чал, баарыдан начальникке мунун теңтуш боло калганын көрсөң» дешип, желдеттер аны шылдыңдап күлүшор эле.

Таабалдынын жолдоштору бир айла таап, аны түрмөдөн качырууга масылат кылышып, нечен жолу аракет кылып көрүштү. Бир кароолчу менен Таабалды жөнүндө сүйлөшүштү эле, ал шордуу өз башынан коркуп, жаа бою качып болбой койду. Аныcынан эч натыйжа чыккан жок. Таабалдыны куткарууга түк жылчык табалышпады. Ары ойлонушуп, бери ойлонушуп досун бошотуу үчүн эртеликеч камерадан чыгышканда Шакирди көзөмөлдөп жүрүштү. Бир күнү күндөгүдөй камерадан чыгышса, Шакир чоң челектерге суу тартып жаңы эле келген экен... Кыраакы чал кара күчкө кайпактап, атын сыламыш этип, беркилерди астыртан акмалап кароодо. Климов кароолчуга көрүнбөй жолдошторунун далдоосуна тура калып, тиги Шакирге ишаарат кыла, ага кол араанын керектигин түшүндүрүп, ошону тезирээк Таабалдыга киргиз дегенсип жаңдаганда, көптү көргөн кыраакы чал астыртан «макул» дегендей жаңсап белги берди.

Бир күнү чак түштө кароолчу беш атарын туурасынан колтуктап, кезек-кезек оозун ачып эстеп, өзүнчө күңкүлдөп, аркы-терки басып жүргөн Таалайга жараша күн ысык... Анын үстүнө түрмөнүн чоңдору ошо күнү жер жутуп кеткендей дарексиз. Эки күндөн бери ыгын келтире албаганына Шакир кайгырат. Ал тим эле кайпактап короодо жүрдү. Кароолчуга ишенип, надзиратель Никифоров небак жылт берип жок болуптур. Чал адатынча кыңкылдап ашканага кирип-чыгып жүрсө сакчы чебеленип, эки жагын карамыш болуп, шашкалактап, соомөйүн былкылдатып берки Шакирге — мен тиги падыша жөө барчу жакка барып келейин... Кысталып баратам. Сен камерага сак боло тур! — деди да, мылтыгын ийнине салып, божоңдоп жүгүргөн бойдон кетти. Кароолчу жылт берери менен

Шакир көзгө илээшпей Таабалды жаткан камерага жетип, колтугуна катып жүргөн кичинекей арааны эшиктин алдыңкы кычыгынан эптеп сойлотуп:

— Таабалды, сен кишенди араалай бер!.. Сени качырышат! — деп чал шашканда:

— Шакир аке! Туз... туз киргизгиле! — деген Таабалдынын үнү кичине жылчыктан сүрдүү чыкты. Камеранын ичи ага адам баласын оп тартчудай сезилет.

— Куп. Кош, балам,— деди чал жашоорул.

— Биздин кишилер кайда?

— Алар деле ушунда!

Шакирдин денеси бир муздап, бир ысыйт... Ал жүгүргөн бойдон ордуна келди. Кароолчудан али дайын жок. Короонун ичи мемиреп жымжырт... Шакир эки жагын элеңдеп каранып, анан кырк биринчи камеранын эшигин көздөй буту үзүлгөнчө жүгүрдү. Климов менен Иликин көзүнө учурады. Көрсө, алар да тешиктен акмалап турушуптур.

— Арааны алды,— деди Шакир.

— Бали. Эң жакшы болуптур.

— Биз ошону качыруунун аракетинде болобуз, баягылар бирдеме бериштиби?

— Беришелек.

— Кокуй. Көрүп калышпасын.

— Биздикилерге жолук.

— Макул! Китепти тышка чыкканда даараткананын үстүндөгү тактайдын көңдөйүнөн таап алгыла!

Булар менен сүйлөшкөндөн кийин чал короонун так ортосуна жетер замат кароолчу алактап даараткападан келе калды.

— А... ака жакшыма? — деди кароолчу өзбекче чала сүйлөп.

— А, господин хорошо! — деди Шакир ишин бүтүрө койгонуна ичинен кубанып. Кыраакы чал кыдыңдай басып, дароо оолактоого тырышты, күтпөгөн жерден короонун сыртынан кимдир бироонун ботодой боздогон үнү угулат. Шакир арабага чеккен атты сугарганы көчөгө чыкса, баягы балтаны жоготкон шордуу ашпозчуну округдук соттон дегдеңдетип айдап келатышыптыр. Ашпозчу өңүнөн азып, этинен шылына түшүптүр. Жанагы боздогон шордуу ашпозчунун зайыбы, бала-бакырасы экен.

Камеранын ичи көрдөй тар. Күндүз күңүрт, түн кирсе, мунун ичине түпсүз караңгылык жамырап өкүм сүрүүдө...

Таабалды ач. . Чечен-бычып беримиш болушкан бир сындырым нан менен ал өзөк жалгайт. Жолдоштору Шакир аркылуу буга араа киргизгенден тартып ал шыбагасына тийген өлчөмдүү насибин өзү кемитти. Анткени, араа колуна тийген күндөн баштап Таабалды шек алдырбай чынжырды араалай баштаган. Желдеттер камераны күнүгө бир маал тинтип чыгышат. Алардын тинтишер кези жакын калган убакта Таабалды өзү жебей сактаган нандын жумшагы менен, арааны нардын тактайынын алдыңкы бетине дароо жабыштыра коёт. Канча сак болсо деле тигил митайымдар жаземдебей акыйып турушат. Кароолчулар бир паска көз жаздым боло калышса, Таабалды арааны каткан ордунан шып ала коюп, суук көздөргө шек алдырбай чынжырды араалай берет. Колу жооруп, көзү талыйт... Ошондо ал бел байлап чымырканат.

Эки колунун алакандары ыйлаактап молтүрөп чыкты. Жылас болгон чынжыр да жоон. Таабалды араанын сабына этегин ороп алды да, «чыда жаным, чыда!» деп чынжырды желдеттерге көрсөтпөй таарыганын токтоткон жок. Ай азаптуу күн ай! Акыры чынжырды таарып бүттү. Чыдамкай көк жалдын эми көңүлү жайлана түштү. Ал чынжырдын арааланган эки учун «сактыкка кордук жок» деп бириктирип, ортосунан бекем таңып койду.

Эми ыгын таап качуу гана калды. Бирок, кантип? Бардык кыйынчылык мына ошондо! Аны качырууга аракет кылар ишенимдүү киши жок. Таабалды чынжырды арaалаганын берки камерада зарыгып жаткандарга шыбын берүүнү ойлоду. Жер соргон желдеттер акыйып турат. Мындай кысталышта эбин таап аны качырар жүрөктүү кароолчу чыкпады. Бардык аракет текке кетти. Эр жүрөк күнөкөр акырын чекмелеп, ар кайсы кароолчуну сыртынан тооруду эле, булардын колунан жакшылык келбөөчүдөй. Шакир чал менен да ыгын таап сүйлөшүүгө такыр мүмкүнчүлүк болбоду. Бөлөк камерадагы жолдоштору муну качырууга дилгир. Бирок дагы эле ишеничтүү кароолчу жок.

Таабалды чынжырды таарып бүткөндөн беш күндөн кийин бешим ченде эшиктин кичине жылчыгынан короонун ичин карап турса, бөкчөңдөп арабасынын жанында жүргөн Шакир чалдын карааны анын көзүнө элес-булас чалдыга түштү. Эми кантиш керек? Кандайча тиги киши менен жаңдашат? Кароолчулар тынымсыз ары-бери басып турушат. Алардын сактыгы сагызгандай. Мант берүү жа-

гыпап түлкүдөн кем калышпаган жеткен шумдар... Надзиратель Никифоров сербейген саргыч мурутун оң-тетири сылап коюп, каадасынча купшуңдап, кам жегендей камераларды байкоодо. Аңгычакты жел жүргөндө ашкана жактан бышып жаткан тамактын жыты буркурап кантады эле, надзиратель сугалак неме жыт чыккан жакка таноосун дердеңдетип ашканага басканда, берки бирин-экин кароолчулар бурчка чогулуша калышып, өздөрүнчө баштарын кейкеңдетишип, сөзгө алаксый калышты. Ыгын келтире албай араң турган Шакир чал берки Таабалды жаткан камераны тиктесе, кишинин карааны көрүнбөдү. Таабалды беркинин көрбөй жатканын даана байкап, жылчыктан колу менен жаңдады. Чал ошол тараптан көзүн албай караганда «араалап бүткөмүн!» дегенсип күнөкөр ага жаңдады. «Жол туюк. Түк айла табалышпады» дегенсип чал Таабалдыга кайра белги берди. Качууга жардам берер кароолчунун жоктугуна эми түшүндү. Кароолчудан бир айла болбосо, чынында бул зындандан качуу кайда!..

Таабалды нардын тактайынын үстүнө чыкты. Ал кырынан кыйшайып, качуу жөнүндө термелип терең ойго батты. Күлүк ой зымырап алеки сааттын ортосунда кыйла санааны сапырды. Ага эч арга табылардай көрүнбөгөн соң үмүтүн үзүп түңүлөт...

«Акыл табышар жолдош-жоролор да жанымда жок. Алар да мага окшош камыгып жатышат. Э, Таабалды! Сен жарыкчылыктын шооласын качан көрөр экенсиң? Таалай талашуу оңой эмес экен го! Боштондук... эркиндик! деген бизге кымбатка турат көрүнөт! Жалгыздыгым... жалгыздыгым! Эгер жолдошторум жанымда болгондо...»

Ал өзүнчө күңгүрөнүп, кыймылсыз жатат. Жамбашынан катуу тактай өтөт. Жаралуу денесинин ар кайсы жери тызылдап ооруйт. Баятан берки кыжырланганынан эчтеме чыкпасын сезе койду. Нечен кыйынчылыкты көтөрүп көргөн, багжайган кайран берен, жабыр көргөнүн мындан ары унутууга тырышты. Көрүнүшү суук... Карыптык башына түшкөн адамдын көңүлүн ого бетер чөгөрүп, кайгынын жарчысы сыяктанган ушу мээримсиз камеранын ичи жымжырт... Бопбоз дубалдын бир гана жерин теше тиктеп жаткан Таабалды бир оокумда денесиндеги жараны сезбегендей ыргып турду. Ак калай кружкага суу куюп туздучылады. Дат баскан калай кашык менен аны аралаштырып, анан туздуу суу менен бутундагы ыйлаактаган жара-

ны бүт жууду. А түгүл кай бир жерин ооруса да тиштенип чыдап, кызыл ала кылын тырмап койду...

Ансыз да мунун башынан азап арылалек эле го. Ден соолугу өтө начар. Түн кирди. Эртеси эртең менен жарасынын баары шишип чыгыптыр. Эки буту тимеле дулай. Кара көк тартып чыңалат! Азоолок убакыт өткөндө жаранын шишиги аны кандай абалга алып барарын ким билсин. Аттиң ай! Чабалдык кылгандай Таабалды мажүрөө жигиттен эмес эле го? Же мырзалардын адилетсиздигинен кутулбаганына өчөшкөндөй эми өз жанынан кечкиси келдиби? Эл камын жеген чоң максаттуу кишилер душманынан кордук көргөн сайын күчөчү эмес беле?..

Экинчи күнү Таабалды ордунан араңдан-зорго козголду. Камераларды тинтип жүргөн врач мунун шишип-көөп кеткенин көрүп, чоңдоруна ошол замат билдирди. Денесин тулуптай болуп шишик баскан Таабалдынын кебетесин көргөндө врач өз жанынан түңүлө түшкөн... Түрмөнүн чоңдору күнөкөрдү эң эле аша чаап кыйнашканын сезишип, өздөрү да чочушту. Сыркоону колдон келишинче ылдам дарылоонун өтө керектигин врач каңкакшап айтты. Эгерде госпиталда дарылабаса, күнөкөрдүн каны бузуларына шек жоктугун врач чоңдорго айрыкча катуу эскертти. Түрмөнүн билермандары өздөрүнүн үстүнөн карашкан улуктарынан алышкан уруксатына жараша, кесел Таабалдыны кароосу менен ошол эле Ташкент калаасындагы согуштук госпиталга ылдам жеткирүүгө буйрук берүүгө мажбур болушту. Госпиталь түрмөгө катарлаш эле.

Түрү суук түрмөнүн караңгы, сасык камерасына караганда, госпиталдын бөлмөсү Таабалдыга тимеле бейиштин төрүндөй көрүндү. Ага биерден даамдуу тамак берилет. Жаткан төшөнчү-орду таза. Аны дарылап, жараларын, шишиктерин жандырууга боорукер доктор аябай катуу кириشти...

Жараттан жаны жапа тарткан Таабалды мурдагыдан саал тыңып, ирденүүдө... Күндөн-күнгө тыңып келатат... Анын колу оор чынжырдан бошогон. Бутундагы кишен мурдагысындай шалдырап түшпөй жүрөт... Мууну кире баштаган сайын ал өңүнө чыгып, эр чырагы — эки көз жоодурайт. Бүткөн боюн жыш баскан жаранын карттары сыйрылып түштү. Анын ордун кара так басты. Таабалды жарык терезеден күндүн нуруна көөдөнүн тосот. Калаанын ичинде жибектей желбирген жел анын бети-башын аймалап, дем берип сергитет. Мунун мындан мурда көргөн

чексиз кордугу, журогүнө түшкөн тактын белгиси кайдан эсинен кетип унут болсун. Таабалдыны оорукапага мырзалар боор оорун жаткызышпаганы кимге болсо белгилүү го. Ал бекем чыдамдуулугунан, баягы караңгы камерадагы туз анын шылтоосуна шыноо болгон. О, бул кыргыздын уулу корор күндөн үмүт үзбойт!..

## 4

Госпиталдын бийик боз дубалы бар эле. Ошонун ар жагында не бар, не жок экенин онтошкон оорулар кайдан көрүшсүн. Дубалдын сыртынан чоң үйлөрдүн төбөсү, узун жыгачтар көрүнөт. Андан бөлөк аяктагы тиричиликтен госпиталдагы оорулар караманча кабарсыз... Туткундар күңдүр-түңдүр бөлмөдөн карыш жылышпай бук болушуп, терезеден Азиянын көгүлтүр тунук асманынан көздөрүн айрышпай суктана карашат. Талдын, теректин саргая баштаган жалбырактарын көрүшүп, жайдын кеткенин, өмүрдүн зуулап өтүп жатканын ойлогондо кайгыруу менен үйлөрүн эстешет. Тыңып келаткан оорулууну өз эркинче ээн-жайкын госпиталдын кенен короосунун ичине жүрүүгө ким коюптур. Артыкча, Таабалдынын денесиндеги быжыраган жаралары эми гана араң айыгып келатат. Бүткөн боюнан шишик тегиз тарай элек. Ошентken менен ал күндөн-күнгө тыныгуунун үстүндө. Мында жаткан сыркоолордун сырын билбеген соң, аларга чечилип тилегин айтуу Таабалдыга коркунучтуу. Госпиталга түшкөн саясий туткундар билинбейт. Балким, мырзалардын запкысынан ооруга чалдыккан бирин-серийндери бөлөк бөлмөлөрдө кайтарууда жүрүшкөндүр. Түрмөдөн быякка туздун жардамы менен Таабалдынын келгенине бир топ убакыт болду. Эртели-кеч абайласа, андай кишинин шеги билинбеди. Бир бөлмөдөгү оору бөлөк бөлмөдөгү ооруга жолугуу эң тыкык. Ал тууралуу жогорку чоңдордон катуу буйрук бар эле.

Таабалды менен бирге бөлмөдө жаткан: жапалдаш бойлуу, сол жакка чекеси тырык, көзү бакырайып чапагынан чыга тургансыган сары чийкил киши сарык болуп жатат. Доктордун айтуусуна караганда оору анын боорунда, өтүндө экен. Бул илдет аны тооруганы аз келгенсип бечаранын сол колу да сынык. Өзүнүн айтуусуна караганда, бир чиновниктин баласы ойноп туруп кудукка түшүп өлөт. Ошо баласы чөгүп өлгөн чиновник «Сенин балаң менин

уулумду кудукка түртүп ийди!» деп буга догуп артат. Анын ак жерден жалаа менен түрмөгө түшкөнүнө Таабалды анча таң калган жок.

Таабалды өзү бирге жаткан Антон менен далай жолу маектешкен. Аны өз жолуна тартып алуу үчүн үгүттөгөн жок. Бир күнү Антон терезе жакты кайра-кайры жалжал карап турган, анын көзүндө жаш. Бир оокумда, ал соо колун өөдө көтөрүп, барбайган шадыларын түйүп: «Эх, түрмүш!» деп кыжырланып, анан жүгүргөн бойдон барып, каалганы муштагылап ачууланып өксүдү. Таабалды ага кайрат айткысы келбеди, «мейли дагы күчөй түшсүн» деген ойдо эле. Күнөкөр бир топтон кийин соолукту да:

— Улуу императорго дартымды айтып, андан ырайым сурап жазганыма көп болгон. Андан ушу кезге чейин жооп жок. Кыязы, падыша бир жакка саякат кылып кетсе керек... Же менин зарым ага жетпей калдыбы, айтор эмне болгонун биле албай башым маң болду,— деп ал алаканы менен чекесин сылай улутунду. Таабалды эмнегедир күлүп жиберди эле, тигил күнөкөр аны табалап жаткандай сезип, териге түштү да, кабагын чытып:

— Сен эмнеге күлдүң? — деди.

— Тууган, сен мага ачууланба!

— Мен өз дартымды айтсам, сен күлөсүң да? Анан кантип ыза болбоюн?

Таабалды ордунан турду, эшик жакка каш кагып коюп, анан беркинин жанына акырын келип отурду:

— Сен мага кыжырланбагын, тууган. Мен шылдың кылып күлгөндөй сен эмне мага кас белең?

— Неге каткырасың? Эх, шайтан десе!

— Сен кимден ырайым сурап арыз жаздың эле?

— Кимден дегениң кандай? Падышадан... атакебизден!..

Таабалды мурутунан жылмайып күлгөндө, тигинин башы кейкеңдей түшкөндө, Саша андан минтип сурады:

— Айтчы, бурадар, сени менен мендейлердин падышасы барбы?

Антон селт дей түштү.

— Атакебай! Мен эмнени угуп жатам?! Эмне, императорду тактан кулатышты беле?..— Ал тизесин муштап, анан Таабалдыны акырая карады. Эрди көгөрүп, калч-калч этет. Баса, мен байкушка андан жооп болбогонунан бир маңдем бар эле дейм да. Баса дейм да. Сен мага уккан кабарыңды дурустап айтсаң?

— Мен ал жонундо эчтеке угалбадым. Деги, менин байкашыма караганда, падыша саа, маа окшогон шордууларга ырайым кылбайт дешет го. Балким, ошо чын чыгар.

Антонго бу сөз тимеле аны бирөө ийне менен сайгандай тийди.

— Анан ал кимге жакшылык кылат имиш? Кимдерге анын кайыры тиет? О, кудай, деги кимге ишенүүгө болот.

— Ким билет. Ал жанагы ак сөөк мырзаларды колдойт көрүнөт. Чиновниктердин, помещиктердин, фабриканттардын жана ушуларга окшогон мырзалардын кедейлерге, жумушчуларга ырайымы бары, жогун менден көрө сен ачык билерсиң деййм?

Антон башын чайкап, коңур саргыч бапыйган сакалын сылап, өкүнө сүйлөдү:

— Эх! Ошону мен да сездим эле...

Таабалды аны ого бетер кайрамак болуп, акырын ага өткөн бир окуяны сүйлөдү:

— Антон, сен бир миң тогуз жүз бешинчи жылы Петерде кандай шумдуктуу окуя болгонун балким уккан чыгарсың?

Колу сынык оорулуунун саал кабагы бүркөлө түштү.

...Ошондо падышадан ырайым сурашып барган жумушчуларды кырыптыр дешет го!..

— Ошондой болсо керек. Жаңа айттым го, падышадан мен да ырайым сурадым эле...

Таабалды сөзүнүн акырын бүтпөй токтогондо, Антон башын чайкап, көзүн жүлжүйтө кетти.

— Атакебиз сага ырайым этти беле?

— Андан мага болгон ырайым мына бу, өзүң көргөн азаптын тагы, маа мындан артык андан кандай ырайым жана жакшылык болсун.

— Да!..— деди Антон башын мыкчып.— Жети балам ач... жылаңач... өзүм түрмөдө отурам. Атакебизден ырайым жок? Охе! Хи-хи-хи-хи!

Таабалды ага акырын шыбырады:

— Чындыкты тиги мырзалар сени менен мендей байкуштарга ыраа көрүшпөй, түпсүз деңиздин түбүнө таштап жиберген дешет го?

...Пудовкин унчукпай жанында шылкыйып отурган оорулуу күнөкөрдү тикерее тиктеп, аны көрсүн дегендей бутундагы кишендин тагын көрсөтүп, сөзүн улаганда анын жанындагы армандуу бечаранын денеси дүркүрөдү...—

Мына мырзалардын сен экөөбүзгө арнап берген «чындыгы!» Көрүп ал! Көргүн!..

— Аттиң ай, караңгылыгыман ошого көзүм жетпептир.

— Балким, сен мени бузуку кишидей көрөрсүң.

— Жок... жок. Айтчы, айланайын, канткенде ушул азаптан кутулабыз? Кордук... кордук! Камыктык! О, жараткан, кайдасың?

— Тууган, эгер сен макул болсоң, бу кордуктан кутулар азырынча бир гана айла бар...

— Кандай?

— Биз оорубуздан айыгып келатабыз. Аз күндө бизди мобу жаныбызда турган түрмөгө кайра кууп барышат. Анда барганда мындан жаман оор күндөрдү көрөрүбүз ачык. Ырассы? Ошондуктан аракеттенбесек, кийин кеч болуп калар дейм. Сен кандай дейсиң?

Антон саал-паал ойлоно түшүп, анан ал тике маңдайда отурган Таабалдыга мойнун созуп:

— Эми кантиш керек? — деп, акырын сурады.

— Эртерээк камынып качыш керек...

— Кантип?

— Эгерде сен макул десең, качуунун айласы табылат...

Жабыр тарткан оорулуу күнөкөр сүйүндүбү, анын шапайган ак саргыл жүзүнө тамылжып кан жүгүргөнсүдү. Ал бир топко дейре убада берүүдөн чочугандай кейиптенип ыргылжың болду. Тасырайган маңдайынан муздак кара тер чыкты... Ал ойлуу, бөлмөдө аркы-терки басты. Бул минтип оюн бир жерге токтото албай кысталып, олку-солку болгондо, «Бечара такшалалек неме да, кантсин» деп Таабалды өзүнчө бер жакта ойлонуп отурат. Ошол учурда уясына кылкылдап батып бараткан күндүн кызыл нуру терезенин айнегине чагыла тийгени тигинин көзүнө чалдыга түштү. Күнөөсүз күнөкөр колун шилтеп:

— Болуптур, качууга мен макулмун. Кайра кармап алышпаса эле болгону... аракет кылалы? — деп, ал каргылданган үнүнө эң этиет боло араң шыбыраганда, Таабалды:

— Эртеңден тартып аракет кылбасак кеч болуп калат!..— деди эле, тигил киши өзүнчө «Демек, эртең... эртең!..» деп кайта-кайта күбүрөдү.

Бешинчи сентябрь. Таң ак таштагандан асманды ала булут чалган. Күндүн көзү булут арасынан бирде жылт этип көрүнө калса, кайра булуттун арасына далдаланып

жоголо түшөт. Сыдырым жел бак-дарактардын жалбырагын жай гана желбиретет. Чак түштө кара нөшөр төгүп өткөн. Бөлмөдө көздөрүн жайнатып, зарыгып жатышкан күнөкөрлөрдүн демейдегидей кабактары бүркөө. Таабалды менен Антон сан күндөн так ушул күнү буларга каршылыккансып жаан сел жүргөнчө катуу жааганына өтө өкүнүшөт. Экөө күнү бою терезеден көздөрүн алышкан жок. Калың жаан короонун дубалынын кырынан да өтүп кетсе керек. Мына ошого булардын ичтери ачышат. Дубал урамак тургай тыптыйпыл жер менен жексен болор күнү кайда!..

Күн батардан бир-эки саат мурда асман чайыттай ачылып кетти. Эки күнөкөр ошого кубанышат. Оорулуу күнөкөрлөр ушундай сонун мезгилде кенен-чонон короодо сергип жүрүүнү самашат. Айла канча, алардын оюу менен кароолчулар кайдан болушсун. Таабалды ичинен сызып бөлмөдө ары-бери басып жүрөт. Бир маалда берки шылкыйып отурган киши терезеге жакын барып, абайлап туруп:

— Дааратканага барар маал болду го,— деди.

— Дал учуру! — деди Таабалды.

— Анда, жүр...— Антон басып баратып токтоп, артын кылчайып өзү жаткан кроватты тиктеп, өзүнчө чокунуп күбүрөдү,— О кудай, колдой көр!

Таабалды босогодо турган. Берки анын арт жагына келип, токтой калып, дагы эле ал өз ичинен алда немелерди айтып күбүрөй берди. Эшик тык-тык эткенде коридордо аркы-терки баскан кароолчунун:

— Эмне?! — деп олунган үнү чыкканда бөлмөдөгүлөр жарыша:

— Короого... дааратканага! — дешти.

— Чыдай албай баратасыңарбы?!

— Кысталып калдык, мырза.

— Чыккыла!

Эшик шарт ачылганда Таабалды менен Антон катар басышты. Таабалдынын бутундагы чынжыр ар бир кадам шилтеген сайын шалдырап кулактын кужурун алып баратат. Короонун ичинде жан жок экен. Булардын аркасынан көзөмөлдөшкөн сакчылар өздөрүнчө баштарын тийиштирип күңкүлдөшүп калышты. Пудовкинге бөтөнчө сак болушкан Шиховцов менен Олейников деген желдеттер жай баскан күнөкөрлөрдүн артынан ээрчишпей, дааратканадан окчунураак токтоп, чылым чегише кетишти. Өздөрүнчө кобурашты. Разумный деген кыйды күлтүйгөн се-

мыз сакчы тигилер дааратканага киришкенде оозун ачып эстеп, ар жакта турушкан желдеттерди карап, башын чайкап калжактап, өзүнчө эле дайны жок сөгүнүп турду.

Убакыт өтө тар... Таабалды дааратканага кирери менен мурдатан араалап койгон бутундагы чынжырды шашып чыгара коюп, анан дааратканынын аркасына калкалап койгон бойро калканчты дароо омуроосу менен жыга түртүп, безеленген бойдон качып жөнөдү. Кароолчу Разумный тиги зымырап бараткан Пудовкинди көрө койду да:

— Качты! — деп катуу кыйкырып жиберип, дааратканага жулунган бойдон кирип, Антон Яковенкону качууга үлгүртпөй арка жагынан кармап алды. Бер жакта турушкан Шиховцов менен Олейников шашып, тыякта качып бараткан Таабалдыга жабыла ок чыгарышты.

— Качпа!

— Ат! Ат! Эх!

— Токто! Ток-то-о! Өлөсүң Ат! Ат! Ээ!..

Кароолчулар жаадырган ок Пудовкиндин туш-туш жагынан чуулдап өтүп жатты. Ал безеленген бойдон кенен короонун дубалын көздөй үч жүз кадамча жүгүрүп барып, колуна кармаган кишенди куурап калың чөптүн арасына ыргытып жиберип качты. Мылтыктын тарсылдап атылганын угушуп, госпиталга жакын катарлаш түрмөдө иштеген адамдар дүрбөгөн бойдон чуркашты. О, бул учурда адам айтып түгөткүс шумдуктуу көрүнүштөр болду. Кымкуут. Үч кезден бийик келген дубалга Таабалды күүлөнгөн бойдон жетип, андан түйүлдү эле, ойрон болгон эски там жамгырдан кийин кургай элек экен. Тамдын кырына качкындын колу тийгенде турушту бере албастан жылас болгур омкорулуп түштү. Качкын дубалдын боорунан жылмышып жерге түшүп, шашкан неме обдулуп секирейин дегенче болбой артынан кууп келаткандар жетип аны үлгүртпөй кармап калышты. О, аттиң дүйнө ай! Таабалды былк этпестен багжайып турду.

— Акмак!

— Ит!

— Качып кете жаздады ээ!..

— Муну эмне мынча кармашат?

— Мындай коркунучтуу кишини атыш керек эле...

— Хех-ээ!

— Пудовкин!.. Мх!

— Ур!

— Кол тийгизбе! Ансыз деле мунун арац жаны бар. Жаласына калабыз.

Жeлдеттер Пудовкинди бир сыйра жекирип чыгышты. Аны госпиталга айдап келишип, жападан жалгыз палатага жаткызышып, дароо качкындын колу-бутун кишендешти. Бу кабарды угар замат полицмейстр каарланып госпиталга учкан бойдон келди. Ал каардуу төрө мындагы кызматкерлердин баарын аягы менен тик тургузду. Ошол күнкү кезектеги сакчылар Таабалды жаткан бөлмөнүн ичин түп которо, кенедей жерин калтырбай бүт тинтип чыгышты. Араанын түк жиги билинбеди. Полимейстрден коркушканынан булардын да өңдөрү бузулган. Тинтерип качыратышып, «Эх Пудовкин!» дешип сурданышып, күнөкөргө кекенип, сөгүнүп жүрүшөт. Жеден арааны эч жерден табалышпай мүңкүрөшкөндө: «Сен көргөндүрсүң? Жаныңда жаткан адамдын кишенин көрбөй коймок белең! Тап! Чынын айт!» дешти берки күнөкөргө. Мындай док кылуу Антонго катуу тийди. Жеке эле ушинтип жөн болушпастан аны кордошуп, ызалашты. Жаны менен алек болуп, араң жүргөн Антон Яковенко «Мен арааны көргөн жокмун!» деп, такыр жуутпай койгондо, тинткен кароолчулар андан түңүлүштү.

Араанын чатагы улам аябай ырбады. Ооруларды дарымдаган докторлор менен госпиталда иштегендерге жоболоңдуу араанын сааты тиймек болду.— Пудовкинге жардамдашкан силерсиңер!—дегенге чейин барды кыйкым таппай жүргөн полицмейстр. Алар «биз билбейбиз» деп карганышса да түк ишенген жок. Тинткен желдеттер өздөрүн актоого аракет кылышып, госпиталдагыларга жалаа жаап түртө салууга аракеттеништи.

Таабалдыны кайтарган кароолчунун үстүнө дагы кошуп сакчы коюшту. Баары биринен бири шек алышат. Таабалды качып бараткалда жараларын дубалга уруп алыптыр. Буту-колундагы эски жарасынан шүйшүңдөп кан чыгат... Сөөк-саагы сыздайт. «Аттиңай! Жаранын залдарынан забыркаган жаным, анын үстүнө каруумдун жоктугунан дубалдан секире албай калдым ээ!..» деп ал өзүнчө өкүнүүдө. Тигилер эч жазыгы жок кишилерди каарып жүрүшкөнүн Таабалды небак сезген. Эми кантиш керек? Болор иш болду, а тигил бечараларда не жазык? Госпиталдын ушул күнкү кезекчиси өз башын актоо үчүн жогорку чоңдорго акырын шыбыш берип, күнөөсүз бирде иштеген кишилерди каралатууга оюу бар көрүнөт. Кантип

эч жазыгы жок ак немелер жалаага жыгылат? Анда Пудовкиндин адамгерчилиги кетет го? Зулумдар менен талыкпай кармаша жүргөн өөн, эми ушу жерден өзүн айыктырууга аракет кылышкан жазыксыз кишилерди, кылдан кыйкым табышпай, көрүнгөнгө асылган билермандарга кантип эле каралата койсун? Таабалды төшөктөн туруп келди да, эшикти такылдатты.

— Сага эмне керек?

— Мага кезекчини чакырып коюңузчу?

Сакчылар андан чочуту. Аны жен жиберчүдөй акырая тиктешип, анан бирөө ыргылжың боло дежурныйды чакырмак болуп басты. Пудовкин босогодон карыш жылбай, сүрдүү кебетесин көрсөтө, маңдайында турган кароолчуну тиктөөдө. Сакчы өз жанынан чочугандай кыңк дебей зыңкыйып турат. Ар жакка кеткен кароолчу бат эле кайра келип ордуна солдоюп турду. Аңгыча госпиталдын кезекчиси жанына эки кишини ээрчитип чамынган бойдон палатанын эшигине жеткенде анын көзүнө Таабалдынын караанын көрүнө түштү эле, ал негедир чочуп селт этип, оозун ачып орсок тишин көрсөтө анткор жылмайымып болду.

— Ко-ош, сен дагы бир балээни баштаган турасыңбы? Анын кекээрдегенине Таабалды ачууланбай күлүмсүрөдү эле, кезекчи ыза болгондой мостоё түшүп, бир кадам артка кетенчиктеп бакылдамак болгондо, бөлмөнүн эшигинен башын чыгарып турган Пудовкин андан мурда өзүндү.

— Кезекчи мырза! Бул дагы бир балээни баштаганы жатат го деп сиз менден чочубаңыз. Мен силерге эми чынымды айтып бермек болдум. Антпесем силер бөөдө күнөөсүз кишилерге асылдыңар. Ал чынжырды мен тиги түрмөнүн камерасында кыйналып жатканымда эле араалап таштагамын.

— Ах, ошондой беле?!— деп кезекчи жанындагыларга башын чайкап, аларды күбө кармап «уктуңарбы?» деп үтүрөйдү. Таабалды маңдайында жарданып тургандарга дагы кошумчалап мындай деди:

— Бул госпиталда иштешкен кызматкерлердин алда качан араалаган кишен менен эч кимисинин тиешеси жок... Мына, ошону мобулардан шек санаган штабс-капитан, полицмейстр төрөгө эскертип коюңуз.

Таабалды бурулуп баратты эле, артынан:

— Ошол араа эми кайда? Сен аны кимге бердиң?— деп кезекчи такып сурай калды.

— Ал кайда калганын жана аны ким мен жаткан камерадан таап алганын азыр биле албайм.

— Өх! Кудай ай, биздин башыбыз балээден кутулду! — деп госпиталдын кызматкерлеринин баары күлүңдөдү.

5

Жаранын тагы деле кетер эмес... Мунун тулку боюна желмогуздар баскан тамга, балким бир кездерде өчөр. Ал эми анын жүрөгүнө кадалган азаптын тагы, кордук эзелде эсинен кеткидей көрүнбөйт... Залимдердин буга көрсөтпөгөн эч бир санаты калбаптыр. Буга ырайымсыздык, мыкаачылык кылышканын эстесе чоңдордун өздөрүнүн да бүткөн бою дүркүрөйт.

Өмүр жолун талашкандардын абактан башы арыла элек. Мындай калк камын көргөн белдүү кишилер келечектен үмүт үзүшчү беле! Ушундай кайраттуу залкарларга доорго үстөмдүк кылышкан эзүүчүлөр ок атышты, сабашты, дарга асмак да болушту. Колу-бутун кишендеп зынданга бекитишти. Кулак уккус, көз көргүс алыска айдап да жатышат. Төрөлөр ошолорду ойрондоо үчүн канчалык аракет кылышса да, андай кишилер улуктарга багынышар эмес... Күнөкөрлөрдүн өмүрү соолор мезгилин мырзалар билгичтик менен күн мурунтан эле небак чектеп коюшуптур... «Төңкөрүш чыгарууга умтулгандар сүргүндө!..» дешип, Ташкент калаасын жаңыртышып, ат ойнотуп чапкылашкан атчан казактарды тукурган падышанын ушул билермандары. Бир кездерде Пудовкиндин каңшаары ушу шаардагы журтка катуу угулчу... «Аны сот дарга асууга өкүм кылган. Ошондо ошонун күлгөнүн көргөндөр болуптур. Ошондон кийин Пудовкин акыл-эсинен ажыран калган экен!..» деген жалган кабарды калаага жайышкан түрмөнүн желдеттери, мына эми Таабалдыны камерадан камерага тынымсыз которуп турууга өздөрү аргасыз болушту. Түрмөдөгү күнөкөрлөр баягыдай эмес... Алардын күжүлдөгөн шаңдуу үндөрүнөн төрөлөрүнүн кулагы тунат. Ошолордун мындай көрүнүшү эзгендердин бара-бара жүрөгүнө көк таштай тийгенин өздөрү деле сезишкен экен.

Таабалдынын тилектеш достору кайда? Аз күндөн бери алардын бул түрмөдөн эмне үчүн карааны көрүнбөйт? Ошол кызыл шумкарлар эзилген кембагалдардын таламын талашкан азаматтар эмес беле? Же аларды баш кесерлер

тынымсыз гана суук көрго узатышканбы? Мынча кармашкан залимдер ошондой мыкты адамдарды аяшмак беле? Баягыда Пудовкинди жанчып жатышканда анын максатташ ушул абакта жаткан жолдошторунан чочушуп, аларды түп көтөрө алыс сүргүнгө айдашкан. Жан кыйышпас курдаштарынан чоңдор эриксизден ажыратышканын Саша госпиталда саргарып жатканда эле кабар алган. Карыш жылса кароолчулардын кайтаруусунда жүргөнүнө жыл маалы болуптур... Пудовкин чабалдык кылып, бериле койчудай эмес экендигин сезишти. Таабалды түнөп чыккан камерадагы күнөкөрлөр ошонун эртеси эле күүлөнүп калышат... Ушундай шумдуктуу көрүнүштөн соң желдеттер безгек тийген немедей калтырашат. Камералардын баарын бүт кырка кыдырып жүргөн Пудовкинден үмүттөрүн үзүшкөнү мындай турсун, аны революциянын уругун чачып жибербегей эле деген коркунучта жүрүшөт. Ошентсе да, төрөлөр аны өз бойлоруна тартуунун аракетинде.

Жакында эле деподо, от арабанын темир жолунда иштеген жумушчулар бир чоң суунун жээгине жыйын өткөзүптүр. Ошол топко ээлигип барган кара таман кедейлерге Лебедев деген большевик катышкан экен. А түгүл «Бош-тондукка чыккыла!..» «Жоголсун залимдер!» деген сөздөр болуптур. Бул калайыктын көтөрүлгөнүнүн белгиси... Ошол топко катышкандар шаңкылдаган назик үндөрүн созушуп кандайдыр революциялык ырды ырдашкан экен. Муну уккан бай-бачалар башын тырмап, төрөлөрдүн көздөрү алайып, жүрөктөрү түшүп кала жаздаптыр. Алар «Коога! Коога! Кыямат-кайым болоруна аз калса керек! Элдин түрү бузук!» дешип окүрүшөт.

Бул окуяны полициялар билип калышып, баштарын мушташканы күнөкөрлөргө небак угулуптур. «Антоныч», «Егорыч» деген саясий кылмышкерлер айдоодо барагышып, жолдон качышкан имиш...» деген кабар шаардагы сандаган калайыкка деңиздин желиндей тараптыр. Көчөнү күндүр-түндүр атчан казактар кайтарып сороктошот... Шаардын чок ортосундагы чуңкурга Николайдын чоң сүрөтүн тикесинен орнотушуп, анан анын таноолоруна эки бадыраң сайып, «Сен барда бизге жыргал жок!..» деп алдына жазып кетишиптир. Буга окшогон нерсени көргөндө падышанын кызматкерлери доңуздай өкүрүшүп, кыжырланышты. Падышаны маскаралаган кишини кайдан кармоого болот? Полициянын бакан ооздору көчөдө жүгүрүп жүрүшүп, саздагы бакадай бакылдашат. Алар бирөөнөн

кичине эле шек санашса, ошону полицияга, жандармерияга кармап беришет. Шаардык жай кишилердин жаны кулактарынын учунда! Пoптор кемпир-чалдарды чиркоого камап алышып, «Балдарыңарды козголоң чыгарууга аракет кылган бузуктарга жибербегиле!» деп акыл-насаатын айтса, молдолор, ыймамдар ар кимди мечитке чакыртып алышып, «Падыша кудаа эмес... кудаадан жудаа эмес... анын амирин туткула!.. Балдарыңарга... жаштарга, колуңардагы кулдарыңарга сак боло көргүлө! О, жараткан, өзүң колдой гөр?» деп чуулдашып асманды карап бата кылышып, арбактарга куран окушат.

Түрмуш оор... Өз кара жандарынан шектенишкен төрөлөр колдоруна тийген шектүү кишини ылгабай эле жырткыч айбандарча тиш салуудан кайра тартышпайт. Ири алды менен коркунучтуу кишилерден кутулууга шашкан түрмөнүн башкаруучулары баягы Таабалдыга суук колдорун сунушуп, ага дагы кастарып тигишиптир. Нечен кылымдар бою агыны токтолбогон Азиянын атактуу суусу Сыр-Дарыянын жээгинен, баш кесерлер бийлешкен уездик башкарманын буйругуна ылайык, кайран эрлер алыс кетмек болуптур.

1910-жыл... апрель айынын айлуу түндөрүнүн бири эле. Желе баскан желдеттер машкедей жойлошуп капыстан камерага чамынып келишип, Таабалдынын колу-бутун мыктап кишендешип, аны жоон топ күнөкөр менен кошо Ташкенден кайдадыр алыс жакка түн катырып айдашты.

Эрксизден Азиядан узап бараткан эл камын ойлошкон берендер менен коштошкондой асмандан сансыз жылдыздар жылтылдайт. Апрель айынын аңкыган атыр жыттуу салкын жели лепилдеп, айдоого бараткандардын бетибашын аймалайт... Таң аткыча безеленген акын булбулдар калың топ бактардын арасынан кубулжутуп сайрай-сайрай тигилерге кош айтышкан сыяктуу. Кайгылуу калаа тунжураган калың уйкунун кучагында... Күнөкөрлөр узак жолдо. Булар кайда... кайда баратышат?

Күн уясынан өрттөй кызарып чыгып келатат. Жепирейген боз тамдын жанына жалгыз түп өрүк өскөн. Ошол быйыл бүрдөптүр. Өрүктүн мөмө байлоого үмүтү бар окшоду. Чарчы бойлуу, толмоч, ак саргылынан келген улгайган аял ушул жаңыдан гүл чачкан өрүккө далысын жөлөп ойлуу отурат. Ал мелтиреп чыгып келаткан күндү кароо-

до. Бу бечара аял кезек-кезек оор улутунат. Мунун жанынан мыдыр эткен жан көрүнбөдү. Алда кайдан от арабаны тартып бараткан кара буканын[1] озондоп кыйкырганын укканда кыялга баткан аял негедир селт дей түштү. Бу кандай армандуу неме? Неге мынча түпсүз ойго түшөт? Бул — Николай Иликиндин зайыбы Надя эле. Николай камала элек чагында ал дайым ушул мезгилде так ушул өрүктүн түбүнө жай күндөрү бир маал эс алып, эриккен неме ичинен кайырып кандайдыр муңдуу ырды ырдамыш боло бергени зайыбынын кулагына жедеп сиңген. Бүгүн эртең менен Надянын эсине эринин ошол элеси түшсө керек, бир оокумда ал тизесин таянып өөдө болуп, айланасына түк көз салбастан жыла басып үйүнө кирсе, дубалдын боорундагы олгон уулу менен айдоодо жүргөн күйөөсүнүн сүрөтү көзүнө чалдыга түштү, ошондо бечара аялдын зээни кейип, мууну бошоду. Аңгыча күтпөгөн жерден Катерина менен Валя келишти.

— Надя жеңе!..— деген Катеринанын шаңкылдаган үнү капалуу аялдын кулагына сүйкүмдүү угулат: — Сени Николай абакем укмуштай бек, сабырдуу, кайраттуу дечү эле. Ай, мунун жашыктыгын көрсөң.

Аңгыча Валя жоолугун оңдоп байлана койду да, жылмайып Надяга келип, анын шадылуу беш манжасын кармалай сүйлөдү:

— Кой, капаланба, Надя! Көз жаш адамды акылдан адаштырат. Андан көрө Николайдын калайык үчүн айыпталганына сен кубансаң. Далай немелер ууру кылышат экен, аракеч болуп балдарын таштай качып жатат... Катындарынын көздөрү шишик. Күндө уруш-талаш. А, сенин Николайың болсо го революционер... коммунист... Дагы жанагы көпчүлүк болгонду эмне деп атоочу элеңер, Катя?

— Большевиктер.

— Ии... Ооба, ооба, сенин эриң ошол большевиктерден. Демек, Надя, сенин Николайың сонун кишилерден турбайбы? Сабыр кылсаң.

Жакын санашкан кишилеринен мындай жакшы сөз укканда Надянын көңүлү көтөрүлө түштү, жаркылдап, беркилерге чай берүүгө ашыкты. Катя анын ар бир кыймылын астыртан байкап турду, тигил булардын келгенине жетине

---

[1] Кара бука — илгери паровозду эл кара бука дечү.

олбай кубанып, кичинекей бир тоголок кантты эки бөлүп, берки экөөнүн алдына койду.

— Ой, Надя жеңе! Өзүң жебестен бизге сактап жүргөнсүң го дейм ия?— деп, Катя тамашалап алаканын шакылдата кетти. Валя башын ийкеп күдүңдөдү.— Сен өз кезегиңди бөлүп алгын. Мен көптөн бери оозума кант алалекмин.

— Ооба, ооба. Катя ырас айтат. Ме, муну бөлчү!—деп Валя өзүнө тийген кантты тең бөлө койду.

— Мен жебейм, көптөн бери келелексиңер, силерди абдан сагындым. Баса, Сашадан кабар ала алдыңарбы?

Катя чайдан ууртап, стаканын столго коюп, терезеден тыш жакка көз жүгүртүп, беркилерге үнүн каргылдантып сүйлөдү:

— Аны да кечээги түнү айдап кетишиптир.

— Эмне дейт?!— деп чочуп кетти Надя.

— Ооба, желдеттер аны ушу шаарга коймок беле? Катя экөөбүз Сашанын жайын сага айтканы келдик эле.

Бир паска булардын эч кимиси унчуккан жок. Алкымдарынан чай ары өтпөй жатты окшоду, ошентсе да бирибирине сыр билгизбей ууртамыш болушат.

— Аны кимден уктуңар?

— Лебедев агайга таңга жуук тигил Шакир чал кабар бериптир.

— «Биздин тууган» кайда? Сен аны кыштакта дебедиң беле, Валя?— деп сурады Надя.

— Ал кожоюнунун кыштагына анда-санда барымыш болот, өзү да ушунда келип Катя менен акылдашмак эле. Ошо маалда тыштан бүтүйгөн терезенин жанынан кимдир бирөөнүн караанын элес-булас көрүнө калып, дайынсыз жок боло түшкөндө, үйдөгүлөр тынчсызданышып, элеңдешип терезени карап турушса, сырттан эч нерсе көрүнбөдү.

— Баягы китептер бек жерде беле?— деп Валя акырын Надяга шыбырап жаткан кезде, сакалына ак түшүп, муруту буурул болгон кара кишинин мойну созулуп, үйгө кирип келатканы көрүндү. Аны көргөндө беркилер эс ала түшүп, жашырт күлүп калышты. Келген кишиге күлүмсүрөп ызат кыла үйдөгүлөр утурулай жүткүнүштү.

— Шакир аке!— дешти үчөө тең жарыша.

Шакир колундагы сары кагазга оролуу бир кадакча кишмишти Надяга сунуп жатып башы менен жаңдап:

— Ал келди!— деди эле, Валя шып сыртка чыкты. Үйдөгүлөр кичирээк үстөлгө олтурушуп жатканда Лебедевди

эшикке чыккан аялы ылдам ээрчитип үйгө кирүүгө үлгүрдү.

— Мына, Надя, муну ээрчитип келдим. Кебетесин карасаң, полициялар менен жандармерияларды жазгырам деп сакалын бапыйтып коё берген. Куду эле маркум атасынын сакалына окшош, карасаңар.

Баары күлүп калышты.

— Ии, Надя, кандай, деги жүдөгөн жоксуңбу?— деп Лебедев тирүүлөй жесирге жылмая карады эле, берки Надя болсо күлүңдөп, сыр билгизбей баарына чай куюп сунду.

— Жалгыз калганым гана болбосо, тың эле оокат кылып жүрөм. Баягы эле май заводунда... өзүң билген жерде элемин. Кана, айтыңызчы, деги жакында бизге бир жакшылыктын жышааны болор бекен? О, кудай ай!

Лебедев аны ичинен абдан аяды, бирок анткенин Надяга билгизбей, кайра көңүлүн көтөрүү үчүн жайкамакчы болду. Көптү көргөн кишинин сыр билгизбегенин беркилер байкашпай калды.

— Чыдаш керек, Надя! Болочоктогу сонун күндөр алыспы, же жакынбы, андан силер үмүт үзбөгөндөй болсоңор... О... нечен оор күндөр алды жакта. Мен кожоюндан аз гана убакытка арац суранып келдим. Ал «кечикпегин!» деди эле. Бу Шакир аке деле эптеп бошонуп келсе керек.

— А... мен кечиксем начальник мени да камайт,— деп Шакир берки Лебедевдин сөзүн кубаттагандай баарын бир сыйра тиктеди, анан паспайын чекти, бержакта отурган Катя сөз козгоп калды:

— Сашаны болсо го айдап кетиптир. Эми акылдашалы. Анын кайда айдалганы да бизге белгисиз...

— Катерина! Жаш кезде жашык болбой жүр. Азыркы мезгил ушунчалык оор... Падышалык өкмөт «ме» деп эле бизге эркиндикти бере койбойт эмеспи. Саша Саратов түрмөсүнө жөнөтүлүптүр.

— А... чын... чып!— деди Шакир «Биздин туугандын» сөзүн кубаттап.

— Ага эми абдан жакшы болду. Ошол түрмөдөн Таабалды чыныгы революционерлер менен жолугушат. Аерде каныккан сонун кишилер бар. О... Саратов!.. Аякка кимдер айдалып барбаган Катя, сен тил алып, азырынча жылуу ордуңдан козголбой, кожоюнуңдун матасын токуй бергин

— Жок!— деди Катя так кесе,— мен андан айырлал-

байм. Мен анын кайда барарын билбей каламбы деп чочудум эле. Мына эми аныгын билдим. Менде ата-эне... ага-тууган жогун силер билесиңер го. Менин Таабалдыдан бөлөк кимим бар?.. Каранарым жалгыз ошол, ал кайда жүрсө, мен ошол жерде болом. Абаке, мен аякка барганда, жумушчуларга, балким мындагыдан пайдам чоң тиер!..

— Анын чын! — деди Лебедев. Андан бөлөк түк эч кимиси кыңк этишкен жок. Узакка созулган тынчтыктан соң Надя улутунуп, башын ийкеп берки Катяга боору ооруганынан көзүн жашылдаитты.

— Мейли, барсын. Мен деле Николайдын кайсы шаарга айдалып барганын биле албай жүрөм. Эгер дарегин билсем, учкан бойдон кетет элем... Биердеги революцияны силер Катя экөөбүзсүз эле жүргүзүүгө алыңар жетет. Баса, бу Валя деле алыскы Токмок, Пишпектен тамааны жооруганына карабай сизди издеп келбеди беле.

— Ооба... ооба!.. — деп Валя тиги Надянын сөзүн кубаттап, анан эрин капталга акырын укуп коюп, ойлуу отурган Шакирди жал-жал карады.

— Опо-о, дүйнө! Башым маң болду. Мен караңгы кишимин. Аякка барганда бу кызым кор болуп калабы деп, ошондон чочуйм. Ай кесепеттер. Аны неге алыс айдашты? Ушул түрмөгө коюшса эмне болот эле? Биз качан залимдерден бөлүнөр экенбиз?! Ой даат! Эй кудаа!.. — деп ал кыжырланды. Курган чалдын ачуусу аябай келгенинен сакал-муруту сербее түштү. Ал эшикке чуркап чыгып наспайын түкүрүп, кайра келгенде өңү бопбоз боло түшкөнүн көрүштү.

— Мен комитеттен суранам, мага жолго чыгууга уруксат беришсин.

— Болуптур, Катя, ишиң оңолсун, жолго чыксаң чык. Сен аякка барсаң аркы-беркини көрүп, бышарсың... Балким, мындан ары мен сага кезикпей калармын. Сага жолго каражат керек болор, аны камдап Шакир акеге беребиз... — Лебедев жай сүйлөдү. Катяны маңдайынан эркелете сылап, анан Надяга жылмая карап, аны да ийнинен таптап койду. — Сен эми, Надя, кайрат кылып, Николайды күтө бер. Биздин жолдоштор кайда жүрүшсө да, канчалык темир тордогу капаста жатышпасын, бошонуп келишпей койбойт. Мейли, азырынча мырзалар кутура беришсин. Тирүү болсок көрорбүз. «Шаардагы коммунисттерди тукум курут кылдык...» дешип, чоңдор жалган жеринен элге мактанып жүрүшөт. Кана эмесе, биз жай-жайыбызга тарайлы

Ак жуумал күнөкор ошол тегеректен карыш жылбады. Бирок, ал чейрек чакырым жердеги караанга кандайдыр бир белги бергенсиди. Аял колун өөдө көтөрүп белги берди. Ары жактан бирөө: «бизге өтө керектүү кабар жеткизип келсе керек ушул аял. Сен баатырлыгыңды кой! Сенден шек алышат» деп Степан Таабалдыга күңкүлдөп, сакчылар жакка көз чаптырды. Степан ар кайсы тактайды кармаламыш болуп ары-бери басты... Бир оокумда Таабалдынын көзү курч орус баласынын көзүнө кадала түштү.

— Тууган, сен мени эмне мынча карайсың?— деп Лебедев шыбырады Пудовкинге.

— Жок эле... Сен менден чочубагын. Сен өзүң өстүрдүң го мени.

— Балким, тыңчыдыр тигил аял.

— Ооба... ооба... мүмкүн.

— Жолдош... тигил аялды көрдүңбү?— деп башы менен жаңдады.

— Көргөндө эмне, Степан?— деп чорт айтты Таабалды. Ал баягы Лебедев эле.

Аңгыча жээкте турган аялдын караанды көрүнбөй калганда, Лебедев иретсиз жаткан тактайлардын үстүнө чыгып, мойнун созуп эленделди. А, балким менин аялым чыгар. Ар жактан сүйлөшүп турган кароолчулардын каткырыгы угулду. Алар да чоңдор капыстан келип калышпасын деген өңдүү эки жакты карап коюшуп, кайра баштарын кейкеңдетип, оздөрүнчө сөзгө алагды болушту.

Жанагы караан көрүнбөй калган соң, Лебедев жээкти көздөй басмак болгондо, Таабалды анын алдын тороду:

— Сени көрүп калышса жаман болот. Мен барсам дурус болор деймн...

Степан унчукпай аны жал-жал тиктеди.

— Эмне, мага ишенбей турасыңарбы?

— Жолдош... жолдош, биз эски сырдаш элек, баары түшүнүктүү... Мейли, барсаң барчы.

Таабалды жээк менен бөкчоңдөп зымырап баратканда анын караанын беш-алтоо аркы желдеттерден далдалап турушту. Кокус кароолчулар көрсө, аны качып бараткан экен дешип, мөндүрдөй ок жаадырышып, чуу чыгарышары шексиз жана баары ойрон болушат. Таабалды жээкке жеткенде, жанагы көрүнбөй калган караан мурдагы ордуна бараткан. Ал жер менен жер болуп боортоктон

жата калганда, кол-шал болуп тердеген кара сур киши жанына жетип барды.

— Катя!

— Саша!

— Жолдоштор мени жиберишти... Кана, эмне кабар бар?— деди күйүккөн Таабалды энтигип. Жүрөгү лакылдап сааттын жебесиндей согот... Бул өзүнүн сүйгөнү. Жолдошу. Бирок жер тар. Жан кулактын учунда. Аялдын ага жаны ачып, кабыргасы кайыша түштү.

— Ме, силерге керектүү нерсенин баары ушунда. Көрүп калышса, ойрон болобуз. Кош, Таабалдым. Түрмөгө келем. Тез кет!— деди көмкөрөсүнөн жаткан аял, көк кагазга бекем оролуу кичине нерсени тапшырып жатып.

— Кош... кош, Катя! Бул «Правданын» эң биринчи номери экен. Бизге керек, кайыр!

Аял жээктеги майда токойдун арасына кирип кетип көрүнбөй калды. Курулуп жаткан көпүрөдөн берки түз ачык... Адам эмес, бул жерден чычкан жорголосо даана көрүнөрлүк эле... Кайра келатканында кароолчулар көрүп коюшабы деп жүрөкзаада болду... Ал ошол коркунучтуу жерден өткөнчө жер менен жер болуп боортоктоп жылып келатат... Аңгыча дөңсөөдөгү кароолчунун бири Таабалды жакты акыйып карап турду... «Жат!» дегенсип Степан ага колун жаңсап, бирде кароолчуну, бирде тигил келаткандь чебеленип карайт... «Эх, жанды колго карма» деп ушуну айтыш керек!» «Эй, эмне оозуңарды ачып аңкайып турасыңар? Кыймылдагыла. Иштегиле!» деп кекете кыйкырды сакчы... Таабалды жерге жабышты. Степан жана анын жанында турушкандардын жүрөктөрү шуу дей түштү. Бирок кароолчу өзүнүн сактыгына маашыр болду да, кайра жалп этип отура кетти.

Таабалды жанын үрөп келатат. Ал беркилерге жетерине аз эле калганда: «эми шашпагын, коркунучтап өттүк!..» деди санаасы тынган Степан... Ал койнунан көк кагазга оролуу бирдемени сууруп чыгып Лебедевге сунду. Кай бирлери бул болуп өткөн коркунучтуу окуяны байкабай да калгандай болду. Степан белекти ачты—«Правда». «Бирок эң биринчиси экен» деди күлүңдөп. Жолдоштор тегеректеп калышты. Таабалды арка жакта отурган, анын күйүккөнү жаңы эле басылган.

— Жолдош! Биз сага ыраазыбыз. Жаңылбаптырбыз... Саша, сен дайыма биз менен бир болосуң... Биз издеген чындыкты ушул «Правда» таап берет...

Кандайдыр бир мээримге кабылгансып жаны жыргап кошулду. Оор күндөр... тарткан азаптары эсинен чыгып, унут болчудай кейиптенет... Анын себеби, «Правданы» көрүү Таабалды үчүн келечекте ага өмүр жолу кенен ачылчудай сезилип турду.

— Жолдоштор, биз дагы... дагы күрөштө болобуз... «Правда» — кыргызча «Акыйкаттык» болот,— деди Пудовкин.

— Ырас, биз сөзсүз, сөзсүз бирге болобуз, жолдошум.

Иштемиш болуп жатышты. «Правда»... «Правда!» деп Таабалды ичинен кайталай берди... Кеч кирди. Жумуш токтоду. Кароолчулар туткундарды түрмөнү көздөй айдап жөнөштү. Ар кайсы жерден калайык булардын түрлөрүн көрүп, жандары ачып, баштарын чайкап кала берип жатышат...

Кыйынчылыкка жедеп бышкан күнөкөрлөрдүн ушул түрмөдөн Таабалдыга кездешкени анын таалай жолунун багытын белгиледи. Анын эт жүрөгү элжиреп булардан көптү укту... Далайды билип үйрөндү. 1910-жылы ал өлүмгө чектелгенде ажалдан коркуп, өксөгөн эмес эле го. А түгүл, алыс калган энеси жана жатындаш бир туугандары чанда гана мунун эсине түшөр эле. Эл үчүн күрөшкөн, өлүмдөн коркпогон жалындуу кишилер түрмөдө камыгып жаткан Таабалдыга тим эле тоодой медер. Кылымдар бою өкүм сүрүп келген акыйкатсыздык менен кармашууга белдерин бекем байланышкан нечен миңдеген такшалган азаматтар Россиянын шаарларынан тартып мейкин талааларына чейин кенен тараптыр.

Бир күнү бир кызык окуя болду. Күнөкөрлөр начальниктин уруксаты боюнча кезек-кезек гана үй-бүлөсү менен өзүнө куйүмдүү жакын тааныштарына учурашар эле... Күтүлбөгөн жерден Александр Пудовкинге кандайдыр бир белгисиз киши учурашканы келиптир. Ал өзүнчө буга айран таң калат. Ага келген ким болду экен? Бул тегеректе кайсы жакыны бар? Деле үч уктаса андай ой келген эмес. Мунун туулуп-өскөн асман мелжиген Ала-Тоосу алда-кайда алыс калбады беле? Энеси Толкун, же караңгы бир туугандары аркасынан атайы издеп келүүгө чамасы келбейт эле го? Мына ошонусунда бир кеп бар көрүнөт, же начальниктер жалаага жакын Таабалдыга каадаларынча дагы бир балээни жаба койгулары келип жүрөбү? Балким, түрмөнүн чоңдору саясий күнөкөрлөргө чуу баштоо үчүн өздө-

рүнүн камдап койгон малайынын бирин жиберип, Пудовкиндин сырын тартыпкапы жатышкан чыгар?

Сакчылар камералардан күнөкөрлөрдү топуратып айдап чыгышты. Таабалды узун коридорду көздөй бакжайып жай басты. Анын жүрөгү элеп-желеп болду. Күнөкөрлөргө учурушканы келишкен жакындары, бир боорлору капаста жүргөндөргө жакын бара алышпайт. Эки ортодо чеп болуп турган темир торлор бар. Учурашууга чыгышкан күнөкөрлөр тордун аркы бетине токтошту. Берки келген кишилер түрмөнүн тартибин сакташып, туткундарга бетме-бет туруп сүйлөшүшөт. Күнөкөрлөр жакындары менен сүйлөшүп жатышкан маалда эки кабат темир тордун ортосу менен жүргөн надзиратель бизге каршы сөз болобу... дегенсип беркилердин кебин тыңшап, аркы-терки тынымсыз басып турат. Көпчүлүк жабыла кыйкырып сүйлөгөн кезде чуудан эч нерсе угулбай калчу. Темир торго жакындашканда ар жактан келатышкан күнөкөрлөр өз кишилерин тез көрүүгө ашыгышты. Таабалды көзүн жоодуратып, ага атайы келген белгисиз кишинин кайсы жерде турганын көрө албай элеңдеп келатат. Бет алдындагы катарма-катар тордун арасынан жайнаган көздөрдү шашып карап баратат. Анын көзүнө биерге келгендерден бир да тааныш киши чалдыккан жок, темир тордун орто чепине жеткенде капыстан:

— Саша! Саша! — деп сымбаттуу жаш аялдын жанынын бардыгынча кыйкырган үнүн укту. Таабалды ошол үн чыккан жакка кандай жеткенин өзү да сезбей калды. Качан гана анын көзүнө эң тааныш өң учурай түшкөндө:

— Катя! Катя! — деп ал удаа-удаа эки мертебе катуу кыйкырып жиберип, анан боору менен ортодогу темир тосмого жабыша түштү.

— Сен кайда жүрсөң да издеп табам дечү эмес белем... Мына эми сени издеп таап алдым. Баягы көргөнүмдөн өңүң жакшы. Ден соолугуң кандай?

Убакыт өтө тар... Таабалды бул жолу Катянын жайын билүүгө ашыкты.

— Дурусмун, жараларым айыкты.

— Айтчы, айланайын, деги өзүң кыйналбай жүрөсүңбү?

— Антоныч жаңы келди дебедим беле. Мага карала-

шып жүрүшөт[1]. Катя, оңуң азып калгандай көрүнөт. Эмне, табың жокпу?

— Мүмкүн. Мындагы туугандарга жолугуу кыйын окшойт. Алар үйлөрүнө турушпайт экен[2]. Кожоюндун кир-когун жууп, тамагын бышырып берем.

— Сүйлөй бер. Түшүнүп жатам,— деди Таабалды.

— «Жакында катуу өрт чыгат»[3] дешет карылар... Ошондо силер кантер экенсиңер? Менин эси-дартым эле ошондо. Ушундай, Саша, мен кудайдан аманчылыгыңды гана зарлап тилеп калдым. Балким мен... Мындан ары...— деди да, Катя жашын сөзүнүн ар жагын узартууга шайы келбей, каңырыгын түтөтүп мукактанды. Таабалды дароо анын көңүлүн көтөрүүгө тырышты.

— Билем, Катя, сага абдан кыйын болду. Сен абдан чыдамкай эмес белең... Мен жакында бошоном... Сен ишене бер. Ооба, ооба. Анан турмушубуз оңолот, иштейбиз. Мен жөнүндө ойлоно берүүнүн сага эмне кереги бар?

— Анан кантейин.

— Кайгыны унут, Катя. Кайраттуу болгун!

Таабалды мурутунан жылмайганда, Катя каадасынча сүйгөнүнө көзүн сүзө эркелеп күлүмсүрөдү. Экөөнүн бири-бирине мээримдүүлүгү көз ачып-жумганча пайда болду. Булар убакыттын аздыгынан шашып келерки турмуштары тууралу акылдаша баштаты.

— Бизге да аз калдыбы?

— Мына ошонуң жакшы, мага жагат, Катя. Баса, алыстагы бир боорлордон кат барбы?[4]

— Жок десе да болот... Алар өз дыйканчылыгы менен алек болуп жүрүшкөндүр. Айтмакчы, Саша, мен даттандым эле, кокус жазып-тайып ошондон жооп келип калар, ошону эсиңе алгын, түшүндүңбү?

— Ооба, ооба. Ай, кайдан? Сен өз жаныңа чыйрак бол, Катя! Келгениңе сүйүндүм. Көңүл жайланды. Турмуш үчүн аракетиңди токтотпогун. Асман бирде бүркөө, бирде

---

[1] Мага каралашып жүрүшөт — революционерлерден таалим алып жатам дегени.

[2] Мындагы туугандарга жолуугу кыйын окшойт — бул жердеги революционерлерге кездеше албадым деп Катя Таабалдыга жандатып айтып жатат.

[3] Жакында катуу өрт чыгат — жакында согуш башталат деген мааниде.

[4] Алыстагы бир боорлордон кат барбы? — Ташкендеги Лебедев жана башка жолдоштордон кат алдыңбы дегени.

чайыттай ачык эмеспи... Ылай суудан жутпа... ооруга чалдыгасың.

— Климов Питерде имиш.

— Ооба, ошондой экен... Мен дагы сага келүүгө аракет кылайын, көрсөтүшөр.

— Анчалык деле жек көрүнүп кыйналбагын. Шартка, жагдайына жараша болорсуң.

— Деги, сен соо болгой элең...

— О... мен турмушка бышып калдым.

Таабалды зайыбы менен кызып сүйлөшүп жаткан кезде мойнун куркуйтуп надзиратель келе калды да:

— Убактыңар бүттү! Сүйлөшүүнү токтоткула! — деди сурдана. Өз жакындары менен жандарын сабашып сүйлөшүп жаткандарга надзирателдин мындай сүйкүмсүз үнү шиш менен кулакка сайгандай тийди. Надзирателди тоотпогондой баары ого бетер күчөшүп, акыркы сөздөрүн бири-бирине айтып калууга ашыгышып, бут жабыла күжүлдөшкөндө, каардуу желдеттин куйкасы куруша түштү:

— Болду! Учурашканы келгендер, силердин да убактыңар бүттү. Эми тарагыла!

Баарына ажырашуу кыйын болду. Күнөкөрлөр коридордон кетип баратышып артына кылчайышып, жакындарына кыйкырып коштошуп баратышты.

— Кош, Саша! Кош! Мен эч качан сени унутпайм.

— Кайыр ,саламат бол, Катя!

— Таабалды! Таабалды! — деп Катерина темир торду муштагылады.

— Акырын! Кеткиле! Күнөкөрлөр камерага киришсин!

Ошондо да болбой, кай бирөөлөр кылчайышып кыйкырышат:

— Балдардын бетинен өөп кой?

— Энеме каралаш!

— Жакшы тур.

— Эх!

— Жаагыңды бас деймі!

— Азыр, азыр, мырза! Кош! Силер мени күткүлө, бир боорлорум.

— Токтоткула, келжирек сөздү.

Учурашууга келишкендер дагы эле үмүттөнүшкөндөй темир тордун ар жагында телмирип турушат. Кайда, бир топтон кийин алар амалсыздан араң бет-бетинен тарай башташты. Кээ бири көз жаштарын кылгыртышат. Кай бирөөлөр үнчүгүшпай ичтеринен сызып, ойлонуууда. Күнө-

көрлөргө жолугушканы келишкендердин ар кимисинин ко-
күрөктөрүндөгү дарты бирдей сезилет. «Качан бошонот?..
Кайсы күнү эркиндик болот? О, кудай, кандай азап?» Ар
кимдин ушинтип өздөрүнчө кобурашып баратышканын Ка-
тя да укту. Ал өзү кайрат кылып, козүнө жаш алган жок.
Бул жаш келин Саратовго келгенде кандайдыр бир бала-
чакасы жок, куу баш, бөлөк бирөөлөрдүн балдарын өлгөн-
дөй жек көргөн чиновниктин үй кызматчысы болуп жал-
данган. Катерина экинчи мертебе Таабалдыга жолукканы-
на ыраазы болду, кожоюнум кырсыктабасын дегенсип, ал
текилдеп жүгүргөн бойдон баратат. Анын санаасында ка-
чан болсо Таабалды.

...«Мырзалардын көңүлүнө жакпай кылмышкер болсоң,
сен Урал тоосунан орун аласың... Улуктарга андан катуу-
раак асылсаң, Саратов түрмөсүнө сүрүлүп барасың...»

Туткундар ыгы келе калганда ата-энелерине, жакын-
дарына жана жолдошторуна төмөнкүдөй жашыруун кат
жазышар эле.

«Айланайын апаке, ак эмчегиңди аймалап далай эмбе-
дим беле... Өлүм алдында жатсам да, ак сүтүңдү унут-
пайм. Энелик мээримиңди төгүп, мага кат жазган экен-
сиң... Акыл иретинде маа жиберген насаатыңа ыракмат.
«С» түрмөсүнүн суук түрү кадимки эле төбөсү ачык көр-
дөй... Анын ичи дайым түнөрүп турат... Анан жакшылык-
тын жышаанасы анда кайдан болсун. Азаптын, коркунуч-
тун уюган жери. Адам башынан өткөрүп көрө элек кыйноо
ушунда. Апа, сен мени коркок, мажүрөө, чабал, намысы
жок бол деп төрөгөн эместирсиң! Мен кожоюн мырзанын
кызматын кылып, ошонун буйругу боюнча шелпейип
жүрө бермек элем да! Ошондо «бу көрөкчө, ушуну туубай
эле туна чөксөмчү» деп, сен катуу өкүнөт элең. Силер
байкайсыңарбы, качан болсо асманды калдайган кара ту-
ман каптап турат... Карарган көк качан чайыттай ачылат?
Ошону бизге көрөр күн келер бекен? Деги кайсы кезде
учу-кыйырына чек жок Россиянын жеринен караңгылык
арылат? Мына, бардык балээнин баары так ошол түнөрүп,
тунжурап турган караңгылыкта. Мээримсиздикке, ыра-
йымсыздыкка, кала берсе, кылымдар бою эзилүүгө, кор-
долууга калайык качанкыга дейре чыдасын?! Элдин тала-
мын талашкан азаматтар чыкпай коймок беле? Ошондой
кайраттуу кишилер журттун көз жашын көргөндө чыдаш-
пай, бектерге, чиновниктерге тайманбай каяша беришкен...
Калыбы, мырзаларга биздин ошонубуз жакпай калса ке-

рек... Мейли, алар бизди жек көрө беришсин. Мейли, бизди катуу куугунтуктай беришсин, андан коркуп тизе бүгүп, кулдук урчу ким? Жыргалга кармаш аркылуу гана жетүүгө болорун силер деле сезерсиңер. Азыркы заманда эки жол, эки тагдыр бар... Төрөлөрдүн бизге кашык суу ууртатпасы белгилүү. Жекеле ошолорго көз керекпи? Көз мага да керек!..

Кагылайын апаке, жекеле орустун мага окшогон балдары «атакебизге» жакпай калганынан ушинтип түрмөдө камыгып жатышкан жок. Башка улуттун байкуш балдары да азап чегүүдө... Мисалы, тоо арасында өмүр бою эзилип келатышкан караңгы кыргыз деген эл бар. Ошол калктан эркиндикти, боштондукту каалаган Саша деген бир мыкты азаматы биз менен камоодо. Анын өз ысмы Таабалды экен. Ошол укмуштай кайраттуулугу үчүн жогорку улуктар адегенде дарга асмак болушат. Бул катуу жазадан аны жумушчулар эптеп куткарып калышыптыр. Кийин дагы эле боштондук үчүн «кызматкерлердин» бийлигине таш жаадырган экен. Ошентип ызырынып, кекенишкен мырзалар ыгын таап аны күнөөлөшүп, мурдагы алган жазасынын үстүнө дагы кошуп, отуз жыл бою каторгалык кара жумушка кесишет. Мына жаза десең!.. Ал адам го? Бу кезде ким адилеттикти, чындыкты көксөп издесе, ошонун көрөр күнү ушул. Анан кантип кедейлер, жумушчулар, жалпы калайык жыргасын? Анан кантип «атакебиздин» аркасы менен жүрүшкөн төрөлөрдөн жакшылык күтүүгө болот? Бизди ушундай кыйынчылыкка өзүнүн «ырайымы» менен кириптер кылуудан кайра тартпаган анын амирине кимдер чыдашат?! Мейли, маа десе, дагы түрмөсүн курдура берсин. Ошондо ого бетер чагылган чартылдаар, бороон согуп, көзү көктү карашкан мырзаларды калтыратар... Ошондо «соол-соол болду» дешип табалоочу адилет киши четтен чыгары кадиксиз. Атаганат, ошондой болсо, моокумубуз канар ээ!..

Апаке, баса, биздин калаадагы кээ бир шумкарлар баш көтөрүшкөндө, фабриканын ээлери айкыра баштаганын бизге аба толкуну айдап жеткирди. Бу кабар ыраспы? Эгер ошо төгүн эмес болсо, абдан сонун... «Сенин уулуң тополоң баштап тартипсиздик чыгаргандарга кошулуптур» дешкенде атам асан кайгы киши эле, баштагысынан бетер анын бели ого бетер бүкчүйө түшкөндүр ээ!.. Ал караңгы чалды айыптоого болбойт. Балким, ошондо кожоюн атамды мыскылдап күлгөндүр... Мейли, ал мыскылдай берсин.

Апаке, силерди таза аба, тунук суу сергитер. Бу замапда кайгы, зар түгөнбөйт... Келечекте чоң салгылаш, кармаш бар... Ошонун эпкини муңду, арманды учуруп кетер...

Апаке, балдар чоңоюп калгандыр ээ! Алеша мектепке барганын токтотпосун. Баса, Галя мени эстебейби? Ошол карындашым оокатка тың, намыскөй болор. Апа, келиниңден бир топтон бери эч кабар жок. Жаш балдары не болушту экен? Ал Петербургдун айлуу түндөрүн зарыгып күтсө керек. Мейли, анын келечектен үмүт үзбөгөнү дурус... Балдарга, балдарга жана мөгдөп калган карыларга сак болбосоңор, желмогуздар тирүүлөй жеп коюшат!.. Апаке, ак сүтүңдү бир кездерде актаар мезгил да келер, ал күндөр келет, келет... Кош, апаке!

*Сенин уулуң Галгай».*

«Кымбаттуу Петр Макарович! Мурда күнү кудайдын бармапы менен сиздин жазган катыңыз мага тийди. Мен тимеле өлгөндөй сүйүндүм. Силер жактагы болуп жаткан бизге белгисиз кабардын баарын билдим. Толкун токтолуп калбагай эле деп чочудук эле... ошонун күндөн-күнгө күчөп баратканына аябай ыраазы болдук. Деңиз... деңиз мындан бетер чалкыр күнү кайда!.. Атаганат, мырзаларды толкун согуп кетсе соон болор эле да... Адамдын жаны укмуштай бек болсо керек. Бу сөздүн эмнеликтен айтылганынын себеби мындай: челекке туздап койгон балык сыяктуу, биз бирибиздин үстүбүзгө бирибиз чокморокташып, камераларда көзүбүздү жылтыратып жатабыз... Ар жагы сизге түшүнүктүү чыгар дейм. Күндө эртең менен «тигилерди айдап чыккыла!» деп надзиратель бакылдаганда «жарайт» дешкен кароолчулардын таманы жерге тийбей калат. Камералардын темир каалгасы шарт ачылганда, камыгып араң жаткан туткундар учкан бойдон чыгышат. Күнөкөрлөр ыргылжың болуша буттарын араңдан-зорго шилтешкенин көрөсүң. Кара тумшук чоңдордун буйругуна жараша «акылман атакебиздин» төрөлөрү анын көлөкөсү менен жан багышкан мекеме сөрөйлөрдүн эскирген дубалдарынын ураган жерлерин шыбап, тешиктерин бүтөөгө киришебиз. Канчалык жамачылаган менен чирип бараткан неме кайра жаңырмак беле? Ошол каргыш тийген жаман тамдарды кайра-кайра оңдогон сайын быт-чыты чыгып, төбөсү түшүп баратса, аны көргөн Россиянын «акыл-

дууларынын» коңулдору жай болбойт да. Далай кылымдардан бери жеден чириген тамдар кайдан жаңырсын...

Россияны көркүнө чыгарып турган чытырман токойлорду тимеле чоп чапкандай кыйдырып жатышат. Токойду жагып бүтүрүшкөндөн соң билерман чоңдор көрдө жатышкан княздардын сөөгүн жагышабы? Андан көрө, тоо байлыктарынын сырын ачышса: алтын, күмүш, асыл таштар, жок дегенде таш көмүр табылат эле го. Баса, мен анын эмнесин силерге айтып жатам? Айтмакчы, кендерди жер алдынан табар балдарды «билгич» төрөлөр эчак сүргүнгө жиберишкен. Карапайым дыйкандарды кекиртектеп, алардан алык-салык жыйнашат, ошондон жыйналган акчага дан салып семиришет. Шордуу дыйкандардын көкүрөгүндө көйнөгү жок жүргөнү менен өздөрү жыргап жүргөн чоңдордун иши эмне? Чоңдорго каяша бергендер ушул Саратовго окшогон шаарлардын ураган эски дубалдарын оңдоп, «күнөөсүн» актоо үчүн мажбур болушту. Алар азап чегүүдө. Төрөлөр качанкыга чейин дуулдашар экен? О, кайран «билермандар!» Калк арасынан атылып чыккан шумкарларды кууп, тамырын бүт соолтобуз деген ойдо жүрүшсө керек. Түрмөдө жүргөндөрдүн көздөрүн тазалашса, энелер калктын камын ойлогон азаматтарды дагы төрөшөт! Анда кантишет. Биздин арабызга бир жаш кылмышкер келген. Анын улуту кыргыз экен. Демек, ар кыл калктын уулдары деле бизчилеп азапка чыдабай баш көтөрүптүр. «Алар наадан, жапайы айбанга окшогон карацгы» дешип чоңдор келжирешет. Ушул кезде таңдын атышы гана калса керек!.. Улуктар «акылман» кишисинин аркасы менен эски түрмөлөрдүн дубалдарын оңдото беришсин, баары бир урайт. Көрүшкөнчө кошкула!

*Сиздин С».*

## 2

Ошол күнү Таабалдыны демейдегидей жумушка куубай жайына коюшту. Бул ойдо жок иш. Башка туткундарды эчак кууп кетишкен. Ал камерада жалгыз. Бир убакта күтпөгөн жерден темир эшик акырын ачылды. «Бери чыгыңыз» деди кароолчу ага сылык. Күнөкөр унчукпай короого чыкты эле, ары жакта турган надзиратель анын жанына шыпылдай басып келе калып:

— Жүрүңүз, Сизди чакырып жатышат,— деп өзү кы-

дындап алдыга басты. Таабалды эч нерсени байкабай аны ээрчип баратат. Булар бөлөк жакка бурулбастан, түз эле түрмөнүн начальнигинин бөлмөсүнө киришти. Алды жакта бараткан желдет артына кылчайып.— Ушундай тура туруңуз! — деп күнөкөргө күңкүлдөп, анан ал кодойгон арык сакчыга «сак бол» дегенсип акырая тиктеп, өзү шып чоңунун үстүнө кирди. Таабалды былк эткен жок. Арадан бир мүнөт өтө электе надзиратель кайра чыга калып, күнөкөргө:

— Кире бериңиз! — деди кичипейилдик кылгансып.

Ирени суук, отуздан ары ооп калган алибеттүү киши бет алдында иретсиз чачылып жаткан кагазга үңүлүп отурат. Таабалды босогодон ары эки кадам шилтеп токтоду. Тигил жайылып жаткан кагаздан башын көтөрдү да, маңдайында кайкайып турган кең далылуу, көөдөнү дагдайган, чымырынан келген, өңү кара тору, көзү жоодурап чанагынан чыга жаздаган, муруту жаңы тууган ай сыяктанып, эки кулагын көздөй иймейген сулуу жигитти көрдү:

— Отуруңуз, Жөкөев мырза.

Таабалды андан сүрдөбөй, орундукка жай-баракат отурду. Бир паска тынчтык өкүм сүрдү. Таабалды мурда буга окшогон кишини көрө элек болучу. Төрө ордунан туруп, көкүрөгүн кере аркы-терки басып ойлонду, бир оокумда сөзгө келди:

— А, Жукеев мырза! — деп улук үнүн көтөрө чыгарды.— Сиз түрмөдөн түрмөнү кыдырып жүргөндөн жадай элексизби? Түшүнөм... түшүнөм. Эми сиз тартынбай чыныңызды айтыңызчы. Жан жакшы эле кыйналган чыгар. Таап айттымбы?

— Албетте, жададым, таксыр.

Таабалдынын бул жообун угуп мырза күлүмсүрөдү.

— Мен да ошондой го деп ойлодум эле, жашырган жоксуз.

Ал эми ачылып, сөздү шыр баштап, ачык сүйлөшмөк болду.

— Анда сизге жакшылап ойлонуш керек го дейм, Александр Александрович? Азыркы кезде жаңылган кишилер аз эместиги баарыга белгилүү. Адам баласы билбестиктен ар кандай жаман ишке кириптер болот. Эми кайда баратканыбызды түшүнөр мезгил жеткен чыгар деп ойлоном. Кыскасы, сизге куру-бекер жокко ишенип жүрүүнүн кереги эмне? Күнөкөрлөр узун кулак келет дешет. Бардык болуп жаткан жашыруун шумдуктуу окуя-

ларды күн мурунтан билишет. Балким, ошондой ар кандай «дейт» деген каңшаар сизге да жеткендир.

— Таксыр, мен түк эч нерседен кабарсызмын.

Таабалды анык ишенгидей далилди мырза айталбасын өзү сезе коюп, ал куу каптал неме дароо мант берип, сөздү башка жакка чаргытып кетти:

— Адамдын адашканынан жаман эмне бар? Далай кишилер билбестиктен ичи бузук, арамза кээ бирөөлөрдүн азгырган тилине кирип, өздөрү бекер азап чегип жүрүшөт. Алар мийзам боюнча жазага тартылышат. Антпеске болбойт. Чындыгында ошондой го дейм, сиз кандай дейсиз, Жукеев мырза?

— Төрөм, мен жолдон адашкан, бузуку жаман кишинин азгырган тилин алчу эмес элем.

Мырза мунун баш терисин байкадым го деген ойго келди.

— Ар ким өз алына жараша тартынбай жүргөнү дурус го. Маселен, Россияны башкаруу менин колуман келеби? Албетте, келбейт! Андай болгон соң мен неге өз башыма өзүм балээни үйөм? Большевиктердин түрткүсү менен айрым кишилер «революция!» деп кыйкырышат. Ошолор кайдагы бир жок немеге ишенишип, деле азаптан баштары арылбас болду. Чындыктан козгойлу. Азыркы күндө адашкан адамдар кайра оңоло башташты. Алар өздөрү натуура жолго түшкөнүн сезишти. Анткени, улуу император ошолорду аяп, андайларга ырайым этип, күнөөлөрүн кечип жатат. Ошолордун «революционер» болууда ойлору бар имиш. Азыркы кезде андайлар андан баш тартышты. Акталышып, үйлөрүнө кайтып жатышат. Түрмөдө жаткандан жадашыптыр. Тартипсиздикти баштагандар керт башын жутарына түшүнүштү. Демек, сизге куру-бекер азап чегүүнүн жана кордук көрүүнүн эмне кереги бар. Сиз маселенин баш-учуна түшүнгөн чыгарсыз дейм? Мен муну сизге ак санап айтып жатам.

— Мырза, мен кыйноодон качан кутулам? Мага да жан керек. Камыгып жатууну ким кааласын. Айтор, ар кандай токмоктоодон арылбас болдум.

Улук өз ичинен кымыңдай түштү.

— Мына, мына, кеп ошондо. Ооба, сиз менин оюмду эң туура түшүнүпсүз. Биз сизге ырайым кылалы, бирок жакшылыкка — жакшылык болсун. Жолдош Жукеев да өзүнө ак санагандын тилин алып, ак кызмат кылгандай болсо, бардык иш ойдогудай боло калат.

Чоңдун максатына Таабалды небак эле түшүнгөн.

— Маселен, сиздерге мен кандай жакшылыгымды көрсөтүүм зарыл?

Штабс-капитан күнөкөрдүн «сырын» тарткандан кийин, өтө сактык менен мунун тамырын дагы байкамак болду:

— Күнөкөрлөрдүн кайсынысы большевик? Мына ошону бизге аныктап берсе эле, Жукеев өз милдетин так аткарат. Андан кийин анын башы бош. Кайда барам десе өз эрки. Кандай кызматты кааласа, ал мүдөөсүнө жетерине мен сөзсүз ага убада бере алам. Ишене бер! Кудай акы арамдыгым жок.

Таабалды андан муну сурады:

— Таксыр, сиздер мени күнөкөр катарында кармап жүрөсүздөр. Ал маселе сизге белгилүү чыгар дейм. Сиздердин кимиңер менин бузук киши экенимди билесиңер? Эр өлтүргөнүм да жалаа.

Мырза сыр алдырбай жаркылдап күлүмсүрөп, күнөкөрдүн ар бир сөзүнө жараша жүйөлүү айтар акыл-насаатын күн мурунтан камдап койгон.

— Мен сизге адегенде чындыкты айттым го. Кимдеким жаңылса аны оңдоп, ага туура жол көрсөтүү биздин милдет. Адам катарына кошулуу керек. Эгер күнөкөр авыркы сунушка макул болсо, анын мындан ары тагдырына эч ким жолто кыла албасына мен кепил боло алар элем дедим го... Мен убадамдан түк жанбайм.

Таабалды төрөгө билегин түрүп көрсөттү эле, төрөнүн көзүнө капкачанкы эски тактар бадырайып даана көрүндү. Штабс-капитан муну көргөндө чочуганынан селт дей түштү, башын кейкейте кетти. Күнөкөрдүн билегиндеги чынжырдын тагына бир шылтоо таап, кутулууга улук аракеттенип, сүйлөмөкчү болгондо, Пудовкин андан мурда озунду:

— Көрдүңүзбү, урматтуу таксыр? Менин денеме өмүр бою унутулгус ушундай так түшкөн. Муну өлүм алдында турган кезимде да мен унутпасмын. Мен кимге каршылык көрсөткөн экемин? Россияны каптаган наарazылыктын чыгышына ким себепчи экенин билүү сизге да, мага да кыйын... Ал эми мен абийирсиздик кылып, «бу жаман киши, тиги революционер!..» деп жүрөктөрүнө так түшкөн күнөкөрлөрдүн үстүнөн жалаа жаап силерге кантип кармап берем? Мен сизге чын сырымды айттым, анткени мен бирөөнү алдаганды жана ак кишилерге жок жерден

кара санаганды өлгөндөй жек көрөм. Айтарым ушул. Эми, төрө, мени айыпка буюрсаңыз, койсоңуз эрк сиздин өзүңүздө.

Таабалды сөзүн бүткөндө штабс-капитан акырын улутунду. Ал алдында иретсиз жайылып жаткан кагаздарды тигил көрбөсүн дегенсип тигиндей жылдырып койду. Мырза мойнун терезе жакка бурганда Таабалдыга анын колу билинер-билинбес калтырагандай сезилди. Терезени теше тиктеген төрө денесин күнөкөр жакка буруп:

— Ошондой де! Сиздин ушул жоопту берериңизди мен да күн мурунтан билгемин. Актанууга ниетиңиз жок тура. Тил албаганыңа өтө өкүнөм! Мейлиң, шордуу жанды бир аз аяш керек эле... Биздин максатка али түшүнө элек экенсиз. Балким, дагы ойлонорсуз деймˀ

— Мырза, сиздин ырайымдуу болууга ниетиңиз бар көрүнөт. Анда сиздин өз керт башыңызга чоң оорчулук келер бекен?

— Таап айттыңыз! — деп штабс-капитан күлүмсүрөп бөлмөдө жагалдана аркы-терки басып, Таабалдынын маңдайына зыңкыйып тура калып, өзүнүн оюнун акырына чыгууга шашты. Мага эми баары түшүнүктүү болду. Сиз менен биздин жол ырас эле эки ача экен. Калыбы, биз жаңылган жокпуз го?

— Мүмкүн!..

— Эгерде ошондой шартка көнсөңүз, анда сиз жөнүндө ой башкача болмок эле.

— Жок! — деп күнөкөр ордунан турду.

Экөө бой тиреше түшкөндө:

— Сиз бошсуз! — деди штабс-капитан ызырына. Ал эки аттап босогого жетип, эшиктин туткасын ачуулана булкуп алды да, ар жакта какайып турган надзирателдин карааны анын көзүнө көрүндү.— Күнөкөрдү алгыла!..— Анын үнүн угар замат надзиратель бөлмөгө шып кирип бармакчы болгондо, өзүн көздөй бет маңдай чыгып келаткан Таабалды менен босогодон жөөлөшө түштү. Штабс-капитан кашынын ортосун бырыштырып, кабагын түйүп, сүрдүү кебетесин желдетке көрсөтө, чыгып бараткан күнөкөрдү акырая карап тиштенди.

Таабалды кенен короонун так орто ченине жеткенде капыстан килейген кара дөбөт аны көздөй атырылган бойдон качырып сала берди... Ит капыстан качырганда, ал шашканынан жерди сыйпалады эле, колуна эч теке урунган жок. Аңгыча, чамынып келаткан дөбөт аны бурдай

албай, жазып өтө берди. Бирөө атайы тукургандай, дөбөттүн качырганына күнөкөр ыза болду. Иттин иши ит да! Таабалды бурулуп арт жагын караса, штабс-капитандын караанын көрүндү. Ал кабанак дөбөткө ыраазы болгондой күлот, бирок ичи от менен жалын...

— Буга боштондук, эркиндик керек имиш! Эх, акмак! Тоо арасында жүргөн жапайы дөдөй азаттыкка чыгууну ойлонуптур. Мунун келечектен үмүтү чоң тура. Сендейлердин жазасын колуна берербиз. Муну камап кой! — Ал дарбазанын далдоосунан көрүнбөй калды.

Бул киши полициялык башкармадан атайын тапшырма менен келген айлакер мырзанын бири эле. Бирок тилегине жеткен жок.

1913-жылдын август айы. Түрмөнүн билермандары ар түрдүү айланы колдонушуп саясий күнөкөрлөрдү катуу кыйноого алууга мажбур болушту. Желдеттер чоңдорунун жогортон берген буйругуна жараша абактын шартын адам баласы чыдагыс кылып салышты. «Чыдасаңар — чыдагыла! Же багынып бергиле!» деген маселени төрөлөр кабыргасынан коюшканы айтпаса деле белгилүү. Айыгышкан кармаш тымызын өөрчүдү. Күнөкөрлөрдү желдеттер аңдууда. Күнөкөрлөр кара жумушка чыгуудан караманча баш тартышты. Түрмөнүн ичи жык толгон туткундар мындай кاарды тоотушар эмес.

Чуунун үстүнө чуу... Саясий күнөкөрлөр наар алуудан таптакыр баш тартышканын билгенде түрмөнүн чоңдору безгек болгондой калтырашты. Кошөрүп тамак ичпей, кабыргасы ичтерине жабышкан эр азаматтарды мырзалар зордоп да көрүшкөн. Таабалды да көшөрүп оозуна наар алган жок. Күндүн артынан күн чубап жатат. Күнөкөрлөрдүн баары тегиз бир ойдо. Күнөкөрлөрдүн тамак ичүүдөн баш тартышканын чоңдор «бу жан кечтилик» дешти.

Саратов түрмөсүнүн билермандары саясий күнөкөр Сашадан өлгөндөй кутула жадашыптыр... Муну көргөндө алардын муундары калтырайт. Көздөрүндө огу болсо атып жиберүүдөн кайра тартышар түрлөрү жок. Буларга Таабалды асмандан түшкөн чагылган. Жукеевди шылтоо таап кайра Ташкентке жиберишсе, мындан революциянын тунук суусун жутуп, такшалган неме ошондо анык шорду кайнатуучудай көрүнөт. Антери да ырас. Ал эми аны Москва же Петрограддагы зындандарга жиберүү ого бетер коркунучтуу. Таабалдыны кайсы жакка жиберерин билбей чоңдордун баштары катты. Нечен мертебе анын

козүн тазалоого тымызын аракет да кылышкан. Бирок, жок кылуу үчүн аны мыйзамга тууралаш керек эле. Мына маселе ошондо.

Жедеп ойлору ордунан чыкпай мөгдөшкөн соң, Саратов түрмөсүнүн башкы башкаруучусунун буйругу боюнча Таабалды Жуке уулун — Александр Александрович Пудовкинди бир миң тогуз жүз он үчүнчү жылы, жыйырманчы августта аны кепен Россияга батыра алышпай, алыскы Варшава түрмөсүнө зомбулук менен сүрүп ташташты. Ошол мезгилде ата мекенин сүйгөн поляктар жапа чегишип, Варшавадагы капаста камыгып жатышкан кыйын кезең эле... Поляк элинен чыккан эр жүрөк патриоттор зындандын бырып-чырынын чыгарууга даяр. Варшава түрмөсүндө революционерлердин уюму бар эле. Аны билген түрмөнүн чоңдорунун жүрөгү түшүп араң жүрүшөт. Мындай кабар Россияга жазгы желдей тараган. Падышанын ишенимдүү билгичтеринин бул кабар кантип үрөйүн учурбасын. Мурдагы саясий күнөкөрлөргө Таабалды кошулса эле абакты аңтарып кетүүчүдөй сезилет. «Чуулгандуу киши келиптир» дешип ал жердеги чоңдордун да жүрөктөрүнө муз тоңду. Демек, Варшава түрмөсүн башкарышкан билермандар Пудовкиндин тагдыры жөнүндө шашылыш чечишпесе, өздөрүнүн баштарына оорчулук түшөрүн алдын ала сезишти. Аз убакыт өткөн соң, Таабалдыны Варшавага батыра алышпай, колу-бутун кишендешип, кайра Россияга жиберүүгө аргасыз болушту. Аны Нижегороддогу биринчи түрмөгө желдеттер желкелеп айдап жеткиришти.

## 3

Нижегород түрмөсү. Россияны чарк айландырып турган ак сөөктөр өздөрүн кудайдын сүйгүнчүктүү пенделериндей сезишип, «биз артык жаралган жанбыз» дешет. Камактагылар аларды уқсун дегендей кыраан-каткы күлүп калышат.

Камерадагы нардын үстүндө кенедей чолоо жок. Күнөкөрлөр дубалга сүйөнүшүп, таң атканча кыйналып чыгышат. Көп жылдар бою түрмөдөн түрмө койбой кыдырып, айдоодо жүрүшкөн эски күнөкөрлөр жаңы келгендерден: «Деги сыртка бош киши калтырыштыбы?» деп сурашса, тигил кылмышкерлер: «Ким билет, мырзалар калкты түрмөдөн тукумдатып алууда ойлору бар го!» дешип керкак-

шыкты жылдырышат. Күн уясынан чыгып келаткан маалда кароолчулар мылтыктарын кезей кармашып, жүдөө, оңдөрү азган кишилерди жумушка айдап жөнөшкөндө чоңдор сурданышып аларды карап турушар эле. Качан гана күнөкөрлөрдүн карааны такыр үзүлгөндө, начальниктер чиренишип «кимдер калды экен» дегендей камераларды надзирателге ачкызып, нарларды тинтип чыгышчу, кокус жумушка чыкпай калышкан бирин-эки оорулар онтолоп жатканын көрүшсө: «Жатып ичер. Арам тамак. Силер түрмөгө бузукулугуңардан келесиңер. Мында оопап жатып семиргиңер бар го ээ! Врач буларды бекеринен оору десе керек. Силер семизиңерден ынтыгып араң турасыңар. Митайымдар!» деп ызырынып жекиришет. Моюндары илмийип, кабыргалары сапалып араң жүрүшкөн сыркоолор аргасыздан унчукпай кутулушчу. Кээде чоңдордун кордугу сай-сөөктөрүн сыздатып жибергенде ыза болушуп, тилдерин тартпастан начальниктерге каяша беришкенде, түрмөнүн билермандары оорулуу күнөкөрлөрдүн ыйманын саман кылышмайынча түк жандары жай алчу эмес.

Зуулдап өтүп жаткан кайгылуу, көңүлсүз күндөрдүн бири. Таабалды ооруп врачтын уруксаты боюнча камерада жалгыз калган. Сыркоо бечаранын жаны кейигенинен тиштенип нардын үстүнөн түшүп, камеранын ичинде аркы-терки басып турду, ошо кезде каалганын төөнүн көзүндөй тешигинен шыкаалаган кимдир бирөөнүн жылтыраган көзү көрүндү. Таабалдыга тешиктен шыкаалаган көз жазга жуук арыктап олгөн буканын көзүндөй көгүш тартып, бөтөнчө тири укмуштай көрүндү. Ал жакты карагысы келбей, далысын тосуп бурула берерде эшик ачылып, чарчы бойлуу, былчыгый, бети тоголок, көзү алайган, өңү ак куба адам кирип келди. Тигил келген немеден кекээрдүү үн чыкты:

— Бали! Бу кыялга батып турган кайсы «таалайлуу» күнөкөр?

Муну менен кошо жүргөн надзиратель боюн түзөп зыңкыя калып, начальникке баяндоого ашыкты:

— Урматтуу төрө, бул кадимки Жукеев. Оорулуу имиш... Муну врач жумушка чыгарган жок.— Мырза кичине жылмайды. Бирок анын денеси муздак суу сепкендей дүр дей түштү. Ал аны билгизбөөгө тырышып, башын ийкемиш болуп койду:

— Ушул экениңен күнөм санаган элем. Демек, эс алууга мүмкүнчүлүк алган экенсиз го, Пудовкин «мырза?»

Таабалды ага сылык гана мындай деди:

— Айыпка буюрбаңыз, төрөм. Бүгүн табым жок. Этим ысып-күйүп от менен жалын...

— Ах, ошондойбу?! Анда чоң себебиң бар экен. А балким, сага мындан бөлөк дагы бир нерсе керек чыгар? Уялбагын, чыныңды айта бер!

— Мага эч нерсенин кереги жок, урматтуу таксыр.

— Мх!.. Мх!.. «Мунун жаны биздикинен артык эмес, эмне үчүн жумушка барбайт» деп сага атаандашат го дейм досторуң?

— Алар кайдан антишсин?!

— Мүмкүн, сени жолдошторуң аяшар. Дагы «биз азап чектик» дейсиңер ээ!

— Эгерде аз болсо, анда күнөөнүн үстүнө дагы күнөө кошуу сиздин колдон келер. Сиз тараптан берилген буйрукту кайсы күнөкөр аткаруудан баш тартты?

Начальник бул сөзгө кара күчкө кичине жылмайып койду да, башын кейкеңдетип бир аз туруп, анан кабат-кабат нарга үңүлүп карап кирди. Ошол убакта босогодо надзирателдин мууну калчылдап, жүрөгү дүкүлдөдү. Бир нерсе таап чыкпагай эле деп коркот... Анын көздөрү чанагынан чыга жаздаган. Нарды аңтарып-теңтерип жүргөн начальник бир нерсе тапкансып калганда, коркок надзирателдин көзүнө кагаз сыяктуу көрүнүп, дени өлүп калды. Ал калч-калч этип титиреп, өз ичинен: «Өлдүм... Ойрон болот деген ушул. Эх, иттер, деги эмне катышты болду экен». Таабалды түк камыраган жок. Камеранын ичи кулак-мурунду кескендей жымжырт. Бир укмуш болчудай надзирателдин кулагына «зың... зың!» деген гана кандайдыр бир шумдуктуу добуш угулуп жатты. Начальник камерадагы нарлардын үстүн, алдын жана ар кайсы бурчтарын тинтип түк эч нерсе табалбай койду. Бир оокумда анын колуна бир неме кокустан уруна түштү. Жарыкка караса чүпүрөк экен. Ичин ачса, аялдын сүрөтү, анын артында мындай жазуу бар экен: «Секет болоюн Ваня! Качан келер экенсиң?.. Балдарың сени абдан сагынды. Оолда арман ай!.. Мейли, акыры тилегиңе жетерсиң!»

Начальник сүрөттү ыргытып, ордунан козголбой таштай катып калды эле, надзиратель кыйпычыктап эки жагын каранып тынчсыздашды.

— Кызык! Бул кандай көрүнүш? Өздөрү түрмөдөн

түрмө кыдырып, азаптан баштары арылбай жүрсө да, бак-таалайдан, турмуштан күдөр үзүшпөйт... Ха-ха! Бу кандай дөдөйлүк!.. Бир аздан соң ал башын өөдө көтөрдү эле, кебетеси куду эшектин эле өзү сыяктана түштү. Так ошол көрүнүшү муну көкүткөндөй мырза айкырып жиберди:

— Силер кудайга күнөөлүү болуп жана мыйзамдан безбедиңер беле! Дагы эле турмуштан, бак-таалайдан үмүтүңөрдү үзө элексиңерби?

— Таксыр, кимдин эле өлгүсү келсин? Мен көрөр күндөн, жаркыраган келечектен жана бак-таалайдан эч качан үмүт үзбөйм!..

— О, сен оптимист көрүнөсүң. Анда падышадан кечирим сурасаңар болбойбу? Булар түрмөдө жатышып бактылуу болгулары бар. Ай... ай... ай! Макоолук, дөдөйлүк!.. Эх, жүзү каралар. Кайдагы бир шуркуя катындын сүрөтүн жада калса түрмөгө да ала келишип, керемettүү периштенин сөлөкөтүндөй көрүп, сактап жүргөнүн көрсөң. Деги эмне болуп баратасыңар? Дениңер сообу же акылдан ажырап жинди боло баштадыңарбы?

— Таксыр, ырас эле акыл-эстен ажырагандыктын белгиси го... хи-хи-хи-эх-хи-хи! — деп, надзиратель начальникке жагынгандай ыкшып күлдү. Таабалды тоотпой, сурданып, үнчүкпай тура берди. Сопсоо турган начальник алкынып кирди:

— Буга жатууга уруксат жок! Муну ушу жердеги жумушка чек! Муну көрсөң. Анткор. Кыйды.

— Жарайт, таксыр! — Надзиратель чоңуна жасакерленип турганда, аңгыча ар жактан олчойгон өтүгү менен тактайды тарсылдата чуркап бир кароолчу келди да, ээгиндеги бапыйган сакалын сербеңдетө аптыгып, үнүн ичке чыгарып чыңкылдады.

— Урматтуу төрө! Согуш... Согуш чыккан имиш... О кудай, барыбыз ойрон болот көрүнөт окшодук. Мырзалар келишти. Сизди чакырып жатышат.

Желдет муунуп араң сүйлөдү. Эмеле жаалданып турган начальник капыстан мындай суук кабарды укканда бүткөн бою дүркүрөп, тилсиз боло түштү. Ал күнөкөргө сыр билгизбөөгө тырышып, үрөйү учкан желдетке «жаагыңды бас!» деп колун жаңдап, көзгө илээшпей камерадан чыкты. Начальник узата кеткен коридорду такасы менен тыкылдатып, жанынып бардыгынча жүгүрүп баратат. Надзиратель да өкүнгөндөй эрдин кыбыратып шалдая түштү, апан берки селдейип турган кароолчуга жакын барып, ага

муштумун кезеп: «олдоксон ит» деп жекирди. Таабалды босогого жетип, алардан бирдеме деп сурайын дегенче болбой темир эшик шак жабылып, сырттан «Согуш!.. Согуш!» деп кимдир бирөөнүн кыйкырган үнү ага даана угулду.

Түрмөнүн темир капкасы дайым жабык. Түнөргөн түндөр, жарык күндөр бошко гана зуулап өтүүдө... Күнөкөрлөргө ичи жыкжыйма камерада Таабалды баягысындай эле камыгып жаткан кезде, батыштан дүйнөлүк биринчи согуштун оту ай-ааламды куйкалап жиберчүдөй алоолонуп жалбырттайт... Дыйкандар, болот көөдөн жумушчулар казатка жөнөштү. Тирүүлөй кара кийип ялдар боздоп калды. Аталарынан, агаларынан айрылган жаш балдар чыркырашат. Россияда жалгыз гана бир кишинин үстөмдүгү чексиз өкүм сүрүп турган. Согуш оту жалбырттап күч алган сайын фабриканттардын чырактарына май тамды. Уруштан олжолуу болууну көксөшөт... Кабактары ачык, көңүлдөрү куунак. Алардын балдары менен жакын жекжааттары солдатка барышмак беле, үйлөрүндө даң салышып жүрүшөт. Калкалап калары жок кара таман шордуу дыйкандарга, жумушчуларга, жалпы эле журттун башына кара түн түшүптүр. Кенен Россиянын жерин душман тебелеп кирмек болду. Ажал жакын. Эмгекчи эл качырып келаткан жоодон жана өз арасындагы сүткор зулумдардан эбегейсиз кордукту көрүшөт. Ай дүйнө! Ай, арман ай!

Согуш башталгандан эле жазыксыз кишилердин ыйык каны жерге төгүлдү. Адамдын өлүгүнө ит-куш семирди. Падышанын аскерлери майданга кирген күндөн тартып курал, ок-дары кемчил болуп, кендирлери кесилип, оорчулукту баштарынан өткөзүп жатышты.

Душман калайман сала баштаганда «какаганга муштаган» болуп, солдаттарга жугуштуу кесел жармашып, азаптын үстүнө азап, муңга муң кошулду. Көзүң жамандыкты көргүлүк кылбасын! Нечен жазыксыз адамдар: жумушчу менен бечара дыйкандар бул каргашалуу кандуу урушта жоболоңдуу куралдуу жоодон жарадар болушту. Кээлери бир ооз тилге келбей томурайып жер кучакташты. Душмандын жолун бууп салгылашкан шордуу солдаттарга баш-көз болушкан падышанын генералдары сатылып кетишти да, кадам шилтеген сайын чыккынчылык күчөдү.

Мыкты куралдарды тандап колго алган жоо падышанын солдаттарын бырчылдатып чөптөй туурады. Канчасы туткунга алынды. Жазыксыз жерден жайраган адамзаттын сөөгү карга менен кузгунга жем болуп, көмүлбөй тепселип, ээн талаада жатат. «Ой дүйнө ай, адам ушундай да кор болот экен ээ!» деген армандуу үндөр угулат.

Кызыл кыргын, кара сүргүн аздык кылгансып, жоо сандаган имараттарды, кыштактарды кыйратып, мейкин талааларга өрт коюшту. Көк түтүн көккө көтөрүлүп чыгып, кара туманга айланганын тик багып адам карагыс. Завод-фабрикалар биринин артынан бири жабылууда... Кан күйүп, калк кайгыдан арылбай турган чакта ак падыша карайлаган элди ого бетер мөгдөтүп ар түрдүү алык-салыкты журтка үйө салып, бей-бечараларды ач-жылаңач калтырды. Чоң соодагерлер, копөстөр, помещиктер, мансаптагы жергиликтүү бай-манаптар жана падышага кызмат кылышкан малайлар гана олжого батышты.

Согуш падышалык бийликтин бүтүндөй ирик-чириктерин чукуду. Далайдан бери ачылбай жабылуу келген көшөгөсүн аңтара салып ыргытканда, бийликтин башындагылардын чуусу чубалды. Эл арасында мурдагыдан бешбетер наарazылык күчөдү. Падышага солдат берүүдөн журт караманча баш тартышып, бийликке каршы козголоң чыгарышты.

Так ушундай кыйын кезеңде, адамдын каны суудай оргуштап жаткан маалда өлкөнүн кайсы гана жеринде болбосун, революциялык кыймылдын алоолонгон жалыны жалбырттап, тынымсыз жайылды... Большевиктер болсо, империалисттик согушту падышалык бийликке каршы граждандык согушка айландырууга элди аябай үндөп, келечекте азаттыкка чыгууга чакырды. Партия такшалган революциячыл, кайраттуу азаматтарын казатта камыгып жүрүшкөн солдаттардын арасына барып большевиктик идеяны таратуу үчүн майданга жиберип жатты.

Согуш башталган күндөн тартып түрмөдөгү режимди күчөтүп, надзирателдерге, кароолчуларга катуу буйрук беришкен. Күнөкөрлөргө сырттан кабар билгизбес үчүн желдеттер сыр бербей сактанууга аракеттенишет. Ал эми күнөкөрлөрдүн кимиси болсо да майданда жана өлкөнүн өз ичинде болуп жаткан окуялардан кабардар эле. Аны билишкенде чоңдордо жүрөк жок. «Булар кантип билип алышат? Аны буларга жеткизген ким болду экен?» дешип, алар аң-таң калышат. Өкүнүп ооздорун кармашат.

«Саясий күнөкөрлөрдүн баары-большевиктер. Аларга сырттан болгонду тымызын жеткизип турган бакан ооздор биздин өз арабызда тура! Эми так ошолорду кармаш керек. Жанагы Пудовкин деген куу неме кантип эле соо жүрсүн!» дешип кыйкырышат улуктар. Күнөкөрлөрдүн тыңчысынын бир да бирин колдоруна түшүрө алышпаганына торолор ыза болушуп, бардык күчтөрүн надзирателдерден чыгарышат. Чоңдорунан өлөрчө жеме уккан надзирателдер чамынган бойдон кароолчуларды кекиртектешет. Ичи күйгөн берки кароолчулар ар кайсы камеранын эшигин тепкилеп, тиштерин кычырата ызырынып: «Силер камакта жатып тиги алыстагы согуштан кантип кабар аласыңар? Шүмшүктөр, бизди соймок болдуңар. Кудай ай, силерден кутулар күн болор бекен?» деп зыркырашат. Кокус ар жактан чоңдордун карааны көрүнө калса, жүрөгү үшүгөн кароолчулар билмексен боло томсоро калышат.

Кайда барсаң да адамдар согуштун кебин сүйлөшүп, кокуйлашат. Журттун көзүнө турмуштун келечеги эки ачадай көрүнөт. Бийликке наразылык жеке эле калк арасында гана күчөбөй, солдаттарда да, түрмөдөгү күнөкөрлөрдө да тоодон көчкү көчкөндөй күүлдөшкөн мезгил эле. Согуш жөнүндө ар кандай шумдуктуу суук кабардан адамдын кулагы тунат. Бу кыргын качан токтойт? Бей-бечаранын жанына запкы болушту го. Кээ бир саясий күнөкөрлөр эптеп түрмөдөн чыгып, согуш майданына жетүүнү көксөшөт. Бул ой Таабалдыда да бар эле. Ал муну саат сайын самап, күндүр-түндүр көксөйт. Бирок кантип? Качууга кандай арга табылат? Кимге кайрылса көксөгөн мүдөөсүнө жетет? Түрмөдөгү абал баштагыга караганда оор... Темир тордун быт-чытын чыгарып, желдеттерди жазгырып качуу жөнүндө туткундар нечен мертебе термелип ойлонушту. Эч жылчык жок. Кайтаруу күч, желдеттер сак. Алар туткундарды кокус качырып жиберишсе, өз баштарын жутушарын билишет. Эр жигиттин колун байлап, тилегине жеткизбей муңкүрөтүп турган ушул туткундук. Ушул түнөргөн түрмө... Түрмөдөн чыгууга ага эч кандай арга табылбады. Таабалды үмүтүн үзбөй дагы аракет кылып, Николайга төмөнкүдөй мазмунда кат жиберүүгө аргасыз болду.

«Азирети ак падышага! Мен көп жылдардан бери көзүмдү жылтыратып түрмөдө жатам... Ташкент—Саратов—Варшава түрмөлөрүн кыдырып сүргүндө жүрүп, акырында Нижний Новгород түрмөсүнө бук түшүп жатканымдан

бери бир топ жылдар өтө берди. Өмүр да өтүп кетти... Жаштыктан да ажырадык. Мен тоо арасындагы караңгы кыргыз тукумунан болом. Улуу даражалуу таксыр! Күнөөмдү актоо үчүн сизден ырайым сураймм. Сиз мага ырайым этип, мени согушуп жаткан армиянын катарына жок дегенде убактылуу кабыл алдырууга ыракым этүүңүздү мен сизден көптөн-көп өтүнөр элем... Ырайымдуу таксыр, кашык каным калганча, өз ата журтумду коргоп, жоого аттанууга мен даярмын. Нижний Новгород түрмөсүндө жаткан күнөкөр Таабалды Жукеев.

*16-август, 1916-жыл.»*

Пудовкиндин падышадан кечирим сурап жазган арызы колдон колго өтүп, көпкө дейре Москвадагы билерман төрөлөрдүн алаканында ушаланып жүрдү. Падышанын «акылдуу» улуктары ошол кат жөнүндө ар кандай ойго түшүштү... «Бу анын ак пейили менен жазылган өтүнүч болду бекен?» дешип төрөлөр бир чети күнөкөргө ишенишпей күнөм санашса, бир чети «анык ажыдаардын куйругун басып алып балээге калбайлы!» деп чочушту. Падышанын кызматын так аткарууга күчтөрүн зарп кылып, баштарын тиккен анын малай улуктары күнөкөрдүн каты менен толук таанышып, аны юстиция министринин төрагасынын орун басарына түртө салышат. Катты орун басар нечен күнү кармап жүрөт... Ал кандайча жооп берүүнүн айласын таппай башын мыкчып жүрдү да, акыры Нижний Новгороддогу биринчи түрмөнүн чоңуна даттанган күнөкөрдүн толук дайнын билүү үчүн жашыруун кагаз жиберүүгө мажбур болот. Түрмөнүн начальниги жогорку улуктарынан мындай кагазды алганына тимеле төбөсү көккө жеткендей кубанат. Ал өзүн кадыр-барктуу жана чоңдоруна ишенимдүү кишидей жогору баалады. Душман душманына ак санамак беле. Юстиция министринин төрагасынын орун басарынын наамына түрмөнүн начальниги Пудовкиндин саясий күнөкөр жана өздөрү үчүн эң барып турган коркунучтуу киши экендиги жөнүндө сексен жети бет кагазга эрикпей узун баяндама жазып жибериптир. Андагы сөздүн акыры мындайча бүткөн эле: «Пудовкин кокус бошонсо же менин же сиздин башыңызды жалмайт!» Орун басарга ушул билдирүү тийгенде, ырайым кылмак турсун калчылдап чалкасынан кетет... Таабалдынын кан-

дай максат менен кат жазганына митайым оруп басар түшүндү.

Таабалды тобокел деп императорго жазган катынан күдөрүн үзбөй жооп күтүп жүргөн. Бир күнү Петрограддан ага шылтоого шыноо болгон жооп беришет. Ал падышадан буга ырайым болбоду. Ал Россиянын түрмөлөрүн түп көтөрө кыдырып жүргөн мезгилде нечен жылдар бошко зуулап өтө бериптир... Таабалды гаалай үчүн кармашып, азаптан башы арылбай жүргөнүнөн бери он жылга аяк басты. «Качан эрик таңы атат? Бoштондук келер бекен? Мен муңайбайм... Мейли, күрөш токтолбой күчөй берсин!» деп Пудовкин кайрат кылат. Падышага жазылган өтүнүчтөн кийин чоңдор аны кырсыктап: «Бу айлакер экен. Жеткен шум неме тура. Императорду алдагысы келсе керек. Балким, бул жазгыруу үчүн андан ырайым сурап жүргөн чыгар» дешип желдеттер кекенишет. Таабалды ыза болуп, арданган жок. Буга окшогон опузалап коркуткандын нечени тоо бүркүтү башынан өткөргөн.

«Жамандык» кайдан жерге жатсын. Сандаган туткундар падышалык бийликтин жакын арада ташы талкан чыгарына аз эле калганы тууралу каңшаарды тымызын угуп турушту. Ошол камоодогуларга чоң бел болду. Эл оозунда «Ак падышанын тагы кыйшайып калыптыр» деген соз бар. Эл тегин жерден айтпайт. Ушул сөздөн үмүт чоң... Акыркы күндө: «Партия бар... Ленин бар. Бизге теңдик заман келер!..» дешер эле туткундар. Булардын мындай күжүлдөгөн үндөрү өздөрүнө чоң демөөрүн... Туткундар сонун күндөрдү көз алдыларына элестете кетишкенде дайрадай чалкышат...

Эзилген эл арасынан чыккан эр жүрөк, каарман жумушчу табы болоттой курчуп жетилген кези эле. Мырзаларга жалтанбай, эзүүдөн кутулуу үчүн күрөшкө чыгышты. Жумушчулардын тоодой толкунуна туруштук бере албай ак сөөктөр алактайт. Элди эзип, мыжыган падыша жан талашып калтаарый баштады. Тоодой толкунду тороп, токтотууга биларманадар жандарын үрөшөт. Бирок кантип? Партия кордук көргөн элди, жумушчуларды колдоду. Айыгышкан катуу кармаш кай жерде болбосун күчөдү. Ак сөөктөр аябай жан талашты. Аргасы канча?.. Үстөмдүк кылган доор колдорунан чыкты. 1917-жылы февралдагы буржуазиялык-демократиялык революциянын эпкини ак падышаны муунтту. Падыша тактан топ этип кулады. Мындай кубанычтуу кабар алеки сааттын ортосунда бүт-

күл Россиянын төрт бурчуна дециздин үстүндө кайып учкан желдей жайылды.

Сандаган эмгекчилер кылкылдаган кызыл тууну желбиретип, калаанын ичин дүңгүрөтө революциялык ырларды шаңдуу созушуп, түрмөдө тумчугуп жатышкан боордош туткундарды көздөй атырылган бойдон жөнөштү. Каарман жумушчулар, күжүрмөн солдаттар жапырт «ураалаганда» түрмөнүн чоңдорунун жүрөктөрү түшүп, өз баштарын жашырууга жай табалышпай алактап калышты. Далай жазыксыз кишиге түпсүз зындан болгон түрмөнүн темир капкасы талкаланды. Жумушчулар зынданда камыгып жатышкан революциячыл баатырлардын колу-бутундагы кишендердин быт-чытын чыгарып, туткундарды түбөлүккө бошотушту.

Ушул көп туткундардын арасында тоо элинин кайраттуу уулу, жалындуу революционер Таабалды Жуке уулу— Александр Александрович Пудовкин да түнжураган караңгылыктан бошонуп чыкты.

Ак падыша тактан түштү, бирок эрик таңы али ата элек. Азап-тозокту бирге тартышкан жолдош-жоролору түрмөдөн чыгары менен туулуп-өскөн жерлерине жана башка жактарга тарашмак болушту. Ал эми Таабалды кайсы жакты көздөй бет алат? Ала-Тоону көздөй сызууга буга али эрте. Өмүр бою көксөгөн чоң максаты бар эмёс беле! Ошол тилегине жетпей эми кете бергени кандай? Таабалдыны ушул терең ой терметти. Кандай кыларын билбей анын башы катат. Энеси, бир туугандары эсине түштү. Мындан эчак түңүлүшкөндүр. Таабалдынын көз алдына энесинин кебетеси келе калганда, анын мууну шалдырап, кабыргасы кайышат. «Баса, Катя кайда? Ал Саратовдо эмес беле? Аны унутууга болбойт. Ал мен дечү эмес беле? Ошонун көзүн көрсөм ээ! Азыр Катяны издөөгө чамам жок, максат бар». Чынында Таабалдынын кайда, кайсы шаарга айдалып кеткенин Катя билбей адашып калган. Эми Катяны кайдан издейт. Туткундарды солдаттар менен эл жабыла киришип, түрмөдөн бошотуп алышканын билсе, Таабалдынын сагынып-саргайган аялы Саратовдон издеп... Ооба, Катя унутпайт. Акыры Таабалды үмүтүн үзбөй өмүрлүк жарын качан болсо бир жерден табармын деди.

Максатташ жолдоштору ага турмушту Богород калаасынан баштоого акыл-насаатын айтышты. Таабалды алды жагынан аска торой калса да андан буйдалбай өтүп, жумушчулардын уюткусу көп шаарга жетүүгө талпынды. Ал Богородду көздөй күндөп-түндөп сызды. Мына эми самаган шаарына жетип, «Электросталь» заводунда мурдагы кесибин улантып слесарь болду. Россиянын бардык жериндей эле бул шаарда дагы заман олку-солку болуп турган экен. Заводдо иштеген жумушчулардын турмушу оор. Алар жокчулуктан кутулуша элек, каатчылык. Жакырчылыктан мүңкүрөшкөн кишилер өз жандарын арaң асырашып жүрүшкөнүн көргөндө Таабалдынын сай-сөөгү сыздады. Арга канча. Ал жумушчулар менен кол кармашып иштей баштады. Жумушчуларга Убактылуу өкмөттүн бийлермандарынан кеңедей жакшылык болор эмес. Ак падыша тагынан шыпырылганда эмгекчилер жакшылык болот деп үмүттөнүшсө, эсерлер, меньшевиктер ак офицерлерге жан тартышып, элдин таламын талашпай, чыккынчылык кылышып, кеңеш бийлигин четке кагышканы белгилүү болду. Буга окшогон кара ниеттикке калайык кантип наарaзы болушпасын. Муну көргөндө Таабалдынын күйбөгөн жери күл болду: «Атаны дүйнө күн, көптөн бери күткөнүбүз ушул белe?» деп жүрөк заада болушат жумушчулар. Баары тең күн да, түн да ушул жөнүндө сөз кылышат.

Душмандын жүзү каралыгын билишкенде Таабалды иштеген «Электросталь» заводунун каарман жумушчулары аябай кыжырланышты. Убактылуу өкмөттүн башчылары чоң кыянаттык кылышса да, жумушчулар большевиктерден жана революциянын улуу көсөмү Лениниден түк үмүттөрүн үзүшпөдү.

Убактылуу өкмөт жөнүндө суук кабарды угуп жана жүзү каралардын кылыгын көзү менен көргөн соң, Таабалды алды жакта дагы чоң күрөш барына түшүндү. «Эми Лениндин идеясын заводдогу жумушчуларга таратуу керек! Азыркы зор милдет ушул гана!» деген ойго токтолду ал. Пудовкин жумушчуларга билген кеңешин берип, чымыркaнып иштеп жүрдү. Заводдогулар анын белдүү коммунист экенине көздөрү жеткенден кийин ага жөлөк болушту.

Жумушчулар өздөрүнүн бирдиктүүлүгүн чыңашты. Пудовкиндин жайып толук билишкенден кийин алар аны шаардык жумушчулар депутаттарынын кеңешининин аткаруу комитетинин мүчөлүгүнө көтөрүштү. Булар атайы

ишенип депутатка көрсөткөн өкүлдүн мойнунда эсепсиз көп иштер бар эле. Ошол кезде азык-түлүктөн жумушчулар өтө каржалып калышкан. Эгин, товар жана башка буюмдун баары кулактар менен соодагерлердин колунда эле. Алар кара ниеттик кылышып, азык-түлүктөрүн базарга чыгарышпай катып коюшкан. Жакырчылыкка дуушар болгон жарды-жалчылар кыйын абалда. Азаптуу согуштан жарадар болуп кайтышкан бечара солдаттардын алы абдан начар. Калайыктын кем-карчын бүтөөгө киришкен ким бар? Убактылуу өкмөттү башкарган жергиликтүү билермандар элдин турмушу тууралуу ойлонбостон, кайра кеңеш бийлигине жамандык издөө менен гана алек болуп жүрүшөт. Кайда барсаң баш аламандык, чатак, чыр. Караңгы кишилер кимге ишенерин билишпей алактап калышыптыр.

Таабалды лениндик идеяны жумушчуларга жайылтып жүрүп, бир күнү Убактылуу өкмөттүн жергиликтүү өкүлдөрү жалган ушакты таратышканын укту. Ал жүзү каралар шаарга бүт жайып чыгышыптыр. Анысы аз келгенсип, өздөрүнүн мындай провокацияларына элди ишендирүү үчүн Петрограддан басылып чыккан буржуазиялык газеталарды айрым жерлерге барышып ар кимге окуп да беришиптир. Бул ушак ооздон-оозго тарап кеткен экен. Буга жумушчулардын жиндери келди. Таабалды ушул ушактын караманча калп экенин жана муну көрө албастык менен душман өз мүдөөлөрүнө жетүү максатын колдонушуп жүрүшкөнүн түшүндү.

Чак түш... Жумушчулар цехтерде кызуу иштеп жатышат. Баары жумуш менен алек. Бир оокумда ак саргыл, бети тултугуй, күлтүйгөн чоң киши келди. Мунун жанында жүргөн кодойгон, куйкул сары неме жумушчуларга «жумушту токтото тургула» дегендей жаңсап колун көтөрдү. Жумушчулар аларды таңыркап карап калышты. Жанагы келген бейтааныш киши боюн түзөп, башын чулгуп, беркилерге кырка көз чаптырып, сүйлөмөкчү болуп оозун эптеп келаткан кезде, ар жактан Пудовкиндин караны көрүндү. Өкүл каргылданган үнүн бийик чыгарып, бир топ сөздү мөндүрдөй жаадырып жиберүүгө үлгүрдү. Ал сөзүнүн акырында мындай деди:

— Силер ач-жылаңачсыңар. Каржалып калганыңар бизге белгилүү. Силердин ар кимдин азгырган тилине кире бермейиңер бар.

— Ачык айтыңызчы?

— Мисалы, биз кимдердин тилин алган экенбиз?
— Ооба, ооба, ошону айта койгула.
— Биз маселенин баш-учуна түшүнбөй жатабыз.
Жумушчулар ага суроо беришип, өздөрүнчө уу-дуу боло түштү эле, тиги белгисиз адам көзүн ойноктотуп, эки жакты элеңдеп, карана тамагын жасап, маңдайында тургандардын кулагына шиштей тийген уккулуксуз үнүн көтөрө чыгарып чайылдады:
— Петербургдан алынган соңку кабарлар боюнча «силердин Лениниңер немецтин тыңчысы экен». Ошону билип койгула!
— Эмне дейт!
— Ой, алдагынын жаагын басып койчу!
— Бу кандай кара оозуңа кан толгурлар эле.
— Муну айтып жүргөн кимдер?
— Иттердин чыгарбаганы жок.
Тургандар жапырт дуу дей түштү. Кээ бирөөлөр «иттер!» дешип кыйкырып жиберишти эле, тиги көпчүлүккө сөзүн жулдуруп жиберген неме, сөөмөйүн чычайтып өөдө көтөрө койгондо чуу басыла түшүп, кайра баары жапырт ошону тиктешти.
— Мына кызык! Силер, эмне, бизге, кала берсе, мына бул газетага ишенбейсиңерби? «Большевиктер да немецтик шпиондор» экен деп, ал киши жан талашып берки жумушчуларга колундагы газетаны көрсөтүп жатканда, анып колундагы газетаны Пудовкин шап жулуп алды.
— Жолдоштор! Булардын сөзүнө ишенбегиле! Мындай жүзү кара чыккынчылар биздин пролетариаттын көсөмүн жаман атты кылыш үчүн оюна келгенин айта беришет. Бул газета булардын өздөрүнүкү.
— Ах, шайтандын шапалагы! Бул шүмшүк силердин араңарга башын батырганы аз келгенсип, заводдогуларды буза баштаганын көрсөң. Кебетесин көргүлө! Бул митаам фамилиясын буруп алса эле силер муну орус дегенсиңер го. Жо-ок, орус эмес!
Өкүл менин сөзүмдү жумушчулар колдоор бекен дегенсип эки жагын каранды эле, аңгыча үндөр анын кулагын тундурду:
— Анда сенин эмне ишиң бар?
— Мейли, ал кайсы улуттан болсун, бизге пролетариаттан болсо эле болгону.
— Силер бизди кайраштыргыңар бар го, ээ!
— Деги мунун өзү кайсы жактан экен!

Ызы-чуу күчөгөндө окулду кайтарып жүргөн неме чыкчырылып ортого чыгып:

— Акырын! — деп мурчуйду эле, аңгыча:

— Силер бирди көрө элегиңерде мындан жоголгула! — деди Таабалды. Аны кубаттагандай көпчүлүктүн ызы-чуусу дагы күчөп чыкты.

Бул, жумушчуларды тетири үндөгөнү келген Убактылуу өкмөттүн атайын кишиси — эсерлерден эле, анын жанында ээрчип жүргөн кодогой киши ак офицер. Бул экөө тең сестене түштү. Заводдон тез чыгып кетишпесе, жанагы айткан сөздөрүнүн азабын тартышарына өздөрүнүн көздөрү жетти окшойт, алар артын кылчайып карашпай жөнөштү. Кыжырланган жумушчулар күүлөнүшкөн бойдон тигилерди заводдун дарбазасына чейин сүрүп барышты.

— Жолдоштор! Меньшевиктер, эсерлер буржуазиялык Убактылуу өкмөттүн сөзүн сүйлөп, биздин большевиктерди жана революциянын көсөмүн жамандоо аракетине өтүштү. Жумушчулар! Биз Ленинди гана билебиз жана ага дайыма ишенебиз. Эч качан большевиктерден үмүтүбүздү үзбөйбүз! Буржуазиялык газеталарда жазылган жалган кабарларга силер эч качан ишенип, алданууччу болбогула! Убактылуу өкмөт кимибизге нан берди? Алар элге жерди, сууну бергени кана?

Заводго келген эсерлердин кишиси жумушчулардан кагуу жегенден соң... Убактылуу өкмөттүн өкүлдөрү куулаңып белдүү кишилерди колго түшүрүүнү көздөштү. Заводдун башкаруучуларын жекирип кысмакка алышты. «Силердин араңарда жаман кишилер бар көрүнөт» деген шылтоо менен алар ыгын таап заводдогу кээ бир коммунисттерди тымызын камакка алууну көздөшкөнү сезилди. Алардын көбүнчө кастарын тигишип көздөгөнү Пудовкин эле.

Кеч күздө Богород шаарынын жумушчулар депутаттарынын аткаруу комитетинин буйругу боюнча Пудовкин тымызын, кайдадыр бир жакты көздөй өтө шашылыш жөнөдү. Ага тиштерин кайрашкан Убактылуу өкмөттүн кишилери 10-октябрь күнү Таабалдыны камакка алышмакчы эле, алардын тилектери таш каап, аны сыйпалап табалышпай калышты.

...Ал өмүрүндө көрө элек Питерге келип түшөр замат, ар кимден сурамжылап жүрүп таң сүргөндө Смольныйга келди. Бул белгисиз кишини кароолдо турган мылтыкчан

солдат таң калгандай карап турду: «Э, кайдан келген киши болду экен? Өмүрүндө азаптан башы арылбаган бир бечара го». Чоочун киши батынып кароолчуга жайын айта албай жатканда Смольныйдын короосунун ичинде биринсерин кызыл гвардиячылардын аркы-терки басып жүргөнүн көргөндө чоочун киши. жалдырап, алардан көзүн айырбайт. Кароолдогу солдат андан шек санагандай тынчсыздана мылтыгын колуна алып:

— Гражданин, кайдан келдиңиз? Сизге ким керек эле? — деп сылык сурады. Берки киши кере-кере арыштап барып солдаттан окчунураак токтоду.

— Мында кирүүгө болобу?

Кароолчу мылтыгын өөдө кармап, короонун ичине көз чаптырды. Анан шектенгендей уйкусураган көзүн ушалап:

— Мында уруксатсыз кире албайсыз,— деди.

Анын жообун уккан соң бу киши селдее түшүп, «мен адашып башка жакка туш келип калганмын го» дегендей шашып сүйлөдү:

— Смольный ушубу?

— Ооба.

## Бешинчи бөлүм

### 1

Өмүр бою көксөп жүргөн эркиндик колго тийип жатканда Таабалдынын жүрөгү элеп-желеп болду. Ал Смольныйдан күн-түн дебей зымыраган бойдон «Электросталь» заводуна жеткен. Адамзаттын азаттыгы үчүн күрөшкөн улуу Лениндин жүзүн көрүп жана куралдуу көтөрүлүшкө катышкан жумушчулардын, солдаттардын жана матростордун эски дүйнөнү кулатып, жаңы дүйнөнүн нурун жаркыратканы жөнүндө ал заводдогу жумушчуларга даңазалап, баяндаган. Мунун эмки көздөгөн максаты — кеңеш бийлигин бекемдөө үчүн күрөшүү. Эзилген кыргыз эли да Октябрдын таңы менен жарыкка чыкты деген кубаныч анын оюнда.

Заводдун жумушчулары кол кармашып, турмуштун туткасын бекем кармоого чымырканышат. Согуштун кесепетинен элдин турмушу бүлүнгөн. Заводдун жумушчулары бир сындырым нанга зар болгон учур, ошондо да жумушту токтотушпай иштеп жүрүшөт. Кыштакта дыйкандар,

шаарда жумушчулар эрктүү турмуш үчүн күрөшүп жатышат. Эгинди кулактар, соодагерлер басып алышканы кимге болбосун белгилүү эле. Алар бир да бирөөгө кайрылышпады. Абал кыйын болуп турган кезде Таабалды заводдун башкаруучусу менен кошо кыйынчылыктан чыгуу жолун издеди. Ревкомдун жардамы абдан чоң болду. Ар кайсы жерлерден сатыкка дан издеп таап, жумушчуларга таратып берип жүрүштү. Ачка-токко кайыл болгон жумушчулар кеңеш өкмөтүнүн узун өмүр сүрүшүн гана тилешет. «Кеңеш бийлигин бекемдөөдөн бөлөк максат жок!..» деген ойдо Таабалды.

Ушинтип турмушту жакшыртууга жана бийликти чыңоого катуу күрөш башталганда, капилеттен душман кайра баш көтөрдү. Элдин мүдөөсүн көздөгөн кеңеш өкмөтүнө кулактар тишин кайрашып, чамына башташты. Бийликтен ажырап, элден-журттан чыгып, куулуп калышкан ак офицерлер, чиновниктер, эсерлер, кулактар империалисттик өлкөлөр менен тымызын маташып алышканы билинди. Жер-жерлерден контрреволюционерлер баш көтөрүшүп, кеңеш өкмөтүнө кутургандай кастарын тигип, катыла баштаганын укканда, заводдун коммунисттеринин кыжыры келди. Эми кантиш керек? Эл жаңы эле бош-тондукка чыкса, аны душманга тарттырып жибергенде көрөр күн не болот? Контрреволюционерлердин максаты ачык. «Же өмүр, же ажал!» деди Таабалды.

Душмандын бүлүк баштаганын угушкан соң, Богород шаарынын ревкому жана заводдогу Таабалдыга окшогон большевиктер жаңы өкмөттү коргоого маслет кылышты, урушта туруш жок да! Касташкан душманга заводдун жумушчулары бардык кыйынчылыктарга моюн тосуп, кеңеш өкмөтүн сактоого өз каалоолору менен душманга каршы ыктыярдуу топ түзүштү.

Куралданган азаматтар Богород шаарынан чыгып, Волганы бойлоп, кеңеш өкмөтүнө каршы козголоң чыгарышкан контрреволюциячыл кулактарды талкалоого 1918-жылдын март айында Саратов шаарын көздөй күндөп-түндөп сапар тартышты. Таабалды тилектеш жолдоштору менен ак кар, көк муздун астында жаткан бетегелүү мейкин талааларды артка таштап, чырым этип кирпик какпай жол жүрүүдө. Буларга жолдон жоону жек көргөн кишилер кошулушкан сайын алардын караандары көбөйө берди.

Арадан көп күн өтүп, алыс жол кыскарууда. Жол бо-

юндагы зым—карагайлар бириндеп артта калып жатты. Бозомук тарткан жөө тумандын арасынан мунарыктап калдайган караан көрүнөт. Бул боштондуктун жарыгы жаңы чачыраган Саратов шаары менен Волга дарыясынын элеси эле... Көрбөгөн азапты көргөн Таабалды мына эми, шаңдуу шаарды талкалап, берекелүү Волга суусун адамдын каны менен боёгону жана кеңеш бийлигин кулатуу үчүн ок жаадырган козголоңчу кулактардын уюгун бузуп, уюткусун соолткону келди. Ал жолдоштору менен Волгага көз жүгүртүп кумарланды. «Келме кезек, терме тезек!» деп акылман эл айткандай, шаарды ээн-жайкын кыдырууга ага да эми кезек келген экен. Келер менен өзү жаткан түрмөнү Таабалды атайын көргөнү барды. Жакын барып, аны сыртынан бир топко дейре тиктеп турду. Ушул түрмөдө азаттык үчүн тайманбай баш кесерлер менен кармашкан азаматтардын башынан өткөргөн оор күндөрүн эсине түшүрдү. Ошондогу тири укмуштуу окуялар сүрөткө тартылгандай көз алдынан чубуруп өтүп жатты.

«Ошол азаптуу күндөр да бир күнчөлүк билинбей унут болор... Мүмкүн, андагынын элеси өмүр бою эстен кетпес... Азыркы максат душмандын калдыгын жок кылуу!» Ал ушундай ойго келди да, кайра шаарды кыдырып, өзүнүн эң жакын кишисин издеди. Таабалды ошол күйүмдүү кишисине кезигип, ошонун колун кыса кармап, өмүр бою ага ыраазылыгын бир ооз айтмак эле...

Бул ким? Анын ошо көксөгөн кишиси жарык дүйнөдө барбы, жокпу, ага белгисиз. Үмүтсүз адам кайдан болсун!

Асман бүркөк. Шаардын үстүн бозомук тарткан туман басып турган эле, желаргы аны серпип ыргытты. Баскандан Таабалдынын буту кайдан талысын. Ал көчөдөн көчө кыдырып, ар кимден издеген кишисин сурамжылап жүрдү. Деле андай аттуу аялдын дареги билинбейт. Катя экөө күлгүндөй жаш чактарында баш кошкон. Түрмөдөн бошоп чыкканда аны ушул шаардан издеп таппай да кеткен. Жакшылыкта болсун, мейли жаманчылыкта болсун, жанына күйүмдүү чыныгы сүйгөнүн ким унутсун. Катеринаны эки күндөн бери издей берип Таабалдынын айласы түгөндү.

Таабалды дарексиз аялынан үмүт үзбөдү. Ревкомдогу бир кишиге зайыбы жөнүндө кайгысын айтты эле, күтпөгөн жерден ал мындай окуяны укту:

— ...Кеңеш бийлиги келгенде тууган сүйүндү, душман күйүндү. Эзилгендердин маңдайы жаркырайт. Эзүүчүлөр доорунан айрылганда жер тепкилешип какшашат. Заманы кеткен тири өлүктөр азыр соо жатышмак беле? Мына ошентип, тууганым, кулактар козголоң чыгарганын уктуң. Биз душманга жапырт бет алдык. Бей-бечаранын таалайына жаралган жаңы өкмөткө ызырынган зулум кулактар менен салгылашууга аялдар да биз менен бирге аттанышты. Мындан аз эле күн мурдараак кулактарга ок атып биздин арабызда Катерина Семенова деген жаш келин жүргөн.

— Менин издегеним ошол эле! — деп Таабалды кыйкырып жиберди. Сүйлөп жаткан боз бапакчан, жапалдаш бойлуу, сол колу ок тийип майып болгон бети толук киши берки Таабалды «менин издегеним ошол эле» деп кыйкырып жибергенде эмне дээрин билбей мелтиреп калды. Таабалдынын жүзүнө кызыл жүгүрдү. Сүйлөөгө дарманы келбей алсырай түштү да, анан акырын сурады.

— Азыр ошол Катя кайда? Деги ал тирүүбү?

Тигил киши мында бир сыр барын сезе койду. Акырын басып коридорго чыкканда, Таабалды анын артынан кошо чыгып, кайра дагы такып сурады:

— Ошол аялдын өлүү-тирүүсүн мага айтып бер, тууган? — деп улутунду.

— Капаланба, жолдош Пудовкин. Эгер ошол аял чын эле сенин сүйгөн жарың болсо... Биз душман менен кармашып жатканыбызда ал бечара аял катуу жарадар болгон.

— Өлдү беле?

— Ооба... мындан бир аз илгери келгениңде...

Таабалдынын көзүнөн ысык жаш мөлт-мөлт этти. Бир оокумда башын өйдө көтөрүп, тиги кишиге жалооруй карап:

— Балким, сен мага ошонун мүрзөсүн көрсөтүп коёрсуң? — деп Таабалды жашыганда, жаңкы киши күңгүрөнүп мындай деди:

— Аны көмгөндө мен бул шаарда жок элем, достум. Ал ушунда бир абышка-кемпирдикинде турганын өзү айтып калчу эле... Ошолордун үйүн мен сага көрсөтүп коёюн.

— Ошентчи, айланайын!..

Жепирейген үйгө булар кире бererде аларга төкө маңдайдан ак сакал абышка кезикти. Ал келген кишилерди үлдүрөгөн көзү менен тиктеп, анан жактырбагандай ду-

балдын түбүндө жаткан тактайга тескери карап отура кетти.

— Амансызбы? — деп эки киши аны менен жарыша учурашты. Чал унчукпай башын ийкеп тим болду. Аңгыча, чалга караганда баскан-турганы тың, узун бойлуу, ак чач кемпир үйдөн чыга калып, беркилерди таңыркай карады.

— Силерге эмне керек?

Негедир кемпир да капалуу унчукту. Абышкасы бейтааныш кишилерге дүгдүйгөн мойнун буруп, кеп сурамак болду.

— Силерге ким керек эле?

— Катяны мына бу киши издеп жүргөн экен,— деди ага Таабалдыны ээрчитип барган киши. Муну укканда обочороок турган кемпирдин денеси селт дей түштү.

— Ах, Пудовкин беле? — деп ал чочугандай сурады?

— Ооба.

— Эх, байкуш Катя! «Ал тирүү болсо, мени издеп келбей койбойт» дечү эле... Мына эми ал жокто мунусу келген тура.

Кемпирдин каңырыгы түтөй түштү. Ал шашып үйгө кирип кетти.

— Биздин жалгыз уулубуз да соолгон согуштан кайткан жок! — деп абышка унчукпай калып, анан жанында турган гармонун тизесине коюп жатканда кемпир колуна кагаз кармап үйдөн чыга келди.

— Катя жарадар болуп келгендин эртеси «Саша мени издеп келип калса, ушул катты берип кой»... деди эле мага...— Кемпир үч бүктөлгөн кагазды колун калтыратып Таабалдыга сунду.

«Саша! Баягыда сени жолдошторуң менен түрмөдөн бошотуп алышканда мен бул шаарда жок элем. Кийин келип сени табалбай өкүндүм...

Мен кызылдарга кошулгамын... Кайгылуу күндөр бүтүп, жыргалдуу мезгил жарык нурун чачкандагы сүйүнүчтү айтпа!.. Баарыбыздын самаганыбыз ушул күндөр эмес беле? Кеңеш бийлигине кас душман козголоң баштады. Биз аларга Волга суусунун боюнан беттештик. Туулуп-өскөн жерди, элди коргоп, намыс талашып жүргөн чакта ажалды издеп учкан душмандын огу мага тийди. Менин денемден кан сызылып агат... Мейли, ага берсин... Эгерде сен тирүү болсоң, качандыр бир кездерде, кайда гана жүрсөң да мени издеп келериңи билем. Болочоктогу көрөр

сонун күндөр али алдыда... Укмуштай жыргал болору көрүнүп турат мага. Сен да ошолор менен бирге сайрандап жүрөрсүң... Душман ойрон болор. Ошондо баягы биз көргөн жамандыктар унут болор. Ээ! Ошол кезде мен сенин жанында жүрсөм кандай сонун болор эле! Менин жалгыз гана арманым ушул... Кагылайын, айым, күнүм, бөрөкем... Ташкенттеги достор азыр эсиме түшө калганын көрсөң. Алардын кебетелери көз алдыма элестеп келе калды. Ошолор кандай сонун кишилер эле. Балким, сен ошол эски досторго кезигип калсаң менден салам айтып коёрсуң. Сен сүттөй ак, суудай таза, күзгүдөй тунук элең. Мындан ары да ошо бойдон жүрөгөр. Менин өчүмдү биздикилер душмандан алышарына мен ишенем.

Сен дайыма менин оң жагыма жатчу эмес белең! Менин оң жаккы карчытымды ок көзөп өткөн... Айыкпас жаратым так ошол жеримде садагаң!.. Менин көзүм жумулар учур жакындап келатат. Жаратым катуулаганын сезип эле турам. Азыр ооруканага жеткизгени жатышат. Мейли, секетим, менин жаным Волга дарыясынын үстүндө соккон эркин желге аралашып көздөн кайым болсун... Таабалды, секет болоюнум, мен кайгырбайм... Мейли!.. Мейли! Силер жыргалды көргүлө... Силер таалайлуу болсоңор экен. Узакка өмүр сүр... Кош! Мени унутпассың, Саша!

*Сенин Катяң».*

Таабалды катты окуп жатканда көзүнөн жаш тамчылап турду. Кемпир анын маңдайына келип:

— Ушундай, уулум. Аны кайсы жерге көмүшкөнүн мен билем,— деди. Аңгыча, тиги абышканын согушта өлгөн уулу эсине түштү көрүнөт, гармонун сыздатып тартып жиберди. Муңдуу армандар жамырап, аны аба толкуну алда кайда ала качып кетти... Абышка бир маалда токтоп, кайра эки колун кере-кере чоюп «Интернационалды» ойноду. Шолоктоп ыйга кеткендердин көрүнүшү заматта өзгөрүлө түштү, булардын кебетелери эң сүрдүү, кайраттуу көрүндү.

## 2

Волга дарыясынан кимдер ичпеген? Кимдер анын укмуштай коoздугуна кызыкпады? Кылымдар бою ата-бабасынын зомбулугу менен ээлеп, өз энчисине бекем

басып алган ак сөөктөр дарыянын салкын жээгин эмгекчи элге ыраа көргөн эмес. Волганы талашкан козголоңчу кулактардын күлүн көккө сапырууга ат куйругун түйүшкөн ыктыярдуу кызылдардын калың тобунун ичинде Таабалды да жүрдү. Волганын жээгинде кан куйгөн катуу кагылыш күчөдү. Жоболоңдуу жоонун куралдуу калың колу жерди майыштырат. Сырткы душман ички жоонун колтугуна суу бүркүп, колуна курал карматып, чабуулга өткөн экен. Кайсы жерде болбосун кулактардын, ак казактардын, генералдардын дүрбөлөңүнөн журт азап чеге баштаган. Жазыксыз эл кордук көрүүдө... Жоо куттуу жердин берекесин кетирип өрттөп жатышат. Алоолоп асманга жалын чыгат. Уясы өрттөнгөн канаттуулар чырылдашып чарк көпөлөк айланат.

Пудовкинди жагдайга жараша Урал тарабындагы төртүнчү армиянын штабына шашылыш узатышты. Ал партиянын жиберген жагына жөнөдү. Бет алдында аска-зоодой чеп болсо да деле жазганар эмес...

Урал жерин кеңеш өкмөтүнө кастарын тиккен эски желдеттер тебелеп жатышат. Ак гвардиячылар ажыдаардай ышкырып турган кез эле. Жер өрттөнүп, көк түтүн уюлгуп, асманга көтөрүлөт. Эл таламын талашкан баатыр кызыл шумкарлар кашык кандары калганча жоо менен кармашууда. Таабалдынын колунда мылтык, белинде кыңгыраган болот кылыч... Алоолонгон отту кечип, ажаан актарды тумшукка коюп, чечекейин чыгара атып, кызыл шумкарлар менен кандуу казаттын чок ортосунда жүрөт. Өлөрман душман улам үстү-үстүнө аскерин курап салгылашууда. Жазыксыз аккан адамдын каны кара жерге суудай сиңди. Күн-түн дебей биздин аскерлер актарга ок атканда көз тунарып, кулак тунат. Эл намысын талашкан кызыл жоокерлер Деникиндин катыгын колдоруна берип жатышат. Таабалды мөндүрдөй жааган душмандын огунан жазганбай, кызыл аскерлердин учкун алдында атакага кирди. Айсыз караңгы түндө актардын жолун тосушуп, кырдаалдуу жерлерге чалгынга чыкты. Ал кызыл командирлердин купулуна толду. Бел чечип эс алуу деген кээде ойдон чыкты. Бир аптадан бери Таабалды чырым этип уйку бетин көрбөдү. Кээ бир түндөрү актардын аскерлеринин кайсы бирлери офицерлерди жазгырып кызылдарга качып келип жатышат. Ошентип Таабалды жоо менен кармашып жүргөндө күтпөгөн жерден аны шашылыш армиянын штабына кайра чакырган буйрук келди.

Таабалдынын мындан аркы өмүр жолу узак көрүндү. Көздөгөн максат даана... Ал-абалдын өтө татаалдыгына, кала берсе, өтө коркунучтуулугуна жараша, буга окшогон күрөштө аздыр-көптүр каныккан элдик уулдарды мерчемдүү жерлердеги күчтүү жоого бет алдырууга туура келсе керек. Улам бир жерден бир жерге которула бергени Таабалдынын аягы сай таппагандыгынан эмес, душмандын ошончолук өжөрлүгүнөн.

Жакында Пудовкинди согуштук саясий кызматка көтөрдү. Кыйынчылыктан баш тартпаган эр жүрөк Таабалды жанын жанга уруп иштеп жүрөт. Ал карыш баскан сайын алдынан душмандын бөгөтү торойт. Тынымсыз күрөш өөрчүүдө. Ушу кезде уруштагы жоокерлерди лениндик идеяга сугаруу өтө зарыл эле. Таабалды өзгөчө ушул орчундуу милдетти колуна алган. Ал саат сайын кызыл аскерлердин арасына барып, үгүт-насаат иштерди жүргүзүп жүрөт.

1918-жылдын жаркыраган жай айлары жарышып өтө берди. Күз айлары да келди. Ырайымсыз, таш боор душман дыйкандардын эгинин өрттөп, колунда бар бирин-эки мал-мүлкүн талашты. Кызыл жоокерлерге беттешкен жоо туруштук бере албай кымкуут болду. Ошентсе деле эртеси кырылганы кайра жалаңдап кол салышат. Күн-түн кармаш. Поволжье менен Уралдын өрөөнүнөн кулактардын ырыскы талашып баштаган козголоңу күн сайын улам күчөп, жергиликтүү эмгекчилерге запкы көрсөтүп, карыларды мууздап, балдарды өлтүрө баштады. Дүрбөлөңдүн үстүнө дүрбөлөң... Контрреволюциячыл жоонун аркайган азуусун чагып, челкейген карындарын жарууга, дагы белдүү, ысык-суукка бышыккан, кеңеш өкмөтүнө ак пейли менен берилген, каардын отун кечип чыккан, большевиктик идеянын казанына кайнаган залкарларды кан күйгөн жакка узатууну ылайык көрүштү. Душмандын тыңчылары машкедей шимшип жүрөт.

Таабалды 4-армиянын саясий бөлүмүнүн буйругу боюнча чукул түзүлгөн комиссиянын Урал аймагында тымызын иштөөчү бөлүмүнүн саясий кызматына шашылыш жиберилди. Ал кызыл шумкарларга кошулуп, Урал тоосунун түштүгүндө калайман баштаган актардын күлүн сапырууга кылкылдаган тууну кармап, казактардын намысын талашкан кулактардан өч алууга аттанды.

Убакыт билинбей сызып өтүп жатат. Козголоң чыгарган кулактар бүткөн боюн жарак-жабдыкка жыш ширеп алган. Ал жүзү каралар жергиликтүү дыйкандарды тымы-

зын талап алышып, өздөрүнүн ошол жаман аттысын кайра кызылдарга жабат. «Силерди өлтүргөн кызылдар. Алар калп эле силерди алдап жатышат. Силер кызылдарга ишенбегиле!» дешип элди тетири үгүттөөгө өз кишилерин жиберет. Ушундай айла менен душман караңгы калктын арасын бузууга аракет кылууда. Таабалды ушуга окшогон чыккынчы кишилерди тазалоого киришти. Чынында кармашкан жоо күчүнө чиренип турган эле. Аларда курал-жабдык да, күч да көп эле...

Уралдын түштүк тарабын чеп кылышып, кеңеш бийлигине тишин кайрап кастарын тиккен душманга бет алып Пудовкин кызыл аскерлер менен кошо жанын жай алдырбай жүрдү. Аттын омуроосунан келген карды жиреп, жоого аттангандан бери эки ай билинбей сызып өтө берди. Кызыл аскерлердин ашпаган бийик ашуусу, баспаган мейкин талаасы калбады. Кызыл каармандардын соккусуна туруштук бере алышпай душмандын көп аскерлери тумшугу менен жер сүздү. Көп кишилер ак казактардан качып, кызылдар жакка өттү. Кызыл аскерлер күн да, түн да өрүүн болушпай актардын аркасынан түштү.

Убакыттын кандай өткөнү сезилбейт. Душман ылайлаган агын суулар тунук болду. Октун чуулдаганынан жалкоотой болгон канаттуулар ээн-жайкын канат күүлөп учушту. Жоонун запкысынан кутулушкан жергиликтүү калайык кызылдарга алкыш айтышып, өз тиричиликтерине киришти.

— Мына, эми Уралдын бул тарабына тынчтык өкүм кылып, жаңы турмуш келди,— дейт Таабалды.

Уралдын чыгыш тарабындагы майданда төртүнчү Кызыл Армия жүргөн. Желмогуздарды Уральский менен Екатеринобургдан алда кайда алыс сүрүп таштaшкан.

«Жок, али касташкан жоонун тукуму сооло элек... Дагы далай күрөш алды жакта!..» дейт Пудовкин, коюу мурутун оңду-солду салып, бөлөк жактагы душманды көз алдына элестетип, Уралдагы кандуу майдандан окко учпай аман калышкан генералдар жана аларга танапташ үзөңгү жолдоштору жана козголоңчу кулактар өз керт баштарын ала качышып, кайдадыр алыс жакка кетүүгө аргасыз болушуп, бет-бетинен тарашты.

1919-жылы 14-августта армиянын штабы белдүү кызыл жоокер Пудовкинди Түркстан согуш майданынын 197-мусулман полкуна комиссар кылып дайындады. «Мен эл үчүн кашык каным калганча душман менен күрөшүүгө даярмын!» деди Таабалды.

Тогузунчу Армия түштүк Воронеж менен Болашов багытын бекем чеп кылып алышкан ак гвардиячылардын калың тобу менен бетме-бет салгылашып жатышкан учуру эле. Мусулмандардан куралган кызыл жоокерлердин полку Пудовкинди куттуктап тосуп алган. Полкто: өзбек, казак, ала-тоолук кыргыз, баатыр азербайжан, каракалпак элинин уландары, эзелтен бери эзилип келген тажик, түркмөн элинин азаматтары бар. Таабалды мусулман полкуна келер замат жаш жоокерлерди тарбиялоого катуу киришти. Мусулман элинен келген эр көкүрөк азаматтар ара-чолодо уруштун жайын үйрөнүүдө. «Уккан сөздү көкүрөккө бек түйүп алуу керек!» дейт Таабалды кызыл жоокерлерге.

Актар ар кайсы жерден кээде гана кол сала коюшат. Кызылдардын карааны көрүнгөндө көздөн кайым болушуп, түпкүргө кире качышат. Таабалды бул полкко келгенден тартып, бетме-бет салгылашуулар анда-санда гана боло калып турду. Кыязы, ак казактар колдорун курашып, күчтөрүн бекем топтоп, аңдоостон чабуул жасачудай кейиптенишет. Душмандын кайда бекингенин аныктоо кыйын... Алар бирде анда, бирде мында, деле аяктары сай таппайт. Бирок, алардын жыйнаган күчү арбын экендиги белгилүү. Полктун жалындуу командири жана комиссар касташкан жоого кайсы жерден, кандай учурда сокку уруунун жайын даана аныктоого киришти. Актар жакка жиберилген жашыруун чалгынчылардын байкоосуна караганда душман кичине эле ыгы келе калса, мойсоп жиберчүүдөй пулемётторун, замбиректерин дүрмөттөп коюп дапдаяр турушат. Актар өз кишилерин кызыл аскерче кийинтип, жергиликтүү калкты тоноп, карактап алышып, жүзү каралык кылышып, анан ошол тегеректегилерге: «Мына, көрдүңөрбү, көчөэ кызылдар баланча жерден баланчаны өлөрчө токмоктоп, колунда барын тартып кетиштир. А силер ошолорго ишенесиңер... Алар «баш кесерлер» дешип, кызыл аскерлерге жок жалааны жабышат. Алар ушундай амалды колдонуп, кызыл аскерлерди элге

жек көрсөтүшмөкчү. Мындан башка дагы адамдын канарына келбес жаман нерселерди ойлоп чыгарыша коюшат.

Таабалды мусулман полкуна келгенине азоолок убакыт болгондо, бир түнү капыстан сурнайлар тартылды. Жоокерлер жарак-жабдыгын асынышып, заматтын ортосунда катарга тизилишти. Командирлер өзүлөрүнүн жоокерлеринин даяр экендиги жөнүндө полктун командирине биринин артынан бири баяндап жатышат. Ай сүттөй жарык эле. Сансыз жылдыздар көктө бири-бирине көз ымдап жымыңдашып, каухар таштай жылтылдайт: Полктун командиринин жанында чабдар атчан комиссар Пудовкин турат. Аңдоостон болгон «тревоганын» себебин бул эки командирден бөлөк бир да жоокер биле элек. Алар азыр чабуулга өтүү командасын гана чыдамсыздык менен күтүп турушту. Бир оокумда полктун командири кызыл атын теминди эле, ат атырылган бойдон кырка тизилген кызыл кыраандардын ортосуна атырылып чыкты. Жедеп машыккан ат кулагын тикчийтип, таноосун дердеңдетип, астыңкы буту менен жер чапчып токтоду. Аңгыча полкко команда берилди:

— Полк, смир-но-о!

Командирлер өз взводдоруна команда берип жатышат. Кызыл жоокерлердин жарак-жабдыктары шарак-шурак этет. Сентябрь айынын коңур салкын жели лепилдеп, кырка тизилген аскерлердин бети-башын аймалайт. Бирпаска жымжырт боло түшкөндө:

— Во-оль-но! деп полктун командири команда берди эле, темирдей бекем тартипти сактап былк этишпей какайып турган жоокерлер боюн жыйбай жай-баракат боло түшүштү. Комиссар чабдар аттын үстүнөн өөдө боло сүйлөдү:

— Жолдоштор! Кеңеш өкмөтү эзилген күн чыгыштагы эмгекчилерин да эркиндикке жеткизди. Кимде-ким элинин кор болбосун көздөсө, ошол баш кесер ак офицерлер менен козголоң чыгарган кулактарды жер жүзүнөн жоготууга тайманбай күрөшөт. Нечен кылымдар бою хандар менен бектер, бай-манаптар менен эшен, молдолор, кала берсе ак падышанын желдеттери, чиновниктер калайыктын канын сүлүктөй сорбоду беле? Ошол азаптуу күндөр али силердин эсиңерден кетелектир дейм. Биздин кызыл аскерлер сазайын берип жатышкан ак гвардиячылар, көтөрүлүш чыгарышкан кулактар өткөн заманды көксөшөт. Алар залим падышанын таламын талашкандар, жаңы дүйнөнү көрө алышпаган бизге жоо... Кеңеш өкмөтү эзилген элге

жерди, сууну, бонтондукту алып берди. Душман силерден кайра ошону тартып алуу үчүн бизге каршы кол куран, урушуп жатканын силер эч качан унутпагыла. Эгерде биздин жоокерлер ата-энесин, бала-чакасын, ага-тууганын жана калдайган калайыкты зулумдарга кул болбосун деген максатты көздөсө, душманга окту жамгырдай жаадырсын. Эгер силер эркиндикте өмүр сүргүңөр келсе, кеңеш бийлигине кастарын тиккен ак генералдарды, атамандарды, офицерлерди аябай кырып, күнүн каран калтыргыла! Кеңеш өкмөтү, партия жана Ленин атабыз бизди теңдикке жеткирди.

Күн чыгыш калкы силердей өз уулун казатка узатканда силерден ант алган... Ошол антты ар бирибиз душмандан өч алганда гана актаарыбыз эсибизде болсун! Жолдош кызыл аскерлер, силер эне сүтүн актап, жоонун тамырын соолтууга ат куйругун түйгүлө! Жашасын Ленин! Жашасын партия! Жашасын жумушчу-дыйкан, кызыл армия!

— Ура-а-а!

— Ура-а-а-а!

— Ура! Ура!

Кызыл балбандар шаңдуу ырларды созушуп, тарашты. Ушул түнү асманда токумдай да булут жок эле. Күзгү коңур салкын жел зыпылдап жүрүп, аскерлердин көңүлүн эргитип турат. Каалгып тынчтык өкүм сүрдү.

Түн ортосу оой берген маалда мусулман полку жайланышкан адырдын этегиндеги дөңсөөнүн түбүндөгү жалгыз түп куураган кайыңды көздөй узун бойлуу, чап жаак, көзү үңүрөйүп ары кирген, карасур киши боору менен жылып кетти. Ал жыгачтын көңдөйүнө бир барак кагазды шашып катты. Кыйналгандан болсо керек, мунун бүткөн боюнан кара тер мончоктоп куюлат. Ал тыпым албастан ошол замат кызылдардын байыр алган жагын көздөй жан талашып жүгүрүп баратып, полктон бир чакырымдай ары жол боюндагы калың куурайдын арасына кирип көрүнбөй калды. Жол боюнда кароолдо жаш жоокер турду эле. Бир оокумда жанагы жок боло түшкөн киши куурайдын арасынан жылып чыгып, билмексен боло тигил кароолдо турган жоокер менен тике маңдай туруп сүйлөшкөндөй болду. Бир оокумда «ай!» деген үн чыкты да, сакчы кулап кетти... Күзгү куураган жалбырак канга боёлду. Баягы киши кароолчулар эс алышып жаткан кепени көздөй буту үзүлгөнчө жүгүрдү.

Антип-минткенче арадан аз убакыт жарыпшын өтүп, жоокердин өлүмү жөнүндө караол башчысы штабга кабар берип: «Душман колдуу болду!..» деп жашып сүйлөдү. Караолдо турган кызыл аскердин өлүмү тууралу полктун командири менен комиссарына ошол замат кабар берилди. Мусулман полкундагы кызыл аскерлердин арасында буга окшогон белгисиз шумдуктуу окуя үчүнчү жолу болуптур.

Полктун командиринин буйругу боюнча командирлер кирпик кагышпастан, караолдо турган жоокердин ким колдуу болгонун аныктоонун аракетинде болушту. Бирок, тилекке каршы, таба алышпады.

4

Сейрек чыккан токойдун жээгин узата улай кеткен жолду тосуп, актардын бир бөлүгү. Алар тегерегиндеги туруктуу элдин көкүрөгүнө көк таштай тийип, көзүнө көрүнгөндү мүлжүп бүтүшкөн. Душман жан алакетке түшүп, өлгүдөй катуу камданып жатышкан. Кара кашка аргымагын атырылтып, биердеги казак-орустарга капилеттен полковник жетип келди. Анын жанында ат кошчу солдат бар. Жер кепелерге жеткенде кабагы салаңдаган кашка баш, купкуу полковник ээликкен азоону ойкуштатып токтой калганда, анын тостойгон көзүнө караолдо какайып турган ефрейтор чалдыга түштү. Ал караолчуга катуу олунду:

— Мунун уйкусурап турганын көрсөң. Кайда силердин офицерлериңер!

— Сиздин улуу урматыңызга, таксыр, поручик кепеде болуш керек,— деп үргүлөгөн ефрейтор көзүн ачып, жанынын бардыгынча зыңкыя түштү эле, аңгыча ар жактан улгайып калган офицер бейкапар кепеден сороюп чыга калды. Ал эч кабарсыз, аңдоостон келген полковникти көрөр замат таманы жерге тийбей жүгүрүп барды эле, полковник ага каарлана кетти.

— Камырабай жаткан экенсиз, поручик Шашкин мырза?!— Полковник офицерди кекетип жатканда, ат алдыңкы буту менен жер чапчып кошкурду. Артта турган ат кошчу солдат атынан ыргып түшүп, эти кызыганынан токтоно албаган аргымакты тизгинден алды.— Сиз ушинтип кыялга батып, бейкапар жатканда, кызылдар капыстан кол салып, башыңды кыя чаап, солдаттарды кырып, ок-дарыны, куралды олжого алса кандай болот? Кыраакы болгонуң ушулбу? Эх, Россияны кайра калыбына келтирүүнү көздө-

гөн офицер өзү ачык ооз болсо, анан кызылдарды кантип багындырып алууга биздин кудуретибиз жетет?.. Аттигинай!— Офицер кыңк этпей, шылкыйып турду. Эмеле буркан-шаркап түшкөн полковниктин негедир заматта ачуусу тарады. Бул куу неме кайра жайкактап соолуга түшүп, анан жайбаракат чөнтөгүнөн кол жоолугун алып, тасырайган маңдайынан терин сүртүп, бет алдында таштай катып турган офицерге сылык мамиле кыла, эркелете сүйлөмөк болду:

— А... поручик мырза! Эч кандай шаан-шөкөтсүз, азыр солдаттарды береги арыктын жээгиндеги көк майсанга жыйнаңыз!

— Жарайт, таксыр!— деп поручик честь берип, тызылдаган бойдон жер кепеге кирип жок болду. Кепеде офицерлер бейкапар карта ойношуп, каткырып отурушкан эле. Полковниктен жеме уккан поручик булардын үстүнө капыстан кирип шаштырганда, алар жан алакетке түшүп алдастап калышты. Арыктын жээгине солдаттарды дегдеңдетип кууп барышты.

Алеки сааттын ортосунда ак казактар, көптү көргөн, айлакер, барып турган митайым полковниктин төке маңдайында көздөрүн жалдыратып какайып турушту. Шыбыр-күбүр гана эмес, а түгүл шырп эткен дабыш чыккан жок. Алыстан карасаң солдаттардын карааны куураган жыгачтай сороюп көрүнөт. Полковниктин жалтылдаган өтүгүнүн такасы арыктын жээгиндеги жалбырактарды жанчып жатты... Асман ала булуттап турган. Желаргы ошол тегеректеги токойдун башын ыргайт. Баятан бери карт полковник жанын үрөп, казактарга акыл айтты, жедеп жаагы талыгандай болгондо, сөзүнүн акырында мындай деди:

— ...Демек, Россияны жоодон тазалап, кайра мурдагы калыбына келтирүү биздин ыйык милдет экени силерге белгилүү. Кызылдар өз жоокерлерин өздөрү тымызын өлтүрүп жатышат. Мага ишенгиле, анткенинин себеби бар. Өткөн түнү бир жүз токсон жетинчи мусулман полкунун комиссары Пудовкин кароолдо турган кишини канжар менен жүрөккө сайды. Көрсө, ошол өлгөн байкуш солдат аларга «нааразы» экен... Андай чындыкты көздөгөн солдаттарды билгизбей жок кылышпаса, аларга оорчулук келери чын. Биздин кишилерибиз ошол окуя жөнүндө кат аркылуу штабга шашылыш кабар бериптир. Мына, көрдүңөрбү, ушинтип кызылдардын арасы бузулуп жатат. Ке-

цеш өкмөтүнө нааразы кишилер көп... Бул чындык. Күп чыгыш элинен зордук менен түзүлгөн мусулман полкуна большевиктер Пудовкин деген өздөрүнүн ишенимдүү кишисин атайын жибериптир. Ал ким? О, ал илгери императорго каршы козголоң чыгарып, тополоң баштаган эски революционерлер. Ал шумдуктуу киши. Ошол он жыл бою Россиянын түрмөлөрүн түп көтөрө кыдырып жадатып чыккан саясий күнөкөр экен. Мына, көрдүңөрбү, силерди кандай жоо күтүп турганын... Төрөлөр, дайым даяр болгула! Кызылдар, балким азыр эле капыстан силерге чабуул коюшса кантесиңер? Муну көкүрөгүңөргө бек түйүп алгыла! Ушул менин айтарым.

Полковник ак казактарды жанынын бардыгынча кайрап жатты, алардан билген акылын аяган жок. Ал өзүнүн сөзүнө маашыр боло, көзүн күлүңдөтүп, көөдөнүн көтөрө, көңүлү жай болду. Аңгыча капыстан мылтык тарсылдап атылганда, тизилип турган актардан эки солдат окко учту. Актар кым куут түшүп калды.

— Куралга-а!— дешип офицерлер жабыла кыйкырышты. Ызы-чуу... Ок туш-туш тараптан чуулдады... Куралдарын алып ак казактар жан-алакетке түшүп атыша баштаны.

— Токой жакты аткыла! Токойду!— деп полковник кепенин далдоосунан бакырып-бакырып жиберип, анан жанына келе калган поручикти жекирди.— Эх, шайтан баскан ачык ооз. Кызылдарга бастырып таштадың. Штабга... Штабга тез чабарман жибер. Бол тез!

— Жарайт, таксыр!

— Аттарды алдырбагыла!..—Алактап шаштысы кетип калган полковник аргымагын мине коюп качууну ойлонду. Аңгыча ар жакта пулемёт атып жаткан солдаттын жанында команда берип жаткан офицер сорок дей түштү. Ок эки тараптан тең күчөп, мөндүрдөй жаады... Полковниктин көзү атынан өтөт. Бирок, ал аргымагын көздөй басса эле, окко учарын сезип турду. Эми кантиш керек? Бир оокумда шаштысы кеткен поручик боору менен жылып келип мындай деди:

— Урматтуу таксыр. Кызылдар курчап калды, сиз өз жаныңызды куткарууга аракет кылыңыз. Бойдо апат болбоңуз. Кызылдар куушуруп кирип келди...

Полковник башын октон калкалап, бузулган эски дубалдын далдоосунда турган атчысын көздөй бөкчөңдөп жүгүргөндө, ат кочу кара кашка аргымакты ага туура

тарта койду. Бирок солдатты ордунан жылдырбай сулатышты. «Эх, өлдүң ээ!» деп кыйкырды полковник. Полковник качып бараткада ар жактан «ураалаган» кызыл аскерлердин сүрдүү үнү кулагын тундурду.

— Иттер, өлтүрдүңөр!— Полковник жан талашып кара кашка аргымактын оозун коё берди.

Октор ышкырып өтүп жатат. Кызыл аскерлер туш-туш жактан качырышты. Жанын оозуна тиштеп качып бараткан полковниктин артынан чабдар атчан киши кылычын жалмаңдатып сая түштү. Бул комиссар Пудовкин эле. Жаныбар чабдар кулагын жапырып, учкан куштай сызып баратат. Тигил сырая качкан полковник улам артын кылчак-кылчак каранат. Атынын чарчаганын полковник сезе коюп кокуйлап жиберди. Төрөнүн жаны алек-челек. Комиссар ага жете турган болгондо полковник кылчайып тапанчасы менен эки-үч жолу атты. Ок куру талаага кеткенине ал өлгөндөй өкүндү. Полковник акыркы жолу мээледи эле, бу сапар да ок тийбеди. Жаныбар чабдар улам күчөп, куюндай сызды. Комиссар кылычын булгалап полковникти кууп жетип чабарында, карт бөрү мант берип жазгырып кетти. Таабалды ага да болгон жок. Бетме-бет чабыша кеткенде, кылычтар бири-бирине «чак-чак!» дей түшүп, от жылт-жылт этет. Полковниктин шайы ооп баратат. Жан деген таттуу да! Полковник кайра артын көздөй качууга аргасыз болду. Актардын бөлүгү жайланган жактан ок чуулдап, адамдын кыйкырыгы тимеле жерди дүңгүрөтөт. Полковник качып баратып, комиссар менен чабышып келатат. Ар жактан бирөө:

— Полковникти өлтүрдү ээ!— деп башын көтөрө койгондо, окко учуп кетти. Полковник узаган жок, ал аттан түшүп жөө кача турган болгондо комиссар жетип шилтеп өттү эле, анын башы топтой томолонду. Аңгыча ар жактан: «Кан бекер төгүлбөсүн! Солдаттар, багынгыла!» деген полктун командиринин коңур үнү талааны жаңыртты. Ок мурдагыдан күчөп чуулдады. Актар тараптан бир топ солдаттар колдорун көтөрүшүп кызылдар жакка жүгүрүштү. Комиссар полковникти жайлаган соң, кызыл аскерлерге жетип барууга үлгүргөн. Офицерлер солдаттарды зордоп «ат» деп команда берип жатышат. Жоболоңдуу жоо жөн эле колго түшүп бербес болду. Актардын өлгөндөн калгандары бет алды тымтыракай чыгып качты. Токойдун арасы бүт дары жыттанат.

— Офицерлерди таамай мээлегиле! — деп комиссардын коңур үнү созолонду. Ал өзү да кылычын күзгү күндүн нуруна жаркылдатып, качкан душмандын артынан сая түштү. Актар токойду көздөй жан талашты. Комиссар чабдар атын куюндатып качкандардын артынан түштү. Поручик жанын ала качып карагайдын далдоосуна араң жетип калчылдап турду. Жоону сүрө кууган кызыл аскерлердин арасынан поручиктин суук көзүнө комиссардын караанды чалдыга түшкөндө, ал тапанчасын бутактын үстүнө жөлөп, Таабалдыны таамай мээледи. Ажалды издеп учкан ок комиссардын сол жакка акырегине кадалды.

Ошентип, белдүү комиссарга ок жаңылды. Буга кызыл аскерлер аябай кыжырланышты. Күжүрмөн кызыл командирди аткан поручикти так ошол замат сулатышты. Айыгышкан салгылашуу барган сайын күч алды. Ак гвардиячылардын өлүктөрү ээн талаада томурайып жатты. Бул күнкү кандуу кагылышта эр жүрөк кызыл аскерлер жоонун бир бөлүгүн ойрондоду. Адамдын канына боёлгон токойдун бул жээги көзгө кандайдыр суук көрүнөт... Кандай катуу салгылаш болсо да, актар кайдан өз эрктери менен кызылдарга багынып беришсин. Уруш токтолгондо ак гвардиячылар сайрандап жатышкан токойдун жээгинде мыдыр эткен жан калган жок. Капкара кузгундар куркулдашып, адамдын өлүгүнө суктанып, канаттарын күүлөп жүрүштү.

Түштүктү ээлешкен актар али тукум курут бололек. Алар да кызыл аскерге сокку уруута камданууда. Душман улам колун курап, күчүн топтоп жатат. Согуштун кайнаган жери Вешенская өрөөнүндө эле. Атамандар, генералдары куралдуу күчүн ошол ченге жыйнашыптыр. Кызыл аскерлер ошол жердеги актардын негизги уюткусун сооптууну көздөшөт. Жергиликтүү элге актар ээн баштык көрсөткөнүн коюша элек. Кара ниет актар жергиликтүү дыйкандарга жазында эгин эктирбей, күзүндө аштык алдырбады. Ак гвардиячылар акыркы кездерде жырткыч жапайы айбандай кутурушту. Каяша бергендин тике эле башын алат. Булар колдоруна адам тийсе, же айбан урунса да кеңдей аяшкан жок. Анткени, өздөрү өлүм алдында турушканын сезишсе керек.

Кызыл аскерлер душман ээлеген жерди ылдам бошо-

тууга ашыгышты. Анткени, калайык жабыр тартты... Актардын кордугу кимдердин жанына батпады.

Жарадар болгон комиссар госпиталда жаткан күндөн тартып санаасы тынган жок. Убакыт билинбей сызып өтүүдө. Таабалдынын жараты айыга элек. Согушуп жаткан кызыл жоокерлерине тез жетсем дегенде ак эткенде так этет. Кээде аркы-беркини ойлогондо анын каны кызыйт. Кыялга түшүп кыйналат. Ал тургай, өтүп жаткан күн-түн демейдегиден узарып бараткандай сезилүүдө... Дарылаган врачынан күндө үч маал сурай берип, анын да тынчын алды. Деги дүйнөдө оору менен жокчулуктан кор эмне бар? Арга канча! Таабалдынын жараты эми гана араң айыгып келе жаткансыйт... Кичине күчүнө кирсе эле комиссар ак шумкардай айланып, согушту көздөй сызууга дилгир. Врач болсо, муну жараты айыкмайынча госпиталдан карыш жылдырар эмес, бир эсептен анысы да туура.

Эгер согуш жактан кабар укса, комиссардын кабагы ачык, көңүлү куунак жүрөт. Кокус урուштан жарадар болгон кызыл аскер госпиталга келгенин көрсө, комиссар туталанып, кыжырлана баштайт. Ошол түнү таң аткыча ал кирпик какпайт. Эртеси: «Мени жөнөткүлө!» дейт көшөрүп. Мындай учурларда, жалпы тартип боюнча врачтар аны катуу кармашчу. Пудовкиндин бир кызык мүнөзү бар эле. Ал бир нерсеге өтө капа болуп турган кезинде, анын эсине «Интернационал» түшө калганда, ал ошону созолонуп ырдаар эле, анан анын көңүлү жайланып, кубаттана түшчү? Эмнеликтен андай? Кандайча дайым көңүлү чөккөн маалда бул ырды ырдаганда соолуга калат? Бул кандай терең сыр? Мында бир маани бар го? Анын анткенинин бир себеби бар болчу. Өткөн кайгылуу заманда Таабалды менен бирге жүргөн революциячыл тилектеш курбуларын ак падышанын малай желдеттери өлүм жазасына тартышкан. Ошол кайран азаматтар өлүм алдында турушканда, келечектеги чыныгы күндүн жакын бир күндерде жаркырап келерин көз алдыларына элестешип, чексиз кайраттуу революционерлер «Интернационалды» үн алышып шаңдуу ырдашкан эле. Ошондогу унутулгус жакшы кишилердин укмуштай кайраттуулугу жана өлчөмсүз эрдиктери Таабалдыга түбөлүккө өрнөк болуп калган. Мындай оор учурларда ал дайым ошону эстер эле...

Кийинки күндөрдө комиссардын жараты улам акырындап айыга баштады. Көңүлү да сергек... Аны дарылаган врач андан колунан келген жакшылыгын каптип аясын.

Апткен менен комиссар күч-кубатына али киреллек. Акыргыгин көзөгөн октун изи эчак айыкты. Далынын кемирчегин ок талкалап кеткен эле. Ошол жериндеги жараты бүтмөгү кыйын болду. Аны комиссар өзү деле билет. Ал күндө таң заардан туруп жалгыз короодо аркы-терки басат. Кокус врачтардын карааны көрүнө калса, ал таңылуу колун чече коюп: «Мына, жолдош доктор, мен куландан сопсоо болдум... Айыгат деген ушул. Эми полкко кайрылып барар убактым болду го дейм? Мени кармабай узатыңыз. Согуш катуу жүрүп жатса госпиталда эс алып жатканым болбос!» дейт. «Сиз айыгарыңызга аз эле калдыңыз, жолдош комиссар... Дагы бир аз күн чыдаңыз!» десе, Таабалды аларга саал өпкөлөп: «Ушундай кыйын кезде кандай бейкапар киши оорукапада дарыланып жатсын?!» дечү.

Согуш жактан ар кандай кабар күнүгө угулуп турду. Ага госпиталдагы оорулар кулактарын түрүшөт. Уруш жакта кандай окуя болсо, биердеги жарадарлар баарыдан мурда билишет. Таабалдынын тынчсыздана баштаганы күндөн-күнгө күчөдү.

— Эх, достор, биздикилер согушта кан кечип жүрүшөт... А, биз госпиталда тынч жатабыз. Биз качан ошолордун арасына кошулуп, ак казактарга ок атабыз? Аттангыла, жолдоштор! — Анын ушинтип үндөгөнү жарадар кызыл аскерлерге чоң кайрат болор эле.

Комиссар госпиталда талыкшып жаткандан бери үч айдын жүзү болуптур. Жараты айыгарына аз эле калганда ал кетүүгө аябай ашыкты. Дарылап жүргөн врачтын артынан калбай ээрчийт. Эми кантиш керек? Жара таза айыгарына кичине эле калган. Акырына дейре күтпөй комиссардын өжөрлөнө баштаганын көрсөң. Тил алып дагы аз күнчө жата түшсө, анын жараты таза айыгат эле го! Күжүрмөн комиссар госпиталдан полкко барар замат урушка кирет. Чала айыккан жараты кайра ырбаса, анда өзүнө кыйын болот го. Жарат менен ойноого болбосун бу көк неме кантип түшүнбөсүн. Анын жанын жай тапкызбаган жалгыз гана бир нерсе: ал ата журтту өз учурунда аскерлер менен бирге коргоп калууну мойнундагы ыйык милдетим деп санайт. Госпиталда жата берип жараты бүт айыкканча комиссардын ичи бышып, бук болду. Врач да оорунун көздөгөн максатынан ажыратууну кайдан ойлопсун, акыры

госпиталдан Таабалдыны мөөнөтүнөн мурда тобокел деп чыгарууга ал да макул болду.

Декабрь айынын суугу күчөп турган кез эле... Госпиталга жатканына токсон күн толгондо комиссар өз полкуна кайтты. Анын айыгып барганына сапарлаш жоокерлери абдан сүйүнүштү. Таабалдыдан алардын эч качан көңүлдөрү калган эмес. Ал госпиталдан келип жоокерлерге кошулган кезде, өлөрман жоо катуу салгылашып жаткан кези экен. Актардын тыңчылары тымызын желип-жортуп жүрүшөт. Кээ бир кездерде актардын чалгынчылары жашырынып келип кызыл аскерлерди майып кылышат. А түгүл актардын офицерлери кандай окуя болгонун ошол замат билишет. Эмне үчүн андай? Ушул маселе жоокерлерге аябай оорчулук келтирди. Шырп эткендин баарын ак гвардиячыларга жеткизип жүргөн бузуку кара ниет чыккынчы кишилерди кармоо керек эле. Жашырынып жүргөн тыңчыларды колго түшүрүүгө комиссар өзү киришти. Бирок алар кайда, кантип колго түшүрүү керек?..

## 5

Январь айынын көзгө сайса көрүнгүс караңгы түндөрүнүн бири. Чоң жолдун эки айрылышында кароолдо кызыл жоокер турат. Ошол күнү күн батардан мурда уйгу-туйту шамал болуп, аба ырайы бузулду. Суук кароолдогу жоокердин бетин тызылдатат. Кароол башчысы карасур киши жазганып сакчыларды улам тез алмаштырбай, өлчөмдүү саатта гана келип которуп турду. Папагын башына баса кийип, мылтыгын оң ийнине арта сала эки жакты элеңдеп карана, жол боюнда жаш жоокер аркытерки басып жүрөт. Эки жактан түк шырп эткен табыш чыкпады. Айлана мемиреп тынчтыктын кучагында жымжырт. Ой-тоо тегиз жумурткадай аппак. Жол боюндагы бирин-серин сейрек жыгачтардын бутактарына бубак турган. Карасур кароол башчысынан али дарек жок. Жаш жоокер чыкылдаган аязда чымырканып полкту коргоп турат. Деги буга кыйын болду. Кайда түн ортосу оой берген чакта, капыстан бөлөк жактан келаткан эки кишинин караанын көрүштү. Кароолчу адегенде тигилерди кароол башчысы го деген ойго кетти. Көрүнгөн кишилер улам жакындаган сайын кароолчу дүрмөттөлүү мылтыгын аларды көздөй кезеди:

— Токто! Келаткан ким?

Эң алдыда келаткан киши жооп берди:

— Мен полктун командиримин! — Анын артындагыны сакчы кароолдун начальниги го деп ойлоду. Тигилер жакын келгенде абайласа, чын эле полктун командири менен комиссар экен. «Мени сынап, текшерип жүрүшкөн го» деп жаш жоокердин жүрөгү опколжуй түштү. Анын анткенин командирлер сезе коюшту.

— Жолдош кызыл аскер, мен сизге буюрамын, кароолго мына бу жоокер турат,— деди полктун командири ага. Кароолчу такып суроодон батына албай, мылтыгын колуна ала коюп басмак болгондо:

— Мылтыкты мага бериңиз? — деди комиссар.

Полктун командири жоокерди ээрчитип, ар жактагы жыгачтын арасына кирип, көрүнбөй калды. Кароолчуну алмашкан кийинки жоокер мылтыкты туура кармап жол боюнда жай басып жүрдү. Тымтырс... Асманда жылдыздар гана бөтөнчө жылтылдайт... Сакчы эки көзүн айланасынан алган жок. Кароолдун начальнигинен кабар да болбоду. Кыштын узак түнү эле, бирок таңга дагы далай убак бар болуш керек. Бир оокумда жогортодон аркырап муздак шамал жүрдү эле, тоңгон кар «шыр-шыр» этип учту. Суук шамал бети-башты кайырды. Аңгыча кароолчулар жайланышкан жактан жалгыз кишинин караанын дапдаана көрүндү, ал буйдамга келбей кароолчуну көздөп тике келатат.

— Токто! Кимсиң! — деп кароолчу үнүн акырын чыгарды эле, тигил келаткан:

— Мен кароол башчымын! — деди. Кароол башчысы сакчыдан эки метрдей окчунураак токтоду.— Ии, кандай, үшүгөн жоксуңбу? Эми сен таң атканча тургун да, анан бир жолу эртең эс алгын... Азаматсың... Сен чыдамкай жоокер окшойсуң!.. Жоокер деген ушундай болуш керек. Бали... Ай бали!

Кароол башчысы кыт-кыт күлдү. Анын колунда бир тири укмуштуу нерсе барын берки кароолчу астыртан байкап, ал өзүнүн жүзүн ага даана көрсөтпөөгө тырышты. Ойдо жок жерден кызык окуя башталды. «Карасур кары кароолчуга жалпактап, аркы-беркини сүйлөп, бир аз алаксытып, ага жакындады. Ал ошентип жойпуланып туруп эле бир оокумда канжарын шап сууруп жүрөккө малаарында, берки кароолчу андан мурда озунуп, мылтыктын учу менен анын колун кагып жиберип:

— Көтөр колуңду!— деди эле, карасур киши адегенде комиссарды тааныбай борсулдап күлдү.

— Азаматсың... Мен сени сынап жатам.

— Мен комиссар Пудовкинмин.

— Сиз... Сиз... кандайча кароолго турдуңуз?

— Сендей чыккынчынын бетин ачыш керек эле.

Кызыл аскердин кийимин кийип, кой терисин жамынып, кубулуп алган актардын тыңчысы унчукпай шылкыйып калды. Ал кол кайырса өзүнүн мүрт кетерин билет. Аңгычакты ар жактан полктун командири мурдагы жаш жоокерди ээрчитип, буларга келди. Ал жаш кароолчу карасур кишини көргөндө таң калды. А түгүл эмне дээрин билбей чочуп кетти. Ташматовдун жарагын алышты. Командир токтоо, жай сүйлөдү:

— А-а... Ташматов мырза, өтө олуттуу жоо экенсиз. Сизди араң ашкереледик, душман али алдуу, куу, айлакер болорун билет экенсиз. Мындан ары сиз маалымат берип жүргөн ак гвардиячылар балээ болуп кабарсыз калышты го. Сиз ушундай амал менен тымызын жоокерлерге кастык кылып жүргөн жүзү каранын өзү экенсиз да.

— Мен акмын, жалган! Айланайындар!

— Бөрү баласы ит болбойт.

— Жолдош командир, бу Ташматов кызыл аскерлерге канжар урганына жана актарга бардык болгон ишти билгизип турганы үчүн акысына алардан алтын-күмүш алып байымак...

Ташматов көзүнүн төбөсү менен жанындагыларды сурдана тиктейт. Тишин кычыратат, көөдөнүнөн оор дем алып, билинер-билинбес үшкүрөт. Ал өкүнгөнүнөн өрттөнүп баратат. Анткени беркилерге сезилип турду.

— Сиз мындан ары кызыл армиянын катарында жүргөн жоокер эмес, чыккынчы катарында ревтрибуналга барганда жооп бересиз.

Ташматов командирдин алдына чөгөлөй калып калчылдап, үнүн каргылдантып боздой баштады:

— Мени... мени атпаңыздар? Мен өз күнөөмдү актайм. Эл үчүн курман болом. Кашык каным калганча актар менен кармашууга даярмын. Жанымды койгула! Жолдоштор! Мен ит болдум, сатылдым.

— Унчукпа!

Ташматов жанын-жанга уруп, шолоктоп боздоду.

Арамза, актарга сатылып кеткен «кызыл аскердин» белиндеги куруп чечишип жана кызыл жоокердик белги-

лерин шыпырып алышты. Өзүн штабды көздөй айдашты. Берки жаш жоокер бу окуяга айран-таң калат: «Анча болбосо, бу жүзү кара мени да соймок экен» деди. Дайындалган кароол башчысы келип, анын ордуна башка жоокерди койду. Өлүмдөн аман калган жаш кароолчу тараза жылдыз батып, таң кашкайып атканда барып эс алып жатты.

Ошол түнкү болгон шумдуктуу окуяны жоокерлерге саясий жетекчилер эртеси бүт баяндап беришип, кызыл аскерлерди дайыма кыраакы болууга үйрөтүштү.

Ак казактар ар кандай айла менен кызыл аскерлерге сокку берүүгө даяр экендигин командирлер кызыл жоокерлерге дайым эскертишер эле... Командирлер жоокерлерди согушка машыктыруу ишин колго алышты. Бир жагынан машыгуу, бир жагынан душмандын тобун бир баштан талкалоону күчөтүштү. Айрыкча Вешенская станциясынын тегерегиндеги касташкан душманга кызыл аскерлер чагылгандай тийип жатышты. А жердеги болуп жаткан салгылашууну адам көз алдына элестетүү да кыйын эле... Укмуштай чоң уруш бу тегеректе башталганда, комиссар кызыл туйгундар менен кошо душмандын жаагын айырып, таш каптырып, эрдикти көрсөтүштү, нечен менменсинген ак генералдардын жана офицерлердин сазайын колуна берип, атасын таанытып жатат...

Ушул өрөөндө жашаган калайык кеңеш аскерлерине жардамдашып, актарга мөндүрдөй жаадырып ок атышты. Салгылашуу өлчөмсүз кызыды... Кызыл аскерлерге душман туруштук бере алышпай кым-куут болуп качышты. Кызыл аскерлер агыны катуу дарыяны сүзүп чыгышып, Дон менен Кубандан ак гвардиячылардын күчтүү көп колун жер менен жексен кылышты. Алар ээлеп жаткан шаарлар, кыштактар бошотулду. Жергиликтүү калайык ээн-жайкын жыргап калышты. Жоо акырына дейре тукум курут бололек. О... жоо жоголгончо алдыда дагы көп кармаш бары белгилүү эле.

1920-жыл. Апрель айы сулуу жаздын белгисин ала келген. 197-мусулман полкунун жоокерлери бөлөк боордош кызылдар менен бирге Түндүк Кавказдын талааларынан, Кубандын ою менен тоосунан, адыры менен түзүнөн безип качкан актардын аскерин бирден терип баратышат. Кызыл балбандардан катуу сокку жеп, өлөрчө кордук көргөн ак генералдар, офицерлер, кым-куут болуп сүрүлүүдө. Эми кайда барышат? Бул жоонун таянганы кайсы? Душман өлөрүнө жакындаган сайын, жанын аябай кармашар

адаты эмеспи. Кызылдардан катуу сокку алышкан ак гвардиячылар, кадимки Кара деңиздин боюн чеп кылышып, балыкка семирип, баштарынан көк буу чыгып, долуланышын өлгөндөй камданып жатышкан кези эле. Бийликтен актар дале үмүттөрүн үзө элек. Дагы эле мурдагы адаттарынча ак генералдар «биз» жеңебиз! дешип үмүттөнүп, казак-орустарды азгырып, кыйкырышканын кайдан коюшсун. Калайык кызыл аскердин душманды тез күмжам кылышын чыдамсыздык менен күтүшөт.

Күн-түн дебей айыгышкан салгылашуу барган сайын күчөдү. Кызыл аскер ырайымсыз душманды жер тамандатпай сайгактатып кууганда, мен менсинип азуусун айга жанышкан нечен согушта такшалган ак гвардиячылардын сөөгү деңиз боюнда ит менен кушка жем болду. Биердеги урушта актардын өлгөндөн калган аскерлери өз жандарын ала качышып, бет алдынан безишти. «Мындай ойрон болорубузду билгенде, кызылдар менен кармашпай койбой нө болдук. Убалыбыз Деникин менен Колчакка жетсин!» дешип баштарын муштап, оозДорун карманып, өз керт башын кайда ала качып кутуларды билишпей, алдастап калышкан офицерлер андан көп... Караганга корголоп карайлаган полковник... Аскеринен ажырап, арманда калган генерал... Кайда бараары белгисиз шилпейип жүргөн подполковниктер. Сайда-саны, кумда изи жок ак гвардиячылардын ушинтип заманасы куурулду, ансайын кызылдар аларды сүрүп баратышты. «Буларга жер, суу жок... Өлүм!»

Канкор баш кесерлер кайсы жерди басып алып, дагы кайсы жерди басып алууну ойлошподу дейсиңер. Алар кайсы улутту муңкүрөтүп эзбеген... Актар Дагестан калкын да муунтушуп, далайдан бери өз ойлору менен дуулап жатышкан. Актардын кесепетинен а жерде да чаң-тополоң... тынчтык жок. Желдеттерден жабыр көргөн жергиликтүү элдин көзү жашталып, көкүрөгүн дарт чалган. Душмандын кордугуна чыдабай балдары чыркырап, карылары боздошот. Каарман кызылдар келип, ак казактардын зордук-зомбулугунан куткарар күн болор бекен деп калайык зарлашат. Жайкалган мейкин талааларды өрт каптап, элдин мал-мүлктөрү талоонго түшкөн кез... Актарга каяша берген кишилердин башы дарбыздай томолонот. Дыйкандар жазгысын эгин экпей, күзгүсүн аштык жыйнабай, ач-жылаңач. Жакырчылык белинен бекем баскан жумурай журт камоодо калышыптыр. Актарга кар-

шы чыккан жергиликтүү азаматтардын кээси буту-колунан ажырап мунжу болгон. Ач-жылаңач... Бей-бечаралар томсоруп асманды карашат. Бечара аялдар кордукка чыдабай актарга наалат айтып каргашат. Ак гвардиячылардын таламын талашкан зулум кулактар, кедей-кембагалды «мына силер эми... ...Актарга кошулгула десе болбой койдуңар эле. Эми ушуну көргүлө!» деп кекенип элди кордоп табалашат. Алар адегенде эле сулуу кыздарды, күлүк аттарды тыптыйпыл шыпырып кетишкен.

Төртүнчү армиянын бөлүктөрү менен бирге кол кармашып, мусулман полкунун кызыл жоокерлери деңиздин жээгиндеги актарга бет алышты. Дагестан элинин кутмандуу жерин ээлешкен жоо өлөрчө өжөрлөнөт. Багынар түрү жок. Каныккан комиссар бел чечип тыныкпай каңдуу урuштун ичинде жүрөт. Боордош Дагестан эмгекчилеринин таалайын талашып, кызылдар алоолонгон от кечүүдө. Дагестанды өз энчисине басып алышкан зулумдар бир нече күн аянбастан кызыл аскерлер менен катуу салгылашты. Бир жерден сокку жеп мизи майтарылган шүмшүктөр кайра бат эле бөлөк жерден баш көтөрө калышат. Акыры душмандын колу азайып, күчү кете баштаганда кызылдар душманга удаа-удаа чабуул коюшту. Укмуштай баатыр аскерлерге туруштук бере алышпасын актар сезишти. Эми кайда барып корголошот? Ак аскерлер артка чегинишe баштады. Ак гвардиячылар башка жактарда согушуп жаткан оздорунун аскерлерин жардамга келишеби деген үмүттө эле. Бирок, алардын мындай үмүтү таш капты. Замаңалары куурулду, айлалары кетти. Күн бүтүп, ичер суу түгөнгөнүн сезишти. Көздөрү кашайды. Үмүттөрү үзүлдү. Кызылдардын курчоосунда калышкан ак аскерлер доңуздай өкүрүштү. Таптакыр айлалары кетип калса да, алар кызыл аскерлерге багынып берүүдөн баш тартышты. Жоо эң акыркы күчүн курап, кызылдар менен салгылашты. Дагестандын жерин кан жайпады... Айыгышкан эрегиш эчен күнгө созулгандан кийин, ак гвардиячылардын өлгөндөн калгандары Дагестан жерин таштап, өз баштарын куткаруунун айласын издешти. Кызыл аскерлер Дагестан эмгекчилерин душмандан куткарышты. А жерде да кайгы-касирет бүттү!

Июнь... Мусулман полкунун жоокерлери ак гвардиячылардын чаңын асманга чыгарышкандан кийин, боордош Дагестан элинин жеринде бир аз убакытка өрүүн болушмак эле. Ошону менен удаа эле Кавказ багытындагы

согушуп жаткан каарман кызыл аскерлердин жеңиши дүңкүлдөп даңазалана баштады. Майдандан жаңы чыккан бөлөк бөлүктүн каармандары бир аз күнгө баш-аяктарын жыйноого киришти. Деги мурдагыдай коога жок, тынчтык болуп турду. Эмгекчилер өз тиричилигине жапырт киришкен. Жер көгөрүп гүлдөдү. Калайык корккон-үрккөндөн кутулушуп, жайланды. Урушта жүргөн кызыл жоокерлер бир аз өрүүндөштү. Комиссар саясий жетекчилерге кызыл аскерлерге кеңеш бийлигин мындан ары чыңоонун зарылдыгы тууралуу үгүт-насият иштерин уланта берүүнү жүктөгөн. Саясий жумуштар жоокерлердин арасында кызуу жүргүзүлүүдө. Анткени, мусулман полкундагы кызыл аскерлердин көпчүлүгү караманча кат таанышпайт. Мына ошондуктан алардын сезимин ойготуунун бөтөнчө зарылдыгы бар эле. Комиссар ушул орчундуу маселени мыктап колго алууга мажбур болгон. Ал Владимир Ильич жөнүндө жана кызыл армия элдин таламы үчүн күрөшүп жаткандыгы тууралуу кызыл аскерлерге бир топ баяндамалар жасады. Жеке аңгемелерди да өткөрдү. Ал өз билгенин эч кимден аяган жок.

Ошол убакта полктун күжүрмөн командири бөлөк бөлүктөрдүн командирлериндей эле жогортодон буйрук күтүп турду. Июнь айынын жанга жагымдуу күндөрүнүн биринде революциячыл согуш комиссариатынан шашылыш буйрук алынды. Мусулман полкунун комиссары Пудовкин Кавказ фронтунун карамагына токтоосуз чакырылыптыр. Тар жол, тайгак кечүүдөн бирге басып, токой менен тоодон кол кармашып өтүп, жоону бирге жок кылышкан кызыл аскерлер өздөрүнүн сүйүүчүктүү эр жүрөк комиссарын урматтап: «Сапарыңыз ачылсын!» дешип кайра-кайра анын колун кыса кармашып узатышты.

Алыс сапар чеккен адамдын алдынан күтпөгөн жерден кандай балээ чыга калып, анын ак жолуна бөгөт болорун же ал бак-таалайга туш келерин күн мурунтан алдын-ала болжоп айтуу да кыйын го. Анынсыңарындай, береги көптү көргөн, нечен кыйынчылыктарды басып от кечип өткөн Таабалдынын башына мындан ары нелер келип, нелер кетерин өзү кайдан билсин. Комиссар келишимдүү келбетин түзөп, коюу кара мурутун оңду-солду сылай, өткүр, жоодураган көзүн күлүңдөтө, өткөндөгү азаптуу күндөрдү көз алдына элестетип зымырап баратат... Узак жол кыскарып артта кала берүүдө. Дүйнөдө ойдон күлүк эмне бар. Анын санаасы санга бөлүнөт. Кыялы зымылдап учуп

ээликтирет. Революциячыл согуш комиссариаты эми муну кайсы тараптагы жоого жөнөтөрү буга белгисиз, ушул ой анын эсинен чыкпайт. «Мейли, каерде жоо болсо, ошого каршы аттанууга мен даярмын!» деп ал кайраттанып, өз көңүлүн көтөрөт, көңүлү куунак, кабагы ачык. Кыйын күндөрдө ага нечен жол азабы жолто да болду. Ал андан буйдалбастан өтүп, зуулдаткан бойдон сызат. Комиссар болочоктогу жыргалдуу турмушту... укмуштай сонун күндөрдө эмгекчи эл менен бирге өмүр сүрөрүнөн кенедей шек санабай чоң үмүт менен жол жүрүп бара берди... «Душман жоголот... бейкут сонун заман да болот... Ошондо сайрандап жүрөрбүз» дейт ал.

Убакыт көзгө илээшпей учуп өтө берет эмеспи. Жаз, жай, коңур салкын күз жана ызгаардуу кыш мезгилдери биринин артынан бири тизмектеше чубоодо. Шартка жараша, кала берсе, мезгилдеги учурдун ыңгайлуу жагдайына жараша жүргөн адам айдын, жадаганда, жылдын жылып өтүп жатканын кээде байкабай калса керек... Таабалдынын негизги көздөгөн максаттан башканы ойлоого убакыты жок... Мына, Кавказ фронтунун бөлүмүндө иштеп жүргөнүнөн бери бир топ айлар жылт берип өтө бергенин көрсөң... Партиянын өзүнө таккан асыл милдеттерин аткаруу менен алек болушкан азаматтар эсепсиз көп. Анан Таабалды убактынын учуп өткөнүнө неге таң калсын, бул да болсо элдин кызыкчылыгына бекем берилгендиктин белгиси да! Пудовкин ошондой киши...

Күндөрдүн биринде аскердик ыйык кызматтын ыңгайына жараша Пудовкинди Түркстандык чалгындоо башкармасынын карамагына дагы чоң сый менен урматтап узатышты. Мына эми Таабалды Жети-Сууну жердеген кыргыз, казак элин көрөт да.

Жети-Суугa зулумдар көп кылымдар бою үстөмдүк кылып келишкен. Ошондо да ач көз ак сөөктөрдүн көзү эч нерсеге тойгон эмес. Мына эми жерге эл түбөлүккө ээ болор мезгил жеткенде, ал зулумдар дагы козголоң чыгарып, үзөңгүдөн буту тайыганча кызыл аскер менен бетме-бет салгылашууга чыгышты. Бул ак сөөктөрдүн көзү тоёр күн болор бекен? Ак гвардиячылар да бул жерден эчак жеңилип оңколошту эле го. Көрсө, канкорлордун калдыгы дагы эле түгөнө элек экен. Алар калк арасына бүлүк салып, бийликтен ажырагылары келишпейт. Алардын элде эмне акылары бар? Россияны ээлегилери келген Деникин, Колчакка окшогон атамандар небак жер кучактап сулабады беле.

Эми Жети-Сууну талашкан бирин-серин азган-тозгон актар бузукулугун неге койбоду? О, душман жөн өлбөйт эмеспи! Кармашып өлөт. Укуктан, мансаптан булар ажырагылары келбейт да! Эмгекчил элге алардын кайпаса каны кошулбасы эзелден бери айдан ачык эле го. Бектердин, хандардын, ак гвардиячылардын өлгөндөн калганы кантип жөн жатышсын. Ошол залимдердин бирин-серини кытай жерине баш калкалап турушуп, Жети-Сууга көз артканын күчөтүп жатышкан. Актар дагы эле үмүттөрүн үзө элек.

Верный калаасы. Жети-Суунун борбору алмалуу шаарга жаңы доордун нуру жаркырап жаңы тийген эле. Кагылайын Ала-Тоого таалай нуру чачырап тийген мезгилде тоонун кулуну сагынып-саргайган жерине кайрылып келип отурганын көрсөң.

Таабалды чалгындоо башкармасына келип эмгектене баштаган күндөн тартып, биердеги көрүнбөй жүргөн ашкап бузуку, кеңеш бийлигине ниеттери жаман бандиттерге каршы күрөшө баштады. Баса, ушул жоо граждандык согуш эчак бүткөндө, эми кайдан баш көтөрүп чыга калды экен?..

Граждандык согуш аяктар замат Жети-Сууда бейкуттук узакка созулбады... Анткени, кулактар көкүрөкторүнө кек түйүп калышыптыр. Ал залимдер кекенип, өлбөгөн жерде калууну ойлошкон. Залимдер өздөрүнүн атайын дайындашкан тыңчылары аркылуу кеңеш бийлигине каршы аракеттерин күчөтүштү. Верный, Жаркент жана Каракол багытындагы кулактар, бай-манаптар бул ишке катуу киришкени белгилүү эле. Жети-Суунун ар кайсы жеринен кутуруп баш көтөрө коюшкан кулактар, бай-манаптар көздөгөн ойлоруна жетпей, кызыл армиядан үстөккө-босток сокку жешти, тиштери талкаланды. Жер соргондон калганы курал-жараксыз калышты. Ошондо да душман астыртан кол курап, кармашууну улаптышты.

Кеңеш бийлигине булар неге анча кастарын тигишет? Граждандык согуш маалында Анненков, Дутов, Щербаковдорго окшогон атамандардын куралдуу көп колу Жети-Суунун боюнда кызыл армия тарабынан ташы талкан болгону али унутула элек. Кызылдар каптал багытынан быт-чыт чыгарып талкалап киргенде, душмандын өлгөндөн калганы Кытай жерине качып кетүүгө үлгүргөн. Кекенип калышкан ак генералдар кеңеш өкмөтүнө каршы дагы уруш чыгарууга дилгир... көздөрү төрт... төрөлөр ошол

максатта бекем турушат. Кытайдын Кулжа, Күрө, Кашкар шаарларында эптен баш калкалап жүргөн ак генералдардын аскерлери козголоңчу кулактарга «чоң» болду. Кулактар аларга ишенет. Ак аскерлер мезгил-мезгили менен чек арадан өтүп келишип, кыштактарды талашат. Мунусу аз келгенсип, Жаркент жана Верный шаарларына да машкедей жойлоп келишет, мерчемдүү жерлерге атайы койгон өз кишилерине кезигип, ошолор аркылуу өздөрүнүн чыккынчылык иштерин улантышат. Мыкты кишилерди мууздашат. Сулуу кыз-келиндерди зордукташат. А түгүл кытай жерине ала качып кетип жатышат.

Кытай жериндеги Сүйдүң кыштагын турак кылып, чек арадан ары-бери өтүп турган атаман Дутов качан болсо Жети-Суудан кабардар. Шырп эткендин баарын билет. Ошолордун аркасы менен жашырын жүргөн контрабандалар күч алып баратат. Аткезчилер Алматыдан, Токмоктон, Караколдон жана бөлөк жерлерден чаап келишип, апийим алышат да, анан адам көрбөгөн караңгы жолго салышып, чек арадан өтө бермейлери күчөдү. Буларга жол көрсөткөн актар.

Так ошол кезде, 1916-жылы ак падышага солдат берүүдөн баш тартып, жергиликтүү бийликке наразы болуп, көтөрүлүш чыгарып, Кытайга качкан кыргыздар Россияда кеңеш өкмөтү чыкканын билишкен соң, кайра киндик кесип, кирин жууган, ак маялуу жерине жөөлөп-жалаңдап кайтып келип жатышкан. Арып-ачышкан калайык ач-жылаңач. Булардын жерин кулактар ээлеп калышыптыр. Арып-ачып келишкен качкындарды жер-сууга орноштуруу эң зарыл эле. Дал ошол убакта Сүйдүңдө генерал Дутов көп аскер курап, Жети-Сууга кол салууга камданып жатты:

«Силер ошолорду жактагыла!» деген тетири үндөөнү бузуктар эл арасына тарата беришти.

Айрым жерлердеги кедейлер тобунун башчыларын атып өлтүрүшүп, кескилеп, мууздап кетишет да, анан: «Муну большевиктер эле кара санап өлтүрдү» деп актанышат.

Мына ушундай ичи бузук кишилердин көзүн тазалоонун эң зарылдыгы бар эле. Жети-Суу багытына келген күндөн тартып, Таабалды ошондой ич арада жылып жүргөн актарды жана ошолордун таламын талашкан бузукуларды, мыкты чалгынчылар менен кошо ар кайсы жерден бирден терүүгө киришкен. Кеңеш өкмөтүн көрө албаган

пейли бузук, жаман адамдар өзгөчө чек арага жакын жерде бугуп жүрүшөт. Ниети кара немелер кимге жакшылык кылат?

Ошол тулку бойлору туташ арамзалыкка жык толгон кан ичкичтерди кармоо оңой бекен? Мындай кыйын кезенде касташкан карасанатай, мыкаачы кишилердин эл арасында бар экени угулчу, ал эми ошолордун өздөрүн көрүү кыйын эле... Ошондой чууларды чыгарып жүргөн ак аскерлер. Калгандары бийликтен кол жууп, Жети-Сууда темселеп калган кулактар, манаптар, бандиттер эле. Ошончолук айыгышкан душмандын бирин-эки калганы кантип жөн жатсын. Аларды табуу керек, бул милдет Таабалдыга тагылган. Ар бир адамдын мойнуна тагылган ыйык милдети болору ырас го. Береги бизге белгилүү Таабалды Пудовкин өз заманына зыяндуу немелерге жазганбай бет алганы жеке эле бүгүн эмес эле го? Бу киши ушул Жети-Суу багытына келгенден бери митайым кулакка да жолукту, анын куйругу менен да кездешти. Желип-жортуп жүргөн контробанданын бир тобунун тилегин соолткон. Мына, азыр ал колго «кармалбаган», көзгө «көрүнбөгөн», астыртан бүтүндөй ишти бүлдүргөн душманды издеп Жаркент шаарына баратат, Таабалды бараткан Жаркентте бандиттер жана актардын достору бары чын эле. Жоо жакалап турат. Душман койго тийген ач бөрүдөй чек арадан ары-бери өтө чабат... Алардын көмөктөшкөн кишилери бар. Имаш Токбай уулу ошондой бузук кишилердин сырын ачуу үчүн Алматыга кабар берген. Аяктан Пудовкин деген келмек экен. Андан такыр дарек жок. Акбаев деген өкүлдүн айтуусуна караганда мында ал капкачан келиш керек эле... Начальник Чаныш уулу бандиттерге каршы күрөшүүгө атайы келген кишини коштоп жүрүп, акыры аны да далыга кагып алдап-соолап узатмак болгону ачык болду. Четте жүргөн генералдарга астыртан шыбыш берген «тилчини» кармоого болор бекен... Таабалдыга окшогон белдүү азаматтар ушундай кыйын кезекте түн катып неге жол жүрөр жөнү бар эле. Балээнин баары так ошондо. Таабалдынын мында качан келгенин билелек кишилер да бар...

Аскерче кийинген кара сур жигит үч күндөн бери алыстап Жаркентке келүүчү кандайдыр бир бейтааныш кишини өтө чыдамсыздык менен күтүп жүрөт. Ошол ыраактан келер чоочун кишини мынча зарыгып күткөн ким? Бу областтык ЧКанын Жаркенттеги атайып өкүлү

жана Кытай чек арасына сакчы болуп турган атчандар дивизионунун жаш командири Имаш Токбай уулу эле. Ал тапшырма боюнча жогортон келаткан өкүлдүн Жаркентке келеринен бир топ күндөн бери кабардар. Токбай уулу ошол өкүлдү күтө-күтө зарыкты, бирок андай кишиден дайын болбоду. Кызыл командир ошол келаткан өкүлдүн ким экенин билбеди. Анткени, Таабалды-Пудовкин аттуу киши областтык чалгындоо башкармасына борбордон жакында эле келгенин Имаштын билгенине бир нече айча болгон. Акбаев өзү да Имаш менен жаңы таанышты. Жаңагы келаткан Пудовкин деген киши нечен кыйын душманга таман тузак тарткан неме экен. Россиядан качып барып Кытайда турушкан генералдар өздөрүнө алдангап ак аскерлерин тукуруп чек арадан тымызын өткөзүп, дыйкандардын колунда бар бирин-серин бодосун тартып алып, айдап кетишер эле. Алар ошого канимет кылып жөн болбостон, өздөрүнүн дайындуу кишилерин түртүп, кеңеш өкмөтүнө каршы нааразылык чыгарууга катуу киришчү. Бирок эл алардын тилин албай калышкан. Ошолор айсыз караңгы түндөрдө жортуп чыгышып, Верный, Жаркент, Каракол өрөөнүндө жай жатышкан эл арасына келишип, «бизге апийим таап бересиң. Эгер бербейт экенсиң анда жаныңды азыр алабыз!» дешип кыстачу. Күн мурун Верныйда, Караколдо, Пишпекте, жадаганда Ташкентте болуп жаткан окуяны качып жүргөн казак-орустардын билерман генералдары, Кулжа шаарынын күн батыш жагындагы казыналык чыпар теректердин арасында сайрандап, суусундарына кытайдын шарабын шимирип жүрүп билип алышар эле. Кулак уккус, көз көргүс чет элде жүргөн суук көз качкындар Жети-Суудан кимдер аркылуу кабар алышат? Эмгекчи элдин боштондукка чыкканын көрө албаган актарга сөз ташып жүргөн кимдер?

Кыраакы мыкты чалгынчы, чек арадагы атчан аскердин белдүү кызыл командири Имаш Токбай уулу жарканатча жанын сабап, жат душманга сөз ташыган чыккынчы кишилердин бирин-серинин жаагыртпай кармаган, бирок ошол актарга жан тарткан арамза бакан ооздорго баш тоголоткон чоңун кармоо кыйын болду. Ушинтип түн катып чабыттап жортуп, жоонун чырагына май тамызган митени колго түшүрүүгө Имаш жана аны менен тилектеш жолдош-жоролору эч качан жандарын аяшкан эмес... Чек аранын ары жагынан карааны көрүнгөн Сүйдүң калаасында кеңеш бийлигине тишин кайрап жаткан ак генерал Ду-

тов, Жети-Суунун кайсы жеринде болбосун, большевиктер, кедейлер комитети элеттеги жана шаардагы эзилген эмгекчилердин арасында кандай үгүт-насият жүргүзүп жатканын бүт бойдон билип алышат. Ошол алыста жүргөн жоонун айтып берүүчүсү бар беле? Ай, бир мандеми болбосо, бирөөлөрдөн ким шек алсын. Качкын актар а түгүл кай жерден кайсы бай-манап кедейлер тобуна кандай карасанатайлыгын көрсөткөнүнөн өөдө кабардар болушканы таң каларлык. Жел сокпосо чөп башы кайдан ыргалсын! Кулжа, Күрө, Сүйдүң жана Турпан шаарларында жүрүшкөн актардын билерман офицер сөрөйлөр Орто Азиянын кайсы жеринен басмачы чыкканын күн мурунтан билишет. Өздөрүн ээрчип кетишкен казак-орустардын кара күчкө көзүн боёп, басмачылардын, бай-манаптардын душмандык кылышып, кыштактарды өрттөп, элдин мал-мүлкүн талап жатышканын кедейлерге жала жабышат. Кыскасы, өздөрү иштеген жаман иштеринин баарын большевиктерге, кедейлер тобунун башчыларына жана өкмөткө ак пейил менен кызмат кылган кишилерге жала жабышат, атамандар өздөрүнүн кишилерин актоого аракет кылышат. Эмигранттардын ушагы көп, алар кеңеш бийлигин жаманатты кылгандан бөлөк кылар иштери калбады. Кызыл атчандардын командири, ЧКанын көздөй кишиси Имаш чет жерде жүргөн душмандын Жети-Суу өрөөнүндөгү тилчилерин ашкерелөө үчүн катуу киришип жүрөт. Иш кыйын. Жаркент уездине ЧКанын жиберген чалгынчы кишисинин келмек болгонунун бир себеби да ошол эле. Таабалды Жуке уулунун Верныйдан чыкканы чын, бирок анын кайда жүргөнү белгисиз болгонунан гана командир Токбаев катуу өкүнүп, өтө кайгырып да жүрдү. Апап кантсин? Анткени, Жаркентте ал-абал өтө оор... Ички жоо тышкы жоого кол булгап жандооч болду. Элге келген бактаалайды көрө албаган душман караңгыда шимшиген түлкүдөй көмүскө жери менен жортуп жүрөт. ...Душман кашкирпиктин ортосунда экенин командир Имаш Токбай уулу небактан бери сезет.

Чалгындоо үчүн Верныйдан атайы келчү өкүл Пудовкин Жаркентке келер күнү кечке жуук Имаш эч ойдо жок жерден Акбаев деген кишиге кезиккен. Анын Жаркентке келгенине беш-алты күндөй болуптур. Уездик милициянын начальниги лыпылдап Акбаевдин ичи-койнупа кирип, коштоп алып көп жерге барса керек. Коптр бар деген жалган деп Чаныш уулу жанын сабап жүрдү. Анын

жанында ээрчип жүргөн өкүл Акбаев да ошого чыны менен ишенген. Ишенимдүү начальниктин душман жок дегенине командир Имаш бир чети таң калат. Анда чек арадан өткөн душмандын кишисине көмөкчү болгон кайсы бузук? Кытай жеринде качып жүргөн генералдардын аскерлерине тымызын маалымат жеткизгендер өз арабызда жок бекен? Убактылуу өкмөт ойрон болуп кулагандан кийин, анын Кытайда калган консулунун жана атамандары менен офицерлеринин «улуу Сибирге» кошулуу жөнүндө жазган каттарын душмандын өз кишилерине жеткизүүгө көмөктөшкөн кимдер? Аны Чаныш уулу билбес бекен? Ал өзү начальник милиция болуп туруп, кантип душманга жан тартсын. Жаркентте жүргөн чалгынчылар менен кызыл атчандар эч нерсени билишпесе, неге тегин жерден чыккынчы жөнүндө кабар берди? Бу не деген кеп? Кээ бир кишиден шек санаган Имашты, ушул начальник Чаныш уулунун тилине кирип, мурда анын атайын берген билдирүүсүн бу жогортодон келген Акбаев текшербей кетеби? Баарыдан мына ошонусу кызык. Душманды издеп атайы келген Акбаев мостоюп туруп, ошол бойдон кеткенине Имаш таң калбаганда кантсин. Атаны саат чырмагыр ай, бу кандай өз максатын билбеген «куу тумшук» неме болду? Имаш жаш кезинен ысык-суукка бышкан жигиттин бири эле... Ал аркы-беркини ажырата билет. Акбаев бир ооз ага сырын айтпастан, Чаныш уулунун «Биздин арада чыккынчы жок, Дутовдун кимдир бирөө менен байланышы бар имиш, ошол аркылуу ал быяктагыны билет» дегенине ишенип кете берди ээ! Эми кантиш керек? Аттиң ай, жанагы Пудовкин деген чалгынчы келгенде тыңчынын бети ачылат эле ээ, болбостур...» деп Имаш керээли-кечке өзүнчө жүрөкзаада.

Түн кирди. Там үйгө шам чырак бүлбүлдөп күйдү. Тырс эткен табыш чыкпады. Үйдүн ээси да бөжөңдөп бүтүн акырын шилтейт. Эң эле этиеттик... Албетте, жалпы Жаркент шаары мындай тынчтыктын кучагында кайдан мемиреп турсун. Азыр жалгыз гана ушул үй тынчтыкта.

Бүгүн мында демейдегидей жоокерлер да келишкен жок. Бу үйдө жападан-жалгыз командир Токбай уулу гана бар. Анын кабак-кашы демейдегидей эмес, башкача, сабыры суз. Артыкча начальник Чаныш уулу менен өкүл Акбаевге бүгүн кездешкенден кийин, ал ушинтип туталана баштаган. Адам бекеринен ачууланбайт эмеспи? Мунун анткенинин негизги себеби не? Ал актарга кабар берип

жүргөн кишинин аныкталбай жатканына кайгырат. Ошо жөнүндө бирге кызматташ болгон жаркенттиктердин кээсинен Имаштын шек алганы да бар. Чаныш уулу өзүн актап, мунун кебин жокко чыгарып койгонуна Токбай уулу өтө өкүнөт. Имаштын мындан аркы жиберген билдирүүсүнө эми ким ишенмекчи? Баарыдан ошого өтө арданып, жаны күйгөн Имаш ыза болду. Ал барып турган сак неме. Өмүрүндө жалган жеринен бирөөнү каралачу эмес... Ак генерал Дутовго жан тарткан киши өз арабызда бары чын. Чаныш уулу эми кызыл командирдин оюн бүтүндөй жокко чыгарыптыр. Бирок актар менен астыртан тыгыз байланышы бар «өз» кишинин ким экенин даана билбегендигинен Имаш ушинтип мүңкүрөп отурганы ырас. Чаныш уулу жантип «чыккынчылык» кылсын? Ал өзүн акмын дейт. Акбаевди ээрчитип ал чек арага дейре барганын командир Имаш билет. Верныйдан келгенден бери Акбаев бүгүнкүдөй түндөрдүн нечени ушул Жаркентте өткөргөн чыгар. Атайы жашырын чалгынга келген өкүл Акбаев тырмагына бир да бузуку илинте албаганына Токбай уулу кантип өкүнбөсүн? Имаш аны ушул шаардын көчөлөрүнөн бир нече ирет көргөн. Бирок, анын жай маанисин билгенине чынында аз күнчө болсо керек. Ырас, алар кездешип бир аз сүйлөштү... Ал эми баягы келет деп үмүттөнгөн чалгынчы Пудовкин дегенден эч дарек болбоду. Командир Токбай уулу андан үмүтүн үздү. «Өзөктөн чыккан өрт жаман, өздөн чыккан жат жаман!» деп акылман эл билгичтик менен айткандай, өз ичтеп чыккан чыккынчыны табуу үчүн Имаш катуу киришти. Машыккан кыраакы киши болгондо, Имашта мындай күнөм кайдан болот эле. Ай, дагы эле мунун жаштыгы кала элек... Анысын өзү да мойнуна алат. Командирдин уйкусу качты. Ал айдын шооласы чачырап тийген кичинекей терезени ачты. Жаздын толук кези эле. Жаш жалбырактардын жыты келет. Түнкү кооз көрүнүш көңүлгө жагат. Бак-дарактын жапжашыл жалбырактары билинер-билинбес жүрүп турган желге желбирейт. Баятан бери көңүлү чөгүп, капалуу турган командир айлуу түндүн нуру тийген кооз көрүнүшкө көз чаптырып бир аз көңүлү көтөрүлдү. Алда кайдан өзөндөгү суунун шаркыраганы даана угулат. Ошондо жаш чалгынчы кыялга чөмүлдү: «Агын суу жерди көгөртөт... Билинбеген жоо бизге чоң душман болот. Түпкө ошондой ичи ала кишилер жетет турбайбы!» Ушул ойду ойлогондо Имаштын кабыргасы кайышты. Жүрөгү сыздады. Дал

ушул учурда, ал өзү шек санаган кишилери жөнүндө жазууну ойлонду. Бирок али акылы бир жерге токтой элек. Командир өзүнүн көктүгүн карматкан болуп көшөрдү. Ошол убакта капыстан кимдир бирөө каалганы шарт ачып үйгө кирди. Командир жалт карап, үй ичи күңүрт тартып турса да, өзүнө жети түндө келген кишини жазбай тааныды.

— Келиңиз,— деп Имаш эки кадамдай алга жүткүнүп токтоду.— Мына, кызык! Сиз бүгүн Верныйга шашылыш жүрүп кетпедиңиз беле, жолдош Акбаев.

Күтпөгөн жерден келген Акбаев жай басып төргө чыкты да, терезенин тушунда турган үстөлгө сүйөнө тартып отурду.

— Мени таңга жуук кандай келип калды деп, таң калып турасың го, Имаш? Шартка жараша жагдайым ошондой болду.

— Ооба. Сизди кайра келет деген оюмда жок эле.

— Менден чочубагын, урматтуу жолдош Токбаев. Жолдон кайрылып саа келгенимдин чоң себеби бар?

— Кандай? — Имаш тигил Акбаевден саал чочулагансып, андан кыйтачыраак турду. «Чын эле бу неме да актарга жан тартып жүргөн шумдун бири го. Жанагы мен шек санаган немелердей, бул да генерал Дутовдун тыңчысы болушу ыктымал!» — деген ойго түшүүгө аргасыз болгонун көптү көргөн кыраакы Акбаев Токбай уулунун каш-кирпигинен дароо байкады. Азыр Имаш мунун келгенин жактырган жок. Андан кечээ жөнөрдө көңүлү калган.

— Эми экөөбүз ачык сүйлөшөлү, жолдош Токбаев,— деди Акбаев ачылып.

— Макул, сүйлөшөлү.

Бу жаш командирдин жүрөктүүлүгүн Акбаев азыр анын кебетесинен байкады. Ал карт бөрүнүн сынына бүгүн эмес, мындан мурда эле тигил душманга астыртан тил жеткирген кара жүрөк кишилерди ашкерелегенинде толгон. Оренбург жакта урушта жүрүп, кызыл аскерден өлгөндөй сокку жеп, жедеп аргасы кеткен кезде, каракчы казак-орустарды азезил шайтандай азгырып, Жети-Сууну кече качып, Кулжага качып барып бекинип, ошоерден туруп Түркстан менен Жети-Сууну Россиядан бөлүп алганы чамынып жаткан Дутовдун тыңчысынын эки ортодогу арачысынан өөдө аныктаган ушул жаш командир Имаш эле. Каны суюк, токтоно элек Токбай уулу, элине карасанап, кой терисин тескери жамынган немени жүзү каралыгын

сезген соң, тартынбай өзү жалгыз ошол чыккынчылар менен кармашкан. Мунусу чоң эрдик да.

— Адамды ак жеринен күйгүзүүгө болбойт, жолдош Токбаев.

— Сиз душманга жан тарткан турасыз го, Акбаев аке! Башыбыз азаптан жаңы арылды эле го. Бу не деген дөдөйлүк?

Имаштын өңү бузулуп үтүрөйө түштү. Ал ачуусу келгенинен түйүлгөн бойдон Акбаевдин маңдайына кандай жеткенин өзү сезбей калганы мындай турсун, калчылдай баштаганын адам көргүс болду. Акбаев коңур үнүн ага көтөрүкүрөөк чыгара сүйлөдү.

— Сабыр эт, иничек. Токтоо бол. Эр жигитке чабалдык жарашпайт.

Жаш неме өзүнөн улуу кишини сыйлап ийменди окшоду, кичине ачуусу таркай түшкөндө, берки жедеп даасып калган чалгынчы ага мындай деди:

— Он алтынчы апрель күнү кечке жуук Дутовдун казак-орус Макаров менен Алымбай деген кишилери чек арадан өтүп, Жаркентке жакын калганда, аларды сен эрдик кылып кармадың эле... Ошонуң ыраспы?

— Ооба, кармаганым чын болучу. А эмне экен?

— Сен, ошол тыңчыларды атайын колго түшүрүп аларын алып, анан милиция Махмуддун тилине кирип неге коё бердиң?

Бу сөздү укканда жаш командирдин башы саал шылк дей түштү, анткени менен ал тартынбастан ачыгын айтмак болду.

— Биздин ишеничтүү кишибиз... Кызыл милиционер Махмуд ошолорду «өз кишилерибиз» дегенинен ишендим эле. Деги, сиз өзүңүз кимсиз? Кай жактык болосуз? Эгер мага дайындуу күбөлүк катты көрсөтпөсөңүз, мен сизди тыңчы катарында азыр камакка алам,— деди Имаш.

— Мен жөнүндө начальник Чаныш уулу саа айтты эле го. Ага кандайча ишенбедиң?

— Жети түндө киши жөн келчү беле... Күбөлүк катың болсо, көрсөт! Болбосо, сизди аябайм.

Токбай уулу алдын-ала өзү камынайын дедиби, аныcын ким билсин, ал шап тапанчасын колуна ала койду. Кызык тамаша эми башталат көрүнөт. Берки келген өкүл Акбаев деле тоотор эмес. Ал кайра жаш командирге ыраазы болгон сыяктуу мурутунан жылмайып турганын көрсөң...

— Эми жай сүйлөшөлү. Сен куралыңды маа кезебечи. Он жыл бою түрмөдө жүргөнүмдө желдет далай жолу мылтыгын, тапанчасын маа кезеп, «сени окко учурабыз!» дешип келишкени али күнгө эсимен кете элек. Ошондо да баш кесерлер менин үрөйүмдү учура алышкан эмес... Эми мен эмнеден коркмок элем. Андан көрө сен жашырбай маа чын сырыңды айтчы, ошол Махмуд деген бизге ак эмеспи?

Имаш эмне дээрин билбей бир пас ойлоно калды эле, Акбаев мунун көзүнө башкача көрүндү. Бу көрүнүш жаш командирге шумдуктуу керемет болуп көрүндү. Махмуд тууралу жаш командирдин капарына жамандык келчү эмес. Анан ошо жөнүндө эмнени айтат.

— Махмуд жөнүндө эч нерсе билбейм.

— Анда эмесе, анын ким экенин саа мен толук баяндап берейин. Балким сен ошондо ишенерсиң.

Имаш кыңк этпей, тапанчасын кабына жашыра коюп, берки өкүлдү астыртан тиктеп, оор улутунду эле, аңгыча Акбаев ага «кызыл» милиция Махмуддун максатын түшүндүрдү:

— Махмуд Хожонияз уулу өзү Турпандык экен. Ал бир нече жылдар бою Жети-Сууну кыдырып чыккан. Жалган жеринен биздин пишпектик болуп жүрүптүр. Кытай шаарларында анын байланышкан кишилери бар. Генерал Дутов ошол Махмуд аркылуу начальник Чаныш уулунан дайым маалымат алып турган. Бая күнү сен аңдып кармап алган тыңчыларды ал митайым айлакердик менен куткарып алганда, Пудовкин жаныңарда эмес беле. Махмуд жанагы тыңчыларды Чаныш уулуна кезиктире албай, түн каттырып кайра узатты. Алар чек арадан өтпөй, биздин чалгынчылардын колуна түшкөн... Албетте, силер анын шек-шыбасын билбей калдыңар... Ошондой, тууган!

— Коюңузчу? — деди Имаш ишенбегенсип.

— Аларды көргөндө сен ишенерсиң. Ал эми Чаныш уулунун генерал Дутов жана бөлөк актар менен кандай байланышы барын сен жаземдебей билгениңе биз абдан ыраазы болдук... Жоонун кайда жүргөнүн коёндун жатагындай билген, каныккан мерген сыяктуу кызыл командирлерибиз көп, досум. Бирок жанагы Махмудду байкабай жүргөн экенсиң.

Жаш командирдин жүзүнө кичине кызыл жүгүрдү. «Тааныпбасты сыйлабас» дегендей, абийирдүү неме эмесп,

Токбайдын уулу адегенде өзүнүн катуу тийгенине абдан окүнүп, уяла түштү.

— Мен маселенин баш-учуна азыр түшүндүм. Деги сиз ким деген киши болосуз? Жаңылбасам кечө кеткен Акбаев деген баягы Пудовкиндин так өзү го дейм. Ошо болуп жүрбөңүз?

— Ооба. Балким мен ошол сен сураган кишидирмин. Мени аз күндөн бери өзүң көрүп жүргөн ошол Акбаев дей берсең деле болот, тууган. Биздин жер арабыздагы душмандан арылмайынча көрүнүп да, көрүнбөй да, дайыныбызды айтып, кээде айтпай да жүрөрбүз, достум. Сен, кымбаттуу бир боорум, башында жумушчудан чыккан көк жалдардан экенсиң, эми кызыл сакчысың. Мына муну дайым унутпай көңүлүңө түйүп алгын: кеңеш бийлигин бекем сактап, коргообуз керек... Эл өзүнүн канын төгүп жүрүп ушул бийликти орноткон. Бул бизге Ленин алып берген теңдик. Эми мындан ары биз чекти бузган душмандын жолун тороп, өзүбүздүн келечектеги турмушубузду өз колубуз менен өзүбүз курууга акылуу экенибизди унутпоого тийишпиз. Бир боорум, сенин дайыныңды мага айтышкан.

Булар бири-бири менен таанышкандан кийин, алдамчылыгы билинген эки чыккынчынын тагдыры тууралу көпкө дейре акылдашышты. Алар жакшы турмуш, жакшы иштер тууралу ой жүгүртүштү.

Эгерде бул экөө эрте үлгүрүшпөсө, «доңуз далыга чапкан сайын күчөйт» дегендей, душманга жан тартып, жандооч болгон ичи ала кишилер элдин бактысын байлоого кудурети жетпесе да, душманга жол ачып беришери ачык эле го... Убакыт тар... Жоо жакалап турганы Таабалды менен Имашка белгилүү. Ошого жараша таңга жуук Таабалды Жаркенттен Жети-Суунун борбор шаарын көздөй шашылыш жолго чыкты, аны Имаш далай жерге дейре узатып барып кайра тартты.

Пудовкин кеткенден кийин жүрөгүндө кара жок курч командир Токбай уулу, Түркстан менен Жети-Сууну Россиядан бөлүп алууга далалат кылышкан генералдарга сатылып кеткен, ичи ала, кара ниет, элди алдап жүргөн жалганчы, пейли бузук Чаныш уулу менен Махмудду байкап жүрдү. Алар Жаркенттен Сүйдүңдөгү генералды көздөй качууга камынып жатышты. Эки чыккынчынын жандары алек-чалек. Булар үчүнчү күнү кечке жуук кызыл сакчы Имашты жазгырып качууга болжолдуу учурду гана күтү-

шөт. Борбордон куюндай сызган өкүлдөр келер замат Чаныш уулу менен Махмуддун буту жерге тийбей, белгисиз жакка, келген өкүлдөр менен бирге качып кетишкенин шаардыктар кеч билишти. Имаш Токбай уулу ошол окуядан кийин чек араны бузган суук көздөрдү өз жерин көздөй өткөзгөн жок. Жаш командир күрөшкө жедеп бышкан өз жердеши Пудовкинди сыймык катары тутту.

## Алтынчы бөлүм

### 1

Мына, күндөр өтүп жатат. Мезгил да күзгө таяп калган эле. Белдүү азаматтар жумуш менен алпурушуп жүрүшүп, кай бир кезде убактынын кандай сызып өткөнүн сезбей калышат. Андай кишилердин оюнда, көз алдында, басса-турса жалгыз гана калайык турар эле. Чынында ошондон бөлөк аларда кандай максат болсун. «Келме кезек, терме кезек деген ушул» дейт кедейлер. Турмуш өз жолун тапты. Ичи кара, ниети жамандар акыры өз пейилинен табат да.

Ушул амалдуу калаага келгенден бери Таабалдынын көңүлү куунак. Анткени, бир тууган кыргыз-казак эли өмүрдүккө бак-таалайлуу болгонун өз көзү менен көрдү. Далай жылдар бою башын тигип, күрөшкөндөгү көксөгөн максаты ушул күн эле го. Ал кыйын кезеңди да басып өттү. Азиз башы армандан эми арылды.

Түн... Бөлмөдө күйгөн шам. Терезе ачык. Таабалды шаардын тоо тарабына көз чаптырып, кыялга термелип турду. Сыдырым жел лепилдеп жүрүп турат. Терезенин алдындагы бактын жалбырагы билинер-билинбес кыймылдайт. Чыгыштан жаңы толгон ай булут арасынан сүзүп чыгып, көк деңиздин үстүндө каалгып бараткан бак-дарактын арасынан көрүнөт. Айдын жарыгынан түшкөн жыгачтын жалбырактарынын көлөкөсү жерде ойнойт. Ушул түнкү жагымдуу кооз көрүнүштү Таабалды суктана карап турду. Баягы жылдарда түрмөдөн түрмө кыдырып жүргөн азаптуу күндөрдүн элеси көз алдына кылт этип келе калат. Кайра ошол суук көрүнүш бат эле житип жок болот.

Күмүш, чөнтөк сааттын жөбеси чимирилип жатат. Таабалды кагаздарды оодарып, ар кайсы баракты үңүлө тиктеп, керексиздерин тытып таштады. Кылдаттык керек.

Токбайдын уулу адегенде өзүнүн катуу тийгенине абдан окүнүп, уяла түштү.

— Мен маселенин баш-учуна азыр түшүндүм. Деги сиз ким деген киши болосуз? Жаңылбасам кечө кеткен Акбаев деген баягы Пудовкиндин так өзү го дейм. Ошо болуп жүрбөңүз?

— Ооба. Балким мен ошол сен сураган кишидирмин. Мени аз күндөн бери өзүң көрүп жүргөн ошол Акбаев дей берсең деле болот, тууган. Биздин жер арабыздагы душмандан арылмайынча көрүнүп да, көрүнбөй да, дайыныбызды айтып, кээде айтпай да жүрөрбүз, достум. Сен, кымбаттуу бир боорум, башында жумушчудан чыккан көк жалдардан экенсиң, эми кызыл сакчысың. Мына муну дайым унутпай көңүлүңө түйүп алгын: кеңеш бийлигин бекем сактап, коргообуз керек... Эл өзүнүн канын төгүп жүрүп ушул бийликти орноткон. Бул бизге Ленин алып берген теңдик. Эми мындан ары биз чекти бузган душмандын жолун тороп, өзүбүздүн келечектеги турмушубузду өз колубуз менен өзүбүз куруууга акылуу экенибизди унутпоого тийишииз. Бир боорум, сенин дайыныңды мага айтышкан.

Булар бири-бири менен таанышкандан кийин, алдамчылыгы билинген эки чыккынчынын тагдыры тууралу көпкө дейре акылдашышты. Алар жакшы турмуш, жакшы иштер тууралу ой жүгүртүштү.

Эгерде бул экөө эрте үлгүрүшпөсө, «доңуз далыга чапкан сайын күчөйт» дегендей, душманга жан тартып, жандооч болгон ичи ала кишилер элдин бактысын байлоого кудурети жетпесе да, душманга жол ачып беришери ачык эле го... Убакыт тар... Жоо жакалап турганы Таабалды менен Имашка белгилүү. Ошого жараша таңга жуук Таабалды Жаркенттен Жети-Суунун борбор шаарын көздөй шашылыш жолго чыкты, аны Имаш далай жерге дейре узатып барып кайра тартты.

Пудовкин кеткенден кийин жүрөгүндө кара жок курч командир Токбай уулу, Түркстан менен Жети-Сууну Россиядан бөлүп алууга далалат кылышкан генералдарга сатылып кеткен, ичи ала, кара ниет, элди алдап жүргөн жалганчы, пейли бузук Чаныш уулу менен Махмудду байкап жүрдү. Алар Жаркенттен Сүйдүңдөгү генералды көздөй качууга камынып жатышты. Эки чыккынчынын жандары алек-чалек. Булар үчүнчү күнү кечке жуук кызыл сакчы Имашты жазгырып качууга болжолдуу учурду гана күтү-

шет. Борбордон куюндай сызган өкүлдөр келер замат Чанып уулу менен Махмуддун буту жерге тийбей, белгисиз жакка, келген өкүлдөр менен бирге качып кетишкенин шаардыктар кеч билишти. Имаш Токбай уулу ошол окуядан кийин чек араны бузган суук көздөрдү өз жерин көздөй өткөзгөн жок. Жаш командир күрөшкө жедеп бышкан өз жердеши Пудовкинди сыймык катары тутту.

## Алтынчы бөлүм

### 1

Мына, күндөр өтүп жатат. Мезгил да күзгө таяп калган эле. Белдүү азаматтар жумуш менен алпурушуп жүрүшүп, кай бир кезде убактынын кандай сызып өткөнүн сезбей калышат. Андай кишилердин оюнда, көз алдында, басса-турса жалгыз гана калайык турар эле. Чынында ошондон бөлөк аларда кандай максат болсун. «Келме кезек, терме кезек деген ушул» дейт кедейлер. Турмуш өз жолун тапты. Ичи кара, ниети жамандар акыры өз пейилинен табат да.

Ушул амалдуу калаага келгенден бери Таабалдынын көңүлү куунак. Анткени, бир тууган кыргыз-казак эли өмүрдүккө бак-таалайлуу болгонун өз көзү менен көрдү. Далай жылдар бою башын тигип, күрөшкөндөгү көксөгөн максаты ушул күн эле го. Ал кыйын кезеңди да басып өттү. Азиз башы армандан эми арылды.

Түн... Бөлмөдө күйгөн шам. Терезе ачык. Таабалды шаардын тоо тарабына көз чаптырып, кыялга термелип турду. Сыдырым жел лепилдеп жүрүп турат. Терезенин алдындагы бактын жалбырагы билинер-билинбес кыймылдайт. Чыгыштан жаңы толгон ай булут арасынан сүзүп чыгып, көк деңиздин үстүндө каалгып баратканы бак-дарактын арасынан көрүнөт. Айдын жарыгынан түшкөн жыгачтын жалбырактарынын көлөкөсү жерде ойнойт. Ушул түнкү жагымдуу кооз көрүнүштү Таабалды суктана карап турду. Баягы жылдарда түрмөдөн түрмө кыдырып жүргөн азаптуу күндөрдүн элеси көз алдына кылт этип келе калат. Кайра ошол суук көрүнүш бат эле житип жок болот.

Күмүш, чөнтөк сааттын жебеси чимирилип жатат. Таабалды кагаздарды оодарып, ар кайсы баракты үңүлө тиктеп, керексиздерин тытып таштады. Кылдаттык керек.

Кетерде озү бүтүро албай калган кагаздарды тактап иреттеп койду. Бул бүтөлөк иштерди анын мында калган жолдоштору аткармак. Түн бир кыйла болгон маалда, ага тилектеш жолдоштору келди. Таабалды досторуна калган иштерин тапшырды. Аркы-беркини айтышып күлүштү. Нээти жаман кишилерди айлакердик менен колго түшүрүшкөндөрүнөн кеп урушту. Бирге иштешкен кызматташ кишилер бири-бири менен эң ынак болушат эмеспи, деле ажырашкысы келишпейт. Кадыр-көңүл калышпаган, жаманчылыкта болсун, же жакшылыкта болсун, бардыгын бирге тартышкан жан кыйышпас достордун жагдайга жараша ажырашмагы да товок экен! Алма-Ата менен Пишпектин ортосу буларга дал ушул ажырашар мезгилде айчылык алыс жолдой көрүнүп кеткенсийт. Таабалды далай максатташ курбуларына ишти ыңгайына жараша бөлгөн. Ошолордун баарынын элеси азыр да эсинде. Алар эч качан унутулбайт. Жүрөгүнүн терең жерине ал достору бекем сакталган. Кайда жүрсө да, кандай гана кыйынчылык болгон убакта да, Пудовкин ошол тилектештеринен кат-кабар албай койчу эмес эле. Эми ушул каршы жүргөн жерден ал жолдошторунан кантип кол үзсүн. Таабалды жолдошторунун колун кыса кармап коштошуп жатып муну айтты: «Жолдоштор! Алтын жаныңардын аманчылыгында бай менен манапка, чиновниктерге, кала берсе, заардуу душманга ырайым кыла көрбөгүлө... Кеңеш бийлигинин асыл иши үчүн жаныңарды курман кылуудан кайра тартчу болбогула. Кайыр кош, жакшы калгыла!»

Ал ошол эле түнү шашып жолго чыкты. Көрбөгөн жол. Анын үстүнө кыйын кезең... Касташкан жоо ыгы келе калса мындай кишилердин канын ууртоодон кайра тартышпайт. «Эл сагынбас эр болбос, жер сагынбас ат болбос!» деп эл айткандай, эр жүрөк азамат туулуп-өскөн жерди, ак сүтүн берген энеси менен кара чечекей уялаш бир туугандарын көрүүгө ашыкты. Мындай мезгилде киндик кесип, кир жуулган жерди жана эркиндикке чыккан бир тууган эл-журтту эңсөөдөн артык эмне бар! «Эл кайда? Туулуп-өскөн жер кайда?» деп Таабалды бир кездерде түрмөдөн зарлабады беле! О, чиркин дүйнө! Бак-таалай, эркиндик нечен кармаш менен гана колго келет тура!.. Жыргалды, жакшылыкты көксөсөң, өз элиңдин таламын талаш. Ошондо гана көзүң ачылып, мүдөөңө жетесиң. Улуу кишилердин бул насаатында калет жок да! Эр бак-

тысын эл ачат тура! Ыштин жайып элден үйрөн, ошондо гана ийгилик болот

Алаяк карагер караңгыда буйдалбай баратат. Алды жагынан шырп эткен дабыш чыкса, кулагын камыштай тикчийтет. Айсыз караңгыда да жол жүрүп жедеп каныккан ат. Бет алдынан өңгүл-дөңгүл жер туш келсе да жапыбар кошкуруп, туягын илинтпей өтөт. Аттын мыктылыгына ыраазы. Бирөөнү кууса буйтатпай жетип, качса караандатпай кутула турган. Бул карагер менен Таабалды чек арапы бузган митайымдардын нечени кууп кармаган. Мына, бирде жорголосо, бирде басып, башты чулгуп маңкаңдап, узун жолду артка калтырууда... Түн...

Таабалдынын жүрөгү элеп-желеп. Чиркин кыял кыйлапы эске түшүрдү. Сапаа мунуп көңүлүн алагды кылат? Жок дегенде үйүнө бараткanда жөн койсо боло! Деги кандай күйүт, кандай арман! Ак эмчегин эмизген апасы — Толкун тирүү болду бекен? Ал капкачан дайынсыз жоголгон кулунунан эчак үмүтүн үзүп түңүлгөндүр, ээ. Балким же бечара баласын эстеп зарлап жүрөбү? Ак сүтүмдү актап, убайын көрсөтпөй дарексиз жоголду деп эне байкуш уулуна өктө кылып, сыздап тургандыр. Ал тирүү болсо, карган чагында кайсы байдын суусун алып, отун жагып куурап жүрөт болду экен? Же эл катары ал да боштондукка чыктыбы?

Мунун аттай арка, тоодой медер кылган бир туугандары кайда? Ошолордун кимиси жарык дүйнөдө бар, кимиси жок. Ала-Тоонун ой-чуңкуру көп... 1916-жылы ак падышага солдат бербей, көтөрүлүш чыгарып, эл Кытайды карай үркөндө, ошолор да калайыктын шары менен кошо качып баратып, ач бел, куу жондо тентип жок болуштубу? Эркиндик талашкан кайран эл ошондо чачылбады беле. Россияга эрк таңы атканда гана өлгөндөн калган кыргыздар кайра туулуп-өскөн жерине келишкен, балким, энеси, бир туугандары да жалпы журт менен Ала-Тоого кайтышкандыр.

Таабалдыны ушундай узун сапаа ойдон-тоого сүйрөп келатты. Мындай учурда ойго эмне түшпөсүн. Тилек, үмүт комиссарды ээликтирип алга сүйрөөдө. Түн катып келаткан жолоочу бир кыйла жол жүргөндө чыгыштан таң кашкайып, көктөгү сан жеткис жылдыздар бириндеп тарап баратты. Салкын жел күзгү саргарган чөптүн башын жайкап, сапарчынын көңүлүн эргитет. Желаргыга чыйрала

түшкөн алаяк карагердин жал-куйругу төгүлөт. Таң аппак атып, табигаттын жыргалдуу мезгили өз кучагын жаят. Ээн талаа... Анда-санда гана алды жактан агын суулар туш келет. Жалгыз жол жүргөн кишиге жапайы кийиктин көрүнгөнү да эрмек болгонсуйт. Боз адырды как жарып, тоодон түшкөн жалгыз арык туш келди. Таң атkычa жол жүрүп ат үстүндө чалыккан жолоочу күндүн нуру жаңыдан чачырап келатканда, аттан түшүп эс алды. Ал атынын ээр-токумун алып, карагердин жонун сергитип, өзү суунун жээгиндеги көк шиберге оонай кетти. Ат суудан кылкылдата жутту да, андан соң арыктын боюндагы көк жашаңдан күртүлдөтүп сугунду. Таабалды чечинип муздак сууга аябай жуунду. Көңүлүн сергитип арыбери басты. Колун серепчилеп эки жакты караса, кан жолдон алыс адырдын ар кайсы жеринде жайылып жүргөн мал көрүнөт. Алаяк карагер ачыгып калса керек, чөптү бурдап бат эле кардын кампайтты. Таабалды атты ээр-токумдун жанына жетелеп келди да, терин кырды. Аңгыча күн көтөрүлдү. Ал кайра жолго чыкты. Өөдө жагындагы тизмектешкен тоону кадуулай кеткен бөксө жолдун төмөнкү тарабы кумсарып жаткан бозомук жайык суналып жатат... «Ушул түзгө суу жеткирип, дыйкандар аштык айдаса ээ!» деген ойго кетет Таабалды.

Кулун кезинен тоодо жүрүп көнгөн алаяк карагер улам барган сайын кызыды. Омуроосунан чыпылдап муздак тер чыгат. Ооздукту азуусуна салып чайнайт. Ал аны аяп тизгинин тартса, эңкейип башын жерге сала коёт да, өөдөгө чамынат. Ийри-буйру кыя атка кеп эместей өндөнөт. «Жаныбар ат эмес бекен» дейт Таабалды. Жолоочу жапыс ашуунун түз белине чыга келди. Ашуунун аркы бетинде бир топ жейрен оттоп жүрүшкөн. Алар жыт алышты көрүнот, ойт берип төш таяна качып чыгышты да, токтоп тура калышып, таң калгандай карашат. Кыязы, кийиктер көп жалкоотой болуша элек көрүнөт. Тилекке жараша, асман күзгүдөй тунук. Ал Кордойдун белине чыгып карады эле, кагылайын Ала-Тоо шаңкайып даана көрүндү. Тоонун кулунунун мууну бошоп, токтоно албай өрөкөп, сүйүнгөнүнөн бүткөн бою балкый түштү. Көзүнөн ысык жаш мөлтүрөдү. Жүрөгү азоо тайдай туйлайт. Боюн токтотуп, өзүн бекем кармап кайрат кылат. «Акыры көрдүм, көрдүм!» дейт ал. Ал эки көзүн жоодуратып, коюу

кара мурутун жанып алды да, алдыдагы ээликкен тулпарга камчы уруп, учкан куш менен жарышчудай кыя менен зымырады.

2

...Айтылуу Сары өзөн. Чүйдүн мейкин талаасы жакындап калды. Жибектей желбиреген күзгү жел анын бетибашын сылап, шинелинин эки этегин делбиретет. Жел шамалга айлангандай күчөп, солдаттын башынан боз бапагын учуруп кете жаздайт. Карагер катуулаган сайын аттын аягынан чыккан чаң уюлгуп көтөрүлөт да, созула тартып артта калат.

Какшый кургаган жалбырактар алтын түстөнөт, ат аягы тийгенде шуудурай түшөт. Өзөндөрдө аркырап аккан көк кашка суулар небак тартылып калган кез эле. Мээнеткеч дыйкандар ар кайсы жерден аштыктарын кырманга жыйнап, четинен теминге бастырып жүрүшкөнү көрүнөт. Ал туулуп-өскөн жерине жакындаган сайын көз алдына улам сулуу талаа кездешет, алыстан башын мөңгү баскан тоонун татынакай көрүнүшү алда немедей көрүнүп өзүнө тартат. Ошол өлчөмсүз кереметтүү коозкөрүнүштү Таабалды көзүнүн кареги талыганча карап келатат. Улам жакындаган сайын берекелүү Ала-Тоо койнун кенен ачып: Кел, кулунум. Сагындың го! Күлүктүн оозун коё бер! Кел бат!» деп чакыргандай сезилет.

Алдынан чоочун киши кезиксе да, ага жетине албай салам берет. Толкуган жүрөк, кубанычтан ысыган дене Таабалдыны ээликтирип, учурган бойдон келатат. Кара жолдун боюна жакын жерден кырман көрүнгөндө, Таабалды ошону көздөй атынын башын бурду. Эки кызыл өгүз, бир карала саап уйду теминге кошуп, сыйда кара сакалчан, узун бойлуу, карасур, орто жашап калган киши «оп майдалап» жатыптыр. Таабалды салам айтты эле, тигил дыйкан алик алып, анан ызаат кыла жолоочунун атын алды. Обочорооктуогу чөп алачыкка алып келип, дыйкан шашып анын алдына көгүш көрпөчөнү төшөдү.

Таардан жасалган майлыкка оролуу көмөч нанды барпайган шадылуу колу менен түрмөктөй кармап келип меймандын алдына жайды. Кылчайып, жыгач челектен сүзмө катыктап ачыткан жармадан куюп Таабалдыга кош колдоп суна берди. Ал суусап таңдайы так каткан неме аяктагы жарманы теңинен оодара жутуп жиберип, оң колу менен

мурутун сылап, алдында турган нанды сындырып жей баштады.

— Жарыктык ушул жарманы ичпегениме нечен жылдардын жүзү болду эле,— деди Таабалды.

Дыйкан бу кайда жүргөн неме эле дегендей аны таң кала карайт. «Эмне үчүн? Койчу, кыргыз баласы болуп туруп, кантип эле жарма ичпей чыдап жүрдүң?» деп суроодон анын оозу батпады көрүнөт, ал көзүн күлүңдөтүп жөн болду. Бул кырман бастырып жаткан Сакембай деген киши эле. Алаяк карагер кичине көкүрөгүн баскандан соң аны отко коюп, олтурушуп жай сураша кетишти. Таабалды өзүнүн башынан өткөндөрүн Сакембайга кыскача түшүндүргөндө, дыйкан ага бир чети жаны ачыганынан кейип, бир чети эли-журтун издеп келе жатканына абдан ыраазы болду. Күз болсо да ысыктын илеби али кайталек эле, дыйкандын денесинен тер чыпылдап чыгат. Ал жаңы кийген чыт көйнөгүнүн жеңи менен маңдайын улам аарчыйт. Төмин айдап жүргөн бала да эс алганы алачыкка келип, беркилердин кебин тыңшайт. Көзек-көзек сыдырым жел боло калганда эс ала түшүшөт.

Сөз кызыды. Таабалдынын ким экенин жана анын каяктан келатканын толук билгенден кийин, Сакембай анан кеңеш өкмөтүнүн закону жөнүндө түшүнбөгөнүн улам андап чукулап сурай берди. Ал кубангандан толкуп, карс-карс күлөт, көңүлү көтөрүлөт. Сакембай сөзмөр киши эле.

— Айланайын, сен Ленинди көрдүңбү? — деп дыйкан олтурган ордунан козголуп, чөгөлөй калып, Таабалдыдан көзүн айырбай мелтирей түштү.

— Владимир Ильич Ленинди мен 1917-жылы Петрограддагы Смольныйда жумушчулар менен солдаттар падышанын кышкы сарайын алуу үчүн куралдуу көтөрүлүшкө камданып жатканда көрдүм...

— Айланайын жарыктык, деги кандай киши экен?

Таабалды дыйкандын сүйкүмдүү кебетесин астыртан тиктеп, өз ичинен анын ак пейли менен сурап жатканына ыраазы боло ага мындай деди:

— Кандай болмок эле, ал силердей карапайым жөнөкөй киши. Улуу кишилер жөнөкөй болот эмеспи.

Сакембайдын жүзүнө тамылжып кызыл жүгүрө түштү. Ал күлүңдөп, чор баскан алаканын ушалап, жакшы сөз көңүлүнө толгондо дагы эмне тууралуу сурарын билбей, кичине мукактанып, эки жагын каранды. Туура жагында мотурайып отурган уулун тиктеди, анан бир аз тыпчтык-

тан соң, дыйкан үнүн көтөрө чыгарып, Таабалды жакка денесин кыйшайтып, мойнун созуп сүйлөдү.

— О, кудай, ошого узун өмүр берегөр. Ал болбосо биздей жарды-жалчыга мындай азаттык кайда эле. Ошол өмүр бою куурап келген биздей карыптардын көзүн ачты. Кордуктан, армандан, кайгы-зардан кутулдук.— Ал кызып бакылдап жатып, негедир үнүн каргылдантып, оор улутунду. Эсине кылт этип бир нерсе түшө калса керек, кабагын түйүп, кимдир бирөөгө ызырынгансыйт. Азыр эле жаркырап-жайнап турган немеиин кебетеси саал өзгөрүлө түшкөнүнө жолоочу таң калгандай аны карады эле, аңгыча Сакембай жаңы эле аягы үзүлө калган кебинин акырын улады.— Эми, иним, зулумдардан көргөндү айтып отурсак түгөнбөс. Ушул айылда Тарпаңбай деген бай бар. Мен көбүнчө ошол ач күсөндүн колунда куурап жүрдүм. Ал мени тирүүлөй көргө гана көмгөн жок, андан бөлөктүн баарын көрсөткөн. Кеңеш өкмөтү чыккандан бери деле кой, ал бизге бужүңдөп чуркайт. Ошонун кордугу эсиме түшкөндө калчылдап токтоно албай каным кызып кетет. Аны курсакка, курсакка муштагым келет. Кантейип, дагы сабыр кылып тим болом. Жаңы өкмөттөн кызыл өгүз, көк соко алдык. Жардам деп алсызга кездеме, аштык берип жатат. Жер-сууга ээ болдук. Ушул күндө жанагы бай мени акырын имерип, өзүнө тартып ала коюп, кол токмок кылып алгысы бар, ой, амалдуу ит десе, баарыдан ошонусуна ачуум келет. Деги аны бир соём. О, көк тумшук ит!..

Сакембай ачуусуна чыдабай, жанында жаткан чыпыкты бүктөп ыргытып ызырынды, бечара кишинин көзү ойноктоп, беш манжаларынын башы титиреди. Жүрөгүнө унутулгус так салган байды ал тытып жеп жиберчүдөй туталанып оолугат. Ал Таабалды эмне дээр экен дегендей болду.

— Саке, албетте, байлар, манаптар, хандар, бектер сиздейлерге далайды көрсөткөн... Алар кимдердин төбөсүн кандабаган дейсиз? Азыркы күндө укук, бийлик сиздейлердин колуна толук өткөн кези. Канды кактабай соргон бай-манаптардын мурдагыдай укугу колунда жок. Душмандын сазайы колуна башка түрдө берилет.

— Аның туура-туура. Акылың эми мээме түштү. Кеңеш өкмөтү баарын эзилген элге — эмгекчи элге берди. Мисалы, бир тамсил кеп да, ошол ак сөөктөр азыркы заманда деле биз менен кошо ушул жерди тепсеп жүрүшө береби, же алар арабыздан бир жаңсыл болушар бекен?

Айланайын, мен муну сенден карацгылыгыман, көзүм жетпегенинен сурап жатам, ошону билип алайын.

Сакембай тизесин кучактап, Таабалдыдан жооп күткөндөй мелтирей түштү. Таабалды анын суроосуна дароо жооп кайтарбай, өзүнчө ойлоно калды. Алачыктын ичи тымтырс боло түштү. Кырмандын четинде турган өгүздөрдүн кепшегени угулат. Таабалды ага мындай деди:

— Байлар акырындык менен эл арасынан тазаланары шексиз, Саке. Андайларды жоготуу үчүн көп аракет, көп күч жумшаларын түшүнөрсүз. Эсиңерде болсун, алар жөн жатышпай, тымызын силерге каршылык кылат. Карацгы кишилерди көкүтүп, колтугуна суу бүркөт... Өздөрү билмексен болуп гапа мындай четке чыга беришет. Мына ошого сак болуш керек.

— Ооба, ооба, таап айттың. Жүзү каралар кээде ар кимди астыртан түртүп коюшат окшойт. Анысын байкап калдык.

— Мына, орус элинин жумушчулары душманды бириктешип талкалашты. Кедейлер бирдиктүү болгондо гана иш илгерилейт, ыраспы? Сиз кедейлер тобун башкарат экенсиз. Партия менен өкмөт силерге ишенип укук берген соң, силер өкмөттү кадырлашыңар керек да! Али да болсо байлардын, манаптардын колунда эзилген койчулар, жылкычылар көп. Андайларды кедейлер уюмуна тартып, аларга өз укуктарын ачык түшүндүрүп, эл арасында иштесеңер, ошондо гана силердин колуңар узарат... Күч аласыңар.

— Бу айтканың акыл, айланайын. Мен жакында партия болдум эле,— деп Сакембай компоюп көтөрүлө сүйлөдү.

— Партия болгон киши таза жүрөт. Калктын таламын талашат, ак ниеттүү, калыс болот, элге жетекчилик кылат. Ал эч качан жамандыкка баспаган адилет, кала берсе, кедей баласынын таламын талашып, душманга каршы күрөшкөн сонун киши болууга тийиш, Саке. Партияны Ленин уюштурган. Кеңеш бийлигине партия саясий жактан жол көрсөтөт. Мына ушуну көкүрөгүңүзгө бекем түйүп алыңыз!

— Ии, мына эми жарпым жазылып, көзүм умачтай ачылды. Бая күнү жанагы Тарпаңбай «Партия болупсуң. Сен мындан ары кудайды да тааныбайсың... Партияга өткөн киши өлгөндө соо өлбөйт имиш» дегенинен чочуп кеттим эле...

Таабалды санын чаап каткырды да, бир пас унчукпай туруп, анан ага муну айтты:

— Душман эмне дебейт, Саке? Алар көрө албастык менен биздин өкмөттү, партияны ар кандай жол менен жамандашат. Элди бузуп, тескери үгүттөшөт. Андан башка душмандын кылар эч максаты калган жок. «Бай балан» деди деп коркуунун, чочуунун не кереги бар? Сиз муну унутпаңыз: байлар, манаптар жана ошолордун жан жөөкөрлөрү, ыгы келсе, силердей кедейдин көзүн чукуп, тирүүлөй көргө көмөрү бышык. Алар динге байланыштырып, эл арасына ушак таратып, жандарын сабашат. Сизге окшогон большевиктер ошондой зулумдун бетин ачышы керек, Саке! Бузукулук, жүзү каралык ак сөөктөрдүн чоң куралы.

— Атаңдын көрү де! Ырас эле, бай-манап биз билбегенди баарыдан мурда билишет. Менин береги уулум темин айдап жүрөт. Алар буга окшогон балдарын илгээри эле алда кайда жиберип окутуп алышыптыр... Өзүңө окшогон азаматтар келген сайын жаңылыкты ала келишип жыргатып кетишет. Биз да бара-бара баарына түшүнөрбүз. Иши кылып кеңеш өкмөтүнүн боосу бек болсун. Зулумдардын кордугу көкөйгө тийген!.. Ошолорду көрөйүн деген көз жок.

— Саке, менин атым тыныкты го. Өзүм да эс алдым. Сыйыңызга чоң ыраазымын. Аманчылык болсо, дагы жолугушарбыз. Жол алыс эмеспи, мен эми аттанайын.

— Мейлиңиз!

Булар чөп алачыктан сыртка чыгышты. Түш ооп кетиптир. Күзгү күн мемиреп адамдын көңүлүн эргитет. Ошо тегеректе тынчтык өкүм сүрүп турган. Сакембай ызат кылып, ар жакта оттоп турган алаяк карагерди жетелеп келип токуду. Таабалды Токмок жактан көзүн айырбай карап турса, алыстан тоонун арсак-терсек чокулары мунарыктап бүлбүлдөп көрүнөт. Андан ары тоолордун дал чокуларында сур булуттар калдаят. Таабалды аттанмак болгондо:

— Тетигиндей бара түшкөндө жол бөлүнүп эки тарапка кетет. Ошол ченде илгери Жаманкара деген баатыр жолборс чапкан калың камышты жээктеп кеткен жолго түшүңүз. Берки Пишпек жакка барар жол,— деди Сакембай колу менен жаңдап көрсөтө.

— Ал киши жолборсту кантип чапкан экен?

— Ээ, иним ай, уккан кулакта жазык жок эмеспи, ка-

рылар ошондой дешет. Мен бала кезимде да, карылар кобурашып, кеп уруп отурушканын уктум эле. Жалган болсо, ошолор кайдан өз ойлорунан чыгарып айтышсын. Токмоктун аягы калың камыштуу, саздак келет. Аны эми көрөрсүз. Мыкандын суусу деген суу бар. Бир кездерде бир топ айыл ошондо турушса керек. Ал убакта эл аз, жер эөн. Ушунун баары ошондо ээн талаа экен. Калың камыштын арасында жолборс жүрүшчү дешет. Ошол жоон топ айылдын малын ээн оттотпой, жолборс мерчемдүү жерге бугуп жол тосуп жүрөт. Бир күнү Жаманкара: «Ой, эмне көчпөй мында камалып олтурасыңар?» дейт. Айылдагылар баатырга чуулдашып, карыш жылдырбай тооруп жүргөн жанагы жолборстун жайын айтышыптыр. Ошондо Жаманкара «О, кокуй десе, ошол иттен да киши коркобу. Тигил тору бээни бери жетелеп келгиле» дейт. Анын айткан бээсин жетелеп келип беришет. Жаманкара бээни оздуктабай жайдак минип, колуна ыргай союлду алат да: «Силерди мал-салыңар менен камап жаткан ит кайда?» деп ал сураганда, ага жолборстун жаткан жерин алыстан көрсөтүп беришет. Жаманкара жайдак бээнин бир капталына кыйшая отуруп баратса, бир оокумда, капыстан жолборс качырат. Ошондо кайран эр колундагы ыргай союл менен качырган жолборсту тумшуктан ары бөрип калат да, кайра бура тартып ар жактагыларга: «Ой, мына корккон иттен кутулдуңар. Эми терисин сыйрып алгыла да, көчкүлө!» деп кете берет экен... Сиз азыр так ошол жолго түшсөңүз Токмокко түз барасыз. Антпесе, кокус жердин сырын билбегендиктен адашып, бекер убара болосуз. Саз, баткак, кара суу бар. Эми ак жолуңуз ачылсын, аманчылык болсо илгери-кийин дагы көрүшөрбүз, кагылайын.

— Кайыр, саламат болуңуз.

Таабалды кара жолду жээктеп бараткан да дыйкан көзүн айырбай карааны үзүлгөнчө артынан карап турду, анын оюна бул келди: «Мунун айткан кеби көңүлүмү көтөрүп, чоң демөөрүн болду. Өз баркыбызды өзүбүз билсек... Партиянын көрсөткөнүндөй болсок, демек жерде калбайт көрүнөбүз... Бай-манаптан көк алар кез келди. Мейли, эми белди бек байлап, жаңы турмуштун жыргалын көрөлү».

Жолоочу жолдон адашпай шыдыр баратат. Улам жол кыскарган сайын бет маңдайынан Токмок калаасынын карарыңкы карааны мунарыктап көрүнөт. Жол боюндагы

калың камыштардын башы шамалга ыргалып, кийин калып жатат. Таабалды көп ойлончу эле. Өзгөчө, дал ушул ат үстүндө бараткаңда анын жүрөгү элеп-желеп болуп, бир нерсени сезгендей сыяктанат. Ата-эне, бир тууган адамдын боор эти эти менен тең!.. «Биздикилердин кимиси бар, кимиси жок?» деген ой аны терметип ары-бери калчайт. Тууганды, курбу-курдаштын баркын билген да бар, билбеген да бар чыгар. «Куш канаты менен учуп, куйругу менен конот» эмеспи. О, тууган жердин топурагы алтын... Башта жок дегенде энесинен же бир боорлорунан кабардар болсо, анда бир жөн эле го. Дарексиз жүргөнүнөн бери канча күндөр, канча жылдар өткөнүн эми эсептөө да кыйын... Анан кантип Таабалдынын санаасы ушул учурда санга бөлүнбөсүн. Мындай көптү көргөн, жаманчылык менен жакшылыкка жедеп бышкан салабаттуу, токтоо кишилер канчалык кайраттуу болгон күндө деле «Эмне болор экен? Кандай ал-абалда калар экемин» дээри чын го. Алма-Атадан жөнөгөндөн тартып мунун көңүлү бирде чалкып, бирде ойго батып, жүрөк заада болушунун негизги түйүндүү себеби ушунда эле.

Күн уясына батарына аз калганда алаяк карагер ооздукту кемире тиштей башын чулгуп, көкүлүн көккө ыргытып Токмоктун боз топурагы бураган чаң көчөсүнө жаңы түштү. Үстү камыш менен жабылган боз тамдын кээси урап, орду жаңырып калган сыяктанат. Таабалдынын көзүнө эски шаар мурдагысынан кандайдыр өзгөрүлүп калгандай көрүндү. Чыны ошондой. Ал артыкча көчөдөгү жүргөн шаардыктарды жана элеттен келген кишилерди абайлап кароодо. Калк жай, кабактары ачык, ээн-жайкын жүргөндөй сезилет.

Боз шинелчен чоочун аскерди көчөдөн көргөндөр таңыркай караштьі. Токмоктун ашпоздорунан, чайканаларынан капыстан чыга калышкан кишилер: «Бу ким болду? Кайдан келди экен? Кайда барат? Өзү аскерден келген неме көрүнөт?» дешип бейтаанып кишини артынан акмалап карап калышат. Таабалды жайбаракат ийри-муйру көчөдө баратып: «Балким, мен тааныган малайлардын бирөө кезигип калбасын? Тезекбай аяш атам жолугуп калар? Ай кайдан, ал киши Суриковдун малын багып жүргөндө эле жер моюндап калган киши эле, ким билет?» деген ойго да келет. Ал шаардын ичин кыдыра баштады. Күн батар маалда калың бада көчөгө батпай келе баштаганда чаң буруксуп көтөрүлдү. Жолоочу жолдон чыгып, бададан чет-

тей берди. Анткени менен дагы эле көчөдөн-көчө кыдырууда. Чынында калаанын ичин көргүсү келип турат. Таабалды ушинтип бастырып жүргөндө, күн батты. Ар кимди сонуркагансып карагандан анын көзү талыды көрүнөт. Эми кайда түнөйт? Таанабаган бирөөнүн короосуна сүзө качырып баруудан ал батына албады. Алыстан жол тартып келген неменин бүткөн бою ат үстүндө жанчылып калганы сезилип турат. Денеси оор тартып салмактанат. Күн кечтеп, күүгүм кирип келатканда, ал көчөдөгү чоочун бирөөгө кайрылуута аргасыз болду.

— Жолдош, кичине сабыр этип тура туруңузчу?

Тиги көчөнүн жээги менен шыпылдап баскан киши бурулуп: — Ляппай, таксыр? — деп ага ызат кыла токтоду.— Мен таксырлардан эмесмин, жолдош, кызыл аскер болом. Алма-Атадан келатам, кичи пейилдик кылып мага кербен сарайды көрсөтүп коюңузчу?

— А, жакшы болот. Тетиги бурчтан бурулсаңыз эле, кербен сарай.

— Ыракмат.

Таабалды ал кишиден андан башка сөз сураган жок, кербен сарайды таап алды. Ал антип-минтип атын жайлаштырганча көз байланды.

3

Таабалды кербен сарайга түшүп, ээр-токумун жаздаңып жатары менен чарчаган неме аяк серппей уйкуга кеткен. Эртеси ойгонсо, жаңыдан күндүн нуру чачырап келатыптыр. Таабалды туруп, атын сугарды. Ага жаңыртып көк беденен салып, аттын терин кырды. Токмок шаары буга үйүр ала түшкөндөй сезилди. Түндө сарайга кой, азоолок жылкы түнөгөн, ошолордун баарын үрүң-баранда мал базарга айдап кетишиптир. «Эртең мал кымбат болгой эле» дешип түндө ар кимдин өзүнчө кобурашканын жаңы келген жолоочунун кулагы чалган. Ошол күнү базар болучу.

Таабалды жай басып көчөгө чыкса, аркы-терки жүргөндөр кайдадыр бир жакка шашкандай көрүндү. Ал эч кимден базардын дайнын сураган жок. Көпчүлүк бараткан жакка бет ала кыбырап баратат. Ар кайсы үйлөрдү сыртынан абайлап карайт. Кээ бирөөлөрү арабага бедени үйө басып алышыптыр, кай бирлери эшекке, өгүзгө отун, куурай жүктөп алышканын көрдү. Ушу кишилердин баары

базар жакка шашып баратышат. Базарда эл тимеле кара таандай кыжылдайт... Таабалды сырттан базардагыларды абайлап турса, ар ким сатканы келген нерсесин өткөзүү менен алек болуп жүргөнү көрүнду. Тааныш киши жолугуп калбасын деп, ал базарды ары-бери аралап, ар кимден көзүн албай карай берди. Алардан акырын чекмелеп өздөрүнүн жайын сурайт, анан Сурпковдун малын баккан Тезекбайды жана баягы жылы өзү менен кошо Анжиянга уй, кой айдашып барган Тилекени сурамжылап көрсө, баары «билбейбиз» дешет. Ал эми өкмөт жөнүндө пикирлешсе, кимиси болбосун кубанышып, тердеп-чардап ага өз көңүлүндөгү чын ак ниетин айтышты. Булардын мунусу Таабалдыга абдан жакты. Шаардык аткаруу комитетинин кайсы жерде экенин да сурамжылап билип алды.

Таабалды энесин, бир туугандарын даана билген кишиге жолугушу керек эле, бирок, андай немелер ага кезикпей, айласын кетирип мүңкүрөттү. Кокус издеп Ысык-Көл тарапка барса, аяктан да үй-бүлөсүн табалбаса, ошондо анык убара болот да, айтор кандай барарын, кимден сурарын билбей, Таабалдынын башы маң болду. Эми кантет? Кайда барыш керек? Дарексиз энесин кайдан издейт? Мына ушуга окшогон түрмөктөшкөн түйүндүү суроодон мунун башы катат. Баятан бери базардагылардын ар кимисинен сураштырып жүрүп чаалыкты. Бир маалда таңдайы кургап суусаганда базардан четтеп чыгып, чайканадан бир чайнөк чай алып ичип отуруп, андагылардын бажылдап алда немелерди айтышып отурушканын тыңшады. Чайканада отургандардын кээси кандайдыр бир байдан акысын доолап алганы жөнүндө көтөрүлүп кеп урат. Башка бирөөлөрү ушу күндө өз турмушу оңолуп калганын айтып жатат. Кай бирөөлөр быйыл кыйын чыккан эгинин мактай кетсе, бир жакта отурган кимдир бирөө зайыбына катуу таарынганын жакын өз кишисине түшүндүрүп отурат. Мына ушулардын баарын угуп Таабалды «турмуш деген ушул да!» деп өзүнчө ойлонду. Таабалдынын жанындагы кишилер учурашып, жайын сураша да кетишти. Өздөрүнүн оокат-тиричилигинен кеп урушту. Ал көбүнчө элеттеги элдин турмушун ошо кишилерден кайра-кайра такып сурады.

Таабалды чайканадан чыкты да, эми кайда барарын, кимдерге кайрыларын билбей бир пас ойлонуп, анан мындан бир нече жыл илгери торпогун кайтарган, үй жумушун кылып жана Анжиянга малын айдап барган Бойков

бай эсине түштү. Андан эми буга кандай ырайым болмокчу? Ошол жүзү кара муну ботодой боздотуп Анжиян шаарына таштап кетпеди беле? Ал бар болгон күндө да андан эмне жакшылык болот? Балким ошол куу каптал, кара мүртөз Егор Таабалдыга эми уйгактай жабышып алар? Ал азыр ошондогу жетим баланы жазбай таанып? Түшкө жакындап калды. Таабалды ары ойлонуп, бери ойлонуп, Төзекбайдын дайнын ошол Бойковдон билүүнү ылайык көрүп издеп жөнөдү.

Базарга келгендер четинен тарап жатышат. Арабанын, аттын аягынан чаң ызгыйт. Таабалды чаңдан обочолоп көчөнү бойлоп басты. Егор байдын үйү шаардын чет жагындагы көмүскө жерде эле, Таабалды ошол жакка бет алды. Ким билет, ал төбөңдөн ургур, балким бул шаардан эчак бир жакка көчүп кеткендир. Таабалды аны таап каламбы деген үмүттө. Илгери Таабалды көргөн үстү камыш менен жабылган үйлөр дагы эле ошондогусундай көрүнгөнсүгөн менен, бир аз өзгөрүлө түшкөн. А түгүл, кайсы биреөлөрү кемирейип жыгылганы араң тургандай көрүнсө, кээсинин орду эле калган. Ошол кездеги жаш теректер бүгүнкү күндө оболоп чынар болуптур. Капкачнкы байдын короосун эми жазбай таануу кыйын да. Таабалды жакшы эле карап келатат. Анткен менен ошо тегеректеги үйлөрдүн бирин да «ушул го» деп бүшүркөгөн жок. Ар кимден сураса, баары тең «билбейбиз» дешет. Кыязы, бу кишилерда Токмокко кийинчерээк келишсе керек. Бойковдун короосунун күн батыш жагында саз бар болучу, аны да көрө албады. «Балким мен адашып, бөлөк жактан издеп жүрбөйүн» деп да ойлонду ал.

Ал саат чырмагырды билген ким бар болду экен? Ал бир көчөнүн бурчундагы чоң түп турпан бактын көлөкөсүндө терин шыпырып турду эле, аңгыча ар жактагы короодон көк ала сакал абышка чыгып, таягын жерге ныктай таянып, анда-санда күрсүлдөп жөтөлүп, арыктын жээгине жетип отурганын көрдү. Кимге кайрыларын билбей башы маң болгон Таабалды ошол кишини көздөй ыкчамдай бастырды. Ал абышканын жанына жакындаганда ызат кылып, учурашты эле, капыстан чоочун нөмө амандаша кеткенде, тигил чал «муну кайдан көрдүм эле?» дегенсип, аны таңыркай карайт. Таабалды анын бет маңдайына отуруп, андан чекмелеп аркы-беркини сурады. Абышка сүйлөгөн сайын чор баскан алаканы менен бырыш баскан бетин сыйпап, нуру өчкөн көгүлтүр көзүн ачып-жуумп, ба-

шын нйкейт. Таабалды аны менен бир пас аңгемелешкенден кийин Бойковду сурады. Абышка башын бир жагына кыйшайтып, кайда бир оокумда акырын күбүрөдү:

— Эх, ошол шайтан баскыр кеңеш өкмөтү жаңы чыкканда өлүп калса болобу. Жок дегенде бир жыл турса кызык болмок! Эми кимден өч аласың. Эй, бир эсептен ошонун өлгөнү да дурус болду. Ошол Егор ээлеген жердин баарын кеңеш өкмөтү дыйкандарга берген. Бойков анык митайым киши болучу. Ал өлө элегинде малын бүт сатып жибериптир. Егор колунан келсе, ээлеген жерин да бизге ыраа көрбөй көрүнө кошо ала кетмек эле, бирок чамасы жетпеди.

Бул сөздү сүйлөп отурган абышканын каңырыгы түтөдү, кайра анын денесине кубат пайда боло калган сыяктуу кайраттанып, үнүн көтөрө чыгарып жатты. Ал берки шинелчен кишиге бел байлап эреркей түшүп, көкүрөгүндөгү тагын көрсөткөндө, Таабалдынын да түрмөдө жүргөндөгү денесине түшкөн эски так эсине түштү. Абышканын төшүндөгү аттын такасына окшогон так тегерек тартып, кашкайып даана көрүнөт. Кыйла жашка барып калса да, чалдын али көкүрөгү тунуктугун Таабалды анын кебетесинен байкады.

— Ушул азаптын тагы менин эси-көөнүмдөн эч качан кетпес... Сен, уулум, адашып башка жактан издепсиң. Тетиги бурчтагы чоң үй ошо Егордуку. Анын өлгөнүнө көп жылдар болгон дедим го. Итиңдин үйүндө эми кимиси барын билчү эмес элем. Баягы желмогуз кемпири өлбөсө, какылдап жүргөндүр. Кудай андай как башты албай койду. Ии де! Кебетеңе караганда аскерден жаңы кайткансың го дейм, чырагым?

— Ооба. Мен ошол Егорго жаш кезимде малай болгомун. Ошолордон бир кишинин дайынын сурамак элем.

— А, ошондой дегин. Кеңеш өкмөтү биздейлерди азаптан куткарды, ооба, ооба! Деги биз жаңы өкмөткө ыраазыбыз.

— Кайыр, саламат болуңуз!

— Соо бол, чырагым.

Абышка тамырлары көгүш тартып бадырайган колун Таабалдыга сунду.

Таабалды бурчтагы короонун эшигине жетип, бир аз токтоп абайлап турду, короодон киши көрүнгөн жок. Ал үйдөн көзүн түк албай жал-жал карайт. Ал анкапаны,

андан аркы атканаиы жазбай тааныды. Бирок, ошолор да ураарына аз калгандай көрүндү.

— О, кожоюн! Мында ким бар? — деди Таабалды. Эч ким үн каткан жок.

Култүйгөн семиз, көзү үңүрөйүп ары кирген ак чач кемпир кезек-кезек башын калтыратып, мештин жанында жалгыз локуюп, жүнү үксүйгөн кара кандекти эркелетип башын сылап отурат. Анда-санда гана оозун чормойтуп иткө бирдеме дегенсип, көзүн кысып, күбүрөйт. Бөлмөнүн ичи тыптынч. Кемпирдин эч нерсе капарында жок. Ал бир оокумда күржүйгөн мойнун буруп, мештин үстүндөгү чункени карап, күрсүлдөп жөтөлдү эле, ит «мага тамак бергени жатат» деген өңдүү куйругун шыйпаңдатты. «Эй, суусун. Оозуң күйөт. Мага окшогон карган байкушум!» десе, кандек арткы эки буттап өйдө тура калып, анын көк чыт көйнөгүн алдыңкы буту менен чапчылап, кыңшылайт. Кемпир мылжыйып күлүмсүрөп, жанындай жакшы көргөн, өзүнө эрмек жана жанына караан болгон кандегин мурунга чертkиледи. Ит тилин чыгарып, эрдин жалады. Аңгыча күтпөгөн жерден эшик шарт ачылганда кемпирдин көзүнө шинелчен чоочун кишинин карааны көрүнгөндө жүрөгү «шуу» дей түштү. Чочуганынан башын кержек эттирип, артына кичине кетенчиктеди. Кандек тигил келген чоочун кишиге ырылдады.

— Кой! жөн жат! — деп кемпир андан башка эмне дээрин билбей кайсактап, берки босогодо турган кара мурутчан, шыңга бойлуу, көзү бажырайган, жазы маңдай, келбеттүү кишиден көзү өттү.

— Егор Бойков мырзанын үйү ушулбу? — деп ал киши сылык сурады кемпирден.

— Ооба,— дегенге кемпир араң жарап, анан ал жүрөк токтотуп, бир ооз бирдеме дебестен, тигил чоочун кишиден чочулагандай андан боюн ала качып, ички үйдүн босогосун аттамак болгондо анын май баскан семиз денеси эшикке урунду.

— Токтоңуз! Неге менден анча качасыз? Мен сизди жеп жибермек белем?..— Кемпир амалсыздан токтой калды да, тетири карап чокунду. Анын бүткөн бою билинер-билинбес калтырай түшкөнсүдү, митайым кемпир апысын берки Таабалдыга билгизбөөгө тырышып бой токтотту.

— Сизге ким керек эле?

— Мага сиз керексиз, Наталья Антоновна! Сиз мени таанып турасызбы?

— Жок! — деди кемпир башын чайкап. Заматтын ортосунда анын кабагы бүркөлүп, түнөрө түштү. Денеси от менен жалын болуп ысып баратат. Ал оор улутунуп, турган ордунан карыш жылбай какайып, каткан бойдон калды. Бөлмөнүн ичин тынчтык өз кучагына тартып алгансыды. Кандек жакын барганда ал аны акырын түртүп жиберди.

— Мени таанып калганыңызга таңым бар. Торпогуңарды кайтардым эле, самооруңарды коюп, отун-сууңарды алчу элем. Ошондогу Таабалды деген жетим баланы эми таанып калыпсыз? Кызык!

Кемпир онтолой баштады. Анын колу калчылдап, күрсүйгөн денесин Таабалды жакка жай буруп, дагы катуу өкүнгөнсүп оор күрсүндү. Бирок, ал анткенин беркиге сездирбөөгө аракеттенип, колун жаңдап тиги кишиге орундукту көрсөтүп мындай деди:

— Кантип таанып айын. Биз сени небак өлдү го дечү элек. Мына ойдо жокто сен шып кирип келгениңде жүрөгүм оозума каптала түшкөнүн көрсөң... Чынымы айтайын, адеп кирип келгениңде эле сени жазбай тааныдым. Егор болсо, эчак дүйнөдөн кайткан. Баары өлүшкөн. Менден бөлөктөрүн жер жалмаган, эч ким калган жок. Анын үстүнө заман да которулуп кетпедиби.

— Ооба, ошондой болду. Албетте, жаңы тартип сизге анча жакпастыр деймп?

— Неге? Менин эч ким менен тиешем болбойт. Сенин акыңды берүүгө менде кубат кайдан болсун. Силерди жаман да, жакшы да көрбөйм...

— Мен сизден капкачанкы акымды азыр доолап жаткан жерим жок.

Таабалдынын бу сөзүн укканда кемпир кичине эс ала түшүп, кайпактап идиш-аягын кармалап, эмне дээрин билбей шаштысы кеткен өңдөндү. Өз ичинен катуу кыйнала баштады. Ичи ачышат. Акылынан адашпоого тырышып, эс-учун жыйды. Саал-паал жүрөгүн басып эс ала түшкөн соң, ошондо да куу кемпир абайлап сүйлөөгө тырышты.

— Сен эмнеге келдиң эле?

— Наталья Антоновна, силердин малыңарды баккан Төзекбай деген чалды билесизби? Мен ошонун дайынын сизден сурамакчы элем.

— Ах! Ооба, ооба. Бечара десең. Аны кантип билбейин. Ал шордуу Егордун тирүү кезинде эле, кеңеш өкмөтү чыккандан кийин, бизден бөлүнүп кеткен. Эми барбы, жокпу, аны жакшы биле албайм. Сенден эмнени жашырмак элем, ошол да биздин үстүбүздөн арызданган болуш керек. Бирок, алаарын алыптыр. Деги кандай экенине түшүнбөдүм. Биздикинде жүргөн кедейдин баары ушу заманда өзүбүзгө кас экен. О, кудай ай! — Кемпир үксүйгөн чачын жаагынан сылап, көзүн алайта катуу күрсүнүп, ойлоно калды. Бир оокумда ал алаканын шак чаап, башын кейкеңдетип, алда неме анын эсине эми түшө калгандай абдан ашыга сүйлөдү.— Айтмакчы, ошол сен Анжыянга кеткен жылы сенин энеңмин деп бир катын балдарын ээрчитип келген, ал да биздин торпокторду кайтарып жүргөн болучу. Анын биздикинен кеткенине аз эле жыл болду. Ка-ап, ошонун аты эсимден чыгып кеткенин көрсөң.

— Толкун болуп жүрбөсүн?

— Ооба, ооба, ошол-ошол.

— Эми ал кайда? — деп Таабалды чыдамсыздана сурады эле, кемпир даана дайынып айталбай бир аз мукактана түшүп, божомолдоп жооп берүүгө ашыкты.

— Ошол сенин энең биздикинен кеткенден кийин, тигил Калый байдыкында жүрөт дешти эле. Балким, эми деле ошонукунда жүргөн чыгар. Баса, анын дайынын Калый байдын Акинжан деген малайы жакшы билиш керек.

— Сиз мага ошол кишини таап бере алар бекенсиз?

Кемпир таш тиштегендей унчукпай калды. Таабалды аны астыртан тиктеди. Кара мүртөз кемпир үйүр алышкандан кийин тоотпой койчудай сыяктанат. Кайда бир оокумда, ал оңтолоп арандан-зорго сүйлөдү:

— Жарайт. Барып саа ошону таап берейин. Ал да аягы сай таппаган каргыш тийгирдин бири көрүнөт эле, кокус каадасынча бир жакка кетип калды бекен. Мен азыр чыгам. Ой дүйнө ай, бу турмушка таң калам.

Кемпир ички бөлмөгө кирип, кийим кие баштады. Таабалды анын ар бир кыймылын байкап отурат. Ички бөлмөнүн төрүндөгү бурчта «касиеттүүлөрдүн» иконуну бар эле, кемпир жасанып бүтүп, ошо «касиеттүүлөрдүн» касиеттүүсү — Христостун иконуна сыйынып чокунду. Ал өзүнчө алда немелерди ичинен күбүрөгөндө оозгу бөлмөдө калган Таабалдыга «колдой гөр!» дегени гана араң угулду. Кемпир «касиеттүүлөрүнө» сыйынып болуп, ортодо илинүү турган Егордун сүрөтүн жалт бир карап, башын

шылкыйтып, муцая оозгу бөлмөгө ооложуй басып чыкты.

— Жүр.

Эшикке кемпирден мурда Таабалды чыкты, ал короо жакка көз жүгүртүп, жаш кезинде ушул короодо куурап жүргөнү кылт эсине түштү. «Адегенде азап ушул короодон башталды эле... Ошол азаптын аягына чыгып, кайра келип, бу короону бактым ачылганда көрдүм» деди ал өз ичинен. Аңгыча кемпир күшүлдөп үйдөн чыгып, эшикке кулпу сала баштаганда үйдө жалгыз калган кандек каалганы тырмалап, кыңшылай баштады эле: «Саа кочодө эмне бар? Иттер талайт» деп бакылдады кемпир сырттан.

Булар катарлаш басып короодон чыгышты. Баягы абышка ошол ордунан дагы эле былк этпей отуруптур. Ага жакындай бергенде кемпир чочугансып селт дей түшүп тетири карады. Абышка кемпирди тааный коюп кабагын чытып, суук көзү менен тиктеп, ага угуза: «Бу тажаал дагы эле жүрөт... Эх, карган канчык!» деп күңгүрөнүп сөгүнгөндө, кемпир кыжырланып, чалды көргүсү келбей арышын кере-кере шилтеди.

— Ушулардын баары бизди каргашат, баары бизди жек көрүшөт. А биз буларга эмне кылдык эле? Тамак ичишти, тоюнушту. Араба сурашса, берчү элек. Эми бизге эмне асылышат? Деги бизде эмне өчтөрү барын билбедим. Ой, тобо-ой, булар эми бизге асылганын коюшса боло?

Таабалды түк унчукпады. Кемпир ага ыза болду окшойт, каңырыгын түтөтүп ыйламсырап, кыжырланып баратат. Ал эбирей аркы-беркини айтып жаагын жаный берди, кээде ыкшып жөтөлөт. Анын алкымынан кандайдыр бир уккулуксуз үн киркиреп чыгат. Биз аз баскандан кийин эти оор кемпир боргулданып тердеди. Ошол тегеректеги муну тааныган кишилер анын аскерче кийинген киши менен бараткандыгынан улам «муну айдап бараткан экен. Небак эле ушинтиш керек болучу» деп табалагандай карашат. Кыязы, тигилер Таабалдыны ревкомдон же кедейлер тобунан келген киши го деп ойлоду көрүнөт. Куу кемпир тигилердин көз караштарын да сезди. Ал бажылдап сүйлөп баратты:

— Неге биздин жерди кедейлерге тартып беришет? Теңдик десе эле бирөөнүн ата-бабасынан калган ак маялуу жерин батрактарга кармата коюуга буларга ким укук бериптир? Бу кандай зордук? Жок дегенде кудайдан коркушуп, ошончо теше жердин жарымын алышса деле коздору тоюшат эле го. Жерди бүт бойдон ээлеп алышты,

уяты жоктор. Уф! Кишинин ичи өрттөнөт. Ревкомдогу чоңдорго даттансаң, алар деле кишини каакы ордуна көрүшпөйт. Сен, кагылайын Таабалды, бизге бала болуп калдың эле... жакшылыгыңды мен унутпасмын, ошо жер тууралуу билген акылыңды мага айта көр. Жардамдаш. Мага жер керексиз болгон менен биздин неберелерибизге керек болор. Баса, сенин жатар жериң жок чыгар дейм. Эгер, кааласаң келип биздикине жата бергин. Тамак-аш белен.— Кемпир жаагын жанып баратып чарчады окшойт, жанында бараткан Таабалдыны жалооруй тиктеп, жүз аарчысы менен көзүн сүрттү. Таабалды ага түк жооп кайтарбай, бет алдынан көзүн албай баратат. Кемпир аны тоорумак болду.— Мүмкүн, колдогу мал-мүлктү да тыптыйпыл шыпырып алышар. Корком, корком. Маа болушар ким бар? Тиги Калый байдын деле бир ийнесине тийише элек. Ал чоң бай. Аны неге аяшат? Мен болсом жесир катынмын. Мени эле көрүшөт. Деги сен өз оюңду айтчы, Таабалды? Корком, корком!..

Таабалды акыры анын көксөөсүн суутуп, так кесе жооп кайтармак болду.

— Наталья Антоновна, помещиктердин, бай-манаптардын, кулактардын колунан жерди кедей-кембагалга, дыйкандарга бүт берүү жөнүндө Ленин кол койгон декрет чыккан.

— Мына кызык! Жерди неге жанагы батрактарга, дыйкандарга бересиңер? Алар да сатып алышсын.

Кемпирдин буга окшогон кекээрдүү кебине Таабалдынын куйкасы курушуп, төбө чачы тик турду. Ал дал ушул учурда сабырдуулук кылды да, жанында сурдапып бараткан кемпирге катуу айткысы келбесе да, анын үмүтүн үзмөк болду.

— Наталья Антоновна, эгер сизге түшүнүксүз болсо, анда мен сизге дагы кайталап түшүндүрөйүн: жерди эмгекчи элге кеңеш өкмөтү түбөлүккө пайдаланууга бекитип берди. Эми сиз түшүндүңүз го дейм?

— Ах! Ошондой беле? А, биз ким болобуз?

— Албетте, силер эч качан батрактын, дыйкандын, кедей-кембагалдын катарына кошулбайсыңар...

— Ах, эми түшүнүктүү!— деди кемпир. Абдан өкүндү. Анын мууну калтырап, көзү алактады. Аябай ачуусу келгендиктен ал ылдамдай басууга тырышып, башын жерден албай дүгдүңдөп баратты. Булар бир аз унчукпай баратышканда бет маңдайынан үстү көк тунуке менен жабыл-

ган үй жана эки тарапка тең ачылма, көк сыр менен сырдалган дарбаза көрүндү. Ошол татынакай үй, мөмөлүү кең короо ушул Токмок шаарынан чыккан Калый байдыкы эле. Кемпир оор дем алып, чоң короону көздөй бурулду. Таабалды короонун мандайына токтоп, Калый байдын үйүнө кирип кеткен кемпирди күттү.

Кемпирди күтө берип Таабалды аябай зарыкты. Кайда, көптөн кийин кемпир онтолоп, короодон чыгып арт жагын кылчайып, дарбазадан жаңы көрүнгөн бир кишиге Таабалдыны колу менен жаңдап көрсөтүп, өзү келген жагын көздөй маанайы пас кетти.

5

Энесин издеп жүргөн Таабалдынын көзү каршысындагы дарбазадан чыккан адамдан өттү. Чарчы бойлуу кара сур, бети түлөп түшкөн, кара сакалчан киши келатканда, Таабалды ызат кылып башын ие сылык саламдашты. Бул Калый байдын малайы Акинжан эле. Ал өзү кичи пейил, элпек киши болучу.

— Амансызбы? Мени сиз чакырдыңыз беле? — деп ал бейтааныш Таабалды менен башын төмөн ийип учурашты.

— Ооба. Келе колунду, тууган,—деди Таабалды ага.— Тигил мурда чоң ак сөөктөргө кол берип көрбөгөн неме саал жалтангансып туруп колун сунду. Анан ал Таабалдыны да жогорку даражалуу төрөлөр сыяктуу көрдү эле, бирок мунун сылык, кичипейилдүүлүгүн сезгенде малай сүрдөнгөн жок. Таабалды бу кишинин негедир ийменгенсигенин биле коюп, сөздү шыдыр баштамак болду:

— Сиз Толкун деген кемпирди билесизби?

— Ооба, билчү элем.

— Ал тирүү барбы? — деп Таабалды үнүн каргылданта сурады.

Акинжан бет мандайындагы бейтааныш кишини баштан-аяк карап чыгып, ал ызат кылып, тез жооп берүүгө шашты:

— Ошол кемпир бир топ жылдар бою бу короонун ээси Калый байдын казан-аягын кармап, жан багып жүргөн бечара эле,— деп малай андан бөлөк сөз келбей мойнун буруп, короо жакка көз чаптыра кетти. Ал алда кимден жазганган кейиптенет. Корсо, малай кысталып туруптур. Таабалды «энем өлгөн экен, бу киши мага угуза албай турган го» деген ойго түштү.

— Айта бериңиз? Деги ал тирүүбү?

Акинжан селт эте түштү. А түгүл шашып калды. Ал сүйлөгөнчө Таабалдынын бүткөн бою бир ысып, бир муздады.

— Толкун байбиче аман. Сиз коркпоңуз. Ошо сиз таппай жүргөн кемпирди ушул бай кууп жиберген. Малайлар байдын үстүнөн жанагы ревкомго арызданышып, таман акы-маңдай терлерин доолап жүрүшөт. Мен да ошенттим эле, күндө келсем эле «ана-мына» деп акымды бербей сүйрөйт. Жүрүңүзчү, мындайраак басып сүйлөшөлү.

Акинжан алдыга түшүп ылдамдай басты. Таабалды андан кичине арттараак келатты: «Бул киши мени калп эле алаксытып баратпасын?» деп ойлоду. Мындай учурларда ойго ар нерсе түшөт эмеспи, кемпирди издеген уулунун жүрөгү кичине опкоолжуду. Таабалды мууну бошой түшкөнүн сезе коюп, кайраттанып ылдамдай басып, алдыда бараткан малайга катарлаша түштү. Булар кербен сарайга жакындап калышты. Бир аз басышкандан соң, берки кара сакалчан малай жанындагы бейтааныш шинелчен кишини жал-жал тиктеп, жазганбай сыр сурамак болду:

— Ал кемпир сиздин жакыныңыз беле? Атайы издепшиңизге караганда сиз ошонун күйүмдүү кишиси болсоңуз керек.

— Ошол менин энем эле.

— «Энем» дейсизби?! Кызык! — деп малай таң калды. Ал өзүнчө бирдеме дегенсип күңгүрөнүп баратат. Ал эки жагын карагысы келбей, ойго түшкөн неме бөлөк көчөгө түшүп кеткен экен, бир оокумда башын өөдө көтөрө коюп: — А, кокуй, ал турган көчөдөн өтүп кетиппиз, — деп кайра бурулуп башка көчөгө түшүп, камырабай жай жүрдү. Таабалды астыртан мунун каш-кирпигин байкап баратат.

— Энем дегениме сиз ишенбей баратасызбы?

Акинжан негедир оор улутунуп, башын ийкеп, чекесин бырыштырып, көзүн жүлжүйтүп, алда кимди өтө аяган сыяктуу кейип сүйлөдү:

— Ишенүү кыйын, бурадар... «Жалган сөз сүйлөгөн жанын жейт» дечү эле. Бешим ооп калган экен, бекер сөз сүйлөгөн күнөөкөр болот эмеспи. «Балан жакта уулум бар» дегенин мен андан угалек элем. Этимал, сиз бөлөк бир байкуш кемпирди ошо го деп издеп келбеңиз? Ким

билет, болсо болор. Замандын тардыгынан кимдер чачылбаган дейсиз. Азып-тозгондор эми өз журтун издеп келип жатышат. Ошол Толкун байбиченин баласынын дайынын мен ушул убакка чейин сураган эмес элем. Ал тетиги көрүнгөн короонун ээси Насирдин дегендин бир эски үйүндө эле. Атаганат ай, сиз ошол байкуштун уулу болуп чыксаңыз кандай сонун болор эле. Ай ким билет! Мен барып, үйдө бары-жогун билейин, иним, сиз ушундай бир пас күтө туруңузчу.

— Жакшы болот,— деди Таабалды. Аңгыча ар жактан Акинжандын бир тааныш кишиси алдынан чыкты, ал неме аны коё бербей бакылдап бир топ кармады. Кечке аягы тынбай басып жүргөн Таабалды чынар теректин көлокосүнө эс алып отурду, көз алдына энеси жана бир туугандары элестеп, биринен сала бири чубуруп өтүп жатты. Жүрөгү элеп-желеп...

Бешим. Короонун ичине көлөкө көйкөлүп түштү. Короонун чок ортосуна чыккан өрүк быйыл шагы ийилгенче мөмө байлаган. Жаш чагында өңдүү-түстүү болсо керек, эми карылык укуругун мойнуна салган, ал аз келгенсип, кайгы карытып, убайым ушалап бүтүргөн, ошондо да мөюн бербей али да болсо тың ак чач кемпир өрүктүн тегерегинде жүрөт. Ал оор улутунуп, күнгө күйгөн колун көөдөнүнө басат. Бул муңдуу неме бирпас жанын жай алдырбай короону шыпырып, суу септи. Көзүнө көрүнгөн ардеме-бирдемени жыйнады. Ал өзү баш калкалап жүргөн жепирейген кичине үйүнө бир кирип, бир чыгат. Күбүлүп жерге түшкөн өрүктү терет. Короо-жайдын ээси аркы өз үйүндө күңкүлдөп, наспай ийлеп отурат. Кемпир өрүктүн түбүнө отуруп, көзүн кыбындатып, тегерегинде темселеп оттоп жүргөн тоокторду тиктеп коёт. Үргүлөп кетчүдөй денеси балкып көшүлөт. Оюнда эч нерсе жок. Өзү айткандай мунун кам көрө турган каранар, карманар жакын кишиси барбы? Мунун караан тутуп бел кылары жок, жалгыз башы. Бул бечара эне баарынан түңүлүп, жакындарынан бүт үмүтүн үзгөн. Кайгы-зарды да унуткан. Ыйлаганын да койгон. Байкуш кемпир ушул короонун ээсинин казанын кармап, кир-когун жууп эптеп күн көрөр эле. Короо-жайдын ээси деле ашып-ташып кеткен адам эмес, эптеп бала-чакасын асырап, өз күчү менен күн көргөн киши. Анткен менен ал ырайымдуу, боорукер,

жаман-жакшыны башынан көп өткөргөн. Мурда наспай ийлеп сатчу, азыркы күндө ага эл катары жер тийген, дыйканчылык кылат. Мына, кары кемпир ошону кара тутуп, жан багып жүргөн. Басса-турса «эл-журт аман болуп, бейкутчулук болгой эле» деп кемпир тилек тилечү. Өмүр бою азап чегип, жаркырап күлбөй, айдалысына жаркыратып жарашыктуу кийим-кече кийбеген, сабыры суз, өмүрү кайгы-муңдан арылбай жүрүп чачы агарган байкуш эне, ушул убакта күңдүктөн башы кутулганга гана чоң ыраазы. Качан болбосун, күндүр-түндүр ошону айтат. «О, кудай, эми ушул большевиктин боосун бек кылагөр!» дээр эле кемпир.

Мына азыр да пейли жакшы, ниети дурус бечара байбиче жыгачка жөлөнүп, күзгү желге денесин сергитип, жалпы калайыктын тилегин тилөөдө. «Жаман адам өз керт башы жөнүндө кам корот... Өзүнүн гана эсен-соолугун тилейт. Андайлардан үмүтүңдү үз!» дечү кемпир. Эртеден бери мунун жүрөгү кезек-кезек дүкүлдөй берди. «Сүйүнөрмүн» деп ал жакшылыкка жоруп коёт. Эрди тартса, «коңшуларым жакшы тамак жасап чакырар» деп, муну да жакшылыкка шыйгарган. Эми денеси магдыраганга эне кичине үргүлөгөнсүп, көзүн жуумп көшүлүп баратты эле, аңдоостон кимдир бирөө сүйлөдү:

— О, байбиче, күүлү-күчтүүсүңбү?

Кемпир селт дей түшүп, көзүн ачты, жанында көптөн бери тааныш Акинжан турганын көрдү. Ал ордунан козголгон жок. Тигини отур деген өңдүү эне колу менен жаңдап коюп, ага мындай деди:

— Ботом, сен Акинжан белең! Көптөн бери көрүнбөдүң. Деги бала-бакыраң аманбы, ботом? Солдоюп туруп албай, мындай көчүк бассаң? Ии, кана, кеп урчу, кагылайын.

Акинжан ак түшкөн тармал, коюу кара сакалын салаалап сылап, мурутун чыйратып, чөк түшө калып, обдулуп сүйлөмөкчү болгондо, байкоостон катуу чүчкүрүп жиберди эле, кемпир:

— Ак чүч! Ишиң мындан да оңолот экен,— деди.

— Теңир жалгасын, байбиче, өзүң да балаңдын күнүн көргүң бардыр.

Баладан небак түңүлүп, үмүтүн үзгөн кемпирдин көөдөнү бул сөздү укканда былк эте түшүп, беркини олурая тиктеди.

— А, катүгүн десе, кайдагы жокту айтып, жакшылык-

ка жоруйсуң. Андан көрө, ошолордун жаткан жери жайлуу болсун дегин. Эл-журт аман болуп, эми кой үстүнө торгой жумурткаласын дебейсиңби.

— Байбиче, сүйүнчү?— деди Акинжан сөзду уэартпай.

— Эмне дейт чунак?! Кандай сүйүнчү?

— Балаң сени издеп келиптир.

Толкун секирип кетти. Ал ордунан турмакчы болуп, өөдө болом деп жер таяна калды. Өрүккө кайра далысын төшөп, ачууланган өңдүү Акинжанды акырая карады.

— Э, кой нары, кайдагы баланы айтат?! Эчак жерде жаткан балдарымды мунун эми эстеткенин көрсөң. Курулай мени шакаба кылганыңарды койсоңорчу! Мен эмне, тамаша кылгандай силердин теңиңер белем?..

— О, Толкун байбиче, мен сизди кантип тамаша кылайын, кудай урсун, чын айтам.

— Жөнү жок сүйлөбөчү ботом! Акинжан, сен бала болуп турасыңбы? Менин үч уулум үчөө тең небак каза болгон. Мурда күнү эле баягы Тилеке да келип, капкайдагыны айтып кобурап, зээнимди кейитип кетти. Эми бул келген турбайбы! Ошол чырактарымды эстеген сайын сай сөөгүм какшап, таңды таң атканча кирпик какпай чыгам. Атаганат ай, ушундай сонун заман келгенде жок дегенде ошолордун бирөө болгондо мага чоң кубат болмок. Ай арман, арман! Аны коюп бөлөк сөздөн башта, кагылайын Акинжан.

Сүйүнчүлөп келген эски малай кемпирге кантип ишендирерин билбей шайы ооду. Балдарынын баарынан капкачан күдөрүн үзгөн Толкун деле жуутар эмес... Дагы бирдеме десе эле ал капаланып, уруша кеткени турат. Акинжан эстүү киши эле, байбичени аяп, өзү да кичине капаланды. «Чын эле бөлөк бирөө, менин энем деп жаңылыш буга келбесин?» деген ойго келди ал. Толкун таштай катып калды. Сүйлөгөн да жок. Эне көзүн жашылдантып ыйлап жибергени араң турганын берки сезе коюп, ага кайрат берүүнү ойлоду. Бирок, азыр сөзду эмне жөнүндө баштоону билбей, ал мукактанып, калтаарый түштү. Абийирдүү неме өзүнөн улуу кишиге жалганчы болууну кайдан кааласын. Ал кыйналып, арандан-зорго сүйлөдү:

— Эй, байбиче ай! Бешенеге жазылганы ушундай болгон соң ага моюн сунбаска чара барбы. Балдарыңдын өлүүсүнөн өлүүлөй, тирүүсүнөн тирүүлөй ажырап, карып болгонуңду мен деле билем. Ушунда бирөө силердин да-

йыныңарды сураштырып жүрөт. Этимал, ошол чын эле уулуң болбосун деген үмүт менен келдим эле. Балким, ал бөлөк немедир. Чын-төгүнүн билбестен, сүйүнчүлөп коюп өзүм да уялып калдым.— Чыны Акинжан байкоостон келе калганына өзү да өкүндү. Жанагы аскер кишини ага Анна ээрчитип келгенин айткан жок. Анткени, башында Таабалды Бойковдун колунда жүрүп кеткени малайга маалим эмес эле, быягын терип-тепчип козгогондо, албетте, кемпир дарексиз уулун «балким ошол келбесин» деп шек алат эле да.

— Байбиче, деги эмне болсо да ошону сизге көрсөтөйүн. Ал зарыгып тигинде турат.

Сөз кан буугандай токтолду. Малай басып көчөгө чыкты. Толкун токтоно албай чебеленип аркы-терки кайсактап жүрдү, бир оокумда деми кысылып, башын чайкап, көөдөнүн тырмалаап энтигет. Ал элеңдеп эки жагын каранат. Эне бөжөңдөп короодон көчөнү көздөй чыгып кобурады:

— Бу кайдагы немени ээрчитип келген жүрөт? Үзүлгөн үмүт эмес беле? Неге мага кулундарымды эстетти. О, теңирим, мен шордуу кайсы жеримен жаздым эле? Кантейин, кантейин!.. Кайда, кайда?

Кемпир Акинжандын аркасынан кичине кечигип чыкканда, анын карааны бурчтан бурулуп кеткен. Эненин жүрөгү кубанганда элжиреп, кайгырганда сыздайт да! Ал калч-калч этет. Бул кемпир аябаган кайраттуу, чыдамкай, сабырдуу киши эле, ал бат эле өз боюн токтотуп соолуга түштү. Эне аябаган бек экен, көзүнөн мөлт этип бир тамчы жаш тамган жок. Толкундун кыжыры келгенинен тилине күчү чыкты. Ал арман кылгандай далай кейиштүү сөздөрдү чубуртуп жатты:

— Мен ушундай жаралган жан белем?! Кимдин тузун уурдадым эле? Кимдерге жамандык кылганым бар? Ушинтип жалгыз какшап калар жөнүм жок эле го? Менин ниетим дурус эмес беле? Ой дүйнө ай!

Ботодой боздогон кемпирдин үнү басыла түшкөндө, анын башына байланган бир чарчы кирдеген ак жоолугу желкесине шыпырылып түшкөнүн өзү сезбей безеленди. Ал токтоно албай тыбырчылап, кайра короого кирип, бир пас тура калганда 1916-жылы үркүндө дарексиз жоголгон Акбай деген уулунун кебетеси көз алдынан өтөт... «Этимал, ошол Акбайым келип жүрбөсүн?» Эне чыдабай дагы короодон сыртты көздөй аягы жерге тийбей бөжөңдөп

жөнөдү. Ал акыйып эки жакты караса, көзүнө түк караан көрүнгөп жок. «Көзүм тунарып көрө албай жатамбы?» деп ал желкесинде салбырап жүргөн жоолуктун учу менен көзүн сүрттү да, кайра дагы жанагы киши кеткен жакты карады. Мыдыр эткен жан көрүнбөгөндө улутунуп, байкуш эне жапыс дубалга сүйөнүп, жер тиктеп: «Ай кайдан, ал уулум кайдан келсин! Ой чиркин санаа! Баягы Тилеке бүгүн келмекчи эле, ошол да келбеди. Ай, мейличи келбесе» деп ал өзүнчө бүлкүлдөп акырын кобурайт.

Таабалды кемпирге кеткен малайды бир топко дейре күтүп, жедеп зарыкканда көчөнү бойлоп басып, кайра мурдагы отурган көлөкөгө келгенде Акинжан аны ордунан сыйпалап табалбай туруптур. Булар ошол замат дароо энени көздөй кетишти. Акинжан «Ал киши үйүндө экен» дегенден бөлөк Таабалдыга эч нерсе деген жок. Көчөнүн бурчунан келаткан эки кишинин караанны көрүнгөндө дубалга жөлөнгөн Толкун ошолордон көзүн айырбай, телмире тиктеп турду. Булардын бири болсо го өзүнө тааныш. Ал эми тиги жанындагысы ким? Аскерче кийинген неме көрүнгөндө Толкун аны таң кала карады. «Аскерде менин кимим бар эле?»...

Улам тигилер өзүнө жакындаган сайын эненин көңүлү сууду. «Бул кайдагы неме болду экен? А, бу дагы энесин таппай жүргөн бир бечара го. Мейли, келсин. Мунун энеси да менчилеп уулун зотеп жүргөн чыгар ээ!» деп Толкун байбиче көбүнчө бөлөк эненин кайгысын ойлоп, кандайдыр бөлөк аялга жаны ачыды. Беркилер улам жакындап келатканда ал аларды карагысы келбей, мойнуп тетири буруп, өзүнчө дайыны жок бирдеме деп күбүродү. Ошентсе да, боорукер кемпир токтоно албады. Акинжан арышын кере-кере басып келатканын эне көзүнүн кыйыгы менен караса, арт жагында: шыңга бойлуу, кара тору, жарашыктуу кара муруттуу, сулуу киши келатыптыр. Толкундун денеси солк дей түштү да, анан ал бөжөңдөп короого кирүүгө умтулганда:

— Толкун байбиче, тура туруңуз? Атайы издеп келген уулуң ушул,— деди Акинжан ар жактан.

Дарбазанын босогосунан эне сол бутун жаңы эле ары таштаганда арт жагын кылчайып, Акинжанга ачуулана кетти:

— Сен кандай кокуй немесиң? Бүгүн мага жөнү жок эле асылып калдың да? Же мени шылдың кылгың келе-

би?! — Акинжан бирдеме дегенче күтпөй Толкун корооГо кирип «барчы нары» деп катуулады.

Ошол убакта Таабалды энесин үнүнөн тааный коюп, ал ары карап турганда учкан бойдон жетип:

— Апамсыңбы? — деп толкундаган бойдон кучактаганда эне безгек тийгендей калчылдап, «ай» деп катуу бир чаңырып алды. Ушул учурда ага кыйын боло түштү окшоду, эмне экенин көзү чымырап билбей, эси оой түштү. Эне уулун анык тааный элек. Мунун эсин тындырган энелик мээрим, кала берсе, чиркин баланын күчтүү күйүтү эле. Жанында турган экөөндө жан жок. Абдан коркунучтуу. Артыкча Таабалдынын коркконунан үрөйү учту. Булар аяк серппей сулк жаткан энени тегеректешип чуулдашты. Аңгыча, кемпир пааналап жан багып жүргөн үйдүн ээси чууну укканда үйүнөн чуркап чыкты, күтпөгөн жерден эси ооп жаткан байбичени көргөндө анын беркилерге ачуусу келип тумшугу менен бир тийди:

— Ой, силер кандай тентек немесиңер? Ушул араң өз жанын багып жүргөн бечара кемпирди жыга чаап таштаганыңар эмнеңер? Мындай тургула!

Акинжан үй ээсинен айбыгып оолактай берди эле. Таабалды энесинин башын жөлөп, сүйлөөгө дарманы келбей, мууну бошоп, шалдырай түштү. Үй ээси аны желкеден мыкчый кармаганда, оолак турган малай ага кыйкырып жиберди:

— Ай, бу кишиге кол кайырбагын! Биз кантип эле ушул кемпирди жыга чабалы? Мобу жоголгон уулу келиптир. Ушуну көргөндө энеси эсинен таңды.

— А, ошондой беле? Олдо курган киши ай! Эми кантем? Сүйүнгөндө токтоно албай кеткен экен ээ! Бала боор эт менен тең да!..

Баары эсинен таңган энени тегеректешти. Ал мелтиреп аяк серппей сулк жатат. Анын кеберсиген эрди көгөрө түшүптүр. Өңү купкуу... Байбиченин ак чачы жайылып, уулунун тизесинде төгүлүп жатты. Акинжан кемпирдин колун сүйөп, тамырын кармап көрсө, билек тамырлары кадимкисиндей быжырайт. Жүрөгү да демейдегисиндей дүкүлдөп согот. Жалгыз гана анын маңдайынан кичине билинер-билинбес муздак кара тер сызылып чыккансыды. Күтпөгөн жерден кубанганынан болсо керек карыган байкуш эненин чекесиндеги кан тамырлары барсайып көөп чыкты.

— Апа! Апа, көзүңдү аччы? — деп Таабалды энесинин

чор болгон колуп ушаласа да ал түк кыймылдабады. Баары андан чочулашты.

— Үйгө киргизеличи,— деди Акинжан шашып.

Өлүк сыяктуу кыймылсыз жаткан Толкунду уулу экөөлөн колдоруна көтөрүшүп төргө жаткызышты да, андан көздөрүн айырбай тиктеп турушту. Боорукер малай кантер айласын таппай кайсактап «То-бо! Тобо!» деп өзүнчө күңгүрөп, чакадан кесеге суу сузуп сунду эле, Таабалды аны алган жок. Уулу сагынган энесинин маңдайынан сылап, көзүн жашылдантып кейип, араң эле турду. Кайда бир топтон кийин эне акырын колу-бутун кыймылдатып эс-учун жыйып, көзүн үлдүрөтүп ачты. Уулу аны башынан жөлөдү. Толкун маңдайында отурган Таабалдыдан көзүн айырбай жалооруй тиктеп туруп мындай деди:

— Менин дарексиз жоголгон Таабалды деген уулумдун кичине кезинде казанга жыгылганда бетине так түшкөн эле... Бу кишинин жүзүндөгү ошол белгинин барыжогун көзү кургур тунарып даана көрө албай жатат. Ай, ал балам кайдан келмек эле. Балким, бу ошого окшоштур?

Эне дагы эле күнөм санап ишенбей, шыпшынып оор улутунду. Малай менен үй ээси да ишенбегендей шинелчен кишини тиктешип, эмне дээрлерин билишпеген өңдүү жер тиктеше кетишкенде, Таабалды өзүнө зор күчтүн түрткүсү демөөрүн болгондой кайраттана түштү да, көп жылдан бери уулунан түңүлгөн энесине мындай деди:

— Апа, мен чын эле ошол жоголгон Таабалды балаңмын. Менин Кенжетай, Акбай деген бир туугандарым бар эмес беле, алар кайда? Деги ошолор тирүүбү?

Уулунун бу сөзүн укканда, эненин эми жүрөгү толкуду. Толкун байбиче бөлмөнүн ичи күңүрт болуп турса да, жанында отурган Таабалдынын жүзүн эңкейип кайра-кайра тиктеп, анын бетинен өзүнө белгилүү кичине такты даана көргөндө:

— О, кудурет, ырас эле менин дарексиз жоголгон балам Таабалды тура. Бир туугандарынын атын атаганын көрсөң. Каралдым, жарыгым, сени чын көрдүмбү, төгүн көрдүмбү! Айланайындар, чын экен.

Толкун байбиче сүйүнгөнүнөн токтоно албай уулунун мойнун кучактап, солкулдап ыйлады. Ал барып турган кайраттуу киши эмеспи, ыгы жок көз жашын кайдан төккүсү келсин. Ал берки балдарынын мындан бир нече жыл мурда кава болушканын уулуна өзү угузуп, ага кай-

рат айтты. Көптү көргөн байбиче өз башынан өткөн оор күндөрүн, көкөйдөн кеткис кордуктарын түк козгогусу келген жок. Ал айтарга сөз таппай, кубанычтын, бактынын койнунда балкып, өзүн эң ырыстуу, бак-таалайлуу кишидей сезди. Жүрөгүн мыкчыган кайгылуу күндөр көзүнөн кайым болуп өтө берди. Кубаныч! Болгондо да уктаса түшкө киргис чексиз чоң кубаныч!.. Ал баласына айтарга сөз таппай толкунданат. Мунун азыркы көрүнүшүн көргөндөрдүн ага жаны ачып, боору ооругандай.

— Эй, балдарым ай! Үмүтсүз пенде болбойт тура! Мен өмүр бою жакшылыктан кенедей үмүт үзгөнүм жок эле. Берегн жаңы өкмөт чыкканда: «биз да тегин жаралган жан болбосок керек!» деп өз башыбызга өзүбүз ээ болгондо бир сүйүнгөмүн. Капкачанкы дарексиз жоголгон Таабалдымды эми көргөндө дагы бир чоң кубанычка бөлөндүм. «Эки тоо көрүшпөйт, өлбөгөн киши көрүшөт экен!», ой тобо, жамандыктан баш арылды ээ! Анан менде не арман болсун, балдар.

Бөлмөнүн күңүрт тарткан ичине өмүр жарык нурун чачыраткан сыяктанып, азаптын жалынына какталып келген Толкун байбиченин жүзү нурдана түштү. Анын бетинин оту тамылжып кызарды. Муңдаштар, тилектештер чын ак пейилдери менен өз ой-пикирин айтышты. Мындайда сүйлөөгө сөз табылбай калат көрүнөт, кемпирдин мүдөөсүнө жеткенине жетине албаган Акинжан аны куттуктагандай жаркылдап, ага мындай деди:

— Толкун байбиче, деле ырысыңыз чоң экен. Бактылуу менен бастапуууга, таалайлуу менен талашууга болбойт тура. Албетте, мына бу калдайган калың калайык арасында, ошолор катары бул заманда биздейлердин маңдайы жаркырады... Баарыдан да силерге сонун болду. Өлгөн кайра тирилгендей, өчкөн от тамгандай болду. Жана «кайдагы жок немени козгодуң?» деп мага ачууландыңыз эле. Азыр кубангандан деңиздей толкудуңуз! Кызык... кызык... Дегеле ойдо жокто кызык иш болду.

Акинжан борсулдап күлдү, жанында турган короонун ээси беркинин жакшы оюн кубаттагандай башын ийкеп, Таабалдынын сүрдүү кебетесинен көзүн айырган жок. Буларга сүйлөөгө сөз табылбай да калды. Жарпы жазылып, санаасы тынган эне шашып, коңшусунун самоорун коюп жиберди. Таабалды энесине учурашып, көңүлү жайланып, санаасы тынган соң, атын эстеди. Жакшы ат жанга аралжы эмеспи, ошол замат Акинжан экөө кербен сарайда

ээсип эңсеп турган алаяк карагерге кетишти. Булар короодон чыккандан кийин, Толкун бирин-серин идиш-аягын кармалап «менин уулум болшойбек-экен... Аман-эсен келди» деп өзүнчө сыймыктанып кобурап жүрдү. Байкуш эненин кенедей жаны жай алган жок, самоор кайнатып, майга нан бышырып жиберди. Антип-минтип уулун кастарлап меймандоого көргөн камылгасы бүтүп калганда атын жетелеп Таабалдысы да келип калды. Боргулданып тердеген эне кайра-кайра уулунан көзүн албай карайт. Мээримдүү эне кантсин, жетине албады. Короонун ээси өтө адамгерчиликтүү киши эле, тамак-ашы кемчил бечара кемпирди сыйлап, өзүнүн колго асырап жүргөн куйруктуу кызыл козусун «байбиче, уулуң келди, башын куттуктаганым ушул болсун» деп жетелеп келгенде, Толкун өзүн чоң кадыр-баркы бар кишидей сезип, ыраазы болуп алкады:

— О, кагылайын, теңир жалгасын. Сен да бир бечара элең, мындан ары мартабаң көтөрүлсүн, бала-чакаңдын убайын көр!

Баары жапырт үйгө киришип, жайылган дасторконду тегерете уй мүйүз тартып отурушту. Толкун жаңыдан тигилерге чай куюп суна баштаганда, эшик ачып чарчы бойлуу, бети толмоч, муруту буурул, кызыл жүздүү киши капыстан шып кирип келди. Бул Тилеке деген киши болучу.

— Толкун байбиче, күүлү-күчтүү жүрөсүзбү?

Ал колуна кармаган кичине түйүнчөгүн энеге сунуп, анан төрдө отурган Таабалдыдан көзүн албай босогого токтоду.

— Кел, кел, кагылайын,— деп Толкун тизесин таяпып өөдө болду.

— Айланайындар, бул баягы Таабалды болуп жүрбөсүн?

— Ооба, садагаң, ошол, ошол балам келди. Төргө өт!

Таабалды бу кишини жазбай тааныды. Булар бири-бири менен кучакташып көрүшүштү. Тилеке сүйүнгөнүнөн толкундап, кичине жашып кетти.

— Акыры көрүштүк ээ! Тың азамат боло турган эле, тирүү болсо келер дечү элем. Ой, тобо-ой, жакшылыктын үстүнөн чыкканымды карасаңар. Таабалды экөөбүз баягыда Анжияндан ажырашкандан бери канча жылдар өттү. Кана, бир боорум, өзүңөн кеп урчу, сагыныштык. Деле сонун кеп болбодубу.

Таабалдынын башынан өткөн окуясы айта берсе түгөнбөс экени белгилүү эмеспи, өзүнүн басып өткөн жолун кыскача гана айтып түшүндүрдү да, анан Тилекеден жалпы элдин турмушун сурап билүүгө шашты.

—...Мына менин көргөндөрүм, басып өткөн жолум ушундай. Аны дагы далай козгоорбуз, кана, Тилеке, өзүңүз сүйлөңүзчү? Мен силерди көрсөм, өз ооздорунан көргөн-билгендерин уксам деп көксөчү элем... Турмуштун башталышынан сүйлөңүз.

— Ооба, ооба, буга биздин турмуш кызык да. Өз эли-журтун ким эңсебесин,— деп Акинжан күдүңдөп, Таабалдынын сөзүн коштой чапты. Тилеке ачык-айрым киши элө, тизесин таянып, карсылдап күлө сүйлөдү:

— Кеңеш өкмөтү чыкканда эле мени болуш кылып шайлап коюшкан. Колуман келишинче иштеп жүрөм. Чынымы айтайын, бай-манаптарга, болуш-бийлерге тимеле чагылгандай тием. Аларга кайнаса кан кошулбайт эмеспи. Эзелден ак сөөктөргө кедей баласы сөөк өчтү да. Мына эми мыйзамга жараша, бизди эзгендерден мендей, сендей жана мобулардай кедейлер кегин алар кез келди го буюрса.

— Баары өз колубузга тийбедиби, Тилеке. Орус эли менен дагы бекем бириктешип, өмүр сүрүшүбүз керек! Мына, аман көрүштүк... Кеңеш өкмөтүн чыңоого баарыбыз тегиз кол суналы...

Булар күжүлдөшүп узак сөзгө киришкенде, Толкун байбиче кайгы-капасыз, эч кимден коркуп-үркпөй күн өткөрөрүнө кенедей күнөм санабай жүзүн албыртып, дагы мындан эбегейсиз зор бак-таалайга бөлөнчүдөй магдырап, уулун тиктеп отурса, анын санаасына бу келди: «Эми бирөөнү бирөө кордоо жок тура. Жаңы заман... Жаңы турмуш. Ээн-эркин жыргап күн көрөбүз. Балдар, балдар ырыстуу болсо экен. Элге... элге мындан бетер жакшылык болсун!»

Арадан аз күн өтпөй, жаңы заманда, Пишпек калаасындагы бир мекемеге жыйналган элдин арасында Таабалдынын үнү шаңкылдап бийик чыгып жатты...

## *ЭПИЛОГ*

...Кеч күз... Нарын шаары. Маңдайында алакандын отундай кашкасы бар жорго басыктуу тору ат минип, «Пудовкинге» деген жазуусу бар күмүш кылыч тагынган,

чачына ак түшүп, муруту буурул болгон сүрдүү киши кочодон атырылтып өтөр эле... Бул киши ким? Ал кайда иштейт? Ошону билүүгө ынтызар болдук. Ал кезде бир жолдошум экөөбүз кантондук жаштар комитетинде иштөөчү элек. Жанагы киши жөнүндө өзүбүзчө кеп урчубуз. Демейдегибиздей, бүгүн да кызматтан кайтып келатып баягы киши жөнүндө аркы-беркини сүйлөштүк. Оюбуз чаржайыт. Анын ким экенин анык билбей, маектешип баратканыбызда Кырбаш карыя капталдан качырып биздин аңгемебизге аралаша кетти:

— О, балдар. Ал революционер Акбаев деген.

Чал эмнегедир өзүнчө күңгүрөнүп, ойго баткандай мелтиреп калды да, бир оокумдан кийин кайра сөзүн улады.—Анын атасынын аты эле көп. Жана өз аты да ар кандай экен. Кээ бирөөлөрү аны Александр Александрович Пудовкин дейсе, кай бирөөлөрү «Тайга» деп коюшат. Ал кишини Тянь-Шанга келгенден бери биз Акбаев деп жүрөбүз. Деги кызык... Эмне себептүү анын атасынын аты ар кандай экенине менин көзүм жетпейт, балдар. Чынында өзү Жөкө дегендин уулу экен. Башкасын айтып не кылайын, менин ага бир ыраазы болгонум, о-о, кайран көк жал, бай менен манаптардын, кала берсе, Кеңеш бийлигин көрө албаган, биздин тилегибизди катырмакчы болгон кутурган басмачылардын сазайын колуна берди дейсиң, тим эле кара таанга тийген ителгидей...

Жакшы сөздү уккандан ким жадасын, Кырбаш карыянын ошол киши жөнүндө аздыр-көптүр билгенин толук айтышын өтө сурандык.

— Ошол эле дейсиңерби, Акбаев ал түгүл Ленинди көрүптүр дешет. Падыша заманында кайран көк жал он жыл бою түрмөдө жатыптыр. Желдеттер Таабалдыны ошондо атууга да өкүм кылышып, дарга асмак болушкан го сыягы... Ошондо ал өзүнүн эрдигинен жана орустардын жардамы менен өлүмдөн аман калыптыр... Ал киши жөнүндө ар ким ар кандай айтып жүрүшөт. Кечеги эле болуп өткөн граждандык согушта ак гвардиячылардын жазасын берип, Уралдын оюу менен тоосунан актарды тазалаган комиссар экен деп да угам. Кыскасы, силер көргөн кыргыз кишинин даңкын укпай калган бул жерде киши жоктур.

...Андан бери далай жылдар сызып өтө берди.

Эл таалайы үчүн күрөшкөн сонун кишилердин элеси калк арасында дайым сакталып кала берет эмеспи. Андай

кишилер жылдыз эмес да, жылт этип бир көрүнүп жок болгудай. Жакшы адамдардын өзү кеткен менен анын артында нускалуу сөздөрү, жаркыраган сонун элеси калат. Өзү өлгөн менен эмгеги калган мыкты кишилерди ким эсинен чыгарат! Күндөрдүн биринде атактуу Нарын дарыясынын жээгин бойлоп жүрүүгө туура келди. Дарыя кайдан токтосун, кайдан соолсун. Мындан бир нече жылдар мурда дарыянын жанындагы биз көргөн шаар тоо талашып өсүптүр. Чоң Нарын дарыясынын боюна эл таалайы үчүн күрөшкөн Таабалды (Жуке уулу) Жукеев Александр Александрович Пудовкинге партия менен өкмөтүбүз эстелик тургузган.

Ошону көргөндө, революциянын толкунуна кошулган анын жаркыраган элесин эч качан эли эсинен чыгарбай, кылымдар бою сактаар деген орус аялы Катянын айтканы дайыма эстен кетпейт...